КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# КУУДУЛДАР

## 31-том

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн
**Мурат Мукасов**

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Редкеңеш:

*Акматалиев А.А.* — *Мусаев С.Ж.*
*Байгазиев С.* — *Садыков Т.*
*Жайнакова А.Ж.* — *Токтоналиев К.Т.*
*Маразыков Т.* — *Эркебаев А.Э.*

**«Эл адабияты» сериясы. 31-том:** Куудулдар /*Түз. М. Мукасов.* – Б.: «Турар», 2018.– 612 б.

ISBN

Эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон куйкум сөздүн устаттары дамамат элдик мүдөөнү жактап, ар кыл тамашалуу окуялары аркылуу коомдогу терс көрүнүштөрдү ашкерелеп келишкен. Адилеттүүлүккө, ыймандуулукка чакырган идеалдарды мазмунуна кармаган куудулдардын жоруктары ар дайым керек.

Китеп фольклор, этнография, этнология, антропология адистерине, мугалимдерге, студенттерге, окуучуларга жана кыргыздын байыркы мурастарына кызыккан жалпы журтка арналат.

УДК
ББК

ISBN

© КРУИА, 2018
© «Турар», 2018

## КУУДУЛДАР

Кыргыз элинен таланттуу куудулдар да көп чыккан. Бирок азыркы мезгилде алардын көпчүлүгү жөнүндө уламыш, аңыз гана сөздөр калды, айрымдары унутулду, көптөрүнүн куудулдук окуялары да өз авторлугун жоготуп, коллективдүү чыгармачылыкка сиңип кетти. Ошол себептүү көп куудул-өнөрпоздор жөнүндө байсалдуу сөз кыла албай отурабыз. Негизинен изилдөөнүн объектиси XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында (айрымдары Совет бийлиги мезгилинде да) жашаган Жоошбай (1840-1919), Көкөтөй (1849-1916), Карачунак (1862-1933), Куйручук (1866-1940), Бекназар (1884-1953), Шаршен (1896-1942), Сары Учук (1858-1943) Айдараалы Бейшүкүров (Айдараалы Жөргөлөк) (1851-1934) жана Бошкой, Эшкой, Ордобай, Кочкорбай сыяктуу көбү куудулдук өнөр менен катар чечендикти аркалай жүргөн өнөрпоздордун чыгармачылыгы эсептелди. Бирок жогоруда аталган куудулдардын чыгармалары да толугу менен колго тийген жок, айрымдарынын туулган жылын да тактоо мүмкүнчүлүгү болбоду. Ошондуктан кээ биринин аттарын гана атоого мажбур болдук. Албетте, куудулдар да өздөрүнүн талантынын күчүнө, аткаруучулук чеберчилигине, чечендигине карата бааланган. Бир даары бир аймактын, бир айылдын, кадыресе бир бозонун көңүл ачары, шайыры катарында эсептелсе, бир даарынын атагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына жетип, бүтүн кыргыз элинин урмат-сыйына ээ болгон. Сөзсүз мындай атак-даңкка куудулдардын ичинен күлүктүн күлүгү, алгырдын алгыры дегендей өтө таланттууларынын гана жеткендиги белгилүү.

Анткени патриархалдык-феодалдык жол-жосундун жөрөлгөлөрү өкүм сүргөн өткөн заманда жогорку таптын өкүлдөрү куудул өнөрпоздорду «жинди» «тентек» атап, кемсинтип басып келишкен себептүү көпчүлүгүнүн чыгармачылыгы кадимкидей бүр байлай албай, бир аймактын чегинде тумчугуп жок болуп кеткен учурлары да болбой койгон эмес.

Бирок жогоркудай чектөөгө карабастан, таптык теңсиздик күч алып, адилет, адилетсиздиктин чеги жиктелип, жаман-жакшынын ажырымы ачык көрүнүп калган XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында куудулдук өнөр айрыкча баалангандыгы байкалат. Бай-манаптардын зулумдугун, ырайымсыздыгын, кожо-молдолордун алдамчылыгын, эки жүздүүлүгүн өлтүрө күлкүгө алып, беделин төмөн түшүргөн куудул-өнөрпоздорду эл зор канагаттануу менен тосуп алган. Алардын ысмын, куудулдук окуяларын, куйкум сөздөрүн элден-элге, муундан-муунга өткөрүп даңазалап, эсинде сактап келген. Натыйжада куудулдук өнөр да өзүнө таандык жанрдык өзгөчөлүккө ээ. Чечмелеп айтканда «куудул» деген түшүнүктүн мааниси кенен, куудул адам сөзмөр да, тайманбас өткүр да, дароо курч ситуацияларды түзө койгон ойчул да, керек учурунда бүткөн боюн, бүт турпатын, бет түзүлүшүн түрлөнтө билген, мимикага бай, аткаруу чеберчилиги артык өнөрпоз да болушу керек. Ушул касиеттери менен адамды өзүнө ишендире алат. Жогоркудай сапатка ээ болбосо, өйдө-төмөндү сүйлөп, адамдарды бырс күлдүрсө күлдүрөр, бирок тыңшоочуларынын сезимине бүлүк түшүрүп, толук ынандыра албас эле. Ошондой эле узун сабак сөз болуп, алардын кылык-жоруктары, куудулдугу, сөзмөрлүгү унутулбас «дастанга» айланбас эле. Мына ушул касиеттери, өзүнүн ар жактуулугу (импровизацияга жөндөмдүүлүгү, сөзгө чечендиги, аткаруучулук, өнөрпоздук-артисттик кудуретинин күчтүүлүгү), кыймыл-аракетке байлыгы, жыштыгы

– жалпы эле акындар, чечен, актер сыяктуу өнөрпоздорго таандык касиеттерди өзүнө топтоштуруп турган синкреттик жагдайы менен куудулдардын чыгармачылыгы жанрдык жагынан өзгөчөлөнүп турат. Жалпысынан алганда куудулдук өнөрдү синкреттик искусство катарында бааласа болчудай. Бул өзгөчөлүктөр куудулдардын чыгармачылыгын конкреттүү талдоого алууда ачык көрүнөт. Акындар айтышы сыяктуу эле куудулдук өнөрдө да эки жактын беттешүүсү тирелишкен жагдайда өтөт. Өзүнүн каршысын жеңип чыгууда алар ар кандай ыкмаларды, көркөм каражаттарды колдонот. Бирде кыймылы, бирде өз ордунда айтылган өткүр сөзү, бирде чебер аткарылган ойну менен каршысын оңтойсуз абалда калтырып, күлкүгө алып баса берет. Кээде куудулдук табылгасы анын чебер ойнунда, куюлушкан курч сөздөрүндө коштолуп, чыгарманын идеясын жүзөгө ашырууда ири өбөлгө түзөт. Натыйжада, акындык айтышка караганда куудулдуктун жанрдык мүмкүнчүлүгү кеңири болот. Эгерде акындар айтышы акындык дараметине, көркөм сөздүн күчүнө, ойлоо активдүүлүгүнө, дароо жооп кайтаруу жөндөмүнө карата чечилсе, куудулдардын беттешүүсү жогорку сапаттардан башка да курч ситуациялык жагдайларды, актердук чеберчиликти, күлкү чыгаруучу касиетти талап кылат. Натыйжада сөзгө чечен, кыймылга, табылгаларга, күлкүгө бай, ойноочулук, аткаруучулук чеберчилиги күчтүү адамдар куудул аталат. Алардын көбү чукугандай сөз таап, каршысын күлкүгө алып, калк ичинде шылдыңга калтыруу жөндөмүнө ээ. Алсак, чебердик, чечендик Куйручукта күчтүү болгон. Анын Найманбай, Анжыяндык Ысакан, Токтогул менен айтышка түшкөнү, аш, тойлордо жар чакырып жана кыз-кыркынга кошок үйрөтүп жүргөндүгү да белгилүү. Ал эми Кашкар бийлөөчүсү Тукбашка берген жообу куюлушкан курч жорго сөздөрдөн түзүлүп, куудулдун сөзгө чечендигин ачык аныктап турат.

Мындай касиеттен Жоошбай да куру алакан эмес. Ал өзүнүн куудулдук кылык-жоругу үчүн өмүрүндө бир канча жолу оор жазалануу тагдырына кириптер болот. Ошондо да чукугандай жооп таап, жазадан кутулуп кетип турган. Айрыкча Карачунактын жана Бекназардын аткаруучулук-актердук чебердиги, устаттыгы ооп түшкөн. Буга кан базарда Карачунактын соодагерди «өлтүрүшүнүн» өтө чебердик менен аткарылышы ачык күбө. Куудулдан качып дардайып базар ортосуна барып жыгылган соодагер өзүнүн ичине сайылган кестик эмес, сөөмөй экендигинен шек да санаган эмес. Ичин басып өң алаттан кетип, жарыкчылык менен коштошуп, созолонтуп онтоп, бүтүндөй чогулган элге катуу шылдыңга калган. Бирок кабарчылардын маалыматына караганда Карачунак куудулдук окуяларын сөз менен коштоочу экен.

Мындай окуяларды Бекназар куудул да көп жараткан. Айтуучулардын, замандаштарынын маалыматтарына караганда эки куудулдун сырткы кебете-кешпири, баскан-турганы, сүйлөгөнү, мимика-бет түзүлүшү эле күлкү чыгарып турган. Ал эми Шаршендин апыртмалуу, какшыктуу «монологу», аткаруу манерасы, мимикасы күлкү үчүн жаралгандай таасир калтырган. Айдараалы Бейшүкүров (лакан аты Айдараалы Жөргөлөк) куудулдук окуяларды жаратпаганы менен комузда ойноо чеберчилиги өзүнүн аткаруучулук-актердук устаттыгы менен элге куудул катарында таанылган. Анын бул же тигил күүнү комузда аткарып жаткандыгын көргөн адам күлкүдөн оозун жыя алган эмес.

Айдараалы Бейшүкүров 1851-жылы Талас боюндагы Кызыл-Адыр кыштагында туулган. Атасы Бейшүкүр кедей адам болгон. Замандаштарынын айтуусуна Караганда өзү да өткөн заманда оор турмушту башынан өткөрүп, жакырчылыкта жашайт, эл аралап өнөрүн тартуулай коюп, эптеп-септеп үй-бүлөсүн асырайт. Ал «Курманбек», «Кожожаш»

өңдүү кенже эпосторду да айтат, айрым сатиралык мүнөздөгү ырларды да жаратат, кыякчы, чоорчу да болгон. Бирок анын бардык өнөрүнөн да комузчулугу артып түшкөн. Айдараалы «Ак кочкор каңкы», «Иле менен Каратал», «Дубананын жар салганы», «Ак токту», «Сары барпы», «Каныбек», «Сурнай күүсү», «Көйрөң күү» аттуу чыгармаларды аткарууда элге кеңири белгилүү болгон. «Дүнүйө», «Сен дүйнө», «Кол ойнотмо» сыяктуу ондогон күүлөрдү чыгарган. Күү чолок кайрылган ыр менен коштолуп, комузда аткарылган. Аткаруучу күүнүн ыргагына карата бирде жорголоп, бирде термелип, бирде ордунан жылып, ырдын текстине карата тулку боюн, бет түзүлүшүн укмуштуудай артисттик чеберчилик менен өзгөртүп, тыңшоочулардын купулуна толуп, күлкүгө тундурган. Күүнүн мазмунуна карата куудулдук табылгаларды (көркөм каражаттарды, ыкмаларды) пайдаланган. Мисалы, «Ак куунун оттогону» деген күүнү черткенде атынын куйругун түйүп, бутун ээрдин башына чыгарып койчу экен. Ал эми «Көйрөң күүнү» аткарууда Айдараалынын комузда устаттыгы, артисттик чеберчилиги тыңшоочуларды айрыкча таң калтырган. Анын бир жыйындагы тамашасы Калык акындын да бек эсинде калган. Алардын жолугушуусу 1919-жылы болот. Калык Токтогулду ээрчип Таласка барып, тойдо ырдап жүрүп, жал куйругун кырккан күрөң бээ минип, оң жакккы бутун аттын жалына арта салып, төбөсүнө кондурган топусун кыймылдатып, элди күлдүрүп жаткан Айдараалыны көрүп:

Суусамырдын сазындай
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон эмедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Түрү сымап өңдөнүп,
Кылтылдаган сен кимсиң?
Жин-шайтандуу немедей,

Жулкулдаган сен кимсиң?
Атырылып ырдап көр,
Сенин акындыгың эл билсин? –

деп ырдап коё бергенде куудул:

Менин атым сурасаң
Айдараалы Жөргөлөк.
Ар жыйынды көргөндө,
Айтар сөзүм бир бөлөк.
Келин-кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн
Кирип кетем жөргөлөп...
Үстү жагын айтайын,
Үрүм-Марал, Күмүштак,
Алды жагы Капканын,
Адыр-адыр кызыл чап,
Акындыгың бар болсо,
Айтканымды ойлоп тап.
Кой, Сүлөөсүн, Бакайыр,
Жерибизден келебиз.
Жергелүү кытай, калың сол,
Элибизден келебиз.
Сендей-сендей ырчыны,
Койгулатып отуруп,
Комуз менен жеңебиз –

деп жооп кайтарат. Калыктын өзүнүн эскерүүсүндө Айдараалы «оңбогондой кууланып, оңко-чоңко болуп», акынды «көпчүлүктүн күлкүсүнө капталтып», бир топ шайын оодарат. Ошондо Калык нускалуу сөздөрдү куюлуштуруп, жамгырдай төгүп жиберип, калкты оозуна каратып, кыйын жагдайдан чыгып кетет. Жогорку ырынан көрүнүп тургандай Айдараалынын жамактап айта коюу жөндөмү да болгон. Муну аялдарга арнаган санатынан жана Нурмолдого берген жообунан да көрөбүз. Бир жылдары Айдараалы

Жөргөлөк көр оокаттын айынан түштүктөгү Аксы тарапка барып калат. Ошондо Нурмолдо акын аны сөзгө сындырмакка бир топто мындай деп ырдайт:

Таластан келдиң бүрүштөп,
Семирип кеттиң кысталак,
Аксыга келип күрүч жеп.

Анда Айдараалы:

Мен элимде ырдап жүрүмүн,
Көп ырчынын биримин.
Ырым жаман эмес, жакшы эмес,
Болгондо бир айыбым бар,
Атам сеникиндей бакшы эмес

Нурмолдонун атасы бакшы экен.

Кокондон келген Нурмолдо,
Эми сен койкоңдобой тур, молдо,
Ташкенден келген Нурмолдо,
Эми сен таркылдабай тур, молдо

Анын сөзүнө аябай ыза болгон Нурмолдо этек-жеңин кагынып, топтон аттанып кетүүгө аргасыз болот. Кыскасы Айдараалы Жөргөлөк комузда кол ойнотуунун устаты, күлкүнүн ордосу катарында эл эсинде сакталып калган. 1934-жылы каза болуп, куудулдун табыты азыркы Киров районундагы Чолпонбай Түлөбердиев совхозунун аймагына коюлган[1].

Акындар сыяктуу куудулдардын чыгармачылыгында да традициялуу жалпы темалар, мотивдер орун алат. Ириде алар да өздөрүнүн чыгармачылык жолун өтө эрте, бала чагында эле баштагандыктары байкалат. Көпчүлүгү айыл-апанын каймак-сүтүн уурдоодон (бул Карачунак, Сары Учук, Куйручук жана Бекназардын чыгармачылыгынын алгачкы баскычына мүнөздүү окуяны түзөт) жана курбу-курдаштарын, жоро-жолдошторун куудулдук оюн салмалары менен таң калтырууда тушоосун кесет. Ал эми жогорку көрүнүштөр алардын жашоо түйшүгүнүн окшоштугунан, жетим-жесирликтин запкысынан, турмуш оордугунан келип чыккан жалпылыктар

болуп саналат. Анткени Куйручук да, Бекназар, Карачунак, Сары Учук да жетим-жесирликте чоңоюшат, жаштайынан ата-энеден кол жуушат. Сыртынан караганда бардыгынын өмүр жолу бирдей. Бекназар куудул жети жашында энесинен, бир жылдан кийин атасынан ажырап[2], өгөй эненин, кесирлүү жеңелеринин, бай кыйыр туугандарынын биринен сала экинчисине өтүп, балалык, жадаса жигитчилик мезгили менен кош айтышат. Карачунактын балалык кези да чеке жылытар эмес, бир курсактын азабын тартып, жетимдик менен ар кимдин босогосунда жүрүп бой тартат[3]. Куйручуктун өмүр жолу деле алардыкынан көп айырмалана бербейт: атасы Өмүрзак өтө жарды киши болот, аялы экөө керээлден-кечке Султанхан байдын коюн кайтарып, отун-суусун алып, кара жандарын карч уруп эптеп жан сактап турганда энеден ажырап, жаш бөбөктөрүн багышып, түйшүк жолуна эрте түшөт[4].

Же Сарыучуктун эле өмүр жолун алалы. Ал 1862–1943-жылдардын аралыгында өмүр сүрөт. Туулган жери – азыркы Ысык-Көл районундагы Тору-Айгыр кыштагы. Айрым маалыматтарга караганда ал Карачунак, Куйручук менен көп катташып, жеке жана чыгармачылык байланышта болгон киши. Ал куудулдук окуяларды көп жаратса да, көпчүлүгү унутулуп калган. Айрым «Жарык жардын жанынан өзбек соодагерди тоношу», «Жамбы тапсак эмне кылабыз?», «Тойго бараткандарды тоноп алышы» сыяктуу азыноолак чыгармалары колго тийди. Ал да жаш кезинде жетимчиликтин запкысын көп тартат. Ар кимдин кой-козусун кайтарып малайлыкка жалданат. Куудулдун ошол күндөрүнүн бир үзүндүсү «Жамбы тапсак эмне кылабыз?» аттуу окуясында чагылышкан. Бул окуя Сарыучуктун балалык кезинде өтөт. Агасы Бердибай экөө бир тегирменчи орус кулактын коюн кайтарып жүрүп, бир жагынан күндүн ысыгынан, экинчи жагынан курсагы ачып

талыкшыган Сарыучук ою менен ой омкоруп, көңүлү менен тоо томкоруп кыялга батат, бат эле кой башындай сары алтынды жерден «таап» ала коюп, агасына: «Алтын таап алсак, эмне кылаар элек?» деп акыл салат. Бердибай кичине энөө, момун неме экен: «Алтынды кожоюнга алып барып беребиз», – дейт. Анда Сарыучук: «Бербей, этпей эле өзүбүз алабыз», – дейт. Акыры экөөнүн ортосунан чатак чыгып, кечке чейин мушташып, мурду-баштарын кандап, кечинде жарашып алып койлорду айдап келишет. Сарыучуктун тойго бараткандардын куржундагы эт-боорсокторун катып алып, уйдун жампаларын салып коюшу да бир курсактын айынан иштелет.

Кыскасы, ушундай жагдайда жалпы темалар, окшош окуялар түзүлгөн, башкача айтканда жан сактоонун айласында жасаган куудулдук иштери, кылык-жоруктары көпчүлүк куудулдардын чыгармачылыгында жалпы традициялуу окуя катарында орун алган. Тескерисинче, Жоошбай куудул оокаттуу адамдын баласы болуп, турмуштун түйшүгүн көп тартпай өскөндүктөн, жогоркудай каймак-сүт уурдоо, этке тоюу ж. б. окуялар орун албайт.

Куудулдардын көпчүлүгү кедей-кембагалдардын, жетим-жесирлердин үй-бүлөсүнөн чыгып, турмуштун оор запкысын, жокчулукту, материалдык, моралдык теңсиздикти өз баштарынан өткөргөндүгүнөнбү же табигый сезимталдыгы, байкагычтыгы, кыраакылыгы, турмуштун жаман-жакшысын териштирип ылгай билүү, түшүнө билүү жөндөмдүүлүгүнөнбү, айтор, зордук-зомбучулдугун жана алардын көрөр көз айымдарынын кесирдүүлүгүн, текебердүүлүгүн күлкүгө алуу, куудулдук кыймыл-аракетинде ашкерелөө традициялуу жалпы тема катарында бардыгынын чыгармачылыгынан орун алат.

Ошондой эле кожо-молдо, эшен-калпалардын алдамчылыгы, эки жүздүүлүгүн жана диндик ишенимдерин, түшүнүктөрдү күлкүгө алуу куудул-

дардын чыгармаларында таң калаарлык идеялык бийиктикте өткөн. Ал эмес, көпчүлүгү кожо-молдолорго гана эмес, ал кездеги түшүнүк боюнча баарын «көрө», баарын «башкара» билген алла тааланын улуктугуна сөз тийгизип, ага карата ишенбөөчүлүк сезимин пайда кылган. Негизинен таланттуу, атагы чыккан куудулдардын бардыгы атеисттер болушкан. Куудулдардын динге, дин өкүлдөрүнө карата болгон атеисттик көз карашы алардын куудулдук окуяларына ачык чагылышкан. Натыйжада, Карачунак, Бекназардын атеисттиги өз баштарынан, көз алдыларынан өткөн чындык окуянын негизинде бекемделген. Карачунак Шабдан манапты ээрчип, Мекеге барып, ал жердеги эки жүздүүлүктү, куулук-шумдукту өз көзү менен көргөн, Мекенин «ыйыктыгы» жөнүндөгү сөз жөн эле алдоо экендигине толук көзү жеткен. Ошондуктан ошол «ыйык» жерде туруп эле кадимки «ойт» бермесинен баштайт. Бирок эч кандай майып болуп калбастан, элине аман-эсен кайткандан кийин ал дин өкүлдөрүнө гана эмес, жалпы эле дин окуусуна карата ишенимин жоготкон. Намаз, куран, бейиш, тозок, аркы дүйнө, арбак жөнүндөгү диний түшүнүктөрдү өзүнүн кылык-жоругунда ашкерелеп, жокко чыгарган.

Бекназар болсо, жашы тогузга жетип-жетпей Арсланбаптын мазар жайларын мекен кылып, анын «касиеттүү», «көзү ачык» шайыктарынын, эшен-калпа, кожо-молдолорунун кылык-жоруктарын: алдамчылыгын, адамкерчиликсиздигин өз көзү менен көрүп, алардын керт башында эч кандай олуялык жоктугуна толук ишенген. Өзү да «көзү ачыктык» жасай коюп, мусулманчылыктын жолунда «күчүн» көп жолу сынаган. Ошондой эле күзгү ачкан, төлгө тарткан, байдын же болуштун көрөр көз айымдарынын жин-шайтанын, «илешкенин» «кубалап», түндүккө түйүлүп чыгып, нечен жолу бакшылык «өнөрүн» да көрсөткөн. Сөзсүз өзү катышып, өзү

аралашып жүргөндүктөн, олуячылык, көзү ачыктык, ыйыктык жөнүндөгү сөздөрдүн курулай алдоо экендигин ал башка куудулдардан да ачык түшүнгөн.

Ошондой эле өткөн заманда баш калкалар жайы жок жетимдердин турагы короонун чети, эски коргондор, төбөсү түшкөн мүрзө, ачык асман болгон. Натыйжада «сырдуу» үңкүрлөрдө, эски коргон, көрүстөндөрдө түнөө алар үчүн демейдегидей иш болгондуктан, бул жайларда адамдын үрөйүн учуруп, коркутуп, үркүтө турган жашыруун сырдын жоктугу белгилүү эле. Ошондуктан өздөрүнүн айрым куудулдук кылык-жоругун, ойт бермелерин көрүстөндөрдүн арасында бирде арбак болуп аңдыган адамын алкымдан алып, бирде жан алгыч болуп этектен алып жыгып, аркы дүйнө жөнүндөгү кожо-молдолордун табышмактуу икаяларын жокко чыгарган.

Жоошбай куудулдун атеисттик көз карашы башкача жол менен түзүлгөн. Ал Карачунак, Куйручук, Бекназар сыяктуу бул же тигил окуяны өз башынан өткөрүп, ал ар баскан жолду басып өтпөсө да, тунук акылы, турмуш тажрыйбасы, кыраакылыгы менен ар кандай диний ишенимдердин, түшүнүктөрдүн, ырым-жырымдардын орду жок куру убаракерчилик, жокко ишенүү экендигин, кожо-молдолордун айтканы менен кылганынын ортосунда бирдик жоктугун, алардын бардык аракети элди алдоого багытталгандыгын ачык түшүнүү деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Ошондуктан өзүнүн куудулдук кылык-жоруктарында ата- энеси, бир тууганы Момо ажыдан тартып, дин өкүлдөрүн, аларга кошуп дин окуусун, анын эрежелерин да күлкүгө алган. Албетте, куудулдардын атеисттик көз карашы илимий материализмге негизделген жыйынтыктуу, аң-сезимдүү, закончемдүү көрүнүш эмес, бул терең акылдуу, байкагыч, сезгич адамдын айлана-чөйрөнү, турмушту туура чагылыштырып, кылдат баамдоосунан келип чыккан стихиялуу тыянагы болуучу.

Куудулдардын чыгармачылыгында соода-сатык жайын анчалык түшүнө билбеген элет адамдарынын баеолугунан пайдаланып, бир тыйынды эки тыйын жасап, элди алдоо менен жан сактаган соодагерлерди, кызыл кулактарды күлкүгө алуу салттуу тема катарында орун алат. Кээде жогоркудай окшоштук куудулдук окуялардан да, алардын көркөм ыкмаларынан, көркөм каражаттарынан, аткаруу, ойной билүү чеберчилигинен да учурайт. Мисалы, Жоошбайдын аттарды «жайлап», манап агасын күлкүгө калтырышы Карачунакка, ал эмес түштүктүк Кочкорбай куудулга да таандык окуя катарында катталган. Же болбосо өзбек соодагердин көзүнө «желмогуз» болуп көрүнүп, матасын алып катуу Жоошбайдын да, Куйручук, Карачунак, Сарыучуктун да чыгармачылыгынан орун алат. Ал эми мындай чыгармачылык карым-катыш айрыкча Куйручук менен Карачунактын окуяларында арбын. Натыйжада эки куудулдун өзбек соодагерлери менен бөдөнө уруштурушу, казак агайындарына барып өлүк менен «кармашышы», соодагерлерди тоноодогу, кожо-молдолорду шылдыңга калтыруудагы, кербендердин палоосун алып кетүүдөгү тапкан айла-амалы бири-бирине өтө жакын. Ал эмес аны аткарууда колдонгон көркөм ыкмалары (киймин чечип, баткакка оонап, жүк артылган атты бошотуп ийип, жүгөндү мойнуна салып, кетенчиктей түшүп, «желмогуз» кебетесинде көрүнүшү, окуянын ыңгайына карата кебете-кешпирин, өңү-түсүн өзгөртүп, башка түргө өтүшү ж. б.) да окшош.

Жогоруда аты аталган Кочкорбай куудул информатордун айтуусуна Караганда XIX кылымдын экинчи жарымында Ош тарапта жашайт. Анын туулган жылы, жери жөнүндө так маалымат жок. Куудулдук окуяларына караганда Анжыян тарапта да жашаган өңдүү. Анткени бир окуяда анын Анжияндан келип, Асетин аттуу куудул менен беттешип, жеңип кеткен-

диги баяндалат. Кочкорбай жөнүндө материал өтө жарды, колдогу бирин-эки материалдарга караганда анын куудулдук дарамети, таланты мүмкүнчүлүгү бир топ күчтүү сыяктуу. Муну анын төмөнкү окуяларынан көрүүгө болот. Кочкорбайдын жигит кезинде Шабдан байдын баласы Калмат байдын кызын алганы кайнына куудулду ат коштотуп ээрчитип барып, эшикке калтырат. Кочкорбай бай баласынын бул кылыгына ыза болуп калат да, түн ичинде бир аялдын киймин кийип, кыздын жеңеси катарында күйөө бала жаткан өргөөгө кирип, анын бүт кийимин чечип алып, өзүн жылаңач калтырып, дөөгүрсүгөн мырзаны кайын-журтунда катуу шылдыңга алат.

Куудулдун аялын алдап, эжесине сактаган бир карын сары майын буздуруп, өзү да жеп, балдарын да тойгузушу күлкүлүү жагдайда өтөт. Кочкорбайдын бул окуясы түн ичинде аткарылгандыктан, айдын шооласында боз үйдүн ичинде үргүлөп отурган аялы башына жоолук салып көйнөк кийип, куржунун мойнуна асып эшиктен кирип келген күйөөсүн «эжем» деп кабыл алат: карындын оозу бузулуп, конок камы көрүлөт. Качан куржундун оозун ачып, эт, боорсок ордуна колуна уйдун жампасын мыкчыган аял: «Ой, сен белең?» деп алданганын билип, отуруп калат. Кээде Кочкорбайдын куудулдук окуялары курч сөздөр менен коштолуп айтылат. Ал Асетин куудул менен беттешүүдө ириде каршысынын балдарын каптап кирет: бирин «Шабдаалынын сөөгү сыяктанган кайсы бала?» деп, анын кунарсыздыгына тие өтсө, экинчисин: «Бул Отуз Адырдын чегирткесиндей ким?» деп, эби-сыны жок опсуз дардайгандыгын айтып, күлкүгө алат[5]. Ал эми өзү менен беттешүүгө атайлап келген аркалык куудулдарды сөздөн жыгып, аттарын «жайлап» (союп коюп) жөө калтырып жеңип кетиши Кочкорбайдын окуясы катарында баяндалат.

Куудулдар да ар кандай ыкмаларды, көркөм каражаттарды (айла-амалды) колдонот: бирде кийген

кийимин алмаштырса, бирде өңү-түсүн, мимикасын өзгөртүп, башка түргө өтүп кетет. Көбүнчө ак селдечен олуя, же жан алгыч кебетесинде капыстан чыга калып, каршысын коркутуп, үркүтүп, өз максатына жетет. Алардын оюн салмалары көбүн эсе, намаздигер, намаз шамда, же түн ичинде ээн жерлерде, көрүстөн-бейит арасында, адамдын үрөйүн учура турган шектүү жайларда өтөт. Мындай көркөм ыкмалар, негизинен, бардык куудулдардан орун алат. Натыйжада акындар сыяктуу куудулдардын чыгармачылыгынан да салттуу жалпы мотивдердин, окуялардын, көркөм ыкмалардын орун алышына төмөнкү үч кырдаал себепчи болгон: Биринчиден, мындай жалпылыктар алардын жашоо-тиричилик окшоштугунан, көркөм ойлоо объектисинин жакындыгынан (көпчүлүгүн жаштайынан жетим калып, бай-манаптардын кой-козусун багып, үй оокатына каралашып, түйшүк жолунда бой тартышы, турмуштун катаалдыгын өз баштарынан өткөрүшү, ошондой эле кожо-молдолорун иши менен сөзүнүн ортосунда ажырым бар экендиги, алардын эки жүздүүлүгүн, алдамчылыгын көзү менен көрүп, тажрыйба жүзүндө аныкташы) ж.б. ой бирдигинен келип чыккан. Экинчиден, акындар сыяктуу эле куудулдар да бири-биринен таасир, таалим алышкан. Үйрөнүү, чыгармачылык байланыш аларга да таандык болгон. Натыйжада Карачунак, Куйручук, Сарыучуктун чыгармачылыгы бир мектептен тараган мүнөздө. Тескерисинче, Шаршендин чыгармачылыгы башкача багытта өнүккөндүгү менен алардыкынан айырмаланып турат.

Куудулдар да бири-бирин аңдап издеп барып жолугушкан. Алсак, Карачунак Тору-Айгырга көп келүүчү экен. Карыялардын айтуусунда Карачунак менен Сарыучуктун карым-катнашы, бири-бирин урматтоосу өмүр бою созулган дешет. Дагы бир маалыматтар Куйручук менен Сарыучуктун досчулугу

жөнүндө айтылат[6]. Ошондой эле Куйручуктун Чоң-Кеминге көп каттагандыгы да белгилүү. Негизинен бир мезгилде өмүр сүрүшүп, жашташ болушкан. Демек, закондуу түрдө чыгармачылык карым-катыш, байланыш катнашуу жолу менен түзүлгөн. Дагы да куудулдардын окуялары бир эле аймакта айтылып калган эмес, элден-элге, ооздон-оозго өтүп, оозеки түрүндө жашаган. Кээде уламыш же аңызга өтүп кеткен учурлары да жок эмес. Ошондуктан бул же тигил окуянын бир канча куудулдардын авторлугунда жашашы жогоркудай (коллективдүүлүктүн) таасири болушу да мүмкүн. Үчүнчүдөн, куудулдардын окуялары өз убагында жазылып калбагандыктан, айтуу мезгилинде авторлугу чаташып калышы да ыктымал.

Куудулдардын бир өзгөчөлүгү каршысын сөздөн кармап жыгуу, сөздүн өтмө маанисин түз колдонуу, же тескерисинче, өтмө маанисин алуу, дегеле өз орду менен курч айтылган сөз болуп саналат. Мындай сапат негизинен бардык куудулдарда болгон. Анын ичинен да Жоошбай, Куйручукка айрыкча мүнөздүү эле. Жоошбайдын өлөөр алдында туугандарына, жолдош-жоросуна калтырган керээзи, карыган кудай жөнүндө айтканы, агасы Байсеркени сөздөн кармап, эл алдында шылдыңга калтырыш кыска афоризмге айланып, калк арасына кеңири тараган.

Куудулдар аткаруучулук-актердук чеберчилигинин күчтүүлүгү, тулку-боюн, бет түзүлүшүн, өңүтүсүн, үнүн, кийим-кечесин өзгөртө коюу сапатына ээ болушу менен бөтөнчө өзгөчөлөнүп турат. Бул касиет бардык куудулдардан орун алган. Ал эми ал касиетке ээ болбогон адам куудул боло албас эле. Кыскасы, жогорудан көрүнүп тургандай, куудулдук өнөр да өзүнө таандык жанрдык өзгөчөлүктөргө, мүнөздөмөлөргө ээ.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Айдараалы Жөргөлөктү жазууда Кыргыз Совет энциклопедиясынын I томунда жарыяланган чакан макала 98-99; газеталык (Ленинчил жаш, 25-март, 1981-ж. № 72) жана фондунун инв. № 241, 200 ж. б.) материалдары жана Калыктын эскерүүсү (Калык Акиев. Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. – Фрунзе, 1972. 478 – 484- беттер) пайдаланылды.

[2] *Токтосунов М., Ошбаев Т.* Бекназар куудул. 7-бет.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5193.

[4] *Бектенов К.* Куйручук. – Фрунзе, 1978. 5-6-беттер.

[5] Кочкорбай тууралуу маалымат КМУнун филология факультетинин 1979-жылы Ош тарабына уюштурулган экспедициялык материалдарынан алынган.

[6] *Бектенов К.* Куйручук. – Фрунзе, 1978. 71-бет.

**_Кебекова Б._**

## ЖООШБАЙ БОРСОЛ УУЛУ

## (1840–1919)

Эл арасында аты белгилүү Жоошбай куудул жөнүндө азыркы күнгө чейин айтылып келе жатат. Ал кишинин аты жана учурунда айткан кептери, жасаган жоруктары элдин арасында айтыла бермекчи. Азыркы учурда көл кылаасында жашаган элдин арасында «жоошбайча» деп айтылган сөздөрдү кулагым чалат. Анын кээ бир сөздөрү лакап болуп кеткен. Жоошбайдын жоруктары жөнүндө кээ бирөөлөр жазып, китеп кылып жарыкка чыгарганы бар. Алардын бири атактуу жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбек уулунун «Күлкү жана өмүр» деген 1988-жылы «Адабият» басмасынан чыккан китебине адеп сөз баштаганда Жоошбай жөнүндө кеп салат. Ал киши менен талашып-тартыша албайм. Андай жасоого да укугум жок, Түгөлбай абамды сыйлаймын. Аталган китепте Жоошбай жөнүндө бир топ сөз козголот. Негизинен Жоошбай куудулдун жасаган жоруктары туура берилген. Бирок азыркы учурга чейин элдин арасында таралып, атадан балага өтүп айтылып жүргөн кээ бир жоруктары берилбей калган. Дагы айтаарым, Түгөлбай абам менен теңдешип, ат салыша албайм. Ал киши куудулдун жоруктарын толук бербептир деп сындабайм.

Жоошбай Боорсол уулу 1846-жылы көктөмдө койлор төлдөгөн маалда, Тоңдо «Калкагар» деген жерде дүйнөгө келген. Атасы Боорсол бай деп ата-

лып, колунда бар, оокаттуу, көп балалуу болгон. Боорсол саяк уруусунан. Саяктан таралган алагөз уруусу кошум, чоока болуп экиге бөлүнөт. Кошумдан жети атанын балдары таралат. Жети атанын бирөө Кулатай. Боорсолдун атасы Кулатай. Азыркы Тоң районунда Кара-Коо кыштагында бир жамакта жашашкан жүз элүүгө жакын үй-бүлөнү «кулатай уруусу» деп аташат.

Боорсолдун байбичеси Күмүшай эне сегиз уул, бир кыз төрөгөн. Балдарынын баарысын тең бойго жеткирип, өстүрүп, үйлөндүрүп жайландырган.

Уулдары жаштарына жараша төмөнкүлөр:

1. Айтпай.
2. Көкөн.
3. Эркесары.
4. Өмүрзак.
5. Усупбай.
6. Байсерке.
7. Жоошбай.
8. Момо ажы.

Тогузунчу баласы Барпыкан деген кызды төрөптүр.

Күмүшай энени көрүп калган адамдардын айтымына караганда, ак жуумалынан келген, келбеттүү, абдан сарамжалдуу, колу берешен, эч кимден колунда барды аябаган адам болуптур. Алардын айтымына караганда туулгандан эле Күмүшай эненин беш манжасы бирдей тең экен. Тамак-ашка туз даамдаганда бир гана жолу туз салуучу деп айтканын кулагым чалган. Айыл арасында кадыр-баркка ээ болуп, алымдуу-беримдүү болгон Күмүшай эненин аты азыркы учурда да кулатай уруусунун арасында өчпөй сый менен айтылат. Жаштары улгайып калган Кулатайдын келиндери Күмүштү атынан аташпай «мөңгүн» деп тергешет. Ал эми кулатай уруусун «Жабагы уулундагылар», боорсокту так айтпай «кыйма» атанын балдары деп каймана салыштырып терген, келиндердин азыр да айтып жүрүшкөнү өт-

көндөрдүн арбактарын сыйлагандары, өздөрү аларды көрүп-билишпесе да ыймандуулугу. Чындыгын айтыш керек, кийинки кулатай уруусундагы келин-кезектер мындай эски салттан чектеп баратканын байкайбыз. Жеке ушул уруудагылар эмес, жалпы эле журтчулугубуздун арасында андай көрүнүш солгундап баратат. Өткөндөгүлөрдү тергебей эле коюшсун, өздөрүнүн карачечекей кайын ата, кайын энесин «балп» эттирип аты-жөнүн айткандар четтен чыгат. Боорсолдун колунда бар болсо дагы оокатка түшө калган, байлыгы башка жакка жөн кетпесин деген адам болуптур. Балдарын жаштайынан катуу кармап тарбиялап, турмушка өз алдынча жашоого үйрөткөн. Анын колундагы байлыгына кароо болгону көп балалуу болгонуна байланыштуу болсо керек. Сегиз уулун торолтуп, үйлөнтүп-жайландырыш керек эле. Экинчиден, байлыгын үнөмдөгөндүр. Малдарын бирөөгө жалдап эч убакта бактырган эмес. Эгерде бирөөгө бактырса акы төлөмөк. Бул айтканыма далил мал-жанын жайдыр-кыштыр балдарына бактырып өтүптүр. Үй тиричилигинде тамак-ашты, оокатты келиндери жасашкан.

Өзүмдүн тегим жагын алганда Жоошбай куудулга эки атадан кийин барып кошулам. Өмүрдүн атасы Усупбай, Жоошбай менен аталаш-энелеш. Атам 1969-жылы сексен жети курагында дүйнөдөн кайтты. Мезгилинде ал киши иниси катары Жоошбайдын атын токуп, багып, бирге бастырып, бирге тамактанып, анын жасаган кылык-жоруктарын көрүп билген, айткандарын уккан. Эс кирип калганда адамдардын баштары бирикkенде куудулдун кылык-жоруктарын айтып калганын көп ирет уктум. Атам Жоошбайды «куудул акем», «куудул акемдин айтканы» деп атынан айтпай урматтап айтканы бүгүн дагы эсимде. Жоошбай жөнүндөгү ушул чыгарма атамдын жана эл арасында сакталып айтылып жүргөндөрдүн негизинде жазылды. Мындан башка дагы Эркесары-

нын уулу Аксуптун баласы Байбачанын эл арасынан жыйнап жазып алган чакан жазмасы көмөктөш болду. Атам: «Бала чагымда чоң атам Боорсолду да көрүп калдым» – деп айтып калаар эле.

Жоошбайды Күмүшай эне кырктын кырына чыкканда төрөйт. Мезгил жазга жуук. Жерде кар толук кете элек. Тоо тараптан эртели-кеч соккон сары жел бети-башты жалмап, сыртка чыккан адамды ичиркентет. Койлор төлдөй баштаган учур. Боорсолбай бир кыйладан бери үйдө жок. Үй тиричилигине, мал-жан менен байдын тестиер балдары. Кош бойлуу Күмүшай эне ушул учурда боюнан арылат. Боорсол эки аптага дейре келбеди, сапарда жүрөт. Илгеркилердин ырасмысында жаңы төрөлгөн балага азан чакырып, чоң атасы же өз атасы ат коюш керек экендигин билебиз. Баланын чоң атасы жок, ал эчак эле көз жумган. Айыл-ападагылар балага ат коюштан айбыгышат, өз атасы азан чакырып койсун дешти. Боорсолдун сапары карып, үйүнө кайтканда учурда утурлап сүйүнчүлөп чыккандардан эркек балалуу болгонун билет. Үйүнө түшкөндө эркек уулду төрөгөн Күмүшай эненин ал-жайын сурап, баласынын жүзүн көрүп, чекесинен сылайт. Күмүшай эне бала төрөлгөндөн бери ат коюлбаганын айтат. Сөздүн арасында төрөлгөн бала абдан баёо экендигин билдирет. Эмчекти тоё эмгенден кийин, баладай болуп тынчтанып, ыйлап да койбойт. Анда балабыз баёо, жоош экен, аты «Жоошбай» болсун деп, сыртка чыгып азан чакырат. Аксарбашыл союп, айылдагы элдин батасын алат. Ошентип жаңы төрөлгөн бала Жоошбай аталат. Боорсол байдын кийин көңүлүндөгү баласы жоош болсун деген ниети акталбай калгансыды.

Өзүмдүн апам Мөөркан жакында эле 1989-жылы токсон жети жашында дүйнөдөн кайтты. Апам да Жоошбай акени көрүп калган. Жаш кезинде «куу уул акесине белин бүгүп, башын ийип, улуу кишиден ийменип, ажарын көрсөтпөй, колдон келген сыйын

көрсөткөндүр. Ал өлгөнгө чейин «жоош» деген сөздү оозуна албаганына күбөмүн. Анын ордуна «баёо» деген сөздү колдонуучу. Жоошбай акенин урпактарын «куудул акенин балдары», алар жашашкан аймакты «куудул акенин айылы» деп апамдан көп жолу эшиттим. Азыр деле анын урпактары жашашкан аймакты кулатай уруусундагылар «Жоошбайдын», «куудулдун» айылы деп коюшат.

Көргөндөрдүн айткандарына караганда Жоошбай куудул орто бойлуу, кара сурунан келген, чап жаактуу, куш мурун, бакыракай көздүү, сакалчан адам болуптур. Ал өтө кеч, отуздан ашканда Тоңдогу байдөбөт уруусунан Шарба деген кызга үйлөнүп, эки уул, бир кыздуу болот. Балдары – Табылды, Сулайман, кызынын аты – Керимкан. Табылдыдан тукум калбаптыр. Сулаймандан – Карагул, Асанбай, Кусуй деген адамдар бала-бакыралары менен очор-бачар болушуп, урпактары чачырап өнүшүп, Тоңдогу Кара-Коо кыштагында жашашат. Керимкан эже Кара-Коого улагалаш Кара-Шаар айылына турмушка чыгып, дүйнөдөн кайткан. Анын да балдары өсүп-өнүп, тамыры эл арасына тараган. Сулаймандын балдарынын көздөрү тирүү.

Жоошбай акенин, балким, мындан да тукуму өсмөк беле, анын себеби бар. Боорсол бай дүйнөгө кароо болуп зыкымдыгынан, бекер колунда барды пайдасыз жумшабаган сыяктанат. Жоошбайды бой тарткандан тартып кой, козу кайтарууга жумшайт. Кийин он сегиз жашка толгондон тартып, бир тууган агасы Байсеркенин жылкысын багып, үй тиричилигине көмөк берип жүрөт. Жоошбай Байсерке менен удаалаш. Арасында сегиз жаш айырма.

Боорсолдун балдарынын ичинен Байсерке гана тың чыгат. Оозунда жараткандан сөзү бар, айыл-ападагылар менен жаштайынан алышып-беришип эрте эле кадыр-баркка ээ болот. Аны он жетиге толгондо эле үйлөнтүп, өз алдынча түтүн булатат.

Жыйырма бештен ашканда бий болуп шайланат. Кийин болуштукка дайындалат. Аксуубай уулу Байбачанын айтымына караганда да Байсерке болуш колхоз уюшула турган жылдардын алдында (болжолдоп алганда 1928-1929-жылдары) токсондон ашып калганда Тоң ооданындагы Ала-Баш деген жерде дүйнөдөн кайткан.

Боорсол бай балдарын жаштайынан турмушка көнсүн деген ой менен мал бактырууга үйрөткөнү көрүнүп турат. Айтымына караганда малайларды сейрек жумшачу экен. Балдарынын ичинен жалгыз гана Момону жана кызы Барпыканды эркелеткен экен. Балдарынан Момо гана молдолордон окууга, жазууга үйрөнүп, арабча сабатын жойгон. Кийин Мекеге барып, ажы болуп келген. Жогоруда айткандай Жоошбай он сегизге толгондон тартып, Байсеркеге малайдын ордуна он төрт жыл катары менен жылкы багат. Ушул жылдары атасы да, агасы Байсерке бай деп аталса да турмушу катаал болгону байкалып турат.

Жоошбайдын жаштайынан сабаты жоюлбаса да, өзү жашаган шартка ылайык диндик ырым-жырымдарды толук билген. Күнүгө беш убак намаз окуп, куран окугандыгын өлөр алдында катуу сыркоолоп төшөккө жатып калганга чейин таштабаганын айтып жүрүшөт. Ушуга карабай жасаган кылык-жоругу айткан сөздөрү менен молдо-эшендерди бир топ эле мазактаганы байкалат. Ал жараткандан болгон сергек сезими менен учурундагы молдолорго, ислам динин туура жол менен турмушта пайдаланбагандарга кылык-жоругу менен каршылык көрсөткөн. Баамдап көргөндө ислам динин, шарияттын жолдорун сабаты жок болсо да өз ичинен туура кабыл алган. Анын молдолорго, динди туура жол менен пайдаланбагандарга жасаган жоруктары бир топ. Кийин жашы улгайып, алдан-күчтөн тая баштаганда: «Кудай Тааланын алдында бир топ эле күнөөлүү

ишти жасадым, күнөөлүүмүн жаратканга. Жасаган жоруктарымды эсептеп жүргөн болсо кечирбейт го. Адам жаш кезинде кандай, кантип жашоо жөнүндө, ар бир тирүү жандын башына келүүчү өлүм тууралуу аз ойлонот экен. Эми менин жашым асманда тийген күн түштөн оогондой болуп калды. «Карыган аял кошокчу болот» дегендей өткөндөгү жасаган жоруктарымды эске салып, күнөөмдү кечир, жараткан деп күнүгө беш маал суранам», – деген кепти чогулгандарга айтканы бар.

Жоошбай 1919-жылы жаз айларынын алгачкы айларында дүйнөдөн кайтат. Анын сөөгү Калкагар айылына жакын, атасынын сөөгү коюлган жерде. Азыр мүрзөсүн эч ким көрсөтүп бере албайт. Убакыттын өткөнүнө байланыштуу үйүлгөн топурагы учуп, билинбей калган. Жоошбай катуу сыркоолоп төшөккө жатып калганда, анын ал-жайын сураштырып келгендерге: «Мен катуу ноокастап калдым, атам, апам быякка келгин деп чакырып жатышат. Күтүп тургула дедим. Өзүм туулган күнү силер менен кездешем, – деп айттым дейт. Өзү айткандай эле абал куран (март) айынын аяк жагында көз жумат. Анын төрөлгөн айы ушул ай экен. Ал убакта кимдин кайсы айда, кайсы күнү төрөлүп, каза тапканын тактабаган.

***Өмүр уулу Кайыр***<br>
***Китепте: Жоошбайдын жоруктары***<br>
***/ Б.: «Бийиктик»,***<br>
***2009. – 5-11-б.***

## АТАМ ЖЫЛМАЙДЫ

Атам эшикке чыгып атынын бошонуп кеткенине аябай кейиди. Жанына барып:

– Атаке, эмнеге капаланасыз? Сизди суудан өзүм эле өткөрүп коём, – дедим.

– Колуңдан келе алабы?

Атамды аркама көтөрүп, суунун ортосуна барганымда токтоп:

– Атаке, бутуңузду такымыма тийгизбеңиз. Кытыгым бар эле сак болуңуз, – деп суунун терең жерин көздөй басканымда атамдын маасысынын кончуна чейин суу каптай баштады. Ал аргасыздан бутун жогору көтөрүп ийгенинде тыбырчылап:

– Олдо жарыктык ай, жарыктык! Бая эле кытыгым бар сак болгун дебедим беле, – деп мөңкүп-мөңкүп койсом, атам сууга түшүп кете тургансып коркуп кетти.

– Деги жыга көрбө? – үнүн катуу чыгарды.

– Кантип жыгайын, жыга тургандай азоо ат белем, – деп акырын жээкке түшүрдүм. Атам суу болбой калганына жылмайды.

## КУБАНА УЗАТЫШТЫ

Эсирген бай-манаптардын элди жиктештирип, бирине-бирин касташтырганы сай сөөгүмдү сыздатты. Айрыкча тестиер балдардын айылдан айылга катташуусу өтө коркунучтуу эле.

Жоголгон атымды издеп жүрүп, чоочун айылга туш келдим. Жөө келе жатып, чоң суунун жээгинде ойноп жатышкан топ балдарга жакындап калганымды байкабай калыптырмын. Көрө коюшуп колдорун булгалашты. Барбай коюуга аргам жок. Бетме-бет барганымда ызырынышканын көрүп, бир айла таап,

таяктан кутулуп кетүүнүн жолун ойлондум. Түз эле кечикпей салам айттым. Алик алышпады. Улуусу:

– Каяктан келе жатасың, атыңды, жайыңды айтчы? – деди.

– Төмөнкү айылданмын. Атымды издеп жүрөм.

Балдар жакындады.

Мостойгон калыбымда четтей тура калдым. Балдар муштумдарын түйүшүп жакындашканында, жерге күп жыгылдым. Колу-бутумду тырыштырып, оозумдан ак көбүктү буркулдаттым. Диртилдей түшүп, тынчтана жатып калдым.

Жардана тиктеп турушкан балдар «талмамдын» кармаганын көрүшүп, урушмак түгүл боор оорушту окшойт тынчтана калышты. Оозума суу тамызышты. Корккондору тарай баштап, башымды сүйөп турган улуусу менен эки-үчөө калганын баамдадым. Көзүмдү акырын ачып, денемди аз кыймылга келтирдим. Үшкүрүмүш болуп, ордумдан сенделе турдум да:

– О, балдар! Менден качпагыла, мен силердин досуңар – Жоошбаймын.Мени аяп, кылган сый, жакшылыгыңар үчүн силерге ыраазымын!

Атымды угар менен балдар жаныма келишип:

– Жоошбай, эл айтып жүрүшкөн Жоошбай экен! «Бая эле Жоошбаймын дебейсиңби» – деп, кубана узатышты.

## ТАМШАНГАН БОЙДОН КАЛА БЕРДИ

Атыма эки чоң чанач кымызды артынып, жайлоодон жалгыз түшүп келе жаттым. Дөбөнүн имерилишине келгенимде күтүлбөстөн «Токто, бала токто», деген үндү угуп, токтон калдым. Карасам аңдыгыч, тойбос Атабектин өзү экенин даана тааныдым. Жалаңдаган жан бактынын жаман адатына жаным кейип шашылбастан.

– Атсалоому алейким! Санааңыз, пейилиңиз «түзүк» экен. Кымыз ичиңиз, каерге токтоюн?

– Алеки салам! Айттырбай билген апакай бала окшойсуң. Азыр, азыр!

Акактаган Атабектин жаны жай алгансып, акырын ээрчий басты: Эринин жаланып, эки көзү чаначта. Аттын оозун тартып ишендире:

– Түшүрөйүнбү, өзүмдүн алым келер бекен?

– Эчтеме эмес, экөөлөйбүз. Тигил кайкычага бастыра бер. Курсагын

саландатып, эки колун аркасына алган Атабек кудуңдайт. Бир аз узай түшүп, желдире алга жөнөдүм. Артыма кылчайсам, Атабек антаңдап алда кайда калды. Атымдын башын бура тартып:

– Эй, артынганымды түшүрбөйм. Кымыз ичпесең таш ич, – дедим. Демиккен Атабек ачуусу келип муштумун түйүп:

–Оо, оңбогон бала. Убадаң кана?

– Узаганымды көрүп турбайсыңбы, эр болсоң эмгектенип жетип ич. Элдин жолун тосуп, тартып ичкенди качан коёр экенсиң? – дегенимде артта калган Атабек ээрдин жаланып тамшанган бойдон кала берди.

## ТАЙЛАК БОЛУП БОЗДОГОНУМДА

Атам короо толгон кою менен кыштоосуна көчүп келген. Бир топ күндөн бери айылдагы келин-кезек, кызкыркын, байбичелер чогулуп келишип, биздикинде кийиз жасап жатышты. Баарынын тең колдору тууруулуп кесилип, катуу кыйналышты. Атам сараңдык кылып, кой союп бербей койду. Чайга алымсынышпай ысык сорпо ичсек оңолуп калат элек дешкен сөздөрүн кулагым чалып калды. Эмне болсо да эбин таап, аларга ысык сорпо ууртатайын деп ойлондум.

Ошол күнү күүгүмдө короодогу койдун арасына жашынып жатып, кудум тайлак болуп боздодум. Тыныга түшүп, кайрадан баштадым. Үйдөн бирөө

тышка чыга калганында токтоп калдым. Ал айлананы карап эч нерсе көрүнбөгөнүн атама айтып, үстүнө кирди. Бир station аздан кийин кайрадан боздодум. Чыдай албай кетти окшойт атам өзү тышка чыгып, тоо тарапты бир топко карап, кулагын тосту. Басыла калганмын. Негедир өзүнчө күбүрөп, ойлонуп ары-бери басып турду да, жакасын карманган бойдон боз үйгө кирди. Жарым чай кайнам убакыт өткөн соң кирип бардым да, корккон түрүмдө:

– Атакебай! Атыңызды коктуга коюп кайра келе жатканымда алдымдан боздогон ак тайлак жандап өтүп, тигил Ала-Баш тарапка кетти. Жүрөгүм оозума тыгыла түштү. Бур укмуш – жүнү күмүштөй жарк-жарк этип, көзүмдү уялтып жиберди. Көзүнөн от чагылат.

Энем башымдан сылагылап:

– Атасы, ак сарбашыл, ак сарбашыл! Тайлактын боздогону бизге да угулуп, өзү көрүнбөй койбодубу?! Ал сүйгөн адамына гана көрүнө турган сыйкырлуу тайлак болсо керек. Абышка, балама эртең түлөө өткөрбөсөк болбойт. Ак тайлактын бизди колдоп жүргүсү бардыр?

Атам макул болуп, эртеси түлөөгө эки кой союлду. Семиз эки ириктин эти кийиз жасагандарга берилип, аябай тоюшту.

## «ТОК ПЕЙИЛ» МЕЙМАН...

Жаш болсо да жаак эти тултуюп, шишимек көзү ичине кирип, курсактуу далбагай жигит жанаша келе жаткан эки адамдан мурда озунуп, козу кайтарып жүргөн мага:

– Кимдин баласысың?

– Борсолдун.

– Ал кайда?

– Үйдө.

Анын кабагы мурункусунан да жазыла түшүп:

– Үйүңдү бизге көрсөтүп бересиңби?
– Силер ким болосуңар.
– Меймандбыз.
– Абдан жакшы, атыңыз ким?
– Талап.

Эл ичинен «этке тойбос Талап» дегенди уккамын. Ошол адам болсо керек дегендей кебете-кепширинен байкадым. Ага кызыгып:

– Аба, атам сойгон койдун баш устуканын берсеңиз көрсөтүп коёюн.

– Макул, берейин.

Үйдү көрсөтсөм сүйүнүп кетишти.

Меймандарга кара күрпөң куйруктуу семиз козу союлду, эти бүтүн салынды.

Тышка чыккан Талап жолдошуна:

– Үч күндөн бери үйүмө барбай, жаш колуктумду сагындым. Кайын энемдин кызына арнап берип жиберген бышырылган төш куржунумдан түшпөсө экен...

– Жоголбойт, жыттанып кетпесе эле болду.

Суу куюлуп, эт тартылды. Талап баш устуканын алып, аябай мүлжүдү. Мээсин чыгарып, сорпого эзди да, баш сөөктү коломтонун жанына койду. Кабырга бүлкүлдөгүн узун-узун тилип, оозуна сала кулк эттирди.

Козунун баш сөөгүн меймандарга шек алдырбай акырын алдым да, тышка жөнөдүм. Байлануу дөбөттү жетелеп келип, меймандар олтурган тушка тууралап, кырчоо жибине бекиттим. Дөбөттүн мойнуна козунун баш сөөгүн байлап койдум. Эшиктен тезек алып киримиш болуп, олтурган жериме олтурдум.

Тууралган бир чоң чара эттин чыгы аралаштырылып, меймандардын алдына коюлду. Бир топ алышкандан кийин Талаптан башкасы колдорун майлыкка аарчышты. Чөк түшүп олтура калган Талап эттен үч сапар алганда, чаранын түбүндө эчтеме калбай калды. Атам ыңгайсыздана түшүп, сорпо куюлду.

Ичип жатышканында акырын тышка чыктым.

Дөбөттүн жанына эки-үч итти коё бердим. Биринбири жытташып ыркыраша баштаганында, укурук менен сабадым. Ызы-чуу көбөйүп, ого бетер жулмалаша кетти. Тынчсызданган атам:

– Э, уулум! Тышта эмне болуп жатат? – деди.

– Убадасыз, ант урган Талап мейманыңыздын «ток пейилдигине»... негедир иттер ыркырап жатышат, – дедим.

Атам үйдөн:

– Нары чык-кет дебейсиңби.

–Болбой жатышса эмне кылайын?

– Ант ургур деп айтпа кокуй, анда уят болосуң?

– Эмнеге уят болом.

– Анда ызы-чууну баскын.

– Колумдан келбей калды.

– Эмнеге?

– Коногуңуздун мүлжүгөн башы тышка чыкканда аны көргөн кой-козу коркконунан бирден безип, иттер болсо үрүп жатышпайбы?

## «БОРСОЛ ЖИНДИ»

Жонокчодо жылгаяк тээп, ойноп тургванмын. Туура жагымдан желдирген жети атчандын карааны көрүнүп, жакындап келишти. Мингени, кийгенине караганда бейтааныш манаптардан экени даана сезилди. Эң алды жагында келе жатканынын курсагы салаңдап, бети көгөрүп кеткен. Ойкуштаган жоргосу менен омуроолотуп аз жерден көмө койдуруп кете жаздады. Аттары ээликкен арттагылары да чукулунан жандатып өтүштү. Көздөрү ачылбай көпкөлөң тартып, жинденип жүрүшкөнү көңүлүмө жага бербеди. Аңгыча алдыңкысы:

– Борсол байды билесиңби?

– Билемин, бирок...

– Эмне бирок...

– Атайы убара болуп, алыстан кыйноо тартып келгениңер менен акыбетиңер кайтар бекен?

Ортосундагы жигиттин бири:

– Деги эсенчиликпи?

– Эсени эсен, – деп аягын толук айтпаганымдан, алдыга келген ээрди шалпык жигит ичке үнү менен:

– Кырсыктаган иши жок беле?

– Кырсыгы деле жок, бирок... – дегенимде шаабайлары сууй түштү.

– «Байкап» барыңыздар, ал адам «оорусунан» сакайып калды. Ал адегенде «жин» оорусу менен ооруган эле.

Чукул бурулушуп, көрсөткөн жакка жөнөштү. Артынан акмалап эч кимге көрүнбөй, короонун четинен карап турдум. Үйдөгүлөр аларды аттарынан түшүрүп, ал-абалын билишкенден кийин:

– Үйгө кириңиздер, Борсол абам үйдө олтурат.

Үшүгөн жигиттер атам менен учурашып, төрдөн орун алышты. Сураша келгенде тааныш болуп чыгышты. Жанагы курсагы салак, ээрди шалпык жигит атамдын мойнунан коё бербей кучактап, көзүнөн жашты агызып:

– Сизди аман-эсен көргөнүмө кудая шүгүр! Абдан тыңып жакшы болуп калган турбайсызбы. Мерт болуп калсаңыз көрбөй калмак экенбиз. Кудай ден соолугуңузду кут кылсын, мындай болгонуңузду мурда укканда, билген да жок элек.

Атам ары-бери каранып, таңдана:

– Кимди ооруп айыкты деп жатасың?

– Сизди айтып жатам, жакында жин оорусуна кабылып, кайра жакшы болуп кетипсиз! Анын бетин ары кылсын, айыгып кеткениңиз жакшы болуптур.

Атам калчылдай түшүп, ичигин төргө ыргытты. Жини кармай түштүбү деген ой менен беркилер да үрпөйө карап калышты. Кызыл табылга таягы менен ээрди шалпык жигитти атам чоку талаштыра тартып

жибергенде, маңдайынан кан жая берди. Демигип, титиреген атам:

– Сен менин жинди болуп ооруганымды качан көрдүң элең? Талаадан келгендин баары эле жинди деп тантырай берсе, менин тирүүчүлүгүм кайсы?

Келгендер баштарын жерге салышып, кулдук урушту. Таяк жегени жалооруй:

– Кечириңиз?

– Тарт тилиңди, бошот үйүмдү. Мунуңар соо немеби?

– Сизге аябай уят болдум, жин оорусунан жакында сакайып кетти деп жолдон бир баланын айтканын уктук эле...

Ушул мезгилде үйгө кирип барганымда, тигилер тааный коюп:

– Жанагы айткан ушул бала, – дешти жан талашып.

Кабагы бүркөө атам мага:

– Буларга эмне дедиң эле?

Атама жооп бербестен, таяк жеген манапка тигиле карап:

– Ай агатай! Ат менен келе жатканыңда аңды-дөңдү карабай, аз жерден тебелетип кете жаздабадыңбы. А макул, жаным калат. Көөдөн көтөрүп, жарым жинди өңдөнүп, көпкөнүң кимге жагат!

Шалпык эрин ого бетер шалпайып, олтурган жеринде оңтойсузданды. Калчылдап турган атама:

– Жигиттин айткан сөзүнө түшүнбөй туруп эле, таяк менен башка бир салганың – «жиндилик» эмей эмине? – деди.

## КЕТКИЧЕ ШАШТЫ

Кол арага жарап калган чагым. Эркесарынын үйүндө тууралган табак толо эт ортого коюлду. Манаптар бирин-бири караша «ал, ал» – дешип, жаактарын чулчуктатышты. Бир топ сугунушкандан

кийин арасындагы жашыраагы от жанында олтурган мага карап:

– Эт көп эле экен, жетишет. Сен дагы ал, ал табактан, – дегенинен, беркилери аны жактырбагансып эттен алып сугунуп жатышты. Мен отура бердим. Ыңгайсыздана түшкөнүмдү байкай койдубу, ортодо отургань:

– Ой, бала! Уксаң боло?

– Эмнени?

– Биздин сөздү. Ал, ал табактан. Ал деп жатпаймынбы, – деп колун табакка салып, табакты көрсөттү. Чоң табактагы эттен бир сугунуп, табакты колума алып көтөргөнүмдө манаптар колдорун сунган боюнча тамшана карай кабактарын бүркөштү. Чыдамсызданган Эркесары:

– Бул, эмнең, жешсин?

– Анысын кайдан билейин, «Ал, ал! Ал табакты» дешкенинен тоюнушкан экен дедим эле, анда кайра берейин, – деп табакты алдыларына койдум. Соргок немелер уятынан гана бир сугум эт калтырышып, колдорун майлыкка көңүлсүз аарчышканында:

– Эркесары аба! Булар: «Ал, ал» деген сайын эмне болсо да, ала беришет. «Бер» дегенге келгенде бекинип калышат. Ошондуктан бергениң да, бербегениң да окшош. Сый билбестерге чайыңды токтот, – дегенимде тигилер колдорун тез жуушуп, кеткиче шашышты.

## СУУ КУЙГАНДА

Болуштун үстүнө кирип, салам айттым. Анын оозу бүлк эткен да жок. Көрмөксөн болду. Үйгө киргенимди Байсерке байкем сүйбөдү. Үйдөн чыгып кет деп айта албай, ичинен туталанды.

Болуш сүлөөсүн ичигин чечинип, суусар тебетейин жүктүн үстүнө коюп, топучан болуп олтурду. Байсерке болуштун ар кыймылына көңүл коюп «Бо-

луш менин үйүмдүн жүгүнө тебетейин койду, анын куту, берекеси мага да жуккусу бардыр» деген ойго түшүп, ичинен гана ыраазы.

Болушту эл алдында кандайча жол менен кепке сындыруунун амалын, абалын ойлондум. Кумгандагы сууну элдин колуна куюп, кезек болуштун так өзүнө келгенинде сууну арандан жылжытып чыпалагынын кылда учуна таамайлап куйганымда, болуш колун тартып алып:

– Эй, Байсерке! Сенин инилериң суу куйганды эмдигиче билишпейт тура. Сууну аяк жагынан куйбай, башьшан куят, – дегенинде тилегим ордунан чыга калгандай, сууну болуштун башына жаба куйганымда, ысыгына чыдабаган болуш тыбырчылап, ордунан тура калып:

– Бул эмне жорук? Күнөө кимде?

Калдактап шашпастан, кумганды жерге коюп:

– Болуш аке! Сөзүңүз эки болбосун? Сууну аягынан куйбай башынан куй дегениңизден, «Балакетке» калат экемин деп, башыңызга куйдум. Анын эмнеси бар экен, тердеген териңиз жуулуп, тазалансын дедим. Эл калыс болгулачы, эч кимибизде эч кандай деле күнөө жок го?, – деп сууну башкаларына куя бердим.

Болуш айыпка жыкмак түгүл, мойну-башын аарчынып, бозоргон бойдон олтуруп калды.

## «АЗОО КӨМӨЧ»

Айылдан бир топ жерге узай бергенибизде чаначтын оозун ачып карасак, эки көмөч нанды көрө коюп сүйүнүп кеттик. Ал кезде кээ бир кедейдин колунда ууч уну жок, ал турмак жармалык талканга да тартыш эле. биздин бараткаАныбызды жылкычылар алыстан эле көрүшүп, алдыбыздан тосо чыгышты. Кымызга курсагы каарылган немелер чаначтан көздөрү өтүштү. Бирөө чаап барып, чоң чанач кымыз алып келди.

Барибизди-барибиз сагынып калыптырбыз. Кымызга тоюп, жонго чыктык. Эки-экиден оодарышып, көңүлүбүздү көтөрдүк. Жылкычылардын көмөчтү жегиси келишти. Ичимден тамаша кылайын дедим. Абайласам эки көмөч бети калың, тапталып бышырылган экен. Экөөнү бир-бирине теңештирип туруп, жылмакай бет дөбө ылдый тегеретип жибердим. Тигилер телмире карап калышканында:

– Ай, курбулар! Курбулар! «Азоо көмөч» экен. Кап, ооздуктап албай... Колумдан бошонуп, ээликкен бойдон кетишпедиби. Ырдап жибердим:

Көрдүңөр чаңды булатты
Көп ташты мөңкүп, кулатты.
Ойлобопмун качат деп;
Окшошкон эки чунакты. – деп токтодум. Тигилер жылмая түшкөндө:

– Эми эстери оогандыр, «азоо» немелер аман-эсен «үйрүнө» кошулгандыр, жүргүлө!

Атчан жөнөдүк. Өтөктө экөөнүн бүпбүтүн жатканын көрүп:

– «Азоо» немелер чарчашканынан жылбай калышкан тура, – деп аттан түшө баса калдым да баарына тепе-тең бөлүп бердим.

## ШАКЫЛДАТА ЧАПКАНЫМДА

Бозого тойгон Бозум молдо эки көзүн чычаладай кызартып, көмкөрөсүнөн жаткан баланы көк чыбык менен «окутуп» жатыптыр. Баланы өөдө тургузуп- ,ийри-муйру болгон таякчаны көрсөтүп:

– Бул эмне?

Батыраак жооп берейин дегендей бала:

– Таяк, таяк, -деди.

– Мына сага таяк! – деп молдо баланы дагы сабап кирди.

Таяк жеген балага боорум ооруп, эртеси молдо окутуп жаткан балдарга келдим. Молдо каадасынча

бозого тоё карт кекирип, балдарды жекирип жаткан учуру экен. Ыргай таяктын кылда учуна кагаз акчаны байладым да, молдого сунуп:

– Молдоке, бул эмне?

Ач көз молдо акчаны көрө коюп:

– Акча, акча! – деди.

Таякты өйдө-ылдый кылып:

– Ал, таякты акчасы менен, – дедим.

Молдо комдонуп колун суна бергенинде, ыргай таяк менен шакшагына шакылдата чаап-чаап жибергенимде анын колу сенейип, тыбырчылап жиберди. Мындан кийин тийбеймин дегендей жалооруй карады. Таякты алдына таштадым да басып кеттим.

## ЖЫЛКЫЧЫЛАРДЫН КУМАРЫ КАНДЫ

Көкөн бий туу калган эки бээсин согумга алдыртып кеткенине аз эле күн болгон. Анын көп жылкысын кыштын ызгаарында күн-түн дебестен кайтарып жүрсөк да тыңгылыктуу тамак-аш бербегендиктен, эптеп эт таап келүүгө мени жиберишти.

Түнката Көкөн бийдикине келсем, жатып алышыптыр. Атымды тышка байлап, боз үйдүн каалгасын этияттык менен ачып, ичине билинбей кирдим. Көкөн бий катуу коңурук тартып, аялы, балдары менен уктап жатышыптыр. Ыксырап этке тойгон немелер келгенимди туюшкан жок. Колтугума чоң куржунду кысып, түз эле чыкданына бардым. Ала бакандардын ачаларын акырын сыйпаласам семиз бээнин жасалып илинген чучуктары, аңтарылган карталары колума урунду. Алачыгына сулп эттерин, боз үйүнө чүйгүндөрүн койгон экен деп ойлодум. Куржундун бир көзүнө жалаң чучук, карталарды толтуруп, экинчи көзүнө жал жана чүйгүн эттерден шыкай салдым. Оозунун килиттерин бекем байлап, керегени түбүнөн көтөрө коюп куржунду тышка

түртүп жибергенимде, боз үй кычырай түштү. Көкөн бий чочуп ойгоно:

– Ой, байбиче! Байбиче дейм, уктуңбу, ууру келди окшойт.

– Яа, кайда, кайда жүрөт?

– Чыкдан тарапта, тезирээк жарык жагып жибер.

– Оттук ташы да жок эле, оту өчкөн көрүнөт, эч нерсе көрүнбөйт, эми эмне кылайын! Кап...

– О, атаңдын көрү! Бол дейм, кетип калат.

Байбичеси темселеп туруп келе жатканында балтырдан аткый, ырылдап койдум.

– Кокуй абышка, ууру эмес эле мунуң ит көрүнөт! Өзүң тура калып,

жыга чап.

Көкөн көйнөк-дамбалчан болуп, коломтону сыйпалап келе жатканында бурдап кеттим эле, коркконунан көмкөрөсүнөн жыгылып, төшөгүнө кире качты. Экөөнүн тең үнү чыкпай, калтаарып калышты. Эшикке чыгып, куржунду артынып, акырын бастыра эч кимге көрүнбөй, кете бердим.

Чүйгүн этке жылкычылардын кумары канды.

## «КУДАЙДЫ» САБАГАНЫМДА

Курбалдашым куу жигит – Курманды сөзгө жыгуу үчүн калп эле сыркоолоп, боз үйүмдү айылдан обочо жерине кондурдум. Үстүмө киши киргиздирбей, бир топко жатып калдым. «Жоошбай катуу ооруп жатыптыр, оорусу өтө катуу, жугуштуу экен» деген сөз эл арасында таркай баштады. Курман менин ушул абалымдан пайдаланып уятка калтыруу үчүн, амал-айла ойлоп атайы мага келерин күн мурунтан эле билгенмин. Аны күтүп, жата бердим. Бир күнү куугум ченде ал түрүн өзгөртүп, мен жаткан боз үйгө кирди. Кебете-кепширинен адамдын үрөйү уча турган коркунучтуу. Кыңкыстай баштадым, үнүн башкача чыгарып:

– Жоошбай деген сенсиңби?

Жооп ала албаганына эки көзүн алайтып, тишин ырсайтты.

– Ооба, менмин.

– Мени билесиңби?

– Өзүңдү өзүң билбесең, мен сени мурун эч жерден көргөн эмесмин.

Анан кантип билейин?

– Андай болсо, сени ооруткан, чымындай жаныңды чыркыратып ала

турган кудайыңмын! – деди, тап берип. Онтологонумду күчөтүп, аны көрмөксөн, билмексен болуп, көзүмдү жумган абалымда жан-жагымды сыйпалап, колумду суна:

– Анык эле кудай сенсиңби?

– Ооба!

– Адилет кудайсыңбы?

– Адилетмин.

– Берешен, боорукер кудай сенсиңби?

– Так ошондоймун!

Араң жан кыймылдаган калыбым менен:

– Мага келдиңби?

– Келдим.

– Эмесе менин чоң ата, чоң энемди, капкара күрпөң козумду, кулпунган

кулунумду, каракашка жоргомду, үрөөнөк куу күчүгүмдү алган кудайдын өзүсүңбү?

– Накта өзүмүн.

Кыңкыстап бир саамга унчукпай туруп:

– Эми менин өзүмдү да алайын деп келдиңби?

– Керек болуп калдың, келдим!

– Сен адилет, чынчыл, боорукер, калыс, берешен кудай болгонуңдан кийин, алгандарыңдын баарын мага кайтарып бер. Азырынча жанымды албай коё тур, айыгайын. Аз күнгө болсо да, эптеп күн көрө турайын? Ал ырай-жороюн ого бетер бузуп:

– Жок, сени алмайынча тынбаймын.

– Мени алып тынсаң эле максатыңа жетип, ааламга учуп кетесиңби?

– Аны өзүм билемин.

– Коё тур десем болбодуң, деги качан аласың?

– Азыр!

Ордуман ыкчам тура калып, жакадан сыга кармап:

– Алгандарына ыраазы болбой, мени да алгын келет. Ошол

карыздарыңды төлөп кутулбасаң, мени эч жакка алып кете албайсың!

– Алып кете аламын!

– Кана, андай эле кыйын болсоң алып көрчү «жанымды»?

Унчукпай калганынан муунта кармап, сабап туруп, элди чакырып, айыбын мойнуна алдырып, кууп жибердим.

## «КОКУЙ, КОЁ БЕРГИЛЕ»

Четиндиге жумуштап барып бир топ манаптардын дайыма жоро ичишип, мас болушуп, чыр чыгарып жүрүшкөнүн уктум. Ободою ачылган немелер болбогон жерден кедейлерге жалаа жабышып, кой сойдуруп жешет экен. Алардын көбүн таануучу эмес элем. Алардын эзгени көкөйүнө тийген Көбөк мага кайрылып:

– Айланайын Жоке! Алар Ала-Башта Орумбайдыкында олтурушат. Бизди алардан куткарып албасаң, жыл айлантпай курутмай болду?! – дегенинен өз ичимде барып көрөйүнчү деп ойлондум. Жакындап барсам Орумбайдын үйү, короосунда оңко-чоңко түшкөн бир топ манаптардын кыйкырып сүйлөп, айрымдарынын ырдап жатканын көрдүм.

Ала буурул болуп кызып алган эргулдардын бир тобу эшик алдында турушуптур. Таанылбаган немелер аттан түшүрүп, үйгө киргизишпеди. Кыжылдаган үн

бир паска басыла калганында эшик ага Көлбек деген сылаңкороз жигитине ырдап жибердим:

Эшегиби, төрдөгү
Эшик ага Көлбөгү.
Улуу-кичүү баарыңа
Учурашсам деп турсам
Уруксатын бербеди.
Эшигиңер бекилсин
«Бозоңор курчуп жетилсин»! – дегенимде ар жактан:

-Бу ким?

– Ким деген неме ырдап жатат? – деген үндөр чыгышты. Арасынан мени тааный койгону:

– Жоошбай экен, Жоошбай!

Улуураагынын ичинен Усуп ар жактан колун булгап:

– Кокуй, коё бергиле! Үйгө кирсин! – деди чебелектеп. Атчан турган калыбымда:

Бозоңор – бозоруп аккан жаандай
Өзүңөр – тарпка үйүлгөн таандай.
Кедей журтун кейитпе
Жүрөктөрүн муз кылбай.
Албагыла малдарын
Алачык, журтун сыз кылбай, – дегенимде эч кимиси унчукпай калды. Кайра сөзүмдү улантып:

– Ат алуучу, үйгө кийрүүчү абийирдүүңөр жок экен! Обу жоктонуп бириңди-бириң омуроолошот экенсиңер. «Оозу-мурдумду канаттырып, опкок немелерге ысылык үчүн миңге атымды талаттырып» араңарда олтура албаймын. «Жору-кузгунча» үйүлүп олтурганыңарды экинчи жолу көрбөйүн! – деп атымды камчылап, артымды карабай бастырып кеттим.

Көбөк кийнин жолугуп, көпкөн манаптарды ырас кылдың деп кедейлерге тийбей калганын айтып кубанды.

## БУРУП АЛГАМЫН

Карыган кезимде катуу оорудан кийин, өңүм өзгөрө түштү. Жан көрүнсө жабышкан, Жанузак деген кызыл камчы алдыман чыгып:

– Өңүң эмне мынчалык өзгөрүп кеткен?

– Жан алгычтары менен Жанузак таанып калбасын деп, жан айласынан өңүмдү буруп алгамын, – дедим.

Жанузак таш тиштегендей жаагы жап болуп, баш көтөрбөстөн, атын моюнга чаап, бурулуп кетти.

## ЫНТЫГЫП ТЫШКА ЧЫГЫШТЫ

Жазгы катырым, жут маалы. Согумга беш-алты бододон сойдуруп, чүйгүндөп эт жешкен бай-манаптардын малдары арыктап, айрымдары көтөрүм болду. Алар кужулдашып, эт-аштан кагажактап калышты.

Семиз атымды союп, тегерегимдегилерге этинен аябай салып, тойгуздум. Калган чучуктарына кызыл күл салдырып, жанбаш, карчыга, учасын жакшылап туздатып сүрсүттүрдүм. Аны боз үйүмдүн сол капшытындагы ала баканга илдирип койдум.

Ушундай кыйын учурда бай-манаптардын мени сыпап, үйгө келерин ойлоп жүргөнмүн. Жийдебай баш болгон айылдын бир топ бай-манаптары кеч бешимде атчан келишип, үйгө түшүштү. Тигилерди сынамакка:

– «Байлар» атайылап келгениңерден кийин, чай болсо да тартынбай ичип кеткиле.

Чай ичилип, көңүлсүз олтурушту, кетип калууга батына алышпады. Айрымдары «мындан эмне чыкмак эле, чай бергенине кыйратып салдым деп ойлойт окшойт, жарытымдуу даамдуу тамагы болмок беле?» — дегенсишип көңүл кош олтурушуп, кабактарын түйүштү.

Алардын мени жактырбай олтурушканын сезип, боз үйдүн сол капталына тартылган чыкданды аялыма көрсөтүп:

– Шаарба, тарт чыкданыңды, «байлар» тоюнушсун, – дедим. Сөзгө аралашкан Серкебай:

– Жоошбай! Качан болсо да чымчып сүйлөгөнүңдү койбойсуң. Сол чыкданыңар түгүл, оң чыкданыңарда бүдүр этиңер жок, бизге эмнеңерди берет элеңер?

– Андай дебеңиз, болгонун салып беребиз да. Жийдебай кылтыңдап, жактыра бербей:

– Серкебай туура айтат, сен бизге куру чыкдандын өзүн бермек белең?

Обу жок манаптар Жийдебайды жакташып, каткырып калышты. Жиним келе түшкөн мен:

– Эмне? Куудул Жоошбай «кумсарып» эт-ашсыз куру түнөйт, куру жатат, куну качкан – дейсиңер го. Ай, байбиче! Айтпадым беле, чыкданды тарт, ачып кой!

Аялым сол тараптагы тирелип турган чыкданды ача салганында, ала баканда илинип турган жайнаган этти көрүп, таңдана караштьы. Ичик, чепкендерин чечинишип, кабактары ачылды.

Казан толо эт салынып, камкөшү жок, бышырылды.

Мапаптарга уча, карын, карта, жая салынган чоң табак эт тартылды. Көптөн бери мындай тамак жешпеген сугалак немелер ынтыгып тышка чыгышты.

## КӨРҮСТӨНДӨ

Иним Момону атам кичине кезинен эле мечиттен окуттуруп, сабатын жойдурду. Чоңойгондо Мекеге барып, ажы атагын ала келди. Анын өз жанын өзү кыйнап, «кудайга» ыйлап, тозокко түшпөс үчүн «алла тааладан» кечирим суранган, убараланган өзүмчүл, динчил экенин жакшы түшүндүм.

Күндөрдүн бириндe Момо Калкагардын оюндагы коргондорду аралап, мурун казылып коюлган көрүстөнүнө келип:

Ажы Момо өлгөндө,
А дүйнө жүзүн көргөндө,
Үңүрөйгөн көрүмө
Үңкүр-маңкир киргенде,
Сурак сурап келгенде,
Тосуп алып тозогу
Сазайымды бергенде,
Ошондо кантем,
Не болом?..

Түбү жарык көргөнгө,
Тиги дүйнө өлгөнгө.
Кечегөр кудай күнөөмдү.
Периште болуп жүрөмбү
Бейиштеги төрлөрдө? – деп казал айтып,

өзүнчө ыйлаганын көрдүм. Мунусу күн сайын улана берди. Жагымсыз бул жосунун таштоо жөнүндө өзүнө бир нече ирет кеңеш кылып, эскерттим. Эч нерсе чыкпады, таңазар албады.

Кечке жуук Момонун көзүнчө жылкы кайтарууга кетимиш болдум. Атымды далдоого бекитип, таң жаңыдан сүрүп келе жатканда көрүстөнгө келдим. Бөлөк кийим кийинип, өңү-түсүмдү буруп, тышыман ак шейшеп орондум. Көрүстөнгө кирип Момону күттүм. Бир маалда Момо адатынча намазын окуп, казалын айта баштады. Ала кирген майлуу чүпүрөк менен куу чийди күйгүзгөнүмдө жалын жалбырттады. Аны көрө коюп Момонун оозунан казалы түштү. Көзү алактап, муундары шалактап, келме келтирди. Башымды кылтайтып, түрүм бузуп:

– Момо ажы, бач-чагар! Атайын камданып келдиңби? Мен сага жиберген – «кудайдын» элчисимин, – дегенимде Момонун кулагы чуулдап, эсинен тана баштады. Ошол учурдан пайдаланып, ажынын оң

бутунун маасысын чечип алдым. Түрүмдү көрсөтпөй, күйүп жаткан жалынды өчүргөнүмдө Момонун арандан эсине келе баштап, келме келтиргенин баамдадым. Мүрзөнүн ичин күңгүрөтүп, үнүмдү башкача чыгарып:

– Ажы, айтып жатканымды алактабай жакшылап ук. Күнөөңдүн азыраак болгонуна гана каралаштым, чымындай жанынды чыркыратып сууруп алат элем. Эми туура кырк күн дегенде саган келемин, ошондо чымындай жаның чыркырайт. Жооп бергин, болбосо тилинди кесем, эки көзүңдү тешем, керээзиң айтылбай калат. Уктуңбу?

– Жаа алла! Кудурети куттуу, ыр-райымдуу кудайдын элчиси! Уктум, э-эси-ме тут-тум...

– Ыйманыңа кара?

– Ыйманым менен кырк күнчө жашай турайын, ырайым кыл...

– Кылайын, бирок камын! – дегенимден кийин тыңшасам, табыш чыкпай калды. Акырын карасам Момонун бүткөн-боюнан тер агып, денеси титиреп, сүйрөлө жөнөдү.

...Момо ажынын үнүнүн айланасында кыжылдаган эл. Эшен-молдолорун аралап, Момо ажыга бардым. Колумду сунуп:

– Момо! Эмнеге чакырттың?

– Эмне болгонумду көрбөй турасыңбы?

– Эмне болмок элең, эчтеке болбой эле сопсоо экенсиң. Эл көп, мал

союлуп жатыптыр.

– Түлөө берип жатабыз.

– Кимге?

– Мага! Көзүмө сыр көрүнгөнүнөн.

– Сыр көрүнсө, боёк кылып ал. Сырга түлөө берген кишини көрө элек элем.

Эл жылмая калышканында. Момо менен агатуугандарымдын ачуулары келе түштү. Атам тура калып:

– Абайлап сүйлө, Момого кудайдын элчиси жолугуптур.

– Кайдан?

– Көрүстөндөн.

– И, жолукса ырас болуптур!

– Ырас дейт тура, кырк күндөн кийин жанын алат экен, – деп атам ыйлап жиберди.

– Тигил Нурмолдо, Садык эшен, кожо-молдолордун колдоп калууга кудурети жетпейт бекен?

– Жетсе кана?

Кожо-молдолор жер чукуп, эл тынчтана калганында:

– Алардыкынан келбесе, менин колумдан келип жүрбөсүн?

Атам жактырбагандай.

– Сүйлөй бересиң да, – деди.

Садык эшен, Нурмолдо, Момого мен тигиле карадым да:

– Момо! Мага сүйүнчүңдү бересиңби? – дедим.

Момо жооп бербей, тиртеңдеди. Садык эшен:

– Сен кудайдын элчиси белең?

– Элчиси болбосом да, мага силер «сыйынып» жүргүлө дегенимде, эшен, кожо-молдо, ага-туугандар тескери карашты. Элдин көбү аларды жактагандай, кырын салышты. Өтө катуу таарынган Момо ажы унчукпай турду. Элге карата:

– Эл! Ишенгиле, керек болсо Момо ажынын өмүрүн «узартып» коём. Кыйпылыктаган Садык эшен:

– Биздин колдон келбеген соң, сен сактап калмак белең?!

– Сактап эле калам. Эл-журт! Силер мага калыс болгула!? «Узартканым» ушу – Момо, сен айыктың! Өзүң ажы болгонуң менен эчтеке билбейт экенсиң, мага баш ийип «кудайдын» элчиси экен дегин.

Эл таңдана карап калышканында:

– Момо! Мага таштап кеткен мобул маасыңды кайрадан кийип алгын, көрүстөндө жалгыз

маасычан илкип араңдан зорго үйүңө жөнөгөнүң эсиңдеби?

Момо делдейип туруп калганында:

– Бул маасы сенин өзүңдүкү экендиги чынбы?

– Чын эмей.

– Кайда калганын жашырбай айт?

– Көрүстөндө.

– «Элчи» көрүнүп, эсинден танганың ыраспы?

– Ырас эмей.

– Ырас болсо, ошол эсиңди тандырган менмин. Мегин, намыстанбай эле маасыңды кийип алгын! – деп, ички кемсалымдын белиндеги илгичке кыстарган маасысын алып, алдына таштадым. Бирде маасысына, бирде мага таңыркай ойлоно түшкөн Момого:

– Мен – «элчи» эмес, агаң Жоошбаймын. Көрүстөнүңө барып, көз көрүнөө «элчи» болуп маасыңды алып калганымды танбайсың. Көр ичинен эч кандай «кудайдын элчисин» көрө албадым. Мындан ары тирүү туруп, көрүстөнгө барып, калп жеринен кайгыланып казал айтканыңды көрбөйүн! – деп элди аралай жөнөдүм.

Кылчайсам Нурмолдо, Садык эшен, Момо ажы, кожо-молдолор жер тиктеп, жалдыраган бойдон калышты.

## УГУЗУУ

Мингени жорго, жүргөнү үлпөт болгон Байсерке Булаш деген кызды токолдукка алды. Ал ары өңдүү, ары сымбаттуу, ишмер, оокатка кароо, кызганчаак болгондуктан Байсеркеге жагып калды. Улуу аялы Көрпөтайдан башкаланып, өзүнчө өргөөгө киришти. Көрөр көзүнүн айткандарын аткарып, ичинен ыраазы болучу.

Бир күнү Байсеркеге:

– Сиз экөөбүз уялаш бир тууганбыз. Антсе да аялың Булашты кийинки күндөрдө менден артык көрүп баратасың ээ, чынбы?

Байсерке угаары менен шашыла:

– Аялын да бир тууганынан артык көрүүчү беле, сени эле жакшы көрөм.

Мындай дооматтуу сөзүңдү айтпай жүр?

– Эгерде менден артык көрө турган болсоңуз, аялың экөөңдү тең эл алдында ыйлатайынбы?

– Анте албайсың?

– Убада эсиңизде болсун, унутпаңыз?

Кечке жуук Байсерке мени жанына чакырып:

– Каракашка жоргону кармап келип, жем бер. Суутун жакшылап келтир, тигил Караколдо болуучу жыйынга минип барам, – деди.

Эртеси Байсерке бир топ адамдар менен Караколго жүрүп кетти.

...Арадан жарым ай өттү. Жылкы кайтарып жүрүп, Калкагардан Тогуз-Булактын түзүнө дүрбү салып карадым. Байсерке менен жоон топ элдин Ыктыбай Манаптын чоң өргөөсүнө түшүшкөнүн көрүп, тааныдым. Желе жанындагы жылкыдан тайдын семизи кармалып, союуга бата кылынды.

Каракер күлүгүм менен кошундагы жылкычылардын сайма алачыгын көздөй чапкылап жөнөдүм. Жакындап барганымда аттан ооп түшүмүш болдум. Жылкычылар жапырт чыга калышканында камчымды бөйрөк тушума таяп, көзүмдөн жашты куюлтуп:

– О, курбулар! Курбулар! Жоошбайдын сөзүн уккула, кашайды көзүм! Атаны кокуй, кашайдым...

Эч нерседен капарсыз турушкан жылкычылар эмне болуп кеткенине түшүнүшпөй шалдая карап калышты. Жабыла жаныма келишкенинде бөйрөгүмдү солкулдатып:

– Берекем кокуй, жан эркем кокуй... Туягы боорун эзиптир ко-оо-куй, сүйрөлгөн бойдон кетиптир, дүйнөдөн Бай-сер-ке бай-кээм өө-түп-түүр ко-оо-кууй!..

Жылкычылар кошо ыйлашып, кийин көңүл айтышканында:

Жумуштууңар калгыла, калганың караан болуп баргыла. О, жараткан, кантейин...

«Жоке, эсиңди жый! Ажалга айла жок... Эми өзүңө өмүр берсин, жалгыз жибербей чогуу баралы», – дешкенинен башымды ийкеп, оор үшкүрдүм. Жолго чыгып айылга чукулдаганыбызда, эки жылкычы кабар айтууга кетишти. Катуу өкүрдүк.

Заматта айыл ичи ызы-чууга толуп, тополоңго түштү. «Байсерке аттан жыгылып каза болуптур» деген сөз айыл ичин аралады. Борсолдун ага-туугандары өкүрүп келишти. Беш-алты боз үй тигилип, Булаш кара кийинди. Бети-башы тытылып, тилинди. Далайга чейин ээ-жаа бербей, араңдан зорго басылдым. Элге байкатпай Булаштын үстүнө кирип, сабыры суз кейпим менен кулагына шыбырадым:

– Кошкон кошогуңа эл ыраазы болбой жатат, менден айттырып жиберишти. Мындайча кошсун деп үйрөтүп, үнүн бекем чыгарттым:

«Өргөөдө жалгыз жатчу элең, төрөм.
Өзүмө ынаак, жакшы элең, төрөм! А-аа.

Булакты бойлоп басчу элең, төрөм
Бугумду менин жазчу элең, төрөм! И-аа.

Жоргону тандап минчү элең, төрөм
Жоругумду билчү элең, төрөм! Ой-аа.

Бир табак этти бир гана жеген
Бир саба кымыз иччү элең, төрөм! О-оо-ууй-аа.

Топ жыйынга кирчү элең, терөм
Топойду жерге, канткенде көрөм! Э-ээ-ий-аа!»

Кошокко ышкыбоздор «Бечера Булаш деги эле ырас кошуп жатат» – дешип, кулактарын түрүштү. Мен ага-туугандарыма кеңешкен болуп, союуга жылкы алдырып келейин деген шылтоо менен Каракерди минип, Байсерке жүргөн айылга карай жөнөдүм. Ко-

ңур-Өлөңдүн кой ташынан Мамыр абышка жолукту. Учурашкандан кийин, шашылган болуп:

– Бүгүн эртең менен бир азга жаан жааганын байкаган чыгаарсыз?

– Ооба, бир аз жаай түшүп, ачылып кеткен эле.

– Эмесе, эртең менен эле таза турган Байсерке төрөнүн көрөркөз аялына чагылгандын огу жаңылып «каза» тапты.

– Кап... Кудай ыйманын саламат кылсын эми... Байсеркеге угузалы.

– Атым өтө чарчап калды, башка жакка да кабар берет элем. Ушул жерден кайтайын, айтып коёрсуз?

– Айтайын, айтайын. Атың ким?

– Мурат!

– Мейли, Мурат! Байсеркеге өзүм угузайын, барагой.

Бир маалда Ыктыбай, Байсеркелер менен элүүгө жакын адам бирге келе жатышты.

Белге чыга бергенинде Байсерке чыны менен эле өргөөсүнүн жанына тигилген боз үйлөрдү, өкүрүк аралашкан жайнаган элди көрүп үрөйү учту. Зээни кейиди. Көрөркөзүнүн кыял-жоругу көз алдынан чубап, айылга жакындаганда эки жагынан эки жигитке жөлөттүрүп катуу өкүрдү. Жанындагылары да ага кошулушканда ызы-чууга кулак тунду.

Эң алдыда Байсеркенин өзү өкүрүп келе жатканын көрүшкөн эл өз көздөрүнө өздөрү ишенишпей, жардана катып калышты. Өкүрүк токтолуп Байсеркелерге карата «Өкүрбөгүлө, токтоткула!» – деген кыйкырык, кол булгоолорду көрүшкөндө Байсеркелер да эмне кыларын билишпей селейип туруп калышты.

– Байсерке, Байсерке!

– Тирүү, тирүү!

– О, кудай! Байсерке келе жатат, – деген үндөрдү угушканда беттери тытылган аял, жеңелер үйдөн дүрбөп чыгышты. Бети тытылган Булашты көрө

коюп, анын тирүү эле экенин Байсерке жана башкалары таңдана карашты.

Байсеркелердин артынан чапкылап келе жатып аларга угуза:

– Байсерке байке! Айткан убадамды аткардым. Булаш жеңеме ыйлабайм дедиң эле, ыйладыңбы! Эми моокумуңар кандыбы! – деп, топ элди жара желдирген бойдон жылкыга кеттим.

## КЕТКИЛЕП ДА, КЕСКИЛЕП ДА БЕРЕ АЛБАЙМЫН

Туулуп өскөн жериме сырт жерден аман-эсен кайтып келдим. Келгенимди таякелерим угушуп, учурашууга келишти. Жакшы отуруп, жай сурашып, жатканыбызда бирөө:

– Ии, алыстан эмне ала келдиңиз?

– Бир чоң томолок «алтын»!

Чебеленген Чекир:

– О, уу! Кудай берип салган тура! Бизге да чекесинен кетип беришиңиз, эптешип оокат кылалы?

– Баарыңарга жетишсе эле алгыла!

– Пейлиңди кенен салсаң жетишет.

– Карагылачы, канткенде жетишет? Кеткилеп да, кескилеп да бере албаймын! – деп, башымды сыйпалап көрсөттүм.

## ШӨМТҮРӨП КАЛА БЕРИШТИ

Жолдошум Жоробек экөөбүз Дөң-Талаа айлына жакындаганыбызда бир топ адам эгин көрүп жүрүшүптүр. Күн бүркөлүп, көл жээгинен калдалган кара булуттун түрүлүп келе жатканын байкадык. Үйгө тезирээк жетели деген үмүт менен катуулай бастырдык. Тигилер – Абдыракман баш болгон айыл мапаптары экен. Алар чепкендерин чечишип, бешмантчан болуп алышыптыр. Жакындап барганы-

бызда Таабалды деген манабы мага тийише баштады. Көтөрүлө сүйлөп, өзүн көрсөткүсү келди. Эмнеси болсо да, буларды жаанга калтырып, калтыратайын деген ойго келдим. Күндү тиктесем, кеч бешим. Атымды отко коюп:

– Убакыт бешим намазы болуптур, тез эле бүтүрө калабыз, келгиле, тизиле калалы.

Алар басып келишип, жолдун алдындагы жаман тамдын түбүнө тизиле калышты. Мен озунуп:

– Азыркы намазга «имамдык» милдетин өзүм аткарамын – дегенимде эч кимиси каршы болбоду. Таабалды да намазга турду. «Имамдык» ишааратын аткарыш, намаз окуганын уланта беришти.

Ойноктогон кара булут айланабызды чулгады. Жаан төбөдөн төгө жаап, моюнга куюлду, жаан суусу өтмө катардан өттү. Кийимдери шөлбүрөп, жонунан суу өткөн жоон курсак манаптардын ээктери шакылдап, титирей башташты. Айрыкча Таабалды солкулдап, намазды таштап кете албай, айласы кетти. Ан сайын убакытты созо бердим. Чолпон-Ата, Тастар-Ата, Ак-Суу, Манжылы өңдөнгөн мазарлардын аттарын атап, бата кылардын алдында тигилерге угуза «Жээнбектин жаман тамы колдо» – деп, тура калдым. Жоробек экөөбүз шаша бастырганыбызда, жол боюндагылар шөмтүрөшүп кала беришти.

## БЫЧАКТАРЫН КАРМАЙ ОЛТУРУШТУ

– Эй, Жоошбай! Келе турган меймандарга мени жана ага туугандарыңды уят кылба. Ээликмеңди тыйып, мени сыйла. Алар сени сурап калса, өз атыңды айтпа. Ага-тууган силер да, Жоошбайдын өз атынан айтып чакырбагыла. Меймандарды жакшылап узаталы, -деди Байсерке. Баарыбыз макул болдук.

Беш жолдошу менен Үкү Байсеркеникине келип түштү. Анда Байсерке үнүндө жок эле. Меймандар жайланып, чай ичип олтурушканда Үкү мени карап:

– Байсеркенин куудул иниси бар дейт, өнөрүн көрүп, сөзүн угуп, эс алып олтурсак жакшы болор эле – деп, суроолуу карады.

– О, кокуй! Жарыктык! Аны эл жөн эле мактап жүрүшөт. Ошого куудулдук түшө калды дейсизби, ал бир келесоолонгон бир неме. Куудулдуктан айлансын.

Меймандарга «оң» жооп айтканыма Булаш жеңем аябай ыраазы болду. Үтүрөңдөбөй үйрүлө мамиле жасады. Көп кечикпей Байсерке келип, меймандар менен учурашты. Мал союлуп, казан асылды. Чыканактарына куш жаздыктардан койдурушуп, ар кайсы кептеп салышып, менменсинишет. Ичимден «шашпа», силерге айтарым башка деп, өзүмдү-өзүм токтоо кармадым.

Байсерке тышка чыгып кетери менен меймандардын колдоруна суу куя баштадым. Алдыларына дасторконду жая салып, тышка чыгып кеттим. Көз алдыларына семиз тайдын учасы, карта, казысы элестеп шилекейлери чубурган бойдон бир топко олтура беришти. Үкү башкаларына эрдин тиштеп тыйганы менен, ичинен ызаланып, колу-башы калтырай баштады. Үнсүз, сөзсүз жалдыраша эшик жакты каранышат. Жеңдери түрүлүп колдоруна кармашкан шамшар, бычактарын кынына сала алышпай, же ката алышпай тамшана жутунушат. Байсеркенин эч нерседен капарсыз жайдары басып келе жатканын көрө коюп, өргөөнүн ичине кирип бардым. Тигилер мени тиктешкенинде кыйкыра:

– О, Байсерке байке! Кайдасың? Бачым кел эле, бачым кел. О, кокуй, алат күн! Бачым кел, жеп салды!.. – дээрим менен тыштап кирип келген Байсерке шаша сүйлөдү:

– Ой, эмне болуп кетти? Деги тынччылыкпы?

– Тынччылыгы менен курусун, кайдагы «чыр» немелерди чакырдың эле? Бирин-бири бычактап, өлтүрүп коё таштаишты. Өздөрүнбү, же мени жара

тартарын билбеймин! Тигил кармап турушкан бычактарын караңызчы?.. Аз эле жерден калышты. Мындай бейбаш меймандарың менен өзүң сүйлөш, жүрөгүм түшүп кала жаздады.

Тигилердин үнсүз, сөзсүз, жаактары тырышып, бычактарын чычайта кармашкан бойдон катып калышканын көрүп, Байсеркеден тер акты:

– Олдо ит ай, ит десе! Бу жиндинин жасаганы тура! Айланайын Үкүкө! Жамандык ойлосом кудайга койгула.

Жоошбай экенимди Үкүлөр эми гана билишкенден кийин, алар өз жоруктарына өздөрү күлүүгө аргасыз болушту. Үкү Байсеркеге:

– Эчтеке эмес, кечиримдүү. Жана өзүнөн атын сурасак, бул иниң «Жоошбай эмесмин, ал бул жерде жок» деп койгон. Байсерке, капаланба. Күнөө өзүбүздө, өзүбүздөн кетти – деп, башын өйдө көтөрдү.

## АТТАРДЫ ЖАЙЛАГАНЫМДА

– Ап бали, Жоошбай! Баятан бери кумарыбызды кандырдың.

Аттарыбызды өзүң гана жайлаштыр, сага ишенебиз, – деди Үкү. Ээр-токумдарын алып, тушап коё бердим. Байсеркенин санаасы тынгансып, уктоого жатты.

Тең курбу жылкычыларга барып:

– Ылдам жүргүлө, бычагыңарды ала баргыла?

– Кайда?

– Аттарды соёбуз, жайды жайлата эт көрбөгөн жатакчы бечераларга той түшсүн.

Курбуларым менен түн бою аттарды союп, эт менен аларды ыраазы кылып, эс алууга жаттым.

...Эрте турган Байсерке өргөөсүнөн тышка чыгып, чочуп кетти. «Көзүмө көрүнүүчү көрүнүп жатабы» деп өзүнө өзү ишенбеди. Жакындап караса, кызыл ала болуп жаткан – боз үй толо эт. Аны көрсөм да, уктамыш болуп жата бердим.

Күн чыга меймандар бети-колун жуунушуп, өргөөдөн орун алышты. Алар эмне дешээр экен деп, шыкаалап турдум. Чай ичилип, суусунга кымыз куюлду. Сабыры суз башын жерге салып олтурган Бейсеркеге Үкү:

– Э, Байсерке! Башың жерге салынып, мынчалык неге капалуусуң? Же бизди көп сүйүңкүрөбөй турасыңбы, мындай болгондо неге чакырдың эле?

Байсеркенин тамагы буулуп, кабыргасы кайышты. Айрыкча жылкысынан тандап туруп, алты атты берерин эстегенде калчылдап кетти:

– Адал, ак тузума койгула! Сиздердин жүзүңүздөрдү даана карай албай, шерменде болуп олтурам... Ой, жигиттер! Жанагы келести ойготуп алып келгилечи? – деди калтаарып.

Тыштан бети-башым, колу-бутум, кийимим кан бойдон салам айта кирип бурганымда, тигилер таңдана тиктеп калышты. Калчылдай түшкөн Байсерке:

– О, мыкаачыга окшошкон акмак... Ушунун баарын жасаган сенсиң?

– Ооба, менмин. Буга сиздин да, меймандардын да ачууларынын келиши тийиш эмес. Өзүңүз, бул меймандарды ардактап, айткандарынын баарын аткарып жатканыңыздан кийин, мен аткарбас болуптурмунбу. Үкүкөм күүгүмдө мени чакырып алып «Аттарды өзүң жайлаштыр, сенин гана колуңдан келет, сага ишенебиз» дегенинен уят болуп калбайын деп түнү бою жайлаштырып койгонум чын! – дегенимде Үкүнүн оозуна таш тыгылгандай, унчукпай калды.

Тышка дүрбөп чыгышып, ар биринин ээр токумунун алдында өз аттарынын башы жатканын көрүшүп, ичтери тызылдашты. Үкү аргасыздан айткан сөзүн мойнуна алып, Байсеркеден башка ат алуусун суранды. Байсерке жылкысынан алты атты тандап мингизип, меймандарын узатып, ичинен сызды.

«Жайланган» аттардын этин жатакчыларга бөлүштүрүп бердим.

## «ЧЫК» ДЕГЕНДЕ ЧЫГЫП КЕТТИМ

Эт тууралып бүткөндө Байсерке мага «Чык» дегенинен тышка чыгып, кайра кирбедим. Меймандар аркы-берки сөздөрдү сүйлөй олтурушуп, улам чык келет менен бир топко күтүп калышты. Байсеркенин чыдамсызданып эшик жакты улам карана бергенин шыкаалап байкадым. Акыры чыдабай:

– Э, Жоошбай!

– И, эшик алдында сагалап турамын.

– Эмнеге сагалап?

– Качан чакырар экен деп?

– Үйгө кир.

Шып кирерим менен Байсерке:

– Кана чыгың?

– Алып келген жокмун.

– Эмне үчүн?

– Эмне экенин кайдан билейин, жана чык дегениңизден чыгып кетпедимби. Кызык экенсиз, эттин чыгын алып кел деп түшүндүрө айтканыңызда эчак эле алып келмекмин. Андай болсо азыр эле алып келе коёюн! – деп, тышка чыгып кеттим.

## КАЧАНТАН БЕРИ «ШАЛ» БОЛГОН?

Манаптык сөөлөтүнө мас, букарага кас Кудайбергенди мурда көргөн эмесмин. Атчан жалгыз Тамгага жакындадым. Алдымдан жолуккан адам көл жээгине жакын тигилген ак өргөөнү Кудайбергендики деп көрсөттү. Айланасында эч ким жок, жым-жырт. Кирип бардым. Керегe көзүнүн ортосуна чейин салынган шайы жууркан үстүндө Кудайберген чалкалап олтурган экен. Айткан саламымды алик албады. Эки жагынан эки сулуу аялы жөлөп, тууралган эттен жедирип жаткан экен. Бирөө кашык менен оозуна сугунтса, экинчиси ак жибек жоолук менен оозун аарчып тазалайт. Соргок неме

этке тоюп жантая жата кеткенинде гана аялдары мага көңүл бурушту. Манаптын кербездигине келген ачуумду токтотуп:

– Баятан бери манапты байкап эле турам, байкап эле турам. Антпегенде, кантейин? Бул адам качантан бери «шал» болгон? Кап, эки колу тең оозуна жетпей калган тура!.. – дээрим менен Кудайберген коломтодо түтөп жаткан чычаланы ала коюп, ыкчам тура калып мага тап берди.

– Аяштар! Бирди көрө элегиңерде жаныма жакын жолобогула? Кудайбергениңерге «кудай» бергени ушубу өз колу менен тамак жебей мал болгонбу? Мындай адамды көлгө жетелеп көөм салдыралбасам эле, Жоошбай атым өчсүн?

Сөзүмдү угаары менен эки аялы селейип туруп калды. Колунан чычаласы түшкөн Кудайберген:

– Бул Жоошбай тура! Жана саламыңды уккан жок элем, андай болсо алик алдым. Батыраак казан аскыла!

– Мага тамагыңдын кереги жок. Адам болгондон кийин тамакты адамча жеп-ичип, адамга адамча мамиле кылыш керек. Эми өлбөй эле кой, тирүү туруп өлгөнүң ушу – дедим да, артымды карабай кете бердим.

## ЖУМУРТКАНЫ БӨЛГӨНДӨ

*«Бөлсөңөр Жоошбайча бөлгүлө»*
*(Эл макалы)*

Беккожо тебетейин жумурткага толтуруп:

– О, Жоке! Тезирээк келиңиз!?

– Эмне болду?

– Кудай бизге берип салды!

– Эмнени айтып жатасың?

– Жумуртка, жумуртка! Кекиликтин жумурткасы! Дароо тескери жакты карадым да:

– Ары кет эле, ары кет... Жакындаба, жолобо, залалы мага тиет. Жумурткаң менен жумуран кал. Албаймын эле, албаймын! Балээсине калбаймын! – дедим.

Беккожо айткан сөзүнө толук түшүнө бербей:

– Эмнеге кетмек элем, табылга?!

– Тамыран кал, анык мээнетке жолуктуң. Кутулбас куяга, доого калдың?

Аны өмүрүң бою төлөп кутула албайсың. Кетем эле, кетем! – деп, атымдын башын бура бергенимде, Беккожо башын тырмап:

– Айланайын, Жоке! Толук түшүнө албадым, чын эле балакетке чырмалдымбы?

– Алдыгы колуңа кармап турганың анык башыңды жутуучу жумуртка, – деп шашылган болуп атымды темине бергенимде, Беккожо коркуп, жалдырап калды. Оо, бир оокумда:

– Себеп, эмнеге? – деди жумурткаларды тиктей.

– Кармалап койдуң, болору болду. Аны уясына кайра салууга болбойт. Эми бардыгы тең сасыткы болуп калды. О, кокуй күн десе! Энеси эми келбейт. Бөйдө убалына калдың, эми кекиликтер сени каргап, өз ээлерине арызданат.

– Жоке, Коюңузчу!

– Койбосоң кете бер. Сага теңелип тогуздап айып тарта албайм.

– Эмне айып, кекиликтердин да ээлери болмок беле.

– Болбогондочу.

– Ким?

– Чыныбай жана башкалар. Жумурткандын сага да, мага да кымындай пайдасы жок. Андан «уруксатсыз» бирин да алууга эч кимдин акысы жок. Жумуртканды бүгүндөн калбай ээлерине жеткир. Эмнеге жалдырайсың, бол жөнө!?

– Чыныбай үзүргө карабайт бекен?

– Кызык экенсиң, ал сага келип берчүбү, жумуртка анын менчиги. Атүгүл жер, суу, тоо, таш ошолордуку экенин эмдигиче түшүнө элек белең?

– Шорлуу жаным, чыгымга жаралган экенмин да...

– Айтып жатамын го, ары кет. Саатың мага да жукканы турат. Эмне болсоң, ошо бол.

Беккожо ыйламсырап:

– Мен жерге кирейин, кайдан гана көрө калдым экен. Кашайып кана калсамчы, катын-баламды кантип багам?..

Убакыт өткөн сайын Беккожонун чыйпыйы чыгып, санаасы санга бөлүндү. Мага жакындай албай дал болуп туруп калганында:

– Куураган байкушум, курбулугуңа айла жок. Өз шартыңа жараша бол, айла кеткенинде жумурткаларыңды Тоң элинин «мыктыларына» бөлүштүрүп берейин.

– Кимдерге?

– Алматай менен Ыктыбайга – алтыдан, Серкебай менен Маамытканга – бештен, төртөөнү Баатыркан алсын. Жеткир, жолдо жарып же жеп алсаң, алар сени «кереметинен» билип коюшат. Тезинен жеткир, коюңду мен кайтара турайын.

– Мага ырайымдуулукту өзүң эле жасачы? Аларга өзүң жеткир. Менин көп айтууга эби-сыным жок. Коюм алыстап бара жатат, жакшылык кыл!

– Кыйнады, тобокел! Эптеп аракет кылып көрөйүн.

– Ошент, айланайын Жоке!

Кеч күүгүмдө келип жумуртканы бышырттым. Чыгараарына аз калганда санаасы тынбаган Беккожо кирип келди. Казандагыны көрүп аң-таң калды. Ээлерине эмне үчүн таратып бербеди деген ой толгоо аны мыжып эзе берди. Кошуна үйдүн бала-бакырасын бүт чакыртып, жумуртканы чыгарттым. Бардыгына бөлүштүрө келгенде, бирөө артып калды. «Артканын өзүм жеймин» – деп, алдыма койдум. Беккожо комсоно:

– Мунуңузду жебеймин, өз ээлерине эмне үчүн жеткирип бердиңиз?

– Алар балээ жеп, тилектери таш капсын! Андай ач көздөргө жообун өзүм беремин.

Алаканымдагы жумуртканы аарчып жей баштаганымда, үй ичиндегилер да кармап турушкан жумурткаларын жеп кириште. Муну көргөндөн кийин Беккожодон тер кетип, санаасы тынгандай болду.

## ҮЧӨӨНӨН «КУРУ» КАЛБАГЫЛА

Жазга жуук, жут маалы. Ак-Терек аймагынын ар кайсы кыштоолорунан үч кедей адам бир күн ичинде каза болушту. Таңга маал жылкыга бара жатсам, аттарын тердетип желдирип келе жатышкан эки адамдын карааны көрүндү. Жакындап келишсе, Борке молдо менен Алдаш сопу экен. Ат тизгинин тартып, токтогон Борке молдо:

– Жоке, жол болсун!

– Жол болсо, мол болсун! Шашмалап кайда бара жатасыңар, – дедим сыр алдырбай, Үшүгөн колун ушалаган Алдаш сопу:

– Каза болушкан үч адамга дооран түшүрүп, мүчө алууга бара жатабыз. Бирок, үчөөнү бир күн ичинде жерге коюшат экен деп уктук. Ошонусу чатак. Үчөөнө жетише алар бекенбиз, куру калбасак болот эле, – деди күйпөлөктөп.

Экөөнү шаштырган болуп:

– «Семиз бээ, семиз уй союлуп жатат» деп уктум. Силерден башка молдо бара элек болсо керек. Антсе да эрте жетишиңер оң. Үчөөнөн «куру» калбагыла. Жолдон буйдалбай түз баргыла, – дегенимде тамшанган Борке молдо:

– Эгер мурун барып калсак, дооранык менен мүчөнү өлүк ээлери бизге кандай төлөөр экен, – деди кулкулдап, шилкейин жутуп. Алардын ач көздүгүнө ачуум келген мен:

– Борке молдо! Сен биринчи башкы өлүктүн сөөгүнө барып, өз тебетейиңди өлүктүн башына «кийгиз».

Алдаш сопу! Сен экинчи өлүктүн сөөгүнө барып, алдыгы ала чапаныңды айкарасынан «жаба сал». Антпесеңер жетишпей каласыңар, мүмкүн силерден башка кожо, молдолор «ээлеп» кетишет. Үчүнчү өлүктүн сөөгүнө экөөң тең баргыла. Аны силерден эч ким талашпайт. Мүчөлөрүн талашып «кабышпагыла»! Кана, тезирээк жөнөгүлө, – деп сурумду салганымда жалдырап туруп калышты. Колумду жаңсап:

– Силер дооран менен мүчөгө тойбойсуңар. Өлгөн өлүктү өз жайына жөн койбойсуңар. Бирди көрө элегиңерде көзүмө көрүнбөй жоголгула! – дедим темине бастырып.

## НАМАЗДА

Намаз күнүнө бир гана күн калганда Нурмолдо Байсеркеге келип:

– Бегим! Ырайым этсеңиз, сизге айта турган бир зарыл өтүнүчүм бар.

– Айта бериңиз, уруксат.

– Иниң Жоошбайдын намаз менен иши болбой кетти. Элдин баары намазга келип түшүшсө, Жоошбай бир топ жылдан бери бир да жолу келбей койду. Мунусу шариятка баш ийбөөчүлүк, кудайга жасаган күнөөкөрлүк болот.

– Андай болсо, эмне кылалы?

– Ал элди күлдүрүүгө кыраан, намазга шылтоолоп эл алдында Жоошбайдын так өзүн сөзгө сындырбайлыбы.

Байсерке бул сөздү укканда «Ырас эле эч кимге моюн бербегендигин молдо туура айтып жатат» дегендей жактыра карап:

– Кандайча баш ийдирип, сөзгө жыга аласың?

– Намаз билбейт, ошо…

– Андай болсо, айласын өзүң тап?

– Бегим, ыракмат! Бирок сизден суранарым – иниңизди намазга келтирүү иши сиздин колуңуздан гана келет.

– Аны түшүнөм. Келтирүү милдети менден болсун, башкасын өзүң жаса молдо!

Молдонун таманы жерге тийбей үйүнө кудуңдап жөнөгөнүн сырдаш курбулары мага айтып беришти.

Эртеси Байсерке мени чакырып, намазга түшүүнү буюрду. Күн чыга туш тараптан кумурскадай жайнаган эл котолоп, мечитке карай бет алды. Жолдо келе жатып Нурмолдого жолугуп:

– Молдоке, эл башына селде же курларын чалынышыптыр, мен өз башыма эмнени чалынсам болот?

– Кимде ким ак пейили менен намазга түшкүсү келсе, ошол күнкү күнөө алла-таала тарабынан кечирилет. Куруң жок болсо, башка нерседен деле башына чалына берсең болот.

– Ошентип молдоке, эмне болсо деле чалынып алууга уруксатпы?

– Эмне болмок эле, уруксат!

Молдо өз ичинен колума түшкөн экенсиң деп ойлоду. Мечит ичине жайнамаздар салынып, эл намазга кыркалай турушту. Биринчи катарынан орун алып, Нурмолдонун аркасынан орун алдым. Намаз окуу башталды. Эмне кылышаар экен деп эки тарабыма тең көз кыйыгын жибердим. Эл жыгылса ийилип, өзүнчө күбүрөп, эки ийнимди шалкылдатып, бети-башымды жыйрылта кыймылдатып, эки көзүмдү алаңдаттым. Эл оңго баш бурушса солго, сол тарапка бурушса оңго карап, «Ат салоому алейкилеп» эл чөк түшсө жата калып, жыгылса тура калам. Кээде молдонун оозуна оозумду окшоштуруп, туурап калам.

Ирети менен эл чөгөлөй калганда мурун даярдап алган белимдеги кемеримди элге байкатпай, башыма чалына калдым. Кемерге кыркасы менен байланган тиш чукуур, кездик, ийги, тээк, оттук, чымылдак, бычактын кыны узунду-кыска жыбырап, жыгылган сайын шалдырттай берди. Мени көргөндөр күлкүлөрүнө чыдай алышпаганынан бирин-бири түрткүлөй

кетишти. Чыдоого мүмкүндүк болбой бара жатканда, артымдан бирөө тим тургун дегенсип бутунун учу менен куймулчагыма акырын тээп койгонунда кыябыма келе түштүм. Алдымдагы Нурмолдо супадан өйдө болуп туруп келе жатканында көчүгүнө бутумду туштап туруп, акырын түртө тээп койдум. Күүлөнгөн молдо жыгылып, селдеси башынан ыргыды. Боору эзилген эл намазды таштап, мечиттен тышка чубап чыгышты. Будаланган Нурмолдо селдесин башына кийип эки жагына көз жүгүртсө, өзүнөн башка экиүч кишинин гана калганын көрүп, сөгүнө тышка чыкты. Нурмолдо менен Байсеркенин ичтери тысылдап сурданышты. Молдо кыйкырып:

– О, журт! Намаз бузулду… Аны таштап, мечиттен чыгып кетүүгө силердин кандай акыңар бар. Эмне үчүн бузулду, себебин айтып бергиле?

Эл жан-жагын каранышып, бир азга унчукпай туруп калышты. Арасындагы айыл кадырмандары:

– Молдоке, биз айыптуу эмеспиз, кечириңиз?

– Анан кимдер айыптуу, менби?

– Жоошбайдын кылганы.

Араң турган Нурмолдо чыңыра:

– Кудаанын улуу күнүндө, кылдың ээ Жоошбай кусурду. Абийиримди кетирип, намазды бузгандыгың үчүн кудай алдында, эл алдында абдан күнөөлүсүң.

Эл толкуп мага караშты. Кээси «Жоошбай кутулбас куяга калды» деп ойлошту. Кээ бирөөлөрү жанагы көргөндөрүн эстерине салышып, ыкшып, бүлкүлдөп жатышты. Элге карата токтоолук менен:

– Нурмолдо, селдеңди күбүп оңдоло. Анчалык катуу жинден болуштук молдо болгонго. Бу намазыңа келишкен элдин көпчүлүгү селдеси же өздөрүнүн курун баштарына чалынып алышкандыгы чынбы?

– Чын.

– Намаздын алды жагында өзүңө жолдон жолукканым ыраспы?

– Ырас.

– Башыма эмне болсо да чалынып алууга өзүң тарабынан уруксат кылганың туурабы?

– Туура.

– Анан эмне кыл дейсиң? Эл чалынса, чалындым. Отурса отуруп, турса турдум. Чөк түшсө чөк түшүп, күбүрөсө күбүрөдүм. Бирөө мени арка жагымдан тээп ийсе и-ии намазга туруунун жолу ушундай экен го деп мен дагы молдо сени акырын тээп койдум. Бирок мен жыгылган жок элем, өзүң экиленип калп эле оңкобаш атып кеттиң. Эл мечиттен чыгышса, мен дагы чыгып кеттим. Анан менде эмне айып?

Молдого карата эл:

– Жоошбайда эч кандай күнөө жок, күнөө так өзүңдө, – дешип, ого бетер каткырышкан бойдон, молдону таштап кетишти.

## АКЧАСЫН АЛБАЙБЫЗ

Караколдун базарынан манты салынган чараларды көтөрүп жүргөн кыргыз жигитин көзүм чалып, көнүлүм бурула түштү. Курсагыбыз ачып, тамак сатып ичүүгө келе жатканбыз. Жанагы жигит мантыны бат эле сатып бүтүрүп, мойнун койколоңдотту. Элден ашык алган тыйындарын чөнтөгүнө салгыча шашып, бөйпөлөңдөйт. Бир чоң чара мантыны ортобузга койдуртуп:

– Жигит, улутуң ким?

– Кыргыз.

– Базарда канча жылдан бери соодагерлик кыласың?

– Үч жылдан бери. Мени бекерге кармабаңыз, убакыт өтүп жатат? Муну жей бериңиздер, акчасын анан эсептешип аламын. Соодамды токтотпоюн! – дегенинен мантыны шашылбастан жеп кирдик. Чара бошоп, аябай тойдук. Соодагер жигит жаныбызга келгенинде мен:

– Кыргыз баласы болгонуңдан кийин, айылда болдуң беле?

–Болуп эле жүрөм.

– Ошол айылда, же жалпы эле кыргыз элинин арасында жаңыдан барган адам же мейманга тамакты кандайча берерин көрө алдыңызбы?

– Көрбөгөндөчү, кызык неме окшойсуң.

– Ачууланбаңыз, көргөнүңүздү айтыңыз?

– Алар болгон тамагын сатыксыз, бекер беришет. Ичип-жебеген адамдарды жаман көрүшөт, – дегенинде карап турушкандар биздин аңгемебизге кызыга калышты. Жигитке токтоо гана:

– Сиз мени ичиңизден «жек» көрүп турганыңызды сезип турам.

– Кудай урсун, антпеңиз? Сиз мага эч жамандык кылган жоксуз да.

– Жаман көрбөсөңүз, анда жакшы көрөсүзбү?!

– Кантип жаман көрөйүн.

Мен элге карата:

– Эл-журт! Бул жигиттин жаман көрбөсүнө баарыңар күбө. Бизди жакшы көргөнүн калк алдында танбастыр, ичи да оорубастыр.

– Ичим эмнеге оорумак эле!?

– Андай болсо, базар ичинен сыйлап бизге чоң чара манты бергениңизге ыракмат! Бизге мейманга келиңиз? Кыргыз эли жеген тамагына эч кимден акча алышпайт, меймандап барган адамга жеген тамагы үчүн акчасын албайбыз. Кош, жигит! Жүргүлө менин жолдошторум – деп, баса бергенимде соодагер жигит сомсоюп туруп калды.

## МАЛЫНЫН ТЕҢИ ТАРКАТЫЛЫП БЕРИЛДИ

Бороон тыткылаган кара алачык. Көк түтүн көздү сайгылап, титиреген уук-кереге. Алачык үзүгү делпилдеп, коломто күлүн ызгытат. Үч жаш бала калчылдап, от жанында. Казанда кайнап жаткан

кара жармадан көздөрү өтүшөт. Көөкөр көңүлсүз, Үсөн үңкүйөт. Киргенимди байкашпады:

– Үтүрөйүп күн кабагын бүркөсө, үңүрөйүп жер тиктегениңер эмне?

– Капалуу учурда келдиң.

– Капаң эле мендеби?

– Сен тарабынан болсо, анда кудайдын бергени. Канат молдо Серкебай манапты ээрчите келип, чекеме бүткөн жалгыз серкемди орозо битирине олжолоп бердирди. Аны кышкысын балдарыма катык кылып бербейт белем…

Үсөн экөөбүз Серкебайдыкына келгенибизде үйдөн кажы-кужу үндөр угулду. Молдонун айтып жаткан шариятына ишенгендер ооздорун ачышып, ага таңдана тигилишет. Ар ким өз ичинен күбүрөп, «кудайдан» кечирим сураньшат. Айрымдары бейишти көз алдына элестетишип, кыялданышат. Тозоктун эмне экенин толук түшүнүшпөгөн томаяктардын бүткөн бойлору зыркырап, кайдагы бир жаман ойлор менен алп урушат. Молдо мурун мени билбегендиктен, мага анчейин көңүл бурган жок. Калп менен чындыкты аралаштырып төгө берди. Эл жакаларын кармашканында мен:

– Канат молдо, бейиш менен тозокту канча жолу барып көрдүң? Орозо битирине жыйнаган малды да ошол жакка айдап барасыңбы? – дегенимде молдо кызарып-татарып, жооп бербей делдейе түштү. Ошол замат жанына барып:

– Кембагал, томаяктардан алдап алынган малын өздөрүнө кайтарып бербесең, бул шермендечилигиңди бүтүн кыргызга жаямын!

Куу молдо кулагын салган болуп, Серкебай менен шыбыраша калды.

Эл көзүнө мээримдүү адам өңдөнүшүп, бей-бечералардын битирге жыйналган малынын теңи таркатылып берилди. Жалгыз серкесин Үсөн да колуна алды.

## ТӨЛӨП БЕРЕ АЛБАЙСЫҢ

Байсерке жүргөн жыйынга келип, эл менен аралаша отурдум. Анымды Байсерке жактырбай:

– Жылкыны талаага таштап, эмнеге келдиң? Сени жыйынга чакырткан эмесмин.

Эл алдында мындай сөз укканыма сына түштүм. Жай гана:

– Жылкы, жылкы эле дейсиң. Жылкыңда жүрүп, жылмасынан жылдыздуу жаштыгымдын билинбей өтүп жатканын сезээр бекенсиң?

– Сезгенде эмне кылайын?

– Эмне кылмак элең. Өмүрүмдүн өтүшү, жаштыгымдын кетиши сен үчүн оюнчук.

Эл ичи жандана түшкөнүндө:

– Калайык журт! Өзүңөр калыс болгула. Камчымдын гана бар экенин Байсерке баштап, баарыңар билесиңер.

Аның туура дегендей, ар-ким башын ийкешкенинде:

– Байсерке эчак эле үйлөнүп-жайланган. Отузга жакындадым оңойбу, эмдигиче бойдок жүрөм.

Байсерке керсейген калыбында:

– Өткөн убакыт, жашыңды төлөп берейин, – дегенинде эл кандай жооп айтар экен дегенсишип мага тигилишти. Сөз кезегин келтирип:

– Төлөп бергендей сенден кунумду доолап жаткан жерим жок. Элден кун төлөттүрүп жүрүп көнгөн окшойсуң. Мен типтирүү бойдон эле турамын. Төлөй албайсың, дагы айтам – төлөй албайсың. Анткени, кыйын экенсиң жашарып, он сегизге чыгып көрчү? Буга сенин дөөлөтүң, мансабың, дүнүйөң, малын эч жардам кыла албайт. Кана жашарып көрчү, жашарганыңды эл көрсүн, – деп элден чыга жөнөдүм.

## АНЖИЯН БАГЫТЫНДА

Айлыбыздын адамдары кийимдик бөздүн айынан Анжиянга мал айдап, соодалап келүүнү кеңешишти. Элүүгө жакын жылкы топтолуп, жыйырмадай адам барып келүүгө камынышты. Колумдагы жалгыз бээмди кошуп, алар менен бирге жөнөдүм. Жолдо жылкыны кезүүлөшүп кайтарып, жайып жүрүп отурдук. Чоро элинин аркы четине барганыбызда азык-түлүгүбүз түгөнүп, кыйынчылыкка дуушар болдук. Жолдошторум эптеп тамак-аш таап келүүгө мени жиберишти. Айылга жакындаганымда үч-төрт чоң аппак боз үй көрүндү. Дөбөдө көк ноотудан кемсел кийген адам кичинекей баласын эркелетип отурганын көрүп, саламдаштым.

– Жигит, жол болсун. Ким болосуң, кайсы элденсиң?

– Ысык-көлдүк, Тоң жеринен келген – Жоошбай деген боломун. Кыргыз каадасын кылсаңыз, конок болуп кетейин дедим эле?

– Кайда бара жатасың?

– Анжиянга мал айдап.

Турпатымды тиктеп туруп, бир аздан кийин:

– Дурус, дурус! Атыңды анча-мынча уккан элем. Жолуң болгур, кой жегендей жолдошторуң кана?

– Кой жегидей биз карышкыр белек, адамбыз да! Тигил адам тыбырчылап:

– Кокуй ой, чалып сүйлөйт экенсиң. Эт салдырып берейин деп жатам, чарчап-чаалыксаңар керек?!

– Чай-чуй ичип жатсам эле болду?

Дөбөдөн түшүп, үйгө кирдик. Өргөөдө 24-25 жаш чамасындагы бир келин, 14-15 жашар эркек бала бар экен. Суусун, чай, ичип, жайланышып отурдук. Чай ичилип бүткөн соң, өтө мыкты кийинген сулуу жигит кирип, учурашып отурду. Чайдан ууртап:

– Ажым! Тобубуз тарай элек, уулуңуз ошол жерде калды. Бийлердин өзүнчө тобу болот экен.

– Болуптур, келин балам! Бу жигитке суусун алып келгин, – деди. Суусун алып жигитке сунганында келиндин бети кызара түшкөнүн байкадым. Жигит аз жутуп, сыпаалык менен кайра сунду. Жигит эшикке карай келинге көзүн кысып койду да, биз менен коштошуп чыгып кетти.

Ажы экөөбүз аны-мунуну кеп салышып, эт жедик. Ал баласына:

– Балам, бул мейман менен бул үйдө кал. Эс алсын, эртең жолугушабыз. Мен өз үйүмө барайын. Келин балам, мейманга жакшылап жай салып бер деп, тышка чыкты. Конок каадасын кылдым. Келин бизге төргө төшөк саларында:

– Мен оң капшытка жатайынчы? – деп келин өзү жатуучу туш туурдуктун тушун колум менен нускап көрсөттүм. Ал сумсайып кабагын чытыганынан:

– Атымдын оттогонун тыңшап жатпасам болбойт, – дедим.

Кыйыла түшкөн келин:

– Төргө эле жатыңыз, тигил кайним эле атыңызды карап коёт, – деди.

Кайниси:

– Жеңе, меймандын каалаган жерине орун салып бер.

Кайнисинин кесе айтканынан келин жасканып, аргасыздан бизге өзү жатуучу жерге орун салды. Жатканыбыздан кийин, жанымдагы бала үргүлөп кетти. Акырын турдум да, эшиктин каалгасын ичинен илип, кайра жаттым. Бир топтон кийин жанагы жигит келип, тушумдан:

– Эшик бек экен ач!

Мен ичке үнүм менен:

– Сен кимсиң?

– Сулайманмын. Туайт, туайт! – дээрим менен кара дөбөт ырылдап, башка иттер ызы-чуу түштү. Жигиттин дайны чыкпай жоголду. Короодогу кой үркүп, жанымдагы бала ойгонуп тура калды. Ичи ачышкан келин:

– Өлүгүңдү көрөйүн, мейман болбой эле бир кара көпөлөк айланып конгон го? — деди бышактап.

– Тарт тилиңди, тартипсиз, уятсыз! Мен ак май, кызыл чайын ичип жатып, өргөөсүн булгап кетчүлөргө жол бере турган акмак эмесмин.

Келин угары менен тым-тырс болду. Аңгыча аялын алкынтып, ажы үйгө кирип келе жатып:

– Келин балам жарык кыл, келген абийирсиз меймандын жазасын колуна берейин — деп үн чыгарды.

Баласы:

– Ата! Мейманда кенедей да күнөө жок. Буга Сулайман күнөөлүү. Тактаңыз, уят болуп каласыз – деди да, бала токтоло калды. Ажынын баласы күлүп жатканынан:

– Иним! Мынчалык неге күлдүң? — дегенимде ал:

– Атаке, энеке! Ишенгиле. Бул кишинин жоругуна күлүп жатам. Сулайманды сооп гана кылды. Анын жеңем мурда сүйлөшкөнүн көргөн да, билген да эмес элем, – деп ал кайрадан ыкшыды.

Эртеси Сулайманды алдыртып, күнөөсүн мойнуна алдырдык. Келин – экөө тең жер тиктеп, унчугушпады. Ажы мага карата:

– Жоошбай, жоругуңа ыракмат!

– Кечиресиз, ага татыктуу эмесмин.

– Жок! Иштин ырбай элек кезинде экөөнүн тең бетин ачтың. Калганын өзүбүз териштирип алабыз, – деп семиз чоң ирикти өңөртүп, эки чанач кымызды артып, кошунума жөнөттү.

## ЖАСООЛДУН ЖАЗАЛАНЫШЫ

Эркебай жасоол элге ырайымы жок, кара мүртөз болду. Ал бирөөнүн жакшы аты болсо жыгып минип, жакшы кийми болсо сыйрып кийип алуучу. Эч ким ага каяша сөз айтмак турсун, карааны көрүнгөндө качып кутулууга жер таппай калуучу.

Дүңгүрөмө деген жерде өз оокатына тың, бир атты жакшылап багып минген кедей Мыктыбек жалгыз үй жашоочу. Жайдын толук кезинде эртең менен Мыктыбектин үйүнө жакындап калганымда, атымдан ат тердетип жанымдан чаап өтүшкөн эки адамдын бири жасоол экенин даана тааныдым. Түз эле Мыктыбектин үйүн көздөй бурулушту. Анын аты мамысында токулуу байланып турган. Мыктыбек утурлай басып чыкканда, жасоол аны жазыксыз жерден эле сөгүп кирди:

– Мыктыбек деген сенсиңби? Бул атты менден уруксаатсыз эмне үчүн койдургансың? Кана, мыктылыгыңды, бектигиңди мага көрсөтчү? деп камчысы менен чаап-чаап жиберди. Жасоол атынан түшүп, кылычын кынынан сууруп:

– Азыр сенин мыктылыгыңды көрөмүн, атыңды минемин, аялыңды бала-бакырасы менен тентитип ийемин. Кантесиң? Ха-ха-ха! – деп түрткүлөп, зиркилдеди. Жакындап барганымда Мыктыбек:

– Айланайын, Жоке! Жанымды алып кал? – деп жалооруганынан мен калп эле:

– «Сага сооп болот, сенин кылбаганың жок. Сен эмнелерди гана иштебедиң» – десем Мыктыбек менден түңүлө түштү. Жасоолго жакындап:

– Жасоолум «саламатпы?» – деп ага эки колумду сундум, жасоол бир гана колун сунганынан:

– Эки колдоп салам бергени жатам, сен да эки колдоп алик ал, жасоол! – дегенимде, жасоол колундагы кылычын жерге таштап эки колун берди. Жакындап, жердеги жаткан кылычын тээп жиберип, өзүн баса жыгылдым. Жакадан муунта кармап:

– Мыктыбектин мыктылыгынан садага кетет бекенсиң? Сенин мыктылыгың – букара элди тоноо, көзүңө эмне көрүнсө ошонун баарын зордуктап тартып алуу экен да! Кана, мени да атымды да жыгып минбейсиңби? Эмнеге карап турасың? – деп жакасын коё берип, ордунан тартып тургуздум. Жасоолдун

бети чыңалып, демиге түшүптүр. Жасоолдун жанында жүргөнү:

– Жоке! Биз кетели, бир ачууңду мага бер?

– Менде эч кандай ачуулук жок, мобул жасоолуң Мыктыбекке экинчи жолу келгенин көрбөйүн, элден укпайын. Мыктыбекти мыкты болууга Жоошбай болтурбай койду деп болушуңа айта бар! – деп аларды алыс узап кеткенинче карап турдум. Капа болгон Мыктыбек, анын үй-бүлөсүнүн санаасы тынгандай болду.

## ШАЙЫ ЖУУРКАНДАРЫНА ЖАТКАНЫМДА

Маамыткан байдын айлына кечке жуук бардым. Айылдын баш жагындагы түзөңчөдө байдын эки боз үйү, бир өргөөсү бар эле. Бай үйүндө экен. Мени меймандап боз үйүнүн бирине жаткызышты. Мага салынган төшөк эски эле. Үйдүн сол капшытына салынган байдын төшөгү жаңы экен. Бай-байбичеси, кичине балдары менен уктап калышты. Сырт кийимимди жаткан төшөгүмдүн жанына таштап коюп, өзүм өргөөгө бардым. Ичинде эч ким жок, ээн экен. Ай жарык болгондуктан үй ичи көрүнүп турду. Эки жак капшыттагы эки килемди алып, жерге жайдым. Анын үстүнө шайы жууркандардан калың салып, жатып алдым.

Катуу уктап калыпмын. Эрте ойгонгон бай менин сырткы кийимимдин ордунда калганын көрүп, өзүмдү издеттириптир. Айылдын тегерегинен издешип таппай, ар кимден сурашса, көрүшпөгөнүн айтышыптыр. Бир маалда чарылдаган аялдын үнүн угуп, кулак салдым:

– О, бай! Жоошбай өргөөдө жатат, кыймылдабайт.

– Ошондо бекен, деги тирүүбү? – деп бай тынчсызданганынан кыймылдабай, демимди ичиме алып, сулк жаттым. Жанагы чарылдаган кичи аялы жаныма келип, тыңшады. Дем чыгарып, аз конурук тарттым. Чебеленген аялы:

– Тирүү эле уктап жатат, турчудай эмес. Килемдерим менен шайы жууркандарымды булгап койбогой эле. Бул жууркандарга эч ким жата элек, жаңы да, таза да экенин байым өзүң билесиң. Жок дегенде сен экөөбүз да жатпай, аяп, сактап жүрбөдүк беле… Мунуңарды ойготуп, тезирээк тургузсаңар боло?

Чукуранып ойгоно калдым. Көзүмдү ушалап, башымды көтөрүп:

– Тынчымды алып, эмне деп жатасыз? Бай кайда чакырыңыз?

Эшик ачылып, бай улуу аялы, эки-үч кичирээк балдары менен кирип келди. Көйнөгүмдү кийип, төшөгүндө олтурган калыбымда:

– Ушул өргөө, жууркандар, килемдер сиздикиби?

– Меники.

– Тигил эки боз үй да сиздикиби?

– Ооба, өзүмдүкү.

– Андай болсо, боз үй менен өргөөнүн ичиндеги жууркандарынын бир-биринен эмне айырмасы бар?

– Өргөө таза, жууркандары жаңы.

– Абдан туура айтасың. Өргөөң өзүңө, аялыңа, балдарыңа, анан меймандап келген мага буюрбаганда, өлгөнүбүздө буюрмак беле?! Өргөөгө өзүңөр жатпаганыңардан кийин ичи тарып, мага «таарынып» калатко деп өзүм төшөк салынып жатканымды көрүп турасыңар. Төшөгүңөрдү булгагандай мен уй белем, адаммын!

Адамга адамча мамиле кылып жүргүлө, тигилер уялып, унчукпай тышка чыгышты.

## ЖАЛГЫЗЫҢДЫ ЖАНАКТЫН БАЛДАРЫНА «КОШУП КОЙ»

Сараң бай Сагындын жалгыз уулу бар. Аны атасы оорукчал болгондуктан жайдыр-кыштыр колунан түшүрбөйт. Жалгыз уулуна жалынып-жалбарып ата-энеси эпсиз эрке үйрөткөндүктөн эки-үч күндөн

кийин кайра жөтөлүп, эч нерсеге чыдамы жок, жүүнү бош бала болуп өстү.

Кедей жатакчы Жанактын он баласы бар эле. Ону тең – эркек. Энеси балдарын жылыга төрөгөндүктөн, мойтоңдошуп бирине-бири окшош. Жаш кезинен жылаңбаш, жылаңайлак жүрүп чоңоюшканынан ысык-суукка, бар-жокко чыдамдуу болушту.

Бир күнү эртең менен атчан келе жатсам Сагын баласын койнуна салып, көтөрүп жүрүптүр. Баланын өңү азыңкы. Алчактатып уулун көтөрүп турган Сагын:

– Эмнеси экенин билбейм, уулум ар кандай сасык тумоодон арыла албай койду, – деди кейиген түрүндө. Аңгыча жаныбызга Сагындын эки курбусу келди. Баласын өбөлү дешкенинен, ыйлап жиберди. Баласын алдап-соолап басылтканда мен:

– Баса, балаңды бакшы менен молдолорго көрсөттүңбү, алар эмне дешти?

Шексинген Сагын:

– Көрсөттүм, эч жардам кыла алышпады.

Жаныбызга келген эки адамдын бири:

– Айла табылар бекен, – деп мени карады.

– Сагын! Уулуңдун сакайып, жигит болуп өсөрүнө бир гана айла бар. Бирок, сен ага көнө албайсың?

– Ой, айлаңдан айланайын! Көнбөскө чарам барбы, жардам кыл!? – дегенинде жанындагы курбулары анын сөзүн жактай кетишти.

– Жардамым эле ушу, жалгызыңды Жанактын балдарына «кошуп кой!» -дээрим менен Сагын чочуп кетти. Анысын эч кимге билдирбеске аракеттенип, курулай намыстанып:

– Кошсо кошоюн, бирок кийин чоңойгондо көп баланын арасынан аны кантип таанып аламын?

– Балдарды катарынан тиз. Карасаң арасынан бир өлжүрөгү чыгат, так ошол сенин балаң. Ал оорубайт, сени минтип кыйнабайт, – деп жыла бастырганымда, беркилер бөйрөктөрүн бүлкүлдөтүштү.

## ЖООП БЕРЕ АЛБАЙ КАЛДЫ

Тестиер бала кезим. Тешик-Көлдө элек. Айылыбыздагы Кетиркей – бай адам эле. Үйүнө бир топ байлар бастырып келишти. Түшкө маал күн жаап басылган. Калың кара тумандан эки жак көрүнбөйт. Эт бышып, чыгарылды. Бир чоң табак этти көтөрүп келе жатып, тайгаланып кеттим. Колумдан табак ыргып, эт жерде калды. Табакты алып, этти аарчып салып жатсам атам келип:

– Э, кокуй эмне болду?

– Көрбөй турасызбы?

Атам бозоро түшүп, шашкалактап калды. Этти чогултуп, байлардын үстүнө кирдик. Кокус чыла жугуп калбагай эле деп эттин үстүнө сорпону куюп жиберсем, Баатыркан бай:

– Кимдин баласысың? – деди.

– Калпактын.

– Кетирке! Иниңдин бу баласын тентек кылып чоңойтупсуңар. Этке да сорпо куймак беле?

Шамдагайлык менен этти башка табакка сала койдум да, олтурган элдин алдына тарттым. Эч кимиси шек алган жок. Тууралган этти аралаштырып жатып:

– Аксакал! Сөзүңүзгө аралжы. Сорпосуз эт бышканын көрдүңүз беле? Же чыгы жок, тууралган этти жеп көндүңүз беле? – деп, тике караганымда Баатыркан жооп бере албай калды.

***Китепте:***
***Осмоев Т. Жоошбайдын жоруктары.***
***Ф., 1975, 3–54-б.***

## КӨКӨТӨЙ ӨМҮРБЕК УУЛУ

## (1849–1916)

### БАЛАЛЫК КЕЗИ

Көкөтөй балтыр бешик кезинде эле маалына жеткен бир жашар баладай болук болду. Маалына жетип буту баскандан, үйгө көп байырлап олтурбай, козу-улактарды айдап талаада жүрүүчү.

Үч-төрт жашка чыкканда эртең мененки кеткен бойдон кечинде араң келет.

– Тамактын бар кезинде канча берсе деле ичип алып, тамак тартыш кезде кардым ачты деп сурап ыйлабайт. Ушундай эле бала болду – деп энеси кеп салып калуучу.

Өмүрбек байбичесинин кебин улап:

– Ырас, байбиче, башка балдарым ачка болдум, үшүп кеттим, деп эле үйдөн чыкпай олтуруучу эле. Кудай урган Төтөн, Текеатардын асылганы эле челектеги жарма, бул Көкөтөйүм алардай эмес. Тү деген түкүрүк жерге түшпөгөн кыштын кыраан чилдесинде карды кечип, жаман чокоюнун кончунан кар кирсе да болбой кабыктуу шилбиден ат кылып минип, шилбинин кабыктарын сүйрөлтүп, атымдын жал куйругу деп, ошого кубанып тамак эсине келбей эле төшүн жагжайтып, жыртык тондон курсагын чандайтып эле басып жүрөт садага болоюн – деп Өмүрбек борсборс күлүп коюучу.

– Көзүн алайтып, ээрдин шалпайткан алдыңа кетейин, жаман жеңи менен мурдун жанып коюп, эшейип, жакасын шелпейтип, тамтайып жүрө берет,- деп, энеси Көкөтөйдүн кейпин айтып жалынчу.

Көкөтөйдү Бердикожо да жактырып мактап, үйүнө барып калган учурда:

– Ой, көк бөрүм ой, бул Көкөтөй эмес эле көк бөрү болот. Көрбөйсүңөрбү атаңдын көрү, маңдайы жарык, барчын бүркүттүн кабагындай болуп мурунуатырайып турбайбы! Тетиги тарсайган чоң курсакта кеп бар, кийин чоңойгондо ошо күч болот! – деп коюучу.

Бердикожонун аялы да туурадан чыгып:

– Ырас эле, карабайсыңбы, балтайып дегеле басмырт, тойгон күчүктөй уурту салаңдап, байдын эле баласындай адам. Башка коңшуларыбыздын балдары шүмүрөңдөп турат. Бул тегеле бопурайып ыйлабайт экен – деп эл менен жарыша сүйлөп калуучу.

Бул Көкөтөйдүн бир жашынан алты жашына чейинки сындары. Айткандай эле кийин чоңойгондо ал мыкты азамат болду. Ак жүздүү, кашка баш, барчын бүркүт кабактуу, бала жолборс жүрөктүү, орто бойлуу, кең далы, келте мурун, дөң кабак, жаян ооз, жазы жаак, жазы маңдай, жар кабак, барчын шумкар үндөнүп, коңур үндүү кең тамак, буура булчуң, кулжа төш, бука моюн аркар көз, кеби ширин шекер сөз, кыргыз-казактын тарыхын, баатырлардын баарысын, манаптардын кемдигин, бакырлардын теңдигин, байлардын сүткорлугун, кожо-молдонун анткорлугун, жакшылардын паракорлугун, жасоолдордун жалакорлугун сүйлөгөн, кыргыз баласынын кызыл тилдүү дөө чечени болду.

Өмүрбектин жашы алтымышка чыгып, балдары Султан, Текеатардын кайрылышы жок болуп, кедейликтин жабырына моюн сунуп, байлардын көзүн карап күн өткөрөт. Улуу баласы Султан жаш кезинде өтүкчүлүктү үйрөнүп, кайда чакырса кетип: «Бул-

гаары бузуп, өтүк ултармак элем» – деп, оюу келген жакка бастыра берүүчү.

Көбүнчө Султан эт жеп, чай ичип, бекер тамак табылса деп ойлочу, кээ бир жерлерде кызыл булгаарыны кошо оюп, өтүк ултарамын деп, кептөөр деген бир балта саптай жыгач менен туланды өтүккө толтура салып:

– Мына кепке салып койдум – деп нечен бир келин, кыз, мырза балдарды кубандырып, өтүктү улам-улам кармап, – карачы өтүгүңдү, жакшы эле ултарыптырмынбы – деп суктандырып,- кичине тоборсуй түшкөндө апкытын, баштарын коофдоп, кыял салып, сындырык менен чийип берем. Төтөн жакын жерде уста болсо күмүштөн көрө чеге жасатып туруп, өзүм кагып берсем атаңдын көрү ай, кандай жакшы болор эле – деп, улам-улам өтүктү алаканы менен сылап, өтүккө чандайта тулаң салган бойдон кургатууга боз үйдүн үстүнө жайып коюп – кой эми, кармабагыла, кеби бузулуп калат – деп таңыркап көргүсү келип турган келин-кыз бала-чакаларды өтүккө суктандырып, – баарыңарга ушундай өтүк ултарып берем – деп жүрө берчү. Тулаң менен кептеген өтүктүн кайсы бирлери ээсинин бутуна туура келип да калуучу.

Султандын өтүкчүлүгүнөн дагы өзүнүн өңү-түсү жакшы. Өтүк ултарып олтурганда кыңылдап ырдап олтурса, үнүнүн жакшылыгы ай дешип, айыл ападагы кыз-келиндин айтканын угуп. Султан ар кайда жүрө берүүчү.

Өмүрбектин ортончу уулу Текеатар бала кезинен эле ким жумшаса кете берип, акысыз, пулсуз ар кимдин малын багып, отунун алып, селсаяк болуп өсүп калган. Бир жылдыгына бир кой берсе, ыраазы болуп калуучу.

Өмүрбек бир Султан менен Текеатардан көп жакшылык үмүт кылбай калды. Анын себеби: ата-энебиз бар эле деп, Султан, Текеатардын Өмүрбекке

кайрылышы жок болгондугу үчүн, аларды балам бар деп деле ойлобойт. Кез-кезде гана:

– Бая менин кудай ургандарымды көрдүңөрбү? – деп айыл-ападагы бала-чакадан сурап, кабарын алып, кайда экенин оозунан угуп жүрө берүүчү. Бирок Өмүрбек Көкөтөйдөн деле көп жыргап кетем деп ойлобойт.

– Бул кудай урган деле агаларын тартып, чоңоё түшкөндө ою келген жакка басып кетет го. Азыр боорун көтөрүп чоңоё албай жүрбөйбү. Кичине эле тамак таап ичкендей болуп, каруура кирсе бу дагы кете берет го, ээ байбиче – деп, Өмүрбек аялына кеп салып калат.

– Койчу абышка, баарысы кантип кетип калсын. Көкөтөйүм боюна багымдуу киши болот. Эки жакка музоо айдап басканда термечик терип, же болбосо, кургак тезектен этегине тере келет. Ал тургай айыл-ападан бирөө тамак аш берсе, өзү жебей мага алып келип берет. Бая күнү деле көрбөдүңбү, балдар казган кемирчектен алып келип, «ата, бычагың менен аарчып же» деп сага берип жатпайт беле! Өлбөсө бизди багат, абышкам Көкөтөйүмдү көп урбай жүрсөң, өзү чыйрак болгудай, өзү теңдүү балдарды ыйлатып коёт – деп, энеси Көкөтөйгө көп сындарды берип, Өмүрбекке мактап салды.

Өмүрбек өтө жоош киши эмеспи:

– Таң, капыр, дегеле чаңгаяк болобу дейм. Өзүнөн чоң балдар менен койгулаша кетет. Кээде музоону да сабап жиберет – деди.

Аңгыча болбой эле бир сабоону минип алып, бир тал шыралжынды камчыланып Көкөтөй кирип калды.

Өмүрбек:

– Ой, кайда бардың? Кардың ачтыбы? – деди.

– Жок, атаке, мен айыл кыдырып чуркап жүрбөймүнбү. Керели кечке үйгө жөлөнүп, тегеректи тегиз карап олтурган сенин кардың ачкандыр. Мен минтип эле чаап барып, тамак таап ичип келем –

деп сабоону шыралжын менен бир чаап, жүгүргөн бойдон Сарыбайдыкына барды.

Сарыбайдын байбичеси Көкөтөйдү жакшы көрчү.

– Ээ чоң курсак, эмне келдиң? – деди.

– Тамак ичейин деп келдим – дейт Көкөтөй мурдун жеңинин учу менен жанып.

– Үйүңөрдө тамак жокпу? – деп жүктүн бурчунда кырынан жаткан Сарыбай корс этти.

– Койчу, баланын шагын сындырып сүйлөбөй жүрчү. Ушундайыңдан экөөбүз баласы жок жүрөбүз – деп, Сарыбайдын байбичеси Көкөтөйгө тамак бергени ашкана жакка басты.

Көкөтөй тамак колуна тийгиче эки жакка жалжал көз чаптырып туруп, байбиче жарты нанды берээри менен Сарыбайды карап:

– Биздикинде тамак болсо Султан, Текеатар байкелерим үйдө жүрбөйт беле! – деп, эшикти карай бет алып, жүгүрүп кетти.

– Ой, катын, ушу анык каапырдын бири болот, көп үйүр кылбай жүрчү. Эмитен эле сөзү чучукка жетет – деди.

– Койчу, бешиктеги баланын бек болоорун ким билет дегендей, аман жүрүп эле карыган ата-энесин бакса болду – деп байбичеси Сарыбайды жактырбагансып сүйлөдү.

Көкөтөй жарты нанды алып Өмүрбекке барып:

– Мына атаке, тамак алып келдим — деди.

– Байбиче, бул уулуң бизди багат го. Таштан катуу Сарыбайдын үйүнөн нан алып келип берип жатпайбы — деп, эшиктен туруп Өмүрбек үйдө олтурган байбичесине кеп салды.

– Оо, ал байдын катыны Көкөтөйдү жакшы көрөт. Көкөтөй анын кол арасына жарап жүрбөйбү — деп байбиче жооп берди.

Бул учурда Көкөтөй алты жашта болчу. Сарыбай байдын козусун кармап, коюн саадырып, ошол эле жылы кол арага кирип калган.

Өмүрбектин үч-төрт жылкысы, үч-төрт ую бар эле. Өзүнүн өтө жоошутугунан Султан менен Текеатарды өз колу менен тарбиялап, боюна үйүр кыла албай, талаалатып жиберген.

Көкөтөй он жашка чыккандан кийин эле Өмүрбек ого бетер картайып жоошуй баштады.

Көкөтөй алты жашынан он жашына чейин Сарыбайдын козусун кайтарып, коюн кармап берип жүрүп, Өмүрбекке жайкы сааңды ичирип, байдан он, он беш койдун сүтүн алып берип жүрчү.

Сарыбай Көкөтөйдү он бир жашынан тартып койчу кылат. Жайкысын өгүз минип кой кайтарып, кышкысын тай туяк кийип, койдун ал учуна, бул учуна чыгып, тоолуу-таштуу жерлерде көп койго ээ боло албай жүрүп, жазга маал кирпигинен тартса жыгылгандай арык болуп калуучу.

Ошондо да Сарыбай Көкөтөйдүн акысына эки кой кармап бергени жок. Жайкысын саан берген сүтүнө чегерип, кышкысын бир карыган кой берип, он бир жашынан он жети жашка чыкканга чейин Көкөтөйдү Сарыбай койчу кылат. Ошол акыбалда жүрсө да Көкөтөй Сарыбайдыкына келген конок-меймандын айткан сөзүн байкап, тирмийип карап олтурчу.

Эгерде Сарыбайдыкына не бир месел макал айткан, көптү көргөн элдин, жердин, же бир баатырдын атын айтып, нарктуу сөз салган кишилер келип калса Көкөтөй ал кишинин атын багып, ошол кишиге жакындашып, үйүр болуп, баягы сөздөрүн кайта-кайта уккусу келип:

– Атаңдын көрү эй! – деп, кубаттап туруучу.

Бир күнү Сарыбайдыкына үч киши келип конот. Өзүнүн баласы жок, Көкөтөйдү бала ордуна кармап жүргөн Сарыбайдын байбичеси, Көкөтөйдү чакырып алып:

– Ээ Көкөтөй, Сакең болсо үйдө жок. Бул коноктор келип калды, «конок тандап конот, ууру жашынып уурдайт» дегендей, булар бизди бай деп келип калды го. Буларга бир күрпөң козу союп конок

кылалыбы же болбосо бай үйдө жок эле деп жооп айтып, чай-чамек менен жаткырып коёлубу? – деди.

– Ээ байбиче, «бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок» дегендей, мен билсем бир ирикти союп салсам конокко, бизге да жакшы болоор эле. Согум убагы жакын болуп калбадыбы. Ушунча мал менен конок кур жатканы эң эле уят иш го- деп Көкөтөй жооп берди.

– Макул эмесе! – деп байбиче бир чоң кой союп, коноктору жакшылап узатты.

Эки күндөн кийин Сарыбай келип:

– Мен жокто ээнбаштык кылып конокко кой соёсуң! – деп байбичеси менен Көкөтөйдү катуу уруп салды.

Көкөтөйдүн катуу таяк жеп калганын көрүп, Өмүрбектин сай сөөгүнөн түтүн чыгып турат эле. Көкөтөй үйүнө барса атасы:

– Ээ балам, жокчулугуң да курусунчу. Үйгө эле жүрчү, кемпир экөөбүздү багам деп, жашыңдан чемирчегиң кайыртып курудуң го. Кала берсе катыны сойгон кою үчүн сени уруп турганын көрчү! – деп таягы менен коломтосун сайгылап ыйлап олтурат.

– Ой, аке ай! Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр дегендей, ушунча малы менен байдын байбичеси таяк жегенден кийин, коноктун аркасы менен энем экөөңөргө эптеп сорпо уурттаткан мага чала эмеспи. Урган ой менен, урдурган киши кыр менен деген кеп бар эмеспи. Өз балаң, Сарыбайым, урсаң мейлиң деп эле тура бер, аке. Анын жайын өзүм табам, жашынын жаны кыйналбай карысынын карды тоёбу – деп Көкөтөй кайра басып Сарыбайдыкына барды.

Сарыбай ачуусу менен ары-бери кетип, малдарынын тыяк-быягына чыгып, үйүнө келсе: байбичеси таяк жеп алып, думбаланып жатып алыптыр. Көкөтөй кадимкисиндей жаркылдап кабагым-кашым дебестен, таш короону септеп, баккан малынын жатагын оңдоодо.

Сарыбай атын байлап коюп басып келип:

– Ой балам, эмне кылып жатасың? – деди.

– Эмне кылайын, колум менен конокко сойгон кой үчүн эки киши таяк жедик. Кокустан карышкыр жеп кетсе өлтүрүп салабы деп корум болгон койдун короосун оңдоп, бекитип жатам — деп Көкөтөй Сарыбайга жооп берди.

Карды ачып келген Сарыбай таш тийгендей болуп байбичесине бата албай, тамак бер деп айта албай, кайпаңдап Өмүрбектин үйүнө кирди.

– Кел, кел, Сарыбайым, ботом келээриң менен эле бүлөө карааңды кууруп-сууруп келдиң, эмне зыян чыгыптыр? — деп Өмүрбек Сарыбайдан суроо кылгандай кыйытып өттү.

– Ээ Өмүрбек, мал ачуу, жан ачуу дегендей конокко козу-корпо сойбой, чоң кой соёсуң деп катын-баланы какыс-кукус кылып койдум – деп Сарыбай жүйүртө басып олтурду.

– Ээ Сарыбайым, – деп Өмүрбек – бол тур байбиче, тамак-ашың бар беле? – деди.

Аңгыча болбой Көкөтөй Сарыбайдын өзүнөн алган жалгыз кара койду жетелеп алып кирип келди.

– Ээ аке, бата кылып коюңуз! — деп, Көкөтөй колун көтөрдү.

Сарыбай чочугансып, жалт карай салып:

– Ой, жинди бала, бул неминең, бул неминең! – деди.

– Бул кой эле, Саке. Тирүү кишинин үйүнө конок келгилик кылсын. Жалгыз таруу ботко болобу дегендей согум убагы жакын болуп калбадыбы.

– Оолдоакибар! – деп Көкөтөй өзү гана бир колу менен жаагын сыйпап коюп, койду көтөрүп уруп, курч кездиги менен мууздап жиберди.

Сарыбай Өмүрбекти бир карап, буту буулбаган койдун тыбыраганын бир карап, тамшанып олтуруп калды.

Өмүрбектин байбичеси бир аякка жарма куюп алып, белине тарткан терисин деңкейтип өбөктөй басып келип:

– Мейли, мейли, айланайын, өзүңөрдөн алган жалгыз кой эмеспи. Балам батаңды алайын деп союп жаткандыр. Балдар аман болсо мал табылаар! – деп аякты Сарыбайга сунду.

Карды ачып калган Сарыбай балээ ичкендей болуп, сыңар тизелей коюп, жарманы жутуп жиберди.

Ары-бери караганча Көкөтөй койду союп, эки челек сууну ала чуркап келип, эт салып коюп, малынын четине чыгып, койду короого кайрып, Сарыбайдын байбичесин чакырып келип, байбичесине эт берип, экөөнү эл кылды.

Эл согум сойгон кезде кур кире албай кызылдай уятынан Сарыбай Өмүрбекке бир ирик согум берип, Көкөтөйдүн көөнүн жайладым го дегенсиди. Муну менен деле Көкөтөйдүн дарты ичинен чыгып кете койбоду. Сарыбайга билгизбей кадимкисиндей малын жакшы багып, байынын көңүлүнө жагып эле жүрөт. Бир күнү жазга маал болуп, согумду көп сойгон элдин эти калбаса, Сарыбайдын эти калган эмес.

Кечкурун ит үргөнүнөн Көкөтөй чыга калып караса чоң-чоң ат минген кара кийимчен эки киши келатат.

Сарыбайдын жүрөгү токтоно албай:

– Ал ким экен, ээ Көкөтөй, ал ким экен? – деди.

– Таң, ким экенин. Аты-тону шаңдуу эле эки киши келатат. Айтор теги, караандуу кишилер көрүнөт.

– Кокуй, байбиче, сен чыгып үйдүн ээси жок эле деп тээ жогорку айылдарга кетире көр, – деп Сарыбай шашып калгансыды.

Көкөтөй кайра үйгө кирип:

– Саке конок жакын келип калды! – деди.

– Мени жок дегиле, кайда жашына турсам ыя? Жашына турсам болот эле, кайда жашынам? – деп Сарыбай калтаңдады.

– Кайда жашынат элең? Унчукпай эле олтура бер – деп Сарыбайдын аялы эшикке чыгып кетти.

Көкөтөй эки жакты карай туруп:

– Кокуй, Саке, бери келиңиз, мынабу чоң каптын эле ичине ороп коёюн – деп далпайган чоң карала каптын оозун ачты.

Өтө шашылып калган Сарыбай тонун ыргытып жиберип, шымдакчан бойдон карала каптын ичине кирип, бүрүшүп жатып калды.

Дагы ойлонуп: «Каптын оозунан чыгып кетеби?» деп, Көкөтөй жиби менен каптын оозун чытырата бууп салып, эшикке чыкты.

– Үйдүн ээси жок эле, мынабул жерде эле айыл бар – деп Сарыбайдын байбичеси жооп айтып какшанып турат.

Чоң карагер ат минген кара чепкенчен, түлкү тебетейчен семиз сары чийкил кишинин төш жагынан ак комуздун башы чыгып көрүнөт.

– Ой, байбиче, үйдүн ээси сен өңдөнгөн кутмандуу байбиче болот. Байың үйдө жок болсо да, чайың бардыр, ак ордодой үй турса ак чардактай мал жатса, айылды кайдан издеймин! Алдымда турган ак үйдөн адашып кайда кономун – деп тишин кашкайтып күлө багып турат.

Байбиченин арка жагына туруп, Көкөтөй коноктордy түшкүлө дегендей кылып күңкүлдөдү. Көкөтөйдүн көзүн ымдап жатканын көрө коюп:

– Кабагы жарык койчуга,
Карагай комуз чалайып.
Калдайган калың көп койдон,
Кайда кетип калайын.
Кажаңдаба байбиче.
Намаз окуп алайын! –

деп акын жолдошу менен аттан ооп түштү.

Көкөтөй өтө ылдамдык менен коноктордун аттарын алып байлаштырды.

– Кана, байбиче, үй жакка кирип шам окуп алалык — деп, меймандар үйдү карай бет алышканда байбиченин айласы кетип, эшик ачып үйгө кирги-

зип, шырдак, кийиз салды. Үйгө кирип, чечинип, комузун керегеге илип коюп, олтуруп:

– Байбиче, мен намаз окуучу эмес элем, байыңар үйдө эле олтуруп албасын деп кирдим. Же бай чыгдандын ичинде олтурабы, жазга маалкы арыкчылыктагы коноктун сүрү жаман болот эмеспи – деди.

– Жогуңуз аке, биздин бай андай коноктон жашынуучу киши эмес – деп Көкөтөй күлүңдөп от калоодо.

Сарыбайдын аялы мукактанып сөз айта албай, кайсаңдамыш болуп, билгизбей Сарыбайды издегенсийт. Сарыбай кантээр айласын таппай: «Кап Көкөтөй кудай бардыр, мени анык шерменде кылмай болду. Тумчугуп өлөт беймин, жөтөлүп жибербегей элем» деп асталык менен дем алып, каптын жыртыгынан демин чыгарып, былк этпей каптын ичинде жатканы кыйын болду.

Көкөтөй кементайын чечип, каптын үстүнө таштап коюп, отту чоң калап салып:

– Байбиче, сиз отту тамыза бериңиз, мен эшиктен тезек алып келейин – деп ирегеде жаткан буулуу капты эшикти көздөй сүйрөп жөнөдү. Кабы кургур босогого кептелип эшикке чыкпайт. Сарыбай ансайын «Буту-колум көрүнүп калабы» деп, төрт аягын койдун аягындай бүйрүп, түйүнчөктөй бүрүшүүдө.

Көкөтөй Сарыбайдын эти ооруганына карабастан бар күчүнө салып, катуу тартып, босогодон ашыра булкуп таштады.

Күч менен серпилип барып, тоң жерге тийген салмактуу кап, жыртыгынан жарылып кетти. Муз аралаш тоң жерге тийген Сарыбайдын чыканагы сынып кете жаздап, томтоюп чыга түштү.

Көкөтөй Сарыбайга шыбырап:

– Каптын оозун чечейинби. Саке, же жата турасыңбы? – деди.

– Чеч, түгөнгүр, өлүп кетмек болдум – деп Сарыбай тезек салган каптын ичинен кутула албай тыбырчылады.

Көкөтөй каптын оозун чечип, Сарыбайды күкүмгө аралаш төгүп, капка тезек салып үйгө алып кирип, от каламыш болуп олтура берди.

Сарыбай үйүнөн ыраак барып, чечинип, күбүнүп-кагынып малынын четинде жүргөнсүп койду короого айдап, борс-борс жөтөлгөн болуп, эшиктен каңырт салып үйгө кирип, конокторго учурашып олтурду.

Акын мыйыгынан күлүп, өзүнүн барыш-келиш жөнү-жайын, ким экендигин тааныткандан кийин, Сарыбай байбичесин эшикке чакырып чыгып:

– Ботом байбиче, бул кишинин айткан сөздөрү эң эле укмуштуу го, бир мал союп бербесек, соо кылуучу киши эмес көрүнөт – деп бир коюн алып келип союп, коноктоду.

Мейман Көкөтөйдүн кол аягына жукпай шамдагай мал союп, кызмат кылып жатканын көрүп ыраазы болуп:

– Ээ иним, сен кимдин баласысың? – деп сурады.

– Мен Өмүрбектин баласымын, мынабу Сарыбайдын койчусумун – деп Көкөтөй жөнү-жайын толук айтты.

Анда мейман комузун колуна алып:

– Ой иним, Өмүрбек экен өз атаң,
Сарыбай экен, эмки атаң.
Өлбөсөң адам болосуң,
Сени байкап турам баятан.
Иним, байыңдын аты Сарыбай,
Калыпсың байга жарыбай.
Болотту кумга жашырып,
Мунун кудай бардыр малына ай.
Баласындай бакбаптыр,
Ээ иним, баркыңды билип таанIыбай! –

деп комузун кошо чертип, кооз үнүн зыңылдата кошуп, Сарыбайды күлкүсү менен алаксытып, сөөмөт сөздөрүнөн айтып берип, отурду.

Анын сөздөрүнөн, ар түрлүү макалдаштырып айткан ырларынан Көкөтөйдүн үйрөнүп калгандары да болду.

## КӨКӨТӨЙ ОН АЛТЫ ЖАШЫНДА

Көкөтөй кечке жуук койду айылдын төш жагындагы керүүгө жайып салып, өгүзгө кыйшая минип, айылдагы чогулуп турган элге көз чаптырууда. Айылдын төмөнкү четинде топтошуп турган жоон топ элдин арасынан бир кызыл чепкенчен бала чолок жээрде байтал менен чапкан бойдон Көкөтөйгө келип:

– Жүр, Көкөтөй, ылдам бастыр! – деп, шаштырган бойдон өгүзү менен кубалап, баягы чогулган элге алып келди. Ал элдин арасынан старчындын бакылдаган үнү чыгууда.

– Кана Сарыбай, койчуң жол чапканга жарачу немеби, же оору сыркоолу кудай урган болбосун?

– Мына, мына айланайын! Теги көрсөң, ушу кантип жол чапканга жарабасын. Ой, Көкөтөй, бери бастырчы! – Сарыбай өгүзчөн турган Көкөтөйдү элдин арасына алып барып:

– Көргүлөчү журт, ушул кантип жол чапканга жарабасын, оору-сыркоосу бар немеби дейсиң, карачы! Он беш, он алты жашка чыгып калган чоң эле азамат. Бир ичкенде төрт-беш аяк айранды бир ичет! – деп Сарыбай безеленип жиберди.

– Ой, койчу, барып кийим-кечеңди, чокой-чарыгыңды белендеп,  тамак-аш ичип камдан. Азыр айдап барып, түн боюнча стражниктин колуна тапшырамын – деди.

Көкөтөй үйүнө барып:

– Ээ аке, мени жолго барасың деп Сарыбай жумшап жатат. Мен кеткенден кийин сен кантип оокат кыласың? – деп муңайып сүйлөдү.

Өмүрбек:

– Бар десе барагой, балам. Сарыбай мени журтка таштайт беле – деди.

– Таң, аке! – талкан байланып Сарыбайдын кара өгүзүн токунуп даярданып турду.

Старчы жогорку айылда даярлатып койгон козунун этин жеп келип, чогулган он чакты жолчуну айдап алып, элүү башы Кененсарынын колуна тапшырып:

– Түн боюнча айдап барып, Таш болуштун колуна бер! – деди да өзү ошол айылга конуп калды.

Кененсары түн ичинде алып келип, жолчуларды Таш болуш Түмөнбайдын колуна өткөзүп кайра тартты.

Көкөтөй эртең менен караса, Оттуктун капчыгайынын түзүндөгү карагай-бадалдарды кыйратып, жолду көздөй сүйрөп көп киши жол чаап жүрөт. Жыгач күрөктөр менен топурак күрөп, кумду-ташты этегине салып ташып жаткан элди көрдү.

Бул элдер менен жол чабышып, таш көтөрүп, кум топурак ташып төгүп жүрүп, Көкөтөйдүн жаман тонунан эчтеме калбады. Бир ай жол чаап, мөөнөтү бүткөндөрдүн баарысы кетип жатышты. Бир ай турмак, кырк күнү жол чапса да, Көкөтөйдүн мөөнөтү бүтпөдү.

– Өзүм менен чогуу келип жол чапкандардын баарысы кетти. Мени дагы кетирсеңиз экен – деп Таш болушка барса, өзүн уруп, өгүзүн жыгып:

– Сенин айылыңдан киши келбей жатат – деп Таш болуш менен болуштун жигити Көкөтөйдү кайрадан бир ай мөөнөткө жол чаптырып койду.

– Ичээрге азыгым калбады, же байымдан кабар жок. Карыган ата-энемди көрүп келейин бай, уруксат бериңиз? – деп, күндө арыз кылып барса, Таш болуштун жигити төшкө бир коюп айдап кетет.

Арызын эч ким укпаганда оорумуш болуп жатып калса жаткан жеринен уруп, токмоктоп, жол чаптырып салышат. Айласы кеткенде качып кетейин деп бир күнү караңгыда бадалды аралап кетип баратса кармап келип, бутуна кишен салып коюп, кишени менен жол чаптырып коюшту.

Азык-түлүксүз эки ай эрксизден жол чаап, же Сарыбайдан кабар болбой, кара өгүздү жыгып алган күнү эле сатып жиберишкен.

«Үйгө барсам кара өгүз кана деп Сарыбай урса, мында жүрсөм кардым ач, үстүм жылаңач болсо» – деп Көкөтөй кайгыга батты.

Көкөтөй эмес, далай кедей ач-жылаңач, байлардын ирети үчүн кармалып жүрүшкөн эле. Бул учурда болуштун жигити айылдан союш айдатып, кымыз жүктөтүп келмек болуп, мал айдатып, ат-матын да токутуп жүрчүдөй бир киши кошуп бер деп Таш болуш Түмөнбайга сүйлөп жатат. Уга коюп Көкөтөй жетип барды.

– Болуш аке, мени жиберсеңиз, ат токуп мал айдамай тургай асмандагы кушту кармап берээр элем. Бул жаманакта мен малай жүрүп таанышпаган малай жок – деди.

– Менин айткан сөзүмдү бүт орундатасыңбы? – Кызыл чок Көкөтөйдөн сурады.

– Сен эмес, болуш иш тапшырса да бүтүрө келем! – деди Көкөтөй.

– Бар эмесе! – деди да Көкөтөйдү жигитине кошуп берди. Жолдо келе жатып:

– Ай, ай, Чанайын аке, мага өтө убал болуп кетпедиби. Мени бошотуп, Сарыбайдын өзүн алып келип жол чаптырбайсызбы? – деп сөз салып койду.

– Жолду малайы чаппай, байы чапмак беле? Жинди атаңдын көрү, тамтаңдабай бастыр! – Кызыл чок кагып коюп, жүрүп олтурду.

Бир аздан кийин Көкөтөй:

– Карган ата-энем бар эле, менден башка балдары малайга кеткен, багаар кишиси жок. Эки айдан бери ачка жол чаап, арыктыгымдан жыгылмак болуп турбаймынбы! – деп ыйлап жиберди.

– Бастыр калжырабай, сени мен арык кылдымбы! Байдын малын багып алып калжырайсың, же ата-энеңди бакканда чөп жулуп берчү белең? – Кызыл чок ачууланып алдыда жүрүп баратты.

Көкөтөй аксак карагер бышты менен тердиги илгери, ээри кийин кетип, четин чыбыктын ничке

башынан кармап, карагерди жорголото камчылап, аркадан келе жатат.

Шайбырлай баскан кара буурул ат менен эки этегин коё берип, кызыл кыюулу ак калпакты кыйшайта кийген кызыл чок:

– Ой, тамтайган неме, атка да бастыра албаган неме экенсиң, бастыр мен айдап алайын – деп, кара буурул ат менен өмгөктөтүп, жаман карагерди сооруга бир салып айдап, кичи Кара-Кужурдун суусун тепчий кечип баратат.

Көкөтөй:

– Ээй аке, көрүнгөнү бир минип, төрт аягынан ташыркап, жаяптап калган карагер быштты менен байдын коюн кайтарып жүрүп, басма ылоодо эки ай эриксиз ачка жол чаап, кара өгүздөн айрылып, Таш болуштун таягына ий болгон бул экөөбүздөн эмне ылдамдыкты сурайсың – деди улутуна.

– Жаагы тынбай бабыраган бир кудай урган неме экенсиң! Карагер быштты экөөңдүн шоруң арылганча качан. Башка эле бир бала ээрчитип албай, камчыланып бастыр! – деп кызыл чок кылчайып карады.

– Минтип эле өзү баспай келатпайбы! – деп карагер быштынын оозун силкип, олчойгон чоң чокою менен күрс-күрс теминип коюп:

– Аттарды кичине чалдырып алсак болоор эле! – деди.

– Макул эмесе, бул аттын ооздугун чыгарып, чылбырынан кармап тур. Оонап жиберип көрпөчөнү булгабасын – деп, аттан түшүп Көкөтөйгө кармата салып, көк чыт чапанды чечип, топчуларды чыгарып, көкүрөгүн желпип коюп кызыл чок сууну көздөй басып, кашатчаны эңкейип кетти.

Көкөтөй жаман тонду чече салып, карагер быштыга бөктөрүп, көк чыт чапанды сыртынан кийип, кара буурул атка минип, эки жакты караса эч ким көрүнбөйт. Кашаттай бастырып келсе, кызыл чок суунун боюнда бети-колун жууп, салкындап олтурган экен.

– Ой, кутурган дөбөт – деп Көкөтөй катуу кыйкырды. Чоң суунун күүсү менен каңыртты угуп, эки жагын каранып алып, кызыл чок кара буурул атты минип кашатта турган Көкөтөйдү көрө коюп, ордунан ыргып туруп, ылдамдай басты. Көкөтөй дагы кыйкырып:

– Ой, кутурган дөбөт, былк этпей ошондой тур. Берилеп бассаң таш менен башыңды жара урамын! – деп колундагы аяктай кара ташты көрсөтүп, уруп жиберчүдөй колун оңтойлоду.

Кызыл чок шашып кетип:

– Ээ, айланайын, немине дейсиң? – деп тура калды.

– Кубарыңдын чокусу деймин. Карап турчу мен атка бастыра алаар бекемин! – деп Көкөтөй кара буурул атты ойкутту.

– Ой, садагаң кетейин баатыр. Андай кылба, бүгүн барган жерден сени менен достошуп үйүңө кетирейин. Ошол чапанды кийсең кийип ал. Сага жамандык кылсам жер сорсун. Бери кел, баатыр! –деп кызыл чок жалынды.

– Сен чапан бергенди коюп, ыйлап айткан арызымды уксаң унутат белем! Кош эми, уккан көргөнүңдү элге, журтка айтып бар. Мен эки айдан бери кара суу ичип, жол чаап, катуу камчы жеп эч нерсе болбодум. Кара буурулдан ажырап түштүк жерге жөө бассаң өлүп кетпейсиң. Карагер бышты кара өгүздүн төлөөсү. Кара буурул ат камчы жегендин айыбы. Кутурган ит куу талаада жат! – деп Көкөтөй чукул коштогон карагер быштыны капталга бир салып, күмүш үзөңгүгө чокойдун тумшугун илип коюп, жүрүп кетти.

Кызыл чок кашатка чыгып, эки жагын каранса, как эткен карга көрүнбөйт.

Долондун белин бет алып, кара буурул аттын очурандаган жоргосуна салып, Көкөтөй бат эле көздөн кайым болду. Кызыл чок Көкөтөйдүн карааны үзүл-

гөндөн кийин эки колун аркасына алып, келаткан изи менен суу бойлоп кайра жөнөдү.

Көкөтөй Долондун белин ашып, күндөп-түндөп жүрүп, Кочкорго келип карагер быштыны сатып, кийим-кечесин оңдоп, тескей өйдө Тоңдогу эжесине барып, бир жыл жүрүп кайра Нарынга келип, атасы Өмүрбектин кайда кеткен дайынын таба албады. Бир айча сурамжылап жүрүп, бышыктап дайнын укса Көкөтөй ала качып кеткен эки аттын төлөөсүнө бирин-эки малын талап алып, Өмүрбекти тентитип жиберишиптир.

Атасы Өмүрбекти эл арасынан иликтеп жүрүп, Ботокандын айылынан тапты. Көкөтөй эки айча үйүндө жүргөндөн кийин Өмүрбек бир кеп салып:

– Көкөтөй балам. Ботокан баатыр сени жакшы көрүп жүрөт. Кайсы бир күнү «Өмүрбек бай, балаңа сүйлөш сен, катын алып берем, мага жылкычы болуп берсин» дейт. Сен жокто ушу киши багып турбадыбы балам. Жылкысын багып, баласындай болуп калсаң сага энчи бөлүп да бергидей – деди.

Көкөтөй башын төмөн салып тыңшап, атасынын сөзүн уккандан кийин:

– Ой, айланайын аке ай, он жашымдан Сарыбайдын малын багып жүрүп көргөнүм ушул. Эми Ботокан жыргатат дейсиңби, башы боолуу болуп малай жүргөнчө, Ысык-Көлдүн Тоң деген жери эгин жери экен, ошо жерге барып жер тырмап оокат кылалы.

– Ээ балам, кайда барсаң мамайдын көрү дегендей, ал элде деле бөрү-кузгун жок дейсиңби! Мен убада кылып койдум, уят кылба балам – деди Өмүрбек сакалын сылап.

– Болуптур аке, башым ачык жүргөнү жакшы эле – деп Көкөтөй олтуруп калды.

Өмүрбек Ботоканга барып он эки айга бир тай алмак болуп, Көкөтөйдү жылкычы кылып берип, он жети жашында Ботокандын сегиз жүз сарала жылкысын багып калат.

## КӨКӨТӨЙ БОТОКАНГА ЖЫЛКЫЧЫ

Кыштын кырчылданган чилдесинде Соң-Көлдүн мелтиреген талаасында ууру-бөрүнү таш каптырып, жалгыз тайдын такымын тарттырбай, Көкөтөй бир жарым миң чамалуу жылкыны аман багып алты жолдошу менен жатат.

Ары-бери өткөн жол-жолоочуну кондуруп, кымызга шыкап, эки жактагы эл арасынан кеп угуп турушат. Нарын, Ат-Башыдан, Жумгалды көздөй өткөн жолоочулардын баарысы эле Оттуктун капчыгайындагы Кара-Үңкүрдөн олуя чыгыптыр деп өтүшүп, кайсы бирлери эң укмуштуу кылып кеп салышат. Ал жарыктыктын касиети көп, төрөбөгөн катындарды төрөтөт. Оору-сыркоо кишилерди дем салып койсо таптаза болуп айыгып калат. Кыскасы малы жокко мал, баш сураганга баш берет. Өзү кийим кийбейт. От жакпай эле карды жылаңач кечип, тердеп жүрөт. Ал кишини көргөн жолоочу кишилер колдо барын берип, батасын алып кетип жатышат. Эгер анын каргышына калган киши соо болор эмес! – деп барган кишинин эки оозунун бири олуянын кеби болот.

Муну укканда жылкычылардын баары эле оозун ачып:

– Ой, тобо! Оттуктун карында от жакпай жылаңач жүрсө, олуяң деле оңой болбойт экен – дешет.

Көкөтөй айылдан бөлүнүп жылкыны сыртка чыгараарда Кара-Үңкүрдө жок эле. Ал олуя көктөн түшөбү, же карагайдын арасынан чыга калат беле? – деп кайсы бирлеринен сурап калуучу.

– Кой айланайын, ооздон кулаган жаман болот, андай сөз айтпа – деп картаң жолоочулар Көкөтөйдү тыйып коюучу.

Бул учурда жылкычылар журт жаңылап конушуп, бирибиз Нарынга барып, талкан алып келебиз деп жүрүүчү.

Жаңы журтка конгондон кийин:

– Мен Нарынга барып, баарыңарга бирден матадан көйнөк тиктирип келем. Силер жылкыны сак кайтарып, аман багып тургула, ууруга алдырып, бөрүгө жедирсеңер төлөйсүңөр – деп коркута сүйлөп, жылкыны түгөлдөп, алты жылкычыга тапшырып берип, Көкөтөй Нарынга барууга шыйгарылды. Сары токумдап суутуп жүргөн чоң жал кара ала айгырды токунуп, чоң чанач кымызды бөктөрүнүп, түн ченеп аттанып, Төлөк менен Долонду катар ашып жөнөп баратат.

Кара-Үңкүргө жакындап барган кезде: «Олуя качан чыга түшөөр экен» деп келатса, Кара-Үңкүрдөн жылаңач узун бойлуу киши чыгып, аттын омуроосунан келген жерден секирип-секирип Көкөтөй бараткан жалгыз чыйырды бербей:

– Уу-уу! – деп, ары-бери чуркап турат. «Ээ олуя ушул экен го, кайрылбай эле өтүп кетейин» деп, карала айгырды камчыланып, чыйыр менен бастырып жакын келди. Жылаңач кишини көргөндө айгыр үркүп, кошкурунуп, кайра качып баспай койду. Ансайын ачуусу келип, айгырды такымга басып-басып чыйырга салса ого төтөн кошкурунуп айгыр жолдон чыга качат да калың карга малтап айгыр баса албайт. Ого бетер олуя жалгыз жолду тосуп алып:

Уу-уу! – деп, арбаңдоодо.

– Туруңуз, олуям, туруңуз, мен сизге кайра өткөндө учурашып, азыр жылкыдан келатам. Сизге бергидей эч нерсем жок! – Көкөтөй кайталап айтса, олуянын ал сөз менен иши жок.

– Үү-үү! – деп, алаканын жайып секирип тура берди.

– Ой олуям, мен жылкычымын. Күз кеткен бойдон төрт-беш айдан бери кир жуудуруп албастан көйнөк кара баркуттай болуп эми келатам. Таксыр! Кайра келе жатып сизге бир нерсе бере кетем – деп, улам-улам айтса да олуянын кулагына кирбеди. «Бул

олуя тил билбеген киши экен го» деп ойлоду да кайра тартып барып айгырды арчага байлап коюп, «жөө басып келип жакын жерден айтайынчы» – деп жөө басып келип, жанагы сөздөрдү айтса, баштагыдан бетер укпай арбаңдады. «Бул олуя эмей эле докчу экен го. Муну сабап кетирбесем бул жолду мага бербейт экен» деп кайра басып, айгырдын жанына тон-чапанын чечип жеңилденип, шымдакчан болуп, камчысын женине катып, басып келип, баягы сөздөрдү айтып:

– Жолду бошотуп бериңиз! – деп күлсө, ого бетер:

– Үү! – дегенден башканы билбей, карды кечип секирип коюп турат. Көкөтөйдүн жини аябай келди окшойт:

– Бай, бай, ой, ой! – деп, жакындап басып келип, оңуна келе түшкөндө чоң камчы менен жазы капталга тартып туруп калды. Капталынан кан жая берген бойдон камчынын уусу менен секирип-секирип барып, олуя кайра тартып Көкөтөйдү качырып сала берди. Бирок, олуянын сүрүнөн коркуп, адам беттеше алуучу киши эмес эле. Көкөтөй коркпой эле беттеше түшүп, кармаша кетти. Олуя Көкөтөйдү ары-бери бүйрүп-чүйрүп, булкуп, Көкөтөй анын чымыркаңып кармаганын билип: «ээн жерде бул айбан неме жыкса оң кылбайт го, өлтүрүп коёбу?» деп колдон, баштан кармаласа колго урунаар кийими жок. «Муну өйдө-төмөн сүрүп, жыңайлак олуяны тайгалатып жыкпасам болбойт» деп карга салып, дыргаяктатып жүрөт.

Буту-колу көгөрүп үшүп калган олуя сокмогуна салып, балтыры ката элек Көкөтөйгө моюн бербей, эски чапан, тери шымын айрып кармашып жүрүп, чай кайнамча кармашкандан кийин олуянын мурдунан кан кетти. Буту токтоно албай тайралактап жүргөн олуяны моюндан орой кармап, жамбашка салып, торой чалып көтөрүп уруп, эки колдоп, карды шилеп, бетине үйгүлөп жатканда жерге жабышып калган

жалпак жукараак таш көрүндү. Ташты бир муштап бошотуп ала коюп, олуянын эки колунун карысына таштын кыры менен эки чаап, катуу күйүгүп калган Көкөтөй кыйшайып кырынан түшүп жатып калды.

Короо ордундай жер чакчелекей сүрүлдү. Кардын үстү кызыл ала кан. Кардын арасында узуну менен сулаган эки киши жатат. Бири жылаңач, бири кийими тытылган. Төш жагында чанач бөктөрүлгөн чоң жал карала айгырдын бутуна чидер салынып арчага байланган.

Буларды көрүп келе жаткан эки жолоочу айраңтаң калышып, жаткан эки кишини көздөй бастырса аттары кошкуруп, үркүп жолобойт.

– Ой, жаткан кишилер, тирүүсүңөрбү? – деп жолоочулар үн салышты.

Көкөтөй башын көтөрө коюп:

– Тирүү элебиз, келип жылкычы менен олуянын тамашасын көргүлө! – деп өйдө турду.

Жолоочулар аттарын байлаштырып коюп келишсе башы-көзүнүн баары кан болуп жаткан олуя буркурап ыйлап жиберди.

– Ой, айланайын мусулмандар, жанымды аман алып калсаңар! Мынабу өлтүрөм деп келтектеп, эки колумду чагып салды! – деп, тыталанып айрылган кандуу колун көрсөтүп, жашы талаа-талаа кетип ыйлап турду. Муну көрүп, кара сакал семиз кишинин ачуусу келип:

– Ой, сен кимсиң? Кайдан келаткан эмесиң? Бул кишини эмне үчүн сабайсың? Сен бир көпкөн кудайдын каары беймсиң? – деп Көкөтөйдү тилдеп коюп – ой жылаңач киши, сен кайдан келатып урушуп жүрөсүң? – деди.

– Ой, садагаң кетейин, мен ушу жерде жатып эл журттан кайыр сахабат алып, эптеп күн өткөрүп жан багып жүргөн адам элем. Ушул келип, карымды жара чабып өлтүрөмүн деп келтектеп жыгып салды – деди бул киши.

– Баягы биз уккан олуя турбайбы! Сен олуяны өлтүрүп оокатынын баарын алайын деп жүргөн немесиң го, кызыталак. Сенин колуңан арканга байлап кетейин – деп Көкөтөйдү сөктү.

Көкөтөй алая карап:

– Кана баатыр, силер кимсиңер, бул олуя менен кандай тааныштыгыңар бар, өзүңдүн жөнүңдү айтчы? Менин колумду байлап, кандай себептен айдап кетесиң? – деди.

– Бул өзүңдүн жөнүңдү айтчы дейт турбайбы! «Ит кутурса ээсин кабат» дегендей, бул эмгиче мени тааный элек турбайбы, кызыталак, чочко! Мен сага таанылаармын. Касиеттүү кишини уруп, кызыл ала кыласың ээ!

– Ой, баатыр, касиеттүү киши Кара-Үңкүрдө жатып алып, ат үркүтүп жүрмөк беле – деп, ордунан туруп олуянын үңкүрүн көздөй басты.

Ал үңкүрдө чөккөн төөдөй чегедектин чогу, чоюн кашыкта сызгырылган май турат. Бышкан эт менен жапкан нанды үйүп, чуңкур кара табакта кара сорполоп нан чыланган. Көлдөлөң менен териден тизе бою кылып төшөктү салган. Майда кийиз, эски кийимдерди томолоктоп таңып, байпак үйүлгөн. Бул оокаттарды Көкөтөй жыйып-терип таңа баштады.

– Ой, сен кандай немесиң, аларды эмне кыласың? – деп кара сакал киши алая карады.

– Буларды таңып алып олуяны элдин арасына алып барам. Элди колдосо айылда жүрүп колдосун. Талаада жалгыз жатып алып жылаңач кар кечимиш болуп, үү, үү деп, ат үркүтүп жүрүп, кокустан жалгыз-жарым кишинин жүрөгүн түшүрүп өлтүрүп койсо чыгым эле болбойбу! – деп чогултуп таңа берди.

– Ой жылкычы, сен кандай сөз укпаган немесиң, олтурчу мындай – деди.

– Ээ мына олтурдум.

– Сен кимдин жылкычысысың?

– Жутуп жиберсең мен Ботокандын жылкычысымын.

– Кайдан келе жатасың?

– Соң-Көлдөн жылкы баккан жеримден келе жатам.

– Бул кишини эмне үчүн урдуң?

– Бул киши жол менен өткөрбөй эле айгырымды үркүтүп, жолду бербей, арбаң-тарбаң этип, үү, үү деп туруп алды. «Жолду бериңиз олуям, мен жылкыдан келе жатам, эч нерсем жок, кайра кайтканымда бир нерсе бере кетейин» деп, атчан туруп алты сыйра, жөө туруп жети сыйра айтсам дагы бир ооз жооп кайтарбай же жолду бербей туруп алганынан бир чапсам эле кармаша кетти. Анан далбаса кылып, жыктым. Эгер мени жыкса тирүү конбойт эле. Айгырымды союп алып, өзүмдү сууга салып жибермек. Же болбосо, өлтүрүп оокаттарын жүктөп, карала айгыр менен башы ооган жакка кете бермек. Кудай сактап бул менден жыгылып калып аман турамын! – деди.

– Сен Ботокандын жылкычысы болгондо эле олуяны таанывай каласыңбы?

– Бул олуя болсо кереметин көрөйүн деп катылдым.

– Кереметин көрбөй турасыңбы?

– Кыштын кыраан чилдесинде жылаңач кар кечип жүрсө чөккөн төөдөй чокту үйүп салып, майларды ичип алып ысылаганынан деле карга секирип ойнобойбу! Кыштын алты ай ууру-бөрүдөн малды аман сактаган мен олуя эмей, көзү туюк элди алдап, бала берем, мал берем деп, жок ишти айтып жүргөн ушул олуя болобу! – деп Көкөтөй тилин тартпады.

– Бул атаңдын көрү кулдун айтканын көрчү. Мен олуя эмей деп коёт! Ушул олуяны урганың үчүн сага далайды көрсөтөмүн – деп кара сакал киши эрдин тиштенип койду.

– Мырзам ай, адилет эле окшойсуң, олуяга жетишипсиң! – деди Көкөтөй.

Кара сакал кишинин ачуусу келип, өңү кумсарып:

– Ай ушуну эмне кылсам. Адилет эле окшойсуң дейт турбайбы, астапыралда! – деп Көкөтөйдү карады.

Көкөтөй күлүп:

– Ээ баатыр, мынча мага эмне итиркейиң келип калды. Колдотуучу олуяң болсо айылыңа алып барып колдотуп албайсыңбы! Ага эмне мынча болуштуң? – деди.

– Карма, атаңдын оозуна чайынды! Колун аркасына байлап айда! Карма, карма итти! – деп камчы менен Көкөтөйдү чокуга тартып-тартып жиберип, жолдошуна көзүн акырандатып караганда жолдошу:

– Ой сен, баатырдан тилинди тартпаган кандай эр немесиң, бул кишини тааныбайсыңбы? Кандай эрегишип калдың? Сен тургай ага бүтүн эл сөз кайырбайт, келе колуңду, байлаймын! — деп Көкөтөйдүн колдорун кармады.

Көкөтөй колдорун булкуп-булкуп алып, айгырын көздөй жөнөдү. Кийинип, аттанып алып:

– Ой олуя, мен кайта өткүчө бул жерден жогол. Эгер ушул жерден көрсөм таарынба! – деп бастырды.

Жолдошун карап:

– Ээ кудай урган, тиги жылкычыны эмне бошотуп жибердиң, киши болбой кал. Сен курдуу эле неме турбайбы, кармабайсыңбы! – деди.

– Жок, айланайын, баатыр, дегеле ал бергидей неме эмес.

– Эч болбосо кымызынан ичпедим, кап! Сени, сага кылаармын! Чакырчы, чакырчы бери! – деп жигитине ызырынды. Алдастап калган бечара жигити Көкөтөйдүн артынан кыйкырып калды:

– Ой, ой, жылкычы, бери тура тур! Келе кымызыңдан берип кет!

Көкөтөй шак камчыланып, оңдонуп олтуруп:

– Ээ кымыз берейинби? Алдаңкы олуянын тамагынан ичип олуя болуп келээрсиң. Жылкычынын эски чаначынын кымызы кереметтүү кишилерге жакпайт – деп ылдамдай бастырып жөнөп кетти.

Баягы эки жолоочу олуянын жанында бир аз олтуруп, олуянын жөнү жайын сурап көрсө эч кандай кереметинин дайыны жок.

– Касан деген шаардан келдим. Жеримден чыкканыма тогуз ай болду. Ушинтип оокат кылып туруп жаз болгондо жериме кетмек элем. Мени бул жерге олуялык кылып тур деп, досум Бекбоо ушул акылды таап берген. Чын сырым ушул, болуш, эми бул жерден кетпесем болбойт. Бекбоо акеме учурап калсаңыз мен жакка жиберсеңиз жакшы болоор эле. Кана болуш, сизге бир жакшылап батамды берип коёюн – деп, алакан жайып, оозун кыбыратып, көзүн чылк жуумп, чөк түшүп алып, алкымын бүлкүлдөтүп жатып батасын бергенсиди. – А болуш, алиги мени уруп кеткен каапырдын мойну үзүлүп өлөт. Ылайым аман калмас – деп ыйламсырады.

Жолоочу олуянын батасын алып:

– Мына олуям, оокаттарыңызды жанакы каапырдан аман алып калбадымбы. Мен болбосом андай акмак неме сизге ырайым кылбайт эле! – деп тыйынтыбырын берип аттанып кетти.

– Жүрү, бүгүн Ботокан баатырдыкына жете конуп, жанакы жинди жылкычысын Ботокан баатырга урдуруп кетели – деп ылдамдай жүрүп олтурушту. Күүгүмдө Ботокандын айылына келсе баягы чоң жал карала айгыр ошол айылда турат.

Каржалган аттары менен араң келген Маңгелди келип эле түшүп калды. Ботокандын бир жигити алып барып мейманканага киргизди да кайра тез эле чыгып Ботокандын үйүнө барып, коноктордун дайынын айтты. Бир убакта Ботокан келип, Маңгелдиге учурашып олтуруп:

– Ээ Маңгелди мырза, кайдан келатасың, кайда барасың? – деп жөнү-жайын сурады.

Маңгелди:

– Баатыр, Чүй жакка бардым эле, эми Ат-Башыга үйгө баратам. Эч сонун-сорпо сөз деле уга албадым. Келатып бир жаман иш көрүп, өзүбүз дагы капыза болуп калдык – деди.

– Ии, кана, айтчы, ал эмне жаман иш экен? – деп Ботокан оңдонуп койду.

– Баатыр өзүңүз деле билээрсиз Кара-Үңкүрдөгү олуяны.

– Ээ, ээ билем…

– Карала айгыр минген сиздин жылкычыңыз ошол олуянын башы-көзүн кызыл-ала кылып, аябай уруп, колун сый чаап өлтүргөнү жатыптыр. Бул эмне кылганыңыз десем оң жооп бербей, аттанып алып, оозуна келгенди айтып мени да иттей сөгүп, боктоп кетти. Агер сизден ыйбаа кылбасам, кармап алып, кызылдай соёт элем. Атайы ошол арызымды сизге айта кетейин деп кайрылдым. Айылыңыздагы жүргөн кишинин бейбаштыгын койдуртуп койбосоңуз болбойт го, баатыр! – деди.

– Чакырчы, Көкөтөйдү! Ошол кудай урганды, чакыргылачы – деди Ботокан.

Көкөтөй үйгө салам айтып кирип:

– Ии, олуянын калпалары, байлатып убара кылбай эле силерден мурда келдим. Манабыңа байлап барып далайды көрсөтөмүн. Манабың менден ажыратып алганын көрөйүн – деп жулкунгансың, айтчы мырза ошол сөзүңдү? – деди.

Маңгелди Ботоканды карап:

– Көрбөйсүзбү, баатыр, сиздин алдыңызда омуроолоп, ээн жерде кымыз ичип, тайдын этине мас болуп көпкөн жылкычыңыз эмнелерди кылбаганы турат.

– Кана, Маңгелди мырза, жанагы сөзүңдү бул Көкөтөйдүн көзүнчө дагы бир айтчы? – деп Ботокан кайрадан айттырды.

Маңгелди будамайлап сүйлөй албай олуяны мактай баштады. Касан деген шаардан чыкканыма тогуз ай болду. Ушул жерге олуялык кылып тур деп Бекбоо бакшы айтканынан Кара-Үңкүрдө турдум эле – деп айтканын айтып өттү.

Ботокан:

– Ээ Көкөтөй, кана сен айтчы сөзүңдү? – деди.

– Мен олуяны урганым жок, бир жылаңачты урдум – деп Көкөтөй күлдү.

– Кудай урган, ошол олуя болуучу жөн адам жылаңач жүрмөк беле? Олуяга катылыпсың, эми жаман болосуң – деп олтурган эл күлүп калышты.

– А, кишиден жыгылып жүргөн неме кимди колдойт – деп Көкөтөй дагы жылмайды.

Ботокан төмөн карап:

– Оо, кудай урган Көкөтөй деги ал киши менен эмне чырлаштың? Анан Маңгелди мырзаны эмне сөктүң? – деп сурады.

– Эмесе Ботокан баатыр, көңүлүңүзгө албаңыз. Маңгелди мырзаң Чүйгө барып, Токмок, Пишпектен таап келген сонун сорпо сөзү Кара-Үңкүрдөгү жылаңач менен жылкычы Көкөтөйдүн мушташканы болсо ушундан сөз сураганча айдын караңгысында, күндүн бүркөгүндө, кыштын чилдесинде бир жарым миң жылкыны багып, жол тоскон олуя менен жолоочу жүргөн Маңгелдиге Соң-Көлдүн кымызынан ооз тийгизбей өзүңүзгө аман алып келип берген менден кеп сурасаңыз болбойбу? – деп Көкөтөй дагы күлүп калды.

Ботокан менен Маңгелдини карап олтурган эл дуу күлдү.

Маңгелди уялып кетип, эле какырынып калды.

– Ээ Маңгелди мырза, үнүңдү жасап жатасың, Олуянын жанында калдың эле тамагынан ичип, казалынан үйрөнө келдиң беле? – деди Көкөтөй.

Ботокан Маңгелдинин катуу уялганын билип:

– Болду, болду, кудай урган жинди. Наркы үйгө барып, эт бышырып ошондо олтур. Жаман кишинин сөзү да сөксөөлдүн чогундай болот экен, бар тиги үйгө! – деди.

– Макул, макул барайын баатыр, ким жаман, ким акмак экенин эл байкап тургандыр – деп эшикке чыгып кетти.

Ботокандын байбичеси Айым:

– Ээ, Көкөтөй жинди, сен ал олуяны немине урдуң? Каргышына калып, өлүп жүрбө. Ал киши эң эле касиеттүү экен дешет. Биз жактагы төрөбөй жүргөн аялдардын бир кыйласы ошол олуяга барып табынып келгенибизден бери түшү-жөнүбүз оңолду. Кай бирлери боюбузда бар деп жүрүшөт го. Жинди арам, бекер урупсуң! – деди.

– Ээ Айым байбиче, мен олуядан көп немени көрбөдүм. Эл чогулган жыйынга барсам бирин жыргатып, бирин куурата сүйлөп Ботокан олуя, үйгө келсем Ботоканды коркутуп Айым олуя, жол менен бастырсам жылаңачтанып алган киши олуя, алдамчы менен мушташсам ага болушуп байлап кетем деген Маңгелди олуя. Айтор бүт эле олуя болуп кетиптир. Эми Ботокандан ошол жылаңач кишини касиеттүү экен деп турасыңбы, байбиче? – деди.

Ал үйдөкү олтурган аял-эркек, бала-чакалар күлүп калышты.

Айым уялып кетип:

– Оозуңа келгенди эле айта бербей, кетчи кудай урган дөөрүгөн жинди! Бар тигил үйгө, барып олтур! – деди.

– Кайда барсам эле олуя экен, олтураар жер калган эмес турбайбы! – Көкөтөй ордунан туруп, атасы Өмүрбектин үйүнө барды.

Ботокан үйүнө келсе Көкөтөй жок.

– Ой, Көкөтөй кайда кетти? Чакырчы! – деди.

Көкөтөй келди.

– Ээ Көкөтөйүм, кайда кетип калдың? Бүгүн өзүм менен олтуруп, мага эт туурап бербейсиңби? Сенин туураган этиңди сагынып калбадымбы? – деди.

– Таң баатыр, барып эт бышыр дегениңизден мында келсем байбичең эшикке чык сен олуяны урупсуң, биздин элден жазга чейин төрөбөгөн катын калбайт эле деп кууп чыкканынан эле бир кишини урамын деп элдин баарына жек көрүнгөн экенмин деп атамдыкына бардым эле – деди.

Айым уялып кетип:

– Ой, Көкө, чыныңды айтсаң! – деди.

– Чынымды айтсам бай-манаптын катындары биздей жылкычы, койчуларды ит катарында көрөсүңөр. Анан молдо, кожо, думана, бакшыны көргөндө берээрге мал, булуңарды камдап турасыңар. Анын бириндей мени итче эшикке чык деп олтурбайсыңбы, байбиче – деди Көкөтөй.

– Ой, айланайын Көкөм, ырас айтасың, бул ит сени чык дедиби? – деп Ботокан көзүн алайтып Айымды карады.

– Жок, жок, бир уят кеп айтканынан эле бала-чакадан уялып кетип, ий куруп калгыр, кетчи нары деп оозумдан чыгып кетти – деп Айым коркуп кетти.

Маңгелди, баякы жылкычы эртең менен дагы шылдыңдап маскара кылат деп, түндөп аттанып качып кетиптир. Көкөтөй беш-алты түнөп, жолдошторуна көйнөк-кече тиктирип алып, жылкысына баратса Кара-Үңкүрдө олуя тургай эч нерсе жок.

«Олуяны Көкөтөй уруп кууп жибериптир дейт» деп, олуя эмес экенин эл кийин түшүндү.

## КӨКӨТӨЙ БАЙГАЗЫГА ЖЫЛКЫЧЫ КЕЗИ

Кечкурун эле:

– Салоомалейкум! Оо, балдарым, аман-эсен жатасыңарбы? Мал-жаныңар эсен турабы, балдарым? – деп баса албай калган арык кара сур кунандын чылбырын жолум үйдүн кырчоосуна илип, ак улактын терисинен ийленген эски көпчүгүнүн үстүндөгү жамачылуу карала куржунду алып, көгала сакал жолум үйгө кирип олтуруп, катуу үшкүрүнүп, боз тери тумагын алып жерге коюп, маңдайын сыйпап, терин шыпырып, сабаа жакты жал-жал карап, тамшанып, жылкычыларды кыдырата тиктеди.

Жолум үйдүн улага жагында Аалыбай:

– Ээ абышка, сабаа, көнөк, аяк, табактын баарысын карап, кыдырата жылкычыларды тиктеп калдың. Кайда бараткан абышкасың? Көргөн-билгениңден кеп салып олтурбайсыңбы? – деди.

– Ээ айланайын, балам, мобу эле Төлөктөгү айылданмын. Береги Чаар-Таш жактагы малчы айылдар жакка бараттым эле. Жокчулугу курусун, оокат үчүн ачык ташты кыдыртып сатып, тери-терсек алып, антип-минтип жан сактоочу элем. Бүгүн келатсам жолумдан бир кызыл чок чыгып, кунаның керек деп ээрчитип, шалпылдатып кечке алып жүрүп, жаман кунан баспай калганда таштап кетти. Ошондон жылкынын чети көрүнгөнүнөн эле барып жатып кетейин деп, жаман кунанды жетелеп, карды жиреп, араң жеттим. Балам, же бир жакын арада айыл-апа көрүнбөдү – деп дагы үшкүрүндү.

– Кызыл кулак абышкасың го. Атыр самының барбы, деги куржунуңда эмнең бар? – деп Аалыбай дагы сурады.

Жолум үйдүн төр жагынан башын көтөрүп, чүмкөнгөн кемантайын кайра серпип жиберип:

– Ой, атаңдын көрүнө чайын, атыр самынды коё туруп, мурда берки таңдайы кургап келген кары кишиге кымыз куюп жуткуруп, кичине эс алдырып, анан самындан албайсыңбы. Карынын кадырын, жокчулуктун жоболоңун билбеген, акмак. Балаң барбы, малың канча деп өзүнүн абалын сурабай, араң келген кары кишиден адегенде эле атыр самын сурайсың. Бакырлык башынан өтпөгөн, кордук тарткандын кадырын билбейт деген ушул. Тур, калжырабай, абама кымыз куй – деп уйкудан жаңы ойгонгон Көкөтөй тонун жамынып эшикке чыкты.

– Ырас айтат, балам. Таңдайым кургап, карыган чагымда терең карды малтап жөө келип, ымгак эле жаным араң жеттим, айланайын, балдарым! – деп Тооке суу болгон тонунун этеги менен терин аарчып, сакал мурутунун бирин-серин музун сыдырды.

Аалыбай тура калып, удаасы менен эки аяк кымыз берип, каткаксыган Тоокенин суусунун кандырды.

Көкөтөй кайра жолум үйгө кирип, кымыздан ичип:

– Ой, балдар! Эттен жакшы салып, мынабу кишини тойгузуп, жылуулап жаткырып, жакшылап түнөткүлө – деп белдигин курчанып, жылкы кайтаруучудай өңдөндү.

Тооке:

– Ой, айланайын, балам, эшиктеги жаман кунанды ала барып, жылкың менен бага келип бересиңби? – деп, эшикке чыгып, улак көпчүктү кунандын соорусуна жапкан болуп, жетелетти.

Эртең менен болгондо саалуучу бээлерден бөлүп айдап келип, кулундарга шире салдырып, Көкөтөй Тоокенин кунанын тойгузуп аман-эсен алып келди.

– Ээ, Тооке бай, үшүбөй-тоңбой кардың тоюп жакшы жаттыңбы? Ээ канча балаң, канча малың бар? Кымыздан шашпай ичип, күн жылыганда кет – деп, Көкөтөй Тоокенин акыбалын сурады. Тооке көзүнөн чолок жашын чыгарып, улутунуп коюп:

– Жакшы эле жаттым, айланайын. Менин как өзүңдөй уулум бар эле адам болуп келатканда өлүп, шорум катып калбадыбы! Андап кийин бир-эки жаман неме көрдүм эле алар жаш, өзүмдөн башка чырпык башын сындыраар бүлөөм жок. Эптеп ошол жаман балдарды багып турчу элем. Кунан минтип кырчаңгы болуп, өзү да арыктап, жалгыз жилик неме баспай калды. Байгазы баатырдын жылкычысы экенсиң, соопчулук эмеспи балам, бир күч-мүч берип турсаң болоор бекен. Бул балдарым ушул коштун билерманы эле сен деп айтып олтурду. Оорутпай, жоорутпай бир ай, жарым ай минип, береки кунанды тоюнтуп алып, кайра берсем, бир кунандай мингич болоор бекен? – деди.

Көкөтөй Тоокенин каңырыгы түтөп турганына боору ооруп:

– Ээ Тооке бай, сен өңдөнгөн жармач карыларды багам деп, ар кайсы байга жылкычы болуп жүрөм. Атамдай киши экенсиң. Андай эле өтө зарыл болсоң бир күч берейин. Жазга чейин минип, жумушуңду бүтүрүп, биз Нарынга көчөөрдө кошуп бер – деп, чөйчөгү бар чалыш кер быштыны кармап берди.

Тооке жалынып-жалбарып, кер быштыны минип, сур кунанды жетелеп, батасын берип жөнөп кетти.

Жылкычылар:

– Ата-а, Көкөтөй баатыр, башка эле бир бышты асыйдан бербей, ошол Байгазы жакшы көргөн быштысын бердиң. Эми абышка жакшы мингей эле! – деп чурулдашты.

– Ээ балдар, Байгазы быштысын жакшы көрсө мен Тоокени жакшы көрөм. Ачык таш сатып бир нерсе таап, балдарын баксын:

Жакырдан кимдер карыбайт,
Жабыкпай тулпар арыбайт –

деген – деп кырынан жатты.

Жылкычылар:

– Ээ, ээ Көкө, дагы айтсаң? – дешти.

– Эмесе:

«Аргымакты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азаматты карып деп,
Журтка таштап кетпеңер.
Аргымак арык жал күтөр,
Азамат карып мал күтөр» –

деп карыялар айтып жүрбөйбү. Бул малдын азабын биз, асылын байлар көрүп жатпайбы! – деп бир кыйла сөзүн айтты.

– Алда айланайын, Көкө ай, не бир жакшы кептериң бар! – деп жылкычылар мактап калышты.

Бир ай чамасы болгон кезде жылкыны Чаар-Таш, Кум-Белге салып, Көкөтөй Төлөктөгү айылдарга барып конуп эртеси аттанайын деп жатса, баягы Тооке кер быштыны өлтүрүп алып, эмне деп жооп

айтаарын билбей, сур кунанды жетелеп, Көкөтөй олтурган айылга келди.

– Айланайын, балам, мени кудай уруп салды. Кер быштыны өлтүрүп алдым. Ордуна берейин деп сур кунанды тоюнтуп койдум эле, эми алпарып ордун бастырып кой. Үч эчкимен тандап бирин алпарып союп ал, айланайын – деп жалдырап «бир эчки, бир кунан менен кутулсам болду» деп жалынып турат.

– Ээ аксакал, кунаныңды минип оокатыңды кыла бер. Эчкиңди балдарыңа тукум кыл. Сенин ээриңди жерге таштап кунаныңды алып кетпейм. Мен Байгазыга барганда бир жооп айтып кутулаармын, эгер кутула албай калсам ошондо келип кунаныңызды алып барып берейин. Коркпой жата бер, Тооке бай – деп Көкөтөй аттанып кетти.

– Ата-а, айланайын, балам, эмеле алып кетсең болот эле. Байгазы малга karoo киши деп уккам. Өзүң кыйналып калбагай элең – деп Тооке Көкөтөйгө кайгырды.

Арадан эки ай өтүп малчылардын баары Нарынды бет алып көчмөк болушту. Мал көчүрүп кеткени келген кишилердин кайсы бирлери:

– Ээ, Көкөтөй, Байгазы баатырдын күлүк болот деп жүргөн быштысын кишиге берип өлтүртүп коюпсуң. Ошол быштысына жаман капаланып, «кул бир келээрсиң, сага кылбасам» деп сүйлөнүп жатканын уктук – деп кеп салышты.

– Ээ баатырлар, Байгазынын бир быштысы турмак эрдин кунунан деле кутулат турбайбы.

Адалынан зыян тап,
Акыры пайда көрөсүң.
Арамынан пайда тап,
Акыры зыян көрөсүң –

дегендей, мен уктап калып, ууруга алдырып, бөрүгө жедиргеним жок. Бир бечаранын ажаатын ачам деп берип койдум эле. Бир мал зыян тартсам эчтеме болбосмун – деп жооп берди.

Бул учурда малчылардын баары жаздоо жерлерин көздөй көчүштү. Элдин аркасынан булар да жылкысын айдап кечүп, Жалбыздынын адырына конду.

Ал жерге үч-төрт өргүп, бир семиз тайды коштоп, эки чанач кымызды артынып, эки жылкычыны ээрчитип, «Байгазыга учурашып, келемин» деп Көкөтөй жөнөдү.

Айылдын бери четине жакын барганда эки жылкычы Байгазынын коңшуларынын үйлөрүн көздөй кетчүдөй көздөнүштү.

– Ой, силер кайда барасыңар чогуу барып түшпөйбүзбү? – деп Көкөтөй жолдошторунан сурады.

– Биз мынабу үйлөр жакка барабыз. Ачуулунун алдынан чыкпа дегендей кыялы жаман киши эле алда эмне кылат, баатырдыкына өзүң эле бар Көкөтөй! – дешти.

– Ой, атаңдын көрү иттер, жан карандатып, жанашып жайытта бирге болушуп жүргөн жолдош эмес белек. Байгазы мени урса арачалашпайсыңарбы, жолуң болгурлар. Кокустан сый көрсөм, силер да сый көрбөйсүңөрбү – деп жолдошторуна таарынгансып, катуулап бастырып, Байгазынын үйүнө түшүп, тай менен атын мамыга байлап, кымызын алып, Байгазынын үйүнө кирип, табыштуу үнү менен салам айтты.

Көкөтөйдү көрө салып, Байгазы чокту жанчып эрмектеп олтурган колундагы кычкачын таштап жиберип, сакалын тырмалап, өңү-түсүн буруп, төр жакты карап:

– Атаңдын оозуна чайын томаяк Көк-Булак казагынан келген чечекти, Бытбылбык деген жерде туулган Кере деген айгырдын тукумунан эле. Эзелде оңбогон томаякка берип, кер чалышты өлтүрүптүр, бул ит. Сайкал байбиче кызталакты кердиртип салчы! – деп, жүктүн алдында олтурган Сайкалга колун сунуп – көзүмө көрүнбөй эшикке чык! Жинди атаңдын көрү, дагы уялбай салам алекум деп коёт! – деп тескери карады.

– Ээ баатыр, эзелден жарыбаган Тоокеге эси жогунан жылкы баккан мен бир тайыңыздын күчүн берип, өлтүрүп койдум. Бир мал бөрүгө, бир мал төрөгө деген экен, баатыр. Башым аман болсо, нечен кер бышты таап берем. Элдин жылкычылары бөрүгө жедирип, бешти ууруга алдырып келди. Мен болсом бир кедей ыйлап келгенинен, жармачтыгын көрүп жан сактасын деп берип коюп, бир тайыңа зыян кылдым, баатыр – деп оттун төмөн жагына Көкөтөй сыңар тизелеп олтурду.

Ансайын сакалын тырмалап:

– Атаңдын көрүнө чайын, кедейиң ыйлап келгенинен берип койдум дейт, мындай неме маселей болот экен. Байбиче, кер бышты үчүн уяты жок иттин башын аламбы, ыя? – деп Сайкалды карады.

Көкөтөй тондун этегин тизесине басып, кымырына олтуруп:

– Ой, баатыр, бир жылкы үчүн алганыңызга капа болбоймун. Бир тай үчүн он эки ай башымды байлатып жүрбөймүнбү. Бирок мага ачууңуз келип жатып сакалыңызды жулуп салмак болдуңуз – деди.

– Неме дейт, атаңдын көрү куу этек кул! Менин жылкым элдин жылкысындай майрык кула жылкы бекен, ыя! Же иттин кусундусундай сарала жылкы бекен? Менин жылкыларым тобурчак чалыш жылкы го ээ, Сайкалжан! Бул кулду эшикке алып чыгып кердирип салчы, бопураңдатпай! Ит кутурса ээсин кабат дегендей, мага кайыр айтып турганын көрчү! – деп адатынча көчүгү менен тегеренип кереге жакты карап сүйлөп жатат.

Көкөтөй ачуусу келип:

– Ай, баатыр. Бир тайдын өлгөнүнө керели кечке көчүгүң менен тегеренип жатып шымыңды тытып салдың! Эки жылкыңды бөрүгө жедирип келсем сакал мурутуңду кошуп, кош кирпигиңди жулуп салмак экенсиң. Мынча кайгыраарыңды билсем нары бастырып Тынымсейиттен төрт-беш жылкы сурап

келип, жылкындын туягын арбытып койсом болмок экен. Өз айылыңдагы томаяк Тоокеге бир тайыңдын күчүн берсем уурудан бетер керип сал дейсиң!

Сакал-мурутуңду мага өчөшүп тырмалай бербе! Сенин жылкың Көк-Булак казагынан келсе мен барып, Үрүмчү, Кара-Шаардан, Солтонкулдун кулжа моюн, кыз көз, теке жоомарт айгырларынын тукумунан алып келип кутулайын, баатыр.

Сайкал маашыр алып:

– Чунак Көкөтөйдүн кеби ай! – деп, жүктүн бурчундагы керегенин башында илинип турган жез ооз кара көөкөрдү алып келип, илеби жука кара аякка көөкөрдү эңкейткенде абыдан тунук көк кашка болгон арак шар деп, аяктын капортосуна чыга түштү.

Көп куюлуп кетти дегенсип:

– Чактап эле ич, Көкөтөй – деп аякты сунаары менен Көкөтөй ала коюп тартып жиберип, Сайкал кайра басып жөнөй бергиче:

– Байбиче, бар болсо бир аз дагы берип коюңуз! – деп Байгазыга угуза сүйлөдү.

– Ии, кудай урган Көкөтөй, көп ичип койдуң! Бул тим да арак эмес,

сүзүп алган арак. Эми ичсең өлүп калбайсыңбы! – деп бербеечүдөй нары басып баратканда чыдай албай Көкөтөй.

– Атаа, байбиче, ай, киши ажалдан өлбөй, бу тамактан да өлөт беле. Бар болсо бере түшсөңүз болот эле!

Байгазы алая карап:

– Ай Сайкалжан ай, алда сенин колуңдун кызганычы ай! Бар болсо бере берсеңчи. Өлмөктөн житип не кетпейт! Тамакты тууш, бир кууш ичет. Бер Сайкалжан!

Сайкал чебердеп куюп азыраак арак берди. Аны дагы жутуп жиберип, бир аз олтургандан кийин Көөтөй маңдайынан терин шыпырып, өзүнөн-өзү сүйлөгүсү келип, кызуулук менен кер быштыны

бир жаңсыл кылып кетсем деген ойдо, Байгазыга тийишмек үчүн:

– Ээ баатыр, малыңызды качан көрөсүз? Кайсы жерге багабыз? – деди.

Байгазы Сайкалды карап:

– Ой, Сайкалжан, мунун чаначына, эт, май болсо салып берип узатсаң, ичегиси ысып калды. Эми капкайдагы сөздү сурап жатып адамды мээ кылып жиберет узат! – деди.

Сайкал:

– Көкөтөй, чаначыңды бошотуп алып келчи, салып берейин, малыңа эрте кет, баатыр малына барсын дейт го?

– Ой, байбиче, үйдөн аттангыча маа энчилеп малыңа бар деп коюп, малдан келээри менен керип сал деп олтурса баатырга Тоокенин жалгыз сур кунанын алып келип берип, атам менен энемди багып алганым жакшы го – деп эшикке чыгып, үйдүн жанына туруп, үнүн салып катуу кыйкырды. -Ээй, жылкычылар, жылкычылар жүргүлө! Баатыр жылкыны «түн катып айдап, Кашатыны өрдөтүп, Шаты менен чыгарып, кайра Соң-Көлгө алпарып баккыла» деп жатат. Бат жүргүлө, жылкыга барып эртерээк айдайлы – деп бака-шака түшүп сүйлөп кирди.

Байгазы:

– Ой, Сайкал! Эшиктеги мас болду бейм? Бери чакырчы? Мен качан Соң-Көлгө алып кеткиле дедим? Бул мага тийишип, жок жердеги калпты айтып жатпайбы, чакыр! -деди.

Сайкал:

– Ээ, Көкөтөй, беригелчи! Ээ жинди, кудай алкагыр. Көрүнөө эле калп айтып кыйкыра бересиңби, мас болуп калдың белем, бери келчи!

Көкөтөй:

– Ээ, байбиче алты ай жылкы багып, ак кар көк музда жүрүп, айыл четин бүгүн көрүп олтурсам, кайсы жылуу сөз угуп жыргаганыма мас болом.

Тuугандардын жардысына жакшылык кылам деп, жакшысынан тил укканыма уугуп жатпаймынбы! – деп үйгө кирди.

Байгазы:

– Ой, Сайкал, бул жинди мас болгон жок. Мага кекээрлеп калпты айтып жатпайбы. Сөзүн көрбөйсүңбү, чучукка жетип турбайбы!

Көкөтөй:

– Жогуңуз баатыр, малыңызды качан барып көрөсүз десем жооп бербей, «узат, байбиче, узат байбиче» дейсиз. Бир быштыны өлтүрүп койсом, керели кечке көчүгүңүз менен жылып, тегеренип жаттыңыз. Кокустан бир эки жылкысын ууру алса жылаңач оонап жатып, убара кылабы деп, ууру-бөрү барбагандай бек жерге алып барып багайын деп кыйкырдым – деди.

Байгазы мулжуңдап күлүп:

– Оо, атаңдын этин жеген чиркин! Кер быштыдан кутулуп кетейин деп менин жиниме тийгени бакыргансын, го? Болуптур, доолабайын. Малыңа бар. Мындан ары кер быштыны сенден доолабаймын.

– Ой, баатыр ай, жылкыңдан бир тайыңды зыян кылбай багып, жайкы кымыздын көрөңгөсүн кыш үзбөй, ала шалбыртта эки чанач кымыз алып келсем, кандай Көкөтөй, малың-жаның аман келдиңби деп, кымыздан ичип, эшиктеги тайды союп, жаңы казыкартасын жеп, малыңдын ыракатын көрүп, анан бир оокумда жылкыга бастырып барып, малдын кандай багылып келгенин көрүп, баягы кер бышты жок да Көкөтөй деп, мени уялта бастыра бербей, төрүңдү карап сүйлөп, байбичеңди мага тилмеч кылып, керип сал деп коркутуп, баатыр тургай баланын кылаар иши эмес, баатыр, кер быштыңды дooласаң жылкыңды аман багып берейин десем, дагы бир бай бир быштысын берээр – деп, камчысын алып Көкөтөй эшикке чыкты.

Байгазы аркасынан чыгып, мамыдагы семиз тайды көрүп:

– Бали, бали Көкөтөйүм – деп Көкөтөйдү – жүрү үйгө! – деп алып кирди.

– Көкөтөйжан сени эркелетип жатам, малды баккан киши эле билүүчү

- деп, ички чапанын чечип берип, Байгазы – мени мындай, андай деп кишиге айтпа, сага аял алып берип, энчи берейин деп жүрбөдүмбү, бул сөздү оозуңдан чыгарба. Дубанды коркутам десем, мени сен коркуттуң. Сөзүңө жыгылам, уулум! – деди.

Сайкал эки чаначына сүр эттен толтура салып берип:

– Көкөтөйүм, баатырдын өз баласындай эле көрүнөт! – деп мактап салды.

Көкөтөй:

– Мен дагы сизге эркелеп дөөрүп жатпайымбы. Кечирип коюңуз, баатыр – деп аттанып кетти.

## КӨКӨТӨЙ КАРЫНДАШЫН УЗАТКАНЫ

Кечкурун үч эркек, бир аял:

– Султандын үйү кайсы? – деп келип түшүп калышты.

Булар Султандын кудагый, күйөө баласы жолдоштору менен келген экен. Аксак кара байталга той жүктөп бир кунан торпокту чиркеп, Султандын кызына жыгач түшүрүп, Маманазар кашаттын алдындагы суунун боюна жалгыз түшүп күйөөлөп олтуруп калган.

Кызынын жыгачы түшкөнүн көрүп Султан:

– Ой, бул немнеңер ыя? Ой курушкан томаяктар эмне кордугуңар!

Мени шылдың кылып келгениңерби ыя? Султандыкына барабыз деп ушу түрүңөр менен жолдоку элди аралап кантип уялбай келдиңер? Аттан түшкөндү койгула, түшсөңөр төмөнкү Көкөтөй кудаңардын айылына барып түшкүлө! – деп жапылдаган кара сакал киши түрүн бузуп сурданды:

– Ой, айланайын Султан бай, күйөөңүз Мамаңазардын колундагы

жалгыз байтал ушул эмеспи, сиз көрбөгөн малы бар беле? Жокчулук курусун, деги ачууңузду коё туруңузчу. Эмне кылсаңыз да алдыңызга келбедикпи — деп бирөө бакылдап ылдамдык менен байталдын үстүндөгү биртике тойду түшүрүп жиберди.

– Ой, аттангыла тегеле силерге кызымды бербейм, догурунасыңарбы, атаңдын көрүнө чайын, өлөрман Кубат уулу! Өлөрмандыгыңдан эр өлтүрүп, Шибирге айдалып, баарың тентип кеткен окшойсуң! Чакырчы жанакы Көкөтөй итти, келип бул кудаларын алып кетсин, бар ылдам барып чакырып кел! – деп бир баланы Көкөтөйгө чаптырып. Султан ачуусу келип кудагыйын үйүнө киргизбей, эшигинин алдына жөлөнүп, оозуна келген сөзүн айтып капаланып турат.

Кудалардын чолок кызыл атын минген бала эки үзөңгүлүгү жыртылган кара тердиктин бурчтарын шалпылдата теминип, ак шапалак менен курсакка чапкылап, чу койгон бойдон барып аттан түшпөй шаштырды:

– Көкө, сизди Султан акем бат келсин деп чакырып жатат. Кудасы той жүктөп келди. Эң эле бат келсин дейт. Аларды үйүнө киргизбей Султан акем эшикке олтуруп тилдеп жатат – деди.

Бала энтигип сүйлөп шашып турду. Бул кабарды угаар замат Көкөтөй шашылган түрдө:

– Барайын, барайын! – деп карбаластап жөнөдү.

Көк чолок атты минип, баланы учкаштырып:

– Оо, жүргүлө, Султандын кызынын тою келиптир, барып той жегиле! – деп айылдагыларды жалпы чакыра кетип баратат.

Султандын айылынын кабагында арык кула тайдын чылбырын кармап, жалгыз олтурган Мамаңазар Көкөтөйдү көрүп, уялгансып жерди карап, бүжүрөдү.

– Оо, байкуш, жетим, ишиң оңолсун. Сен дагы эл катары болоорсуң! – деп Көкөтөй өтүп барып, чогулуп олтурган элге салам айтып; – Ээ Султанбай кудаң кут болсун! Тоюң тойго улансын – деп Көкөтөй кудагыйы менен учурашты.

– Уу жинди чочко, бу кудагыйыңды алып кет. Илгери бир куда оозанып коюпмун, балаага калыпмын да! Өлөрман куу такым томаякты жабыштырып, баарын сен кылдың! Мынабу той сөрөйүн, артып алып, аксак байталы менен тетиги торпогун кошуп, бул кудагыйыңды алып кет! – деди.

– Ээ Султан аксакал! Ырыстууга жуучу ырысы жокко доочу келет дептир. Жетим күйөөңдү ээрчитип, жесир кудагыйың келип олтурса, буларды атказ дегениң жарабайт! Ар кайсы айылдан чууруп келе жаткан улуу-кичүү эл той ооз тийсин. Өзүбүз калып кеңешип, бул кудалардын бир жөнүн кылаарбыз. Кудагый колго түшпөдүбү. Эми аябай жилигин чагып, мал жеп, анан кызды берээрсиң. Баланын тою түшүп жатканда киши капа болобу? – деп, Көкөтөй ордунан туруп, келин-кыздардан беш алтыны жыйнап: -Тиги кабакта олтурган күйөөнү алып үйгө киргизгиле! – деп, жумшап жиберип: – кана, аксакалдар, той жегиле! – деп абышка-кемпирлерди үйгө киргизип, элге той берип узатты. – Султан аксакал, эми бул байкуштарды көп жаткырып, зарыктырбай келинин берип узатып жибер! Өспөс уул – өнбөс доо доолайт. Чегирткенин алын көрүп, канын сор дептир. Батыраак узатып жибериңиз! – деп Көкөтөй аттанып кетти.

Султан кызылдай уятынан бир козу союп конок кылып, капааттанганы басылбай:

– Бир жакшы ат баштаган беш мал берип келиниңизди алыңыз! Мал таап бере албасаңар мага бөөдө конок болбой кеткиле. Качан мал таап келгениңерде кызымды беремин – деп, кудагыйдын айласын кетирип, ичкенин аш кылбай беш мал салып таштады.

Кайра барып мал таап келээрин билбей Маманазар арык кула тайды токунуп Көкөтөйгө келип ыйлап жиберип:

– Беш мал таап келбесең кызымды бербеймин деп жатат – деди.

– Ыйлаба, балам, ыйлачу эмес, малды кайдан издейсиң? Ушунда эле жүрө беремин деп жата бер. Султандын өз малы да жетишээр, коркпо, балам. Колуктуңду ээрчитип берем. Ойноп жүрө бер – деп, Көкөтөй аттанып Султанга келди.

– Эй, Султан аксакал! Жетимдин жашы – теңиримдин огу дептир.

Мынабу жесир кудагыйыңды ыйлатпай узатсаңчы! Мал таап берээр алы барбы? – деди.

Султан ачуусу келип:

– Бая күнү эле тоюн түшүрбөй аткарып жиберет элем. Жилигин чагып жатып мал таптырып жейсиң деп элге той берип, ишти кылган сенсин. – деп, кабарчыктап койду.

– Ээ Султан ага, кыз дегенди ага-тууганы, эли билүүчү. Экөөбүз бир тууган болсок, бир кызыңды мага бийлетип койсоң эч нерсе болбос. Сенин балдарың менин кыздарымдын бирин бийлеп күйөөгө берээр. Алдуу-малдуу кезинде өзү куда болуп, эми жесир катын, жетим баланы жок жерден мал таап кел деп кыйнаганың болбойт – деп Көкөтөй жатык сөздөрүн айтты.

Султандын кулагына сөз кирбей:

– Аны мен жарды кылдымбы? Өздөрүнүн итчилигинен эр өлтүрүп кун бербей Шиберге айдалып, митаам немелер өзүлөрү тентип-тентип томаяк болбоду беле? Ии ыя, ал жетим-жесирлигин мага милдет кылат бекен? – деди.

– Ал кызыңды бербесең, сени төшөгүңө думбалап тумчуктуруп өлтүрүп, кызыңды алып кетпейби?

– Ой, сен капкайдакы сөздү айтпай кетчи. Мен өзүмдүн ичимден чыккан баламды өзүм билем!

Беш-алты мал жебей эле кызымды кантип атказып жиберем? – деп Султан ачуусун баспады.

– Алда кокуй ай. Султан, ошол өзүңдүн ичиңден чыккан балаңды күйөөсүн жок жерден мал таап бер деп кыйнап, эмитен кендирин кесип кууратсаң ал сенин кызыңды алгандан кийин ага аш-тамак, кийим-кече таап берем деп тентип кетпейби! Тилимди алсаң бул бечараларды кыйнабай конок тартып, өзүң дагы түйшүктөнбөй узатып жибер. Тилимди албасаң өз балдарыңды өзүң кыйнап, куурата бер! – деп Көкөтөй аттанып кетти.

Дагы эки-үч күндөн кийин Маманазар Көкөтөйдүн алдына келип:

– Сен эки жакка бастырып мал таап келип, бүлөөңдү албай, мага догурунуп жатып аласың деп бай бизди тилдеп-кууп жатат. Энем эле айласы кеткенде сизге жиберди! – деп буркурап ыйлады.

– Эмесе балам, сен менин үйүмө жата бер – деп Көкөтөй эрте аттанып, Султандыкына күн чыга келип:

– Ээ, жеңе, куй кымыздан – деп эки аяк кымызды удаа ичип жиберип, бир аяк кымызды кармап олтурганда бээ байлатып жүргөн Султан беш-алты киши менен келип калды. Көкөтөйдү көргүсү келбей:

– Келе, менин ээр токумум кайда? Бери кишилерге кымыз бер! – деп байбичесин шаштырган болуп, ары-бери кайсаңдады.

Көкөтөй:

– Ой, Султан аксакал! Олтурчу бери, тууганча бир аз кеңешип алалы? – деди.

Султан:

– Ээ эмне кеңеш таап жетип келдиң, кудая тобо! Ой, ушунда бир топ куда сөрөйлөр менен ушул иттин эле дарты өттү. Түн түшүмдөн, күн өңүмдөн кетпей, кызыңды качан узатасың дешет! Ой, сан кара мал өткөрүп койгон немече! – деп Султан жүктүн алдына барып көчүк басты.

Көкөтөй:

– Кана жеңе, кымыздан куй, бүгүн байдын ачуусу келип эле калыптыр. Алда немне кылаар экен? – деп улам-улам кымыз сурап ичип жатты.

– Ээ ачуум келбейби?! Мында бир томаяктарга болушуп, сенин дартың өттү го! Андай эле жетим-жесирге бооруң ооруп баратса кыздарыңдын бирин берип, кудагый күйөө кылып албайсыңбы? – деди.

– Оо, Султан аксакал ай! Уул үйлөнгөн урмат, кыз чыгарган кызмат.

Далай эле жакшы-жаманды көрдүң эле, жокчулук башыңдан өткөн жок беле? Теңтуш күйөөсүнө аман-эсенинде кызыңды берип, узатканың жакшы эмеспи! – деп колундагы кымызын жутуп жиберип,- кел жеңе, куй кымызыңдан – деп аякты дагы сунду:

Султан титиреңдеп:

– Чыкчы эшикке! Чыкчы! Бир ооз кеп айтып коюп эле бир аяк кымыз ичет! Чыкчы эшикке, көзүмө көрүнбөй! Мага насаат айтып коёт. Ай ушуну, кудая тобо астабырылда! – деп ачуусу келип чыңалып чыкты.

Көкөтөй:

– Ээ Султан аксакал, кымызды ичкенге, кызды сураганга бер деген кеп бар эмеспи. Кыздан калың жебей эле мен сенден бай болуп келетам го. Менин кымызымдан эле сенин кымызың көппү? Кызың күйөөсүнө барганда оокат кылганы жакшыбы же ушул жердей аш ичпес, тон кийбес периште кылып узатасыңбы? Капырай, баласынын бараар жерин кууратып олтурган болобу? – деди.

Султан:

– Ой, менин балам менен сенин эмне ишиң бар ыя! Ой, ушуну! – деп тиштенип, оттун жанындагы чычаланы ала коюп, – Чык дегилечи ой журт, чык дегилечи! – деди.

Атасынын ылайыксыз ачуусу келип булкунуп жатканына уялып, Султандын кызы уялып бетин басып, керееге жакты карап алып ыйлап жаткансыйт.

Көкөтөй кымызды ичип жиберип:

– Келе жеңе, кымыздан куя берсеңчи! – деп аякты дагы кайтарды.

Аякты алып, сабааны көздөй басып:

– Ии, айланайын, кызы да курусунчу! Эзелден өйдө карашпаган эки бир тууганды ит караш кылып – деп Султандын байбичеси кымыздан куюп Кекөтөйгө сунду.

– Ээ байбиче, кыз курубасын. Кыздын багын байлап жүктүн бурчуна камап малга сатам деп, жаштардын талабына жеткирбеген ата-энеси курусун. Малыңар аздык кылса менин малыман алып, бүгүндөн калбай балдарды узаткыла!- деп Көкөтөй жеңесин карап сүйлөдү.

– Ээ менин малыман ал дейт турбайбы! Бул томаяктар үчүн мал берүүчү неме. Алып кел малыңды, беш жылкыңы эле айдап келип, анан мени менен сүйлөш! Сен томаяктардан коркосуң, мен коркпоймун! – деди.

Көкөтөй:

– Ээ мен, алибетте, корком. Томаяк тургай кудайдан коркпой, жетимди ыйлатып малын жеп кызыңды бербей кайра мал салып жатасың – деди.

– Ой, айланайындар, бул иттин айтып олтурган сөзүн карагылачы.

Мени кудайдан коркпойт деп олтурбайбы. Бул ит жинди болуп калган го ыя. Ой мени таанып олтурасыңбы? Мен киммин? – деп колундагы чычала менен Көкөтөйдү баштан ары тартып жиберип,- коё берчи ушул итти, коё бер! – деп Султан жулунду.

Олтурган эл тура калышып:

– Коюнуз, Султан аке, коюңуз! Бир жетим үчүн экөөңөр немне болдуңар! Ачууңузду коюп сабыр кылыңыз. Султан аке! – деп, Султандын колун кармап жоошутушту.

Көкөтөй күлүп:

– Жок, бек кармагыла, айланайын арачылар. Ал албеттүү неме кокустан бошонсо башымды жулуп албасын!

Келе жеңе, кымыздан! Кымызын ичип, кызын атказып жиберейин. Андан кийин мени бышырып жесин! – деп жердеки аякты алып, жеңесинен дагы кымыз сурады.

Султан:

– Бербе! Оо бербе ал жинди мас болуп алып мени кудайдан коркпойсуң деп жатпайбы, бербе кымыздан! — деп бакырып сүйлөдү.

Көкөтөй:

– Жок, Султан аксакал, мен кымызга мас болуучу белем? Тетиги теңтушуна жете албай каардуу атанын колунда камоодо олтурган кыздын көзүнүн жашына мас болуп жатпаймынбы!

– Ой айланайын, карабайсыңарбы! Мен каардуу карышкыр турбаймынбы! Бул кудайы момун немenin айтканын көрчү. Коё бергилечи, ушуну жара тартып жиберейин! – деп Султан дагы жулунду.

Көкөтөй:

– Келе, жеңе кымыздан! Жара тартмак болду. Керээзимди ичип алайын. Чычала менен бир чапканын улуулугунан, экинчи чапканын карындашым үчүн кечирем. Анан ачуусу чыгып, карындашыңды өзүң билип узат дээр. Ага болбой жулкуна берсе жамандын кою да өлөт өзү да өлөт дегендей, кымызын ичип, кызын жетелеп, өзүмдүн үйүмдөн аткарып жиберем. Эр болсо Султан мени чаап алсын!

Султан:

– Чык ит! Мени малы-башыма ээ кылбай кызымды жетелеп кетет тура! – деп чычаланы ала коюп дагы бир чапты.

Олтургандар:

– Коюңуз! – деп арачаласа болбой жулунду:

– Таанытбай калган турбайбы. Буга мен таанышайын! – деп дагы бир тээп жиберип, – ой, ит мен киммин, таанибайсыңбы? – деп жулунуп кирди.

Көкөтөй күлүп:

– Мен сени таанып эле турам. Сен баягы эле шибегеңин учун, баякы эле кеп жыгачыңды урайын Сул-

тансың! Сен баякы эле жулук тиштеп жүрүүчү Султан өтүкчүсүң! Сен Султан болуп калдың беле. Бул эси жок неме. Султан, Султан десе эле Султанмын деп жүргөн го. Сен баякы жарыбаган жамакчы Султансың! Сен кызыңды теңтуш күйөөсүнө бербегенде үйүңө карытасыңбы! – деп катуу сөздөрдү айтып: – Келе, жетим баланын малдарын бер. Улам-улам өнүктүрбөй жеп олтуруп, томаяк кылып саласың дагы аягында кайра мал салып, кызымды бербеймин деп олтурганың кудайга жагабы! – деп Көкөтөй бакылдаганда Султандын кызы Көкөтөйдүн ачуусу менен айткан сөздөрүнөн уялып, эшикке чыгып үйгө жөлөнүп ыйлап туруптур. Көкөтөй урушкан бойдон эшикке чыгып ыйлап турган кызды көрүп:

– Жүр, айланайын, буудайдын бараар жери тегирмен дейт. Султанга мал эле керек болсо өзүм берем – деп кызды атына мингизип, өзү учкашып жөнөп кетти.

Султан бакылдап, сүйлөнүп эшикке чыкса кызын Көкөтөй өңөрүп алып кетип баратат. Султандын күйбөгөн жери күл болуп:

– Ээ айланайын журт. Баягы жинди-чочко баламды алып кетип баратпайбы! Бул кордуктан көрү өлөйүн! Чак түштө кызымды ала качып баратканын көрчү! – деп баканды ала коюп, мамыдагы атты көздөй жүгүрдү.

– Ай Султан аке, сиз барбай эле коюңуз! Балаңызды кайда алып бармак эле. Биз барып алып келип берелик – деп турган элдин ичинен бири аттанып, Көкөтөйдүн аркасынан чапкан бойдон кетти.

Көкөтөй карындашын үйүнө түшүрүп коюп:

– Жылкыны бери айдагыла – деп, жылкысын чогултуп, беш жылкыны карматып кошоктоп, баягы аркасынан келген кишиге айдатып жиберди. – Султанга алып барып бер! Атасы малдан өлсө кызынын калынын жетим баладан аламын деп темселебей менден алсын. Бул жылкыда менин доом жок, бул

кызда Султандын доосу жок. Өзүм билип узатам, эми мындай-андай дечү болсо, чырды менден көрүп алгыла. Ат айгырдан сындуу, сырттуусунан карма. Бүгүндөн калбай карындашымды, кудагый күйөөмдү узатам, өзүм кошо барып айылына жеткирип келем. Алып чык, келин-кыздардын жакшыраак ээр-токумдарынан – деп жасалгалуу ат жабдыктарды чоң-чоң аттарга токуп, дүрбөп жатканда Султан көрүп кандай кылаар айласын таппай айылдагыларды чакырып:

– Ой журт, тигил жиндини кудай урду. Кызылтазыл кылып эле бир топ атты токуп жатат. Бул кордукка кантип чыдаймын! Барып жарынышып калсам бейм да ыя, кантем! – деп токтоно албай калчылдады.

– Ээ Султан аке, салган малыңды бербедиби! Эми биз барган менен Көкөтөй сабап кайра кууйт. Эми жайына эле коюңуз. Кызыңызга кийим-кече, төшөнчү-орун бербей, баары өз жаныңызда калбадыбы! – дешип, Көкөтөйгө барууга киши чыкпады.

Султан ары-бери чуркап:

– Ой, катын, бас бери! Тигил жиндинин кылган кылыгын көрдүңбү?

Кызыңды аткарып, ат-айгырларынын баарын карматып токуп жатпайбы! Эмне кылабыз, мен барсам чоң уруш чыгып жүрбөсүн ыя! – деп тыбырчылады.

Көкөтөйдүн сулуу кара тору айгырына күмүш ээр токумду токуп, кызыл бачайы жууркканды опойто салдырды. Ошол учурда бир бала Султандыкына чаап келип:

– Жеңе, сиздердикинде кудагыйдын ээр токуму бар экен, алып бериңиз, кеткени жатышат? – деди.

Султан:

– Ой бала, айтчы алдагы айгырды ким минет? Деги канча ат токушту?

Кайда барат, ыя! – деп Султан баланы көздөй басты.

Көкөтөй «жакын барба кармап албасын. Обочо туруп ээрди, алып кел» дегендиктен, бала нарылай басып:

– Беш-алты ат токушту го! – деп бала жакындабай:

– Жеңе ээр барбы, кетем, бат кел деген!?.. – деди.

– Мен көтөрүп барып берейин, шашсаң кете бер! – деп Султандын байбичеси кудагыйынын ээрин таңып жөнөдү.

Султан:

– Ой, катын, жанагы жиндиге айт! Ачуумду койдум, эми өзү билсин, бүгүн аткарба де? Ошол жинди экөөңөр эле билип узаткыла, мен койдум! – деп кырынан түшүп жатты.

Жеңеси келип:

– Кой алдыңа кетейин уул. Агаң сен эле билсин. Мен ачуумду койдум деп эле жатып калды. Эми бүгүн аткарам дебечи, алдыңа кетейин. Айыпка бергенсип карындашыңды кантип бүгүн эле узатасың – деп, ыйлап-сыктап Көкөтөйгө жалынып кызын көздөй басты.

Көкөтөй жеңесин кармап:

– Кана Султандын ачуусу чыкканы чын болсо барып бир тайыңарды тойго сойгулачы. Мен күйөө-кыз, куда-кудагыйыңды үйүңө түшүрөйүн. Болбосо азыр атказып, өзүм жеткизип келемин. Малынан баласын жаман көргөн киши ошентип көрбөй калчу! – деп жеңесин кайра үйүнө жөнөттү.

Султандын байбичеси үйүнө жетип калган кезде Көкөтөй күйөө-кыз, кудагый-кудалардын баарын аткарып, өзү кошо аттанын, түндүк баканды колуна алып, ылдамдай жөнөп, Султандын айлынын өйүз жагы менен Байдуулунун ашуусун бет алып жөнөдү.

Султандын айылы чак-челекей болуп, жөө жалаң катын-бала чууруп Көкөтөйдүн алдын тосо аттуу-жөөлүү болуп келе жатышат.

Көкөтөй узун баканды жаркылдатып, тайгандай кызыл бээ менен жагалдантып, катуу кыйкырып:

– Тарткыла ой, кайра тарткыла! Мен колумдан мал берип ичим ачышып келаткан кишимин! Бул ишти бүтүрбөй тынбаймын. Эч кандай кеп-сөз укпаймын. Келгениңер соо калбайсыңар. Бакан менен

кардыңарды жара саямын! – деп кызыл бээ менен ойноктотуп, ары-бери ойдолотуп коёт.

Султан Көкөтөйдүн түрүн көрүп, жакын бара албай кашаттан туруп кыйкырат:

– Ой Көкөтөй, деги эмне кыл дейсиң! Оюңдагыңды айтчы, кандай бол десең ошондой болоюн! Ой айланайын Көкөтөй экөөбүз бир тууган эмес белек. Мени эл-журтка шерменде кылба! Оо тигилерди токтот, оюңдагыдай болом! – деп ыйлап турат.

Көкөтөй:

– Ой, Султан, менин оюмдагыдай болсоң кайра чаап барып бир жылкыңды союп той берсең, токтоймун. Бул жерде бакырып турганың менен токтоп тура албаймын.

– Оо, макул, макул, айланайын! – деп жарданып карап турган балдардан эки-үч баланы ээрчитип, жылкысына барып, кысыр эмди тору тайды алып келип:

– Мына келип бата кылып бер! – деп кыйкырды.

Суунун боюнда топтошуп турган элден Көкөтөй чаап барып:

– Кана эмесе, муузда тайыңды. Алдоо акбар, менин батам муузда! – деди.

– Ырахмат, Султан аксакал, тойду сен сойсоң, кызды мен ойнотомун – деп кайра тартып, элдин баарын айылына алып барып түшүрүп, кыз-күйөөнү конок кылып, бир кысыр эмди кара тайды тоюңа кошумчам деп, Султанга жетелеп барып, Султан менен элдешип, элге той берип, Маманазардын колуктусун кошуп берип узатышты.

## КӨКӨТӨЙДҮН КЫЗЫЛ УУРУГА КЕЗИККЕНИ

Кабактан жигит-жалаң күткөн Кызыл ууру деген чыгаан ууру чыгат.

«Элди тынчытпай койду. Кызыл ууруну өлтүрөбүз» – дегенде жигиттери колго түшүп, өзү чабышып олтуруп качып кутулат.

Ошондон качып көлгө барып, аты ыргайдай, өзү торгойдой болуп, нечен күнү аты чөп жебей, өзү тамак ичпей, жолдун боюна атын отко коюп олтурса нары жактан Көкөтөй көлгө куда-сөөгүнө барган кейиптенет. Жакшы атты алчаңдата минип, бир жаман атты жетелеп келе жаткан экен.

Көкөтөй кыраакы киши олтурган жигитти байкап, байланган кымызынан, этинен берип Кызыл уруунун жөнүн сурайт. Кызыл ууру башынан өткөндүн баарысын айтып берет.

– Кабактан Кызарттын белине чейин артымдан кууп, аттын мыктылыгынан качып кутулуп, ушул жерге келдим. Атым да үч күн бир чөп чалып койгон жок. Өзүм да үч күн тамак ичпедим – дейт.

Ошондо Көкөтөй:

– Сен да азамат экенсиң. Менин атымды минип кет. Сенин атыңды тойгузуп, эптеп алып кетейин – дейт.

– Жакшы болот – деп ошо жерден достошуп Көкөтөй үйүн көздөй тартат.

– Атың аманат. Кайра качан келесиң? Келээриңде алып кет. Кокус өлүп калса — өлүп калганы. Тирүү болсо ала кет – дейт.

Кызыл ууру Кулжага чейин кирип кетет. Беш-алты жыл жүрүп оокат-тиричилиги жакшы болуп, ошондон кайра имерилип, Кабакка үйүнө келет. Кызыл ууру качканда төрт-бешке чыгып калган кызы, аялы бар экен. Кайтып келсе, оокаттары начарлап, кызы бой тартып калыптыр. Кулжадан дүнүйөнү көп таап келген кейиптенет. Ага-тууган, эже-иниси, жигит-жалаңы кайра чогулуп, уурулугун коюп, жылкы-кой күтүп, аппак үйдү жасап, жатып калат.

Ушуну менен Көкөтөйдүн айылы кичине эгинге начар болуп, Жумгалга эгинге келет. Ошентип эгин издеп жүрүп, жоро-бозо ичип жаткандарга туш болуп «бир аяк ичип кетсемби?» деп бозосуна кирип калат.

Улага жакка олтуруп бозо ичет.

– Ажал жетпесе эр жигит өлбөйт экен. Баягы Кызыл ууру уурулугун таштап, Кабакка кайра келип, байып-сайрап, ага-тууган, эл-журт кылып, мыкты киши болуп калыптыр – деп бир топ бозокерлер кеп кылып жатышат.

Жети-сегиз жыл болуп кетти эле. Андан кайра кайтканда Көкөтөйдүкүнө келмек. «Башкабы же ошобу» деп, сурап калат беркилерден.

Ошол экенине анык көзү жетип, Кабакка барайын деп, бир-эки тең буудай таап алат. Бая жаткан үйүнө буудайды дайындап, маасысынын мааниси жок, кепичи деле жыртыгыраак, саңсаң кара көрпөдөн эскирээк тебетейи, ар кайсы жеринен жамалган тону бар Көкөтөй Кызыл уурунукун көздөй чу коюп жөнөйт.

– Кызыл уурунун айлы кайсы? – десе:

– Мынабу — деп көрсөтөт.

Эки мамы турат, бирөө бош, бирөөндө бир ат байланган.

– Салоомалейкум – деп салам айтып бөжүрөп кирип келип улагараак жакка олтуруп калат Көкөтөй.

Астына карала жууркандан кабаттап, анын үстүнө шурудай болгон кызыл көлдөлөңдү салыптыр. Башына пар жаздыктан төрттү-бешти коюптур. Илбирс ичикти жамынып, бутунан намиркен маасы көрүнүп турат. Таанып бекен деп сырын айтпайт Көкөтөй. Жүктүп бурчунда бир бой тартып калган кыз сайма сайып олтурат. Кырктан ашып калган бир аял даңкан чайнекке от жагып, чай кайнатып жатат.

– Байбиче, тиги чоочун киши кейиптенет, чайың кайнаганча ага кымыздан куюп бере турчу. Ыраактан келген киши бейм? – дейт Кызыл ууру.

Кымызды алып келип сунганда:

– Ичпейм, байбиче, мен мусапыр жолоочумун. Ичпей жүргөн кишинин ичин оорутуп чычкактатат – дейт Көкөтөй.

Ошондо кыраакы Кызыл ууру байкай калдыбы, кырданып:

– Ай, кайдан келген кишисиң, айтчы урук-тегиңди?

– Ии, уурум таанybaйсыңбы эми? Тосордо атың баспай калып, ыргайдай болуп, оозуң кеберсип турганда бышырган козунун этин берип, кымызга тойгузуп, минип турган атымды бербедим беле, жолуң болсун!..

Ошондо Кызыл ууру секирип туруп, баа деп чуркап басып жыгылат.

– Кел! – деп өзүнүн ордуна отургузат.

Чайын-майын берип дегендей:

– Келе менин бозомдон алып келгин! – ден кыйын чыккан таруу бозосунан бир чоң аяк ичирген соң сөзгө келет.

– Кой, тигил этти! Алып келип сойгула, жаңы эт жесин! – дейт

Кызыл ууру.

– Ашканада эт турат – деп аны сойдурбады аялы.

– Эмне келдиң эле? – деп ырахаттанып сурады Кызыл ууру.

– Быйыл элим эгинден кемчил болуп калып, башынан эле арпадан башка чыкпайт. Жумгалдан эгин алып келейин деп эгин издеп келдим эле -деди.

– А-а! Жакшы келипсиң! Жаткының! Жети күндө кетесиң! – деди.

Түрлүү тамак, эртең менен жатаарда эт. Аялын карады эле, бир көйнөк ыштан, жаңы кемсел, бутуна көлөшү менен намиркен маасы, жакшынакай жасалган бир карышкыр ичик алып жапты.

Бир жыл болгонбу, кичине көөнөрүп калган сүлөөсүн тебетей топусу менен кийгизди.

Эл келет, кетет. Жөнөөр күн болуп калды. Бир атан төөгө эки мыкты кап буудай, кичирээк бир ургаачы төөгө эки буум шак, таруу жүктөттү.

Жаргылчакка тартылган эки чака угутун үстүнө бастырды.

– Ой, сен, атыңды токунуп, Кызартка жеткирип коюп кайра кел.

Кызартка бир конуп барасыңар – деп бир жигитке дайындады. – Ой жылкычы, карагер бээни тайы менен алып кел! – деди.

Тайы семиз, кысыр эмди бээ экен.

– Муну жетелеп ал, досум. Алып барып энесин согум кылып, өзүн союп ал.

Ой катын, Көкөмүн кийимин тарп кыласыңбы, алпар да Көкөмерен суусуна салып ий! – деди Кызыл ууру.

– Ырас айтасыз! – деп жаман кийимдерин алып барып, салып жиберди.

Кызыл ууру атын алып келди, токуп минди.

– Уурум, баякы сенин атынды беш-алты конуп алып келдим. Мыкты күлүк ат экен. Ушуну Байгазы болуш сурап, мен бербей койдум. Беш жылдан кийин жолоочулап бир жакка кетип калсам, атам Байгазыга кармата бериптир. Ат-Башыга кудасынабы, жек-жаатынабы берген экен, эки-үч сапар чыгып, Ат-Башы кудай урган атты кыйын сүрөйт, ошондо жыгылып өлүп калыптыр. Атам менен урушканда болобу, болбойт. Сен атымды берип коёсуң деп алты ай түз карабай, үйүнөн кирип тамак да ичпей жүрдүм.

– Оо, досум, ошо мен бергенде жети-сегиз асый ат эле. Бая ачкасынан өлбөй, кадыр таап туруп өлгөн тура, ага эмнеге кейийсиң! Сенин берген атың деле ошондон калышпаган ат эле. Нечен жыл Кулжадан бери кыдырып жүрүп, келип коё берип, семиртип, ак тилегим болсун деп түлөө кылып элге тараттым. Эми, досум, келип кабарлашып тур. Мен сени акыретте да унутпаймын – деди.

***Китепте: Эл куудулдары***
***/ түзгөн – Буудайбек Сабыр уулу,***
***Ф., 1987, 21-68-б.***

## КАРАЧУНАК ШЫЛДЫР УУЛУ

## (1860–1960)

Шылдыр уулу Карачунак 1860-жылы Кемин районуна караштуу Жаңы-Жол (эскиче аты Кандарык) айылында жакыр үй бүлөдө жарык дүнөгө келген. Атасы Шылдыр колунда мыдыр малы жок жарды адам экен. Карачунак ошол кедей Шылдырдын көзгө басар жалгыз туягы болгон. Карачунак бой жетип, Байчибе деген аял алат. Үч эркек уулду болот. Эң улуусу – Ыманаалы, андан – Сайидин; экинчиси – Тынаалы. Мындан тукум калбаган; үчүнчүсү – Усубаалы. Усубаалыдан эркек бала жок, үч кызы болгон. Алар: Осипа, Милипа, Эркеган. Усубаалы Жаңы-Жол колхозу уюшулган күндөн бери тарта колхолдо жылкычы болуп иштеп жүрүп, 1957-жылы каза болгон.

Карачунак кезинде бай-манаптарга жигит болуп жүрүп, алар менен кошо ажылыкка Мекеге да барып келген. Бирок, «кедей киши ажы болбойт» – дешип, байлар анын ажылыгын таанытбай коюшат. Эл арасындагы кепке караганда, Карачунак тирүү кезинде эле мындай бир сөздү айткан экен: Мен кокустан өз ажалымдан өлсөм, сөөгүмдү жууп жаткан молдонун колун кармай калып бакыртам. А болбосо «ач бел, куу жондо өлөм» – деп. Айтканындай эле, 1917-жылы үрккөн эл Кытайдан кайра келе жатканда, Казакстандын жериндеги Каштек ашуусунда, белге жетип-жетпей ачкадан каза болуптур. Каштектин

туу белине казак туугандар Карачунактын сөөгүн таш менен корумдап, куран окуп кетишкен экен. Карачунак чыны менен карапайым элдин ой-мүдөөсүн жактаган, алардын сөзүн сүйлөгөн, чечкиндүү адам катары эл арасында айтылып калган. Анын кылык-жоруктары ооздон-оозго айтылып, күнү бүрүнгө чейин куудулдун атын өчүрбөй келет.

***Асымкан Исраилов –***
***куудулдун жердеши, жыйноочу***

## БАЙДЫН БАЛДАРЫН ЧЫЧКАН МЕНЕН КОРКУТКАНДА

Карачунак өзүнүн боз байталын минип алып, кыштын кыраан чилдесинде Боролдойдон чыгып, Жол-Булакты көздөй бара жатса артынан Кемин өрөөнүндөгү Сарбоз байдын баласы Токтосопу жолдошу экөө эки жоргону минип келатат.

Аңгыча болбой Карачунактын алдынан бир чычкан жөргөлөй өтүп калат. Карачунак атынан түшүп, чычканды кармап, чөнтөгүнө салып алат. Бир аздан кийин Токтосопунун жолдошу аттын даңканы менен Карачунакты бетке урдуруп өтүп кетет. Токтосопу Карачунактын жанына келип токтой калат да:

– Эй чал, наспайың барбы? – деп сурайт.

Анда Карачунак:

– Бар, бар, айланайын! – деп чөнтөгүнө колун салат.

Аңгыча байдын баласы:

– Төө тукум бере тургансыбай берсең тез эле бербейсиңби? – деп колун сунат.

Балам, эңкей, колунду бери сун, суукта карыган кишинин колу

суукка пайымы жок болот тура. Бери эңкей, бери сун айланайын? – деп баягы чычканды Токтосопунун жеңинен коё берет. Чычкан жеңден жөргөлөй колтукту карай жөнөйт. Баягы жерден Токтосопу колун чапкылап:

– Кокуй, кокуй! – деген бойдон жолдошуна дагы токтобой үйүн көздөй жөнөп кетет.

Токтосопунун жолдошу бир Карачунакты бир жолдошун карап аң-таң калат.

– Сен мүсүндөй болгон гана чал, эмне палээ кылдың? Эмне болсо дагы сени өлтүрөмүн, болбосо алдыга түшүп бастыр! – деп Карачунакты айдап алат.

Сарбоз байдын баласы кокуйлап олтуруп үйүнө келип, аттан ыргып түшүп:

– Быякта, быякта, аркада, капталда! – деп жан-жанын чапкылай берет.

Ошол мезгилде Сарбоздун үйүндө бир топ байлар түштөнүп олтурган экен. Алар байдын баласына жин-пери тийген экен деп ойлошот.

Аңгыча болбой Сарбоздун ачуусу келип:

– Иттин баласын эшикке алып чыгып, байлап таштагыла! – дейт.

Бай айткандай Токтосопуну улкунтуп-жулкунтуп эшиктеги мамыга байлашып, чечиндиришет. Чечингенден кийин карашса, баягы жинди кылып жаткан чычкан болуп чыгат. Олтурган байлар аң-таң калышат. Бир оокумда Карачунакты алдына салып айдаган Токтосопунун жолдошу келет.

– Бул чал кылды. Муну мен өлтүрөмүн! – деп жулунуп коёт.Карачунакты тааныган байлар Сарбоз баш болуп, жазага тартуудан коркушуп, тескерисинче:

– Койгула, балдар, силер эмес, бизди да балакет кылат. Ошондуктан алдына түшкүлө – деп, кайра экөөнү тең алдына түшүрүп кечирим сураткан экен.

## ИТ БОЛУП ЭШЕНДЕРДИ КОРКУТКАНДА

Канды-Арык деген жерде Далбайдын баласы Султан деген болуштукуна Бухарадан төрт-беш эшен келип мейман болушат. Кыштын узун түнүндө болуш-эшендер сүр болгон этке тоюшуп, андан кийин бир-эки самоор карандай чай ичишет. Бир аздан кийин конок каадасын кылышып эшикке чыгышат. Баардыгына төшөк салынып, меймандар жатышат.

Кыштын түнү кандай узун. Бир оокумда эшендердин бирөөнүн шаштысы кетип эшикке чыгат. Султандын оозгу үйүндө жаткан Карачунак эшендин эшикке чыкканын билип калат да тамдын каалга-

сынын жанына келип туруп, баягы эшен эшикти ачканда «р-р-р!» деп итче ырылдап коёт.

– Ваа куспуруш! Кайдан келип калды! – деп кайрадан эшикти карай басып кетет.

Илгери эшендер бутуна кепич, үстүнө өзбектердин чепкенин жамынып жүрчү экен. Көйнөк-дамбалчан эшен жука чепкени менен бутундагы кепичи карыганы аз келгенсип, кыштын суугуна туруштук бере албай калчылдайт. Баягы эшен дагы: «Эшикти бир карап көрөйүн» деп, эшикти акырын экинчи жолу ачат. Карачунак дагы:

– Р-р-р! – деп койсо:

– Ваа пачагардын ити, кайдан кирип кеткен? – деп кайра бурулуп кетет.

Эшикте суукта жүрүп, тиши-тишине тийбей калчылдайт. Үйгө кантип кириштин айласын таппайт. Итти эшен өзүнчө аябай тилдеп, айласы кеткенде үйдүн эшигин дагы бир жолу ачат.

Үчүнчү жолу ачканда ит билинбейт. Көрсө Карачунак өзүнүн ордуна барып жатып калыптыр. Каалганы ачкан эшен:

– Я бисмилла! – деп ичкери көздөй катуу секирип катуу уктап жаткан  жолдошторунун үстүнө барып бир түшөт. Денеси муздаган эшенден коркуп, берки эшендер бакырып тура калышат.

– О неме болду, неме болду? – деп сурай кетишет.

Түнкүсүн эшикке чыккан эшен иттин үйгө кирип алып аз жерден каппай калганын андан сактанамын деп аябай үшүгөнүн айтып берет. Калган эшендердин да сыртка чыгабыз дегендери баягы сөздү угуп, корконунан эшикке чыкпай таң атканча беймаза болушат.

## БӨДӨНӨ УРУШТУРГАНДА

Күндөрдүн биринде Карачунак көк байталын минип Токмокко келет. Күздүн күнү Токмокто жемиш, май көп сатылат эмеспи. Карачунак суусаганынан

чыдабай дарбыз алып, союп жеп жатса жанына бир кыргыз келип, мал базардын жанында кербенчилердин бөдөнө уруштуруп жатканын айтат. Суусунун басып алган Карачунак баягы бөдөнө уруштуруп жаткан жерге келип, бир топко карап турат.

– Аа, Ашимахундун бөдөнөсү Мамедахундун бөдөнөсүн жеңип чыкты. Элүү тенге утту! – деп, Ашимахун тараптагылар мактанып жатышат.

Эмки жумада бөдөнө алып келип, булар менен кармаштырууну ойлонуп, Карачунак үйүнө келет. Эртеси бир куш кармаган кыргызга барып, чоңдугу бөдөнөдөй болгон бир кыргыйы бар экен:

– Кыргыйыңды бергинин? – деп жатып сурап алып, кийинки жумада кайра Токмокко келип, курмушуга ороп, колтугуна кысып, бөдөнөнүн кармашуусуна кызыгып карап турат. Эл өтө көп чогулган. Аныктап, даана көрүүгө эч мүмкүн эмес. Эбин таап, ары түртүп, бери түртүп олтуруп, бир чоң далдайган кишинин жанына келип калат.

Аңгыча болбой:

– Өткөн жумада жеңилген Мамедахундун бөдөнөсү, Ашымахундун бөдөнөсүн жеңип жүз теңге пул утту! – деп чуу түшүп, колдорун чапкылашып: – Ээ, худа берди!- дешип чуулдашып калышат.

Ошол учурда бир кербенчи Карачунактын колтугундагы кыргыйды көрүп:

– А бул нима, будапами? – деп сурайт.

– Ооба, бөдөнө! – деп жооп берет.

– Биздин Мамедахундун бөдөнөсү менен сохуштурасыңбы? – дейт.

Анда Карачунак:

– Жок согуштурбаймын, Мамедахунуңардын бөдөнөсүнүн көзү жаман экен. Экинчиден, мындай ачуулуу бөдөнөнүн корозун туулуп-бүтүп биринчи көрүшүм. Үчүнчүдөн, эң чоң бөдөнө экен. Төртүнчүдөн, көп акча салууга кудуретим келбейт – дейт.

Ортого алышып:

– Ваа катунмусуң я, иркэкмисиң, келиң, согуштурамыз – деп жаалап кетишет. Ортодо бөдөнөсү жеңишке ээ болуп мактанып турган Мамедахун:

– А кыргыз канча пулуң бар? – деп сурап калат.

Жанында акчасы болбогондугуна карабастан:

– Токсон беш та пулум бар – деп жооп берет.

– Ва кыргыздын жүз таңгага беш тасы жетпейт экен. Бопту, келиң сохуштурамыз! – деп Мамедахундун нысабы бузулат.

Жыйылган эл:

– Сокуштуруң, сокуштуруң? – деп кысташат.

Эки жагын караган Карачунак бу агайындардын бөдөнөсү менен өзүнүн «бөдөнөсүн» согуштурууну чечет. Кичинекей муштумдай болгон кыргыйды кош колдоп, тумшугун гана чыгарып, Мамедахундун бөдөнөсүн көздөй жибербей кармап туруп алат.

Даңазага мас болгон Мамедахун:

– Ва кыргыз жибериң? Нимага коркосуз? – деп кекирейип коёт.

Анда Карачунак:

– Жиберейин деймин, сиздин бөдөнөңүздүн ачуусунан коркуп жатамын – дейт.

Мурдатан согушуп көнгөн бөдөнөсүн Мамедахун коё бергенде, ары өтүп кыдыңдап улам келип Карачунактын бөдөнөсүн чокуп кетет.

– Ээ кыргыз жибериң, мен бир жүз элүү тенге пул коёмун! – деп Мамедахун мактанып кыйкырып жиберет.

– Мына эмесе – деп, колундагы кыргыйды коё бергенде, ал шып деп ары карай учуп чыгат да, кайра келип, бөдөнөнү бөктөрүп кетет. Талдын бир бутагына барып конот да, баягы бөдөнөнү жей баштайт.

Анда көпчүлүк:

– Ва мына кыргыздын амалын караң. Биз жибер, жибер деп жатканда жибербестен тутуп туруп, хутту ачтигин келтирип еткан турваймы – дешип, бир жүз элүү теңгесин беришет да:

– Бөдөнөңү сатың! — деп жана жүз элүү теңгени алдына коёт.

Ошентип куудул Карачунак Мамедахунга кыргыйды бөдөнө деп сатып жиберет.

## КЕРБЕНДЕРДИН ПАЛООСУН АЛГАНЫ

Күз айларынын бири. Олуя-Атадан келе жаткан кербендер Жел-Аргыга жеткенде жүктөрүн түшүрүшүп эс алууну чечишет. Бир топ кедейлер менен биригип бай-манаптардын жумушун жалданып иштеп жаткан Карачунак баш болуп, кербендер келишип, Жел-Аргыга түшкөнүн көрүшөт.

Кедейлердин ичинен бирөө:

– Атаңдын көрү ай, тетиги кербендер түшкөн жерде эле түтүн булолоонот. Сыйкы соодагерлердин палоосун басып жатышат окшойт – дейт. Экинчи бирөө анын айтканына таң калып, тамшанат да:

– Ушинтип ач жүргөнүбүздө палоого бир тойсок кана? – дейт.

Анда Карачунак өзүнүн жолдошторунун сөздөрүн угат да көк байталын минип алып кечке жуук кетип калат. Карачунак үйүнө келип, узун талды кыйып алат. Айыл-ападагы кыргыздардын чаначын жыйнап, күүгүм кире кербендер шапар тээп жаткан жерге келет. Тыяк-быягын караса кербендер өздөрү жаткан жерден алыс жерге үч-төрт кемеге жасап, ошого күрүч басып жаткан экен.

Аңгыча болбой Карачунак жагындагы кемегеде от жагып жаткан малайдын оту өчөт. Баягы куруган малай эч нерсе менен иши жок, эңкейип өчкөн отту жандыруу үчүн үйлөй бергенде, аны акмалап турган Карачунак көчүккө сайып калат. Ал кантип карап турсун, тура калып экинчи кемегедеги малайды келтирип туруп муштайт. Экинчи малай Карачунак сайган кишини союлу менен бир чабат.

Ошентип күрүч бышыргандар бири-бири менен мушташып, ары жакта эс алып жаткан кербендердин башчысына барышат. Күнөөнүн кимден экендигин териштирип сураганча, Карачунак казандагы бышып турган күрүчтү бүт чаначына салып алып жолго түшөт.

Мушташкандарды жараштырып кайра келишип:

– Быштыбы, жокпу палоону көрөлү? – деп карашса, күрүч турмак кара балакет жок.

– Бул бир окуялуу сыр болду! – дешип, дүрбөлөңгө түшкөн кербенчи соодагерлер шашылыш түрдө жүктөрүн артынып ачка бойдон жол тартышып кетишет.

Карачунак күрүчтү алып келип, өзүнүн айылындагы бей-бечаралар менен ырахаттанып бөлүп жешет.

– Кызыл кулактарга чала болду, алардын өлөөр күнү кайда! – дешип өздөрүнүн алкыштарын Карачунакка айтышат.

## ДҮЛӨЙ БАЙДЫКЫНДАГЫ КУРАН ОКУУ

Өткөн теңсиздик өкүм сүрүп турган мезгилде кыргыздарда бай-манаптардын доору жүрүп, шарыяттын жолун жолдоочулар көп болгон. Ошол мезгилде Карачунак мусулмандарча куран окуганды билбеген, билсе дагы динге ишенбеген. Ыгы келсе, бай-манаптарды кордоп, аябай шылдың кылган.

Күндөрдүн биринде курман айт болот. Карачунак капысынан Тердикбай дегендин үйүнө келип калып:

– Байым, айтыңыз майреке болсун! – дейт.

Ал:

– Айтканың келсин балам, кел – деп чай берет. Артынан анча мынча эт берип туруп:

– Кана, балам, ата-бабаңдын арбактары үчүн куран окуп жибер – дейт.

Куран билбеген Карачунак «Окубай койсом бай жазалайт, андан көрө окуп кутулайын» деп куран окуган жери:

– Ообзимулла, иимана шайта нррайым,
Куран билбесем эмне кылайын,
Куран окугун деп кыйнаган,
Дүлөй Тердикбай байдын так атасынын

оозун урайын. Куран билбегендигим үчүн кечирип кой кудайым! – деп оозу-башын күбүр-шыбыр эткизип бата кылат.

– Оо балам, сени куран билбейт деп айтышчу эле сен кыраатты менен окуйт турбайсыңбы! – деп ыраазы болуп калат.

## ПРИСТАВДЫН БАЛАСЫН КОРКУТКАНДА

Айылда эки бай болуштукту талашып жүргөн мезгил. Кичүүсү болуш болгондон кийин, Пишпектен пристав келип, кыргыздар менен чогулуш өтөт. Межилис бүткөндөн кийин жаңы болуш приставды үйүнө чакырып конок кылат. Приставдын жанында ээрчитип, эркелетип жүргөн төрт-беш жашар эркек баласы бар экен. Баягы ойноо бала тамак ичпестен оюнга кызыгып ойной берет. Болушка жана приставка кире албаган кыргыздар эшиктен шыкаалашып кароого мажбур болушат.

Бир оокумда Карачунак акырын келип, эшикти тырс дедиртип ача бергенде, бала аны карай калат. Приставдын баласынын көзүнө бир желмогуз көрүнөт. Көрсө, Карачунак оозун кыйшайтып, көзүн чүңүрөйтүп желмогузга окшоп калыптыр. Тамак ичип олтурган пристав, болуштар жана ага кошомат кылган куулар болушуп, баланы көтөрүп алышат. Эптеп жатып сооротушат. Коркуп калган баланын эки көзү баягы эшикте. Анча-мынча убакыт өткөндөн кийин Карачунак дагы эшикти акырын ача бергенде приставдын баласы дагы карай калып чалкасынан кетет. Үйдүн ичинде олтургандар дагы алагды болушуп, баланы сооротушат. Пристав болсо,

ookat ичүүгө мүмкүнчүлүгү келбейт. Анын үстүнө баласы коркконунан алдынан түшпөй калат.

Карачунактын кылыгын билген жаңы болуш эшикке чыгат да:

– Айланайын Карачунак бул жоругуңду кой, кокус пристав билип калса, сени дагы мени дагы соёт – деп айтат.

Анда Карачунак жаңы болушка карай:

– Баягы кедейлерден алган тогуз асыйды кайтарып бергиниң. Же болбосо, приставдын баласын коркутканым, коркуткан! – дейт.

Айласы кеткен болуш бечаралардан алган тогуз байталды кайтарып бериптир. Жайлоодогу таш салган мезгилдеги тогуз байталды Карачунак алып, кедейлерге бергенде алар алкыш айтышат.

## ДААРАТ АЛГАН БАЙЛАРДЫ КОРКУТКАНДА

Жаз айларынын бири. Көл жээгиндеги бай-манаптар биригип алып, Мекеге барууну чечишет. Көлдүн оң жана сол жагындагы бай-манаптар Балыкчыга чогулушуп, ошол жерден чогуу Пишпекке, андан кийин Олуя-Атага почтовой менен жонөөнү макулдашышат. Алыскы жолго чыгуу алдында шарияттын шарты боюнча даарат алып, намаз окуп жолго чыгуу алар үчүн парз болгон. Ошентип бай-манаптар көлдүн жээгинде кыркаар тартып, даарат алып отурушат.

Тору-Айгыр жана Сары-Камыш жактан Чүйдү карай жол тартып келе жаткан Карачунак баягыларды көрүп: «Силердин сазайыңарды колуңарга карматайын» деп ойлоп, өзү дайыма алып жүрүүчү аскерче шинель, шапкесин кийинип, курун курчанып, алыстан көк байталды таскактатып, кадимки аскерче көчүгүн көтөрүп:

– Ну мунун!.. – деп, башкы даарат алып жаткан байга келип,- ишти, шайтан кыргыз, көчүк жууйсуң,

жууйсуң, суу булгайсың, булгайсың! – деп чала-була сүйлөп, камчы менен таамайлап туруп, жондото басып калат.

– Айланайын төрөм, мындан кийин жуубаймын!- деп четтеги киши селдесин сүйрөп, мечитти карап, дамбалын байлоого чамасы келбей качат.

Аны көргөндөрдүн баардыгы тең биринин кепичин бири кийип, эч нерсеге чамасы келбейт.

– Төрөнүн ачуусу келип калган экен – дешип, мечитти карай качып жөнөшөт. Ошентип, баягы төрөнүн жигити болуп кууп жүргөн бир киши ондогон бай-манаптардын шаштысын кетирип, дүрбөлөңгө салат. Алдын мечитке кийирип, арты кире электе боору катып күлгөн Карачунак байлардын курсагып торсойтуп кубалап куду кашкулакка окшотуп, бөжүтүп корголотот.

– Жанагы төрөдөн кутулганыбызга ак сарбашыл! – деп, манаптар кала беришиптир.

## БАЙДЫН ЭТИН ЖЕГЕНДЕ

Мурда бай менен кедейдин айырмасы көк менен жердей болчу. Жазгы ала шалбырт. Байлар кышкысын согумду көп союп, узун сарыга сактоочу. Ал эми кедейлер болсо кара жармага жетсе жетип, жетпегени байларга жалданып иштешип, эптеп оокат кылуучу. Күн узарып, жоон сүзүлүп, ичке үзүлгөн мезгил. Карачунак баш болгон бир топ бей-бечара кедейлер оокат издешип, жумуш иштеп, бала-бакыраларын эптеп багып жүрүшөт. Кичи-Кеминдеги жетиген уруусунан чыккан Токтосун ажыныкына Карачунак жолдоштору менен түшүп калат.

Токтосун ажыга саламдашып көрүшкөндөн кийин, чай берет. Баргандагы максаты эптеп үзүмчүлүктө бир шорпо ичирээр бекен деген үмүт. Бирок Карачунактын үмүтү ордунан чыкпайт.

Токтосун ага карап:

– Күн жаз, эт аз, эми ушул чай менен эле кетмек болдуңар, букаралар – деп жооп айтат.

– Байгамбар барына азыр, жогуна кайыл деген – деп Карачунак эки жагын карап олтурат.

Бир маалда Карачунак алтымыш эки баш боз үйдүн ичиндеги чыгдандагы алабаканда илинип турган койдун, жылкынын сүрсүгөн карчыгасын көрөт.

Ыктыяры менен бербеген Токтосун ажыга бирди көрсөтөйүн деп Карачунак жанындагы жолдошуна шыбырайт. Жолдошу болсо коркуп:

– Байдын каарына калбайлы?! – дейт.

Карачунак ага болбой:

– Мындай байлардын далайын көрбөдүмбү. Муну тамашалап олтуруп этин астыртамын, силер байкап тургула – деп Карачунак кепке аралашат.

– Токтосун бай, бул боз үйүңүз канча баш? – деп сурайт Карачунак.

– Үйүм жаңы, алтымыш эки баш – деп жооп берет.

– Жок, бай жетимиш эки баш го.

– Жок, алтымыш эки баш.

– Жок, жетимиш эки баш! – деп Карачунак талаша берет.

Экөө тең биринин сөзүн бири укпай, чырга айланат.

Токтосун:

– Мен өзүм башында туруп жасаттым. Алтымыш эки баш – десе,

Карачунак:

– Жок, мен азыр санадым, жетимиш эки баш – дейт.

– Капырай менин көзүмө шайтан көрүнүп турбаса, үйүм алтымыш эки

баш болчу – дейт Токтосун бай. Бир аз мезгил өткөндөн кийин Карачунак:

– Анда макул болбосоңуз, азыр кайрадан санайм.

Ага бай макул болот.

– Мелдеш эмне болсун?

– Эмне болсо, ошол болсун, Тээтетиги алабакандагы илинип турган

карчыгадан оң жагын мен санаймын, сол жагын сиз санаңыз деген экен.

Токтосун бай чай бергенде эт жок деген сөзүн төгүнгө чыгарганын билип, ал кемпирине:

– Байбиче, бул букараларга тигил эттен асып бер. Болбосо, Карачунак бизди жыйылгап топто уялтып, сөзгө калтырат – дейт.

Уялган Токтосун тамагын астырып Карачунак баштаган кедейлерди тойгузуп жиберет.

## ЖАРМАНЫН АТАГЫН ЧЫГАРУУ

Күндөрдүн биринде Карачунак Токмок шаарына келип курбулары өзбек Мамбетакун, орус Василий үчөө түшкүсүн тамактанууга ашпозго киришет.

Аңгыча болбой бир ашпозчу:

– Ыстык манты! – деп, кыйкырса, экинчи бирөө:

– Орусча бышырылган суюк аш! – деп калат.

Көрсө орусча бышырылган суюк ашы, картошка кошуп бышырган кесме экен.

Кесме менен мантыдан бирден алып, кесмени иче баштаганда бир казак:

– Кымыз сатам, Караконуздун кымызы, муздак! – деп, кыйкырып калат.

Баягы үчөө үч аяк кымыз алышып, ойноп-күлүшүп тамактарын иче башташат. Биринчи жолу орусча жасалган кесмени ичкен мезгилде Василий:

– Ох, орустардын кесмеси кандай даамдуу. Деги биздин элдей эч бир улут оокат жасай албайт го! – деп мактана баштайт.

Мантыны жегенде Мамбетакун:

– Оо, караң, кандака ширин, өзбек элиндей эч адам минтип жасай алмайды! – деп мойнун көтөрүп корозчо койкоктой баштайт.

Кесме ичилип, манты желип бүткөндөн кийин, үчөө кымызды шыңгытып ичип болоору менен эле Карачунак:

– Оо, кымыздын даамын карачы. Кымызды ичкенинде адамдын бүткөн бою жибип, капчыгы чыгат. Бул бойго тараган кан эмеспи – дейт.

Ошентип үчөө сөздөн сөз, кептен кеп чыгып:

– Тамактын түрүн орус көп жасайт, жок, өзбек көп жасайт десе, үчүнчүсү:

Жок кыргыз көп жасайт – деп талаша кетишиптир.

Бирине-бири түшүнбөгөндөн кийин Карачунак сөз алып:

– Эй туугандар, минтип талаша берсек күн кечкирет. Ошон үчүн ким тамакты көп жасайт экен, санаша коёлу – дейт.

Калган үчөө ошого макул болуп саноого макул болушат.

Биринчи кезек Василийге берилет.

– Эмесе сиздер жаңылбай санап тургула, мен санай баштайын, – деп төмөкүчө санай баштайт: – капуста борщу, картошка кесмеси, макарондон кылган кесме, сүт кесме, котлет, щи – деп санап олтуруп, жыйырма түрлүү тамактын түрүн айтканда берки экөө оозун ачып калат. – Мен бүттүм, эмки кезекти Мамбетакун сизге беремин – дейт Василий.

Мамбетакун башын көтөрүп:

– Эми мен кеп уруп берем, сиздер якшылап санап туруңлар: шурпа питтаси, манты экита, плов учта – деп санап олтуруп он бештен ашырып таштайт.

Тигилердин айткандарын уккан Карачунак эмне айтаарын билбей көпкө ойлонуп: «Булар чынында эле тамактын көп түрүн жасайт, бул чындык. Эми эптеп сөзгө жеңилбөө аракетин жасоо керек» деп эптеп сөзгө жыгуунун аракетин издейт. Бул максатта кыргыздын жармасынан айтып берүүнү чечет.

Сөз Карачунакка берилет.

– Эмесе агайынар, сөзгө кулак салгыла. Мен сиздерге кыргыздардын жармасынын гана түрлөрүн айтып берейин – деп айта баштайт.

Василий менен Мамбетакун колдорунун манжаларын ачып, жуумп санап турушат.

Карачунактын айткандары:

– Майга кылган жарма, майга кылбаган жарма, арпанын жармасы, жүгөрүнүн жармасы, коноктун жармасы, айран кошкон жарма, май кошпогон жарма, курут кошкон жарма, курут кошпогон жарма – деп, жалаң жарманын түрүн жыйырмадан ашырат. Жармаларды санап бүткөндөн кийин, Карачунак – эми калган эт, кымыз, айран ж. б. кошпой эле койдум. Аларды кошкондо отуздан ашып кетет – дейт.

Мамбетакун менен Василий Карачунактын айткандарына таң калышып:

– Чынында эле кыргыздарда тамактын түрлөрү көп турбайбы? – дешип шыпшынышат.

Ошентип, кыргыздардын жармасынын атагын Карачунак көтөрүптүр.

* * *

Карачунак Рыскул деген болуштун бир үйүр байталын уурдап кетиптир.

Ошо Карачунактын тынымсейитте таякелери бар экен, ошого келип-кетчү экен. Аны кийин иликтеп угушат.

– Жээниң биздин жылкыны алып кетиптир. Жээниңди алып келгиниң, болбосо сенин бүткүл малыңды аламын – деп коркутат.

Боз кыроодо эл кайра тартканда Карачунакка киши жибергенби, иши кылып Карачунак таякесиникине келет.

Таякеси сөздүн жөнүн айтып:

– Жүр, баралы, – деп эртеси алып жөнөйт.

Ошондо:

– Таяке, – дейт – менин сырымы билесиң. Тигине Карачунак деп көрсөтүп кой, андан башка кеп жок.

Ошону менен Карачунакты учкаштырып, Рыскулдукуна келет. Аттан түшкөндөн кийин:

– Таяке, сиз кире бериңиз, артыңыздан киремин – дейт.

Карачунак артынан кирет. Самсаалаган жаман чапан, жаман чокою, жаман тебетейи бар.

Эшиктин астында, оттун жанында сокуга көчүгүн коюп Рыскул болуш отурат. Казанда эт бышып жатат. Элдин алдында бир аяктан кымыз, дасторкон жазылуу.

Кирип келип Карачунак Рыскулдун арт жагындагы керегеге жөлөнүп, сыңар тизелеп олтуруп калды.

– Карачунакты алып келдим, болуш – деди.

– Кана кайда? – деп сурады болуш.

– Артыңызда олтурат.

Кылчактап карап алып:

– Чык эшикке! – деп Карачунакты эшикке чыгарып жиберип, – ушубу Карачунак? – деп сурады. – Сиз да кетиңиз, Карачунак ушу болсо, эми дагы бир айгыр үйүр жылкымды алса да ыраазымын. Бирөөнүкүнө келип түнөсө, ырыс калбайт го, ыраңжоругу суук неме экен – деди.

Эшикке чыгып:

– Жүргүнүң Карачунак – деп таякеси учкаштырып алып, үйдү көздөй жөнөдү. Айылдан алыс чыгып караса Карачунактын өзү.

Бу Карачунакты көргөн кишинин жүрөгү түшө тургандай оозу бир башка, эки көзү эки жакты караган, мурду да бырыйган, адам баласы, карай турган неме эмес эле.

***Китепте:***<br>
***Эл куудулдары/***<br>
***түзгөн Буудайбек Сабыр уулу***<br>
***Ф., 1987, 69-83-б.***

## КУЙРУЧУК (КУДАЙБЕРГЕН) ӨМҮРЗАК УУЛУ

## (1866–1940)

Эл шайырларынын ичинен кимдин болбосун тайманбай бетине сүйлөгөн мүнөзүнүн өктөмдүгү, чечекейдей сүйлөгөн чечендиги, кумарды жазган куудулдугу, анык психолог, сынчылыгы, ырчылыгы менен башкалардан олуттуу айырмаланып турган өнөр ээси – бул, Куйручук. Ал ушундай көп кырлуу артыкчылыгы менен даңазасы кыргыз, казакка дайын болуп, кайсыл элде жүрсө да каалаган сөзүн сүйлөп, өнөрүн көргөзүп, эркинче жүргөн.

Кудайберген Өмүрзак уулу Нарын областынын Жумгал өрөөнүндөгү азыркы Кызыл-Туу айлында 1866-жылы туулуп, 1940-жылы көз жумган. Куйручук деген ысымды Жумгалдык айтылуу Байзак ыйгарган. Куйручуктун көз карашынын жетилип, өнөрүнүн чыгышына ириде турмуштун тийгизген таасири чоң болгон. Эки жашында апасынан айрылып, бешке чыкканча «куу далы», «итий» болуп ооруп, жети жашына чейин «бечел» болуп баспай[1], ар кимден кагуу жеп, жедеп катуу сөзгө бышып, кенедейинен көрбөгөндү көрүп, ошондон улам ал тиригарак, башкалардын оюна оңой менен келбеген жоруктарды ойлоп тапкан өтө айлакер, тибиртке тилдүү, шок бала болуп калыптанат.

Куйручуктун өнөр жолуна үңүлүп көрүп, анда куудулдук өнөр, чечендик чеберчилик да күчтүү экендигине ынанасың, ошол эле учурда куудулдук

да, чечендик да өнөрдүн калыптаныш эволюциясын дал Куйручуктун өмүр жолу, чыгармачылыгынан даана көрө алабыз. Биринчи күндөрү айыл кыдырып тамак уулайт. Эч ким бербей калганда кара курсактын айынан түнү келип, алгач боз үйдүн сыртынан эле туурдукту түрүп жиберип чара-аяктардагы сүттү узун камыш менен соруп ичип кетчү өнөрдү ойлоп табат. Бул да болбой калганда айылдын сырт жагындагы ороого түшүп жан сактап, айсыз түндөрү келип баканды таянып түндүккө чыгып, түндүк жабууну ачып алгач баканды сойлотуп жерге сайып, бакан аркылуу жылмышып үйдүн ичине түшүп, ашканадагы бышылуу эт, май, тамактарды баштыгына толтуруп, аркасына илип алып, кайра чыгып кетип жүрөт[2]. Ошондой күндөрү кармалып калып, токмок жеген кездери да арбын.

Бир күнү кара курсактын айынан оозума бирдеме илинеби деп келатып жаңыдан эт жей баштаган манаптардын дал үстүнөн чыгат. Улагага тура калган балага бир үзүм эт беришсе буйдамга келтирбей жутуп жиберип тигилерди тиктеп калат, кайра бир үзүм эт сунса кайра ошентет. Анда бирөө:

– Мунуңар тойбогон неме го, эшке чыгарып жиберсеңерчи, – дегенде Куйручук:

– Ушунча жумурай журтту жалмап жаткан сен тойбогон, ушул бир үзүм этке мен тоймок белем, – деп ал манапты меймандардын алдында шерменде кылат. Куйручук ушинтип жүрүп каруу, күчкө толот.

Кайсыл өнөр ээсин албайлы ал толук калыптанып, өз жолун тапканчакты убакта сөзсүз бир катар этаптарды басып өтөт. Куйручуктун да адамдардын жүрүм-турумун, ит-куштардын үнүн куду өзүндөй тууроосу анын чыгармачылыгынын биринчи этабына туура келет.

Ал эми Куйручуктун эч адамдан тайманбай бетине чыгып сүйлөгөн, сындаган мезгили анын өнөр

жолунун экинчи этабына кирет. Чечендик чеберчилик Куйручукта эрте эле түптөлө баштаганына күбө болобуз. Кудайбергендин бала чагы. Жолоочулап келатып Байзактын айлына кайрылат. Байзак ажы адатынча дөңчөдө аксакалдар менен маек куруп отурган экен. Атын четкерээк тушап, олтургандарга салам айтып, тигилердин катарына көчүк басат. Аңгыча эт тартылат. Баарына бирден устукан тийип, жашыраактары эт туурай башташат. Эт туурагандарга кошулган Кудайберген ара-чолодо эт жегенге да үлгүрүп, башкалардан мурда этти туурап бүтөт. Тууралган эт алдыларга келгенде андан бир аз алат да, куюлган сорпосун ичип, колун жалап табактан чыга берет. Аны көрүп калган Байзак дагы жесин дегенчелик кылып:

– Тууралган эттен алсаң боло, ал дагы, – десе:

– Шумкар бир тойгон соң экинчи кайрылып кол салбайт, – дейт. Жаш баланын көзгө сайгандай курч айткан адаттан тыш жообуна таң кала түшкөн Байзак:

– Атаңдын көрү э-эй... Береги Курмучуктун сүйлөп турганын карабайсыңарбы, сөзү чечекейдей, көзү күйүп турат, бул тегин уул болбойт, – деп Кудайбергендин ушул сөзү үчүн ат мингизип, өзүнүн эски чепкенин жаап:

– Мындан ары келип тур, Курмучук балам, – деп узаткан экен.Кийин ар кыл күйгүлтүктүү кылык-жоруктары аркылуу Байзак атагандай Курмучук эмес «Куйручук» аталып кеткендигин Жумгалдын Түгөл-Сай айлынын тургуну Тоймат уулу Мааданбек ата айтып берди эле.

Куйручук кызматка толук жарап калган кезинде өз алдынча иштеп көрөйүн деп атасына айтпай чыгып Токмокко келип бир байга жалданып иштеп калат. Ал бай шаардагы дүкөндөрүнө күзөтчүлүккө коёт. Макулдашылган айлыгы эки сом элүү тыйын. Ошол кезде шаарды тажаткан бир ууру чыгат. Куй-

ручук аны аңдып жүрүп, демделген палоону көтөрө качканда кармап алып, байларга тапшырып, айлыгы жети сомго көбөйөт. Эми ал күзөткө атчан тура турган болот. Ушундан көп өтпөй дүкөндү тешип уурулук кылып жаткан коркунучтуу экинчи ууруну кармап, айлыгы он беш сом болуп калат. Баягыдай болбой, кийим-кечеси оңолуп, оозго алынып, минерге аты бар, тың жашап жүргөн учурунда атасы Өмүрзак издеп таап Жумгалга алып келет. Эмгегине деп берген жалгыз бээсин Көкүмбай чыгымдап алып коёт. Чүйдөн таап келген биртике акча-тыйынын жумшап, аял алып, үй күтөт[3].

Бул маалыматтар анын колунан эмне болсо келген тыңдыгынан, эр жүрөктүүлүгүнөн кабар берет. А. Чоробаевдин эскерүүсүнө таянсак, Куйручук билегинде күчү бар, эңишкенди эңген, алышканды жеңген, оозунда сөзү бар, келбети чыңаган темирдей, кара шириңки, муруту тик, бүркүт кабак, өзү сүрдүү, орто бойлуу, өткүр азамат болуп жетилет[4].

«Эл көрүп, жер таанысаң өсөсүң. Бийик чокуга чыксаң оюң да, боюң да бийик боло түшөт», – деп өзү айтчу экен, анын сыңарындай чакан чөйрөдөн чыгып чыйралып, көптү көрүп, көптү билүүсүнө өз демилгеси менен Токмок шаарына келип жалданып иштеши, мал айдашып Анжиян, Наманганга чейин барып, ар кыл адамдарга аралашып кетиши себепчи болсо, ышкысынын курчушуна анын талантын тайынан байкап, «аман жүрсөң алыска барасың» деп чоң жыйындарга ала жүрүп, эл-жер көрсөтүп, өнөрлүүлөргө өнөктөш, таланттууларга табакташ кылып, топко салып, акылман Байзак көп көмөк көрсөткөн. «Талант оошот, өнөр жугушат» дегендей, Куйручуктун көп кырлуу өнөр ээси болуп калышына Тилекмат, Садыр, Сарт, Кыдыр аке, Көкөтөйдөй акылман, чечен, сынчылардын, Ниязалы, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Бекназар, Айдараалыдай комузчу, ырчы, куудулдардын, Тыныбек, Чоюке, Са-

гымбайдай манасчы, эл шайырларынын тийгизген таасири зор болгон.

Куйручуктун ар жолку кылган ишинде, жүрүм, турумунда куудулдуктун ширелип тургандыгын байкоого болот. Ал кандай кыйынчылыкка кабылган күндө да жол таап кеткен.

Чүйдүн талаасында казак-кыргыздын мыктылары баш кошуп чоң тамаша курушат. Балбан күрөшкө казактын балбанына эч ким чыкпай намыс үчүн Куйручук чыгат. Ал казактын балбанына алы жетпесин билип, ар кай жеринен аткып жүдөтүп, элди күлдүрүп атып жыгып кетет. Ошондо казактын Ногойбай деген төрөсү үч күн мөөнөт менен Олоңжетпес деген балбанын алдырат. Катуу ызаланган немелер мөөрөйүнө 1000 сом саят. Олоңжетпес казак-кыргыз тобунун дал ортосуна келип олтурса дөбөдөй эле көрүнүп калат. Куйручук эптеп эле жыгыштын амалын ойлойт.

Куйручук чыкканда эле жылаңаяк, жылаңачтанып буканы туурап күркүрөп, жер чапчып келет. Балбандын жанына келгенде ага жакын жолобой кыйгачтап, букаларча сыртын салып күркүрөп туруп алат. Кармайын десе жер чапчып, кум аралаш топурактан чеңгелдей келип көзгө болжоп уруп калса, тиги эки колу менен көздөрүн ушалап, түкүрүнүп туруп калганда Куйручук Олоңжетпести бар күчү менен жаакка уруп калат. Ал артынан кууйт, улам кылчактап, бука болуп, топурак чапчып ыргытып Куйручук элди айланып ар кыл өнөрүн көргөзүп жүрө берет. Элдин күлкүсү талааны жаңыртат. Олоңжетпес тигини кууп жете албайт, элдин күлкүсүнө да капталып, күшүлдөп бышылдап, өлөөрчө суй жыгылат. Акырында нары-бери буйтап туруп Куйручук аны дал төшкө сүзгөндө Олоңжетпес жыгылып калат. Элдер күрөш эмес эле тамаша көрүп жаткансып күлүп атып эстери ооп калышат. Ногойбай мөөрөйдү бербей турган болгондо Куйручук «ушул

азыр балбаныңды кайра алып чык!» дей бергенде, чарчап жылбай калган Олоңжетпестин кайра чыкпасына көздөрү жетип мөөрөйдү аргасыздан берип кутулушат[5]. Кыйындыкта көз таба, кысталышта сөз таба билүү өзгөчөлүгү Куйручукта артыкча күчтүү болгон.

Ак-Талааны бийлеген, өзүнөн башканы киши санабаган, оюна эмне келсе жасап, айрыкча жардыжалчыларды каалашынча шылдыңдап, атын тартып алып, ээр-токумун жоо көтөртүп ызалаганды өнөр көргөн, ошондоюнан «жинди» аталган Касымалы деген манап болгон. «Тармал-Саз» деген жайлоого чыгып, алдына көлдөлөңдөрдөн калың салдырып, куш жаздыктарга чыканактап адатынча сөөлөттүү жатса кайгуулдары жолдон тосуп Куйручукту үстүнө алып киришет. Саламын алик албайт: – Эмне ичесиң? – дейт Касымалы.

– Сиз эмне ичсеңиз, ошону ичем – дейт Куйручук.

– Жуурат ичишелиби?

– Ичишсе ичишели. Экөөнүн алдына чоң аякка толо куюлуп жуурат келет.

– Ойноп ичишелиби, же чайнап ичишелиби – десе, Куйручук:

– Кандай болсо да макул – дейт. Касымалы боз үйдүн бир капшытынан көлдөлөңдөрдүн үстү менен сойлоп келет. Куйручук да экинчи капшыттан сойлоп келип бетмаңдайлаша турат. Касымалы эңкейип, жууратган итче жалайт. Тиги да ошентет. Манап «ар-р» деп ыркырап коет. Ушуну гана күтүп турган Куйручук «аб-аб» деп дөбөтчө үрүмүш болуп, жууратты анын башынан бутуна чейин бүркүп чыгат. Өзү баштаган тамашадан өзүнүн шермендеси чыгып, ошондон барып тиги кишинин Куйручук экенин билип, айыбына тогуз кашка топоз тартууламакчы болот. Бирок, Касымалы амал кылып, эгер билбей калса кайта өзүн кыйыктамакка эртеси он топоз айдатып келет. Куйручук санап көрсө он. Анда Кукең:

– Менин аларым тогуз, бул кайдагы доңуз. Менин алаарым тогуз кашка топоз, бул каяктагы башка топоз – деп онунчу топозун токмоктой баштаганда Касымалы чыны эле Куйручукка даба жок экендигине көзү жетип, «экөөбүздүн бул кылыгыбызды эч кимге угузба» деп абыдан сыйлап узаткан экен.

Бир сапар Канат ооруп жатканда «оорусуна ышкын даба болот экен» дегенди угуп, жети түп ышкын алпарып, жайын сураганда ага ыраазы болуп Канат ат мингизип узатат. Кышында жолоочулап Чүйгө барып келатканда Канат жигиттерине тостуруп Куйручукту алдырып келип:

– Сен эмне Чүйгө баратып кайрылбай кетесиң, – деп ыза болуп «атын чечип алгыла, жөө кетсин!» дейт жигиттерине. Анда Куйручук:

– Сөзүңүз эки болбосун! Бергенин эле кайра алакей болсо, анда менин сизге дабалыкка алып келген жети ышкынымды азыр таап бериңиз! – дейт. Кышында каяктагы ышкын. Канат жүйөөлүү сөзгө жыгылып, атын тартып алуудан баш тартат.

Куйручук калктын намысына, чоң ажаттарды ачканга жараган элдик адам болгон. Ошондоюнан ал дайыма калктын чордонунда жүргөн. Бир күнү Куйручук Кочкордогу Көбөгөндүкүнө барса байбичеси капаланат: «Ушул соодагерлердики өттү, бир жагынан элдин берген малын жөн албай кууланышса, экинчи жагынан келиндерди алдашат» деп. Буларга бир сыр көрсөтүүнү ойлоп, соодагерлер менен чогуу мейман болуп, алардын баш жагына төшөк салдырып Куйручук да жатып калат. Түнү суук, кышка чукул убак. Бир маалда бирөө аттарын чөпкө койгону эшикке чыгат. Ордуна Куйручук жатып алат да өзүбек кайра киреpде итче ыркырайт. Ал киши жылуу төшөгүнө кирип жатууга эки көзү төрт болуп: «Исмат аке!» деп бир нече жолу чакырса да акеси кебелбейт. Айласы кетип керегеден камчы алганда Куйручук орун которуп, өз төшөгүнө барып жатат.

Ал ордуна жатып алган итти чабам деп жанында жаткан байдын бетин жара чабат. «Кокуй эле кокуй» деп уйкусунан чочуп бай турат, эмне болуп кеткенине оңчулуктуу түшүнүшпөй карайлашып баары ойгонот. Байдын бетинен кан токтобой «Сиз кылдыңыз, сиз кылдыңыз» дешип, бири-бири менен урушуп, салынган ак шейшептүү сый төшөктөр булганып, дурусураак акыл таба алышпай турушса Куйручук айтат:

– Бир гана жолуңар калды, эч кимге билинбей кетип калгыла, болбосо кыргыздар шылдыңчыл эл болот, бетиңер калбайт, кутулбас айыпка жыгыласыңар,— деп. Тигилер буга ынанышып «ушул жорукту эч кимге айта көрбөң» — дешип үчөө түн катып жоголушат[6]. Ошентип ал молдо бакшы болумуш болуп караңгы элди алдап, келиндерди бузуп жүргөн соодагерлерден элди куткарат. Учурунда бул айылдарды былгыткан, эң ыпластыкка жаткан орчундуу окуялардан болгон. Куйручуктун «кырк каракчы» аталып, ашууну тосуп, ары өткөн, бери өткөн жарды-жалчылардын жүрөгүнүн сары суусун алган, каракчылардын башчысы Бектенди өз сөзү боюнча 100 сом берип башка чаап, жигиттеринин алдында аны катуу сындырып, талоончулугун токтоткондугу, болбосо 1000 койлуу, үч аялы бар, бирок өлөөрчө сараңдыгынан жүдөө жашаган Кадыма деген байды:

– Үйүнө киши келсе жыртык кара байпагын кере кулач чоюп, төшүн отко тосуп, коломтого сийгенсип олтурганын көр, ириде үстү-башынды оңдоп, үйүңдү эл киргендей кылып коюп анан үч катын күтпөйсүңбү? – деп сөзгө сындырып, эки аялынын башын азаттыкка чыгарышы, же «токсондогу атамды өлтүрүп бер» деген акылсыз жигитти «туюк каргыш», «тулуп каргыш» жана «ачык каргышыма» салып өлтүрүп берем, деп эл-журтка шерменде кылышы өңдүү көптөгөн окуялары анын ар качандан бир качан эл керегине жарай жүргөн эр адам экендигинин далили.

Куйручук көп өнөр күтүп, ошонун баарында өз күчүн, артыкчылыгын көрсөтүп, ал өнөрлөрдү үлгү болчудай бийик деңгээлде ала жүргөн ири шайыр. Бир сапар Токмокко келип дал намаз жуманын үстүнөн чыгат. Имам:

– Тебетейчен намазга түшкөнгө болбойт, селдеңиз жок болсо куруңузду деле башыңызга илип алсаңыз болот, – дейт. Куйручук эшикке чыга калса төө минген казак кетип баратат, белинде күмүш кемерлүү, киселүү куру бар. Намазга жыгылып келе калайын деп чепкенин ага карматып, курун сурап алып, арткы катарга туруп намазга жыгыла баштайт. Казактын күмүш жапкан кайыш курдагы кисесинде: кылаптан дүкөрт, чандуу бычак, устара, бардык сарамжалы толук экен. Улам жыгылган сайын башына чалган кисеси шарактай берип, намазга жыгылгандар күлкүсүн тыя албай бирден жылып эшикке чыга башташат. Улам алдыңкы сапка кошулуп, эңкейип кисесин шарактатса, ал катардагылар андан беш бетер бышкырып, катардын сабы бузулуп, акыры имам экөө эле калат. Кылчайып салам берем деп Куйручукту көрө калып имам да күлүп жиберип:

– Намазды буздуңуз, элдин даараты сынды, зор күнөө кылдыңыз, шум киши экенсиз, башыңыздагы эмне? – дейт. Куйручук:

– Таксыр, селде салынгыла, эгер селде жок болсо кур да болот деп өзүңүз айтпадыңыз беле! Кас санап атайылап намазды бузганым жок. Мен сиздин айтканыңызды гана кылдым. Менимче сиз өзүңүз күнөөкөр болдуңуз. Андай болсо селде таап бериңиз – деп, ыймандын селдесин ооз айыбына алып кетет[7].

Куйручук жолоочулап баратып күн кечтеп кеткендиктен жолдогу айылга кайрылат. Атын мамыга байлап бир үйгө кирип барса үй ээси төө чепкен менен башын чүмкөп алып, куурума чай ичип жаңыдан тердегени отуруптур. Салам берсе алик албайт. Куйручуктун жини келет. Аялы казандын жанында,

өзү төрдө. Кел олтур деген деле киши жок. Аялы куурума чайды төргө чейин басып келип сунуп, бошогон чыныны алып кетип турат. Тигилерге жараша мамиле кылып, Куйручук да өзүн өзү билип экөөнүн дал ортосуна келип олтурат. Зайыбы чай куюп сунганда аны ортодон алып иче баштайт. Тиги тердегени турган неме башын тумчулап, көзүн жылтылдатып «мага качан сунат» дегенсип күтүп отурат. Ана берет жок, мына берет жок. Тыңшаса жанындагы чоочун кишинин чайды ууртаганы угулат. Аңгыча аяк бошогондо аялы аны ала коюп, мелт-калт куя эрине сунса Куйручук тигинден мурда озунуп ала коюп, шоркуратып ууртап кирет. Буга үй ээсинин ачуусу келип, аны билгизбей, тишин кычыратып, күрсүлдөп жөтөлгөн болуп:

– Тердесем болот эле, капырай... – деп зайыбына каңкуулады. Аялы чоң кесеге куурума чайдан куюп, сунуп бараткканда Куйручук аны да илип ала койду да «Өх! жаңыдан ымшып келатам» – деп иче берди, аял мейман бошоткон аякка кайра дагы чай куюп обдулуп күйөөсүнө сунуп бараткканда эпчилдик менен муну да илип кетти. Аял эмне дээрин билбей оозунан алдырган бөрүчө мостоюп туруп калды. Кукеңдин эки колунда эки кесе, экөөнөн алмак-салмак «шор» эткизе ууртап:

– Бах! Чай эмес бекен. Тердегени аз жерден калдым, – деп чай сунган зайыпты улам карап коет. Үйдүн ээсинин мейманга аябай кыжыры кайнап, ичинен түтөп, калчылдап чыкты. Куйручук билмексен болуп: – Дагы калдыбы куйчу, жаңыдан алка-шалка түшүп тердеп келатам – деди эле, берки чыдабай кетип, чепкенин ыргытып жиберип:

– Ой, сен кандай кудай урган немесиң ыя! – деп жулуна кетти. Мейман андан калышпай:

– А сен кандай төбөңдөн урган соргок неме элең? – дейт. Үй ээси олурайып карап: – Тоббо! Муну кудай урган турабы? – деп күүлөнө кетти. Анда Куйручук:

– Ушу сен мынабуреки чоң казан куурума чайга эле тое калам деп турасыңбы? Койду сойсо башын жеп койчусунун акысын жеп, ага тойбой элди жеп, айтылган саламга да жөндөп алик албай, минтип оозуңан ак ит кирип, кара ит чыгып, келжиреп турган сен тойбойсуң! – деп жооп кайтарды. Муну укканда үй ээси безге сайгандай тура калып: – Бул эмне дейт? Кокуй, кокуй көргүлүктү ушундан көрмөк болдум ээ! О кайдасыңар жигиттер! Кармагыла, бул оозуна алы жетпеген немени! – деди эле, Куйручук: – Кокуй дебей, кок тиште! Ата-бабабыз атам замандан бери кызыгып уккан «Манастан» укпайт да, тамагын аяп, мейманды кубалаган сенде абийир барбы?! Мурду жарык кара атандай болгон, түк күтпөгөн кемпай... – дегенде тигил кайра жоошуп, жалпалактап, аялына эт салдырып, «Манас» айттырып укмак болот. Манапка жини келип калган Куйручук:

– Ээ, Таластан чыккан эр Манас,
Алтайдан келген шер Манас.
Манас... Манас... Манас... –

деп, кечке ушуну кайталап, тигинин кулагынын кужурун алып, каалашынча жинин келтирип, эсин оодарып, акыры ал үйдөн чыгып, башка колу ачык кедейдин үйүнө түнөп, «Манастан», өзүнүн ар кандай окуяларынан, чечен сөздөрүнөн айтып берип, элдин жарпын жазат[8]. Бул Куйручуктун кекирейгендерди дал үстүнөн чыгып келекелеген өткүр тилдүү куудулдугу.

Куйручук кишилерди өз, жат деп бөлбөй, бийлигине, мансабына карабай, кандан бектен кайра тартпай, кимди болсун бар кемчилдигин бетине айтып эл алдында жазалаган. Буга, Касымалы, Кудайберген, Чолпонкул, Көкүмбай, Кадыма ж. б. чок баскандай секирте келекелеген окуялары көбө. Куйручуктун чечендик өнөрүндө, куудулдук кылык – жоруктарында ашынгандарга карата ирониялуу күлгөн, психологиялык оор абалга такаган драмалуу мерчемдер жыш.

Бир күнү Куйручук Чоң жыйында отурса манаптар өздөрүн сынатып отурушуп: «Каардуу Көкүмбайды сынаталы. Эгер Куйручук туура сөз менен жалтанбай бетине айтса, мындан кийин эч кимибиз бирдеме деп айтпайлы» – дешип, сынатышса Куйручук Көкүмбайды: – Маңдайы жазы, балбан төш, жолборстой мараган, көзүнүн асты менен караган, имерилип кайтадан элин кайсаган. Канча жесе тойбогон, жардыга жарым кашык аш арттырып койбогон, букараны кууруган, камырдай жууруган, бүркүт кабактуу, мүнүшкөрлүк адаттуу, кан тырмактуу, кара жемсөө залимдин бирөө. Анын эмнесин сынайын. Таноосу тар, баш териси калың, балдары болсо букаранын тепкисинен чыкпайт[9] – деп сынаган экен. Эл күлүп калса Көкүмбай ызаланып:

– Менин балдарымды жаман сынайсың! – деп атын күчтөп алып коет. Мындан биз Куйручуктун ар адамдын жан дүйнөсүн аңтара, сырткы турпатына кошуп туруп төп мүнөздөмө бере салган – сынчылыгын, кишинин кандай, ким экендигин таасын аныктай көрө билген – психологдугун даана көрөбүз. Куйручук дал ушул артыкчылыктары менен башка куудулдардан өзгөчө бөлүнүп турат.

Жакшы жагы анын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун, кандай сүйлөгөн адам болгондугун далилдеген маалыматтар арбын. Алардын бири катары береги факты материалды эсептөөгө болот.

Ат-Башыдагы Мыпардын ашын башкарган Касымалынын:

– Сен кимсиң? – деп опурулган манчыркоосуна Куйручуктун:

– Мен сонунмун,
Башыңа тийчү союлмун!
Мечиттин мунарындай,
Мазардын чынарындай.
Жантайдын Шабданына
«Кызыл дубана» деп ат койгон,

Алтымышбайдын болуш уулун,
Атка сүйрөтүп тап койгон,
Өлөм деп коркпогон,
Өрттөн качпаган,
Өз атым Куйручук,
Атам Өмүрзак.
Айтышсам көңүл чак деген менмин!

Көгөнгө кирип, белдик байланган сүзөнөөк кара текедей бакылдаган өзүң кимсиң![10] – деп өзүнө жараша чыкчырыла, атаандашын психикалык жактан жүдөтө жооп берип, оңой менен сөзгө келбеген, зөөкүр Касымалыны өткүр тилинин күчү менен эл алдында таазим кылдырат. Куйручукта калбаат сүр да болгон. Минтип бирөөлөрдү сөзгө жыгып, же айыптаганда ал өнөрүн мактаныч, же мен-менсинүү катары эмес, а карапайым адамдардын мансаптууларга жем болбой, теңден кем болбой жашашы, дегеле турмуштун акыйкаты үчүн көрсөткөн. Куйручуктун өнөрүнүн күчү дайыма чындык үчүн жан таштап күрөшкөндүгүндө жатат. Чындыгында эле оюна эмне келсе жасаган мыйзамсыз доордо ээн сүйлөгөн «эл жакшыларын» эсине келтирип, түз жолго салып, канчалаган букараларды бөөдө азаптан, шордон куткарып, так кесе сүйлөгөн тили, жүйөөлүү, туура айтылган сын-пикир, ой-мүдөөлөрү жалпы элдик мааниге ээ болуп, бул жагынан алганда Тилекмат, Көкөтөй, Куйручуктар кыргыз үчүн Демосфен, Цицерондой эле даражада турушат. Жазуучу Т. Сыдыкбеков: «Куйручуктун күлкүсү тек элдир-селдир кеп, сереңсереӊ кыймылы менен кишини кытыгылабады. Кенен ойлонулуп өз мезгилиндеги коом түзүлүшүн, кишилердеги кем-кемтикти, терс жоруктарды сын кароолуна алды. Калайыктын оюн айтышты. Бей-бечара, алсыздардын муң-зарын бөлүштү. Кара жемсөө атка минерлердин, алдамчы сүткорлордун ач көздүгүн, бийлик мыйзамынын калпыстыгын, чала молдо дин бузарлардын, чеченсип

кеп салмагын кетиргендердин, акынсып ыр касиетин качыргандардын, куудулсуп айыл арасында ит кубалагандардын чекелерине тийген ок болушту, кеменгер Көкөтөйлөр, асыл Куйручуктар» – деп туура жазган.

Айтылуу Райымбектин ашы Тер-Жайлак деген даңазалуу жайлоодо өтөт. Бул аш ар дубандан өтө көп эл катышкан, орчундуу окуялары тарыхта айтылып калган кыргыздын эң ири аштарынын бири. Ашка не бир атактуу балбандар, ыктуу найзакерлер, ырчылар, куудул, чечен, өнөрпоздор келишкен. Куйручукту Байзак баатыр ала барат. Алар барганда Токтогул, Эшмамбет баштаган он алты ырчы алым сабак ырдап турушкан болот. Ошондо Куйручук келип жаткан меймандарга да көңүл бөлсө болбойбу деген тейде топ ырчыларды беттеп:

Жабыр, жабыр, жабырлар
Бири ырдаса баары ырдаар,
Жабыраган каапырлар.
Түнкатар, түнтөй журт экен,
Түтүнү сайын ырчы экен.
Жатакчынын итиндей,
Жабыла кирип турчу экен.
Үч болуш элге бир ырчы,
Өзүбүздүн эле Жумгал тынч экен –

деп ырдап жибергенде элдер да, ырчылар да күлүп, «ырас эле өз ашыбызга өзүбүз ырдап, меймандарга кезек бербегенибиз чеки иш эмеспи» дешип жүйөөлүү кепке жыгылыштуу болушат. Эл Куйручукту олжо бөлүштүрүүчү жана «жарчы башы» кылып дайындашат. Күлүктөрдөн Жумгалдык Мышык деген кишинин Карагер аты алда кайда чыгып келип, байгеге сайылган жүз төө, миң койдон ат ээсине эч нерсе тийбей калат. Токтогул «Куйручук баатыр кайдасың, тапсаңчы мунун айласын?» деп (бул ыр Токтогулдун ыр жыйнагында бар) мына ушул окуяны чагылдырып ырдаган.

Ошондо Куйручук:

Балбаның жыкса бак конот,
Күлүгүң чыкса ат конот.
Манчыркаган кээ бирөө,
Мансабына мас болот.
Жолдон тосуп жеп алган,
Жок оокат кайдан аш болот.
Ээсине ээлик кылдырбай,
Энчилеп алып кеттиңер,
Баш байгесин шак тоноп.
Апталык жерди чуркаган,
Ай туяк тулпар ат болот.
Адамдын жебей эмгегин,
Адилет жүрсөң бак конот.
Ач көздүк менен тоюнган,
Ач оокат кайдан аш болот.
Тура чуркап кээ бирөө,
Туурадан чыгып тап коет.
Кудайды карасаңарчы,
Карагер аттын пайдасын,
Куйручук минтип алып коет! –

деп баш байгени талап кеткен манаптардан жана айрым шылуун адамдардан өктөмдүк менен өндүрүп, карагер аттын ээсине төрт төө, жүз коюн кайтарып берип чоң ажатка жарайт.

Куйручуктун өз күчүнө ишенип калк жыйылган ири топ, жыйындарда чоң ырчылар менен айтыштарга түшкөндүгүн билебиз. Суусамырда өткөн Сарыпбектин ашында Найманбай ырчы жарчы болуп:

Мен Балыктын уулу Найманбай,
Кудай берген жел сөздү,
Мен айта берем ар кандай.
Бир сөзүмдү карасаң,
Сөөмөй менен сайгандай.
Бир сөзүмө карасаң,
Каргылуу кара тайгандай –

деп, өзүнүн оргу-баргы ырчылыгын так көрсөтө, бир урууну кордоп, бир урууну колдоп ырдайт. Ошондо Куйручук ага карата:

Оо кызыталак Найманбай,
Сөз айтасың ар кандай.
Чолпонкулуң кутуртса.
Келипсиң ырдап тайманбай.
Айбан болсоң чөп берем,
Аралаш салып көп берем,
Тайган болсоң бок салам,
Сенин ичиңе чок салам[11] –

деп, таамай жооп кайтарып жеңип кетет. Бул орунсуз айтылган сөздөрдү өзүнө колдонуп, атаандашынын жагымсыз кылык-жоруктарын кошо туурап, келиштире шылдыңга каптап, дудукту ит капкандай жыккан анык пародиялык мүнөздөгү айтыш. Ким менен айтыша, же жаакташа кетсе анын күлкүлүү кыял-жоругун кошо туурап, далилдүү сөздөрү менен жүйөөлүү жеңип кетүү Куйручуктун негизги өздүк ыкмасына жатат. Куйручук айтыш өнөрүнө да аздыр-көптүр өз салымын кошкон. Анын кара жаак Калмырза, Найманбайды жана Анжыяндык ырчы Ысаканды жеңип кетиши, аш-тойлордо жарчылык кылышы, керек жерде төгүп жиберүү чеберчилиги, кадыресе ырчылыгынан кабар берет. Ошол эле учурда Куйручукту Жаманкул, Эшмамбеттердей узакчыл ырчылардын катарына кошууга болбойт. Себеби, ырдаса кыскараак ырдап, куудулдардын табиятынын өзү ушундай. Анткен менен анын «Түнкатар, түнтөй журт экен, түтүнү сайын ырчы экен» дегенге окшогон бир катар ырлары, айтыштары, бирөөлөрдү ыр аралашкан жорго сөз менен келтире сүрөттөгөн портреттери эл ичинде Жеңижок, Токтогулдун ырларындай болуп бүгүнгө чейин уламышталып айтылып жүрөт. Мындай тагдырды бардык эле ырчыларга буюрбаптыр. Окумуштуу С. Байкожоев Куйручуктун адабий портретин бергенде «Куйручук-

тун айтыштарынын өзгөчөлүгүнө карап туруп аны 1910–1915-жылдарда эле Кыргызстандын аймагында кадимки жөндөмдүү ырчылардай оозго алынып калган болуу керек»[12] деп бекеринен жазбаган.

Ал эми 1916-жылкы кандуу «Үркүндө» Кашкарлык каарлуу манап Түкбашка так кесе кайтарган жообу Куйручуктун кадиксиз чечен, ак-караны таасын ажырата билген даанышман адам экендигин ынанымдуу далилдейт. Элге алынып кеткен Куйручукту көп жактыра бербеген Түкбаш:

Кулагы жок чунак Куйручук,
Куйругу жок чолок Куйручук,
Өйдө чыкса өбөксүз Куйручук,
Ылдый түшсө жөлөксүз Куйручук!
Арка кылар элиң кайда?
Азык берээр жериң кайда? –

деп басынта жекиргенде Куйручук:

Куйругум чолок болсо – тулпар чыгаармын,
Кулагым чолок болсо шумкар чыгаармын.
Куйругу узунду ит дейбиз,
Кулагы узунду эшек дейбиз.
Өбөксүз өйдө чыксам жүрөгүм таза,
Жөлөксүз ылдый түшсөм жүлүнүм таза.
Өбөк коюп, өйдө чыкканды оору дейбиз,
Жөлөк кылып таяк алганды ууру дейбиз.
Арып-ачып алыстан келдим.
Арка болчу эл ушул.
Тентип-тербип тегимден келдим,
Тээк болчу жер ушул.
Көпсүнгөнгө көр бар, көп ичинен бөлүнөт,
Өйдөсүнгөнгө өр бар, өбөктөйт да жүгүнөт.
Жалгыз десең күнгө тилиң тийгени,
Жарык берген дүйнөгө.
Жарды десең айга тилиң тийгени,
оола чачкан түнүндө[13] –

деп, ташка тамга баскандай жооп берип Түкбаштын жаагын жап кылат. Муну айтылган сөзгө карата берилген жоопторунун төптүгү, табылган сөздөрүнүн коргошундай салмактуулугу,учкулдугу,ой-корутундуларынын логикалык жактан тереңдиги менен өздүк касиетке ээ, чечендик айтыштын кайталангыс классикалык үлгүсүнүн бири катары эсептегенибиз туура.

Куйручук ташыркабас талантты көрө, өнөрдү баалай билген адам болгон үчүн: «Акын, ырчы, комузчу, кыякчы, сурнайчылар асылдардын асылы, жөн гана тамашага ыйгарып, алар менен ойноого болбойт. Андайлар өзгөчө жаралган, эң артык адамдар. Түшүнбөй эле мен ырчымын дегендер, же кошокчу сымалдар бар экен.

Жангирбайың жаш калды,
Токол уюң бош калды.
Табакта сүт ириди,
Оо, асылым, жамбашың жерге чириди.

Ушул да ырбы? Оо, журт ырчы деп мобу отурган Токтогулду, Эшмамбетти айтсаңар жөнү бар. Таалайга жаралган ырчынын нускалуу ырын уга жүрсөңөр. Ырчынын да ырчысы, ырдын да ыры болот[14] – деген. Куйручуктун ырчылык өнөргө койгон бул дооматы, айткан ою, берген баасы ушул бүгүнкү күндө да актуалдуу.

Куйручуктун бизге ысмы жакшы тааныш өнөрлөштөрүнө берген сын баасы да абдан кызык. Шаршенди – «мурунтугун каңтара түргөн кара бука кебетеленип, Шаршенден кийин кыргызда чоң куудул чыкпайт»[15] деген. Мидинди – «көчүгү илбирс, көкүрөгү карышкыр, бирок таалайы тайкы, картаң өрдөк мурунданып шылдыңчыл. Тирүүсүндө жакшылык көрбөйт, өлгөндөн кийин арбагы чоң болот»[16] деп айткан. Бул жерден Куйручуктун сынчы, психологдугунан тышкары, тагдырды алдын ала көрө билген – көрөгөчтүгүн билүүгө болот. Эл ичинде айтылып

жүргөн «Куйручук – акыркы олуя» деген аңыз кеп төгүн жерден чыкпаган.

Мындан сырткары өзүнчө изилдөөгө арзый турган анын балбандыгын, баатырлыгын, ири ажаттарды ачкан калыстыгын, калк намысына жараган эрдиктерин, акылмандыгын[17] далилдеген окуялары бизге белгилүү. Ушундайынан, Куйручук сөз маданияты өзүнүн бийик апогейине жетип турган чакта даңазасы кыргыз түгүл казакка чейин тарап, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп «эл эркеси» аталган.

Куйручук бай казына – элдик оозеки чыгармачылыкты жакшы билген. Анын сөзүнүн угуттуу, чыгармачылыгынын ар тараптуу болгондугунун негизги сыры ушунда. Анан калса Демосфендин сөздөрүндөй болуп анын көптөгөн кеп-сөздөрү, окуялары, эрдиктери А. Чоробаев сыяктуу фольклор жыйноочу адамдар тарабынан өз оозунан жазылып калган. Ал туурасындагы негизги маалыматтарды чогултууда Калык, Алымкул, Шекербектей аны жакындан билген, көргөн, эл шайырлары, профессионал акын, жазуучулар, искусство ишмерлери, жалпы эле эл абдан чоң көмөк көрсөтүшкөн. Ошон үчүн Куйручуктун окуялары башка куудулдардыкына караганда арбын, кээ учурда Бекназардын, Карачунактын ж. б. куудулдардын окуяларынын Куйручуктуку делип, кээде тескерисинче, чаташып кеткен мерчемдери да кездешет.

1928-жылдын январынан 15-февралга чейинки аралыкта баш калаабыз (азыркы) Бишкекте Куйручуктун оозунан, өзүнүн окуяларынан тышкары «Манас» эпосунун айрым эпизоддору, «Кандын букасы менен жардынын букасынын сүзүшкөнү», «Кыздын кошогу», «Бакачы катындын кошогу», «Калыгул жөнүндө», Арстанбектин «Тар заманы» дагы бир катар айтыштар жазылып алынган.

Эл шайырларына сын бааны өзүлөрүнөн өткөрө эч ким бере албайт. Даанышман акын Тоголок Молдо:

«Акын болбосо да (ырчылыкты такай өнөр катары аркалабагандыгын айтып жатат А.О.) кара жаак сөзмөрлүгүнөн кандай шартка кабылса да башын ылдый салып багынбаган сөзү курч, тили тибирткелүү сөз тапкычтыгынан кимди болсо да алдына чыгарбаган, оттой жалындаган өз мезгилинин курч адамы экени боюнча Куйручукка эч ким жеткен эмес[18] десе, өнөрлөшү Шаршен куудулга мындайча баа берген: «Өзү ырчы, көрөгөч сынчы киши экен. Куйручук бет алган жагынан тартпаган, бир киши астынан туура баспаган, сөзгө бай чечен, беттешкендер Куйручуктун сөзүнөн куйкаланган экен эчен. Жөн билгичтигинде даба жок, болбос нерсеге күйпөлөктөгөн санаасы жок, адамдын сырын билген, айтууга сөзү белен, кара жаак, көкжал киши экен Куйручук »[19].

Куйручук башка куудулдардан айырмаланып ири жыйындарга, казак-кыргыздын башы кошулган даңазалуу аш-тойлорго эрте жашынан аралашып, дайыма белгилүү эл шайырлары менен бирге жүрүү бактысына туш келген. Жеринен зээндүү балага ушундай чоң чөйрө өзүнчө эле мектеп болуп, аны айтылуу даанышмандардын сабына кошкон. Куйручуктун чечендикте чечендерден, куудулдукта куудулдардан, ырчылыкта ырчылардан, сынчылыкта сынчылардан калышпагандыгы мунун далили. Ошондуктан анын даңазасы эл шайырларынын ичинде артыкча зор болгон. «Куйручук минтиптир» делип, анын окуялары ар жерде уламышталып айтылып жүргөн. Куйручуктун көп кырлуу өлбөс өнөрүн ар тарабынан чагылдырган даңшаарлуу аңыз кептердин, күлкүлүү окуялардын бүгүнкү күндө деле аягы сууй элек. Ал туурасында балет, либретто, пьесалар, аңгеме, повесттер жазылды, дагы да жазылышы мүмкүн.

Корутундулаганда Куйручук (Кудайберген Өмүрзак уулу) кыргыз эл шайырларынын ичинде өзүнүн бийик орду бар, ар өнөргө маш, умтулганын алган,

ойлогонунун өтөөсүнө чыккан алп талант. Анын психологдугу, сынчылыгы, ырчылыгы да олуттуу мүнөзгө ээ. Айрыкча Куйручук куудулдукту синкреттүү өнөргө айландырып, куудулдуктун күчүн көргөзүп, ажарына чыгарган. Куйручуктун чечендик жоруктары ачыктыгы, өктөмдүгү, акылгөйлүгү, жүйөөлүүлүгү жана далилдүүлүгү менен оригиналдуу.

Куйручук чечендик да, куудулдук да өнөрдүн кайталангыс ири классиги болуп кыргыз эл шайырларынын тарыхында кала бермекчи.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 245.'

[2] Ошондо.

[3] Ошондо.

[4] Ошондо.

[5] Ошондо.

[6] Ошондо.

[7] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 456.

[8] *Бектенов К*. Куйручук. – Ф., 1978. 54-58-беттер.

[9] Эл куудулдары. Түзгөн Б. Сабыр уулу. – Ф., 1987. 92-бет.

[10] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 245.

[11] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 255.

[12] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. 435-бет

[13] Ошондо. 433-бет.

[14] Ошондо. 436-бет.

[15] Кыргызстан маданияты. 1991. 18-июль.

[16] Ошондо.

[17] Кол жазмалар фондусу. Инв. 456.

[18] Тоголок Молдо. Изилдөөлөр, эскерүүлөр.-Б.,1991. 164-бет.

[19] *Термечиков Ш*. Күйөө жолдош. – Ф., 1982. 215-бет.


***Обозканов А.***

## АРБАК

Кудайбергендин тестиер болуп калган кези экен. Кимди ким жеп, кимдин канын кимдер кактабай соргону менен жаш немениn иши эмне, ал эптеп өз кардын тойгузууга аракет кылууда, тамак-ашты көрүнөөсүн-көрүнөө шыпырып кете берер эле. Жаш жетим мындайлардын далайын башынан өткөрө баштаганын айылдагылардын кай бирлери чала-була чет-бучкагын билишчү экен. «Колу туткак» дешип байбичелер өздөрүнчө бүлкүлдөшүп, жетимди каргашса, кээ бирлери «мейли, эптеп өз күнүн көрсүн» – дешип күлүп жөн болушчу.

Бир күнү, өлгөнүнө бир жылдай болуп калган Супатай деген байдын бала-бакырасы «эртең жума» дешип бака-шака түшүп, кой союп, боорсок бышырып камынып жатышканда, Кудайберген каадасынча үйдөн-үй кыдырып жүрүп үстүнөн чыгып калды. Эт бышты. Боорсок небак бышкан. Айылдагы балдар казанды тегеректеп, тамшанып, эттен, боорсоктон көздөрү өтөт. Келин-кесектер, балдарга бышкан тамактан берип деле жарытышпады. Кудайбергендин деле карды бөрсөйгөн жок. Ар кимиси берген бирин-экин боорсокко, анын карды кайдан кампайсын. Кукең от жага коёт... Колго суу куят. Иши кылып аны кайда жумшаса, ал элпек неме кыйыктанбай жүгүрүп турду. Бирок курган курсак кайдан тойсун, саал-паал өпчап болуп калган өңдөнду. Ошол үйдүн эрке сары деген баласы бир колуна көөкөр токоч... бир колуна жилик кармап «мам... мам...» деп маймаңдап эттен, май токочтон бурдаганын көргөндө, балдардын ичи күйөт да «Ии... ии... жилик... көөкөр токоч!» – деп суктанышкан үндөрү чыгат. Мүрзөгө куран окутууга барар камылгасын Супатайдын үй-бүлөсү ошо күнү тамак-ашын бүт дайындап алышты. Эртең бейитке, жөнөмөк...

Ошол түнү Кудайберген бышкан эттен эптеп ыгын таап кичине кытып алып, балдар менен кошо той кылып жесем деген ойдо турду эле, бирок эч бир ыгын келтире албаган соң «мейли эми эртең мен да мүрзөгө булар менен кошо барып келермин» – деген ойго келди да, балдар менен ак чөлмөк ойноп, бир аз жүрүп, анан жатып калды.

Эртеси Супатайдын бала-чакасы жол боюндагы калың көрүстөндү көздөй тамак-ашын артынышып жөнөп калышты... Куран окуучу молдо бирге жөнөдү. Өлгөн байдын жек-жааттары, жакындары да баратат. Булар мүрзөгө жакындаганда шолоктошуп ыйлай башташты. Көрүстөнгө байыр алышып, күн көрүшкөн ар кандай макулуктар чуу чыкканда ийиндерине кире качышты. Көп бейиттин арасынан чыккан өкүрүктөн кулак тунат.

Супатайдын зайбы эрине «күйүмдүү» немеби же кара күчкө эле боздодубу, анысын ким билсин, кой десе болбой ал бакыра бергенде, бир кемпир анын кулагына угуза «калп эле, анткорлонот... эрине күйгөн катын ушундай болчу беле?!» – деп кергиштеди эле, өлгөн кишинин зайбы, мына эмесе дегенсип, бетин апчып-апчып алганда, анын бетинен кан жая берди. Ар кимиси жесирдин колун кармашты. Жесир аларга болбой:

– О... асылым Супатай мени кошо ала жат. Мени кор кылып таштабагын. Коё бергиле!.. Бу көрөкчө өлөм, келе бычак?.. Келе канжар?-дейт.

– Кой... сабыр кыл жеңе!

– Кайран киши.

– Маркум сенин үнүңдү укту го.

– Кой ыйлаба... Куран окуйлу.

– Ой, болгула ырамаtылыкка багыштап, союлган малдын этин түшүргүлө!

– Бол, дасторкон жайгыла!

Супатайдын үй-бүлөсү жана башкалары анын мүрзөсүнүн жанына тегеректей тартып отурушту.

Бирок, эри өлгөн жесир аял жаагын жанып боздой берди. Аны эч кимиси койдуралбаган соң, өзү көксөөсү сууганда басылар дешип аны жөн жайына коюшту.

– Атаны кокуй беренимˆ Сенден калып мен кантип күн көрөм… О, асыл, мени ала жат… ала жат… – дей берди жесир.

Бир оокумда, мүрзөдөн:

– Ой болду ыйлабагын! Курулай кара күчкө ыйлоонун эмне кереги бар!.. Мен сени билем го… Тиер эриң мен өлөлекте эле камдалуу эмес беле?! Өлгөн мен деле жыргап калды деп турасыңар го… Сөөгүм сөпөт… устуканым эчак упат болгон. Кеч келдиңер! Кобурабай жоголгула! Кет! Ой катын, бирди көрелегиңде аттан! – деген каардуу үн чыкканда, кырка тартып отурушкандар жан алекетке түшүп, жөөсү жөө, атчаны атчан арт жактарын бир кылчайып кароого жарашпай качып кетишет экен. «Ала жат…» – деп боздогон катын, «атакелеген» Супатайдын балдары баарыдан мурда качып жөнөшөт. Куран окуганы барган молдонун минген бээси азоо экен, ал шашып минейин дегенде, бээ чуудан үркүп, оюн салган бойдон кете берди. Молдо тамтайып жөө жүгүрдү. «Мүрзөдөн арбак сыр берди… О кудай! Бу да болсо жараткандын жазганы ушул. Супатай маркумдун күнөөсү бар го… же «бейиште» же «тозокто» экени белгисиз…» – ушундай сөздөрдү ар кимиси сүйлөп безип качкан бойдон баратышат.

Жолдун жээгиндеги көп бейиттин арасы тымтырс болду… Мыдыр эткен пенде андан көрүнбөйт. Жайылуу дасторкондо боорсок, эт жайнап ошо бойдон калды…

Аңгыча, Супатайдын бейитине катарлаш качандыр бир жылдары каза болгон бир маркумдун төбөсү түшкөн көрү бар эле, ошонун ичинен бирөө башын кылтыйтып акырын чыгарды. Ал мойнун койкойтуп созуп эки жакты караса көзүнө жан көрүнгөн жок…

Анан бул неме жайылуу дасторконду көрө койду да, ичке үнү менен кыткылыктап күлүп, көрдүн чарайнасынан суурулуп чыга келди. Бул ким? Же ырас эле «арбак» болуп жүрбөсүн? Кандай шумдук! Өлгөн адам көрдөн сүйлөөчү беле? Көрүстөндөн «арбак... арбак!» дешип жанакылар качып жөнөшкөндөй бул арбак эмес... Бу баягы Кукең да!

Окуя мындай болот: Супатайдын бала-чакасы жана тууганлары эртең менен анын мүрзөсүнө ошо күнү жөнөөрдөн мурда, Кудайберген алардан озунуп эртерээк келип төбөсү жок көргө кирип жатып алган... Качан гана тигилер жуп бейитке жетип, ыйлап-сыктай баштаганда көрдөн Супатайдын «арбагы» болумуш болуп Кудайберген сүйлөгөндө, «Ала жат... ала жат!» деген аялы, «атакелеген» балдары арт жактарын кылчайып карроого чамалары келбей сырая качып жөнөшүптүр....

Куран окутууга арнап ала келишкен тамак-аштарын Кукең «арбак» болумуш болуп шыпырып калат. Ошентип Кудайбергендин аркасы менен балдарга той болот...

## ТҮЛӨӨ

Көк шибери көйкөлгөн тоо...

Бай-манаптар алты канат ак үйлөрүн тиктирип, желеге бээлерди байлатып, ынак кымыздан ичип жайлоодо жыргап жатышат. Алардын отун, суусун алып, малын баккан кул менен күңдөн, койчу менен жылкычылар ичерине тамак, киерине кийим таппай мүңкүрөп жүрүшөт.

Бөтөнчө, багар-көрөрү жок, омолойдон-томолой, караманча кашайып жетим калган Кудайбергендей балдардын көргөн күнү оор... Кашык айран, бир жалам талкан беришер бекен дешип, шордуу жетимдер айылдагы түтүн чыккан үйлөрдү түрө кыдырып чуркашат. Жетимдерге ырайымдуулар боору ооруп

колдорунда бар тамагын беришип маңдайынан сылашса, ырайымсыз таш боорлор, балдарды жеткени жети муштап, жетпегени артынан кесек менен ургулап кубалашат. Байлардын балдары тай минип жарышып жүрөт.

Жетимчиликтин, жокчулуктун айынан Кудайбергендин шайы кетип, көрбөгөнү көр болот. Ал көрүнгөн үйгө тамак аңдып бара берип, айылдагыларды бүт тажатат. Ал түгүл анын жатаар жери да жок. Кеч киргенде, жыгач-таштын арасына, зоолордогу үңкүрлөргө барып түнөп жүрөт.

Ошентип Кудайберген тырмалап жанын багып жүрүп, ал өзүнчө ойлонуп бир акыл табат. Ал, узун коко тикенектин сыртын бычак менен таза аарчып, ичин тазалап алат да, айылдагылар кызык уйкуга кирген маалда, акырын шырп алдырбай бир байдын боз үйүнүн тушуна барып, анан туурдукту түрө коюп, керегенин көзүнөн чыгдандын ичиндеги каймактатып койгон чоң жез чарадагы, табактагы сүттөн тоюшунча түтүк менен шимирет да, кайра жигин билгизбей туурдукту түшүрүп кете берүүчү болду.

Күндө эртең менен туруп чыгданды караса эле, ар кайсы байлардын бирөөнүн чарага, табакка каймактатып койгон сүтү соолуп калат да, сүттүн каймагы кара так болуп, идишке катып, анысы аз келгенсип, каймактын бармак басымдай гана бир чети ачылып калчу болду…

Жалгыз уй, бирин-эки эчки саашкан каратаман кедейлердин сүтү күндө эле аман… Байлардын аялдары күнүгө «О… кудай, бул кандай шумдук? Бүгүн да чарадагы, табактагы мелт-калт сүт соолуп, үстүндөгү каймагы жатып калыптыр… Бу кандай шумдук? Мындай укмушту ким көрүптүр?» – дешип жакаларын карман чуркурашат. Бул шумдуктуу кабар жайлоодогу айылга бүт тарады. «Сараң бай-манаптардын кудай сазайын берди, ошондой болушсун» – дешип кедейлер күлүшүп табалай баштады.

Кудайберген пааналап жүргөн ошол айылдын аксакалдары, бул шумдукту молдолорго, бакшыларга айтышты эле, аны укканда «көзү ачыктардын» үрөйү учуп коркуп кетишти да, тегеректеги айылдын бай-манаптарына жана билерман аксакалдары: «Кудай силерди каарына алаарына көрүнгөнү ушул. Жараткан аллага күнөкөр болупсуңар... Эми тил алгыла да, үй баш сайын бирден мал союп, кудайга жалынып, жер-сууну тайып, анан түлөөгө союлган малдын терисин бүт бойдон молдолорго чогултуп бергиле!»

Молдолордун айтуусу боюнча, эртеси чоң шашкеде бай-манаптардын баары калың кой таштын арасына барышты да, бирден мал союшуп, түлөө өткөрүштү. Кыбыланы карашып кудайга сыйынышты. Койчуларга, жылкычыларга, кедейлерге, артыкча жетим-жесирлерге чоң той түшүп табак-табак эт иттин кара капталынан болду. Кардын тойгуза албай куурап, араң жүргөн Кудайберген, ошол түлөө бергендерди тегиз кыдырып жүрүп эт жеп, жегенинен артканын өзү жатып жүргөн үңкүргө алып барып катып коюп, кечке кемегелерди кыдырып жүрүп аябай чарчаган неме эс алып жатып тарс катып уктап калат.

Бир маалда Кудайберген ойгонсо, каш карарып, жылдыз толгон. Айылдагылар тунжурап уйкуда, короо кайтарган кыз-келиндердин бек-бекей айтканы гана угулат. Күндүз этке чоң тойгон жетимдин таңдайы так катып, тили оозуна батпай суусап калыптыр. Ал койгон жеринен узун түтүгүн демейдегисиндей шап колго алды да, айылды көздөй желген бойдон жөнөдү. Четки ак үйгө шырп алдырбай боортоктоп жылып жетип, каадасынча түтүгү менен чыгдандан сүттү кылкылдатып шимире баштады. Кукең сүткө суусунун кандырган соң, бир пас эс алып үйдүн тушуна мойнун койкоңдотуп, үйдө коңурук тартып жаткандарды «мыш мурундар силер коңурук тарта бергиле, мен сүт ичемин» деп уйкудагыларды мыскылдап күлүп отурду. Ал эс алгандан кийин, кайтадан сүттү

түтүгү менен соруп отурганда, ошол үйдөгү казан-аягын жыйнаштырып жүргөн аял үйдөн чыгып түндүк тартып келе жатып, камырабай жайбаракат сүт ичип жаткан Кудайбергендин үстүнө чалынып жыгылып, чочуп катуу бакырып жиберет. Кудайберген шашкан бойдон түтүгүн унутуп таштап, ай жарыкта чымын-куюн болуп безген бойдон качып кетет.

Аялдын чаңырган үнүн угушканда уктап жаткандар жабыла ойгонушуп, чуркашып. сыртка чыгышса, эси оогон аял эсине келгенден кийин, Кудайбергенди чала-була таанып калганын айтат. Аңгыча үйдүн капшытында унутулуп калган түтүктү таап алышат. Үйгө кирип чыгдандын ичин карашса, чоң чарадагы сүт какшып калганын көрүшөт. «А каран күн, бизди кудай каарына албай эле Кудайберген акмак кылып түлөө бердирген тура» – дешип, баары баштарын муштап, ооздорун кармап өкүнүшөт. «Кой муну эч кимге оозуңардан чыгарбагыла, эл билсе айлыбыз менен шылдың болобуз» – дейт үй ээси.

Жамандык жерге жатмак беле, жетим бала кезинде Кудайбергендин бир айылдагы байларды иттей маскара кылып кеткени бат эле элге тарап кетиптир.

## ЖЕРДЕН ЖЕК ЧЫКТЫ, ЭКИ КУЛАГЫ ТИК ЧЫКТЫ

Бай-манаптарды сызга олтургузуп маскара кылып, түлөө бердиргенден тартып «Жетим жекчил» эмеспи, жетим баланы бай-байбичелер өлгөндөй жек көрүшүп, айылдан анын карааны көрүнсө эле, кабактарын бүркөп кубалашат. Араң ат жалын тартып минүүгө жараган карып бала кайда барып жан багарын билбей каңгып темселей баштайт. Ага боор ооручу ким? Ким аны аясын? Жетимге сараң байлар кайрылышмак беле? Кара таман кедейлер Кудайбергенге окшогон жетимдерге кайрылмак

турсун, өздөрүнүн кара чечекей кулундарын асырай алышпай зарлашучу. Желип жүргөн жетимдер көп...

Жумгал өрөөнүнө эчак боз кыроо түшкөн... Кылычын алып кыйкырып кыш келатат. «Тондууларга салам айта бар, тону жокторго өзүм барам!» деп кыш айкырган менен Кудайберген жылаңач... Жайдын күнү болсо го бир жөн, ак кар, көк музда «тү» деген түкүрүктү жерге түшүрбөй тоңдурган суукта жаш бала кайда барып баш калкаламак?.. Тестиер болуп калган Кудайберген темселейт. Тоодогу үңкүрлөргө барып түнөп, андан кайра келгенче качан?

Кудайбергендин шору кайнай турган болгондо, ал жардын түбүнө жалгыз олтуруп, өзү тууралу ойлонду. Эптеп баш калкалоого жардын түбүн таап алды. Ата- энелүү балдарча ээн-жайкын мотураңдап ойноо ага кайдан болсун? Жетим күндүз жардын түбүнө көзүн жылтыратып керели-кечке бекинип жатат. Түн киргенде аны чала тааныган бөлөк айылды көздөй жортуп жөнөйт.

Ал тамак издеп ар кайсы айылга барганында боз үйлөрдүн каалгасын канчалык бекем бекитишсе да, аны шырп алдырбай ачып, колуна эмне тамак тийсе ошону шыпырып алат да, байыр алган жардагы үңкүрүнө келет. Анын колуна: керки, кетмен, күрөк, орок, чот, балта, идиш-аяк, бычак, камчы, жип-шуу, койдун шыйрагы көрүнсө андан да кайра тартпай өзү жүргөн жарга жеткизет. Ошентип жүрүп ал ошол жаткан жарынын түбүнө темир-тезектен, идиш аяктан дүкөн ачты. Тапкан табылгаларын жайып коёт. Баланын көңүлү жай...

Бир күнү ал адатынча бейтааныш айылдагыларга чабыттап жүрүп кайра келсе, анын эптеп терип-тепчип жыйнаганын кимдир бирөө жардан таап алат да, таптакыр эчтекесин койбой жыйнап кетет... Жетим жарга ачкан дүкөнүн уурдатканына жаны абдан күйөт. Дагы кандай айла табарын билбей, анын башы катат. Ага эми башка бир нерсени ойлоп табуу эң

кыйын көрүндү. Алдырган буюмдарына ичи ачышты. «Дыйкандарга берет элем» деп ичинен кейийт...

Кудайбергендин жаны абдан кашайды да, ачуусу келип, түн ортосунда байлардын каалгасын билгизбей ачып, анын чыгдандын ичиндеги ала баканда илинүү турган семиз сүрсүгөн койдун карчыгасын, куйругун көтөрүп чыгып жана эшикте жаткан кетменди да кошо көтөрө кетет. Жыйнаган-тергенин түп көтөрө уурдаткандан соң ага мындан ары жардын түбү жай болбосун Кукең билип, изин жашыруунун жана кышында жанына жайлуу жылуураак жер издөөнүн аракетин көрө баштайт. Айылдан алыс чийлүү бир дөбөгө келип, ошол дөбөнүн так ортосуна чыккан чоң түп чийди кетмен менен тегерете казат. Акылдуу жетим чийди кебинен бузбай ыгы менен акырын омкоруп ала коёт да, андан ары чуңкур кылып, төмөн карай терең кылып оё берет, өзү кенен-чонон баткандай жана айылдан кытып келген тамак-ашын койгондой жакшынакай жай жасайт. Чийден, куурайдан чаап келип ошол ийиндин ичине калың кылып төшөп, анан чоң түп чийди ыгы менен кебин бузбай ийиндин оозуна кайра кептеп бекитип коёт. Бардыгы өзүнүн нак оюндагысындай сонун жасалган чийдин ортосунан аяктай жеринен жел кирсин деп тешип коюп, ошол жылчыктан күндүн батканын, кечтин киргенин байкап жатып жүрөт.

Ал түн ичинде сыртка чыгар маалында акырын чийди төбөсү менен өөдө көтөрүп чыгып кетет. Айылды тегиз кыдырып келгенинен кийин чийди бекитип, ийнине кирет да, кечке көшүлүп уктаганы уктаган... Айылдагылар «Балан жок, түкүн жок, баягы жетимди ким көрдү?» дешип күндө чуулдашат. Карып бала бай-манаптардын катындарынын каткан этин, карын майын, нанын өткөрө кагып келет да, өзү жеп, анан жетим балдарга да берет.

Ошентип, бечара жетим күндүз жер алдына түшүп жанын багып, түнкүсүн тышка чыгып, тамагын

таап жүргөнүнө азын оолак күн өтөт... Амалдуу жетим каадасынча бир түнү айылды түп көтөрө жортуп, чоң карын сары май, бир баштык талкан таап келип, андан тоюшунча «Ал Куке, ал... сок Куке, сок» деп жеп, анан чарчаган неме аяк серппей тарс катып катуу уктап калат.

Бай-манаптар, бийлер, болуштар ошо дөбөгө чогулушуп, жыйын өткөрүшүп, элден жыйнай турган алык-салыктары жөнүндө акылдашып тарашчу. Бир күнү алар демейдегилериндей жер ортосу деп болжошкон дөбөгө ой-тоодон чогулуп келишип, бересе, аласалары жөнүндө кызыл чеке болушуп айтыша баштайт. Чыр ырбап, билармандар эки жаатка бөлүнүп сабашат. Баш айрылып, көз чыкмак болот. Башаламан, кым-куут... Акыры араң кепке келишет. Болуш дөбөнүн так чокусунда, бийлер анын жанында жасакөрлөнүп ага кошомат айтып чагарактыашат. Песирлер шашып чыгым тууралуу буйрук жазып жатышат. Түндөтөн бери катуу уктаган Кудайберген бир оокумда ойгонуп «Кудай ур, мен көпкө уктап калган экемин. Небак түн ортосу ооп кеткен тура?» дейт да шашып тура калат, күндөгүсүндөй эч нерсе оюнда жок неме, үстүнө койгон чийди кадимкидей эле төбөсү менен өөдө көтөрүп колу менен кош колдоп түртсө оор... Ал, «эмне болгон» деген ойго кетет да күчүнүн бардыгынча чийди көтөрсө, үстүндөгү киши бакырып, ордунан ыргып тура качып жөнөйт...

– Жерден жек чыкты,[1] эки кулагы тик чыкты! – дешип, баарыжабыла ат-атка тийбей аттана качышат. Жетим ийнинен башын кылтыйтып чыгарып көрсө, көп киши артын кылчайып кароого чамаалары келбей качып бараткандарын көрөт. Түн эмес күн. Ал шек билгизбей чийди кайра ордуна коюп бекине калат.

Карылыгы жетип мөгдөгөн бир көксө чал атын тушап, отко коё берген, элдин баары жабыла аттанып

---

[1] Жек-желмогуз, жек көрүнчү деген мааниде айтылган сөз.

качып жөнөшкөндө ошол киши бүкчүңдөп атын көздөй жүгүрүп баратып: «ушул кантсе да Кудайберген жетим го? Болду, болбоду ошол» деген ойго кетет. Кыйды чал атын минип кайра дөңгө келип чийдин алдын ачып көрөт да:

– Ой, качпагыла! Бул баягы жетим экен... – деп элге кыйкырат,мурда озунуп аттана качкандар, «чынбы же жер алдынан чыккан желмогузбу?» – дешкендей чочушуп дөбөдөн алыстап карап турушат. Чал Кудайбергенди бутунан сүйрөп ийининен чыгаралбай коёт. Аны көргөндө тиги коркушуп аттана качкандар кайра келишип, жетимди жаткан жеринен сүйрөп сыртка чыгарып, анын жаткан жеринен жип-шуу, тарак, бычак, кесе, талкан, эт, май, уйдун, жылкынын куйругу, эчкинин чычаңы табылат. Элдин баары ыкшып көздөрүнөн жаш чыкканча боорлору эзилип күлүшөт. Бирок, кай бир жел өпкөлөр «бул бизди чочутуп жыйынды таркатты» деп жетимди урушмак болгондо, жөн билги, жетим-жесирди аяшкан карылар:

– Ой, ушу жан бага албай араң жүргөн бир шордуу жетимгетеңелбегиле! – деп Кудайбергенди ургузбай коюшат.

Ийинден куйрук, шыйрак табылганда «Мунун аты мындан ары «Куйручук» болсун» дешет...

Мына ошондон кийин Кудайбергенди эл куудул бала Куйручук деген атка кондурушкан экен.

## СЕН ТОЙБОГОНДО, МЕН ТОЙМОК БЕЛЕМ

Бир манаптын үйүнө өзү теңдүү жоон топ ак сөөк сымактар түштөнгөнү келишип, козуну сойдуруп, көөкөргө кымызды чайкатып коюп, көздөрү көктү карашып, ооздоруна эмне келсе ошону оттошуп, чалкалашып олтурушуптур. Малайлар алардын этин бышырып, кайра- кайра самоор коюшуп жандарын

сабап жүрүшөт. Азап тартып казан асып, от жаккан кул менен күң, жыргалды көрүшкөн тиги бечарага белин чечкизип, букарага бутун тарткызган мырзалар.

Анда Куйручуктун жаш кези эле. Тамактын айынан көрүнгөндүн козу-улагын кайтарып, тезегин терип темтеңдеп жүргөн. Бир күнү ачка, бир күн ток. Жайытта козу-улактарды кайтарып карды ачып, оозунан сары суу келип, көзү бозоруп жүрсө, манаптын үйүнөн көк түтүн созулуп чыкканын көрөт. «Болду-болбоду ошол үйгө мейман келип мал союлса керек» деген ойго келип Куйручук, кайтарган козу-улактарын айылга жакын жайып барып, өзү жылмаңдап баякы түтүн чыккан үйгө шып кирип барса, казанда эт кайнап жатат. Мырзалар кымыздан ичер-ичмексен болушуп, ыңгыранып, чыканактарына мамык куш жаздыктарды койдуруп чиренип жатышат.

Эшиктен келген Куйручук жалдырап босогодо селдейип турат. Берки керилип жаткан мырзалар карыпка кайдан көңүл бурушсун. Эт бышырып жаткан бир малай ага жашырып шыйрак бере коёт. Аны Куйручук шап илип алат да, шек алдырбай койнуна катып, дагы бир деме өнөр бекен дегенсип, эки жагын элеңдеп карана тамшанып турса, үйдүн ээси жек көрүп, аны жаман көзү менен акырая карай:

– Эй, кем тумшук, ме муну же! – деп кекетип бир боорсок ыргытып жибергенде, Куйручук аны шып илип алып, чайнабай күрмөп кылк эттирип жутуп жиберип, карап калат. Куйручук жаш да болсо, итке бергендей боорсокту ыргытып бергенине ыза болот.

Аңгыча, бышкан эт казандан чыгарылып, меймандардын колуна суу куюлуп табак тартылат. Босогодо жалдырап турган жетим балага малайдын бирөө өпкөдөн, карындан кичине үзүп ооз тийгизет. Үй ээси аны жеп жиберчүдөй алдыртан тиктеп, «үйдөн чык!» дегендей ишарат кыла жандаганда, ал акырын жылып эшикке чыгып, шыбагасына тийген өпкө менен карынды сугунуп жиберип бир пас ту-

руп, анан акырын эшикти ачып башын кылтайтып, эт жеп жаткандарды тиктеп, тилин соймоңдотуп, чүчкүрүп, тамшанып, жөтөлүп, козуча маарап да жиберет. Майды кыя кесип, булчуңдап чайнап жаткан мырза анын шыкаалап турганына ачуусу келет. Ал үйдөгүлөрдүн көзүнчө тигини кантип кетирерин биле албай айласы кетет. Арданып намызданат. Бычагын жиликке жанып, эмне кылар айласын таппай, тамагын жасап, ак өпкө болгон эчкиче ыкшып жөткүрөт, анда Куйручук акырын улакча маарап, чүчкүрүп коюп тур. Эт туурап жаткан бир жигит элеңдеп эки жагып карап, эшиктен башын кылтыйтып чыгарып турган балага күлүп эт кесип берди эле, Кукең аны да жутуп жибериптир.

Эттин жытын алып шилекейи чубуруп, тамшанып, тишинин моокумун кандырып эт чайнай албай араң турган Куйручук, куу чегир мырзаны ого бетер акыйып карап калат. Мырзанын Куйручукка ачуусу келип, куйкасы курушат да аны жутуп жиберчүдөй олурая тиктеп:

– Олдо кудай урган ай, ушул кара тумшук тойбоду да! Ме мунуберип, акыйтпай кетиргилечи? – деп бир кесим май сунат.

Куйручук үйгө шып кирип, майды колуна алат да, этти жата калып сугунуп жаткан алкы бузуктарды карап:

– Ушунча жумурай-журтту жалмап жаткан сен тойбогондо, ушубир үзүм майга мен тоймок белем? – дейт.

Анын мырзаны сөзгө сындыра айтканына ыраазы болуп, үйдөгүлөрдүн баары кыраан-каткы күлүп калышат. Мырзанын шагы сынып, бармагын тиштеп, томсоруп олтуруп калыптыр. Баш алган бир карыя, Куйручук тиги мырзаны сөзгө сындырганына ыраазы болуп, устуканын берет.

Куйручук башты илип ала коюп маарап жибериптир. «Ой эмне маарайсын» деп бирөө сураса, анда:

«Маараган мен эмес, мына бу козунун башы. Мени жаш чагымда жалмап койдуңар деп жатат» деген экен Куйручук.

## АПА, УУЛУҢ КУТУРУП КЕТТИ

Күз... Дыйкандар арпа-буудайларын оруп, бастырып жатышкан учур, Куйрукчук ар кимдин кырманына барып «Оп майда, майда басканың жаныңа пайда!» деп теминге кошкон унааларды айдайт. Керели-кечке жаагы талыганча кыйкырып, теминип айдаганына чемирчеги кайкалап, эки капшыты борсоюп чыкканча кара жармадан ичет. Кечке жуук кырмандын ээлери бир кочуш, кай бир мартыраагы «бадырак кууруп жегин» деп этегине эки кочуштай буудай салып беришкенде, табылгалуу болгонуна жан-алы калбай сүйүнүп, кудуңдаган бойдон кетет. Кээ бир зыкымдар буудай бербей, бекер убара кылып, «Эртең да келип темин айдап бер» дешкенде, Куйручук «макул» деп ага экинчи жолобой, аны койкойтуп коломтого олтургузуп кетүүчү.

Кырман мезгили бүткөндө, ал каадасынча каңгып басып калды. Аңдыганы айыл. Түтүн чыккан үйлөрдү кырка кыдырып, бир бай кемпирдин үйүнө шарт кирип барса, ал тердеп, сүзмө катыктаган буудай жарма ичип олтурганын көрүп, ошондон берер бекен деп үмтөтүп олтура калды. Башы чоң, мойну ипичке, куу далы болгон уулунун колуна кемпир казанга жапкан токоч карматкан экен, ал маймандап жеп отурат. Кемпир ээгин кемшеңдетип бирдемени чайпап жатып бир оокумда Куйручукту жалт карай койду да:

– Ой, жетим, сенин кардыңды тойгузам, тиги уулум экөөң саздан чым көң чапкыла – дейт ага.

Аркы алачыкта аны менен теңтуш он төрт, он бешке барган баласы да жаш колуктусун ээрчитип энесиникине келе калды. «Мен талкан таппай куурап

жүрсөм бу кемпир баласын эчак үйлөнтүп койгонун көрсөң» ... деп ойлоду Куйручук. «Баргыла, тамакты анан тиги келин жеткизип берер» деген болуп, ал жаш келинин тилдеп чыңкылдаганда, анын уулу менен Куйручук экөө үйдөн чыкканча шашышты.

Чоң шашкеден тартып чак түшкө чейин сазда чым көң чаап жүрүшөт. Чарчашты. Карындары ачып, кетмен, күрөктү көтөрө албай шайлары кетти. Үй ээси эмеспи, тиги Куйручуктун жанындагы бала «тамак!» деген үнүн баса элек. Кайда, көптөн кийин кемпир келининен үч аяк ачкыл, эки сындырым арпа нан берип жибериптир. Аны жалмалап кичине өзөк жалгашты. Тиги бечара жаш келин булардан бетер эне сүтү оозунан кете элек, бирөөнүн жаш кызы көрүнөт, как баш кемпир жаш немени келин кылып жумшап алыптыр. Куйручуктун ага жаны ачып, боору ооруду. Ал байкуш келин тоо жакты жал-жал тиктеп көзүнүн жашын мончоктотот... Көрсө анын атасыныкы тоодо экен. Куйручук аны абдан аяды. Бойго жетелек жаш кызды калыңга сатышканына кейиди. Келин үйгө кеткенден кийин:

– Сага мунун кереги эмпе? – деп Куйручук баладан сураса, ал:

– Апам аны уруп, жаныма жаткызып коёт. Экөөбүз көшөгөнүничине жатып ыйлай беребиз – деди бала Кемпирдин:

«Үч күнү көң чабышып бер, сени жыргатам» дегенине Куйручук ишенген. Үч күн эмес, көң чабышканына төрт күн болду, бир чөйчөк талкан жок. Кайра, кемпир, «Сен көң чаппай баламды алаксытып ойноп жатып аласың» деп Куйручукту каргайт. Бешинчи күнү бешим ченде сазда көң чапканда кемпирдин уулу экөөнөн бөлөк балдар жок эле, кемпирдин баласы менен ал ойноп туруп күрөшө кетти. Ары сүрүшүп, бери сүрүшүп жүрүп, Куйручук аны жыйып койгон көңдү көздөй сүрүп барды да, баланы чалып көтөрүп урду эле, ал «бу-

тум» деп боздой баштады. Балакет болду. Кемпир кармаса Куйручуктун Кулагын чоёт... Ал коркуп качкан бойдон жөнөдү.

Айылдан алыс чоң кызыл таштын үстүнө чыгып, абайлап караса, кемпир муштумун ага кезеп, уулун төкөрөңдөтүп жетелеп кеткенин көрдү. Түн киргенче таштын үстүндө соксоюп олтурду да, кайда, эл орунга олтурган учурда акырын басып баякы кемпирдин үйүнө келип тыңшаса, ал Куйручукту каргап-шилеп олтуруптур, үйдүн ичин шыкаалап көрсө, сүткө буудай талкандан жарма бышырып жаткан экен. Аны көргөндө Кукеңдин шилекейи чубурду. Кантип ыгын келтирип ошондон ичем деп тамшанып турат. Аңгыча, алачыктан «бутум ий, бутум» дейт онтолоп, баягы күрөшкөн бала. Эми кантиш керек? Жарма бышарына жакын калыптыр.

Так ошол учурда ар жактагы бир үйдөн жигиттердин, кыз-келиндердин, балдардын алда немелерди айтышып каткырышканы Куйручуктун кулагына шак дей түштү... Кукең жыла басып алачыктын тушуна барып баланын жанына олтурду. Тиги үйдөгүлөрдүн тамашасына кызыккан алачыктагы буту ооруган бала бир маалда төшөктөн туруп, төкөрөңдөп ошондо кетсе болобу. Куйручук ичинен жым дей түштү да, ал анда барып тамаша угуп жатканда лып анын ордуна жата калып «О бутум, бутум» деп боздой берди. Шек алдырбай ыйламыш болуп «О жарма! Жарма кана? Ай Кудайберген сени» ... деген үндү чоң үйүндө отурган кемпир укту.

– Бачым алып бар ысык ичсин. Ай жашабагыр, көзүмө бир көрүнөрсүң! Сени... Сени – деп кемпир Куйручукка кекенген сайын, ал ого бетер күчөп онтойт... Алачыктын ичи капкараңгы. Бир маалда келиндин келаткан дабышын билип, ал дароо төшөккө жата калып, катуулап онтолой баштайт.

– Ме, ысык, ич – деп, келин майга куурган чоң аяк жарманы эрим экен деп Куйручукка карматты.

Жарма колго тийгенден кийин ал онтолобой тердеп чардап ичип жатат. Караңгыда Куйручукту көрбөй «күйөөм» дегенсип жаш келин анын жанына олтуруп «Ошо чечек менен эмне күрөштүң?» деп ал эрине жан тартып, Куйручукту каргайт. Анын сөзүн угумуш болуп Кукең жарманы шоркуратып иче берди.

– Бутуңдун ооруганы басылдыбы? Деги кандай? Апам аны эртен, карматып урдурат... Эмне унчукпайсың, ыя? Ыя? – деп жарманы ичкенче келин эбирей берди. Куйручук келинге сыр билгизбей:

– Ооба, ошону карматып ургула! Өлтүргүлө! Жегиле!.. Ме сага! – деп кемпирдин келинин аяк менен башка урду да безген бойдон жөнөдү.

Келин чочуп кетти.

– Апа, апа, уулуң кутуруп кетти!

Ал бакырганда энеси өкүргөн бойдон үйдөн чыкты:

– Айланайындар! Кармагыла! Тоскула! Жин тийди көрүнөт... О,кудай! Эми кантем? О, бооруңа чечек чыккан Куйручук баламды жеди...

Айылдагылар «Эмне? Эмне болду?» дешип үйдөн жабыла сыртка чыгышып, дүрбөгөн бойдон качып бараткандын артынан кууп баратат... Караңгыда алар Куйручукту кайдан көрүшмөк эле, ал безген бойдон айылдын четине чыкты да токтоп, тигилердин чуусун угуп турду... Аркы үйдөгү жигиттер, кыз-келиндер, балдар коркуп кетишти. «О эмне? Кутурган ким?» – дешип алар да чуулдашат.

– Тагай жинди болду, кутурду... – деген кемпирдин үнүн уккандабаласы энесинин үнүн таанып:

– О, мен мындамын энеке! Кутурганым жок! – деп кыйкырды. – Мына кызык!

– Анда тиги элирип бараткан ким? О, курган келиним сен жарманы кимге бердиң? – дейт кемпир.

– О, мен жарма ичкен жокмун.

– Анан ким ичти?

– А... а дагы баягы Куйручук келген экен ээ! – деп кемпир сыздайт.

– Ошол турбайбы. Ха-ха-ха!

– А, Кудайберген сениби, сени колума бир тиерсиң, – деген кемпирдин каардуу үнү угулду.

Айылдын четинен Куйручук кыйкырды:

– Апа, уулуң мында олтурат! Мен көң чапкан акым үчүн жармага тойдум. Ха-ха-ха!

Ушинтип көңүн чапкызып алып түк эчтеке бербей койгон сараң бай байбиченин Кукең жүрөгүн түшүргөн экен.

## АЧ КӨЗ

Малдуулар, байлар тоодо. Жатакчылар жакада. Куйручуктан жалкышкан байлар аны үйүнө баш бактырбай коюшту. Ал тоого жолобой томсоруп калгандан кийин кайда барып күн көрмөк эле, жакада жатакчыларга үйүр болду. Кээ бир кедейлер байлардын эгинин жайлата багып берүүгө көтөрүп алышып, алардан акысына улак, же убактылуу саап ичүүгө уй алышыптыр. Ал бечаралар көк чымырагандан баштап өздөрү көк чалап ичип, эптеп оокат кылышкандарын Куйручук күндө көрөт.

Ач болушса да, жок дегенде кийимдери бүтүн болсо эмне, арыктыгынан балдардын кабыргасы саналат... Байкуш энелери балдарынын үстүнө үйрүлүп түшөт. Куйручук алардан жанын багып жүргөндөн кийин, кантип карап жүрсүн. Алынын жетишинче ар кимисинин суусун сугарышып, арпа, буудай, тарууларын отошуп берет. Эгин тегиз такта болуп баш алганда, өткөн жылкы аңызга чыккан кодура арпа дүмбүл болгондо, ошону терип балдар кууртуп жешет.

Куйручукка теңтуш балдар күндө эгиндин арасында жүрүшөт. Керели-кечке жумуштан колу бошобой жүргөн кедейлер кечке жуук бөксөдөгү үйлөрүнө барышып, эртеси таң заардан кайра чаначка азык артына келишет. Кукең күнүгө кимдин эгинине жар-

дамдашса, ал анын курсагын бөрсөйгөнчө айранга тойгузат…

Борукчу деген неменин бир тууган агасынын кою, төөсү, жылкысы көп. Инисинин, өзүнүн да малы арбын. Ал эгинин кедейлерге акысын берип бактырбай малын аяп өзү багат. Кедейлер аны «бул өлгөндө малын көрүнө айдай кетет» дешчү. Ага тоодон агасы күн алыстап бир чоң чанач кымыз жеткирип берет, колунан түк эчтеке чыкпаган саран неме балага да, чоңго да чыктаттырбай өзү жалгыз ичет. Анысы аз келгенсип эки күндүн биринде союп жейт. Анын күнүгө чайнаганы май, оюндагыдай көңүлү жай…

Ал «Ой жетим, мен сени жыргатам, мага кел» – дей бергенинен Куйручук беш күнү удаа анын эгинин сугарышып берсе, ал капкачанкы ачып калган айранын бере берип жетимди ич оорулуу кылды. Кукең андан жадап кедейлерине кете берди. Ал далайды алдап жумушун жасатып алган. Балдар да ага кекенишет. Бир күнү нөшөрлөп жамгыр жаады. Кыян жүрдү. Андан эгин араң аман калды… Жаандын артынан бат эле мөндүр түшүп, кедейлердин талаадагы ырыскысын такыр талкалап кете жаздаганы аз эле жерден калды. Кедейлер «Булут ала жер чоло» деген ушул, аштык мөндүрдөн аман калды» … – дешип асманды тиктешет.

Так ошол мөндүр түшкөн күнү, түштөн кийин Борукчуну Куйручук аңдып жүрдү. Ал күн батардан мурдараак чолок куйрук боз атын минип, башка тараптагы тоону көздөй сызды. Кукең жыланаңайлактанып, куур шымды тизесине чейин түрүп алды да, анын артынан текилдеген бойдон жүрүп олтурду. Борукчу артын кылчайып түк караган жок. Кеч кирди. Куйручук чарчаса да, боз аттын артынан калбай чуркай берди. Күүгүм талаш ал киши бир калың бадалдын арасына кирип дайынсыз жок боло түштү. Куйручук ага көрүнбөй окчуңураак чоң түп карагаттын түбүнө жашынып аны аңдып турса, бир

пастан кийин тиги киши бадалдын ичинен кайра жөө чыкты. Ошо жерден жогору жакта айыл бар көрүнөт, аяктан иттердин үргөнү, жылкынын кишенегени угулду. Баягы неме көк шиберге бир аз олтуруп эки жагын тыңшады да анан айылды көздөй басты. Бу кишинин эмне үчүн жөө кеткени, атын кандайча бадалга бекиткени Куйручукка табышмак. Андай немени караңгыдагы карааны алеки саатта көздөн кайым болот экен. Заматтын ортосунда ал дайынсыз житип кетти. Кукең анын мында эмнеге келгенин билгени күтүп отура берди.

Ай караңгы... Асманда жылдыздар асыл таштай жылтылдайт. Чиркин ай, тоонун түнкү көрүнүшү кандай сонун! Ар кандай жыгачтар, үйдөй таштар, жалама бийик зоолор түн ичинде көзгө ар кыл болуп көрүнгөнсүйт... Тоо жели суу ылдый шуулдап жүрдү эле, Куйручуктун мээси сергиди. Ага кошул-ташыл болгонсуп, тоо чөбүнүн жыты атырдай аңкыйт. Суунун шаркырап акканы даана угулуп, ар кайсы жылгадан төмөн чубурган майда булактардын шылдырап акканы кулакка жылаажындай угулат. Мындан бөлөк жапайы айбандардын түнкү дабышы билинбейт, тегерек тегиз мемирейт.

Кайда, бир кыйладан кийин Куйручук акырын бадалдын арасына барса, жанагы неме боз атты чоң кайыңдын бутагына аса байлап таштаптыр. Анын дабышын ат сезе коюп, «Ээм» деди шекүлдү, караанды элеңдеп карады. Ал кайра басып мурдагы ордуна келди. Түн жамынып кеткен кишиден дайын жок. Кукеңдин уйкусу келет, кокус үргүлөп кетсе эле, жанагы немени мында эмнеге келгенин билбей калчудай. Ал улам көзүн ушалап, чымырканып чыдады.

Түн ортосу оогон кезде дабыш чыкканын тыңшаса баягы кишинин «күш, күш» эткени кулагына угулду. Борукчу күлтүйгөн чоң неме эле, ал эки койду колтуктап алып анын төмөнүрөөк жагынан өттү. Ал бадалдын жанына койлорду коё койду да атын

көздөй кетти. Куйручук дагы кантер экен деп былк этпей аны аңдып тура берди. Борукчу уурдап келген эки кой дудук болгон малдай маарашпайт. Баарыдан да ошонусу таң каларлык.

Ууру шашып атын бадалдан жетелеп келип, эки койду жипке байлап атына артып жатканында Куйручук үнүн өзгөртүп:

– Карма! Карма!

– Ууру! Ууру!

– Ат!

– Бул далай койду уурдаган.

– Төбөсүн канда! – деп Кукең үнүн ар кыл чыгарып бакыра берди.Аны таш менен ургулап кыйкырат. Ал коркуп атын кой-мою менен кошо таштап. алды артын кароого чамасы келбей качкан бойдон жөнөгөндө, берки Куйручук ого бетер күчөп «Бадалды тегеректегиле!» деп бакылдайт да, өзү жүгүргөн бойдон байлалуу атка жетип аны минип баратып «Анын ким экени эртең жарыкта атынан таанылат!» деп бир далай жерге дейре аны кубалап чу койгон бойдон барды. Ал митаам койлорду мууздап көтөрүп келгенин Куйручук кайра келип көрдү. Ошентип Кукең ууруну коркутуп койду.

Таң сүрөрдөн саал мурдараак жатакчылардын айлына жетип, өзү байыр алган кедейдикине түштү да, аны ойготуп, окуянын жайын ага түшүндүрдү. Кедей эки койду сойду. Кашык сорпого зар болуп жүргөн бала-чака этке тойду. Куйручук атты токойго бекитти да, эртеси короосу толгон кою туруп, бөлөк бирөөнүкүнө суук колун сунган, ач көз сараң Борукчунун кебетесин көргөнү барды. Ал үлүрөйүп кабагын түйүп, жепирейген жаман тамында тизесин кучактап үшкүрүп отуруптур.

Куйручук ага салам берди да, анын денесин караса, түндө качканында жыгылса керек, бүткөн боюнда тамтык жок, Борукчу качып келатып жыгачка, ташка денесин согуп, кызылала болгон экен...

– Сага эмне болду байке? – деп сурайт Кукең билмексен болуп.

Ал кууланам деди шекүлдү:

– Тиги сарайдан жыгылдым — деп койду.

– Байке атыңды бере турчу айылга барып келейин — десе, ал:

– Ат жок — дейт.

– Баса байке, жана сенин атыңа окшош боз чолокту тиги болуштун жасоолу «бу ат кимдики?» деп ар кимден сурап жүрөт – деди Куйручук. Ал шибеге менен санга бышып алгандай ордунан түйүлүп туруп «ыя» дегенде:

– Ооба, боз атты жетелеп жүрөт, — деди. Борукчунун үрөйү учту. Калч-калч этет.

– Ме, кымыз ич! — деп жанында жаткан чаначты сунду. Кукең чаначтын оозун кайырып кымызды кылкылдата баштады.

– Кагылайын Куке, мени бирөө сураса көргөн жокмун дегин.Эшикке кулпу салып кой. Кечке жуук келип ачып коёрсуң – деп ал жалдырап ачкычын берди.

Куйручук анын так өзү айткандай, терезеси жок караңгы тамдын эшигине чоң кара кулпу салды да, кокус чыгып кетпесин деп, ташты томолотуп келип каалгага бек жөлөп коюп, ачкычын суугa ыргытып жиберип, токойго бекиткен боз атты минип, туулуп өскөн кең Жумгалдан Тогуз-Торону көздөй сызды.

Ач көз сараң караңгы тамда камалып кала берди…

## КЕМПИР

Ызгаардуу кыш… Кырчын кыштоосунун коктуколотторуна кыштаган айылдан көк түтүн жөө тумандай чубалжыйт. Ошол үйдүн биринде бака-шака түшүшүп жоон топ неме жоро бозо ичишип отурушат. Булар ар кошкондон: биерге коюмду жаям,

тиерге жылкымды каптатам, жер да, суу да, тоо-таш да биздики дешчүлөр!.. Жанын бапестеген чыктатырбастар. Ушул зөөкүрлөрдүн арасында «уулум урушчаак, келиним керишчээк» деген шылтоо таап, үйүнөн алсыздарга, карыптарга, жетим-жесирге чык татырбас пейли тар байбичелер да бар.

Мында жеке эле ак сөөктөр гана дуулап кайдан отурушсун. Чоң үйдөгүлөр, күлсө өргөдөгүлөр кара күчкө ырсаят, сыңары кошоматка кой сойгондор да желпинип отурушат. Тебетейлерин баса кийишип, көздү чылк жуумп таштап, тигилердин шары менен күүлдөп, кайдан чыксаң андан чык дешкен ачык ооз жумук көздөр да аз эмес.

Чөйчөк карындары бозого толгон, жумурларынын башы ысыганда күүлдөшүп уу-дуу болгондор, капыстан алардын үстүнө мотурайган кара тоголок, жаш өспүрүм эшиктен салам берип кирип келгенинде, бакылдашканы тык басыла түштү. Бул эс тартып, кол арага жараган Куйручук эле. Ошол күнү анын кой кайтарар кезүүсү болбогондуктан «үйдө» калган. Куйручук эртең менен короодогу уйга саман чачып жүргөндө, үй-ээлери каалгага кулпу урушуп ушул жоро берген үйгө келишкен.

– Эй, мейли чоң киши, мейли маа десе бала болсун, келген саламчыга аяк сунулбасын! – деди ыктытып көзү ала чакмактап, төрдө отурган эрке бала.

Жородогулар кыжылдашып, биринин сөзүн бири угушпай карт кекиришe, кейкектеше кетишти.

– Эч кимге чык татырбагыла!

– Ооба... ооба.

– Жок, аякты колу менен кармабай, бозону, келген саламчылардын кимиси болсо ичип кетсе мейли иче берсин, – деди кызып калган байдын чиренген бир зөөкүр уулу.

– Ошентсин!

– Аяктагы бозого мурдун тийгизбесин,—деп, туурадан чыкты дагы бирөө.

– Ой кажылдабай токтогула! Муну жаткан ырчы деп уккамын. Кана, баягы куу сараң кемпирди кошконуңду таштап койчу! – деди комузчу кара сур жигит.

Ала күү болгондор жаалап, «ырда!» дешип кыйкырып, тебетейлери менен бири-бирин сабашып кысташа кетишти. Куйручук кактабай канын соргон, кенедей анын жанын жай алдырбай жумшаган... өзү койчу болуп жүргөн кишинин эң улуу зайыбын кошконун ырдап берди:

Кайчы кулак карагер,
Кадуулап оозун керген жок,
Кой кайтарган бала – деп,
Куу кемпир, бир кабырга берген жок.
Күңгөй менен тескейдин
Ташын көрдүм куу кемпир!
Күң жилик менен далынын
Башын көрдүм куу кемпир.
Арашан кылып жеймин – деп,
Арык козу сен сойдуң.
Андай кылбай жүрсүн – деп,
Арамза атка мен койдум.
Жел басар кылып жеймин – деп,
Арык козу сен сойдуң.
Жемелебей жүрсүн – деп,
Желмогуз атка мен койдум.

Жородогуларга ого бетер жага бербей дуу күлүп калышты. Чыгдан жакта кырка тизилишкен, кызыл-тазыл кийинген ак элечекчендердин арасында отурган, кебете-кешпири суук, эпсиз, сыны жок олчойгон семиз, эки бети табактай кызыл кемпир, ырга ызаланып теригет. Анын ачуусу келип балага ызырынат. Куйручук так ошол куу, сараң, ач көз, ырайымсыз кемпирдин кылык-жоругун кошуп ырдаган. Кемпир астыртан Куйручукка акырая карап, кекеткендей жекире муштумун түйөт...

Жаш да болсо Куйручук кемпирдин ага ызырынып, ит-атайы тутулуп, маскара болгонго ичи

күйгөнүн билет, жородогулар дагы эмне дээр экен дегенсишип, аны тиктеп калганда:

– Ма-а… Ма-а! – деп ал кемпирди тиктеп козуча маарап берди эле,баары каткырып калышты.

– Ой, бала бул эмнең?

Анда бала:

– «Биздин жаш чагыбызда жайратып союп жеген… Жетимбалдарды кекеткен какбаш, куу кемпир качан көрүндө өкүрөт?» дешип козулар маарап жатат… дегенде, бозокорлор өлгөндөй күлүштү.

## БЕТ

Туугандан айланса болот… Бирок колуңда бар болсо тууган дайыма сага жакын. Эгер начар болсоң, чүйлүсү менен карап жолобой коймою да бар. Куйручуктун өз оокаты тың агалары бар эле, ошол бир күнү Куудулду кастарлап чакырып алды.

– Эй «жинди», береги жеңең төркүндөрүнө барам дейт… Сен шайтаныңды коюп, муну атасыныкына ат кошчу болуп ээрчитип баргын. Анан баягы жоруктарыңдан баштап эл-журтка шылдың кыла көрбө!

– Жакшы болот абаке. Жеңемди кыргоолдой кулпунтуп, сылап-сыйпап ээрчитип барбагандачы…

– Анда жолго чыккыла «жинди»! -деди агасы.

– Куп болот абаке! – дейт да Куйручук жеңесин атасыныкына ээрчитип жөнөйт. Ал жеңесине, кырды-кыдыртып, сырды-сыдыртып кеп уруп берип баратат. Жеңеси барып турган сараң неме эле, кайниси: «тебетей жасатып киейин бир көрпө бер?» – деп сураса, аны жалдыратып бербей койгону Куудулдун эсинен кетелек экен.

Буластатып буулум кийген, булкунтуп жорго минген жеңесинин көзү көктү карайт. Анын жүрөгү алап-желеп болуп алып учат… Ал жоргонун оозун коё берип зымыратып бараткhistoryанда, ат кошчу

болуп бараткан Куудул анын артынан чаап ага араң жетүүдө. Кайда, булар бир кыйла жерге барганда, жоон-топ айылдан бир киши беркилерди көздөй атын кара терге түшүрүп чапкан бойдон келет. Көөдөнүн көтөргөн жеңе андан жай суроого мойну жар бербей, кыйгачтай тартып, суй сала өтө берди эле, Куудул, токтой калып тиги жолукkан кишиден жай сураса, ал киши көрүнгөн айылдан кимдир бирөөнүн аялы каза болуп, ошонун төркүнтөсүнө кабар айтканы бараткан чабаган экен. Бул кишиден кабарды уккан соң, Куйручук аттын оозун коё берди да, бир топ жерге дейре узап кеткен жеңесине жете барды. Булар арыраак узай түшкөндө бир белеске чыгышты.

Бет маңдайдагы калың айылга эл кыжылдап көп чогулганын көрүштү. Төркүнүнө бараткан сүйүнгөн жеңенин түк эч нерсе капарында жок. «Эртерээк жетсем экен» дегенде анын эки көзү төрт. Куудул жеңесине сыр билгизбей, аны жандап бастырып баратып, анын атын коштоп алып, ага мындай дейт:

– Сүйүнүп баратасыңбы жеңеке?

– Ооба.

– Атаңды жакшы көрчү белең?

– Жакшы көрбөгөндөчү!..

– Жеңе, атаңдын айылы ушул. Эми капа болбогун...

– «Капа болбо» дегениң эмнең чечек?

– Жеңе, кудайдын буйругу экен! Атаңды бука сүзүп өлтүрүптүр...

Бейкапар, түк эч нерсе оюнда жок бараткан жеңеси «ыя!» деп бир катуу чыңырып алат да, тырмагы оroктой курч экен, өз бетин апчып алды эле, кан жая берди.

– Карангүн!.. Катыгүн! Кара көзүм кашайган экен ээ. Ошол өлүгүңдү көрөйүн күрөң бука сүзөнөөк... Согумга союп алгыла десем курган атам «ыйык» бука деп тил албай койгон. Атаны кокуй атаке!

Аял атакелеп кошун айылды карай чапты. Айыл жактан «энеке! жеңеке! эжеке! апаке!» деген өкүрүк кулакты тундурду... Кым-куут... чакчелекей... Куудул жеңесин алкынтып чукул коштоп бараткanda жеңеси «Атакелеп» боздойт... Айылда жарданып карап тургандар берки аялдын «Атакелеп кошуп келатканы эмнеси» дешип аңтаң калышты. Куйручук айылга жакындаганда жеңесин коё берди эле, чуу чыкканда өпкөсү көөп элирген жорго ала качкан бойдон жөнөдү. Андан арыраак бара түшкөндө, атасына ыйлап бараткан аялдын башынан элечеги түшүп, чачы саксайып жылаң баш калды. Калың боз үйдү аралай ала качып жорго араңдан зорго байлалуу аттардын арасына токтоду. Өлүккө чогулгандар Куйручуктан:

– Э, Куке, тиги жеңең эмне «атакелеп» кошуп келди? – деп сураштЫ.

Ошондо Куйручук аларга:

– О, кокуй, бул каңырыш угуп, атам өлгөн экен го деген тура. Кой, анда мен аны үйгө киргизбей токтотоюн – дейт да, табыт коюлган үйгө өксөп ыйлап бараткан жеңесине жетип барат. – Ой жеңе, сабыр эт! Биз каңырыш угуп алган экенбиз. Бөлөк айыл тура! Сенин атаң аман-эсен эле кымыз ичип кылгырып үйүңдө отуруптур. Жүр, кайра аттан, элечегиңди барганда оронуп аларсың – деди Куудул.

Бети-башы кан. Чачы саксайган жеңеси тып токтой калат.

– А, кудай, атам тирүү бекен?

– Ооба. Бол, аттан!

Бул айылдан чыгышкан соң, Кукең жеңесин караса анын бетинин чоло жери жок... Ал өз бетин өзү тытып таштаптыр. Куудул чоң суунун боюна аны түшүрүп, бүткөн боюндагы канды өзүнө жуудурат. Аял кабак-кашын карыш салып үшкүрүп кайнисин тилдей берет.

– Жеңе, жүр атаңкына!

– Кудай бардыр Куудул сага! Ушу кейпим менен уялбай төркүнүмө кантип барамын! Кылгылыкты кылдың...

– Кой, анда бетиң айыкканда ээрчитип барармын, жүр үйгө кайра кетели – дейт Куйручук жеңесине.

Жеңеси ыза болгонунан буркурап ыйлай-ыйлай орто жолдон кайра тартат. Көк жал Кукең кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп салат да, жагалданып жеңесин жандап бастырып келе берет. Булар өз айылына жакын калганда, Кукең жай бастырып саал-паал жеңесинен артта калат. Агасы үйдөн чыга калып аялынын атын алмакка утурлай басты. Аялы бышактап ыйлап аттан түшөт...

– Ой сага не болду? Эмне кайра келдиңер?

Эри аялынын айрылган жүзүн көргөндө чочуп кетет.

– Карангүн! Ой, бул эмне шумдук?! Сенин бетиңи ким айра чапты? Айт! Айт!

Аялы унчукпай ыйламсырап, көз жашын кылгыртып:

– Тиги оңбогон иниң, ботом «Атаң өлдү» деп угузуп ушуну кылды. Куудул-суудулу жок эле, бөлөк бирөөн кошуп берсең деле болмок экен... Мына сулуу өңүмө так түштү. Фу... фу... фу! – деди бышактап.

Эри бир күлүп, бир бозорду. Ал ачуусу келгенинен ээрдин кесе тиштеди. «Мх... мх!..» дей берди да, анан аялынын жанына барып анын өңүн ишенбегендей тиктеди да:

– Атаны кокуй бети бузулуп калган тура! А ... билдим, билдим. Бу баягы сен аяп бербей койгон көрпөнүн айынан ал сенден өчүн алган го?..

Анда аялы бышактап жатып:

– Ооба! – деп башын ийкеди – ошону бербей койду деп ушинтсе керек... Ошого кекээрлеп ушуну кылды иниң. Бетим... кайран бетим.

Аңгыча, булардын жанына Куйручук келди эле, агасы айласыздан күлдү:

– Ой Куйручук бул эмнең? Кудай каргагыр жеңенди таптакыр союп таштаган турбайсыңбы?!

– Э, абаке, менде не жазык... баратсак, жолдогу бир айылдан чуу чыкты... аны укканда жеңем, «атам дүйнөдөн кайткан экен» деди да бетин апчып алды. Өзүнөн деле сурасаң, мен бетиңди тыт дегеним жок... Сага бет керек экенин билбейби? Ботом чебердесе боло! – деди Куудул.

Агасы селдейип калды. Эмне дээрин билбей солк-солк этет.

– Эй «жинди» сен жеңеңен көрпө сурадың эле, ошону бербей койгонго өчөшүп, ушуну кылгансың го, ыя?

Куйручук аны тиктеп, тамшанып туруп ага:

– Абаке, жеңемин кара башынын соо калганына сүйүнсөң... Ал ачуусуна чыдабай дагы бир жерин керектен чыгарабы деп мен корктум эле... – дей бергенче агасы «Бу, даты бир балааны баштап жибербегей эле...» деп шашып кетип:

– Ой, болду... кой, кой, деги эсен-соо келгениңе мен ыраазымын! – дептир.

## БЕЙИТТЕГИ ҮН

Жол боюндагы көп бейиттин арасынан кээде эчкирген шумдуктуу ун чыкканын ары-бери өткөн кишилер кезек-кезек угушканда андан коркуп качып кетишет.

«Мүрзөнүн ичинен адамдын ыйлаганы угулуптур... Аны баланча-түкүнчөлөр жол менен өтүп баратып угушкан имиш дейт», – деген каңшаар угула баштайт. Мындай укмуштуу кабарды уккандар аңтаң калышып, жакаларын карманып тобо кылышып, кудайга жалынышат...

Молдолор, сопулар, бүбү, бакшылардын да үрөйү учуп, бул шумдуктун эмне экенин биле алышпай баштары катып, оозуна келгенин божомолдой беришет. «Жакында эле, баланча өлбөдү беле? Тү-

күнчөнүн уулу каза болгон... Мына... ошолордун тирүү кездериндеги күнөөсүн эми өлгөндө тартып, көрүндө өкүрүп жатпайбы?.. Күнөөсү барларды «үңкүр-маңкүрлөр» кыйнашып, күрсү менен токмоктоп жатканы ошол... Кудайга сыйынып тобо кылгыла, журт! Кайыр садага берип, мазарларга түнөгүлө!» – дешип, караңгы калкты ого бетер чочутат...

Бул кереметтүү үндүн окуясы баарына тарап кеткенден кийин, ошол бейиттердин жанынан коркуп түк адам өтпөйт... Бул укмуштуу суук кабарды Куйручук да угат. Ал өзүнчө ары ойлонот, бери ойлонот да, «деги эмне болсо да барып, ошонун чын, төгүнүн билейинчи» деп ал кара жал кула атын минип, жазга жуук ала шалбыртта, кара нөшөр төгүп турганда, көзгө сайса көрүнгүс айсыз караңгыда, бейитти көздөй жалгыз жөнөйт. Куйручук көп мүрзөнүн жанына жетип тыңшап турса, бир оокумда, ырас эле бирдеменин кыңкылдаган үнү чыгат.

– Капырай бу эмне? Тирүү пенде бейит арасында эмне кылып жүрөт? Же чөөбү? Балким бөлөк бир айбан болбосун? Кой, мындан коркуп эл дүрбөй баштоочу болду... Эмне болсо да барып билейин... Кокус, балаа болуп мени кууса, күлүк кула атым жеткизбей кутказар?.. – дептир да, Куудул атын камчыланып бейитти аралап бастырып, үн чыккан жакты тыңшап баратса бир мүрзөнүн үстүнөн «кың... кың... кың...» эткен добуш чыгат. Аңгыча, агала-сагала бир деме булак дей түшөт. Аны көргөндө Куйручуктун жүрөгү шуу дей түшүп, өзүн өзү токтотот. Мүрзөнүн үстүнөн элес-булас көрүнгөн карааны аңдып турса, бир маалда мүрзөдөн дагы агала-сагала караан булак этет. Куйручук:

– Ой, сен кимсиң? – деп кыйкырат.

– Мен элемин... – деген үн ага араң угулду.

– Мен деген ким? Мында эмне жатасың?

Үнү бүткөн аял кирилдеп:

– Мен элемин... Жалгыз бой тарткан уулум бар эле, ошол өлгөн... Абышкам ошонун кайгысын

тартып мөгдөп турбай калды. Каза болгон уулумду эстегенимде бир маал мүрзөсүнө келип кучактап, «ала жат, ала жат» деп боздоп-боздоп алып кетем. Сен өзүң кимсиң ыя? – дептир күйүттүү карган кемпир.

Куйручук кейип, анын жанына бастырып барып:

– Мен Куйручукмун – десе, кемпир:

– А... айланайын баягы куудулсуңбу! Менин боздогон үнүмдү угуп келгенсиң го? Өмүрүң узун болсун. Ушинтип абышка-кемпир маңдайына кармаган жалгызынан айрылды... Чал кара алачыкта какшап жатат... Мен ага караганда тыңыраакмын, баламдын мүрзөсүнө келип, боздоп кетем, – деп шордуу кемпир муңаят.

– Эне, кайрат кылгын. Минтип жүргөн болбойт. Кел, мага учкаш, үйүңө жеткизейин.

Куйручук караңгыда кемпирди үйүнө жеткизип келатып ага кайрат айтып сооротот.

– Ушул өлгөн жалгыз чырагыма атап союуга ырымга бир улагыбыз жок... Алагөз байдын коюн уулум кайтарды эле, өлүксүз акысын бербей койду, – деп кемпир зарлайт.

– Баса, Алагөз өлбөдү беле?

– Ооба, кагылайын, ошо бай өлгөн.

– Эне, сен уулумдун мүрзөсүнө барып ыйлап жүрөм – деп, түк эч кимге айтпагын. Эгер мындан кийин балаңдын бейитине барсаң, күндүз көрүнүп барып жүргүн.

– Макул садагаң! – дептир бечара кемпир бышактап.

– Анан «Куйручук мени мүрзөдөн таап ээрчитип келди» деп бирөөгө түк айтпа! Балаңдын акысын, байдын уландарынын жазасын колуна берип, «айлакер кайкы мурун» деген бар, ошондон төлөтүп берем... – деп бечара карып кемпирди үйүнүн жанына түшүрүп коюп, Кукең андан зымыраган бойдон байдын уулдарынын айлына барып аларга:

– Эй, мырзалар! Ыраматылык атаңардын аманатын уккула! – дейт.

Байдын балдары чочуп кетишип Куйручуктан мындай деп сурашыптыр:

– И-и, Куке, атабыз кандай аманат айтты сага?

– Бейит арасынан чыккан үн силердин атаңардыкы экен... Мен жол менен келатсам бирөө боздойт. Баягы угулган укмуш чын экен го... дедим да, корккonуман атка камчы уруп качып жөнөмөк болдум эле, ангычакты, мүрзөнүн ичинен караан көрүнө калды да: «Эй, Куйручук, качпай бери токтой тур!» дегенинен улам токтоп калсам «Жанакы менин артымда калган жаман балдарыма мына бул аманатымы айта баргын: адамдын эмгек акысын жеген жана бирөөгө карасанатайлык кылган жаман болот экен, абышка-кемпирдин жалгыз уулуна кой кайтартып алып, анын акысын бербей жеп кеттим эле, ошол кедейдей далайлардын таман акы-маңдай терлери карыз болуп мойнума кеткенинен, куданын жазыгы боюнча «үңкүр-маңкүрлөр» мени күндө үч маал күрсү менен сабашып кыйнайт... Мен күнөкөр болуп, ушинтип, көрүмдө өкүрүп азап тартып калдым. «Бейишке» чыкпай доңуз болуп кубулуп, тозоктун чогуна какталып чымындай жаным чыркырады... Куке, балдарыма айтып кой, абышка менен кемпирге анын өлгөн уулунун таман акы маңдай терине; беш кой, беш эчки, эки теке, бир кочкор берип, менин тирүүмдө бербей калган карызыман куткарышсын. Дагы көп карыптардын акысын жеп кеттим эле, аны өздөрү таап беришер... О, Куйручук, ушул аманатымы уулдарыма бүгүн түндөн калтырбай айта бара гөр» деди атаңар мага.

Аны угушканда байдын балдарынын үрөйү учуп жандары чыкты.

– Атабыз «бейишке» чыкпай тозокко түшкөн тура!.. Айланайын Куке, сен атабыздын көрүндө өкүрүп, чочко болгонун элге жайба. Атабыздын

абышка-кемпирге берсин дегенин эми эле берели... Сени да куру койбойлу, – деп чуулдашат өлгөн байдын балдары.

Кукең:

– Баса, маркум атаңар, «Балдарым мени сыйласа, жетим-жесирлерди кордошпой жүрсүн, мен далай бечараны урдум эле, мына эми ошонун азабын тартып, «кыяматтын» кыл көпүрөсүнөн өтө албай куурап калдым» – деди...

Байдын уландары корккондон самандай өңү саргарып, ошо замат абышка-кемпирдин өлгөн жалгыз уулунун акысын жеткизип беришет.

Арадан аз күн өткөн соң, Кукең абышка-кемпирдикине атайы келет да:

– Эне «Бейиттин арасында ыйлаган мен элем... Менин үнүмдү угуп, Куйручук издеп таап учкаштырып келген» деп, эми элге жая бергин... – дейт Күкең жалгыз уулунун күйүтүн тарткан шордуу абышка менен кемпирге.

Болгон окуя элге тоо желиндей тарап байдын уландары баарыга маскара болушат.

## ҮЧ КЫЗЫЛ КУЛАК

Илгери, качандыр бир кездерде, коңур салкын күзүндө Куйручук байдын малын айдашып Анжиянга барат. Баратканда да, кайра келатканда да минген аты жүрбөй жөө басат.

Малын айдатып барган бай калаада калган. Жеке эле Куйручук эмес, аны менен кошо мал айдашып барышкан малайлардын да жолдо ачкалыктан шайлары оошот.

Ошентип кыйналып келатышса, алардын артынан үч кызыл кулак үч куржунга майда буюмдарын салышып арттан жете келишет. Беркилердин таалайына жараша алар башта ал жол менен жүрүшкөн эмес

экен, тиги кызыл кулактар: «бизге жол көрсөтүп ала баргыла?» дешиптир, Куйручук аларды самаган жерлерине жеткирүүгө макул болот.

Ал кызыл кулактар куржундарындагы буюмдарын: аркан-жипке, териге, көрпөгө сатышмак. Булар бир арканга беш ийне, бир көрпөгө бир тарак, бир териге бирден атыр самын берип, элди алдап жүрүшкөн шумдар экенин Куйручук далай көргөн. Алдамчы митайымдардын сыры ага бештен белгилүү...

Жолоочулар күн тоодон кылкылдап батып бараткан убакта андан ары жол тартууга болбой калгандыктан аркайган аскалуу тоо арасына түнөмөк болушат. Же жакын жерде айыл жок. Ачкалыктан көздөрү бозоруп шайлары ооду.

Куйручук кууураган арчадан сындырып келет да «ашың жок болсо кашың жокпу?» деп отту алоолонто жагат. Кызыл кулактар ага «бизге чай кайнатып бер» деп, байланып жүргөн чайнегин берет. Аңгыча болбой быжыгыр кара сакал куш тумшук: (дайыма мурдунун учу тердеп жүрө турган) «Палоо жегениме үч күндөй болду!» деп ээрдин жаланып тамшанса, ар жакта турган бирөө: «казан болсо мен палоо басат элем» дептир.

Анжиянга барган бай казан сатып алып үйүнө малайынан берип жиберген экен. Тигилердин сөзүн укканда Куйручук ошо казанды көтөрүп келип колуна карматат. Ал камылгалуу кызыл кулак экен, ала жүргөн муштумдай этин, сабизин туурап, бөтөлкөдөгү майынан куюп «пияз жок» деп үшкүргөндө, Кукең зооканын арасынан «кызыл кабыктан» арбын терип берип, кызыл кулактардын көңүлүн жайлап коёт. Казанда тамак боркулдап быша берет.

Ал кызыл кулактарга Кукең:

– Менде: тери, көрпө, аркан-жип көп... Силер айылдан-айыл кыдырып убара болбой эле, буюмдарды бизге сатып кайра кайтасыңар. Мен мындан ары силер менен дос болом: дайыма меникине келип

түшө бергиле! Пулду арбын алып келсеңер да эл талап кетет – дейт.

– Сенин атың ким? – дейт бирөө.

Анда Куйручук:

– Мен Жумгалдан чыккан Чучукбай деген чоң бай болом. Анжиянга сатканы мал айдатып баргамын... Жигиттерим базардан алган буюмдарым менен алдыга кетишкен – мына булар да чириген чоң бай – дейт Куйручук жолдошторун көрсөтүп.

Кеңкелес кызыл кулактар Кукеңдин айткандарынын баарына ишенишип, «макул куржундагы пулдардын баарын силер эле алгыла! Биз силерден бөлөккө сатпайбыз» дешет.

Берки бирге баратышкан малайлар Куйручуктун тигилерге айткан сөздөрүнөн коркушуп «Балээ болуп, айылга жеткенде баягы жолдогу убадаңар кана дешсе, анда эмне дейбиз? Кой, Куке! Мырзабекке айтышып терибизди тескери сойдурушпасын» дешет.

– Силер мен эмне десем ошо дей бергиле, калганын мен өзүм билем...

Малайлар Куйручуктун ою менен болушат. Казандагы аш да бышат. Казан кармаган күрсүйгөн кара чаар кызыл кулак: «А, палоо даяр» деп булоолонтуп көтөрүп барып беркилеринин ортосуна коёт да, малайларды чакырбай, аларга казандын түбүнө кичине палоо калтырат. Куйручук алар менен кошо табакташ болот.

– Алиң! Алиң! – дешип алар сыпайкерчилик менен бирине-бири айтышып жатканда, Кукең чыпалагын ашка тийгизбей чычайтып, үч колунун учу менен акырын маймаңдап жей берет.

Куйручуктун анысын казан кармаган кызыл кулак байкап калып:

– А, сиздин тиги чыпалагыңыз эмне болгон? – деп сурайт.

Анда Кукең:

– Жана даарат ушатканы барганымда чыпалагым тийип калды эле, – дейт.

Аны укканда кызыл кулактар тамак жешпей бири-бирин акырайып тиктеше калат. Кыязы, алар ага болбой жей берүүгө көңүлдөрү барын Кукең алардын кейпинен дароо биле коюп:

– Жаңкы мен сиздерге терип берген тоонун пыязын биз «кызыл кабык» деп жебейбиз. Мен байкабай ошону бул тамакка коштуруп жибериптирмин. Силер арам палоону жедиңиздер, күнөө менде... Эми бул даамды жесеңер-койсоңор өзүңөр билгиле? Сиздерди зордоп жедирип мен убалыңарга калбайм, – дептир.

Кызыл кулактар аны жаман көзү менен тиктешип, тамак жешпей колдорун силкип табактан чыга беришет. Куйручук ичинен сүйүнүп өөдө карабай палоодон а деп сугуна берет. Аны карап турган бир кызыл кулак: «А, макүрөө болсо, а сиз эмнеге жеп жатасыз? – деп сурайт.

Анда Куйручук:

– Биз ачкалыгыбыздан жеп жатабыз... Силердин куржунда наныңар бар тура – десе, беркилер унчукпай калышат. Чоң табак аштан Кукең аларды каңтарып, берки малайларды аябай тойгузуп жатып алат.

Эртеси таң заардан туруп, кошту артып жолго чыгышат. Кукең атайлап эле ашуусу бийик, таштанташка секирип аттар араң чыккан өтө кыйын татаал жолго түшөт. Бирге баратышкан курбулары да «оң жолго түшөлү» дебестен аны ээрчий беришет.

Ашуунун тең ортосуна барышканда үч кызыл кулактын атка жүрө албай шайы кетет. Аттарынан түшүшүп жөө жетелеп алышат, куржундары улам аттан ооп убара болушат. Аябай эстери оойт...

– Оо, аке! Биздин куржундарды ойго ала түшкүлө?.. Кукең алардын бири тигинтип жалынгандан жанындагы малайларга:

– Булардын куржундарын силер алгыла! Өздөрү эптеп түшүп келишет. Сиздер акырын атыңарды же-

телеп келе берерсиңер... Биз ашуу түбүнөн силерди күтүп, чай кайнатып, палоо басып туралы, – дейт.

Өз кара жандарын араң алып келе жаткан кызыл кулактар макул болушат. Аттын кулагы менен тең ойноп көнгөн Куйручук жолдоштору менен куржундарды алышар замат, ашуу ашкан бойдон көздөн кайым болушат.

Тигилер өлгөн-талганда ашууну ашып ойго түшүшсө, беркилерден дайын жок.

– Булар караңгы элди алдап жеп бүтүшкөн... Аларга убал жок. Бул окуяны кийин бир кыйла убак өткөндө айта жүрөрсүңөр, береги буюмдар бизге буюрду... – деп айлакер Куйручук желдирип кете берген экен.

Ач көз, алдамчы, сүткор – үч кызыл кулак жедеп шайлары оогондо, эл четине араң жетишет да:

– Чучукбай деген байды билесиңерби? Анын айлы кайда? – деп ар кимден сурашса, аны угушкандар «андай бай жок» деп күлүшүптүр.

Ошентип үч кеңкелес кызыл кулакка Кукең Жумгалда жок «Чучукбайды» издетип сандалткан экен.

## САРАЛА ЧАПАН

Куйручуктун Анжияндан эсен-соо үйгө жетип, бала-бакыраны көрүп көңүлү тыныкканына аз күн болгон. Ачтыр-токтур туулуп өскөн жерде жүргөнгө не жетсин, өз үйүнө келип жыргап калды. Кукең үйдө куурма чай ичип тердеп олтурган, тиги айылга барып келген бир киши:— үч кызыл кулак ар кимден «Чучукбай деген байды билесиңерби? Анын айылы кайда?» деп сурап жүрөт. «Бул узун булак Жумгалда андай аттуу киши жок эле» дедим. Муну укканда баягы ашуунун аркы бетинде калган үчөө Кукеңдин эсине түштү.

Ал билмексен болуп тиги кишиден:

– Алар кимдикинде экен? – деди.

– Саат көз Турусбектикине барышыптыр. Ала кийиз, шырдак сатып алышат окшойт,— деди жаңкы киши.

Куйручук алардын баш терисин көрүүгө ынтызар болду. Үч кызыл кулак жүргөн айылга жетип барып, атты мамыга байлап, сырттан шыкаалап көрсө баягы үчөө үшкүрүп чай ичип олтурушуптур. Кабактары салыңкы, кадимкисиндей үйгө кирип барса алар аны таанып койчудай.

Саат көз Турусбектин аялынын бир чарчы жоолугу кырчоодо илинүү туруптур. Куйручук ошону ала койду да, сол көзүн таңып үйгө шып кирип барды. Саат көз Турусбек:

– Кел, кел Куке, төргө өт? – деди.

Тиги үчөө аны тиктеп калышты. Куйручук эки жагын карана башын койкоктотуп, таңылбаган көзүн ачып-жуумп, кашын серпип, тамшана баштады эле, беркилер ансайын көздөрүн айырбай карашат.

– Анын көзү сокур эмес эле. Бирок, бул киши да ошого окшош экен… – деди кызыл кулактын бирөө.

– А… кесепет Чучукбай! Кысталак! – деди экинчиси.

Куйручукту тиктеп туруп өздөрүнчө шыбыраша кетишет. Алардын алдында жакшынакай ала кийиз жайылып жаткан… Үчөө тең ошону кайта-кайта кармалашып, өздөрүнчө күбүрөшө түшүштү да анан бирөө:

– Бир сом элүү тыйынга бериңиз – дегенде, беркилери да анын сөзүн кубаттагандай баштарын ийкеше кетишти.

Ала кийиз ит жетпес Итибай деген кедейдики экен. Ал өмүр бою жөө жүрүп, басанаактыгынан эл аны «ит жетпес Итибай» дешчү.

– Айланайындар, мага беш сом чыгым салышыптыр… Кечээ старчын «Эртеңден калбай төлө! Эгерде төлөбөсөң үй ичиңди бүт тоорук кылам» дегенинен, зайыбым бир чым-чымдан жүн сурап жүрүп балдарыма төшөнчү болор бекен деп жасап алган ушул кийизди аргасыз сатканы жатам – дейт Итибай.

– Мындан ашык берүүгө болбойт аке. Бизге бул кийизден пайда жок, – дейт, маалкатып ортодо олтурган быжыгыр кара сакалчан неме.

Кедейдин кантип жаны кашайбасын, чор баскан чоӊ муштуму менен ала кийиздин томпоюп турган жерин катуу муштады эле, жанагы сакалчан бутун кийиздин алдына сунуп койгон экен, «ой-ой бутум» деп жүккө жөлөнө кетти. Ага баары күлдү.

Кысталып турган Итибай айныды:

– Мейли, старчын болушка мени айдатып барсын. Ушу кийизди кантип бир сом элүү тыйынга берем. Эртеле көрдүм, андан көрө өрттөп ийгеним оӊ эмеспи… Нысап кылсаӊар боло?..

Итибай кийизин көтөрө жөнөмөк болду. Ага Куйручуктун боору ооруду. Ал бечара кедейдин аялы да кошо жаш баласын көтөрө келген экен, анын көзүнөн мончоктоп аккан жашы алдындагы баласынын башына тамат…

Кызыл кулактардын кийизден көздөрү өтөт. Мындай ала кийиздер Анжиянда кымбат. Сүткорлор арзан ала коюшуп, он эсе пайда көргүсү келип турат.

– А, аке мейли, сизге ашык берели, эки сом…

Алардын бергенине Итибай кайдан көнсүн… Кийизди колтуктап босогого жетти эле, кызыл кулактар «кетип калбасын» деген шекилдүү шашып калышты.

– А ,болуптур үч теӊге алыӊыз.

– Келе кийизди?

– Ой кымбатко?

– Дагы кошсоӊор? —деп кедей жалдырады эле, кийизди берерине  көздөрү жеткен куулар:

– Жок, жок болбойт.

– Анда башкага сат.

Кедей босогодо сенделип каткан бойдон калды. Ал аялын, аялы жалдырап эрин карайт. Калыс болуп эч ким ортого түшпөдү. Куйручуктун жаны ачып, зээни кейиди.

– Эгер арзан десеӊер анда сатпагыла – деди Саат көз.

Саат көздүн мындай сөзү кедейди сатууга аргасыз кылды окшойт.

– Кайран кийизди текке бердик – деп, Итибай колтугундагы ала кийизди тигилердин алдына койгондо, алардын бири беркилеринен озунуп үч сары чолокту томаякка кармата койду.

Ал үч «желмогуздун» акчалары да арбын экен, бир топ ала кийиз, тери, көрпө сатып алышканын көргөндө «Кара тумшуктар далай бечараны алдап-жешкен экен ээ» деген ойго кетти Куйручук.

– Э, Куке, бу сенин көзүң эмне болгон?

Төбөңдөн урган Турусбек шайтандай болуп карай калганда, тигилер сезбесин дегендей Кукең шашып калды.

– Текени кармап турсам, башын мен жакка бурганда кокусунан мүйүзү тийип ошондон чочуса керек шишигенине бир топ күн болду, – деп Куудул сөздү башка жакка чаргытып кетти эле, тиги үчөө бышылдашып дагы аны тиктей калышты.

– Туке, бул кишилердин өрүк-мейизи барбы? Балдарыма кур барбай кичине ала барайын, – деди Куйручук.

– О, кокуй, эчтемелери жок, Ашуунун ар жагынан бир куу неме «мен Чучукбай» деген чоң бай болом, жанымдагылар да менден бай деп мактаныптыр. Ашуунун аркы бетине келгенде бу, атка көнбөгөн кургурлар бастыра алышпай анын үстүнө «какаганга муштаган» дегендей түтөктөн эстери оошкондо... «Сиздер жай келгиле, биз ашуунун аркы тарабынан силерди күтөлү» деп, жанагы Чучукбай үч куржун буюмдарын шыпырып алып кете бериშиптир. Ал кайсы желмогуз экенин билбейм, – деди Саат көз. Кукең кара күчкө:

– Ой «шумдар» о-ой!.. – демиш болду.

– Ошо бизди алдаган киши куду сизге окшош эле, – дейт кызыл кулактын бирөө.

– Анын да мурду сиздикиндей, – деди дагы бир кызыл кулак.

– Э, ошол митаамдын сакалы да сиздикиндей болучу, – деди үчүнчүсү да үшкүрүп.

Турусбектин аялы эшикке чыккандай болду эле, ал кайта үйгө кирип алаканын шак чаап: «Кырчоого жууп жайган жоолукту уй жеп кеткен тура. Олдо өлөткө кеткен көк музоо ай, алдыгы силер көзүңөрдү таңган жоолукка окшош эле» деп ал да Кукеңи окшурая карады.

Анда Куйручук:

– Бу кандай эле бүгүн менин кебетем өзгөрүлүп, кайдагы бир Чучукбайга окшоп калган? – дейт да, анан үч кызыл кулактын бирөөнү тикирейип тиктеп калыптыр. Ал:

– А... сиз эмне мени карайсыз? – десе:

– Мына бу менин көзүмү таңган жоолукту, былтыр ушу сизге окшогон киши сатты эле, ал оңбогур бирөөнүкүн уурдап келип мага уруп жиберген экен... Жоолуктун ээси таанып мени кууп жүрөт. Болушка жүргүн! Жүр дейм! – деп Кукең кызыл кулакты жакалайт.

Кызыл кулактар чочуп кетишет.

– Тообо! Я куда! Мен жоолук саталек элем.

– А, анда мен да Чучукбай бололек элем, – дептир Куйручук.

Куудул кызыл кулакты опузалап демите баштаганда, аны араң бас-бас кылышат. Казанда жылкынын эти бышып жаткан. Саат көз Турусбек этке күйбөй Куйручукту кетсе дегендей түрүн билет да, ал сузгуну алып казандагы этти оодара берет. Анын кетпесин билип Саат көз чочуйт.

– Куке, этти балдар бышыраар, андан көрө эрмек бол. Эки жактан эмне кабар угалдың? – деп сурайт.

Куудул айтууга сөз таппай калмак беле. Анан айтып берем деп аны жайкайт да, сорподон куйдуруп үч кызыл кулакка үстөкө-босток ичкиле деп шыкай берет. Жылкынын сорпосу кишинин ичин дыргаяктатып айдары белгилүү го... Каш карарып жылдыз

толгондо этти жеп бүтүшөт. Үч мейман менен кошо Кукеңе да төргө төшөк салып беришмек болушканда:

– Мен таң заардан туруп кетем. Бу кишилердин тынчын албайын. Мен ээр токумду төшөнүп эле эшикке жатам – десе, үй ээси макул болот.

Айлана көзгө сайса көрүнгүс караңгы... Куйручук кирпик какпай, Саат көздүн эшигин карап жата бериптир. Кайда түн ортосу оогон маалда үйдөгү кызыл кулактын бири сарала чапанын жамынып кабак жакка жүргөн бойдон кеткенин көрдү да, Куудул төшөктөн тура чуркап, ал кайра келгенче босогого жашынып туруп калат.

Куйручук:

«Жылкынын сорпосунун бир пайдасы тиймек болду» деп ичинен кымылдап тыңшап турганда шырп-шырп эткен табыш чыгат, караса жанакы келаткан экен. Ал эшиктин жанына жакындап келгенде Кукең акырын итче «Р-р-р-р» деп коёт. Эчтеме оюнда жок келаткан неме чочуп кетет. Куйручук эшикти кыйшайтып көрсө ал солдоюп боз үйдүн жанында туруптур. Үйгө кире албай такыр айласы түгөнгөндө «Мэ, күчү, күчү мэ» деп ээгин шакылдатып, калч-калч этип титирей берет. Кызыл кулактын айласы кетип акыры эшикти шып ача салып, үйгө бүргөдөй секирип кирип бараткканында Куйручук «Р-р-р-р» деп анын желбегей жамынган чапанын үстүнөн сыйрып алат. Корккон неме карангыда чуркаган бойдон барып төшөккө «күп» дей түшкөндө, төшөктө жаткан жолдошунун үстүнө барып тийген экен, анысы чочуп «Оо-ой» деп бакырып жиберет да, өздөрүнчө «чапан, чапанды ит алып калды, ичим ооруйт» деп онтолой башташат. Алардын дагы бирөө ичи куркурап ооруп араң жаткан экен, иттен коркуп сыртка чыкпай коёт, «Быкшып кетти... оой» деп үчүнчүсү жанындагылар менен күңкүлдөп урушат.

Эл таттуу уйкуда... Айлана жымжырт. Анда-санда жайытта жүргөн жылкы кишинейт да, зарыгып

таңды күткөн жылкычылардын эриккенде созолонто ырдашкан муңдуу үндөрүн түнкү салкын аба алыска-алыска айдап кетип жаткан сыяктанат... Кукең тушап койгон атын кармап токуду да, барып байкуш Итибай кедейди акырын ойготту:

– Бул чапанды эч кимге көрсөтпөй бек жерге катып кой. Кызыл кулактар арзанга алган сенин кийизиңдин орду ушул.

– Куке, мен сага ыраазымын, – деди көзүн ушалап.

## МЕН СЕНИ МИНИП БАРДЫМ

Илгери казак-кыргыздын бай-манаптарынын ортосунда элден алык-салык алуу, чыгым жыйноо жөнүндө чыр-чатак башталат. Ал кезде кыргыз элин мыкчый кармап бийлеп турган Шабдан кандай кылар айласын таппады. Өз жан-жөкөрлөрүнөн сөз таап айтууга ыктуусу жок болучу. Ал Куйручуктун кабарын билчү, аны чакыртууну ойлоду. Жумгал өрөөнүндөгү Курманкожо, Кулчугач элинин как-табай канын соргон Мырзабек болушка шашылыш түрдө дубай салам кат жаздырып чабарман жиберет.

Шабдандын катын алар замат Мырзабек Жансары деген жигитин жиберип Куйручукту айдатып келет.

Мырзабек манап жан-жөкөрлөрүнүн көзүнчө:

– Сен, чечен, кара кылды как жарган адилет, тонун аңтара кийип элди күлдүргөн куудул, көк эшек минген маскарапос көрүнөсүң. Эртеңден калбай Шабданга жөнө! – деп, биринчиден Куйручукту басынтып кордоп, экинчиден «ушул өлсө экен» деп Куйручукту мыскылдап ажалга кармай берет.

Каардуу болуштун алдында Куйручук ага бир ооз каяша айтпастан:

– Куп болот таксыр! – деп артына кылчайып карабай үйдөн чыгат.

Айлакер – акылдуу киши кантип амал таппай калсын? Кукең айылдан чыгып бир топ жерге барат

да, анан жолдун боюндагы жардын ичине бекинип турат. Жолдон өткөн байларды тосуп-токтотуп алардын бирине бирин билгизбей:

– Сен мага ат камда, сен ээр токум, сен тебетей, сен күрмө-шым, кепич-маасы дайындагын. Мен жоо менен беттешкени баратам, сен күмүш бычак камда. Эгер айтканымды дайындап бербесеңер, Мырзабекке айтып көргүлүктү көрсөтөм, – дейт.

Болуштан корккон байлар анын айткандарын ооз ачпай түнү менен камдап беришет. Кукең таң кулан өөк салганда зымыраган бойдон сапар чегет.

Ашуу ашып, таш басып, минген аты жүрбөй калганда, улам кошто аттарынан которуп минип, урган бойдон сабап олтуруп Пишпекке келип Шабданга жолугат.

Эки элдин ортосунда бай-манаптардын кесепетинен болор-болбос чыр-чатак аябай ырбап, казак менен кыргыздын ыркы бузулчудай учур экен. Куйручук кыргыздан барган калыстар менен бирге казактардын өкүлдөрүнө беттешет. Чындыкты айтып талашыптартышып, эң акырында эки элдин бири-бириндеги чырдуу доосун кан төгүшпөй жакшылап бүтүшөт.

Арадан нечен күн өткөн соң Куйручук кайра келатып, жолго калтырып кеткен аттарынын чып-чыргасын коротпой кайра өз ээлерине тапшырып берет.

Мырзабек кардын сылап, эки ууртун салаңдатып, көзүн чакчайтып, алты канат ак үйдө Калыйча деген семиз кара сур байбичеси жана акылдаштары менен ыңгыранып олтурган маалда, Кукең камчысын сүйрөп, жазганбай анын үстүнө шып кирип барат. Мырзабек анын кийген кийимин, минген семиз атын көргөндө, адатынча сол жаккы ууртун бүлкүлдөтүп окшурая карап:

– Эй, куу каптал томаяк, сен кантип барып келе калдың? – деп сурайт.

– Мен сени минип барып келдим!.. – дейт Куйручук ага.

Бул сөздү укканда Мырзабектин куйкасы курушуп, ачуусу келип, буркан-шаркан түшөт. Анан Асанбек, Абылмечин деген уулдары жана «бөрк ал десе баш алган» жигиттери Куйручуктун күйгүзө айткан сөзүнө арданышып, кандары ичине тартып, анын чекесин томуйта коюп, көк бөрү тартып кетишкени араң турушат. Бирок, болуштун «Кармагыла!» деген буйругун гана күтүшөт...

– Бул эмнеси? Кутурган кулдун өнөрүн көрсөң? – деп күүлөндү Мырзабек.

– Антип айтканым, сенин кадыр-баркың кызарттын белине дейре эле экен, сен болбосоң кайра жете алат белем, бирөө мага берет беле дегеним, – деп, колун аркасына алып басып кетиптир Куудул. Сөзүн угуп тургандар дуу күлүшөт. Мырзабек бир чети өзүнүн кадырына маашырканып, бир чети сөзгө жыгылып, үйлөгөн табарсык баштанып томсоруп кала берген экен.

## МЕН ӨЛДҮМ

Көп балалуу... Колунда ырымга адалдан түгү жок. Кичине жерге эптеп арпа айдап, ошону менен жаш чөбүрөлөрүн асырап күн көргөн, турмушу эң жаман бир бечара арман кылып минтип ырдоочу:

Арпа жарма тузу жок,
Экөөлөгөн – замана.
Кедейчилик-жокчулук,
Төртөөлөгөн – замана.
Жүдөө катын – жаш балдар
Алтоологон – замана.

Жокчулук көкөйүнө көк таштай тийген кедейдин мындай зарын уккан сайын Куйручуктун жүрөк тамыры сыздап ээни кейүүчү. Ошол кайгылуу шордууга кайрылышайын десе анын өзүнүн да дарманы жок. Муңдуу байкуштун алы-жайын билген чечендин чери ичине батпай камыгып жүргөнүндө Соң-Көлдүн

ары четинде, Ак-Талаанын күн чыгыш жаккы бетиндеги бир чоң байдын уулу, Мекеге барып ажы болом деп бараткан атасы Мединага жетпей ысык чөлдөрдө ичи өтүп өлгөндүктөн, анын ашын бермек болгону жөнүндө кабар тиет. Ал ашка тайлуудан таяк калбай элдин баары атtанып жөнөшөт. «Эл барган жакка биз барбай калмак белек, кедейим, жүр мени ээрчи» деп Куйручук анын «барбайм» деген ой-боюна койбой ага унаа таап берип кошо ээрчите кетет.

Ашка атактуу куудул, белгилүү чечен Куйручуктун келгенин көрүп көпчүлүк кубанат. Бай-манаптар «Куйкумдуу сөздөрүн айтып бизди куурАтып, эл алдында уят кылып кетпегей эле» дешип андан чочушат. Байдын уулу өлгөн атасынын ашын берүүгө элден мал жыйнап алып, ошол малды байгеге сайган. Касканактаган калың эл… Адегенде байгеге аттар чабылат. Андан кийин оодарыш, эр сайыштар болуп, баатырлар качырышып бирин-бири төшкө сайышып өтөт… Тамашанын эң акырында балбан күрөштүрүүгө кезек келет. Эки тараптан тең атактуу балбандар ортого чыгып күрөшөрдө Куйручук «биз жактан балбанга ушу кедей түшсүн» деп көшөрүп болбой олтуруп алат. Куйручук мурда ала келген кедейине «сени тиги балбан жыгат, бирок, мен сага барып тур демейинче сен ордуңдан козголбой жата бер!» – деп үйрөтүп койгон.

Байлар, манаптар өздөрүнүн балбанын күрөштүрүп байгени бөлүп алмак болушат да, тиги кедейди күрөшкө түшүрүшпөс болушканда, «айда мен өзүм түшөм. О, журт, мага батаңарды бергиле?» дейт Куйручук көпчүлүккө кайрылып. Эл аны колдошуп балбанга түшүрүшөт.

Өзү менен беттешип күрөшчү атактуу Мамбетти (ак балбанды) жыгуу кыйын экенин Чечен мурда эле билген. Бирок, Куйручук аны маскаралап кордогусу деле келген жок. Куйручук ал балбандын жанына барып коюн колтук алышып күрөшөрдө акырын кулагына «Сенин канча балаң бар?» деп андан сурайт.

«Жетөө» дейт ак балбан. Анда Куйручук анын кулагына «Сенин бала-чакаң көп экен. Мен жыгылып берейин – дейт да, күрөшүмүш болуп аны менен ары жулкушуп, бери жулкушуп жүрүп акыры жыгылып берет. «Балбан көтөр!» дешип ак балбанды күрөштүргөн жак көтөрүп кетишет.

Куйручук болсо жыгылган жеринен козголбой көзүн жуумп сулк жатып калат. Ага ар ким келип «турбайсыңбы Куке?» десе, ал «мен өлдүм» дей берет. Баары чочуп кетишет.

Калың эл аны тегеректеп «Кайран Кукемдин бир жери сынган экен» деген ойго кетип кайгыра баштаптыр. Аңгыча аны менен күрөшкөн Мамбет балбан байгесине тийгенин жетелеп, башын ийип, алдына келет.

Анда Куйручук:

– Атасына аш берген байдын уулу жана башкалары сага тийген байгеден канчасын алып калды? – деп андан сурайт.

Ак балбан:

– Бир аттан башкасынын баарын соогат деп талап кетишти – дейт.

– Аш берген байдын уулуна айтып койгула. Мен өлдүм... Ал менин кунуму силерге төлөп берсин. Антпесе, мен көзүмдүн тирүүсүндө анын абийирин айрандай төгөм, – деди Куйручук.

Куйручуктун бул айткан керээзин дароо атасына аш берген байдын уулуна айтышат.

«Чечен өлсө эл мени анын кунуна жыгат» ... дейт да, байдын уулу курун мойнуна салып Куйручуктун жанына келет.

Сен балбандын байгесин өзүнө бербей жан-жөөкөрлөрүң менен зордуктап талап кеткенин эмнен?

Байдын уулу аны-муну айтып шылтоо таап кутулмакчы болот.

– Сен атаңдын ашында байгеге сайган малды «соогат» – деп талап кеткендерден жыйнап балбанга

кайра бербесең, анда мен, сенин атаңдын бейишке чыкпай тозокко түшүп, эмне үчүн доңуз болуп калганын... жана анын тирүү чагында эшекти эмне үчүн жакшы көргөнүн, мына бу элге жаям да анан өзүм өлөм... – дейт Куйручук.

Байдын уулунун өңү саргарып коркот... «Атам бейишке чыкпай эле тозокко түшүп доңуз болуп кеткен экен... Аны сыйкырдуу чечен билгенинен айтты. Кокус Куйручук аны элге айтса мен журтка шылдың болом, андан көрө мунун кыйыгына калбай айтканын орундатып кутулайын» деп байдын уулу «соогат» деп ар ким талап кеткен байгеге сайылган: төөнү, жылкыны, койду, ичиктерди, көп чапанды заматта жыйнатып, Куйручукту жыккан ак балбанга берет да, «Сиздин айткандарыңыздын баары болду...» деп Куйручукка келет.

Бала дебей, чоң дебей бул окуяга таң кала карап турушкан. Чын эле Кукем балбандан жыгылганда бир жери сынып майып болгон экен дешип баары аны аяшкан... Былк этпей жаткан Куйручук Мамбет балбанды жанына чакыртып алды:

– Балбан, байгенин баарын өзүң алгын да жети балаңды бак. Бирок, мени сыйлап, адамкерчилик кылып мага жетелеп келген атыңды мына бул алты балалуу кедейге бергин – деди.

– Макул Куке! Эмнең сынды? – деп сурады Мамбет балбан.

– Менин эч жерим сынган-эткен жок. Сага айтпадым беле жыгылып берем деп – дейт Кукең.

Куйручук ордунан турганда элдин баары ага ыраазы болушуп аны тегеректеп кубанып дуу күлүшөт... Өзү ала барган алты балалуу жарды менен качан болсо балбанга түшкөндөгү байгесине ээ болбой бай-манаптарга талатып ийип өзү куру калып жүргөн Мамбет баатыр – экөө тең чексиз чеченге... ашкан куудулга өтө ыраазы болушат...

Чогулган калдайган калың эл жарданып, Куйручукту карап турган чакта баягы байдын уулу элди

жөөлөп Куйручукка келет да, бир чети Куйручуктун амал менен байгени талатпастан балбанга алып бергенине ичи күйүп жана атам жөнүндө мындан ары эл арасында ушул айың сөз болбосун, чеченге атамды мактатайын деген максат менен Куудулга чапан жаап, анан андан минтип сурайт:

– Куке! Менин атам кандай киши эле?.. Аны айткын? Ал бейиштин төрүндөбү же босогосунда олтурабы ошону бу элге айтып бер?..

Жарданып турган эл Куйручук ага эмне жооп берер экен дегенсишип жым-жырт боло түшкөндө, Чечен байдын уулу жапкан кийимди өзүнүн үстүнөн алып, бер жакта куур тончон, көк ала сакал кедей абышкага чапанды жабат, Анан кийин тиктеп тургандарды тегиз карап чыгат да байдын уулуна:

– Атаңдын кара ниеттиги кашкулактай... сүзөнөктүгү букадай... тили адамды арбаган кара чаар жыландай... митаамдыгы түлкүдөй заардуу неме эле... Эгер, бейиш менен тозоктун бар экени чын болсо анда, күнөөсү көп сенин атаң, доңуз болуп кубулуп тозоктун так төрүндө олтурган чыгар,— деп байдын уулуна жооп бериптир Куйручук.

Чечендин таамай таап айтканына калың эл кубанып, каткырышат. «Атамды мактайт го» деген ойдо турган байдын уулу боз-ала болуп туруп калат.

## МАНАСЫМ БАРДА КАЙДА БОЛСО КОНОМ

Күндөрдүн биринде, Куйручук жолоочулап баратып күүгүм талаш бир айылга конгону кайрылат. Жолоочу атын мамыга байлап коюп. жылтылдап от чыккан эң четки боз үйгө шып кирип барса, төрдө бир киши төө чепкен менен башын чүмкөп алып, жаңыдан куурма чай ичип тердегени отуруптур. Ага салам берсе алик да албайт. Ал киши меймандос кыргыз элинин салты боюнча эшиктен келген киши-

ни «кел» дөөгө да жарабай, тамагын кызгангандай тултуюп тим болот экен. Анын теңине албай «киши келдиби, ит келдиби» дегенге жарабаганына Куйручук ыза болду. Аялы казандын жанында, өзү төрдө... Булардын кейпин көргөндө, куудул жазганбай экөөнүн ортосунан орун алды. Зайбы эрине куурма чай куюп сунду эле, Кукең аны ортодон шып илип алды да, билмексен болуп иче берди. Тиги тердегени отурган неме башын бекем тумчулап, көзүн жылтыратып «Мага качан аяк сунат?» дегенсип күтүп отурат. Ана берет жок... Мына берет жок... Тыңшаса анын кулагына жанындагы чоочун кишинин куурма чай ичкени угулат. Аңгыча, аяк бошогондо аял аны ала койду да куурма чайдан аякка мелт-калт куюп эрине сунду эле, Кукең тигинден мурда озунуп аны да лып илип ала коюп, шоркуратып ууртай берди. Муну билгенде үй ээсинин ачуусу келе түштү. Бирок ал анысын билгизбей өзүнчө тишин кычыратып... онтолоп, күрсүлдөп жөтөлдү. «Тердесем болот эле...» деп ал зайыбына каңкуулады. Аялы чоң кесеге куурма чайдан куюп эрине сунуп бараткана, Куйручук аны да тигиге жеткизбей кагып ала койду да «Өх!.. жаңыдан ымшып келатам» деп иче берди эле, аял мейман бошоткон аякка кайра да куурма чайды куюп обдулуп күйөөсүнө сунуп бараткана, муну да ага жеткизбей Куйручук илип кетти. үй ээси эмне дээрин билбей оозунан алдырган бөрүдөй мостоюп отуруп калды. Кукеңдин эки колунда эки идиш. Ал экөөнөн тең алмак-салмак шор... шор эткизип ууртап, «Бах! Куурма чай эмес бекен!» – дей берди.

Үйдүн ээсинин мейманга кыжыры кайнады. Ал эмне кылар айласын таппай өзүнчө бышылдады. Коломтодогу бырыксып күйгөн тезекти көсөө менен көөлөдү. Ээрдин чормойтуп зайбын алдыртан жекирди. Аял бир эрин, бир мейманды жалдырап тиктейт. Куйручук билмексен болуп жыргап колуна тийген идишти бошотту да «Жакшы куурма чай экен...

кичине тузу кемчил болуп калыптыр... Дагы куйчу, жаңыдан алка-шалка түшүп тердеп келатам» – деди эле, ал берки чүмкөнүп отурган немени күйбөгөн жери күл болду да, башына чүмкөнгөн чепкенди алып ыргытып жиберип:

– Ой, сен кандай кудай урган немесиң ыя?! – деп олуна кетти.

Ал анткенде Куйручук ага:

– А, сен кандай төбөңдөн урган соргок неме элең? – дейт.

Үй ээси аны олурайып карап:

– Кудая тобо!.. Муну кудай урган турабы?! – деп күүлөнө кеткенде, Куйручук:

– Ой, алкы бузулган сен кандай тойбогон куу тумшуксуң? Ушул үйдөгү ашты, кала берсе, айылдагылардын насибин жакшы эле жалмагандырсың... Эми бир топук кылсаң боло! – дептир.

Анда ого бетер үй ээсинин мойну кержейип, сынган айнек көздөнгөн көзү окшурайып бузула түшүп, мейман менен кармаша кетет.

– Мен кайсыны ичип түгөттүм? Чоң казан куурма чайды жеке сен ичпедиңби! А...а! Күйүп кет... күйүп кет! – деп калчылдап наалыды ал.

Куйручук ордунан ыргып турду да:

– Так ушу сага окшогондор ач көздүгүнөн жумурай-журтту жалмап бүтүрмөк болду... Сендей пейли тарлар ач бел – куу жолдо калып, өлгөн эшектин кулагын бышырып жейт! – деди.

Муну укканда үй ээси шибеге менен санга сайып жибергендей секирип турду:

– Бу эмне дейт?! Кокуй, кокуй, көргүлүктү ушу селсаяктан көрмөк болдум ээ! О... кайдасыңар жигиттер! Кармагыла бул оозуна алы жетпеген немени!

– Кок тиште! Ата-бабабыз, атам замандан бери кызыгып уккан манастан, жакшы нускалуу сөздөн качып, тамагын аяп, үйүнө кондурбай кубалаган сенде абийир барбы?.. Манасым барда мен кимдикине болсо

да коном!.. Азиз мейманды урматтаганды билбеген бул анык ургандын бири экен... Кой, бөлөк үйгө барып таң атканча тамаша салып бергеним оң! Мурду жырык кара атандай болгон, түк күтпөгөн кемпай!..

Куйручук шарт чыгып кете бермек болгондо, тиги киши «Бул көрүнгөнгө айтып менин абийиримди кетирет» деген ойго келет да:

– Ой бери токточу! Кана ачууңду коюп мындай отурчу – деди, ал кара күчкө мейманга жалтактап. Бирок ошенткени менен ал мейманды көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй ызырынат...

Куйручук сабыр кылып, кайра төргө балпая тартып отурду. Тиги үй ээси кабагын бүркөп, дагы эле сүйбөгөнү анын кейпинен билинип турат. Ал бир оокумда амалсыздан зайбын карай «Эт сал» дегенсип бүлкүлдөдү эле, аялы туруп алабаканда илинүү турган эттен салмак болгондо «эри кичине эле ырымы кылып бирдеме салымыш бол» дегенсип алдыртан жандап койду да анан мейманга карап:

– Кана, эми манасчы болсоң баштай бер... Аяк ташташыңды көрөйүнчү! – дейт экен сурданып.

Ал антип кекээрлегенде Кукең анын кебете-кешпирин так өзүндөй туурап, ошонун өзүндөй үнүн ичке чыгарып чыңкылдап сүйлөдү:

– Манастын «Суу кошконунан» баштап берейинби же...

– Эмне дейт! «Суу кошкон Манас, ынак Манас» деген да болчу беле? Сен анык бир кокуй неме окшойсуң. Деги башымы катырбай, билгениңден баштай берчи – дептир үй ээси.

Анда Куйручук шашпай, жай баракат тамагын жасап, үй ээсинин бир көзү чалыр, үстүнкү эрди калбыйып түйрүк экен, как ошонун өзүндөй даана туурап Манастан баштайт.

– «Ээй... Манас... Манас... Манас...
Таластан чыккан эр Манас!..
Манас... Манас... Манас...»

деп Куйручук улам, кайра-кайра эле ушуну кайталап үнүн созо берди... Үй ээси бир мейманды, бир аялын жалдырап тиктейт. Аялы күлүп жиберди, Куудул ансайын күчөп мурдагысындай «Манас... Манас...» дей берет.

Көзү чалыр, сары киши эмне дээрин билбей делдейип отуруп-отуруп, бир маалда Куйручукту тиктеп мындай деди:

– Ой, бу сен кайра-кайра эле кулак-мээни алып «Манас... Манас» дей бересиңби? Мындан бөлөк билгениң барбы же калжыраган немесиңби? Токтот мунуңду?

Куйручук тык токтоду да анын кебетесин ого бетер мыскылдап туурап:

– Манастын маанисине түшүнгөндөргө аны так өзүндөй кылып айтып берем. Сага окшогон пейли тар... ач көз, сараң, дөдөйлөргө Манас жарашпайт, — деп андан чыгып кете берди да, ар жактагы бир үйгө барса алар мейманды кастарлап тосуп алып эшик ачышат. Аңгыча айылдагылар чогулуп келишкенде, Кукең булар менен учурашып аман-эсендиктерин сурап ырдап, анан кийин чогулгандарга таңды-таң аткыча Манас айтып берип ыраазы кылат. Баягы пейли тар, сый-сыпатты билбеген кырс, кара мүртөз неме айылдагылардын арасына корунуп келалбай тамашадан кагылып, үңкүйүп, жападан жалгыз үйүндө калат.

## КҮН КАЧАН АЧЫЛАТ

Жазга жуук, ала шалбырт маалында бир нече күн катары менен күн бүркөлүп ачылбай койгондо, байлардын малы жутап кырыла баштаптыр. Тоо арасындагы кыштоодон бир короо кою кырылган бир мырза чөп издеп жакага келатса жолдон Куйручук жолугат.

– Э, Куйручук, сен бары-жоктун баарын билчү элең.. Бу күн качан ачыларын биле алдыңбы – деп сурайт мырза.

Анда Кукең асманды бир топко дейре тиктеп туруп, анан мырзага мындай деген экен:

– Күн качан, сенин өлгөн атаңдын ичи жарылганда ачылат. Мырза бу сөзгө териге түшөт да Куйручукту бура бастырбай:

– Ал эмне дегениң, айтып кет! – деп тооруй баштаганда,

– Э-эй мырза, сенин атаң маркум тирүү чагында колуна урунгандарды какшатып, салык салып жечү эмес беле?.. Сенин атаңдын өлгөнүнө бир топ күндөр болуп калды эле, ал тирүү кезинде элден жеп-ичкенин сиңире албай ичи көөп кеткенинин кесепетинен күн ачылбай турса керек... Бүгүн түштөн кийин сенин атаңдын ичи жарылат... Ошондон кийин асмандын чайттай ачылганын көрүп ал! – дейт да Кукең кете берет экен.

Ошол күнү түштөн кийин асман чайттай ачык болот да, күн мемиреп сонун тийиптир...

Мырза үйүнө барып күндүн ачылып кеткенин көрүп: – Менин көрдө жаткан атамдын ичинин көпкөнүн билген... анын качан ичи жарылганда күндүн ачыларын билген... Куйручук анык эле олуя тура! – деп мырза таң калган экен.

## ЭРКЕ ТОКОЛ МЕНЕН БАЙТАЛ

Күз... Эл жапырт жайлоодон түшкөн. Жардылар өз тиричилиги менен алек. Байлар чалкактап дуулап жүрөт. Куйручук адатынча эл арасын кыдырып келатып Токторбай деген тааныш байдыкына кез келет. Бай үйүндө жок экен, ал артуу-артуу адырларды кырка кыдырып, чилге, кекиликке кыраан кушун салганы сөөлөткө кетиптир. Токторбайдын ажаандай

болгон төрт катыны бар экен. Куйручук байдын эң жакшы көргөн Бүбүйна деген эрке токолунун үйүнө түшөт.

Кийими самтыраган, өңү суук, кайдагы бир каңгып жүргөн неме дейт да, конокту сүйбөй мурдун чүйрүп кергиштеп, текебердүү токол Куйручукту теңсинбейт. Куудул томсоруп отурат, аттанып кете бербей токолго өчөшүп, төргө балпая тартып мандаш токунуп байды күтөт. Куш салганы кеткен байдан дайын жок. Куйручук ачка болот, эригет. Ал астыртан эрке токолду карап кырынан жамбаштап жатса.

– Бу кайдагы сандалган неме келип көлдөлөңдүн үстүнө оонап жатып алды. Өлүксүз, какмар, байдын балакетин албай кете бербейби? – деп, токолдун эшиктен күңкүлдөгөнүн Куйручуктун кулагы чалып калат.

– И... и... бу токол эмес эле, тозок экен го? Сенин шишиң толо түшсүн, шашпа! —дейт да Куйручук тим болот. Ошол кесирдүү токолдун казан-аягын карман, куурап жүргөн бечара келин анын көйнөктөрүн таза жууп тап көтөрүп келсе, аны тигил көпкөн эрке токол сурданып көз каранды байкуштун жууган кирин жактырбай булкулдап аны кекетип, жекирет. Келин:

– Таза эле жуудум... – десе, эрке токол алкылдап:

– Сен мага каяша бергинче болдуңбу? Өлүк-тиригиңди көрөйүн сүйрөткү десе! Муну көрчү, карды тойгондо эсирип, мага каяша айтканын карасаң. О, теги жаман, тентиген сүйрөткү, сандалган салпаяк – деп аны чачтайт.

Бечара келин көз жашын көлдөтүп, ыйлап-ыйлап жөн болот. Куйручуктун ага боору ооруйт. Байдын обу жок, долу эрке токолуна ачуусу келет. Бирок, сабыр кылып чыдайт. Аңгыча, албуут эрке токол барып жин тийгенсип малайларды каргап-шилеп алкынат. Анысы аз келгенсип, кылдан кыйкым табалбай оолугуп кутурган токол, чамынган бойдон күнүлөштөрүнө асылат. Токол байдын улуу катын-

дарынын да жүрөгүнүн сары суусун алган экен, алар да албуут катындан араң кутулушат.

Токол көзүнө көрүнгөндүн баары менен жакалашып бүткөн соң, алты канат ак өргөөсүнө сурданып кирип келип дагы эле төрдө отурган Куйручукту көргөндө, ал мурдун чүйрүп:

– Береги кишинин алдындагы көлдөлөңдү күбүп келгин – деп токол келинди кекетип олуна кетет.

Куйручук укмаксан болуп көлдөлөңдөн турбай жатып алат. Эрке токол жулунган бойдон коноктун алдындагы көлдөлөңдү сууруп келиндин колуна карматат.

Абийири бар бечара келин да уялганынан кызарып, көлдөлөңдү көтөрүп сыртка чыгат.

– Бай келсин. Же мында ушулар турат, же мен турам. Кудай гана эсебиңи тапкырлар, маган каяша айтышат... Тиги үч карган шайтандар, кара күчкө малайларга, күңгө болушат. Булар мага теңелгиси бар. Көрчү жанакы тентиген салпайган кемди. Айланайын эй, ошонун дарты өттү. Козуну да өргөгө байлап койгон турбайбы!

Долу эрке токол ирегеде байлалуу турган тармал кара козунун кулагын толгоп үйдөн сүйрөп чыгарды. Жедеп жадаганынан Куйручук эшикке чыгып эки жакты караса, алыстан куш салып жүргөн байдын караанын көрөт. Бай антип-минтип үйүнө келгиче Куйручук өзү минип келген байталын мамыга бекем таңып, аркан менен төрт бутун тушап, колуна чоң союлду алат да, байдын келишин күтүп турат. Бай жигиттери менен кушун кондуруп, айлына жакын келгенде, Куйручук, мамыга таңылуу турган байталды союл менен карсылдатып сабай баштайт.

– Ой, Куке, сага эмне болду? Бул байталдын жазыгы кайсы? – деп сураптыр бай. Анда Куйручук:

– Бай! Токолдун кесепетинен «токол» таяк жеп жатат. Бул байтал менин «токолум». Конокту сүйбөгөн, байдын баркын кетирген эрке токол менен

мендей ээсин көтөрүп жүрө албаган чалпоо, үркүнчөөк, тебенээк байталдын айырмасы кайсы? Мындай текебердүүлөрдүн барынан жогу жакшы, бай! Ырыс кыркаар, адамды адам деп көзүнө илбеген кесирлүү немени бакандын алдыиа алып кызылдай союп, айдап жиберейин деп жатам... Катын жакшы болсо, эр ушу сөздү укмак беле?

Куйручуктун жанытып айтканын билген бай арданып намыз кылат. «Токолун тыйып алалбагап тирүү өлүк экен» деп Куудул мени элге жайып шерменде кылат деп ал ойлонот да: – Мен токолумду талак кылып коё бердим!.. – дейт да, бай чийинден чыккан, тажаал кайырсыз эрке токолунун чачын кыркып, чолок куйрук көк байталга мингизип аны төркүндөрүнө кууп жиберет.

Куудул байталын минип, жолдо ката эрке токолдун жоругун кезиккендерге туурап берип күлдүрүп, кете берген экен.

## АЙЫП КИМДЕ

Илгээри бир кездерде, Кетмен-Төбөдөн Керимбай манап Жумгалдагы Көкүмбай манапка атайы ашуу ашып, таш басып, жыйырма кишисин ээрчитип конокко келет экен. Көкүмбай кадырлуу мейманын кастарлап тосуп алат да, ага атайылап боз үйдү келиштире жасатып, килемдерди жайдырып, алдына катар-катар шайы жууркандарды төшөтүп, башына мамык куш жаздыктарды койдуруп, аттарына керме тартып байлатып, чоң шаан-шөкөт менен бар ыктап күтүп алат.

Көкүмбай атайы алыстан арзып келген Керимбайга арнап кысыр эмди тай сойдуруп, семиз койду куйкалатып бүлүнө баштайт. Айылдан обочороок алты канат ак үйдө Керимбай болуш көзү көктү карап чалкалап, самоор-самоор чай ичип, арак-шараптан кылкылдатып, чиренип жатат. Элден жый-

налган чыгым, сулуу кыздар, күлүк аттар, кыраан шумкар жөнүндө жаактарын жанышып бабыраша кеп урушат.

Жумурунун башы ысып, жүрөгү күйүп, делебеси козголгон Керимбайдын тамаша уккусу келип Көкүмбайга:

– Көкө, бизге эрмек болчу каңкылдаган ырчыларың же күлдүрүп көңүл ачуучу куудул-суудулдарың болсо келсин.. Зериктим – дептир Керимбай.

– Караштырып көрөйүнчү. Сиздер отура бериңиздер! – дейт да Көкүмбай эт бышырып жаткан малайларынын жанына келип, эки бөйрөгүн таянып турса, кемегенин жанында карала-торала болуп казан кармашып жүргөн Куйручукту көрөт.

– Ой, урган, тиги коноктorго барып, аркы-беркi жоруктарыңы айтып эрмек бол!

– Макул, макул таксыр.

– Ой, кем жаман, оозуңа келгенди оттобой, мындай дурустап эрмек болсоң! Кетмен-Төбөдөн чыккан Керимбайга мени уятка калтырба, бар эми, – дептир Көкүмбай.

– Э, таксыр, колумдан келген өнөрүмдү андай кишилерден аямак белем.

– Жаагыңды жанып, эбиребей бас дейм!

– Мына, мына азыр барайын. Байым, сиз «жаагыңы жаныба» дедиңиз, аларга барып, мен сүйлөбөй эле онтолой берейинби? – деп сурайт Куйручук андан.

– Олда кудай урган ай! Ушу сен бир балээни баштап, мени уят кылбагай элең. Эзелде унуткус жоруктарыңан Керимбайга баштагын.

– Э, таксыр, анан баяле ошентпейсизби? Мына, эми тамашаны көрүп алыңыз.

– Мен кийинчерээк барармын, – деп Көкүмбай үйүнө кирет.

Куйручук кандайча баштары жөнүндө бир пас ойлонот да, анан айылдан оолак тигилген үйдөгү конокторду көздөй баратып, жакындаганда, куз-

гун болуп куркулдап... саал бара түшүп бүркүтчө шаңшыйт. Үйгө жакындаганында, балача чыңырып ыйлап, кайра чоң кишиче каткырып калат. Аны Керимбай угат да бир жигитине:

– Ой, бу сыртта эмне болуп жатат, карачы? – деп эшикке бирөөнү чыгарыптыр. Ал киши эшикке чыгып эки жакты караса, көзүнө түк эчтеке көрүнбөптүр. Ал кайра үйгө кирип:

– Таксыр, бир киши келатат, андан башка такыр эчтеке көрүнбөйт, – дейт.

Керимбай ичинен аң-таң калат. Аңгыча салам айтып жанакы келаткан киши келет. (Үйдөгүлөр анын Куйручук экенин билишпептир). Кукең шашпай уукка кыдырата кыстарылуу турган суу жоолукту, коломтодогу жез кумганды колго алат да, коноктордун башынан аягына дейре суу куюп, дасторкон жаят. Коноктор бычактарын колдоруна кармашып «азыр эт тартылат» дешип күтүп калышат. Куйручук коноктордү жайлап коюп, шек билгизбей акырын чыгып, Көкүмбайга көрүнбөй атганып кырга чыгып абайлап турат.

Керимбай бычагын колуна кармап, «качан табак тартылат» деп зарыгып отура берип жадайт. Эттен дайын жок. Ал:

– Мени Көкүмбай шылдың кылабы? Бу кандай жоругу? Атайы алыстан келсем, мени чакырып урган иттей кылганы кандай? Бирөөң барып ага айткыла! – деп Керимбай ыза болду.

Керимбайдан бир киши жүгүргөн бойдон Көкүмбайга барып:

– Таксыр, сизди Керимбай келип кетсин деди эле – десе, Көкүмбай алаканын шак чаап, ичинен «баягы кудай урган бир балааны баштаган го» деп энтеңдеп Керимбайдын үстүнө келсе, дасторкон жайылуу баары жалаңдатып, жарылып өлчүдөй бычактарын колдоруна кармашып отурушканын көрөт.

– Көкүмбай, бу кандай шылдың кылганың? Атайы үйүңө келсем теңиңе албай кордогонуң кандай?

Жигиттер, тарткыла атты, кетем!.. – деп Керимбайдын калчылдап ачуусу келет.

– А, баягы ит кылган экен ээ!

– Сенин үйүңө конбойм. Кетем.

– Коюңуз, ушунда бир кудай төбөңдөн ургур бар эле... – ошол бүлдүргөн тура.

– Жок, муну сен атайылап эле, мени элге-журтка шылдыңга калтырганы ушинттирдиң... Сенин жүзүң курусун... Кетем. Тарт, тарт атымды! – деп Керимбай ээ-жаа бербей кетмек болуп жулунуп үйдөн чыгат.

Көкүмбайдын такыр айласы кеткенинен, өзүнүн үзөнгүлөш манабы Курманга киши чаптырат. Куйручукту издетип такыр таппай айласы кетип тим болот. Ага катуу таарынып, жигиттеринин көзүнчө шагы сынып, ыза болгон Керимбай аттана берерде атын кара терге түшүргөн бойдон Курман келет.

– Куке, Керимбай мага таарынып кеткени жатат. Баягы каргыш тийген Куйручук конокторду оңколотуп кетти, – дейт Көкүмбай.

Курман ортого түшүп, араңдан зорго Керимбайды кетирбей аттан түшүрүп кайра үйгө киргизет. Көкүмбай ардактуу мейманынын астына ат жетелетип келип тартып, үстүнө нооту чепкен жаап, алдына түшүп, айыпка жыгылып араң Керимбайдын таарынчысын жазат. Манаптарды бири-бири менен кармаштырып коюп, Куйручук тамашага батып кырда жүрсө, Көкүмбайдын бөрк ал десе баш алган... Кошоматка кой сойгон жигиттери Куйручукту кармап барышат.

– Ой, ит бул эмнең? Азиз мейманга мени уяткардың... Муну көзүмө көрсөтпөй жоготкула! – деп Көкүмбай каарланат.

Анда Куйручук:

– О, таксыр! Бир ооз сөзгө конок бериңиз? – дейт.

– Жогол! Жогол дейм!

– А, дартын айтсын угалы! – дешет ал жердегилер.

– Таксыр, чындыкка келишеличи. Сиз өзүңүз «башта!» дедиңиз, мен баштадым, «барып жайлап сал!» дедиңиз, мен мына эмесе деп жайлап койдум. Керимбай мырза өзү деле калыстыгын айта койсун! О ... кагылайын журт! Меники туурабы же мунуку туурабы? Айтсаңар боло? Айып кимде?

Жарданып тургандар анын таамай таап айтканына ыраазы болушуп, каткырышат. Көкүмбай сөзгө жыгылып тизесин кучактап отуруп калыптыр.

## БУКАЧА МӨӨРӨП БАЛБАНДЫ ЖЫККАНЫ

Уккан кулакта жазык жок, төгүн эмес чын, караманча калп дөөгө кимдин оозу барсын, бул окуя нагыз нукура чындык. Өз көздөрү менен көргөндөрдүн узун өмүр сүрүп тургандары Чечендин мындай эрдигин жалган дегендерге тандыра койбос. Андан бери карай канча жылдар жылып өткөнүн дааналап кимдер баяндап берише алмак эле.

Илгери казак-кыргыз баш кошуп бир чоң тойго чогулат. Ошондо Куйручуктун толуп турган кези, ал да эл катары ошо тойго барып калат. Таң-тамаша башталат. Ит өлчү жерге талыбай чуркачу, айтылуу чыгаан күлүктөрдүн көкүлдөрүн шүйүп, куйруктарын түйүшүп, ат чапкан балдарга таанымал болсун дегендей кызыл көк- сары, ак көйнөк кийгизип, аттар айдалардын алдында белгилүү күлүктөрдү сынчылар сынашат. Аттар узакка айдалып мерчемдүү жерге жеткенде ат айдоочу ат чапкан балдарды мараны көздөй кайра коё берет.

Далай аттар жер алыс болгондуктан марага жетпей орто жолдо жинигип өлөт... Ат чапкан балдардын жоон тобу атынан жыгылып колу-буттары сынып, ботодой боздошот. Ошондо өткүчү кыргыз кедейдин «кашекчи» деген жалгыз аты көп күлүктөргө караандатпай чыгып келет.

Ат чабуу бүткөн соң, сайыш башталат, кыргыз тарабынан сайышка түшкөн баатыр, казактан чыккан баатыр менен тынымсыз бир нече жолу беттешип сайышканда, эки баатырдын найзалары туруштук бере албай тең ортосунан бөлүнүп кетет… Айыгышкан баатырлар ага да карашпай улам найзаларын кайра которуп алышып, үзөнгүдөн буттары тайыганча кармашат. Эки баатырдын күчтөрү тең келгендиктен булар бирин-бири аттан түшүрө алышпаганда, калыстар ортого түшүп аларды ажыратып жиберишет…

Анын аркасынан оодарыш башталат, оодарышка түшкөн эрлер булчуңдарын булкушуп, кабыргаларын аябай мыкчышканда минген аттары кара терге чөмүлүп, балбандардын күчүнө туруштук бере албай чөгөлөй-чөгөлөй калышат. Аттарынын да жана өздөрүнүн да жедеп шайлары оойт. Ыгына келе түшкөндө казак баатыры берки кыргыз баатырды аттан оодарып түшүрөт…

Ат чабуу, сайыш, оодарыш, жамбы атмай болуп өткөндөн кийин, тегерете уй мүйүз тарта казканактап олтурушкан калың элдин ортосуна сары жаргак шым кийген, бар мүчөсү келишкен бир чоң балбан коломочтонуп ортого чыгат. Эл таң калып аны жабыла карашат. «Оо, буга даап балбан чыкпайт!» дешет сынчылар.

– Эй, кыргыз агаиндер, мына биздин балбан ортодо… Кана, балбаныңарды чыгаргыла!

Жымжырт… Кыргыздардан ага тик багып даап, «мен чыгам» дечү эч ким болбоптур. Балбандар жок эмес бар, бирок, тиги көзү чөйчөктөй, булчуңдары булчуйган немеге тең келер киши кыргыздын ичинен көрүнбөйт. Айтылуу чоң балбандар анын түрүн, кебете-кешпирин көрүшкөндө, «муну менен күрөшүп жыгылып, баркымды кетиргенден көрө унчукпай жөн болгонум оң» дегенсишип жер тиктешет… «Намыз колдон кетеби? Ушуга бир киши чыкпаганы кандай!» деп аксакалдар өкүнүшө.

– Буга теӊ келер балбаныӊар жок болсо, анда байгени бергиле! – деген үн аркы тараптан чыгат.

Аны угушканда беркилер таптакыр баш көтөрө албай шылкыйып калышты. Кээ бирөөлөр арданганынан көзүнө кылгыртып жаш алды. Бай-манаптар «сен чык! Сен чыкпайсыӊбы? Ашка жүк, башка жүк!..» деп ар кимди кекетет... Ошентип ортодогу чоӊ балбанга ким чыгары белгисиз болот.

– Мен чыгам! – деп Чечен элдин арасынан жулуна чыга келгенде аны көргөндө жабыла каткырышып калышат.

– Кой!

– Сен тигинин чыпалагына да теӊ келбейсиӊ...

– Буга чечендик керек эмес, күч керек...

– Менде каруу да бар!..

Куйручукту кай бирөөлөр «мейли чыксын» десе, кээ бирлери «чыкпасын» дейт. Өзү каалаган жаш балбан эки ортодо тай талашка түшүп калат. «Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» эмеспи. Күч атасын тааныбайт... Кеп балбандын чон, кичинесинде эмес, анын күчүндө!.. Мейли. тобокел күрөшсүн!» – дешип, көпчүлүк Куудулду жаалап кубатташат.

Тоо текенин терисинен жасалган багалеги сайма, кооз сары жаргак шымды мурда белгисиз балбан, атактуу Чечен кийди да, анан бир чалдын уйдун мүйүзүнөн жасалган чакчасындагы насбайынан эч кимге билгизбей алаканына уучтап алды. «Балбан чыкты, эми тиги «дөө» менен күрөшөт» деп, эл Куйручуктан көздөрүн айырбай жардана карап калышты.

Куудул чок ортодо турган балбанды көздөй бет алып, букача өӊгүрөп мөөрөп, төрт аяктап жерди буту, колу менен чапкылап жөнөйт... Анын жоругун көрүп тургандар «а» дээрге алдары келишпей, боорлорун тытып күлүшөт. Ал антип келатканында берки балбан ага таӊ калат... Жаш балбандын анткенин көргөндө далайды колуна тиер замат буйдамга

келтирбей жерге көтөрүп чаап алып көнгөн карт балбандын кыжыры кайнайт. «Колума тийсең сөөгүңдү быркырата кармаармын» деп ал ичинен тишин кайрап кекенет.

Куйручук ортого нечен жолу токтоп ар түрдүү шумдуктарды көрсөтүп баратканда, андан көзүн албай акыйып карагандар ого бетер күлө беришти эле, тиги карт балбандын каны кызып ага ачуусу келди. Анда Чечен балбанга сыр билгизбей улам барган сайын күчөп, кулак-мээни тундуруп мөөрөп, айгырча азанап, теке болуп бакылдап, баятан бери зарыгып бүткөн балбандын ачуусуна абдан тиет. Ызаланган балбан аны кантип колуна тийгизээрин билбей, мууну калчылдап, мойнундагы күрөө тамырлары көгөрүп, көзү чанагынан чыгып оттой жанат...

Кайда, бир топтон кийин Куйручук балбандын жанына коломочтонуп барып, ага билегин суна коюп, карматпай кайра колун тартып алып буйт берип секирип кетип, айтор бир далайга дейре аны дагы шайын оодарып, ыза кылат.

Бир оокумда экөө тооруша түшөт. Берки ачуусу келген балбан эптеп тигини колуна тийгизе албай, башын бир жагына кыйшайтып, көзүн окшурайтып тиктей калганда, Куйручук колуна уучтап жүргөн насбайын анын көзүнө чачып жиберип, ал колу менен бетин баса калганда, амалдуу Чечен аны белден шап туура кучактап, жерге чаап алып, анан башынан аттаган бойдон кетет...

– Балбан көтөр! Баракелде! – дешип эл Куйручукту колдоруна көтөрүп алышат...

## ЭКИ БАЛЫК

Боз кыроо түшкөн убак экен... Ошо күнү Көтмалдынын кара шамалы алай-дүлөй түшүрүп туруптур. Куйручук Жумгалдан көл боорундагы

Саручук деген досуна учурашканы баратып, жолдон куур тончон, бутуна тай туяк тартынган, жапалдаш бойлуу... кара тору, өңү азыңкы бир жигитке жолугат. Ал салам бергенде, Кукең алик алып өтө берип анан артын кылчайып караса, тиги неме да Саргамыш жакка бараткан көрүнөт, ал сенделип араң баратканын билет да, Куйручук ага жаны ачып учкаштырып алат.

Ошентип жолуккан жөө жигиттен Куйручук акырын чекмелеп анын жайын сураса, ал Тору-Айгырдагы бирөөнө малай жүргөнүнө бир жылдай болгондо кабыргасынан сезгенип катуу оруйт да, тескейдеги жетимишке чыккан энесинин колуна барып, эки-үч ай төшөктө жатат да, оорусунан айыккандан кийин, малай жүргөн байдан бир жылдык акысын алганы бараткан неме экен. Койчунун жайын билген соң, Кукең кечке маал Саргамышка кыштаган ошол байдын үйүнө барып түшүп калат.

Байдын эки зайбы бар экен, бай Көтмалдыдан чай алып барса, «Сен көп алдың, мен аз алдым!» – дешип жулмалашып жатышканда дал үстүнөн чыгыптыр.

– Кудай, кудай ушу шерменделерге кор кылбай аманат жанды тарт! Оу, кантейин, бу бетпактар мени жутат. О, долулар эми койсоңор боло? Кокуй, кокуй Калбубүнү Зууракан чайнамак болду! Атаңдын көрү, ушуларды ажыратып коюуга бир жан чыкпады ээ! Келе бычак! Келе шамшар! Бу көрөкчө жарылып өлөм! – деп кыйкыра бериптир бай. Куйручук менен койчунун келгенин бай да, тиги жулмалашып жаткан күнүлөр да байкашпайт.

– Атаганат ай, мага бычак берер бир да жан чыкпады ээ! Мени жара тартар киши жокпу! Бу айылдагылар кырылып калганбы! Менин кардымды жарып, соопко калсаңар боло! Мына... мына, бу көрөкчө ичими муштап жарайын! – дейт да, бай челкейген кардын өзү муштамыш болгондо, Куйручук үйдүн далдаасынан аңдоостон чыга калып:

– Ой бай, андай муштабай, мына мындай муштагын! – дейт да, карды салаңдаган байды күрс-күрс эттире муштум менен коюп жиберсе бай чалкасынан кетет. Бай ордунан жанталашып кайра тура калганда, Кукең аны дагы эсин оодара муштайт. Аңгыча аржакта жулмалашып жаткан эки катын «Караңгүн, караңгүн, бай өлдү» дешип чуркурап басып калышты эле, Куйручук, ал экөөнү чачтан алат да бири менен бирин сүзүштүрө бериптир. Эси оой түшкөн бай башын көтөрүп чоочун кишини караса:

– И-и, бай эс алдыңбы? Өзүң жанымы ал деп зарлап сурадың… Мына мени жиберди, тос, ичиңди жарып, ичегиңи чубайын? – дейт да Куудул бычагын жалаңдатып, байга тап берсе, бай бакырып үйүнө кире качат.

– Эй, сен ушул алыңы билип туруп, эки катын алгандан айланасыңбы? Тигини, мунун жанынын ардактуусун көрчү! – дейт да Куйручук аттанып, көлдү көздөй чаап баратып көздөн кайым болуп кетет экен.

Аңгыча, күүгүм кирип, көз байланган маал болгондо бай Калбүбү деген эрке токолунун өргөөсүнө күнүсү менен жулмалашкан Зууракан деген байбичесинин алдына токолун түшүрүп, экөөнү жараштырмак болот да, жана көз көрүнө «азирейил жан алгыч» келип жанын аларда, кудайдын парманы менен араң аман калганына тобо кылып бир улак мууздап түлөө өткөрмөкчү болот. Улакты мууздатмакчы болуп жаткан учурда, эшиктен боз чапанчан, оозу бир жагына кыйшык… Тебетейин түрө кийген, оң көзү жумулуу, башы калтыраган чоочун киши келет да үн жок, сөз жок төргө чөк түшүп отуруп калат. «Кайдан жүргөн неме эле…» – дейт да бай аны сүйбөй улакты сойдурбай коё бердиртет. Чоң казанда шакылдап кайнап турган суугa токол ала бакандан эки тилмек эт алып казанга таштап коюптур. Бай да жана берки үйгө келген чоочун мейман да бири-бирине унчукпай отура беришет. Сыркоосунан айыгып келген койчу

от жагып ирегеде жүрөт. Байбиче менен токол бирибирин карашпай мурчуюшат. Бир оокумда бай от жагып отурган койчуну акырая тиктеп:

– Капыр сенин ниетин бузук. Сан күндөн мага көрүнчү көзгө көрүнгөндө келгенинди көрчү. Сен жакшылыктын үстүнөн чыкмак белең... Кара жолтойлугунан качан болсо жамандыкты ээрчите келесиң!.. Акыңды жеткен жериңден ал! – деп жемелей баштаптыр. Бечара койчу түк унчукпайт. Ошентип отурушканда токол тиги мейманды карап алып бетин баса коюп бакырып жиберет. Аңгычакты жүктүн бурчунда отурган кызы да чыркырап чүмкөнө калат. Бай чочуп кетип үйдүн ичин караса, коноктон бөлөк эч нерсе көзүнө көрүнбөптүр. Бай конокту абайлап тиктей койсо, анын ооз-мурду кыйшайган, көзү чакыраңдап, тили соймоңдогону көзүнө учураганда, ал бакырып жиберип, качып жөнөмөк болгондо тиги кебете-кешпири шумдуктуу киши секирип барып эшикти шап тосо калат.

– Өлдүк... өлдүк!.. Жез тумшук келген турбайбы. О, кудурети күчтүү кудай, менин не жазыгым бар эле? – дейт да бай калч-калч этет.

Байбиче да, токол да, бурчта отурган кыз да оң даап карабаптыр... Тегеректеги үйлөрдөн бир да бирөө байдыкына басып келишбептир. Анткени, күнү катындар күндө урушчу экен... Бай койчусуна:

– Ой, сен эмне камырабай отурасың? – деп сураса, койчу да акылдуу неме экен, ал мындай дептир:

– Бай аке, мен эмнеден коркмок элем?.. Мен бирөөнүн акысын жеген эмесмин. Күнөөм жок. Эптеп жан баккан бир момунмун.

Койчу бу сөздү айтканда, босогодо турган шумдуктуу киши чамгаракты карап, колун жайып:

– О... жараткан, баарынын жанын алайынбы? – дейт экен. Муну угушканда беркилер жабыла чуркурашат. Анда тиги сыйкырдуу киши кыткылыктап күлүп:

– Кой, оңол! Чуйт, өз калыбыңа келгин! – деп өз жаагын чаап койсо, сопсоо киши боло калат.

– О, касиетинден айланайын жарыктык. Төргө, төргө чык! – дейт бай калтаарып.

Бир пас отурушкандан кийин жанакы киши казандан көзүн айырбай тиктейт экен. «Казандын ичинде да бир балакет жүргөн го?» деп үй ээси дагы чоочуп турса, берки мейман керегенин башында кыстарылуу турган камчысын шып ала коюп эшикти көздөй басат.

–Кайда барасың? – дейт экен бай.

Анда тиги мейман кылчайып ага мындай дептир.

– Ысык-Көлдө эки балык сүзүп жүрөт деп аттанбай отурмак белем...

– Токтоңуз, токтоңуз? Деги сиз ким деген киши болосуз? – дейт бай шашып.

– Апей, бу жана мени учкаштырып келген киши турбайбы? – дейт койчу.

– А, кокуй, жана кечинде, жалаңкыч болуп көрүнүп мага бычак сунган ушу неме го!.. Ой, айланайын, жүрөгүбүз түшүп өлмөк болдук... Деги анык дайныңды айтчы?

Ошондо Кукең байга мындай деген экен:

– Менби? Мен узун булак Жумгалды жердеген, Курман Кожо, Кулчугач элинен чыккан баякынын как өзү боломун... Сен пейли тар... куу казан... койчу-колоңду алдап оокат кылган капыр көрүнөсүң.

Анда байдын көзү чакчая түшөт да:

– О, кокуй, элге-журтка шылдың болгонум аз келгенсип, баарыга шерменде болмок экемин ээ!.. Ой, Куйручук деген бар деп уктум эле, ошол сиз болуп жүрбөңүз?

– Ооба, мен так ошонун өзү болом. Эй, кунуң кеткир... береги чоң казан сууда калкып жүргөн эки тилим этке, сен мына бу катын-калачтарың менен тоёсуңбу, же береги ооруп араң айыккан бечара койчу тоёбу? Үйүңө конбоймун. Ысык-Көлдө эки балык

болмок беле? – дейт экен Кукең. «Ысык-Көлдө эки балык сүзүп жүрөт деп аттанбай отурмак белем» деген сөз ошондон калган экен.

## ЖУУШАҢ МЕНЕН БООРГО САЯМ

Илгээри чоң аш болуптур. Ашка казак, кыргыз, өзбек жана башка эл күлүк аттарын, балбандарын алып келишет. Ат чабышат, жамбы атылат, эр оодарыш тартылат. Эң акырында эр сайыш башталмак болду.

Өзбек менен казак тарабынан кебетеси аябай келишкен, ашкан чоң бир баатыр сайышка чыгат. Ал дөөдөй болгон баатырды мыктап жабдышат. Баатырга тандап аргымак мингизишет да, учу бөрү тил найза карматып, көп журтка көрсөткөнү аны коштоп чыгышыптыр.

Ал балбандын түрүн көргөндө сүрдөшүп, кыргыз жактан бир да балбан ага даап чыкпай коёт... Чынында сайышка түшкөн бул баатырга тең болуп деле киши чыгар эмес... Тигилер ал балбанды коштоп алышып, «Кана баатырыңарды чыгаргыла!» дешсе, кыргыздын баатырлары корkконунан жер карашат. Эгер ага бирөө тең болуп чыкпай койсо анда мөрөй тигил баатырдыкы болмок да, байге бүт бойдон ошого берилмек экен. Сайышка эч ким түшпөй койгондо элдин башын мыкчый кармаган бир манап:

– Кыргыз кырылып калганбы? Эмне үчүн муну менен сайышууга киши чыкпайт? Казан кулак кайда? Баланча кана?! Сабыр сен эмне жер тиктейсиң? Булардын жанынын артыкчылыгын карасаң!.. Өлсөңөр өлөрсүңөр... Бириң чыккыла! – деп ал жөнү жок эле оолугуп, ар кимди жекирди. Бирок ар кимге жан таттуу эмеспи, сайышка түшүп жүргөн баатырлар унчукпай коюшту. Ансайын тигил аким каарланып, балбандардын баарына наалат айтып, тилдейт, кордойт...

Калк эмне кыларын билишпей камалып турушту эле, жанакы биларман ого бетер ар кимди «сен чык!» деп зордой баштады. Тиги балбан ат ойнотуп ары-бери жүрүп турат…

– Мындайда баатыр сөрөйлөргө жан таттуу болуп калат. Ашка жүк, башка жүк иттер!.. Мен өзбек менен казактын жакшыларына шерменде болмок болдум ээ! О кудай! Бу кандай жорук? Кайда жүрөт баягы чеченсинген Куйручук? Демейде анын тили буудай куурчу эмес беле? Ал да жашынып калган го дейм. Мунун жанынын ардактуусуна не бересиң! Ал кайда? – дейт экен аким.

Ошондо Куйручук элдин арасынан суурулуп чыга келет да ага:

– О, таксыр! Сиз каарланып калың кыргызды каргадыңыз. Элде не жазык? Баатыр деген оңой эмес… Андай эле сизге намыз керек болсо, тиги элдин билармандарына уят болбоюн десениз, найзаны колго ала коюңуз да өзүңүз чыгыңыз!.. Жекеле мырзага жан таттуу эмес, бизге да жан таттуу – десе, тиги манап кепке жыгылуунун ордуна кайра Куйручукка жабышып, «Сайышка сен түш!» деп аны кекиртектейт.

– Макул, сайышка мен түшөйүн. Анда найзанын учуна жуушанды ачтагыла да учун аябай өгөгүлө!.. Болгула бачым! Ал, жакшыларына намыз алып берем деп, менден өлгөн жүргөн неме экен. Көөдөнүнөн сайганда жуушаң далысынан чыга түшкөндөй болсун…

Кыргыздар ыраазы болушат да Куйручуктун айтканындай дароо жуушаңды өгөшөт. Жабылышып аны чечиндиришет. Ошол убакта тигилерден чыккан баатырды ары-бери коштоп өтүп турушуптур, аны уксун дегендей бирөө:

– Куке, сен далай баатырлардын төшүн жара сайдың эле, балээ болуп бул баатырды да күм-жам кыла көрбөгүн – дейт. Аны тиги баатыр өзү да, аны коштоп жүргөн кишилер да угуп калышат.

– Мейли өлсө… ал мени билбеген неме го дейм?! Жөн койгула, мен  аны аяп түшпөй койсом, ботом, коркутмакчы кылып аттанып алган тура! Башын… башын байлана кетем – деп Куйручук ансайын күпүлдөй бериптир.

Аркылардан чыккан баатыр муну укканда Куйручуктан чыны менен эле чочуйт… Өңү саруулайт. Куйручук ансайын «жуушаңды өгөгүлө! А, бали, бали!» дей берет… Кукең башын жоолук менен таңып, ак боз тобурчакты минип жылаңач түшмөк болот…

Берки баатырды коштоп жүргөндөр, улам бер жакка чаап келишип, Куйручуктун найзасын көрүшөт да «кудай уур… чын эле айтканындай найзасына жуушанды ачтатып алган бейм!» деп чочушат… Куйручук ансайын ого бетер күчөп:

– Жуушаңды дагы… дагы өгөй түшкүлө. Тиги баатыр андай эле эр болсо, ал мени менен сайышсын! О, журт! Мага ыраазычылыгыңарды бергиле? Мен аны менен беттешкенде эле боорун жара саям!.. – дейт да, Кукең найзаны колго алып, боз аргымакты атырылтып ортого чыга калганда, аңгыча ар жактан келип элчи кейип мындай дептир:

– О, журт, уккула! Бекер эрегиш менен эки ортодо киши өлө  турган. Эр сайышты токтотолу да, байгени эки баатырга тең бөлүп берели!

Эки жак тең ошого макул болушат да эр сайыш болбой калат экен.

Ушинтип бир баатыр менен сайышууга такыр эч ким тик багып чыкпай коюп, билармандар ага карабай балбандарды жемелеп, кордоп, өз намыстары үчүн бирөөнү ажалга кармап берерде кайран айлакер Куйручук, найзанын учуна жуушаңды ачтатып алып сайышам деп, амал менен баатырды коркутуптур.

## ЖАЛАА

Куйручук эл арасын кыдырып жүрүп, болорболбос жумушу чыгып Нарынга барып калат да, күтпөгөн жердей ал котологон калың калктын үстүнөн чыгыптыр. Мынча калдайган калайык эмнеге чогулганын бейкапар жүргөн Куудул билбейт. Көрсө, ашкан балбан, бирок, үйүнөн үрүп чыгар ити жок, эшик ачса өпкөсү, түндүк тартса төбөсү көрүнгөн «Саман кулак» деген азамат жок жалаа менен айыпка жыгылып жаткан экен.

Аны Ат-Башылык бечарага белин чечкизип, букарага бутун тарттырган, адамдын канын сүлүктөй соргон кадимки Казы манап: – бул менин тогуз жылкымды уурдап, башка жакка бутташтырып ашырып жиберди, – деп, курулай, моюн күчкө салып док кылып, бийдин кекиртегине бирдеме сала коюп, жазыксыз шордуу кедейди он эки ай түрмө жазасына кескизип, өз кулкунуна тогуз жылкы алууга өкүм чыгартат.

Ак жеринен жалаага жыгылган бечара Саман кулактын таламын ким талашат, бийлик да, бий да, Казы манаптын колунда. Ак жеринен күйүп бараткан Саман кулакты жактоого кембагалдардын чамасы кайдан жетет?! Ар кимиси адилеттик менен калыстыгын айтышты эле, алардын кебин билермандар каакы ордуна көрүшпөптүр.

Саман кулактын самандай өңү саргарып, акылэсинен танып, жедеп айласы кетип, кандай кылар айласын таппай делдейип туруп калат. Жалаа жапкан ким, куру жалаага жыгылган ким экенин Куйручук билет да, жарданып карап турган калайыктын арасынан билермандардан жазганбай суурулуп чыгат.

– О, калайык! О, момун журт! Эй улук, менин силерге айта турган сөзүм бар, ук! – деп кыйкырат. Ошо жердеги жыйынга чогулгандардын кай бирлери Куудулду таанышыптыр, таанымбагандары кокуй

«өлөр эчки койчунун таягына сөйкөнөт» дегендей, жулунган бул кандай неме? «Ажыдардын»куйругун басып,бөйдөсүнөн өлөт ээ» дешип шыпшынышат.

– Ии, жигит, кана дартың болсо айт! – дейт улуктардын бирөө.

Эл жымжырт боло түшөт. Тургандар тиги тайманбай ортого чыга калган Куйручуктан көз айырбай тиктеп калышат. Куудулду көргөндө Казынын үтүрөйүп кабак-кашы бүркөлө түшөт.

– Бул Саман кулак кедейдин кенедей да күнөөсү жок. Кедей бекеринен эле азапка түшмөк беле? Муну каралап жаткан киши кашайып, айыптуу кишини таппай калыптыр.

– Кана, сен эр болсоң ууруну көрсөтүп бер?

– Эй, шордуу өлгөнү турат ээ...

– Ууру ким?

Анда Кукең шашпай туруп мындай дейт:

– Ууру менин мурдум,

– Ыя?!

– Бул эмне дейт?

Анда Куйручук:

– Жоголгон жылкыны уурдаган менмин. Силер муну актап мени кескиле, же болбосо уурдаган малды он күндүн ичинде бүт төлөп берүүгө менин кудуретим жетет – деп Куудул караманча көшөрүп болбой, улуктар менен айтыша кетет.

Бий ары ойлонот, бери ойлонот. Кайра-кайра Саман кулактан сурайт. Саман кулак өзүнүн актыгын далилдеп карганат. Бий акыры, кылмышкер болуп жазага тартылуучу кедейди актап, өзү мойнуна алган Куйручукка асылат. Кедейге боору оруп жаны күйгөн Куудул Казы менен суракта көздөшкөндө:

– Эй, Казы, экөөбүз уурдаган жылкыны коё туруп, оболу ушул бийдин алдында, баягы менин минип бараткан атымды зордуктап союп алганыңды мойнуңа аласыңбы? Же болбосо, айылыңдын жанына конуп өткөн кызыл кулактарды бүт тоноп алчу элең

го, анынды унуттуңбу? Эгер, ушунун баарын, мына, калктын көзүнчө тансаң, бийдин алдында жаныңды бер да, танып кете бер! – деп акылдата баштайт.

Көпчүлүктүн көзүнчө доо доолап, мөрөйү үстөм болчудай чагарактап турган Казы мант берип кутула албай айласы кеткенде:

– Чын болучу! – деп Куйручуктун айтканынын баарын мойнуна алат.

Кимди айыптап, кимди кесерин билбей бийдин башы катат да, акырында:

– Тү-ү, шайтан, баары тең жалган... Силердин өзүңөрчө бир чатагыңар бар окшойт. Мен ишиңерди карабаймын. Өзүңөрчө тынышып алгыла, – дейт да, бий колун шилтеп кете берет. Ак кишиге төгүн жеринен жалаа жаап күйгүзгөнү жаткан Казы – манап элдин көзүнчө уят болуп кала бериптир.

Бечара Саман кулак Куйручукту жалдырап кайра- кайра карай; «бул мага жолуккан «кыдыр алейким – салам» болуп жүрбөсүн!» деген ойго кетет. Ага ар ким Куйручуктун чечендигин, акылман экендигин айтканда гана ал өзүн жалаадан куткарган ким экенин билет.

## ДЕГИ ТАҢ АМАН БОЛГОЙ ЭЛЕ

Кеч күз болуш керек. Куйручук жолоочулап келатып бир айылга конуп калат. Ал түнү алыс жол жүрүп келген атын таң ашырып коюптур. Түн ортосу ooган маалда Кукең сууткан атын отко коё бергени эшикке чыкса, короо толгон койду кайтарып турган келин меймандын үйдөн чыкканын көрөт да, уйкусу келген, анын үстүнө үшүгөн неме Куйручуктан минтип сураптыр:

– Абакебай, ай качан чыгарын биле алдыңызбы?

Ал келинге Кукең бул жоопту бериптир:

– Эй, келин ай! Айдан болсо го эртеле түңүлдүк эле го... Деги таңаман болгой эле...

Узун түн бою суукта зиркиреп кирпик какпастан короо кайтарып, жаагын жанып «Бек-бекей» айткан байкуш келин бир оокумда үргүлөп кетиптир. Иттер да кашайып туйбай калышат, карышкыр боору менен жылып келет да бир койду жеп, үч койду тамактап куйругун үзүп кетет. Короо кайтарган курган келиндин башына мүшкүл күн түшүп калат.

Эртең менен келинди кайната, кайненеси жер-жеперине жетип каргап-шилешет. Ал аз келгенсип келинди күйөөсү карсылдатып сабай баштаптыр. Куйручук туура жактан качырып келет да келиндин эрин билектей болгон камчысы менен жондон ары тартып-тартып жибергенде келиндин кайнатасы уулуна болуша кетет:

– Ой Куйручук, келинди урбай, жазыксыз уулумду урганың эмнең? – дейт.

Ошондо Куйручуктун ачуусу аябай келген экен да, тиги кызыл камчы күйөөнү чоку талаштыра дагы берип-берип алат да:

– Адам ээй, муну көрчү!.. Өзү керилип жатат да, анан жазыксыз зайыбын урат. Буга мал керек болсо, эмне өзү короо кайтарбайт? Силер, убал-сооп деген болот деп уктуңар беле? Таң атпай койсо бу бечара келин кантмек эле?.. Супа салбай жарк этип таң ак таштаса ушу келин ушинтип карышкырларга талатып... күйөөсүнөн асыя таяк жеп кор болбойт эле го? – деген экен кайран Кукең. Ага даап эч ким кыңк этпептир.

## ӨЛҮК МЕНЕН КҮРӨШКӨНДӨ

Жайдын толук кези... Көк майдан көйкөлүп, сансыз тоо гүлдөрү жайнайт. Тоо чымчыктары миң кубултуп сайрап турган маалда Куйручук илкип-салкып жайлоодогу Шабдандын айлына барып калат. Шабдан мырза алты канат ак өргөөсүндө жан жө-

көрлөрү менен кымыз чайкатып ичип, кардын сылап чалкалап жаткан экен. Ал Куйручукту бир далайдан бери көрөлек эле, куудулду көргөндө көзү кычышып, анын үстүнө эриккен аким көңүл ачкысы келет.

– Эй, айбан, көптөн бери көрүнбөй дарексиз кайда жүрдүң? – деп сурайт ал. Ага Куйручук эптеп-сентеп кыбырап, эл катары оокат кылып жүргөнүн айтса, Шабдан:

– Эриктик. зериктик, жарпыбызды жазып кабак ачып күлалбадык. Баягыда келгенде коркуттуң эле... Эми аябай күлдүр? Көңүлүбүздү көтөрүп, кабагыбызды ач! – дептир.

Куйручук ага нускалуу жакшы сөздөрдөн кеп уруп, калк арасынан көргөн, билгенин сүйлөп берип анан кызыктардан айтса, отургандардын баары «а» дээрге алдары калбай, боорлору эзилгенче күлүшөт... Бирок, Шабдан бырс этип күлбөй мисирейип там болот. «Муну кудай урган турабы? Бу эмне күлбөс болуп калганбы? демиш болуп, Куйручук анын эси-көөнүнөн калгыча күлдүрүүнүн ыгын келтире албай отурса, аңгыча, атын кара терге чөмүлтүп бир жактан чабаганчы келип калат. Шабдандын бир бай казак кудасы бар экен ошол өлүптүр. Кабар тиер замат, ат-атка тийбей бака-шака түшүп, ошол өлгөн байдыкына жөнөмөк болушат.

– Эй, айбан, сен мында калганда эмне кылмак элең, мен келгенче катын-калачтын жүрөгүн түшүрөсүң, андан көрө мени менен кошо жүр! -дейт Шабдан ага.

– О, таксыр, барайын! – дейт да Кукең жөнөп калат.

Шабдан жан жөкөрлөрү, жигит-жалаңы менен жоргону минип чайпалып, зымырап жолго чыгат. Куйручуктун мингени байтал. Кийген чапаны эскирээк. Жолдо катар Куйручук аларга далай кызыктардан кеп уруп берет. Анын сөзүнө маашур болуша баары жапырт күлөт. Бирок Шабдан мостоюп такыр

күлбөй жүрүп отурат. Анысы аз келгенсип ал Куйручукка:

– Ой, айбан, дөөрүбөй жөндөп күлдүрсөң боло? Кудай урган бу куудул, чечен, шайыр эмес эле, сандалган дөөрүк неме го? – деп мырза Куудулду кордой баштайт. Баягыда жүрөгүн түшүрүп аны коркутканга ал кырсыктап калганын Куйручук сезет. «Шашпа, ыгы келе калганда сени оңколотормун...» деп Куудул ичинен сызып жүрө берет. Өлгөн байдын айылынын караанды көрүнгөндө Шабдан бир жерге токтойт. Аны ат кошчулары атынан түшүрүп жоргосун кармап турушат. Ошол тегеректе аркырап аккан чоң көк кашка сууга жайылып барышып жуунушат. Бир оокумда ат кармаган жигит Куйручукка жоргону карматып коюп өзү басып кетиптир. Куудул мырза минген жоргонун суулугунун темиринин ортосун кеңитип ачып койду да, билмексен болуп атты кармап тура берди. Алар эс алышкан соң аттанышып жөнөштү. Бирок Куйручуктун жоргонун жанында калганын Шабдан байкаган эмес эле...

Өлгөн байдын айылына бутатымдан алысыраак барганда бер жактан баратышкан жоон топ киши жабыла чуулдашып өкүрүп калышат. Куйручук Шабдандын артында желдирип баратып, анын минген жоргосун байкатпай камчы сабы менен боорго сайгылай берет, мырзанын жоргосу өкүрүк чыкканда элирип ала качкан бойдон жөнөйт... Шабдан атынын оозун тартканда, суулуктан тизгиндин учу чыгып, жорго ого бетер атырылган бойдон жөнөйт... Анын артында өкүрүп бараткандар жана айылда өкүрүп тургандар «Баатырды ат ала качты! Кудай сактай гөр» дешип чуркурашып калышат. Өпкөсү көөп, ээликкен жорго айылды аралап, аңды-дөңдү карабай кетет...

– Тос!

– «Баатыр» жыгылды.

– Ой-бай, мынау неси?

– Кудасынын өлгөнү аз келгенсип, Шабдан аттан жыгылып өлмөк болду ээ.

– Тозгула!

– Так! Так!

– Ха-ха-ха-ха!

Өлүккө өкүргөн бир да киши жок баары жарданышып ала качкан атты кууштту. Кызыган жорго зымырагап бойдон баратып бет алдындагы арыктан так түйүлгөндө, ошо жерге күл төгүшчү экен, Шабдан аттан талп этип түшүп, бозала болуп күлгө оонап калды. Күлбөгөн киши калбаптыр, Шабдан ыза болот.

– Ушу тизгин суулугун жакшылап бекитип койбопсунар! – деп ал жигиттерин аябай жемелейт. Кукең билмексен болуп унчукпай култуюп отурат.

Эртеси өлүктү көммөк болушат. Өлгөн байдын ага-тууганы, жек-жааттары чуркурашып ыйлап турушат. Маркумдун сөөгүн жуумак болушат. Салт боюнча сөөктү жууга Шабдан тараптан бир киши кириш керек экен. Аны билгенден кийин Куйручук «Мага уруксат бериңиз. Мен жуушайын?..» деп Шабданга асыла баштайт. «Сен бир балааны баштап, мени уятка калтырасың, кой» – деп ал түндүк бою түйүлүп болбой коёт. Ансайын Куйручук көшөрүп мырзага жабыша бергенде жедеп тажаганда макул болушат.

Сөөктү кармоого казак жактан эки киши, кыргыз тараптан Куйручук жуумак болот. Маркумдун ичи дардайып көөп кеткен. Жууша баштаганда Куйручук берки жанындагыларга билгизбей жуумуш болуп бараткanda, өлүктүн ичине бармагын тийгизип коюп, өзү билмексен боло калат. Тиги жанындагылар Куйручукту тиктеп калышат. Кайра жууй баштаганда Куудул чыңалып көөп калган ичти тигилерге байкатпай бармагы менен дагы басып койду эле, ич кыймылдаганды беркилер даана көрүп калышат. Куйручук өзү да чочугандай селдее түштү. Бир пас

турушуп өлүктү кайра жууга киришкенде Куйручук берки экөөнө шек алдырбай өтө кылдаттык менен тарсайып көөп турган ичти бармагы менен бекем сайып жибергенде, өлүктүн денеси кыймылдай түшкөнүн жанындагы эки киши даана көрүштү.

– Ой бай, тирилди!

– Туруп келатат.

– Шумдук, өлгөн тирилет деген эмне? – дешип экөө качып чыгышканда сыртта турган көпчүлүк чочуп кетип, качкан бойдон үйдөн оолактай берди. Куйручук табыт коюлган үйдүн кереге, уугун качыратып, үнүн өзгөртүп ар кандай чыгарып өлүптирилген кишиче бакылдап ар кимдин атын атап чакырып каарланат. Анан Куйручук өз үнү менен өлүккө «Өлгөндөн кийин жөн өлбөй неге тирилдиң?» деп кармаша баштагансыганда, боз үй качырап, кереге ууктардын карчылдап сынганы сырттагыларга угулат. Өлүккө келгендер кымкуут, чакчелекей түшүп аттанып кырга чыга качышат. Өлгөн байдын үй-бүлөсү жана ага-туугандары ыйлашмак турсун корккондорунан качкан бойдон кетишет.

Шабдан да жигиттерин ээрчитип небак качкан. Ал чын эле өлгөн кудасын тирилген экен деген ойго кеткен эле. Жаназа окуганы, дооран алганы, мүчө үмүттөнүп келишкен молдолор, сопулардын баары элден мурда эле өз жандарын ала качып, кырга чыга качышкан. Кайра тирилген бай менен Куйручук боз үйдүн ичинде карсылдашып кармашып жатканын угушканда, корккондорунан баарынын үрөйлөрү учту… «Ушинтип өлмөк беле? Калп өлгөн го?» дешип байдын балдары, жакындары тирилген абышканы каргап-шилеп жүрүшөт.

Бир маалда табыт коюлган боз үй желпилдеп, качырап калганда карашса, Куйручук өлгөн киши менен туура кучакташып, кармашкан бойдон үйдөн чыкты. «Тирилген» абышка Куйручукту башка муштагылайт… «Коё бер! Мен жаман балдарымы көрүмө

кошо ала жатам. Эмне үчүн менин карашыма уй сойду? Тетиги молдолор котолошуп мында эмнеге келди? Шабдан кудам мени асалап бир эле ат жетелеп келгени эмнеси?» дейт өлгөн чал каарланып. «Жөн өл! Элди кыйнаба! Кандай кишисиң?» деген Куйручуктун баркылдаган үнү угулду... Бирде өлүп тирилген абышка көтөрүп урса, кайра аны Куудул көтөрүп урат. Куйручук абышка менен коюн-колтук алышып, катуулап күрөшө баштады. Тиги кырда тургандар жандарынан түңүлүшүп, жарданып аң-таң калыша араң турушат.

– Ой, айланайын Куйручук бек карма!

– Деги эмне алсаң да ошондон куткара гөр?

– Я алла, бу кандай шумдук?

– Молдолор кайда?

– Ой, алар мындайда көрүнбөй калышат эмеспи!

– Катүгүн, Куйручукту жыкмак болду.

– Эй, бу чал соо өлбөс болду ээ!

– А, кудай! Эми канттик?

– О, жараткан Куйручукка дем бере гөр!

– О, ой, түлөө өткөрөлү...

Кырдан чыккан кыйкырыктан кулак тунат. Баятан бери Кукең кепинге алалек байды туура кучактап алды да, аны менен кадимки тирүү кишидей кармашып жүрүп, аны араңдан зорго жыгып, бир топко дейре муунтуп, кайда көптөн кийин анан тиги кыр-кырда сагаалашып жүргөндөргө Кукең минтип кыйкырды:

– Эй, агайиндер! Чал эми анык өлдү. Келе бергиле! Коркпогула!..

– Ой айланайын Куке, эмне кылсаң ошо кыл... Өзүң кепинде! – деп кыйкырды бай абышканын бир жакыны. Куйручук өлүктү үйгө өзү жалгыз көтөрүп киргизди да анан кайра чыгып:

– Коркпогула! Келе бериңиздер... Мына мен маркумду бат эле кепиндеп чыгам...

– Ошент кагылайын Куке?

Кокту-колотто, кырда качып жүргөндөр чочулашып айылды көздөй акырын келе башташты. Шабдан жигиттери менен айылдын четирээк жагында. Ал «Өлгөн кудам кайра кайдан тирилсин. Төбөңдөн урган Куйручук баягы адатын карматты. Эми билип калышса мен уят болом ээ?» деп өзүнчө кайгырып турду. Бирок мырза анысын түк эч кимге байкаткан жок. Куйручук өлүктү бооруна бекем кыса кучактап алып ары сүрүшүп-бери сүрүшүп кармашып жатканда «бу куудулдун эле жоругу» деп ал боору эзилгенче күлгөнүн бир да бирөөгө шек алдырган эмес эле...

Куйручук сөөктү өзү жалгыз кепиндеп, ак кийизге ороп койду да, анан эшикке чыгып баарын даярдап бүткөнүн айтса, «эптеп көтөрүп чык, жаназа окулсун» дешти. Кукең байдын сөөгүн өзү жалгыз көтөрүп айылдын четине чыгарганда молдолор, ыймандар, сопулар коркушуп жаназа окууга араң келишип, оолагыраак турушту. Селделери казангактай молдолордун, ыймамдардын бир да бири жаназа окушпай качышып артка турушту.

– Жаназаны ким окуйт? – деди бирөө.

– Куйручук.

– Ошо киши окусун.

– Ооба, ооба мейманга окуткула!

– Ой, эртерээк болгула!

Куйручук жаназа окуй баштаганда, эң арт жакта турган Шабдан «Бу балааны эми баштайт...» деди да элдин көзүнчө аны кой дегенден батына албай, жоолугу менен оозун бекем басып бүлкүлдөп эптеп чыдап турду. Куудул күңгүрөнүп, сөзүн даана угузбай, ар кайсынын башын айтып ичинен кайырып, молдолорду туурай берди. Ал анда-санда гана, бир оң ийинин, бирде сол ийинин карап «Ассалоом алейкум ракматулла! Алло акбар!» деп кыраатын келтире көпкө чейин созот.... Катар тизилишип турушкан жоон топ киши тура беришип буттары талды. «Качан бүтөт?» дегенсип солкулдашып араң эле турушту.

«Какаганга муштаган... Өлгөндүн үстүнө көмгөн...» болуп бир маалда өткүн шатыратып төгүп жиберди. Жаназа окуган «ыймам» Куйручук ансайын күчөп кыраатты келиштире созуп жатат... Өткүн зыр берип өтөр замат ошол жаназа окуп жаткандардын так маңдай жагына, өлгөн байдын эки айгыры куушуп келип алыша кетишти. Айгырлар кажашып, тебишип жатат... Өлүктү тебелеп кетише турган болду. Сүйлөөгө болбойт, сүйлөшсө шарият боюнча жаназа бузулат... бир топтон кийин тиги алышкан эки айгыр үйрүн көздөй бири-бирин куушкан бойдон кетишти.

Куйручук шаан-шөкөт менен дагы эле токтобой окуй берди. Баары тажашып суй жыгылып бүттү... Жаназага тизилгендер суй жыгылышканда Кукең кыраат менен сөзүнүн акырын чала-була угуза мындайча аяктады:

Шабдан деген дөө келди,
Аркасынан мендей байкуш жөө келди,
Өлгөн тирилип мени сабады...
Журт, мен жөө элиме кайтамбы?

Жаназа окулуп бүттү. Байдын сөөгүн бейитке өңөрүп баруудан баары чочушту. Куудул өлүктү көрүнө өзү өңөрүп барып көрүнө алып киргизип, шек бнлгизбей кайра тартты.

– Сиз, неге жаназаны мынча көпкө окудуңуз? – деп сурагандарга Куйручук мындай деди:

– Бу кишинин күнөөсү көп экен, анын үстүнө кайра тирилип «Балдарымдын, же жакындарымдын бирин кошо көрүмө ала жатам» деп кармашканын көрүп турдуңар... Мына ошон үчүн мунун күнөөсү арылсын дедим да жети мертебе жаназа түшүрдүм...

Куйручук байды кепиндегенине, жууганына анын кийим-кечесин бүт кагып алды. Андан кийин ага жаназа түшүргөнү үчүн, дооран үчүн акча да алды. Молдолорго түк эчтеке татырган жок. Байдын балдары «атабызга чоң жакшылык кылдыңыз» дешип Куйручукка кысыр эмди тай беришти.

Шабдан кудасынын үчүлүгүнө жана жетилигине күтпөй эле, калп эле бир шылтоо таап коштошуп жөнөдү. Ал жолдо ката, Куйручуктун өлүк менен күрөшкөнүнө боору эзилип, көзү кызарганча күлүп жүрүп отурду. Кандай айлакерлик менен сөөктү жууганы кирген эки кишини чочутканын жана өлүк менен кантип күрөшкөнүн, жаназа окуганда күңгүрөнүп секетпайды ырдап, кошоктон да кошуп. «Кыз жибектен» да кошуп жиберип, эң акырында кенедей шек алдырбай, Шабданды кошо айтып жаназа окуганын айтып бергенде, жанында бараткандар күлүп келатышып аттан ооп түшүп кала жаздашты.

– Сен айбан, менин өлгөн кудамды маскара кылдың. Бу жоругуңду элге жайба! – деди Шабдан.

Анда Куйручук ага мындай дептир:

– Таксыр, мен кудаңа жамандык кылган жокмун. Мен молдолордун аларын алдым. Макул бу жоругумду мен эч кимге оозуман чыгарбайын, бирок, арабанын дөңгөлөгү майланбаса тегеренмек беле? Ар жагын өзүңүз билиңиз? Болбосо мен оозума кантип кулпу салып коём?..

– Кой, буга берип кутулбасам дагы бир балааны баштайт... – деди да, Шабдан кудалары мингизген атты бир жигитине мингизип, анын атын Куйручукка берди. Кукең күтпөгөн жерден өзүнүн айлакердигинен табылгалуу болуп үйүнө кайтты.

## ҮЧ ЖҮЗ САМООР

Куйручук колунда жогунан энесине аш бере албай калат. Ал көпкө ары ойлонот, бери ойлонот. Айыл кыдырып жүрсө колунда барлардын, алдуулардын барынын үйлөрүндө бирден, кээ бирөөлөрдүкүндө эки-үчтөн самоор барын көрөт. Кедей-кембагалдардын үйүнөн ырымга самоор көрбөптүр. Кукең ичинен сызып, термелип терең ойго түшөт... Акы-

ры энесинин ашын берип кутулмакчы болот. Бирок ата-бабанын салтына жараша ат чабыш керек эле, Куйручуктун байгеге саяр малы, дүр-дүнүйөсү жок... А кездерде Куйручуктун элге даңкы чыгып, белгилүү болуп калган кези.

Көкүмбай, Курман, Мырзабек өңдүү билермандарга акылдашпастан туш-туш жакка чабарман чаптырып баланча күнү Куйручуктун энесинин ашы берилет деген кабарды ой-тоодогуларга чейин жиберет.

Андан кийин ал аябаган мыкты жигиттерди жыйнап алат да:

– Кимдин үйүндө самоору болсо, баарын мени бере турушсун дегиле да, баарын чогултуп келгиле. Эгер самоорду «бербейбиз» дегендер болсо, бербегендерди бүгүн жумурай журттун алдында төө чечкенден жаман абийирин төгөм!.. – дейт да, колдон суурулган мыкты азаматтарды айыл-айылга узатат.

Кара жемсөө, белдүү кыйын жигиттер кырдыкыдырып, сырды-сыдырып, түтүн баш сайын тинтип жүрүшүп, кайсы үйдөн самоор көрүшсө жыйнап келе беришет. Кукең «Бали, жылмаңдаган кайран көк жалдарым!..» – деп улам ар кимиси алып келген самоорду бир жерге чогултат.

– Ээ Куке, мынча самоорду жыйнатып алып эмне кыласың? – деп сурашкандарга, Куйручук:

– Мен, энемдин ашында бөтөнчө чай бердирем! – дей бериптир.

– Кандайча башкача чай?! – дешип ар кими ага таң калышыптыр.

– «Мүрөктүн» суусун тапкамын... Андан ичкендер көп жашайт.

«Мүрөктүн» суусуна чай кайнатып берем деп энеме берген шертим бар эле, ошол шертиме жетем.

Аш берилер болжолдуу күнү кабар тийгенде тайлуудан таяк калбай түп көтөрө келишиптир. Көкүмбай, Курманга окшогон манаптар намыстанышып

жана Куйручукту кордоп басынтмакчы болушат да, таарынгансып кечигип келишет.

– Мүчө жок. Мүчө берилбейт, — деп Куудул күн мурунтан баарына жар салып коёт. Анткени мүчө катарында ар бир урууга таркатып бердирер Куйручуктун колунда эч нерсеси жок. Энесинин ашын өзү башкарып, өзү элге жарчы болот. Бай-манаптар түшчү үйгө самоорлорду шакылдатып кайнаттырып, тоодогу чай чөптөн тердирип келип демдетип, сайдагы ак май таштан чогултуп келип аны балка менен майда талкалатып кантка окшотуп дасторконго чачтырып таштайт. Дасторкондогу «кантты» алып тиштесе эле тиштери өтпөйт… Анда Кукең:

– Бу Мекеден келген кант. Сиздерге гана бердирдим… Олуя-Атадан атайы киши жиберип алдырдым эле… Соопчулукка кесеге салып ичкиле! Антпесеңер эрибейт. «Касиеттүү кант», азыр даамы чыкпайт, адамдын ичине барганда гана эрийт имиш, – дейт Куйручук. Чай ичип жаткандар ошого ишенип калышат. Чынынын ичине бир-экиден таштап коюп аралаштырса, кесе кылдыр-кылдыр этет. Бирок такыр эрибейт, мырзалар жедеп жадашканда кээлери ичпей таштап коюшат, кай бирөөлөр «соопчулукка үйгө ала баралы» – дешип май ташты чөнтөктөрүнө катышат. Ашка келген билармандарга Кукең чоң шаан-шөкөт менен «мүрөктүн суусу» Мекенин «чайы», «канты» деп аябай шыкады.

Башкаларга табак-табак эт тарткызып урматтап сыйлап, тиги чиренген ак сөөктөргө «Индистан» мергендер атып келген ак маралдын эти… Соопчулукка сиздер жээгө гана ылайыктуу» деп, ал, сасыган токол эки кара текенин бөлөк бышырткан этин мырзаларга кастарлап тарткызат. Көздөрү көктү карап менменсиген мырзалар, заары башына чыгып, жыты коңурсуган текелердин этин «О…. жарыктык. Капырай, даамы ушундай болот экен ээ» дешип сугунушат. Кээ бирөөлөрүнүн жүрөгү айланып окшуйт.

– Ой, соопчулукка жеген даамдан жийиркенүүгө болбойт, – деп коёт Кукең билмексен болуп.

– Мунун башы кана? – деп сурайт бир манап.

Анда Куйручук сыр билгизбей:

– О, кокуй, аякта да сиздерге окшогон чоңдор бар тура, алардын салты боюнча, башты башка элге жедирбейт имиш, – деп куудул жик билгизбей буйтатып кара күчкө карс-карс күлөт.

Таң-тамаша башталарда калайык айылдан аттанышып ээн талаага барышат.

Алыска талыкпай жүгүргөн мээси жок күлүктөрдү бирден чубатып өткөзүп, сынчы Кукең өзү сынап, анан ат айдоочуга аларды айдатып жиберип, анан тамаша салып калктын черин жазат. Кайда, бир кыйладан соң, ит өлчү жерге дейре жүгүргөн аттар, өлгөн-талганда араң марага жетишет. Биринчи болуп чыгып келген аттын баш байгеси – жүз самоор, экинчиси – элүү, үчүнчүсү – жыйырма беш, калгандарына он-он бештен самоор байге бердирет. Самоору жоктор санын чаап каткырып, ыраазы боло кайтышат.

Жыйналган калк жай-жайларына тарашкандан кийин, Кукең үйүнө кирип чүмкөнүп жатып калат. Самоордун ээлери самоорлорун ала кеткени келишет:

– Куке, эми биз кайтсак… Самоор керек эле… – дешкенде, айлакер Куудул аларга:

– Самоордун баарын мен байгеге сайып жибергемин… Аны өзүңөр деле көрбөдүңөр беле? – дейт.

– Э, каран күн, таптакыр самоордон кол жууппуз го?.. Булар башка самоор дебедиң беле? Чечен аларга:

– Мына кызык! Менин дүкөнүм бар бекен? Силер кандай аркы-беркини билбеген дөдөй немесиңер? Силер самоорго чай кайнаткызып ымшып тердеп ичип отурсаңар… а самоору жоктор силерди карап отурушканы болмок беле? Андан көрө баарыбыз тең болгонубуз жакшы эмеспи… Жок, ага көнбөсө-

ңөр, анда, атынын байгесине тийгендерден өзүңөр самооруңарды жыйнап алгыла!.. Кыскасы менден самоор сурагандан көрө, ушунчаңарда жоголгула, кокус кучунашым кармаса бир балаа башталып жүрбөсүн!.. – дейт да Куудул чүмкөнүп жатып калат.

Самоордун ээлери түңүлүшүп, амалсыздан үйлөрүнө кайтышат.

## КОРКУТУУ

Качандыр бир кездерде Шабдан жигиттери менен Токмок калаасынан кайра өз айылын көздөй кетип баратса, ага Боом капчыгайынын оозунан Куйручук кезигет. Куудулду көргөндө Шабдан «муну ала барып бир аз күнү эрмек кылып анан жиберейин» деп ойлойт да, аны ээрчитип алат. Аким буластатып буулум кийип, булкунтуп күлүк менен жорго минип, чалкалап баратат. «Кокус барбай койсом мунун кырсыгына калып, бир балекетке калам. Андан көрө барайын» дейт да Куйручук кошо жүрүп отурат. Куудулдун үстүндөгү кийген кийими жупуну... Минген аты чабал.

Алар Чоң Кеминдин өрдөшүн жаңыдан өрдөп баратышкан маалда тоонун башын калдайган кара булут чалат. Асмандагы ала булуттар көчүп, уйгу-туйгу боло баштайт... Эмеле чайттай ачык асман бүркөлүп заматтын ортосунда күңүрт боло түшөт. Аңгыча боз туман түшүп жамгыр жаайт. Нооту чепкен, кыл торго кийген мыкты семиз атчандар жаанды тоотушпайт. Кара нөшөр улам катуулап куя баштаганда, Куйручуктун өтмө катарынан өтүп кетет. Анын ээги-ээгине тийбей калтырап үшүйт... Кокту-колот ылдый сел жүрөт. Кайда, Акимдин айылына али көп бар. Ага жеткенче Куйручук жаман чапаны менен күм-жан боло турган.

– «Баатыр», жаан басылганча береги көрүнгөн айылга барып корголой туралы? – дептир, Куйручук үшүгөнүнөн чыдай албай Шабданга.

– Ой айбан, сен эмне жаандан коркосуңбу? – дейт да, кийими калың Аким жай баракат жүрүп отурат. Жаан улам барган сайын катуулай баштаганда Куйручук аябай калтырайт…

– Э, таксыр, деги катуулап бастыралычы? – десе: Сени кудай алмак беле, өлбөйсүң… жай бастыра бер! деп коёт Шабдан.

Куйручуктун ачуусу келип, куйкасы курушат. Бирок, акимге катуу айтууга колунан келбейт. Күн күркүрөп, чагылган чартылдап алай-дүлөй түшөт. Жылгалардан кыян кузгундап агат. Жедеп шайы ооп бараткaнда:

– Таксыр, сиз жигиттериңиз менен жай келе бериңиз, мен мурда сиздикине барайын да «баатыр келет» деп кабар берейин – дептир Куйручук.

– Ой айбан, биз менен эле бар… Сен макоо жаандан эмне мынча коркосуң? – дейт Шабдан.

Куйручук акимдин тилин албай атка камчы уруп, зымыраган бойдон алдыга кете берет. Ал бир кыйла жерге узап барганда, жарк-журк этип катуу күн күркүрөп… күр-шар эткен добуш кулакты тундуруп, чагылган чарт-чурт эткенде, Куйручук аттан топ этип көк маңдайга түшүп калат… Артта келеткандар анын аттан буйдамга келбей ыргып кеткенин көрүшкөндө селдейе түшүшөт. «Бу эмне болду?» – деп Шабдан ага эки жигитин чаптырат. Акимдин жиберген кишилери чапкылашкан бойдон жетип келишсе Куйручуктун араң жан эле жаңы калган. Кебетеси жаны чыгарына аз эле калыптыр. Алар чочуп кетишип анын башын жөлөшөт.

– Куйручук! Куйручук!

– Көзүң ач! Ач!

Куйручук көзүн үлдүрөтүп араң ачып, зорго сүйлөйт:

– Силер «Баатырга» айтып койгула? Ал менин тилими албай убалыма калып, каныма забын болду… Мага ча-гыл-ган-ды-ын о-гу тий-ди… Бал-да-рым

же-тим кал-ды – деп Куйручук араң тилге келет да, анан сулк жатып калат. Аңгыча, арт жактан жигит-жалаңы менен Шабдан келет да аяк серппей жаткан Куйручукту көрөт.

– Ой, бул жинди, айбанга эмне болду? – деп аким Куйручуктун жанында тургандардан сурайт.

– «Баатыр», Куйручук өлдү... Бул үзүлүп бараткагда баатырга айтып койгула, ал менин тилими албай убалыма калып, каныма забын болду... «дегенге араң тили келди» дешет жигиттер.

Аны укканда Шабдан чочуп кетет да, өзүнүн бөктөрүнүп ала жүргөн нооту чепкенин чечтирип, жана жанындагы Баяке деген биларманынын чапанын чечкизип Куйручукка кийгизишет да, анан аны жигиттерине өңөрүп алып, шашкан бойдон айлын көздөй жөнөйт. «Куйручукту өлтүрүптүр» деген жаман аттыга калып, элге доого жыгылмак болдум... – деп Шабдан жолдоката ичинен бушайман болду. «Өлүктү» айылга өңөрүп барышканда андагылар да коркуп кетишти. «Куудулга чагылгандын огу тийип, дүйнөдөн кайтты» дегенди угушканда айыл-ападагылар кейишти.

Куйручуктун сөөгү Шабдандын өз үйлөрүнө эмес, ошондогу бөлөк кимдир бирөөнүн үйүнө киргизилди да, «сөөктү» кадимкидей жайына алып коюшат... «Балким, жазып-жайып тирилип калбасын» деген ойго кетип, айласы кеткен Шабдан улам кайра-кайра кишилерин жиберип турду. Айласы кеткенинен анын самандай өңү саргарды. Жөнөкөй киши болсо да бир жөн эле го, калдайган калың кыргыз элине атагы чыккан куудулду Шабдан өлтүрүптүр деген кабар эмеле дүңгүрөп тарап кетери да белгилүү эле... Айылдагылар «кайран куудулдун таң-тамашасын укпай калдык ээ!..» – дешип кайгырып жүрүшкөндөр андан көп... «Маркумдун» кара ашына арналып мал союлду. Куйручуктун «өлүмүнүн» аркасы менен кул-кутандар, малайлар этке тоюнмак болушту. А түгүл ыраматы-

лыктын Жумгалдагы эли-журтуна жана үй-бүлөсүнө кабар берүүгө чабарман жиберишмек да болушту.

Жаан өтмө катарынан өткөндө өлөрчө үшүгөн Кукең сонун нооту чепкенди жамынып, жанында киши жокто көзүн ачып жылмаңдап күлүп жата берди. Бир оокумда, жигиттердин биринин келаткан дабышын сезе коюп ал эски маасысынын жыртыгынан бармагын чыгарып, тиги киши көшөгөнүн ичин ачканда кыймылдатып койду эле, анысы бакырып жиберип безген бойдон кетти. Аны укканда айылдагылар «өлгөн киши кайра тирилет деген, эмне шумдук?» дешип чуркурашты. Шабдан өзү да чочуп үйүнөн жүгүрүп сыртка чыкты. Куйручукту жаткызган үйгө эч ким даап бара алган жок... Чуру-чуу, күрү-күү. Эмне кыларын билбей Шабдандын жаны алек-чалек болду. Ал жигиттерин тилдеп, урушуп жатып Куйручук жаткан үйгө жиберди. Жигиттери колдоруна союл алышып үйдүн жанына барышып шыкаалашса, Куйручук туруп эшикке чыгып келатканын көрүшкөндө булар дабырап кайра качышты.

Кукең Шабдандын жакшынакай чепкендерин кийип үйдөн чыга калганда баары аң-таң калышты. Ал сүйлөбөй Шабданды көздөй тике басты эле, аким коркконунан үйгө кире качмакчы болгондо:

– О, «Баатыр, менден качпа! Тилим албай мени өлтүрүп ала жаздадың... Азырынча кудайга керегим жок экен... анын үстүнө сиз кайра-кайра жигиттериңизди жибере бергенден кийин, коркутпайынчы дедим да туруп келдим!..» – деди.

Айран-таң калышып корккондор жапырт дуу күлүп калышты. Анын коркутканын билгенден кийин, мырзанын өзү да ыкшып күлдү:

– Эй, айбан! Сен жиндисиңби? Мени аябай коркутпадыңбы? – деди.

– Анда Куйручук:

– Таксыр! Ушунча калайык-калктын баары сизден коркот... Сиз эми менден бир жолу корксоңуз

эмне болмок эле?.. Жана калың жаанда мага кийгизген чепкендериңизди кайра аласызбы?... Бирок... кабак жакка барганда булганып калды окшоду...

– Ой, айбан, менин жүрөгүм түшүп калды. Деги мындан кийин минтпей жүрчү? Анан баатырды коркуттум деп эч кимге айтпагын? – деди Шабдан.

Куудулдун Шабданды коркутканы ошонун эртеси эле элге жайылып кетет.

## БАШЫН САТЫП АЛГАМЫН

Илгери Жаныбек дегендин уулу Бектен аттуу манап чыгат. Ал өзүнүн мал-мүлкүнө көзү тойбой, андан безген, мындан безген, элден-журттан чыккан тентек, ээн баштарды чогултуп кырк жигит курайт. Аким ошолордун баарына; кылыч, чочмор, шылк этме, найза, чоюн баш камдап берип, анан ал, жака-белиндеги алсыз-күчсүздөрдүн колунда барын талайт. Жарды-жалчыларга запкы көрсөтүп уруп согот. Бектен өзүнө каршы, мансап талашкан бай-манаптардын да жүрөгүнүн сары суусун алат. Артыкча журттун көкөйүнө көк таштай тиет... элди чаап, тоноп алгандын кынуусун алган митаам, улам бара-бара каракчы болуп кетет.

Ошентип ага эч ким даай албайт... жана алы да жетпейт... Араң оокат кылып, күн көргөн эл андан жадайт. «Кырк жигит – Бектен» келетат десе ыйлаган бала сооронот. Ал түгүл байлар-манаптар, болуш-бийлер да бул тентекти тезге салышмак түгүл, кайра өздөрү андан коркуп жүрүшөт...

Каракчы, айылдагы бойго жеткен кыздарды да ботодой боздотуп ата-энесинен тартып алат. Ал ошентип калайыкты чаяндай кууруп көкөйгө тиет. Бир ооз каяша айтып кармаша кеткенди, канкор манап мыкаачылык кылып анын мойнуна кыл чылбыр салдырып атка сүйрөтөт да, адам көрбөгөн кор-

дукту көрсөтөт... Андан запкы көргөн, жаны ачып жабыркагандар: – капырай, кыргыз уландарынын ичинен ушул төбөңдөн урган ээн баш каракчы, журт куруткан тажаал Бектендин сазайын берер бир эр жигит чыкпады ээ? – дешип наалып, арман кыла башташыптыр.

Куйручуктун ошол кезде толуп турган кези экен. Ал калайыкка калайман салып, кайгыга каптаткан каракчынын кабарын угат да, бирөөнүн күлүк атын сурап алып, атайы ошон үчүн Жумгалдан Токмокко келет. Кукең келерки базарга чейин торатын байлап, суутуп, таң ашырып таптайт. Күлүк бороон кууса жетпегендей тапка келди. Базар күнү калаага сатканы ар ким малын айдап, эгин-тегиндерин артып келатканда баягы каракчы адатынча көзүнө көрүнгөндү карактап алды. Акчага анып чөнтөгү толду. Кырк жигиттүү Бектен Токмоктун базарынын четирээк жагындагы саздагыраак көк майданга токтоп, жигиттерин өзүн тегеректетип коюп, өзү эки бутун кара кашка аргымагынын жалына арта салып таштап, карактап алганынан түшкөн акчаны эсептеп жаткан маалда, Куйручук анын жанынан чукул бастырып өтөт. Аңгыча болбой эле артынан:

– Токто, токто, томаяк! – деген каардуу, ачуу үн чыгат. Бул алкынып арт жактан кууп келаткан Бектендин өзү болучу, – саламың гана акмак?!

Куйручук андан качпай бура тартып токтоду эле, Каракчы сурданып жанына келди да атынан түштү:

– Олжоңузга жолтоо боломбу деп, салам бербедим таксыр? – дейт Куйручук ага.

– Сен макоо мени таанывайсыңбы?!.

– Тааныганыман таанывaганым түзүк!

– Эмне дейт?! Сен кимсиң өзүң?

– Бу келесоо неме го, таксыр.

– Сизди билбеген кандай неме?

Эр жүрөк азаматтын манапты тоотпогонуна каракчынын аябай ачуусу келди.

– Деги сен мени тоотпогон кайдан чыккан машаяксың? – деп манап камчысын үйүрүп, омуроолоп жазыксыз жигитти кекете кеттн.

– Мен эмне асмандан түштү дейсизби, Мырза? Куйручукмун.

Бектен бир пас ойлоно түшөт, анткени каракчы Куйручуктун кабарын ар кимден мурда көп уккан, бирок аны көрө элек болучу. Кырк жигиттин арасынан кээ бирөө: «Куйручук болмоктон жалаңкыч болсо да эми шоруң кайнады го?» өздөрүнчө кобураша баштаптыр.

Аңгыча заарду, зордукчул манап чөнтөгүнөн жүз сом сууруп чыгат да:

– Ме, Куйручук болсоң ал, бирок, мага камчы менен бир чаптырып туруп анан аласың... же болбосо мени башка чапкын да, жаныңан жүз сөлкөбай бергин! – дейт көпкөн манап.

Куйручук андан ийменбей:

– Тос башыңды! – дейт.

Бектен «мени кантип даап чаба койсун, Куудул жөн эле кууланып жатат го» деген ой менен отурган ордунан козголбостон суусар тебетейин колуна кармап башын тосот. Куйручук үзөнгүнү чирене тээп, табылгы саптуу жез баш камчысын бүктөй кармап туруп тигини чоку талаштыра тартып жибергенде каракчанын көзү караңгылай түшүп, башы менен жер сүзөт.

Куйручук төш чөнтөгүнөн жүз сомун ага ыргытып жиберет да:

– Ушундан кийин элди карактаганды коёсуң! — деп атына камчы басат. Табына келген күлүк камчы тийгенде оозлукту кемире тиштеп, каракчынын кырк жигитин омуроосу менен жара коюп учкан куштай сызат. Манаптын куралдуу кырк зөөкүрү кайда, бир кыйла жерге чейин кууп, салпактап ага жетпей калышат. Анын үстүнө алар«биздин бегибизди жыга чапкан неме деги тегин киши эмес го» дешип өз

жандарынан чочулашат да, кайра бегине келишсе, анысы айрылган башын таңдырып соксоюп сазда отуруптур.

Ошондон кийин Каракчы кырк жигитине мурдагысынан кадыр-баркы кеткенсийт. Көп узабай эле Куйручук казыга чакырылат. Капкайдагынын баары чогулуп келет, Куудулду казы кыстап катуу суракка алыптыр.

– Таксырлар, өзүнөн сураңыздар, мен мунун башын жүз сары чолокко сатып алгамын, ага жигиттери да күбө – дейт Куйручук. «Айтты-айтпаса төгүнбү, өз башын өзү акчага кызыгып сатып жиберген доосун бүтүрүүгө болбойт» дейт да казы басып кетет. Көпкөн манап сөзгө жыгылат, андан түңүлгөн кырк жигит да бет алдынан тарашат. Жаныбектин уулу Бектен элге запкы көрсөткөнүн, акмактыгын мойнуна алат да, ошондон кийин элди карактаганын коёт.

## СИЗ КАНЧЫК БОЛУҢУЗ

Шааке деген бай ашкан куу, митаам киши экен. Ал «эл мени кайырдуу, ырайымдуу деп айтсын» дегенсип, жолдон ары-бери өткөн жалоочуларды атайы жигиттерин жиберип тостуруп, чакыртып келип үйүнө түшүрөт да, менин сыйым ушул дечү да, келгендерге жедеп бороку болуп ачыган аяк-аяк айранга, жармага, же суугa талкан, ун чалдырып берип, кишинин ичпеген ой-боюна койбой кыстап шыкаачу. Ошондуктан бул эсирген, көпкөн байдын айлынын тегерегинен өткөндөр ага караанын көрсөтпөй алыстап качып өтүүчү болду. Шум Шаакенин акмактыгы менен ар кимге көрсөткөн кордугу элеттегилердин баарына угулат. Анын мындай макоолугун уккандар ага наалат айтып, жерге түкүрүшөт.

Шаакенин бул кылыгы Куйручукка да угулат. Бирок, Куудул ошол адамга жакпас жаман адаты

бар каардуу, мыкаачы бай менен өмүрүндө кездешпептир, Куйручук кишиден сурап талдап көрсө, мал-мүлкүнө чиренген зулум, ал гана эмес, кээ бир адамдарга жанаякка наспайды чылап зордоп ичиргенин да угат. Шаакенин «кой» дээр кожосу, «ай» дээр айлында киши жок.

Бир күнү Куйручук атайы аттанып «деги эмне болсо да билейинчи» деп, ошонун айылынын жанынан өтүп баратты эле, аны байдын жигиттери тосуп алышып «мейман көрүнсө ээрчитип кел деди ырайымдуу бай» дешет да, аны Шаакеникине ээрчитип барышат.

Куйручук үйгө кирип өзүнүн ким экенин ага билгизбей момпоюп отура бериптир. Аңгыча Шааке мейманды «сыйлап» кара аякка мелт-калт жуурат бердирет.

– «Сыйга сый, сыр аякка бал» деген эмеспи дейт да Кукең аны шып тартып иет. Бай мейманды оңурайып карайт да, анан дагы жуурат сундурат.

Куйручук аны да буйдамга келтирбей шып тартып жибергенде, Шаакенин кадимки жини кармап, кучунашы мойнуна мине түшөт да «Дагы бергиле!» дейт.

– Жок, бай, тойдум...

– Тойдуңбу?

– Ооба.

– О... мунун топуктуулугун көрсөң!..

– Адам баласында нысап болуш керек да... напсини тыймайынча болбойт бай.

Шааке кабагын чытып үтүрөйүп жеп жиберчүдөй мейманды акырая тиктеп, тишин кычыратып сурданат.

– Дагы эки аякка куйгула!

Байдын айтуусу боюнча зайыбы кара жыгач табакка толтура жуурат куюп экөөнө сунат. Бай ичсе Куйручук да ичет, ал жерге койсо Куйручук да жерге коёт, зордукчул Шааке эмне кылса, ал да ошентип анын так өзүн туурай берет. Байдын ачуусу келди.

– Жатып алып, идишти колубузга кармабай ичели...

Анда Куйручук:

– А, бай, мен аныңызга да макул, – деди.

Бай менен Куйручук шырдакка боортоктоп жатып ичишет. Бай ууртаса Кукең да ууртайт. Ал токтогондо токтоп калат. Чоочун мейманды кандайча ыгын таап шылдың кылып кордоонун айласын таппай Шаакенин эси кетет.

– Эй, эми итче ыркырашып ичели! – дейт бай.

Жарайт мен ага да макулмун. Анда сиз «канчык» болуңуз, мен «дөбөт» болоюн – деди, Куйручук. Бай аргасыздан өзүнүн айтканынан танбай, ичинен беркиге кекенип табактагы жууратттан шоркуратып ууртады эле, Куйручук да кошо аны туурай берди.

– Кел мейман, эми тең жарышып ичели.

– Куп болот – деди да, Кукең байдан мурда өзүнүн жууратынан оозуна толтура ууртап алды да, ал башын өөдө көтөргөндө ага жууратты бүркүп жиберди эле, байдын бети-башы, сакал-муруту чамбыла болуп жатып калды. Үйдөгүлөрдүн баары ыкшып күлүштү... Шааке кызарып-татарып, ыза болгонунан аябай арданды:

– Ой, сенин минткениң эмнең?

– И, эмне экен? Сиз «канчыксыз»... Мен «дөбөтмүн». Дөбөт канчыкка бүркүп жиберет – деди Куйручук.

Байдын өңү бузула түшүп, мейманды тиктеп селдейип турду да анан:

– Куудул Куйручук деген бар дешчү эле, ошо сенсин го дейм, ыя?

– Ооба, ошол мен болом.

Шааке чочуп кетип Куйручукка жалпактап, колун куушуруп жалынат:

– Айланайын Куке «таанылбасты сыйлабас» деген ушул. Мен сени билген эмес элем. Алдыңа ат тартып, үстүңө нооту чепкен жабайын. Шааке «Канчык» бол-

ду деп элге-журтка жайып, менин кадыр-баркымды кетире көрбө?

– Макул бай, мен муну эч кимге оозуман чыгарбайын. Сиз мындан ары жол менен жөн өтүп бараткан кишини «мейман болуп кет» деп чакыртып келип, анан ал жазыксыз жолоочуну мыскылдап, шылдыңдап, аябай кордоп кыйнаганыңды коёсуңбу?

– Мындан ары ошентсем эле кудай-теңир урсун Куке. Алдыңа түшөйүн, мени жаман атты кыла көрбөгүн?

– Мага атыңдын, тонуңдун кереги жок... Мындан кийин дөөлөтүңө чиренип, адамды кордогонуңу койгун. Эгер кокус дагы жоругуңду кайра баштоочу болсоң «канчык» болгонуңду жаямын... – деди Кукең.

Эртеси эле элге Куйручук Шааке байды «канчык» кылып кубултуп коюптур деген сөз калкка тарап кетет.

## ДАРЫ ТЕЗЕК

Качандыр бир кездерде, оңой-олтоң пайда таап кыныккан кызыл кулактар кездемелерин артынышып эл арасына койго, жылкыга сатканы айылдан-айыл койбой кыдырып чыгат. Бирди-бирге уруп көнгөн эпчил куулар, далайды алдашып пулдарын кымбатка баалашып, малдын наркын төмөн түшүрүшүп, «алсаң-албасаң өзүң бил... дешип» «зарылдын пулу күйсүн» дегендей эченди сыздатат.

Бир соодагер кездемелерин артынып Көкүмбайдыкына келет. Колунда малы барлар каалаганынча ар кыл кездемеден талап алышат да, үйлөрүндө үрүп чыгар итинен бөлөк түгү жок жардылар буюмдарды көргөндө көздөрү кычышып тим болушат.

Куйручуктун өзүндө да, жана тууганында да кездеме алалы десе малы жок. Анын айласы кетет. Балдары жылаңач... Ал эч арга табалбай карайлап Көкүмбайга барса, ал, соодагерден карызга көтөрүп

дукаба, атылас, чийбаркыт, чыт алып жатканын көрүп, Куйручук кызыгып карап тура берди.

– Ой урган, бала-бакыраңа мындан кийим-кече алсаң боло? – дептир Көкүмбай.

– Эмнеге алмак элем? Жалгыз торкашка аттан башка малым жок болсо, – дейт, Куйручук кабагын бүркөп.

Анда Көкүмбай айласы кеткен Куйручукка:

– Бу киши мага тааныш. Таба-тута берерсиң... канча алсаң каалашыңча пулдан ала бер... Кокус, кийинчерээк убада боюнча таап бере албасаң аны да көрөрбүз...

Араң турган Куйручук жым дей түшөт да соодагерден эки койго карыз кездеме көтөрүп кетет. Өзүнүн үй-бүлөсү менен бир тууганынын бала-чакасы көйнөк-көнчөк кийинип кызыл жабар болуп калышат. Кокус кийин соодагер доолап келип калса Көкүмбай кайрылыша турар деп Куйручук камырабай айылга эрмек болуп жүрө берет. Арадан бир кыйла убакыт өтөт. Соодагерге бересеси Куйручуктун эсинен да чыкты.

Бир күнү эки үйдүн ортосундагы маңдайларына бүткөн жалгыз торкашка атты токунуп айыл кыдырып кеткени жатты эле:

– Куйручук, сени Көкүмбай чакырып жатат, бачым бар! – деп бирөө келди. Кабар тиер замат Куйручук «эмнеге чакыртты экен? Көкүмбайга бир керегим тийип калган го?» деп шашып барса, баягы эки койго кездеме көтөрүп алган соодагер нашаа чегип Көкүмбайдын төрүндө соксоюп отурганын көрөт.

– Таксыр, чакырткан экенсиз, келдим?

– Сен бу кишини тааныйсыңбы? – деп сурайт билмексен боло Көкүмбай.

Куйручук унчукпай тиги отурган соодагерди тиктеп туруп, анан бир топтон кийин:

– Ушуга окшогон кыркма кара сакалчанды бир жерден көргөндөй болдум эле... Анжияндан көр-

дүмбү же Токмоктон көрдүмбү? – дейт, Куйручук соодагерди таңыркай карап.

Аны укканда Көкүмбайдын каш-кирпиги бузулуп, ага:

– Сен мында мени күбө карматып коюп кездеме алганды – билесиң, а кой бергенди кандай билбейсиң? Тур, бу кишини убара кылбай эки койду бат таап кел! – дейт Көкүмбай.

Куйручук бирпас ичинен ойлонот. Аңгыча Көкүмбай анын жанын койбой шаштыра берет.

– Жерден чукусаң да таап кел дейм?

– Таксыр! Мен эптеп азоолок кой курап алдым эле, карызыман кантип кутулбайын. Бирок, бу киши койду көрбөй эле ала береби?

Нашаа чегип тердеп отурган соодагер:

– А, мен өзүм көрүп алам! – дептир.

Кукең ичинен кымылдап, соодагерге коюн көрсөткөнү бир топ жерге ээрчитип барат да, ээн колотто оттоп жүргөн суурларды көрсөтөт:

– Кожоюн, тигине менин коюм жайылып жүрөт. Баары жүндүү, сүттүү, жүнү кыпкызыл, бири-бирине өтө окшош.

Соодагер адегенде чыны менен ишенип бадалдын, таштын арасын карайт. Бирок, анын көзүнө кой көрүнбөйт.

– А, ака, коюңуз кана?

– Акырын сүйлөңүз, үркүп качып кетет. Тигине, тигине оттоп жүрүшпөйбү?..

Соодагер суурду көрөт да:

– Э, кысталак! Мени шерменде кылгың бар го? Бу суур эмеспи?

– Жок, сиз жакшылап карасаңыз. Кой... анык кой! Бирок көптүгүнөн ушинтип жапайы болуп кетишти...

Ошентип соодагерге Куйручук ийиндеринен чыгып талаада жайылып жүргөн суурларды көрсөтүп турганда, кишинин үнүн угушкан суурлар аңкыштап

ийиндерине кире качышат. Соодагер суурду таанып Куйручук менен уруша кетип экөө Көкүмбайга келишет.

– И-и, Куйручук кутулдуңбу? кайдан табам?..

– О, Көкүмбай аке, бул мени ээрчитип барып талаадагы суурду көрсөттү. Э, кызыталак, мындагы киши эчтеме билбейт десе керек. Мен макоо бекемин?

– Чын айтасызбы?

– Э жалган айтсам кудай бар го Көкүмбай аке! Бу эмне деген кеп?

Соодагердин ыза болгонун көргөндө Көкүмбайдын аябай ачуусу келет да жигиттерин чакыртып, Куйручуктун жалгыз торкашка атынын ээр токумун алдырып, өзүнүн жана Куйручуктун алган бересесине тогоп кызыл кулакты ыраазы кылып узатмак болот.

– Э, таксыр, эки үйдүн ортосундагы жалгыз атты зордуктап берип койгонуң кандай? Биз жөө калбадыкпы? – деп жалдырайт Куйручук каардуу Көкүмбайга.

– Бул гана эмес, мындан мурда да сенин мойнуңа чыгым түшкөн. Аны да төлөй элексиң. Ошо бересең үчүн да атыңы алдым...

Куйручук жалгыз торкашка атынан ажырап, ээр токумун көтөрүп үйүнө келет. Бир маалда соодагер жанына бир жолдошун ээрчитип, экөө эки атты жетелеп жолго чыгат. Куйручук алар кетип бараткандa үйүнө кирип эски-уску кийимдерин кийип, эки этегин кайра кыстарып соодагерлердин артынан акмалап ээрчийт. Соодагерлер Шамшынын белин ашып Токмоктогу үйүнө барышмак экен. Көкүмбайдын үйүнөн кымыздан өлгөнчө ичишип, ысыкта жол жүрүшкөн соодагерлер ыксырашып, уйкулары келип үргүлөшүп, анда-санда ооздорун «а-аа» дешип араандай ача эстеп кетип баратышат.

Ошентип соодагерлер бир кыйла жерге узап барган маалда, Кукең каадасынча кийимин дароо чечип

таштап баткакка оонап, ылайга көөдөн аралаштырып бетине шыбанып, топоздун саксайган куйругун жипке байлап мойнуна асып, аны көкүрөгүнөн ылдый салактатып коё берип, тиги узап кеткен соодагерлердин аркасынан безеленген бойдон кууп жетет. Анын таалайына жараша, тор кашканы соодагер өзү жетелеп, кыңылдап ырдамыш болуп, ысыкта талыкшыса керек, үңкүйүп баратыптыр. Мокочодой болуп кубулуп алган Куйручук жетек атты чочутпай акырын жандай басып, аны сылап-сыйпап жоошутуп баратып, улам арылап бара түшкөндө, аттын башындагы ноктону шыпырып жиберип өзүнүн башына сала коюп, соодагердин артынан ээрчип алат. Бир кыйла жерге барганда ал акырын чылбырды тартып койсо, соодагер артына кылчайып карабай «чү-чү» деп коюп кете берет. Тиги алдыда кетип баратканга кыргыздардан арзан алган малды айтып мактанат... Кездемеге сатып алган малын малайлары айдашып эмгиче шаарга жеткенин сүйлөшүп экөө көңүлдөрү көтөрүлүп, санаалары менен байышып баратышкан. Булар кажылдашып дагы бир аз узай түшкөндө Кукең акырын кетенчиктеп, чылбырды чоюп койду эле, соодагер артына кылчайбастан «а чу!» деп жөн болду. Арыраак бара түшкөндө Куйручук чылбырды бекем кармап баспай туруп алды эле, соодагер «ай арам өлгүр, чү!» деп артындагы жетек атын караса, анын көзүнө ат эмес эле желмогузга окшогон бир шумдуктуу нерсе көрүнөт. Ал «Ба-а-а!» деп катуу бир бакырып алганда, анын алдында баратканынын көзүнө да «шумдук» көрүндү. Эки соодагер качкан бойдон жөнөштү...

Куйручук кайра чуркап келсе, өзүнө үйүр болгон жоош торкашка оттоп туруптур Ал сууга киринип, кийимин киет. Бир кезде Кукең: «А бали, бали!» дейт да, жакын жердеги көрүнгөн айылга чаап барып, бир үйдөн ээр токуму менен жакшы ат жабуу сурап алат. Ээрди токуп, атынын кашкасын көө менен

көөлөп, тааныш бирөөнүн кызыл чепкенин сурап кийип алат да кеткен соодагерлердин аркасынан чапкан бойдон жөнөйт. Бир кыйла жерге барганда караса, баякы эки соодагер суунун боюнда аттарын тушап коюп отурганын көрөт. «Кой, буларга тике барсам шек алып калышы мүмкүн» деген ой менен Куйручук көрүнбөй алардын жогору жагынан өтүп барып, кайра бура тартып келет.

Эки соодагердин бирөөнүн өңү саруулап, үстөккөбосток окшуп, боортоктоп кусуп жатыптыр. Куйручук билмексен боло салам айтып алардын жанына атчан тура калды.

– Бу киши эмне, оорулубу?

– Ой, акежан! Жолдо келатсак, жетелеп келаткан ат кудайдын парманы менен желмогуз болуп кубулуп кетти. Ошол капырды көргөндө бул киши коркуп калды. Менин да жаным калган жок. Шайтанбы, желмогузбу, ким билет?..

Куйручук аттан түшүп барып аны карап туруп:

– О, бу кишинин жүрөгү түшүптүр. Ушуерде «сасык албарсты» деген болот дечү эле, көзүнө ошо көрүнгөн го...

– А... ошол... ошол.

– Ооба.

– Ат! Ат! Кайда кетти? – деп сурайт коркуп калганы.

– Атты жанагы көрүнгөн «албарстыбы, же шайтаныбы, иши кылып ошолор сыйкырлап алып кеткен чыгар.

– Э, кудая тобо! Тобо! Шумдук...

Берки соодагер да коркконунан калтырады. Тигиниси башын жерден өөдө көтөрбөй окшуп, самандай иреңи саргарат.

– Кошуңуздар мен кетейин.

Онтолоп жаткан Куйручукка колун жандайт.

– Бул киши эмне дейт? – деп сурады Куйручук toktoй калып. Тиги шайы кеткен немеси:

– Айланып кетейин, мени Токмокко жеткиз? – деп жалдырап араң сүйлөөгө алы келди.

– О, ака жан, деги эмне алсаңыз да бизди жеткир? – дейт соосу да. Куйручук маалкатып бир топко болбой туруп, анан тигилер жалынып-жалбарганда араң Токмокко жеткизүүгө макул болот да, жети кара таш таап келип ырымдамыш болуп соодагердин башынан тегеретип, жаш балача апаптап, анан атына мингизип, бекем зымбоочтоп таңат да жетелеп жөнөйт. Соодагер эс-учун жыйган соң кичине эс ала түшөт. Токмокко жетер-жеткенче Кукеңе жалынып жүрүп отурат. Куйручук кыйын жолго түшүп аларды аябай кыйнап, көрбөгөнүн көр кылып, анысы аз келгенсип «Тигинде да бирдеме жүрөт… мына кайра жок боло түштү, силерге жолуккан балаа дагы тооруп ээрчип алган тура!» дей берет коркутуп. Эки соодагердин өңдөрү саарылап өлгөн-талганда араң Токмокко келишет.

Соодагер үйүнө жетер менен аяк серппей сулк жатып калат. Анын үй-бүлөсүнүн үрөйү учат. Дарымчыны, тамырчыны, молдону чакыртып келишип соодагерди көрсөтөт. Дарымчы «безгек болуптур» десе, тамырчы «келте менен ооруптур», анда молдо «жок, жин даарыптыр. Окутуш керек!» дейт. Кыскасы ар кимиси ар кайсынын башын бир айта беришип соодагердин да, анын катын-калачынын да башын маң кылып, чуулдашып чыгышат.

Куйручук үйүнө кайтмак болуп жүрөгү түшкөн соодагердин үстүнө кирсе, анын каны качып өлөрчө болуп калганын көрөт.

– Таксыр, сиз коркпоңуз! Сиздин көзүңүзгө көрүнгөн «шайтанданбы», же «албарстыданбы» айтор жүрөгүңүз түшүптүр. Буга молдодон, тамырчыдан себеп болбойт… Жүрөгү түшкөнгө кыргыз «дары тезек» деген чөптү берип айыктырып алышат. Ал сазга өсөт. Мен эрте туруп саздан ошону араң таап келдим. Ушуну ичсеңиз эле бир-эки күндө сопсоо болосуз.

– Ошондойбу?

– Ооба, таксыр.

– А, ака, макул ичейин,— дептир соодагер. Куйручук бир чыны жылуу суу алдырып, ага торкашка аттын жаңы таштаган тезегинен сууга эзип:

– Мына, таксыр, ушунун даамын албай тартып жибер! дейт да, «дары тезекти» соодагерге ичирет. Ал ичер замат жүрөгү айланып окшуйт, кусат... Эс алганда Кукең кетүүгө уруксат сурайт. Соодагер Кукеңе ыраазы болот да, анын алдына: кездеме, акча, кант, чай койдурат.

– Мындан ары сиздин көзүңүзгө шайтан-шапат көрүнбөйт!.. – деп Кукең аттанып жол тарткан имиш.

## АКЕҢ ЖЕБЕСЕ ТАШ ЖЕСИН

Боз кыроо. Далай кылымдарды артка таштаган Ысык-Көл кечке маал бирде чалкып, бирде мелтиреп, бир караса кээ жери агыш тарткансып, бир караганда, кайра кубулуп кызгылтым боло түшөт. Коңур-Өлөң, Ала- Баш бөксөсү менен бараткан жолоочу Куйручук көлгө суктана карап жүрүп отурду. Анын минген аты чабал эле, күн кечтеп бараткан. Барар жери алыс. Артуу-артуу адырдын арасынан айылдын караанды да көрүнбөйт. Жолоочунун атынын улам барган сайын шайы оойт. Аңгыча адырдын бир коктусунан жалгыз үй көрүнөт. Куйручук атын бура тартып, мамыга байлап, үйгө шып кирип барса, чүйлүсү казанбактай, эки уурту салаңдаган, көзү чөнчөктөй кара сакал киши көлдөлөңдүн үстүндө жамбаштап жаткан экен. Куйручук изаат кылып ага салам берсе, ал алик албай бутун өйдө көтөрүп, мурчуюп, мурутун сылап теңсинбей ыңгыранат. Жолоочу унчукпай ирегеге мандаш токунуп отуруп калат. Чыгдан жакта казан-аяк кармап жүргөн жаш келин келген мейманга чай куюп сунду эле, тиги

кара сакал келген жигитти олурая карап мындай дептир:

– Эй, куу тумшук, ичегиңи тазалатып сен чайды эмнеге ичесиң?

Куйручук аны акырын көзүнүн кыйыгы менен тиктеп, сылык гана анын сөзүнө жараша жооп берет:

– Таксыр, сиз эмне ичегиңиз бүтүп калганынан карандай чайды кактатып ичип отурасызбы?

Чыканагына куш жаздык койдуруп чалкалап жаткан кара сакал мырза Куйручуктун бул сөзүн укканда, шибеге менен санга бышып алгандай селт эте түшүп, мейманды окшурайып тиктеп туруп, анан «астафралла» деп күңгүрөнүп унчукпай калат. Аңгыча күүгүм кирет. Койдун көңү алоолонуп күйүп, чамгарактап көк түтүн созолонуп чыгат. Үй ээси да, берки мейман да кулак-мурун кескендей кыңк дешпей отура беришти. От жаккан келин ордунан козголуп да койбоду. Кайда, каш карарып жылдыз толгондо үйдүн ээси башын көтөрүп конокко:

– Ой, сен мырзасыңбы, бексиңби... аны билүүгө мен таңсык болуп отурган жерим жок... Кайдан келсең андан кел, кайда барсаң анда бар. Сени кастарлап тамак бышырып берер мында киши жок. Тиги чыгданда казы, карта, чучук илинүү турат, жегиң келсе ошондон өзүң бышырып жегин, эгер жегиң келбесе анда балакет, мээнет... атаңдын этин жегин, – деп тултуюп жатып алды эле, келин да унчукпай жөн болду.

Куйручук ордунан ыргып туруп карала таар чепкенин чечип керегеге иле коёт да, чыгдандагы ала баканда илинүү турган эттен казанга салып бышыра баштады. Мырза кардын сылап, кезек-кезек көзүн жылтыратып аны карап оонап жатат. Боргулданып тердеп эт бышырган мейман коломтону тегеренип, шакылдап кайнаган казанды сапырымыш болуп тиги жаткан мырзага артын сала эт оодарыштырып жатса, ал Куйручукту көчүккө муштап «өш, өлөт-

кө кеткир!» дегенде, куудул унчукпай аны акырын көөдөнгө тээп койду эле, мырза «капырай, мага катылган бу соо неме эмеско? Мунун дагы шиши толо түшсүн» деди. Бул үчөөнөн бөлөк эч ким келбеди. Түн ортосуна жакындап эт эзиле бышканда, Куйручук чоң чарага этти чыгарып, анан тетири карап унчукпай өзүнчө маймандап жей берди. Тиги кара сакал үн жок – сөз жок сулк жатат. «Качан кайнатама табак тартар экен» дегендей келини да Куйручукту алдыртан тиктеп, анын кылыгына бир чети таң калып, Ысагаалыга окшогон кайнатама кыр көрсөткөн бу кандай жүрөгү тоодой неме эле?» деген ойго келет. Бир оокумда келин меймандын жоругуна чыдай албады да ага акырын күбүрөдү:

– Сиз кандайсыз? Акеме табак тартпайсызбы?

Анда Куйручук казыдан кыя кесип сугунуп жатып:

– Акен эт жебесе таш жесин... а... ага тойбосо... дегенде, үйдүн ээси дагы бир оңбогон нерселерди жегизеби деп шашып кетет:

– Ой, ой болду... Сен Куйручук болуп жүрбө, ыя?

– Ооба! Анан ким деп турасың? – дегенде, үй ээси ыза болгонунан кызаңдап күлүп, келин өлгүдөй уялып жер карап отуруп калат.

## ШЕРМЕНДЕ БОЛГОН МЫРЗА ЖИГИТ

Күзгө жуук... Эл кыштоого көчөлек. Жаз жарышып, күз күрөшкөн дыйкандар бирин-серин аштыктарын жан алекетке түшүп оруп-жыйнап жаткан маал. Бай-манаптар ит агытып, куш салышып дуулдап, же Анжиян калаасына мал айдатып барышып базарлап дүр-дүнүйөнү артынып келип жатышат.

Өрүштө малы жок же Анжиянга кой айдатып баралбаган, же ит агытып куш салып сайрандоо колунан келбеген Куудул оокаттын айынан эл арасын

кыдырып келатып, кечке маал аты чаалыкканда калың айылга туш келет. Атын мамыга байлап кирсе көгала сакал абышка отуруптур, ага ызат кылып Кукең салам берип, чалдын колу калтырап, башы шылкылдап калган байбичеси менен учурашып, Кукең төргө балпая тартып отура кетет. Коломтого калаган тезек бир өчүп, бир тутанып, боз үйдүн чамгарагынан көк түтүн созулуп араң чыгат. Отту үйлөй беришип абышка менен кемпирдин көздөрүнөн жаш чубурат…

Ошентип отурган кезде, элечеги казанбактай, кийгени жалаң атылас, шайы, эки колуна жыш күмүш билерик, шакек салынган сулуу сымак келинчек суйкайып эшиктен келип, кабагын чытып кара чайнекке чай кайнатат. Кайненеси, кайнатасы ага күңкүлдөшүп «бу мейманга казан ас!» дешсе, келин алардын кебине кулак какпай тултуюп кайра-кайра улутунат, үшкүрөт… Бир жери катуу ооруп турган кишиче чабалактайт… Кайненеси аны «тигинт, минт» деп кобураса, келини аны акырая карап «жөн олтургулачы» деп мурдун чүйрүп мурчуят эле мурчуят.

Бир оокумда эшикти шарт ачып, жылмандап бир мырза жигит келет да, абышка, кемпирге учурашымыш болуп чыкчыйып чыгдан жактан орун алат. Ошол мырза бозой келгенде мурда кабагын ачпай үтүрөйүп, үшкүрүнүп-бышкырынып булкулдап отурган келин жаркылдап күлүп, көзүн сүзүп, кашын серпип ойкуштай баштаганда, Кукең «А… мында бир кеп бар окшойт!..» деп астыртан аны абайлайт. Келин баятан бери үлүңдөп күйбегөн отту күйгүзүп, кара чайнекти заматта кайнатат, анын колу-колуна жукпай, буту-бутуна тийбей жаркырап жайнап, тимеле ийиктей чимирилип жүрөт. Ал дасторкон жайып, сары майды, каймакты, боорсокту жайнатып чай бере баштайт.

Мырза жигит ыңгыранып чайды ичер-ичмексен болуп, астыртан келинге көзүн кысып, бирдеме де-

генсип бүлкүлдөп тийишет. Куйручук тымпыйып билмексен кишиге окшоп алардын көз караштарын астыртан байкайт. Кайнене-кайнатасынын көзүнчө ачык сүйлөшө албаган мырза келинге «кайда жатасың?» дегендей башын кейкектетип ишаарат кылса, келин жылмайып күлүп, чач учтугун кармаламыш болуп анан чыгдан жаккы капшытты жандап ага көрсөтө берип ойкуштайт. Келин менен көз ымдашып сүйлөшүп көңүлү тынган мырза жигит, абышка-кемпирге Анжиянга мал айдатып барып базарлаганын, аяктан көргөндөрүн айтып бабырап, анан бир аздан кийин зыңгырап чыгып кетет. Келин бир шылтоо таап анын артынан эшикке чыгарда кайненеси кагып-силкип аны карыш жылдырбайт. Кайра селки ачуусу келип силкилдейт...

– Бу мейманга төшөк салып бергин, балам. Уулубуз жолоочулап кетти эле, балким бүгүн түн катып келип калар бекен, – дейт да абышка жатып калат.

Куйручук эшикке чыгып, мамыга байлаган атын жетелеп келет да чыгдан жаккы кырчоого бекем байлап үйгө кирсе, келин ага төргө төшөк салып жатыптыр.

– Мен атымды таң ашырып, таңга жуук отко коём. Мен чыгдан жаккы капшытка жатайын – дейт Куйручук.

Келин аны укканда тимеле шибеге менен капталга бышып алгандай секирип кетет.

– Төргө эле жаткыла!

– Жок жатпайм. Атым сууганда өзү тушумду чапчылап мени ойготот... Төргө жатканда уктап калам.

– Кантесиз? Кандай кишисиз?

– Мен ушундай кишимин. Жатпайм дедим, жатпайм.

Кукең болбой капшытка кырынан кыйшайып жатып алганда, келин ага өчөшүп кыжылдай баштайт. Куйручук көшөрүп такыр болбой отуруп алса келин андан бетер тирмеңдеп айтыша кетет.

– Жатыңыз?.. Тил алгыла!

– Карыя! Э, байбиче! Бу келиниңер кантет?.. Кой десеңер боло? – дейт Кукең келиндин кайната-кайненесине.

– Эй, балам, азиз меймандын ою менен болуп, каалаган жерине төшөк салып бергин – дептир кайнатасы келинине.

Келини булкунуп-силкинип Куйручукка чыгдан жаккы капшытка алдына бирдеме төшөмүш болуп коёт да, өзү төргө жатып күбүрөп-шыбырап, аны каргап... үшкүрүп, улутунуп, ыйлактап, айласыздан бүктүшөт. Куудул андасанда конурук тартымыш болуп шек алдырбай жата берет. Абышка-кемпир төшөккө баштары тиер замат уктап калышат. Бир топтон кийин Куйручук жактагы туштан дабыш угулуп, кимдир бирөөнүн акырын бышылдап дем алганы угулат. Кукең билмексен болуп тыңшап жатты эле, аңгыча чийдин түбүн өөдө көтөрүп, керегенин көзүнөн бирөө колун сунуп жуурканды тарткылайт.

Бая келген мырза жигит тиги төрдө жаткан көңүлдөш келин экен деп адашып туштан кол сунганын Кукең биле коёт да, ага шек алдырбай шап анын колун кармай калып өөп жиберип, үнүн өзгөртүп келинче сүйлөйт. Мырза жигит Анжияндан атайы келинге арнап белек ала келген. Ал атыр, самын, жоолук, ийне, тарак берет. Анан «келин»:

– Өрүк, мейиз ала келген жоксуңбу? Өз зайыбыңа берип мени унуткансың го? Болуптур, болуптур секет, – деп, Кукең үнүн келиндин үнүндөй кубулжута чыгарып, мырза жигитке таарынып, мурчундап тескери карап кетет... Бирок, Куйручук анын колун коё бербей бекем кармайт.

– Таарынбагын жаным. Эртен... эртен өрүк, мейиз, кант ала келип берем. Кантет, эси жок немече таарынбай бери карасаң? Сагындым... – дейт мырза.

Кукең ага шек билгизбей керегенин көзүнөн аны менен эзилишип шыбыраша берет.

– Каалганы ачык койдуң беле? – деп сурайт ал.

– Ооба! – дейт Кукең ага келинче шыңкылдап күлүп.

Көңүлдөшүнө көптөн бери кезигелек мырза жигит онтолоп, энтигип, калчылдап келинге:

– Үйгө азыр жылып кирем... Сени сагынганыман жүрөгүм дүкүлдөп, бүткөн боюм ысып чыкты... Эмчегинди карматып койсоң? – деп жалынат.

Кукең келинче акырын шыңкылдап күлүп, ага:

– Колунду берирээк суна түш, секетим! – дейт да, акактап араң турган мырза сөрөйдүн колуна бир нерсе тутамдатат...

Мырза жигит чочуп кетип колун жулуп алмакчы болгондо, куудул анын билегинен бекем карман коё бербей койгондо, ал жан алакетке түшүп булкуна баштайт. Куйручук ансайын ага өчөшөт. Мөңкүп, жулунуп жатып тиги неменин билеги боз үйдүн туурдугунун ичинен тартылган чийдин этегине, керегенин көзүнө кызыл-ала болуп канайт... Ал өлгөндөй чарчап, кара терге түшүп:

– Акебай, коё бериңиз? Өлүп баратам, айбым мойнумда! – деп, мырза жигит Кукеңе жалынат.

– Абийирсиз! Бирөөнүн никелүү жарына мындан ары суктанбай жүр! Чечекейим соолсун. Майнеке болоюн дегин – деп Кукең аны кыстайт.

– О, өлөйүн... Майнеке болоюн!..

– Бар эми...

Куйручук эртең менен турса келиндин эки көзү шишик... Ал таң аткыча ыйлай берсе керек. Куудул аттанып жолго чыгат. Ал айылдан узай бергенде түндө шерменде болгон байдын мырза уулу шылкыйып аны жолдон тосуп туруптур. Көпкөн жигит колун куушуруп жер тиктеп Куйручукка жалынат:

– Балаңан айланайын, ким болсоңуз да деги тегин киши эмес экенсиз... Мен да атактуу байдын уулу элем. Маскара болуп, абийиримдин айрандай төгүлгөнүн сиз элге жая көрбөңүз? Мына, бу теңгеге чай

иче кетиңиз! – дептир, өлгөндөй уят болгон байдын мырза уулу.

– Эл оозунда элек жок эмеспи, укса-угуп, айтса-айта жүрүшөр – дейт да, Куудул, атынын оозун коё берип зымыраган бойдон кетет.

## ДОҢУЗ ТОПОЗ

Качандыр бир кездерде, күндөр чубап, айлар аттап, жылдар жылган мезгилдин биринде, Тянь-Шандын аска тоолорунун бөксөлөрүндө жалгыз аяк жол менен күүгүм талаш атын текиреӊ таскакка сала уюлгуткан бойдон бир киши бара жатты. Көп узабай эле алиги жолоочу атынын башын сол жактагы калың айылды көздөй бура тартты эле, анын карааныи көрөр замат үй жактан куйругу чолок көк дөбөт тиги келаткандын алдынан куюндай сызган бойдон тосо чыкты да, качырып келип аттын толорсугуна жармашты. Атчан шамдагай неме көрүнөт, эңкейип аттын капталына түшө берип куйрукка жармашкан дөбөттү баштан ары камчысы менен берип калды эле, ит «каңк» деген бойдон кала берди. Жолоочу жерге түшүп мамыга атын байлады. Бул Куйручук эле, ал Ат-Башыдагы жан кыйышпас бир досунукуна баратып, көз байланып караңгы кирип бараткандa карайлап, конгону бир үйгө кирип барат. Ошол Ат-Башыдагы Чоконун уулу Казынын алты канат ак үйүнө туш келип калыптыр.

Казы аюу талпактын үстүндө чыканагына катар-катар куш жаздыкты койдуруп, көөкөрдөгү арак-шараптан ичип, ала күү болуп калган кези экен. Ал качан болсо, мейли үйүндө, мейли сыртта жолоочулап жүрсүн анын араксыз жүргөн күнү болучу эмес. Анысы аз келгенсип Казы кылычын тагынып кийимчен уктап жатканында, аны эч ким даап ойгото алчу эмес, кокус катындарыбы же жигит жаландары өзү

ойгоно электе анын уйкусун бузуп жиберсе, каардуу манап кырсыктап, ким ойготсо ошонун башын кылыч менен чаап таштоочу. Казы желмогуздай ээн баш, чын тийбес, мактанчаак, ошонусуна жараша өзүнөн башка кишини адам катарына көрбөгөн бой көтөрүп кекирейген неме.

Манап Куйручукту жазбай тааныйт да, сыпайкерчилик кылымыш болот да, сыр билгизбей аны кондуруп, бөрк ал десе — баш алган жалаңдаган каракчы жигиттерине коноктун атын билгизбей ары-бери сойдуруп, Куйручуктун өзүн коноктоп, ага чоңдугун көрсөтүп басынткысы келет. Куудул берген этке абдан тоюп, анан кыңк этпей тынч жатып калат. Анын камырабай гана жатып калганына Казы мага кулдук урбады дегенсип арданат, ыза болот.

Эртеси эртен, менен чай маалында Казы кекээрлеп, какшыктап аркы-беркиден кеп урумуш болот да, анан тийише кетет:

– Кана Куйручук куудул, ырчы сөрөй, сени элге чыгым салат... антет-минтет деп укчу элек. Кандайча салык салып алчу элең, ошону мага айтып берчи, ансыз деле жөө тамтаңдап сен кайда барасың? – кыйгачтап тооруй баштаптыр.

Анда Куудул:

– Мен элден чыгым, салык албаймын, сага окшогон «желден» аманмын! – дейт экен.

Анын бул сөзүнө Казынын кучунашы кармап, куйкасы куруша түшөт да, олураңдап минтип сурайт:

– Жел дегениң кандай?!

– Жел эмес кара бороон экенсиң!— деди Куйручук андан тилин тартпай.

– Кара бороон дегениң эмнең?

Куйручук Казынын каны ичине тартып, кумсарганына жини келди.

– Кара бороон дегеним бул таксыр: ушу берекелүү Ат-Башыдан бир чычкак улак таба албай, үйүнө конгон кедейдин атын сойдуруп жегенден кийин, мырза

сени кара бороон гана эмес, эгинди дүмбүл кезинде кара ниеттик кылып кыйратып кеткен «добул», же карасанатай доңуз дээр элем! Болуптур, таксыр, сенин так ушул пейлиң бузулуп, алкын ачылганын, жоболондуу жоругунду бүтүн кыргызга жар саламын да, абийриңди айрандай төгөмүн...- Куйручук ордунан ыргып туруп кийинмекчи болот.

Казы чын эле элге-журтка жана өзү теңдүү бай-манаптарга шылдың болоорун биле коёт да, митаамдыгы менен кара күчкө Куйручукка акедей асылат.

– Куке, муну эч кимге оозуңдан чыгара көрбө? Мен сени кантээр экен деп тамаша кылдым эле, тогузга жыгылдым баатыр!

Казы убадасы боюнча сегиз кунаажын топоз, анын эки жагына эки букачар топоз байлатыптыр. Анткени, эгер онунчусун сөзгө жыккан Куйручук ала турган болсо, Казы аны дагы уяткаруу максат менен өч алуу жана басынтуу үчүн атайы бир топозду ашык байлатат.

«Арамзанын куйругу бир тутам» дегендей манаптын арамзалыгын куудул жазгыртпай билет да, ошону өз айылындагы тогуз кедейди чакырып келип кырка байлануу топозду бирден санап аларга бөлүп берип, онунчу топозго келгенде:

– Бул кедейлер алган туура тогуз топоз. Булар адал мал. Ал эми береги ашып калган жалгыз топоз, манаптын ашына союлуучу «доңуз» топоз – деп, байлануу турган топозду агытып мурунга бир чаап үркүтүп жиберет.

Акыркы амалы, ойлогон ою да оңунан чыкпай калганда Казы оңкосунан түшүп сөзгө сынып жыгылыштуу болот да, кийинки айыбы үчүн түндөгү сойдурган аттын ордуна башка ат токутуп Куйручукка мингизет.

## КЕКИРТЕГИМЕН АРЫ ӨТӨЛЕКТЕ

1921-жыл. Жай айлары жарышып өтө берип, күркүрөп күз келген маал болсо керек. Куйручук Жумгалдан Чүйгө келип кыштык буудай камдап, анан Пишпек калаасына жумуштап келип калат. Ал убакта кеңеш өкмөтү жаңыдан тармагын жайып күч алып келаткан кез. Ал кезде Кыргызстан автономиялык область деп аталычу.

Куйручук базарлап бала-бакырасына кийим-кечелик чыт-чыбыр алып жүрсө, бирөө атайы аны издеп келет да «Сени чоңдор чакырып жатат!» дейт. Кукең шашкан бойдон жетип барса, чын эле жетекчилер бир үйдө чогулушуп отурушуптур. Куйручук барар замат отурган жетекчилердин бирөө ага:

– Куке, бүгүн Алматыдан бир чоң келет... Биз ошону тосуп чыгабыз. Сиз да биз менен кошо ошол кадырлуу конокту тосуп чыгыңыз да, анан ыгы келе калганда аны аябай мактап жибериңиз – дейт экен.

Албетте, Кукең жан-дили менен макул болот. Баары алыстан келаткан чоң өкүлдү урматтап жолун утурлап тосуп чыгышат. Бир оокумда тоскондор «келатат... келатат» дешип күбүрөшө калышат. Тосуп чыккандардын кай бирөөнүн өңдөрү саруулап калтырай баштаптыр. Мунун баарын Куйручук байкап турат. Аңгыча, тиги Алматыдан келаткан өкүл келип беркилерге аралаша түшкөндө, аны жөлөп-таяп аттан түшүрүп алышат. Бул өкүлдү тоскондор казганактап кырка катар тура калышканда, тиги келген жетекчи булардын баары менен тегиз учурашып келатып, ортороок ченде турган Куйручукка келгендед аны бир аз тиктеп калат да, анан жанындагылардан:

– Бу төө чепкенчен ким деген болот? – деп сураптыр.

Анда Куйручуктун жанында турган бирөө шашып мындай дейт:

– Бул киши атактуу эл куудулу, кара кылды как жарган калыс, казак-кыргызга белгилүү чечен Куйручук деген ушул! – дегенде, тиги өкүл бир аз ойлоно калат экен да, анан ал Кукеңе теке маңдай жакын келип:

– Дурус... дурус... Сизге мен үч суроо берейин, ошого дароо жооп бериңиз! – дейт экен.

Анын берер суроосу кандай экенин угалекте, Кукең а кишиге:

– Ардактуу мейман, сиздин мага берер үч соболуңуз кекиртегимден ары өтүп кетелекте менин сизге берер жалгыз соболум бар эле, ошону суроого уруксат бериңиз? – дегенде, тигил өкүл:

– А, жарайт, жарайт, кана соболуңду берип көрчү? – дептир.

– Кеңеш өкмөтүнүн сиздей чоң кызматкерлери: кичи пейил, сылык, сыпаа, жөнөкой, илгерки мансаптагылардай эмес, бой көтөргөндү билбейт деп уктук эле... Сиз келет деген кабар тийгенде, береги турган биздин чоңдор сизге арнап, үй көтөрүштү, жан алакетке түшүп бүлүнүп калышты. Эмне болор экенбиз дешип көздөрү алайып турушат. Алкымдарынан аш арандан зорго өтүп калды. Көрдүңүзбү кебетелерин, алты ай сыркоологон кишидей өңдөрү купкуу... Бизди кызматтан түшүрүп кетпегей эле дешип, сизге күлүк ат, үстүнө суу койсо төгүлгүс жорго, тутам-тутам акча камдашты. Кеңеш өкмөтү кошоматчыны жек көрөт, пара албайт дечү эле. Булардын бу кылыктары азыркы заманга ылайык келер бекен? Сизден сурар менин жалгыз соболум ушул, сиз ушуга жооп кайтарсаңыз, анан мен сиздин үч соболго жооп берер элем – дейт Куйручук.

Муну укканда Алматыдан атайы текшергени келген өкүл чоочуп кетет да:

– Ой, аксакал, сиз менин үч соболума жооп бербей эле коюнуз... Мен эч кандай шаан-шөкөттү каалабаган кишимин. Кошомат кылуу, пара берүү, пара

алуу наадандык. Андай адаттар эски заманада болгон. Кеңеш өкмөтүнүн доорунда ошондойлор менен күрөшүш керек... Мен мейманканага жатам. Кыргыз калкына көмөктөшүүгө келдим. Мен эч кимди текшербейм. Ардактуу Куке, сиз жумушумду бүтүрүп кайтканча мага акыл-насаат айтып мени менен бирге болуңуз, – дейт экен өкүл.

Мына ошол окуядан кийин Пишпектеги кызматчылар жогор жактан өкүл келет деген кабар болгондо, мурдагыдай коркуп-үркүшпөй, бүлүнбөй, жөн гана сыйлап тосуп алышып, жөнөкөй гана кызмат жүзүндө маданияттуулук менен узатып жүрүшөт. Ошентип жогортодон чоң кызматчылар жумуштап келатканда, жергиликтүү кызматчылар ыгы жок эле ага кошомат кылышып, бүлүнүп калышканда, кайран Кукең, ыгын келтирип туруп, сылык гана, обу жок кошоматчыларды, коркокторду, жогортон келген төрөчүлдөрдү, паракорлорду серпип таштаган экен.

## АК КУЛАК, КАРА КУЛАК

Көп күндөрдөн бери ар ким «Баарыбыз биригип колхоз болот экенбиз. Мындан ары жеке чарба жок болот экен» десе, кай бирлери «жок, андай эмес, кара таман кедейлер, батрактар, кул менен күңдөр биригишип колхоз болот имиш... Баарыбыз тең биргелешкенде кедейлерге байлар да кошулуп кетпейби? Ал натуура...» Акыры колхоз уюшары жөнүндөгү угулган «дейт», «имиш» деген каңшар чын болуп чыкты. «Эртең күн чыккандан калбай баарыңар аткомго келгиле» деген буйрукту айыл аткомдун чабармандары таратышкан. Эртеси күн чыга айыл аткомдун кеңсаларына ой-тоодон эркектер, катын-калач, бала-бакыра дебей чубап келип жатышты. Ошо жерге эл катары Куйручук да келди. Калдайган калың калайык уй мүйүз тартып тегерете оту-

рушканда, айыл аткомдун төрагасы ортого чыгып, атайы жиберилген өкүлгө сөз берди. Ал, колхоз деген эмне? Анын элге кандай пайдасы барын жана колхозго кимдер мүчө болуп келүүгө акылуу экенин түшүндүрдү. Жаңы уюшула турган колхоз жөнүндө өкүлдүн баяндамасын угушкандан кийин, ар ким ага түшүнбөгөн соболдорун беришип, көпчүлүк ого бетер толкушуп, үстөкө-босток суроону жамгырдай жаадырышты.

Качан гана толук түшүнгөн соң, баары өз ыраазычылыктары менен колхоздошууга макул болушуп, жабыла кол көтөрүштү. Куйручук унчукпай күлүмсүрөп ар кимдин сөзүн тыңшап, кедей-дыйкандардын баш кошуп артель болушканына жан-алы калбай кубанды.

Жаңы уюшулган колхозго мүчө болуп кирүүгө макул болушкан кара-таман кедей-дыйкандар, батрактар, кул менен күңдөр биринин артынан бири бака-шака түшүшүп тизмеге катталып жатышты. Алардын кабактары ачык. Көңүлдөрү шат. Чырчатак баштаган бир да киши болгон жок. Айыл аткомдун төрагасы көпчүлүктүн ортосуна чыкты да:

– Колхозго мүчө болбой калган дагы ким бар? Кедей баласы бүт кирүүгө тийиш? – деп сурады.

– Баарыбыз жапырт кирдик.

– Эч ким калган жок.

– Колхоздон ким качсын.

– Келбей калган дыйкандар кийин киришер – дешип кедей-дыйкандар чуулдашты. Аңгыча, тиги унчукпай олтурган Куйручукту бир кедей жалт карап алды да, анан айыл аткомдун төрагасына кайрылды.

– Жолдош төр ага! Бу, Кукем эмнеге колхозго мүчө болуп кирген жок?

– Ооба, ооба, баса, Куке сиз неге колхозго кирбейсиз?

– Кукемди алыш керек.

– Алалы, алалы.

– О, ботом Куйручукту колхозго албайт деген эмне?

– Кана, айтыңыз. эмне унчукпайсыз?

Анда Кукең ордунан туруп:

– Ой, айланайын айылатком! Бизди колхоздоштурууга келген кишиге менин эки соболум бар эле! – деди.

– А... сураңыз, сураңыз! Кандай?

– Бу колхоз дегенге «ак кулак», «кара кулак» экөө тең алына береби?

Эл жапырт күлдү. Жаңкы келген адам анын суроосуна түшүнбөй аң-таң калып:

– Аксакал, «ак кулак», «кара кулак» дегениңиз кандай? Мен бала болуп башыма жүн чыкканы мындай сөздү угалек элем? – деп сурады.

– Анын жайын мен түшүндүрөйүн. Мага сөз бергилечи? -деди Куйручук.

– А, макул, түшүндүрүңүз.

Анда Кукең сакалын сылап күлүмсүрөп туруп мындай деди:

– Балдар, кедей-кембагалдын баш кошуп, эки бакыр, бир тукур болуп оокат кылмак болгонуна мен кантип кубанбайын... Балам, «колхозго бай-манаптар алынбайт дейт», туурабы?

– Ооба.

– Эгер андай болсо, «ак кулак» дегеним – сен айткан бай-манаптар. «Кара кулак» дегеним – мынабу эзилген кара таман кедейлер. Анда, эмне үчүн тиги байдын баласы, мына береки манаптын уулу кой терисин жамынып колхозго кирип алышат? Ак кулактар кирсин, же кара кулактар кирели? Ак сөөктөр менен эми мен акыйлашып жүрө албайм... – деди Куйручук.

– Анын сөзүн кубаттагандай көпчүлүк дуу күлүп жиберишти. Кой терисин жамынып колхозго тымызын кирүүгө аракет кылган бир топ бай-манаптардын тукумун кедейлер өз араларынан сүрүп чыгарышты.

## ТЕГИРМЕНЧИ

Бул окуя 1930-жылдары болсо керек. Күн күркүрөгөндө жер жарылып, көйкөлгөн көк шибер чыгып, малдын желини жарылып сүт чыккан маал экен. Кедей-дыйкандар биригишип колхоздошуп, кош айдоо өнөктүгүн бүтүшкөн. Жан-жаныбарлардын баары жапырт өз тиричилиги менен алек. Берекелүү Чүй өрөөнүндө, Узун-Кыр деген жерде Өмүр деген киши өзүнчө тегирмен жасап алып, тегирменге ун, талкан, шак тарттырганы келгендерден каланы арбын алат. Ал каладан түшкөн эгинди базарга сатып, биринбирге урунуштуруп малдуу болот. Башта жалгыз кара алачыгынан башка эч нерсеси жок кедей эми үч боз үйлүү, жоон топ койлуу, уйлуу, жылкылуу болот. Дөөлөттүү болуп байып бараткан неме эч кимге кайрылышпайт. А түгүл колхозго кирүүнү да ойлоп койбоптур.

Ага боор оруп ар ким: «колхозго кирип биз менен чогуу оокат кыл» десе, «о-ой, менин силер менен тытышып жүргөндөй алым жок... силер өз күнүңөрдү көргүлө» деп, ал киши ак санап акыл айткандардын кебин укпай асман айдай түйүлөт.

Акыл-насаат айткандарды мыскылдап корс-корс күлөт. Базар сайын эчен пуд эгиндерди шаарга сатып акчага койну толот.

Куйручук бир күнү ошол айылга келип Төлөш деген замандаш курбусуна жолугат. Ал баягы Өмүрдүн тегирменин колхоздукубу? – деп сурайт.

– Жок, ушунда бирөө илгери кедей эле... бир топ жылдан бери тегирмен жасап алды да, андан түшкөн пайда менен байып кетти. Тиги жайылып жаткан мал, ак үйлөр да ошонуку. Бизчилеп колхозго кирип бейкут сонун заманда оокат кыл десек, бекер пайданын кынуусун алган кер аяк неме экен, таптакыр болбоду...

Куйручук унчукпай атын токуп минип бир сайга барат да, чоң ак куржунунун эки көзүнө толтура кумдан салып кайра Төлөшкө келет.

– Ой, Төлөш, ошол тегирменчиге мени ээрчитип барчы. Мына бул артынган буудайды бала-чакама ун тарттырып алайын – дептир.

Төлөш карыя Куудулдун аркы беркисин терип-тепчип сураштырып отурбай Куйручукту тегирменчиникин көздөй ээрчитип жөнөйт. Булар баратышса жолдон айыл аткомунун төр агасы кезигип ал да бирге бастырат. Тегирменчи кара сакал, дагдайган кара киши экен. Ал мурда Куйручукту көрбөптүр.

Ой, «бай» сага учурашканы Куйручук келди, – дешиптир жанындагылар тегирменчиге.

Өмүр мейманды көргөндө бир чети Куудул сөзгө жыгып, элге шылдың кылып кетпесин деп, бир чети атактуу Куйручук менин байлыгымлы көрүп мактаар деген ойго келет да, Куудулду урматтап «түшүп, түштөнүп кетиңиз?» дейт.

– Э. Өмүр, кой-эчкин төлдөп үйүңө батпай кетиптир. Өрүшүндө жайылып бодо малың жатат. Үйгө думугуп отурбай тегирменди карап мына мындай көк шиберге эле отурсак кантет? – дептир Куйручук.

Тегирменчи көк шиберге шырдакты, көлдөлөңдү жайдырып меймандарды отургузат. Дасторкон жайып чай берет. Куудулдун атындагы куржунду көрөт да «менден эгин сурап келген тура» деген ойго кетет.

– О, Куке, атыңдын бели талыды, тиги куржунду түшүрүп койсок кантет? – деди тегирменчи.

Анда Куйручук ага сыр билгизбей:

– Эй, тегирменчи кара сакал, кебетеңе караганда сен «кайырдуу» киши көрүнөсүң... Мага жакшылык кылып ушул куржунумдагы эгинимди тегирмениңе тарттырып берсең эле болду.

– Ой, Куке, сенден кантип кала алайын... Тегирменчи карбаластап, Куйручуктун атындагы куржунду эки-үч кишилеп тегирменге көтөрүп араң

жеткиришет. Көңүлү жай, дымагы чак тегирменчи, эми Куйручук мени булардын көзүнчө мактайт го дегендей ойго келип турат. Аңгыча болбой жанагы куржунду тегирменге көтөрүп кеткендердин бирөө кайра шашып тегирменчиге келет да:

– Тегирменчи аке, бу кишинин куржунундагы буудай эмес эле, кум экен!.. Кумду тегирменге кантип тартып беребиз? – деди.

– Койчу?!

– О, кудай урсун... Ишенбесеңиз өзүңүз деле барып көрүңүз!

– Мына, шумдук!.. – деп, тегирменчи аң-таң калат.

– Эй, тегирменчи, жанакы менин буудайымды тарттырып бүткөн бекен?— деп сураптыр Куйручук тигинден.

– Эй, айланайын Куке, калп айтсам кара башымды жейин, сенин куржунуңдагы буудайың кум болуп «кубулуп» калыптыр.

– Эмне дейт?! – дешип ал жердегилер да аң-таң калышып бирин-бири тиктешет.

– О, жакшылык көрбөйүн, чын, – деп тегирменчи карганат.

– Э, кара сакал тегирменчи, менин буудайымды «кубултуп» кум кылып коюп, ошондон да пайда тапкың бар го? А, мунун колхозго кирбей качып жүргөнү ушу тура. Эй, ушул жыргалдуу заманда эл катары жыргап оокат кылбай сүткорлук кылып, мендейлердин буудайын, «сыйкырдаган» бул анык пейли бузуктун бири турбайбы? Кокуй, айланайындар жүргүлө, аттанып кетпесек бул кара сакал амал менен минген атыбызды «сыйкырлап» эшек кылып «кубултуп», өзүбүздү сүткор тегирменчи кылат да, анан колхозчу болбой калабыз. Адам эй, Төлөш, мунун кебете-кешпирин карасаң... Бул илгерки жомоктордо айтылып жүрчү «сыйкырдуу» кара сакалдын так өзү тура! Кокуй мындан оолак бололу, мунун

сааты жугуп биздин сакалыбызды «көз боочулугу» менен «күрөң сакалчан» тегирменчи кылат. Бул журттан чыккан неме турбайбы?

Ошол жердегилердин баары кыраан-катκы күлүп калышат. Куудул атына минип кетмек болот.

– Ой, «сыйкырдуу» пейли тар-кара сакал, буудайыма ыраазымын, эт жебесем таш жейин... деги куржунумду бер, кетейин?

Тегирменчи бир кызарып, бир бозоруп ыза болот. Ал эмне дээрин билбей калтаарып шашып калат.

– Айланайын Куке, мени эми эмне кыл дейсиң? – деп сурайт тегирменчи жалбарып.

Анда Куйручук аны тиктеп туруп мындай дептир:

– Сен пейлиңди оңдоп, эл катары колхозго кирбесең «каарга каласың да, бир күнү болбосо бир күнү тегирмен-мемиргениң менен суугa агып өлөсүң... «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген ата-бабанын айтканы бар!

Мындан башка бир ооз бирдеме дебей, Куудул кумду төгүп таштап, куржунун бөктөрүнүп алып, тегирменчи жалынып-жалбарса да болбой кете берет. Элден-журттан безип, өзүнчө жеке чарба күтүп оокат кылууну көздөп жүргөн чолок ойлуу Өмүр эсине келип, эртеси арызданып жыйган-тергенин ортого өткөрүп колхозго мүчө болуп өтүптүр.

## АЧКАН ОРОО КӨЗДӨНБӨЙ...

Өзүнүн эпчилдиги менен оңой оокат кылуунун кыныгын алып ар кимди жалдап эгин эктирип, ар кайсы жерге ороо казып, кышты-кыштата буудайын, арпасын көөмп таштап, качан гана апрель, май айларында — эгин кымбаттаган кезде, ородогу эгинин ачып, базарга кымбатка саткан кызыл кулак Карынбай деген болуптур.

Ал «Мен бак-таалайды базардан эле таап алам» деп көөдөнүн көтөрүп ар кимге мактануучу. Балдары «окуйлу» дешсе, ой, силер окуганда эмне, «чоң»

болмок белеңер... андан көрө силерди кудай урбаса, базарды колго алгыла! Ырыскы-кешик, бак-таалай базарда! – дечү ал балдарына.

Айылдагы кедей-дыйкандардын баары жапырт колхозго өтүшкөндө, узун кырдагы узун бойлуу кашкабаш, коңкогой мурун, чуңкул көз Карынбай: «силер эле бириктешип күн көрө бергиле... Менин бак-таалайым базарда» деп жүрө берген. Тегирменчиден кийин Кукең, Төлөш — экөө келатып, жеке чарбанын кызыгына батып, базардан байып жан багууну көксөгөн Карымбайдын короосуна бара калса, анын үйүнүн тегерегинде түк чолоо жок, ачылган ороо... Баягы көп ороолорду көрүп Куйручук чыны менен эле аң-таң калат. «Бул ороону эмне мынча казышкан?» деп, ал жанындагы Төлөш курдашынан сураса, ал; «Э, Куке, мына бул үйдүн ээси күзүндө эгинди аябай басып алат да жазга жуук сатат...» дептир. Куудул «Ии» дейт да жөн болот. Короонун жанынан өтүп баратканда үйдөн көйнөк-дамбалчан, башы жалтыраган, бою шырыктай узун кара сур киши чыгып:

– О, бу ким болот? – деп ал Төлөштөн сурайт.

Төлөш ага:

– Таанычу эмес белең, бул кадимки айтылуу эл куудулу Куйручук деген ушул – дейт.

Узун бойлуу Карымбай селдейип туруп, анан ичинен өзүнчө мындай ойго кетет: «Куйручуктай атактуу адам атайы менден буудай сурап келген го, мындан ары мени мактай жүрөр, буга бир кап буудай берип узатайын»... Ал сыпайкерчилик кылып айылына келген мейманды үйүнө түшүрмөк болот.

– Кукемдин келгени ырас болгон тура. Үйгө түшүп даам ооз тийгиле. Атайы арзып Жумгалдан келген экен, мен куру узатпасмын, түшкүлө!..

– Ой балдар, ат алгыла!

Ошол учурда Куудулду көрөбүз деп айылдагылар келишет. Куйручук атынан түшпөй, камчысы менен ээрдин кашын каккылап унчукпай коёт.

– О, түшпөйсүңбү Куке? – деп сураптыр Төлөш. Куйручук узун бойлуу Карымбайды тикирейе карап мындай дейт:

– Э, Төлөш аксакал! Ушул жыргалдуу заман келип, кой үстүнө торгой жумурткалап, эл колхоздошуп жыргап- куунап жүрсө, мына береги ачкан ороо көздөнгөн немең, «базардан бак-таалай таап алам» деп кара жанын карч уруп жүрүп, башы жыдып түшүп, үйлөгөн табарсык баштанып калган төбөңдөн ургур көрүнөт... Ак төөнүн карды жарылып арзанчылык болуп, берекеге калайык баткан кезде бул шум өз ырысын өзү кыркып каатчылыкты тилеген пейли тар неме экен... Кой Төлөш, иттен кетели!

Карымбайдын мүнөзүн, кебете-кешпирин Куйручук таамай сүрөттөп айтканда ошол жерде тургандар жапырт дуу күлүп калышат. Карымбай бир бозоруп, бир кызарып катуу уялат да, анан Куйручукка кол куушуруп «үйүмө түшүп тамак-аш ичип кетиңиз?» деп жалдырайт.

Куйручук аттан түшүп, анын үйүнө кирип мейман болуп отурганда, Карымбай далбактап, аркы-беркиден кеп уруп отуруп, анан Куйручукка:

– Куке, куттуу үйүмөн куруу чыгарбайм. Бир кап ун ала кет. Бирок, менин өңү-жүзүмдү элге жайбагын. Уккандар мени шылдыңдашып күлүшпөсүн...? – дейт.

– Эй, Карымбай, базардан бак-таалай таап алган адамзаат бар деп, деле ушунча жашка келгени уга элек элем... Буудайыңа, унуңа мен ыраазымын... Өзүң ачкан ороо көздөнбөй, өлүү болсоң да, тирүү болсоң да калк менен чогуу болсоң боло!..

– Эми канет дейсиң кагылайын Куке? – деп сураптыр узун кырдын узун бойлуу Карымбайы.

Анда Куйручук борс-борс күлүп, күмүштөй жалтыраган сакалын сылап туруп ага мындай дейт:

– Ой, Төлөш, бул кудай урганын деле сөзгө түшүнөр эмес... Буудай сатам деп жүрүп мунуң мурдунан

ажырайт...Ха-ха-ха-ха! Соодагерчиликке кызыккандын түбү оң болчу эмес эле, муну ушунчасында эртелеп эл арасына кошуп койчу. Илгерки бай-манаптар эми кедей тобуна кошулуша албай, күнү караң калып жүрүшсө, бул төбөңдөн ургур «байыган» жүрсө керек. Буудай сатам деп жүрүп мурутунан ажырап элге-журтка шүмшүк болот...

Төлөш карыя азыр жүз беште. Ал Карымбайдын окуясын айтып ушул күнгө дейре күлүп калат.

## САНДАЛЫП КЕТИП БАРАТАМ

«Эр башына иш түшсө, өтүгү менен суу кечет, ат башына иш түшсө, ооздугу менен суу ичет» деп, эл тегининен кайдан айтсын. Анысы кандай, атактуу Куудул жумуштап Кочкорго барып чарбачылыгын бүтөп, эртеси кайра кеткени жатса, аты мүрт өлүп жөө калат. Ал убакта Жумгал өрөөнүн көздөй машина каттай элек кез...

Ошентип, Кукең атынан айрылгандан кийин ээр токумун аманат бирөөнүкүнө таштап, эки этегин кайра кыстарып, колуна таяк алып жолго чыгат. Кочкордун аркыраган кара шамалы ыжылдап бет алдынан согот... Жолдон аны тааныган бир да киши кезикпейт. Куудул күдүңдөп жүрүп эле олтурат. Улам күн кечтейт, анын үстүнө өзү чаалыгат. Шайы ооп келаткан неменин көзүнө жол боюнан бир үй көрүнгөндө «биздин эл мейман дос эл эмеспи, коно кетейин» деген ой менен Куудул анда шып кирип барса үч киши бар экен. Алар тиги келген мейманга назар салышпай өздөрүнчө «ү- ү ... ү-ү-.- Ку-у- Ку-у» дешип бири-бирин тиктеп, мекирене калышат да чыныга мел-калт арактан куюп алышып «ушу ит ичкирди шимирип жибереличи, ыя? Кана, тоо-таш үчүн, көк буканын ден соолугу үчүн кеттик... Кеттик!» дешип мурундарын чүйрө тартып жиберишип, тебетейлерин жыттап калышат.

Куйручук былк этпей босогого жөлөнүп, тигилердин жоруктарын көрүп кызыкка батып отура бериптир. Аңгыча, эшиктен бир аял шып кирип, ал да Куйручукка көңүл бөлбөй тигилердин жанына ойкуштап отура калып, анысы да жутуп кирет. Бир оокумда баягылар бөтөлкөнүн түбүндө калганын шыпкап бүтүрүшөт. Экөөнүн башы таз экен. Араң тилдери күрмөөгө келген эки таз; «сен таз., сен таз...» дешип текөөрлөшүп туруп мушташа кетишет. Бирөөнүн үйлөгөн табарсыктай тасырайган башынан кан жая бергенде, беркисинин бир көзү муштумдай болуп томуя түшөт. Үй ээси аларды араң арачалап, алдап-соолап атказып жиберип, үйгө кирер менен өзү да аяк серппей сулайт.

Куйручук унчукпай карап отурса аял жатканы жатып: «ой абышка, коюң кетти камышка... сага чай берер менде шай жок, биздин ушинтип калмайыбыз бар... Аркы чайнекте кайнак суу бар, тигине нан!» дейт да ал дагы аяк серппей кулаптыр.

Кукең айласыздан күңгүрөнүп тим болот да, ысык сууга нандан туурап жеп эптеп жатып алат. Жөө чарчаган неме жерге башы тиери менен тарс эле уктап калат. Эртең менен ойгонсо үй ээси жок. Аялы да көрүнбөптүр. Чыгдандын ичин ачса койдун бир саны ала баканда илинүү турган экен, аны Кукең чепкенинин ичинен байланып алат да жолго чыгат. Бир кыйла жерге барганда алдынан түндө үйүнө түнөгөн жигит жолугат.

– Кетип баратасыңбы абышка?

– Ооба балам, сандалып кетип баратам, – дейт да Куйручук өтө берет.

Андан дагы арыраак баса түшкөнүндө түндө мушташкан эки кара сакал киши жолугат.

– Ой чал! Кайдан келатасың? – деп сурайт, көгала болгон бирөө.

Анда Куйручук:

– Кочкордон!

– Эмне көрдүң... Эмне уктуң? — деп сураптыр башы айрылганы.

Кукең аларды күлүмсүрөп тиктеп туруп:

– Кочкордун базары кадимкисиндей ордунда эле экен аны көрдүм... Мас болуп алышып эки таз түндө дүкөнчүнүн үйүндө сүзүшө кетишкенде, бирөөнүн көзү томпоюп, биринин башынан кан жаая бергенин көрдүм, – дегенде, тиги экөө «соо чал эмеско?» Куйручукка ачууланып чапкан бойдон кетип калышат.

Кукең кыбыңдап жол арбытып бир кыйла жерге барганда, артынан кыйкырык чыкканынан кылчайып караса, баягы дүкөнчү жигит чаап келатат. Ал Куйручукка жете келип:

– Ой, чал, ала баканда илинүү турган этти алып кеткениң эмнең? – деп олунат.

Кукең сакалын салаасы менен тарап, аны акырая карап:

– Сен кандай чунак жигитсиң? Жана жолдон жолукканда мен сандалып кетип баратам деп айтпадым беле? – дейт.

Тиги жигит аны тиктеп бир пас унчукпай туруп, анан:

– Сиз ким болосуз? – деп сурайт.

– Мен Куйручук деген болом.

Жигит аттан секирип түшүп, Кукенден кечирим сурап, болбой жатып кайра үйүнө ээрчитип барат. Баягы эки киши түз эле дүкөнчүнүкүнө барышкан экен. Алар дүкөнчүнү көргөндө:

– Бол, батыраак дүкөндү ачып бөдөнөнүн сүтүнөн бизге жуткуз? Башты жазып «ремонттоп» алалы да, анан бу чал менен сүйлөшөлү... – дешип күпүлдөшөт.

Дүкөнчү жигит Куйручукту урматтап үйүнө киргизип, анан ким экенин тиги экөөнө айтканы баратканда:

– А, кандай кудай урган абышка эле, жүрөк күйгөндө ысылыкка жээр санды алып кеткен?..Анын жазасын бериш керек.Ой, баш өзүбүздүкү эмес...

дүкөндү ач! – деп экөө жарыша бакылдашканын үйдөгү Кукеңдин кулагы чалат.

Дүкөнчү жигит аларга Куйручук экенин айтканда, тигилер баштарын мыкчып бөтөлкөдөн көзү өткөн экөө чочуп селдейе түшүшөт... Булар үйгө кирип Куйручукка салам беришип учурашат.

– Куке «таанымбасты сыйлабас» деген ушул. Сизге уят болдук.

– Айып көрбөңүз?

– Аш ичкенде да абийир менен ичкен жакшы балдар. Силердин башыңар мурда эле соо баш эмес экен... Ого бетер таз жорудай болду... Ошентип, бирөөндүн көзүң чириген картошкага окшоп көгөрүп турат. Арак бузган башыңарды оңдойбуз деп убара болуп, ушинтип кара жаныңарды кыйнап жүргөндөн көрө, колхозго мыктап иштесеңер боло. Тигине этиңер. Мен сандалып кетип баратам дебедим беле? Анык ууру мендей болчу беле?..

## ТОКСОН ТОГУЗ БОЛСО, ЖЕ ЖҮЗ БИР БОЛСО АЛБАЙМ

Ала шалбырт болуп калган кез... Колго багылган бодо мал жем-чөптүн кемчилигинен кендири кесилип, эски тамдарда, таш короолордо тиштерин кычыратып камалуу. «Т» колхозунун уюшулганына эки-үч эле жыл болгон эле. Жаңы өмүр сүрө баштаган артелдин ой-тоодогу жылкысын, уюн, коюн жаз чыгардын алдындагы жут түп көтөрө жутуп коё жаздаган.

Өзүмдүк мал семиз. Короодон чыкса эле элирип оюн салышат. Айыл активдери артелдин аттарынын улам семиздерин тандап минип чапкылап жүрүшөт. Сарайда жем-чөп эмес, саман да кеңири эмес. Колдорунда өзүмдүк малдары барлардын үйлөрүнүн үстүндө, сарайларында бооланyу беделер үйүлүп турганын көрөсүң...

Куйручук Жумгалдан сары өзөн Чүй боорундагы эскиче «Тата» деген элдеги тааныштарына жумуштап келе калган. Сельсоветтин төрагасы Казакун анын жакшы санаалашы. Ал Куйручукту кастарлап тосуп алды. Атактуу Куудулдун айылга келгенин угушуп артелдин активдери «тамаша угабыз!» дешип чогулушту. Куйручук аларга өз башынан өткөн укмуштай сонун далай кызыктарын айтып берип, көксөгөндөрдүн көзүнөн жаш чыкканча, ээктери шалкылдап калганча күлдүрөт... Куудул нускалуу сөздөрүнөн кеп салып, аларга акыл-насаатын айтат. Ар кимиси аны сыйлап чакырып мыктап конок кылышты. Куйручук ар кимисин торко электен өткөрүп сынайт.

Базар күнү ошо жердегилердин бир тобу өз беделеринен арабага аябай басып алышып шаарга келип сатышып, керектүүлөрүн алышат. Кай бирлери минген атынын тыягына бир түшүп, биягына бир түшүп, оолжуп кырк жылкыны айдашып, кыйкырган бойдон кечке маал үйлөрүнө келишкенин Куйручук көрөт.

Так ошол күнү кечинде «Т» колхозунун башкармасы Куудулду үйүнө конокко чакырат. Ал өзү жалгыз кайдан барсын, Казакун досун жанына ээрчитип ала бармак болот. Башкарманыкына бараткандa Куйручук досу менен колхоздун ар кайсы жайдагы малын көрөт, мал баккан кишилер менен маектешип, тамаша сөздөрүнөн кеп уруп берип алардын көөнүн көтөрөт. Ошентип кыдырып малды көрүп жүргөндө, бир жерден көтөрүм болуп жаңы эле өлгөн кызыл уйга анын көзү чалдыгат. Кукең жанындагыларга «Силер бастыра тургулачы!» дейт да, тигилер кеткенде өлгөн уйдун мүйүзүн таш менен сындыра чаап, чепкенинин ичиндеги куруна көрсөтпөй кыстарып коюп, желдирип жолдошторуна жете барды. Башкарманыкына кечке жуук барып түшүп калышты.

Үйдүн ичи толтура активдер... Дасторкон жайылуу, боорсок, ар түрдүү таттуу даам жайнайт.

Активдер азоолок ичимдиктен жутушуп, жумурларынын башы ысып тамаша уккулары келип делебелери козголгондо «Куке, бирдеме айтып биздин черибизди жазып, мээбизди сергит» дешип асыла башташат. Кукең акырын белине кыстарып койгон уйдун мүйүзүн койнунан алат да дасторконго коёт. Аны көргөндө башкармасы баш болуп активдер дуу күлүп калышты. Чай берип отурган аял – башкарманын зайыбы кыраакырак киши экен «а... бул мүйүздү Куудул акем жөн эле ала келген жок» деп шекшийт. Кырка отурушкандарга Куудул көз чаптырып тегерете бир сыйра карап аларга:

– Балдар, менин силерге бир соболум бар? – деди.

– Сураңыз Куке?

– Кандай собол болду экен?

– О, бу мүйүздө бир кеп бар.

– Ой, чуулдабай сөз уккула!

Баары Куйручукту тиктешип жымжырт боло түшүшөт.

– Мына бул мүйүз эмненики экенин тааныйсыңарбы?

– Ооба. Кантип тааныбайлы, Куке!

– Уйдун мүйүзү го.

– Эмесе ушул мүйүзгө чөп керек эле.

– Ха-ха-ха-ха!

– Ха-ха-ха-ха! Берели Куке, берели.

–Кантип сизден чөп аяйлы.

Кукең мындай деди:

– Анда, береги отурганыңар жүз боодон беде бересиңер. Эгер сараңдык кылып бербесеңер, силер жөнүндө эл эрикпей күлүп айта жүрүшкөндөй шылдың кылып кетем...

– О, Куке макул.

– Макул берели.

– Айтып коёюн, токсон тогуз болсо, же жүз бир болсо да аны албайм.

– Ал эмнеңиз?

– Мен оозуман чыкканды гана алам деген антым бар.

– Жарайт.

– О, Куке, бедени кайда жыйнайбыз?

Кукең бир пас ойлоно түшүп:

– Эртең күн чыга береги жердеги калхоздун уйлары, жылкылары багылган эски короого түшүргүлө... Өзүм тактап өткөзүп алам.

– Болду, болду Куке.

Куйручук чогулгандарга жомок катарында ар түрдүү кызык окуяларынан баштап берип, алардын «а» дегенге алын келтирбей боорлорун эзип күлдүрдү... Күлө беришип жедеп суй жыгылышканда үй ээси тамак бердирет. Табактагылар Куйручукту «алыстан келген мейман» дешип башты алдырышты. Кукең башты колуна алат да аны ары тегеретип, бери тегеретип, бир маалда баштан көзүн айырбай тикирейип тиктеп калганда, анын кебетесин байкап отургандар каткырып калышат.

– Э, Куке, баш сизге бирдеме деп шыбырап жатабы? – деп башкарма Куйручуктан тамашалап сурап калды.

...«Мен колхоздун кою элем, өздөрүнүн менчик кою турса мени союп койду. Прокурор менен соттун кулагына шыбырап кете көр, Куке?»-деп жатат дейт Куудул. Куйручук сыр билгизбей жылма гана жанытып айтса, беркилер «бизди тамаша кылып кууланып айтып жатат» дешип каткырып калышат. Тамак жеп бүтүшүп тамашага моокумдары канганда баары жай-жайларына таралышты.

Ошентип, эртең, убадалашкан кезде Куйручук Казакун досун ээрчитип, анын да туура жүз боо бедесин кошо алдырта келип, «Т» колхозунун эски уй короосунун жанына түшүртөт. Аңгыча, тыяктан да, быяктан да арабаларга басып беделерди алып келишет. Куйручук айткан убадасы боюнча жүз боодон кем да, ашык да албайт... «Бу бедени эмне кылганы

жатат? Же базарга саттырганы жатабы?» дешип башкарма баш болуп ошо жерге баары келишти.

– Балдар, мени сыйлап ушунча боо беде бергениңерге мен ыраазымын. Эми мени ээрчип артыман жүргүлө, мен силерге кетеримде кичине тамаша көрсөтүп берейин – дейт да, Куудул тигилерди ээрчитип, эски жаман короодо камалып чирик жеп, ичтери кабышкан өлөсөлүү арык уйларга келет. – Силер, буларды эмне мынча «семиз» баккансыңар?.. «Семиздигинен» береги уйчулар буларды көчүгүнөн жөлөп, кулагынан тартып тургузуп калышыптыр... Атаны жаныбарлар ай! Чоң семирген экен, каркайып мүйүздөрү, оркоюп сөөктөрү эле калыптыр. Жылкы болсо го кырчангы жоор... Бул эмнеңер? Жайлата атка минип чапкылап жүрбөй, ушуларга жем, чөп камдап койсоңор боло? Өз малыңардын жем, чөбү үйүлүп турат, артканын сатып арак ичип жүрөсүңөр. Колхоздун малы аңкыйып, үстү ачык каңгыраган короодо турганы кандай? Силердин жолуңар болсун. Ой, уйчу, жылкычы жигиттер, мага чөптүн кереги эмне? Мен муну Жумгалга артына кетмек белем. Бул бедени алгыла да колхоздун арык малына бергиле! «Бакпаса мал өлөт, карабаса катын кетет!» дешчү эмес беле!..

Кукеңдин жүйөлүү сөзүнө башкарма да жана активдер да жыгылышып, аябай уят болушкан экен.

## КАНДАЙ ТАШ?

Куйручуктун бир коңшусу бар экен. Ал бала көрбөй жүрүп карганда бир уулдуу болот. Бул киши жалгызынын көзүнө карап аны эрки менен ээнжайкын коё берип тентек өстүрүптүр. Ага ар ким эчен жолу эскертип айтса да, уулун «кой» дегендин ордуна кайра баласына болушат. Бул бала тестиер болгондо айылдагылардын музоосунун куйругун

толгоп минип, анысы аз келгенсип козу-улакты да кыйнап жүнүн жула берчү болду.

Айылдагылар бул баланын тентектигинен аябай жадашат. Ал мектепке да барып окубай коёт. Анын ойногону чүкө. А түгүл ал карта ойногонду да үйрөнүп, бөлөк балдарды да жөн окутпай азгырат...

Ошол бала он бир, он экиге чыкканда чачын койдурду... Колуна саат тагынды. Чөнтөгүндө ата-энесинен алган акча да көп... Атасы менен кошо жоро берген үйгө барып жоро ичет. Кечке маал үйүнө келет да, атасына жасатып алган жаа менен айылдагы иттерди атат... Ар кимдин үйүнө таш ыргытып терезелерин талкалап буй кылат.

Бир күнү Куйручук атайы районго барып терезелерине айнек алып келип терезесин айнектетип койсо, аны баякы тентек неме таш ыргытып талкалап таштаптыр. Аны көргөндө Куйручуктун аябай ачуусу келет да, үйүнөн чыгып карап турса, коңшусу жоонтоп киши менен сүйлөшүп короосунда турганын көрөт.

– Ой, карыя! – дейт Куйручук. Ал киши «Куйручук мени конокко чакырганы жаткан экен го!» деген ойго кетет да:

– О Куке, эмне? – деп сураганда, Куйручук ага:

– Бу, жанакы тентек уулуңду короого таш ыргытпай жүр десең боло? – дептир.

Жалгыз уулунун көзүнө карап тентек асыраган карыя кара күчкө билмексен боло:

– Кандай таш? – деп анткорлонгондо, Куйручук:

– «Кандай таш» дейсиңби?! Катуу көк таш... Сен эмне, Кочкор-Атадан ыргыткан таш зуулдаган бойдон Жумгалдагы колхозчулардын терезесине келип тиет деп тургансың го? Балаң тентек болсо сага эки баштуу, төрт көздүү болуп бербейт... Ыгы жок эрке өстүрүп, талтактатпай уулуңду тыйгын да, окут... – дейт Чечен ага.

Куйручуктун бу сөзү баласынын көзүн карап, эрке өстүргөн коңшусуна бир чети катуу тиет, бир

чети ал уулунун натуура тарбияланганына түшүнөт да, ошондон кийии бул тентек асыраган баласын ал киши тезге салган экен.

## ТАМАША

Жайдын толук кези экен. Колхозчулар төрт түлүк малын салкын төргө жайып ташташып сайрандап жатышканда, кыштактан Кукең малчыларга барып калат. Дүркүрөп өскен асыл тукумдуу мал Куудулдун кеңүлүнө толот. Артыкча жүнү кебездей созулган койду… Сүтү кайнар булактай ташыган уйдан саанчылар чака-чака сүт саап алышканын көргөндө Кукең ыраазы болот.

Жайлоодогу малчыларга Кукең ар түрдүү кызык тамашаларынан айтып берип, малчылардын айылын кыдырып жүрдү. Бир күнү бешим ченде ал бир жоон топ келинге нускалуу сөздөрүнөн кеп уруп берип отурса, чыгырык мүйүз, көк бука «Бе-е… бе-е!» алдыңкы буту менен жер чачып, ар кайсы уйду карап мөөрөптүр. Ошондо дөңдө отурган Кукең буканы тиктеп турат да бырс күлүп жиберет. Анын жанында отургандар «Бу эмнеге күлдү?» деп бири-бирин тиктешип калышыптыр. Уй мүйүз тартып отургандардын бирөө:

– Э, Куке, эмнеге минтип бырс күлдүң? – дегенде, Куйручук аларга уй жөнүндө мындай кызыктардан кеп уруп берген экен:

– Илгээри, илгээри, эл жайлоодо эле, кечке жуук эшикке чыксам, келин-кесек уюн саашып жатышыптыр, короодо бир топ уй кепшеп жатат. Ошончо уйдун арасында бир токол күрөң бука бар эле, кепшеп жатат эле, аңгыча ошол бука ордунан турду да, бүткөн боюн жазып керилип-чоюлуп, анан жөткүрүп жибергенинде «Дууңк!» – дей түшкөндө, бука өзү да селт эте түштү, а берки уйлар уккан

жокпу дегенсип эки жагын элеңдеп кайкалаганда, андан эшик төрдөй жерде чаар уй жатты эле, ошол угуп калган экен, уй буканы карап кулагын тикчийте калды да анан «Мө-ө-ө!» деп өкүрүп ордунан тура жүгүрдү. Көрсө, чаар уйдун «мө-ө» дегени «А... өлүгүңдү көрөйүн карган шайтан, ботом бала-бакыранын, келин-кесектин көзүнчө «дуңк» дедире бир койгонуң эмнең?» дегени болсо керек... Чаар үй сүзгөнү качырып бараткандa кылмышкер болгон күрөң бука безеленип качып берди эле, бер жакта саадырып жаткан уйдун баары чакадагы сүттү жыга тебишип «Кармагыла, карма! Тез эле, тез! Сүз эле, сүз!.. О, ботом, ата сакал ээгине бүткөн немени кудай урсачы!...» дешкендей короодогу торпок-тана дебей баары жабыла өкүрүп кууган бойдон жөнөштү... Бир маалда карасак, «тарс» эттирип жел чыгарганынан уялып качкан күрөң буканы айылдагы уй аттуунун баары жабыла куйруктарын сырайтып, өкүрөңдөшүп кууган бойдон кетишти.

...Аны көргөндө, кырчоодо, казыкта байлалуу турган музоолор «Чоң атабыздын бул эмне кылганы? Бизди агыткыла, биз дагы аны жетип сүзөбүз!...» дешкенсип, музоолор да жабыла мөөрөп жулунушту. Ошентип курган күрөң буканы уй бүткөндүн баарысы ой-тоого кубалашып сүзгүлөп шайын кетиришкенин көрдүм эле. Береги жайылып жаткан уйларды, тетиги күрсүйгөн чоң көк буканы көргөндө, ошол илгерки күрөң буканын качканы эсиме түшө калганда күлдүм.

Кукеңдин уй тууралуу айтып берген тамашасын укканда малчылар боору эзилип, көздөрүнөн жаш чыкканча күлүшүптүр.

– Э, Куке, илгерки уй ошентип жөткүрөм деп «коё» берип койчу экен... Эмки, мына бул асыл тукумдуу уйлар качканын көрө алдыңызбы? – деп отургандардын арасынан бирөө сурап калат. Анда Кукең мындай дептир:

– Азыркы уйдун жаткан-турган жери жайлуу. Жеген тоюту таза, жана булар асыл тукумдан тарашкан да, өздөрү сыпаа келишет эмеспи… Илгерки уйдан бир чөйчөк гана сүт чыкчу, эмки уй «тырс» эттиргенди билбес… Деги, уй тукуму кой менен жылкыга караганда уяттуу, «маданияттуу» келет. Ха… ха… ха. Мунун баары тамаша. «Эр жигит, акылың болсо аштык айдап, мал бак!» деген эмеспи акылман эл! Балдар! Малга, малга сак болгула! – дечү экен Куйручук.

***Китепте:***
***Бектенов К. / Куйручук. – Ф., 1960, 8-173-б.***

## БЕКНАЗАР АРЗЫМАТ УУЛУ

## (1881–1953)

*«... Түбүбүз түнтөй-түнкатар,*
*Мен болсом,*
*Түйдөктөй болгон Бекназар...»*

Элдик оозеки чыгармаларды, алардын ичинен сатира, мыскыл жана куудул сөздөрдү жаратуучулар эл болору талашсыз. Ошондой болсо да, элдин ичинен чыккан таланттуу куудулдар андай чыгармалардын өнүгүшүнө чоң себепчи болуу менен бирге, өз үлүштөрүн да кошуп тынымсыз байытып келишкен. Мезгил өткөн сайын эл анын жакшы жактарын иргеп алып, өнүктүрүп келе беришкен.

Мында, кыргыздын эл куудулдары белгилүү Куйручук, Шаршен, Көкөтай, Жоошбай, Бекназарды жана башкаларды белгилей кетүүбүз керек.

Азыр Бекназар жөнүндө сөз боло тургандыктан, биз аны менен окуучуларды аз да болсо тааныштыра кетмекчибиз.

Бекназар жалаң гана куудул болбостоп, белгилүү ырчы, бир аз комузчулук өнөрү да болгон.

«Эл куудулу Бекназар,
Эрикkенде чер жазар.
Калпаны көрсө качырган,
Динге көнбөс тил азар...»

деп куудулдун динге каршы аракеттерин анын замандашы, ырчы Шадыкан бекеринен ырдабаса керек.

Биз силердин алдыңарга тартуу кылып отурган Бекназардын өз башынан өткөргөн чиеленишкен чыныгы окуялары элдин кеңири катмарына көп таркап кеткен. Биз Бекназар ыраматылыктын тирүү кезинде, аны менен бирге жүрүп жана шайыр жана куудул сөздөрүн көп укканбыз, эл менен кошо каткырып да күлгөнбүз.

Бекназардын куудул сөз мурастарын жыйноого жардамдашканы үчүн куудулдун баласы Бекназаров Апитке, тууганы Кудайназаров Калыгулга да алкышыбызды айтабыз.

Бекназар Арзымат уулу 1881-жылы Кетмен-Төбөдө, кедейдин үй-бүлөсүнөн туулган. Атасы Арзыматтын эки агасы болгон. Ал экөө тең бай болушат. Арзымат кедей болот. Агалары ага каралашпагандыктан, ал ар кимдин эшигинде малай болуп жүрө баштайт. Буга агалары арданышат да, «Сен жалчы жүрүп бизди жаманатты кылып, абийирибизди төктүң, ошондуктан, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн кеткин. Жок десең өлтүрөбүз» дешет.

Ошентип, Арзымат Анжиян бооруна өтүп кетүүгө аргасыз болот. Ал азыркы Арстанбап менен Чарбактын ортосундагы Кызыл-Суу деген кыштакка барып, Атантай деген кедейдин үйүндө жүрөт. Кийинчерээк ошол эле Атантайдын Салия деген карындашына үйлөнөт.

Арзымат мээнеткеч жигит болот. Ал жаңгак, алма жана түрдүү мөмөлөрдү жыйнап, тың оокат кылып турганда, Атантай дүйнөдөн кайтат. Арзымат аялы экөө Арстанбаптын маңдай жагындагы Кур-Майдан деген жерге көчүп келип, өмүрү өткөнчө ошол жерде жашайт.

Бекназар жетиге чыкканда энеси өлөт. Андан бир кыз жана Бекназар менен үч эркек бала калат. Алардын эң кенжеси Бекназар болгон. Балдары жаш

калгандыктан, Арзымат экинчи жолу үйлөнөт. Ал аялы балага касап, ошондой эле апыртма, жок нерселерди (балдар үчүн коркунучтуу) айта бере турган албуут аял болгон экен.

Бекназарлар бейпайда чырылдап, энеден ажырагандан бир жылдан кийин, атасы Арзымат да дүйнөдөн кайтат. Балдар каардуу өгөй иненин колунда бүжүрөп калышат. Базарчылап шаарга барышкан аталаш туугандары Арзыматтын өлгөнүн угуп калышып, балдарынын ал-абалын көрүп кетүү үчүн Кур-Майданга кайрылышат. Алар кол арага жарап калган Токтоназар, Эрназарды жана кызын элине алып кетишип, жаш, бирок мажүрөө Бекназарды өгөй иненин колунда калтырышат.

Өгөй эне Бекназарды тогуз жашарында үйдөн кууп жиберет. Ал Кур-Майдандын кырына чыкса, Арстанбаптын мазары көрүнөт. Ошол мазарга келип, жети жыл эптеп күн кечирет. Шайыктардын, молдо, калпа, эшендердин барып турган кара мүртөз-калпычы, алдамчы экенин ошондо сезет. Тигилердин «кереметтүүлүгүн» өз көзү менен көрүп сынайт. Акырында шайыктарды көз каранды кылуунун жолуна жетишет. Агаларын көрүү үчүн издеп Бекназар Кетмен-Төбөгө келет. Анын туугандары Бегет деген уруунун ичинен Бегиш уулу деген жүз түтүнгө жакын эл болгон. Бегиш уулун дагы ондогон кожолук жалаң эле молдолук, калпалык, дубана-бакшылык менен күн көрүшкөн. Андыктан кадимки Курман ырчы:

«Бегиш уулу бүт калпа,
Бет алса элге жут канча,
Берени имиш Артыкбай,
Шарыят айтат үч ача» – деп ырдаган экен.

Бекназар Арстанбаптан келип, ушул «калың» калпанын «төө бастысында» калат. Бегиш уулунун динчилери Бекназарды ташпараңга алып өлтүрүүгө

өкүм кылышат. Анда Бекназар Анжиянга качып кетип, аман калат.

Бекназар 1953-жылы 72 жашында дүйнөдөн кайтты.

Бул жерде биз Бекназардын өз оозунан бир нече жолу уккандарыбызды жана баласы Апит менен Кудайназаров Калыгулдардын билгендери менен толуктадык. Азыр чыгармаларынын көбүнчө атеисттик жагы гана жарыяланып отурат. Бекназардын куудул сөздөрү, укмуштуу жана кызыктуу чиеленишкен окуялуу чыгармалары эмгекчилердин көңүлүн ачып, коомго жат жөрөлгөлөргө каршы элди үндөп турган. Ал жөнүндө дагы изилдеп, толукталып кийин да жазылмакчы.

Өткөн заманда, жетимдиктин азабын көп тартып, жокчулуктун уулуу чеңгелинде эзилген Бекназардын сырткы көрүнүшү, өңү-түсү, куудулдукка ылайыкталып жаралгандай эле, башында чымчым жүнү жок, көзү кыпкызыл (учурунда түйрүп ала турган), муруту сербейген, бою:

...«Баарыбыз түнтөй-түнкатар.

Мен болсом, баштыктай болгон Бекназар»... деп өзү ырдагандай киши эле. Анын үстүнө ал ар кандай илбесиндерден: сагызгандын, таранчынын, күкүктүн, чакчыгайдын, айбанаттардан: карышкырдын, аюунун, иттин (бөтөнчө күчүктүн) мышыктын, төрт түлүктөн: текенин, буканын дагы башкалардын үнүн-дабышын так өзүндөй кылып туурай билген чебер киши болучу.

***Токтосунов Мусабай***
***Ошбаев Токтоболот.***

## «ЧЫЙРАК» ЭЛЕМ

Чындыктан ийне ийилип сынбайт. Урматтуу жердештерим, мага ишенип койгула. Мен береги силер олтурган булуттуу көктүн астында, муундуу чөптүн үстүндө көп жыл жашадым. Жыйырма сегиз жылы азап чектим, жети жылы бешикте жаттым. Апам: – «Кагылып кетейин, туулган күндөн тартып эле оорукчан болду. Жети жылы ысык ичме, жети жылы куу далы, жети жылы итий менен ооруп, жети жылы бечел болду» – деп, өзү тең кур кемпирлердин ичинде так эсептеп, шыпшынып олтурар эле.

Ал кезде мен да көзүмдү бажырайтып, мурдумду дердейтип, оозумду жалжайтып, шыйрактарымды чиймейтип, кабыргаларымды иймейтип, «жасалгалуу» бешикте жайы-кышы чечилбей «жайдары» жашап жаткан чагым экен.

Ошентип, бешикте доор сүрүп жаткан күндөрдүн биринде, апам ыраматылык мага койдун бир аяк жууратын ичирип, эки көмөчтү жедирип: – «Эми, мен эрте эле келип каламын, былк этпей уктай бергин» – деп бешигиме бекем таңып койду да, айылдагы аялдар менен айттап кетти.

– Апаке, биздикине да айтчылар келсе эмне дейм? – десем.

– Таш оозуңа, унчукпа, кокус желмогуздай болуп, сүйлөп жиберип, да бирөөнүн жүрөгүн чыгарып койбогун, – деди.

– Унчукпай эле жата берем, – дедим.

Апам кечикти. Ачка да болдум. Аргам канча, ашканадагы боорсоктон көзүм өтөт. Жалдырап гана жатам. Бир оокумда он бешче кыз-келин шарактап кирип келишти. Аларды баштап кирген чолок мурун, кара тору келин түз эле менин жаныма келип отурду да: «Ий, бечерам, үч-төрт айлык эле бала экен, башын көтөрүп бизди кыдырата тиктеп коёт», – деп мурдумдан чымчып өөп койду.

Мен ал келиндин жакшы мамилесине эреркеп кетсем керек. Апамын айткандарын бүт унутуп: – «Эже, ашканада боорсок бар, апам айттап кеткен, өзүңөр да алып жеп, мага да алып берсеңер» – дедим. Олтургандар бакырып тура калышканын бир билем, мени тепсеп кетишти. Бешигим үч-төрт аласалып барып, керегеге такалып араң токтоду. Болгондо да көмкөрөмдөн жатып калдым. Андай «алыбеттүү» жигиттин айкырыгы кандай күчтүү дейсиң. Ыйлаган үнүм керегени, чийди туурдукту кабатынан жарып өтүп, алардын ары жагында да барылдап турду.

Ооба. Мен ушундай чыйрак элем.

## ИЛГЕРКИ ЖЕТИМ

Чын жашым жетиден өтө бергенде, бешик менен коштошуп, там-туң басып, жанаша конгон үйлөргө жайбаракат эле барып калуучу болдум. Күн өткөн сайын аз-аздан телчигип олтуруп, эки үч метр жерге чейин тынбай эле жүрүп жетүүгө жарап калганымда, байкуш апам оору болуп, каза тапты. Эне чиркин баланын бактылуу күнү турбайбы. Ал күнүм батты да, караңгы дүйнөдө кала бердим. Өзүм менен энелеш бир кыз, эки эркек калды. Улуусу он үч жашта. Атам көп күтпөй эле бизге жаңы апа алып келди. Биз ал апаны салкын тосуп алдык. Мен балдардын кенжеси болгондугум үчүн чырыраакмынбы, же чыйрактыгымданбы, айтор, өгөй энемдин шапалагын арбыныраак жейм да, кулакка «жагымдуу» куйкум сөздөрүн көп угам.

Атам барда кабагым ачылып, карчытым чыгып калат. Атам жокто, шапалак жаныма батып, ичим сыртыма катып, эриндерим курган, кирпигимди жаш нымдап эзе берет.

Атам кыргоол уулап кеткен күнү, айлыбыз Желдүү- Кырга ташынып конду. Айдоодогу козу, улакка

аралашып мен да жете келдим. Көк шибер, көрктүү токой, көк тиреген жаңгак. Жан-жагыбыз келберсиген алп кара нарга чачыктуу жашыл калы килем жапкандай кулпунган шиберлер түркүм гүлдөрүн берметтей жыбыратып, жүргөн желге ыргалса, тунук көлдүн майда толкунундай жылтылдайт. Канаттары калкайган карала гүлдүү көпөлөктөрү калдактап, анын артынан чырпык аттарын тызылдата чаап ой-ку-кайкы өтүп жаткан балдардын көпчүлүгү бирден-экиден көпөлөккө ээ болушкан. Алардан менин да көзүм өтөт. Бирок айла жок. Максатым өгөй энемдин алкышын угуу, ал үчүн өзүмдүн кубатым жеткен куу бутактарды жыйнап жүрөм.

Күн кеч болуп калды. Өгөй энем сүт куюштурду, табактын түбүн өзү жалады. Мен от жактым, сүт да бышты, көбүгүн калпып берген жок. Кырымчыгын да өзү жеп койду. Ичим тызылдайт, шилекейим чууруп, чыйпыйым чыгат... Ыйлагым келет... Бирок кыңк этсем эле, шапалак берери белгилүү. Түтпөскө айлам канча, өлгөн апам көзүмө элестей түштү да, көзүмдүн жашын имерип сыртка чыгып кеттим.

– «Узун жаның аманбы, же узап кеткенсиңби?» – деп, өгөй энем чаңырганда, оронуп жаткан атамдын эски тонунан кандайча ыргып барып, босогого түшкөнүмдү өзүм да сезбей калдым. Бул биринчи гана жолу иштелбестен, ар дайым болуп келаткан өнөкөт болгон үчүн, унчукпай туруп кеттим.

Күз айларынын бири, үйүбүздүн туурасында чоң арык бар. Андан ары кырманда кызылдаган таруу жайылып жатат. Атам ортогунан саап ичкен уюнун байып кеткендигине байланыштуу ээсине тапшырууга алып кеткен. Мен таманыма кирген чөңөрдү алалбай, үйдүн түбүндө өгөй энемден обочороок олтургам. Күтпөгөн жерден, – «О балакет баскан Бекназар! Чурка таруууну такыр жеп кетти!» деди. Мен буйдалбай чуркап, чоң арыктагы суудан өтүп баратып, бутумдун чөңөр кирген жерине таш тийги-

зип алдым – жыгылып кеттим. Бешиктен быйыл эле чыгып, жаңыдан жортуп жүргөн жигиттин салмагына карайбы. Суу ала салдырып жөнөй берди. Аркан бою агызып барганда, өгөй энем кууп жетип, суудан тартып алды да, удаасы менен үч шапалак берип, арыктын аркы өйүзүнө тердиктей кылып ыргытып койду. Узун чөпкө ороло түштүм да, салмагыма жараша жерге катуу тийбедим, тура калып кырмандагы койлорду карай жүгүрүп кеттим.

Көрсө, энесиз жетим экенмин. Азыркы замандын жаштары жетим деген эмне экенин билишпейт. Аталуудан артык, энелүүдөн эки эсе жакшы асыралат.

## ӨГӨЙ ЭНЕ

Баягы таруу кырманды эбак жыйнаштырып алганбыз. Бир күнү ошол кырман тараптан отун терип келүүгө бардым. Карасам от ордундай жерде төөнүн корголу чокмороктошуп жатыптыр. Ал кезде балдар үчүн төөнүн, койдун корголунан артыгыраак оюнчук бар беле? Тигил корголдорду көргөндө ойногум келди. Отун терүүнү унуттум да, айланадагы таштарды чогултуп, жай-ма-жай олтуруп алып, келишкен кой короолорду, уй сарайларын «куруп» бүттүм. Андан кийин тигил жаткан корголдорду өз ордунан тартып, короонун оозуна чейин тиздим да, «Курр-рей» деп короого колум менен сүрүп кийрип жатканымда, көк шилиме чарт этип чагылган тийгендей болду. Көмөлөнүп кеткенимди гана билем. Бир убакта эсиме келип, көзүмдү ачсам үйдө жатыпмын. Атам жок экен. Оозум батташат, араң козголуп, секин түкүрүндүм. Оозумдан уюган кандар гана түштү.

«Байкуш» өгөй энем жанымда олтурган экен.

Ал ушул учурда өтө мейримдүү, жүзүндө каардануунун белгиси жоктой сезилди.

«Ананайыным, оозуң эмне канады?» деди ал, эрдин чурмуйтуп. Анын мага биринчи жолку «анана-

йын» деши болучу. Эреркеп кеттим окшойт, көзүмө жаш толо түштү.

– Билбейм апа, желкеме бир нерсе катуу тийгенин гана билем, дедим.

– Жанында киши бар беле?

– Ным...

– Мындан ары талаада жалгыз ойнобой жүргүн. Азыткы азгырат, жин тиет, же мыжыгып коёт. Сени ошолордун бири урган турбайбы...

– Алар кимдин балдары?

– Алла-тааланып жараткандары.

– Алла-таланын айлы ошол жактабы?

– Оозуңң таш, күнөкөр болосуң, – деп чакырандады.

Ушундай мээримдүү учурда, өгөй энемден көп нерселерди суроону туура таптым. Бирок күтпөгөн жердей анын оозунан «оозуңа таш» деген сөздүн чыгып кетиши жүрөгүмдү солк эттирди. Аны менен бирге жүрөгүм түкүлдөп, кандайдыр үксөйгөн, жылаңач сөлөкөттөр көз алдыма келе калып тургансыды.

Байкап калган бир келин, мени азыткы албарсты урбай эле, куурай тербей олтуруп алганым үчүн, артымдан аңдып келип, өгөй энем өзү таш менен көк желкеге урганын кийин айтты.

Өгөй энем өзүнүн «билгичтиги» менен көп нерселерди көргөндүгүн айтып таң калтырчу.

Ал кайып албарсты, сасык албарсты, кара жин, ак жин, шайтан дагы толуп жаткан желмогуздардын кебете-кешпирлерине чейин жобурап сүрөттөп кирсе, оозумду ачып, туруп калар элем.

«Албарстылардын шыйбылчак сөөктөрү илмигий, балтыр эттери булчугуй, өңдөрү сары, көздөрү жашыл, чачтары куба, бойлору кичине, эмчектери чоң болгондуктан, ийиндерине артылып каларын, алардын сары тайган, курмушу, кууураган сөөк, жетим улак, же жылкынын куу тезеги болуп кубулуп кетерин, кээде кооз чымчык, кооз көпөлөк болуп балдарды ээрчитип

барып, жардан алыс түртүп жибере тургандыгын, шайтан болсо, балдардын мойнуна көрүнбөй минип аларын, андай баланы энеси жаакка чапканда, шайтан жерге кире качарын, ал эми жин болсо, мазарга сыйынбаган, касиеттүү адамдардын айткандарын укпагандарды аңдый турганын айтуучу эле.

Мен үчүн бул айтылгандардын бардыгы эле коркунучтуу болучу. Көбүнчө булар түн ичинде эсиме түшө калса, жүрөгүм шуулдап, этим үркүп айланадагы караан-парандардын бардыгы эле бир балакет болуп көрүнчү. Андыктан «күн батпаса экен, түн кирбесе экен» деп гана тилечүмүн. Бирок адам жокто, айсыз карангыда өгөй энем суугa жумшачу. Корккондуктан көп жолу жүрөгүм да козголду. Ыраңым саргарып, тамак ичпей жатып калган учурларда аз болгон жок. Андай учурларда өгөй энем төшүмдүн чемирчегинин астына сөөмөйүн салып «түш-түш» деп жүрөгүмдү сайгылап, андан кийин төбөмө бир жаңгакты, же өрүктүн сөөгүн коюп алып чоттун уңгусу менен чапканда, көзүмдөн от чагыла түшчү. Жүрөгүм ордуна келип калгансып термелип туруп кетер элем.

– Жүрөгүң жок, ашкеби болбосоң, элдин балдары сыяктуу эле эч нерседен коркпой жүрбөйт белең, – деп кулагымды чоюп, бир жумушка жөнөтүп жиберер эле.

Мына, өгөй энем мени ушундай «сонун» тарбиялачу. Кийинчерээк эр жетип, чоңойгон соң турмушка тереңирээк көз чаптырсам, жин-пери, албарсты дегени жок нерсе экен. Көрсө өгөй энемдин наадандыгы турбайбы.

## «КАШЫНДАГЫ КАРАЛДЫСЫ» БОЛУП КАЛДЫМ

Арадан бир жыл өттү. Мен сегиз жашты сермеп салдым. Атам Арзыматты ажал алдына салып, ал дүйнөгө айдап кеткенге он беш күнчө болуп калган.

Башка адамдарда тууган деген болот тура, атамдын да тууганы бар экен. Атамдын өлгөнүн угушуп алар да келип калышты. «Бөлөк жер, бөтөн элде өлгөнгө өкүрүп келбегенибизге капа болбо» дешип, өгөй энемен кечирим сураштı да, эжемди, агаларым Токтоназар менен Эрназарды алышып жолго түшүштү. А мен болсом туубаса да тутунган баласы болуп, кашындагы каралдысы болуп өгөй энем менен кала бердим.

Көрсө, атам Арзымат аябай кедей болгондуктан. Асан, Жорукту деген бай агалары аны айылга батырбагандыктан алыскы Арстанбаптын мандайындагы Кур- Майдан деген адам жашабаган жерге көчүп барып, туруп калыптыр. Ал үчүн «Тууган» деген сөздү Артыкбай менен Жумабай барганда биринчи жолу уктум, бирок мен үчүн тууган жакынбы, же өгөй эне жакынбы түшүнүксүз болду.

Өгөй энемдин кашындагы каралдысы болуп, калганыма жарым жылча убакыт өттү. Көргөн күнүм баякы эле гөй-гөй, баякы эле бой-бой, же энем шапалагын койбой, же курсагым даамдуу тамакка тойбой, кебетеме караганда баягы көнүмүш бешикке кайра жатуучу абалга жакындашып бара бердим.

Күндөрдүн биринде өгөй энем аюу көргөн суурдай чарылдап, алачыктан мени kууп чыкты. Экинчи бул эшикке басып келсем, өлтүрө тургандыгын акыркы жолу эскертти.

## МЕН БИРИНЧИ ЖОЛУ ТОЙГОНДО

Ошентип, туулуп өскөн мекеним – Кур-Майдандын кыры менен коштошуп, зооканы аралап өткөн жалгыз жол менен жөрмөлөп, Арстанбаптын Мазарын көздөй келе жатам. Ал жолду азырга чейин жергиликтүү эл «Ит жол» деп аташат. Анткени, ага иттин таманы гана батат.

Алга карай жөрмөлөп коём да, маңдай жагымды тиктеп тура калам. Суунун жээгинде мал батпайт. Андан аркы узун чынарлардын арасында эл көп, байкоомчо көпчүлүгү ак элечекчен аялдар жүргөн сыяктанат. Алардын бир тарабында катар жагылган оттун түтүнү түрмөктөлөт. Айтор, жолду аз-аздан арбытып олтуруп, тигил элдин жанына да барып калдым.

Мен өмүрүмдүн жети жылын бешикте, калган эки жылын өгөй энемдин жанында гана өткөргөнүм үчүн тигил жүргөн элдин көптүгүнө көзүм кайкыйт. Аңгыча жаңы эттин жыты мурдума бур дей түштү. Карасам, оң жагында-от алоологон кемегелердин биринде эт кайнаса, экинчисинде палоо демделип, үчүнчүсүндө май сызгырылса, төртүнчүсүндө боорсоктор быжылдап бышырылып жатат.

Мага башканын эмне кереги бар. Ошол жакка барып калганымды өзүм да сезбей калдым. Берки четтеги кемегенин жанында олтурган орто жашап калган аял мени көрө коюп, «ий бечера, бери келчи!» деди, мен эки колумдун сөөмөйүн оозума салган калыбымча, анын жанына бардым.

– «Кимдин баласысың? – деп сурады.
– Өзүмдүн апамын.
– Апаң кайда?
– Өлүп калыптыр.
– Атаңчы?
– Атам да өлгөн.
– Бир туугандарың барбы?
– Ооба, аларды туугандар алып кеткен.
– Каякка?
– Бир жакка...
– Сени алып кетишкен жокпу?
– Мен өгөй апамдын колунда калгамын.
– Өгөй апаң кайда?
– Үйүндө, мени болсо үйдөн кууп жиберди.

Ал аял көзүнөн жашын төгүп-төгүп алды. «Бирөө бала үчүн зар болуп ыйлап жүрсө, бирөөлөр сага

окшогон балдарды кордоп жүрөт» деди да, ары жагындагы дасторконду ача салып, куур тондун этегине кош чеңгел боорсок менен эт салып берип, «балалуу болуңуз деп батаңды бер» деди.

Мен эт менен боорсокко үңүлө карадым да:

– Бата деген эмне? менде андай нерсе жок дедим.

– Алда бечарам ай, балалуу болуңуз апа, мендей эркек бала төрөп алыңыз дебейсиңби? — деди, казандагы этти оодарып жаткан кара сакал жупуну киши. Мен аялга анын сөзүн кайталадым да, обочороок барып олтуруп, боорсок менен этти бурдап сугунуп жаттым.

Таң аткандан керели кечке казандар кемегеден түшпөйт. Элдин бир даары шайыктарга назирлерин берип, тамактарын тартып, бата алышканына кубанып, кайтып жатышса, бир даары алып келген кээ бир кеселмандары майып болуп, тилектери кабыл келбей кейиштүү жөнөшөт.

Айтор, кетип жаткан элден келгендери көп. Мазардын айланасындагы көк мелжип өскөн алма, жаңгак, чынар теректердин арасы супаларга толуп кеткен. Ал супалардын айрымдары жүз, жүз элүү адам сыярлык. Андай супалардын бетине ала кийиз, өрө кийиз, килем, шырдак, түрдүү түстөгү шалчалар төшөлгөн. Айланалары көк сыр менен боёлгон жыгач тосмолор. Күн чыгыш жак бурчундагы ашканада алты адам сыярлык тактайдан жасалган бөлмөлөр бар. Анын ичтеринде ошол супалардын ээлери «даражалуу шайыктар» олтурушат. Айрым жерлерде эки-үч гана адам олтура турган супалар да бар. Андан тар супалардын ээлери өңдөрү азгын дубаналар.

Ал супалардын ар биринде олтурган шайыктар, дубаналар чымынга торун жайган жөргөмүштөргө окшоп, келген зыяратчылардын назирин аңдып олтурушат. Этек жактагы кичинекей супага жупуну кийинишкен бир эркек аялы менен кичинекей

кызын жетелеп, тооктун этин басып демделген бир табак палоону көтөрүшүп келип:

– Таксыр, отуз үчүнчү супа кайсы? – дешип, айда олтурган жыртык чапанчан, бутунда жалаң кепичи бар, узун бойлуу дубанадан сурашты. Ал дубана, көзүн сүзүп:

– Отуз. үчүнчү супа ушул, эмне экен? – деп башын ийкеп, тигилерди мурдатан күтүп олтургансып, чөкө түшүп олтурган калыбынча бир аз термелип койду.

Тиги аял менен эркек анын маңдайына тура калышып, колдорун бооруна алып, салам берип жүгүнүштү. Андан кийин чоң кара кумгандагы чайды, бир чыныны жана табактагы палоону анын алдына коюшту. Мен алардан беш метрче алысыраакта турган элем.

– «Кел кагылайын, тамак же» – деди тигил аял, мен дароо жеттим, идиш болбогондуктан, палоодон жаңгактын жалбырагына салып берди. Анткени, мени ал аял чакырганда, тигил дубана саал жактырбаган мүнөздө:

– Ээ… кел-кел, палоо салып жегенге идишиң барбы? – деп, мени жийиркенген түрдө кабыл алганын зыяратчы аял менен эркек байкап калган эле.

Мага идиштин кереги эмне? Эптеп колума тамак тийсе болгону.

Тамак желди. Зыяратчылар кичинекей кыздын өмүрүнүн узун болушун тилеп келгендигин айтышты. Аял жоолугунун учундагы түйүнчөктү чечип, бир сомдук акчаны дубанага, бир теңгени мага сунду. Мен эл чогулуп жаткан экинчи бир чоң супага басып кеттим. Ал – мазардагы супалардын эң чоңу. Үстү кызылтазыл, айланасы кооз. Шайык олтурган бөлмөнүн сырты жашыл сыр менен сырдалып, төбөсү кызыл тунуке менен жабылган эле. Супа тарабындагы эшиги каалгасыз, ак стампулдан көшөгө тартып койгон.

Супада жүзчө киши олтурат. Ар бир үч адамдын алдында бир табактан эт. Ал супанын сырткы

тепкичинен чыгып барып, адатымча, ар кимди бир тиктеп телмирип туруп калдым. Аңгыча эт жеп жаткан элдин көңүлү мага бурулду, алардын айрым боорукерлери кешигин узатышты. Колума тийгенин сугунуп, ашканын койнума катып жаттым.

Менде тондон башка эч кандай кийим жок болучу. Мени ошол учурда көргөндөрдүн бир даары ыкшып күлүшсө, бир даары кабактарын чытып, баштарын чайкап, мага боору ооругандарын билгизип жатышты. Баары бир, мен ким чакырса, чедирендеп чуркап барып бергенин алып, тонго орой бердим. Бир оокумда шайык олтурган бөлмөнүн эшигине барып калыпмын. Кокустан көшөгөнүн артында олтурган ак селдеченди көрүп чочуп кеттим. Ага таңыркана тиктеп тура калсам керек.

– Эй. наинсап, сөөк аңдыган күчүктөй эки көзүн кызартпай бир нерсе берип кой, – деди тиги ак селдечен. Босого жакта олтурган бир дубанасы керекарыш ичегини кесип алып, мага сунду. Сол колум бош эмес эле, оң колумда жанагы тенге бар болучу. Ичегини ала коёюн десем, тенгем колуман жерге түшүп кетти...

– Ии... бул тенгени кимибизге бердин? – деп мага ичеги берген дубана ала койду. Төрдө олтурган шайыктын эки көзү менден өтүп кетти. Мен корконумдан ошол шайыкты карай башымды ийкедим.

Ал шайык, дубананын колунан бир тенгени алып чөнтөгүнө салып койду.

Мен тенгени алдырып койгонума анча деле кейигеним жок, курсагымдын тойгонуна кубандым.

## ОҢОЙ ЭЛЕ «ЧОҢ» БОЛДУМ

Арадан беш түн, беш күн өттү. Бул мезгилдер мен үчүн беш жыл өмүр сүргөндөй болду. Көңүлүм көтөрүлүп, бетиме кызыл жүгүрө түштү окшойт. Бир күнү баягы бир теңгемди алган шайык суунун

боюнда даарат алып отуруптур. Ал мени өзүнө чакырып алып:

– Жумуш тапшырсам, иштейсиңби? – деди.

– Ооба.

– Бир кумган сууну көтөрүүгө күчүң жетеби?

– Жетет.

– Анда бүгүндөн баштап менин кызматкерим болосуң, кылар ишиң ар күнү беш жолу бир кумган сууну айткан убакта даяр кыласың. Эгер бул кызматты көңүлдөгүдөй аткара албасаң, бул жерден кууп жиберемин.

– Аткарамын таксыр, – дедим. Ошнтип, иштеп калдым.

## ЭМИ КАЙДА БАРАМ?

Жашым он бирге толду. Ырас, ким иштесе, анын кемчилиги да болот тура. Бешимден кийинки даараттарына сууну өз убагында үлгүртүп турдум, багымдат намазы башымды далай томуйтту. Ал намазды окуу үчүн таңга маал даарат алып, таң ата мечитте болушу керек турбайбы. Түн уйку алдамчы келет эмеспи. Кээде мени алдаса, кээде, шайыкты алдап коёт. Шайык алданган күнү эч коога жок, дааратсыз эле намаздар чубай берет. Ал эми мен уйкуга алданып кечигип калсам, жаагым чуу дей түшүп, башым томуюп чыгат.

Күндөрдүн биринде шайыгым даарат алып жатып, эмнегедир:

– Уулум колуң адалданганбы? – деди. Мен түшүнгөн жокмун. Ийнимди күүшөп, билбейм деген болдум.

– Ээй, бетпак, сен али мусулман эмес турбайсыңбы, даараткa суу куюшуң шарыятка сыйбайт, бар, оокатыңды кыл, – деп кумганды колуман алып, өзүмдү кууп жиберди.

Мазардын күн батыш жагындагы чоң суунун жээгинде Досмат дегендин үйү бар эле. Аны Арстанбаптыктар: «Досмат шорпочу» дешчү. Анткени, ал намаз окубайт, орозо кармабайт, мазарга да сыйынбайт, соодагер да эмес, алдамчы да эмес, бар болгон кесиби мазарга зыяратка келгендердин алып келген союшун союп, этин бышырып, арткан шорпо-шилеңи болсо үйүнө ала барып, балдарын багуу менен күн өткөрчү.

Эми кайда барам деп шолоктоп ыйлап көчөдө кетип баратсам, ошол шорпочу Досмат алдыман чыгып калды.

– И, уулум, эмнеге ыйлайсың, кайда баратасың? – деди.

– Билбейм…

– Эмне дейт! – Ал чочуп кетти. – Бараткан жагыңды билбейсиңби?

– Шайык кызматымдан бошотуп; «колуң адалданбаптыр, мусулман эмес экенсиң» деп кууп жиберди.

– Ой, жолуң болгур, ошого да капа болуп ыйлайт бекен, биздин үйгө баргын. Кечинде өзүм колуңду адалдап коём, анан мусулман болосуң да каласың, – деп көз жашымды этеги менен сүртүп, маңдайыман сылап койду.

Кеч да кирди. Досмат келип, тезирээк эле колумду адалдап мусулман кылып койсо экен деп эки көзүм төрт. Бирок колду кандай кылып адалдашынын маанисине түшүнбөймүн.

Бир оокумда Досмат аке да келди. Ал мени сүйкүмдүү карап:

«Кана уулум, эми колду адалдайбыз, – деди күлүмсүрөп.

Досмат аялын менден обочороок чакырып алып бир аз кеңешишти. Анан мага жакын басып келип: – Кана уулум, баланча-түкүнчөлөрдү чакырып келгин, – деди. Мен ал айткан төрт-беш үйдүн кемпир, чалын чакырып келдим. Досмат бир сур серкесин

жетелеп келди да: – Береги сагырдын колу эмдигиче адалданбаптыр, сооп үчүн ушул бечараны отургузуп коёюн деген ниет менен сиздерди чакырдым, кана, серкеге бата кылып койгула? -деди.

Бата кылынды. Серке союлду. Эти бышып, элге тартылды.

Эртеси болду. Арстанбаптын төмөн жагындагы Кызы-Суу деген жердеги Орумбай деген кишини чакырып келди.

Досмат Орумбайга жанаша олтуруп, мени алдына алып олтурду. Ага-буга алаксытып турганда эле Орумбай күймөлө түштү. Анан чым эткенин гана билип калдым.

Ырас, мусулман болуу өзүнчө бир азап экен. Бирок эрким жок болгондуктан, ээрдимди кесе тиштеп, үнүмдү чыгарбай ичимен сызып ыйлап, көзүмдүн жашын көлдөтө бердим.

## МУСУЛМАНЧЫЛЫКТЫН АЗАБЫ

Ыраматылык апам «туулгандан эле мээнеткеч болду» деп, туура айткан экен. Дагы мээнеткеч болдум. Этим ырбап, шишик сандарыма чейин тарап кетти. Айлам канча, аркалаар атам, эркелээр энем жок. Жыл маалына жакын Досматтын аялы Гүлайымдын кароосунда жатып, айтор, акыры алсыз жанды тооруган ооруну силкип таштап, ордумдан туруп кеттим.

## КҮНӨӨГӨ КАДАМ КОЙГОН ЖЫЛЫ

Боюмдун бийиктиги кенен бир кез келе турган. Жашым он экиде. Жүргөн жерим – Арстанбаптын мазары. Колумда кадимки кара кумган.

Ал шайыгымдын аты – Махмудхары. Мазардагылар аны олуя деп билишет. Күндөрдүн биринде, ал мени өзүнө чакырып алды да:

– Ээ, баттал Бекназар, сенин наристелигиң өттү. Намаз окуп, орозо кармап, күнөөмдү кечир» деп кудайга сыйынуучу убактың жетти, – деп, мага намаз үйрөтүүнү чечти, Учураган эле шайыктан чын ыкласым менен сурап, жаңылган жеримди оңдотуп жүрүп, үч эле күндө бир сүрөө намаз үйрөнүп алдым.

Намаз окуу гана эмес, орозосун да оолжута кармадым. Намазга караганда, орозонун бир жаман жери адептүү эле адамды бузуп жиберет экен. Чынымды айта берейин, бышкан эт, нан болсо кый өтпөй уурдап алып, белгилүү жерге апарып, жаңгактын бутагына кыстарып коюучу болдум, натыйжада эл орозону керээли кечке кезерип кармаса, мен карт кекирип, бырп... кызарып кармайм. Шайыктар олуясынан тартып, омбу-домбусуна чейин бешимден кийин жүрбөй калышат. А мен болсом, күн батарда деле, күчүмдүн кадимкидей экенин сезем. Мындайча айтканда, наристеликтен өтүп, күнөөгө кадам койгон эле жылы биринчи жолу отуз күндүк орозонун ар бирин үч бөлүп кармаганым үчүн орозомдун жалпы саны токсонго жетти. Андай берекелүүлүгү мындай турсун, курсагым ток, өзүм семиз болдум. Өзүм да орозонун касиети менен тамакты кантип уурдоого тасып калдым.

Шайыктар даарат алат, мен болсом сууга колумдун башын араң малам, аларды шектентпөө үчүн суунун боюнда калп эле күймөнүп калам. Жыргал жер үстүндө экенин билип алган соң, мага өлгөндөн кийинки жыргалын эмне кылам?!

## МУСАЛЛАГА ТОЙГОНДОГУ ЗИКИР

Орозонун он беши күнү зикир башталды. Зыяратчылар башка айларга караганда мында көбүрөөк келишкени менен, тамак күндүз даярдалбайт, түн ичинде болсо тамактан баш адашат.

Ал кезде, арак дегендин атын уккан эмесмин, арам менен адалдын айырмасын деле анчалык тү-

шүнбөйм. Бир күнү ооз ачып, тамак желгенден кийин «тараба» деген узун намаз окудук. Андан кийин жарым саатча зикир чалып, арсылдаштык да, анын артынан азыраак чай ичтик. Аңгыча палоо келди, – «Таксыр мусалла менен кандайсыз». – деди бирөө Махмудхарыга карап.

– Алдыр-келтир, ал жаннаттын тамагы, – деди. Мен ошол жаннаттын тамагын эңсеп калдым. Аны жеш гана эмес, көрүүнүн өзү да мен үчүн кызыктуу эле. Ошентип, бейиштин тамагы да келди. Болгондо да, жылтырак шишелерде экен. Ооздорун ачып, пиялаларга куюп, бир баштан берип жатат. Кезек мага келди. Мусалланы колума тиери менен шарт жутуп жибердим, тамагымды кууруп, ичимди тызылдатып кетти.

– А Бекназар девана, мындан мурда мусалла ичкенсиңби? – деди Махмудхары мага карап башын чайкап. – Эмесе мунун касиетин угуп койгун, ал дүйнөдөгү жаннатка барганда, эсепсиз көп тамагынын ичинен ушул мусалланы тандап ичесиң да, жыргап жатасың. Бул кудайдын сүйгөн пенделери үчүн жаралган.

– Бейиштен муну ким алып келген? – дедим.

– Кудайдын кудурети менен келген.

Ушинтип, палоодон аздан алып коюп, мусалланы көтөрө бердик. Мунун бардыгы мечиттин ичинде болуп жатты. Мен анын мас кыларын билген да эмесмин.

Шайыхтардын семиздери мындай турсун, терилери сөөгүнө ширидей каткандары да тердеп, кээ бирлери кыңылдап ырдаса, кээлери олтурган эле жерлеринде, эки айылдын иттери бетме-бет чыккандай арсылдашып зикирге өтүштү. Мусаллага жакшы кызып алгамын, мен да катуу зиркилдедим. Ордумдан тура калып, зикирчилердин ортосунда чимирилип жүрдүм.

Бирок бул күнкү мусаллага тойгондогу зикирибиз аякталганбы, жокпу эч ким билбейт. Айтор, көзүбүздү ачсак таң атып калган экен.

– Мечитте уктаган адамдын даараты сынбайт, – деген Махмудхарынын айтуусу боюнча бетибизди жуубастан багымдат намазды окудук да, сыртка чыктык. Менин даааратым болсо мечитте эмес, талаада деле сынчу эмес. «Молдонун кылганын кылба» деген ушул экен.

## ШЕКШИП КАЛДЫМ

Мен он үч жашка чыкканымда, Махмудхары, баягы кумганчы амалымдан бошотту да, «Сарайчы девана» деген наам берип, башыма селде ороп, зыяратчылар алып келген малды камоочу сарайдын босогосуна суурдун эркегиндей кодойтуп олтургузуп койду. Намаз убагында мечитке, тамак убагында кемегелердин жанына барып кайткандыгым болбосо, сарайдагы малды таштап кетүүгө акым жок. Бирок намаздан да тамакты көбүрөөк эңсейм. Ал үчүн утур бир шылтоо таап эле кемегеден алыс кетпейм.

Күн сайын ондогон бодо, жүздөгөн жандык мал келип, шайыхтардын алкымынан ары урулуп тургандыгын ошондо байкадым. Ага чейин өзүм тамакка байланыштуу болгонум үчүн, кемегелердин башында, супалардын үстүндө кандай тамактарды кимдер жеп, кимдер, ичип жатышканын гана байкачумун.

Демекчи, мага девана деген наам берилгенден бери, шайыхтар олжо бөлүшкөндө кошо олтуруп, өзүмө тийген үлүштү алып жүрдүм. Бирок олжодон алганым мейли мал, мейли товар, мейли акча болсун, чыпчыргасын коротпой, Махмудхары өзүмдүк кылат да коёт. Анткени, мен кумганчы кызматымдан бошогонум менен, али анын үйүндө жатып турамын. Мейли, малдын, товардын, акчанын мага эмне кереги бар. Иши кылып, тамак көп болсо мага болгону ошол эле.

Көп күндөрдүн биринде, эл жатып, кыштак тынчыган кезде, олжо бөлүшчү жерге шайыктар бүт

топтолушту. Ардактуу орунда менин Махмудхарым олтурат. Бүгүнкү түшкөн акча, товар жана мал аларды кабыл алуучу деваналардын тизмелери боюнча эсептелет да, андан кийин ортого ташталып санактан өтөт. Товарлар, малдар сапатына жараша, бир нече топторго бөлүнөт. Акчалар жупталат.

Мындан кийин шайыхтардын даражасына, кадыр- баркына жараша эзелки тартиби боюнча тизмелеп, кимге кандай мал, кандай товар, канча акча берилери жазылып жатты.

Кезек мага келгенде:

– Жанагы жорго сур кунанды жазып кой, – деди Махмудхары өкүм сүйлөп. Тизмелеп жаткан молдо Садыкжандын колу калтырай түштү. Олтурган шайыхтар бирин-бири тиктеди, кээ бирлери башын чайкады, айрымдары көздөрүн сүзүп, теспелерин сыдырышты.

– Жаздыңбы? Дагы ким калды? – деди Махмудхары обдулуп. Ал кунанды Халил-Максымга берсекпи деген элем, – деди Садыкжан.

– А... өзүңдүн уулуңабы? А биздин уулга кунан жарашпайбы?

– Өз менен жаттын ортосун да байкооңуз керек эле.

– Ушундай, сөздү кыскартып, Бекназар деванага жазып кой.

Ушинтип, кунанды мага ыйгарышты. Мен бул жолу кожоюнум Махмудхарыга аябай ыразы болдум. Махмудхары тизменин башында турат. Анын үлүшүнө маалына жетпеген ак тайлак менен жалы керегедей тору айгыр жазылган. Тизмени жазып жаткан молдо Садыкжанга малдан бир иймек мүйүз көк уй, үч ирик кой тийген. Анын уулу Халил-Максым мага окшоп намаз окуп, орозо кармабайт, девана да боло элек. Ал үчүн кунанды алууга акысы да жок.

Бир күнү Махмудхары өзүнүн бир вуган иниси Сайипжан төрөнү өзүнө чакырды да:

– Кечээки айтканыңызды орундаттым, Бекназар байбачанын аброюн талашып жатып араң ажыратып чыктым. Бирок, Молдо Садыкжан баласына энчилеп берүүнү каалаган экен, ал капа болуп калды. Ал үчүн бул кунанды Бекназардан он жети сомго сатып алдым дегенди гана билгин. Бекназар, сен да, Кунанымды Сайыпжан акеме он жети сомго сатып жибердим, деп койгун.

Буга дароо эле макул болгонум менен, ичим катуу ачышты. Анткени, мен девана болуп туруп эмне үчүн бир кунанга ээ болалбайм деп да ойлодум. Мына, калдайган селде оронуп, кудайдын кишисибиз дегендердин напсинин тазалыгына да шекшип калдым.

## «ОЛУЯ» БОЛУУНУН ЖОЛУ ТАБЫЛДЫ

Махмудхарынын керемети деле жок окшойт. Ушул жерде олтуруп ууру кылып жаткан шайыхтарынын сырын билбеген «олуя» кимге пайда жеткирет. Олуячылык – ойдон табылган бир укмуш болсо керек. Мен да ушул шайыхтарга, жок дегенде алыстан келген зыяратчыларга бир керемет көрсөтүп, олуя деген наамды алгым келди. Бирок бул оюмду турмушка ашыруунун амал-айласын издеп таппадым.

Ушул жерде бир кызыкты айта кетейин, кылымдар менен жылдарды күндөр түзөт. Күн жетөө. Шайыхтар ушул жети күндү да; – «касиеттүү, касиетсиз, карик, март, кара нээт» дешип жетиге бөлүп ташташыптыр. Бул жетөөнүн ичинен, шейшембини «кырс күн» дешчу. Ал үчүн шейшемби күнү мазарга зыяратчылар да келбейт. Келсе да шайыхтар кабыл албайт. Махмудхары баш болуп бардык шайых өз-өз үйлөрүндө жата беришет.

Ушул көп шейшембинин биринде, Арсланбаптын кабырына мен күзөтчү болуп калдым. Дүйнөдө адамды мазар сактагыч кылбасын, эч ким жок...

Бар болгону узун сары жез кумганым, бир тоголок чайым, наным жана кантым бар, кантты биринчи көрүшүм. Бир сандыкчасын кызыгып жалай берип, тилим ачышканын түкүрсөм кан чыкты. Чайды кайнаттым да, кабырдын дубалынын түбүндөгү көлөкөгө олтуруп алып, тамактана баштадым.

Өзүм «девана» деген наамга жетишкеним менен, балалык кыял али калбаган экен. Анткени, бир чыны чайды куюп алдым да, канттын шириндигине кызыгып, аны арбын салып аралаштырып олтурам. Аңгыча мен түбүндө олтурган дубалдын кырына бир көк карга келип коно калды. Өйдө карай саларымда ал чалкасынан кеткенсип учту. Анын күүсү менен сакадай таш кулап келип, менин чыныма түштү. Аны акырын алдым да, дасторкондун бир четине коюп койдум. Тамактанып бүттүм. Дасторконумду жыйнап жатып жанагы ташты көрүп ала койдум. Ал купкургак, эми эле чайга түшкөн таш деп эч ким айталбайт. Бирок тамаксоо жаным жалай койсом шипширин экен.

Мына, көптөн бери ойлоп жүргөн олуя болуунун жолу табылды! Ушул ташты Махмудхарынын өзүнө жалатсамбы, же чоң топташты дал ушундай ширин кылып алып бардык шайыхтарга жалатсамбы? Жалатканда кандайча жол менен ишендирем, эгер ишенбей койсо эмне дейм. Бул үчүн көп ойлонууга туура келди.

Арадан көп күндөр өттү. Бир күнү дагы кабырга күзөтчү болдум. Кабырдан отуз метр ылдыйраактагы шылдырап агып жаткан тунук суунун боюндагы бир тарабы жар, үч таарбы дубал менен бүткөн, бойлуу адамдын төбөсү шыбына тиер-тийбес болуп турган заңкайган имарат мазарга сыйынууга келген оорулуу адамдарды кабыл алуучу жай. Кереметти дал ушул имаратта көрсөтүү ыңгайлуу экенин ойлодум.

Чоң чыны чайга кантты аябай эриттим да, тигил имаратка жайма жай олтуруп алып, жардын боорун-

дагы белгилүү таштарды омкоруп келип, топурагын тазалап, канттын эритмесине малып, күнгө кургатып кайра өз орундарына билгизбей коё бердим. Иш бүттү. Эми бул кереметти качан, кантип көрсөтүүм керек? Турмуш ага да ыңайлуу шарт түзөр. «Аракетте береке» эмеспи.

## КЕСЕЛ КЕЛИП КАЛГАНДА

Күндөрдүн бириндe мазардан ылдыйкы кашатчадан бир ак төө, бир акбоз бээ, үч ак сарыбашыл кой алышып, жоон топ адамдар чыга келишти. Алардын алдында күмүш жабдыктар салынган жорголорун ыргалтып, нооту чепкендерди баса кийишкен, кашкар калпактарын кайкайткан, элүүнү эбак ашкан эки адам, артында ак элечектерин заңкайта орогон эки байбиче, алардын артында ээр-токумунун алды-артына өбөк коюп жасалгалуу жаш келинди мингизип, бир адам аттын башын жетелеп, эки адам тигил келиндин оң-солунан сүйөп келе жатышты. Алардын сөөлөтүн, алып келаткан малдарын, артынган куржундарын көргөн шайыхтар, жумурткасын тиктеген таш бакадай чекчейишип калышты.

– «Я алла, кудайдын сүйгөн пенделери келе жатат» деп, башка зыяратчыларга, стампул көшөгөнүн артында олтуруп дуба берүүчү Махмудхары ордунан шашылып туруп, келаткандарды тосо басты. Махмудхары басканда, башка шайыхтар карап турмак беле. Азага бараткан кемпирлер сыяктанышып, анын артынан чубай жөнөштү.

Оорулуу келин менен аны алып келгендер баягы оорулууларды кабыл алуучу имаратка киргизилди. Махмудхары жана молдо Садыкжан баш болуп, атактуу эшен, кожо, молдо, шайыхтардын бардыгы тарпка конгон жооруларча оору келинди тегеректеп калышты.

Мына, менин көптөн күткөнүм, азыр орундалуу керек. Башымдагы куургучтай ак селдемди койкойтуп, бир жарым кезче келген «шыргыйдай узун» боюмду кодойтуп, кесел келиндин аяк жагына тура калдым.

Келиндин бетинин оту кызарып, эриндери менен көзүнүн айланасы көгөрүңкү тартып, көзүнүн агы көбөйүп, адамды көзүн аңтара тиктейт. Дем алышы ылдамдап, олтургандарды айландыра тиктеп жалдырашына караганда, жарык дүйнө менен коштошуп жаткансыйт.

«Булуттуу көктүн астынан,
Муундуу чөптүн үстүнөн,
Алп кара куш мингендер,
Айда сызып жүргөндөр.
Ажыдаар боорун тилгендер,
Ак жылан тилин билгендер» – деп,

Молдо Садыкжан жан-алы калбай жобурап-маарап келинди окуп жатат.

– «Тамыры таза, айыгып кетет, желдеп согушуна караганда, кепер ысык, карандай суу ичсе, аз күндө туруп кетет», – деп Махмудхары келин менен кошо келгендерди жубатып олтурат. Калган шайыхтар теспелерин бирден санап, эриндерин кыбыратып, көздөрүн сүзүп, зүкүт тартып үргүлөмүш болушат да, чочуган мүнөздө селт этишип, келиндин үстүн теспе менен чапкылашып, шуу-шуу дем салышат.

Эки кемпир келиндин баш жагында олтурушуп алып; «Айланайын кудай, айланайын Арстанбап ата... Айланайын азиз шайыхтар» – дешип, өздөрүнчө күбүр-шыбыр. Алардын бири келиндин өз энеси, бири кайын энеси, келинден обочороокто олтурган нооту чепкен, кашкар калпакчан кара сакал өз атасы, тигиниси кайын атасы. А тиги суксуйганы күйөөсү. Келин өзү Сарымсак бийдин жалгыз кызы, Кажыр бийдин жалгыз уулунун аялы экени эбак эле шайыхтарга белгилүү болгон.

«Э, мен да бир олуялыкты кылып көрөйүн, шайыхтардан каламбы» дедим. «Жа алла» деп ордумдан тике түйүлүп ыргып барып, чалкамдан жыгылып, тыпырап барып, сулк жатып калдым. Шайыхтардын кээ бирлери мага жетишип, башымды жөлөштү. Бирок менин башымды өйдө кылалышпады. Башымды көтөрүшсө эле зыңкыйып, жамбаш, тизе муундарымды ийбестен, типтик тура келем, башыма бир нерсе койсо, далым ийилбестен, дубалга жөлөгөн сокпелектей зыңкыйып тура берем. Менин бул абалымды көргөн Махмудхары:

– Ай-ай, тентак, тентак... Бул келиндин оорусуна алла-тааладан шыба алып келаткан периштенин канатынын көлөкөсү тийип кетти, тек койгула, азыр эс алып калат, – деди.

Мени алгачкы жыгылган калыбымча тынч калтырышты. Мен кереметти чындап көрсөтүү үчүн кыйла демимди ичке сактап турдум. Ал бүткөн боюмдун алкашалка тердей кетишине себепчи болду. Бир оокумда, оозумду үч-төрт жолу чоң ачып алдым да, жаткан калыбымча катуу-катуу дем алып туруп. – «Жа алла!» – деп ордумдан жер таянбастан ыргып турдум «я-я, ыраспы?» – деп, оң кулагымды асманга тосуп, баягы имараттын жар жак дубалына өтүп, «бысмыл абдырахман ыбрайым» деп, баягыда өзүм койгон белгилүү таштардын бирин ала коюп үч жолу жалап жибердим. Ширин эле бойдон экен. Экинчи ташты ала коюп Махмудхарыга сунуп, жала деп шаштырдым. Ал да колуна алган ташты үч жолу жалады «ошол таш менен тигил келаткан азазилди ур, ур тез, ур!» деп туталанып жибердим. Ал колундагы ташты сыртты карай ыргытты да, жакасын кошколдоп кармап, келме келтирип турду.

«Садагаң кетейин олуям, береки келин биздин жалгыз кызыбыз, булардын жалгыз келини эле, аман айыгып кетиши үчүн дем салып коюңуз» – деп

бир байбиче, менин жетим улактын шыйрагындай илбиреген бутумду кучактап, ыйлап жиберди.

Ичимен «И, эми таптың олуяны» деп, башкаларды карасам, бардыгы эле колдорун жакасына алышып, көздөрүн менден айырбай жалдырап калышыптыр.

Мен асманды карап – «Ак-ак-ак» – деп, үч жолу кыйкырып алдым да, андан кийин тигил оорулуу келинди көздөй бастым. Махмудхары ордунан тура калып мага жол бошотту. Молдо Садыкжан да эки колун бооруна алып, тура калды. Мен келинге жакын олтуруп, оң алаканым менен анын маңдайынан сылап:

Адам айтур, нени айтур?
Бирди кылгын эки деп.
Аллам айтур, нени айтур?
Алдамчылык чеки – деп.
Акыретке барайтур,
Азиз жаның эртелеп.
Ажал турат ийнинде,
Айталбаймын бөтөн кеп,
Ажал турат ийнинде,
Айталбанмын бөтөн кеп! –

деп, күн мурда даярдаган ырымды да аяктап, буркурап ыйлап жибердим.

Менин бул ырымды укканда тигил келинди алып келгендер да өксөп ыйлап жиберишти.

– Ай-ай, сабыр эткиле, алланын өкүмүнө каршы чыкпай келинди тезирээк алып кеткиле, – дедим. Бирөөнүн акысын алдап алууга жедеп кандым болгон шайыхтар гана эмес, алардын олуясы Махмудхарыга да менин бул кереметим жаккан жок. Алардын ой-пикири ак төө, акбоз бээ, ак сары башыл койлор менен ак куржундардагы мүлктөрдү аш кылып кетүүдө турду. Молдо Садыкжан мага карап:

– Ар кандай ишти алла таала өзү билет, – деп дагы бир нерселерди сүйлөп келатканда:

– Ай-ай, кудайдан өз күнөөңдү сура, өз күнөөңдү сура. Санжырхары бөлгөн түнкү сары серке, Кушубак казы келгендеги үч бут күрүч... – деп анын, мазарга келген назирлерден уурдатып алгандарын бир баштан санап келатканымда ал молдонун шаштысы кетип калды.

– Таксыр, ырахым этиңиз, – деп эки колун бооруна алып, менин маңдайыма тура калды да, – бул адамдар алып келген назирлерин ала кетсинби, же кудай жолуна калтырсынбы?

– Алып келген назирлерин алла-таала кабыл алган жок. Чыпчыргасын коротпой кайрып бергиле, – дедим корстон болуп.

Ушинтип, тигил эки-бий жетелеп келген назирлерин өздөрү алып, келинди аткарып ыйлап-сыктап, Арстанбап кыштагынан узай бергенде, оорулуу келин дүйнөдөн кайтты.

Эртеси багымдат намазын окууга баарынан эрте келдим да, даарат албастан мечиттин мерабына эшикти карап олтуруп алып, зикир чалып:

Эшен, сопу – буларга
Ишенипмин, бир алла.
Эл таламай, кески экен,
Карабаган убалга, – деп ыйлай бердим.

Менин бул зикиримди мечитке келген шайыхтар бүт чөктүшүп олтурушуп кайталашты. «Кески», «таламай» деген сөздөрдү түшүнүшпөсө керек. Күлүп жибергим келет. Ташпараң кылышынан корком. Анткен менен, сыр көрсөткөнүмдөн бери зоболом көтөрүлүп калды.

## ЗОБОЛОМ КӨТӨРҮЛӨ БЕРДИ

Менин олуя болушумдун сырын баягы колумду адалдаган Досмат шорпочудан башка эч ким билбейт. Кайсы шайых эмне кылып жатканын күн сайын ал мага айтып турат. Дайыма багымдат намазынан ки-

йин, кайсы шайых качан, каерде, кандай күнөөлүү иш кылгандыгын мен аларга айтып коёмун. Алар сөзсүз моюндарына алышат. Ошентип, былк эткен иштин бардыгын кереметим менен билип, бетке айтып олтурганым үчүн, мазардагы бүткүл молдо, эшен, кожо, шайыхтар менин гана оозумду карашат. Айтканым эки болбойт.

Ушинтип, зоболом көтөрүлүп, сонун «олуя» болдум. Адилеттүүмүн, тамакты башка шайыхтардан ашыгыраак жейм. Ал эми, акча, мал, мүлк жыйноону билбейм.

«Арстанбапта бир олуя бала бар экен, ал адамды көрбөй туруп, кимдин эмне иштегендигин мечитте олтуруп айта берет имиш» деген сөз узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына чейин угулду. Андыктан менин батамды алуу үчүн атайын алыстан ат арытып келгендер да аз болгон жок.

Алардын олуясы мен – үч жылдан бери даараты жок жүргөм. Анткени менен, шайыхтардын айыбын Досмат аркылуу айттырбай гана билем.

## ЖУМАБАЙ БИЙ КЕЛГЕНДЕ

Махмудхары олтуруучу супага караганда, менин бир жарым эсе чоң супам бар. Анын үстү килем менен жабылган, айланасына гүл эгилген. Андан алыс эмес жерде чайкана бар. Башка олуялардын бата берүүчү жеринде стампулдан жасалган жалаң кабат көшөгөсү болсо, меники үч кабат.

Күндөрдүн биринде аркадан зыяратка келген Жорукту уулу Жумабай бий менин супамда тамак уюштуруп, жалпы шайыхтардан бата ала тургандыгы жөнүндө кабар алдым. Ошондо агаларым жана эжем эсиме түштү.

Баягы агам менен эжемди алып кеткен бий tууган ушул болуу керек. Мындан агаларымдын амандыгын кантип сурайм. Өзүмдү таанытсамбы? Жок, анда жа-

цылышып, шайыхтардын алдында шерменде болом. Анын себеби бар эле:

– «Беке кайсы жерликсиң?» – дешип сурашса.

– «Туулган жерим Туркстан мазар, өскөн жерим Бухар-Шариф мазар, жеткен жерим Арстанбап азиз» – дей турганмын.

Жумабай бий келди, бирок аны үстүмө кийирбедим, – «Аа, Жорукту уулу Жумабай бий, бери карап чөк түшүп олтур» дедим. Ал мен айткандай, үч кабат көшөгөнүн сыртына чөк түшүп олтурду.

– А бий, бул жакка мындан алты жыл мурда келген экенсин, го.

– Келген элем, таксыр, келген элем! Анда жакын тууганым Асан уулу Артыкбай калпа да бар эле, таксыр!

Мына менин оюм туура чыкты, баягы тууганымдын өзү.

– А-а- билем... дедим,- анда ата-энеден жетим калышкан сагырларды да алып кеткен экенсиңер, ал үчүн чоң сооп таапсыңар.

– Ооба, таксыр, Арзымат деген агаларыбыздын эки эркек, бир кыз баласын алып кеткен элек.

– Билем, билем, – дедим, көзүмдү сүзүп, бирок үч кабат көшөгөнүн ичиндеги адамга тышкылар даана көрүнгөнү менен алар мени көрө алышпайт.- Кыздын аты Төрайым, уулдардын аттары Токтоназар, Эрназар экен.

– Ушинтип, «олуя» баланын зоболосу дагы көтөрүлдү. Жумабай бий бала-чакасы менен Арстанбапка арнап алып келген назирлеринен тышкары бир тору жоргону мага тартуу кылды. Назир үчүн өткөрүлгөн малдары мага эбак белгилүү болгон. Тору жоргонун чылбырын мойнуна салып менден бата сурап келгенде, жок жердей сөздөрдү божуратып жакшы бата бердим да:

– Бурадар[1], Жумабай бий, бул жоргону мурда берейин деп ниет кылбапсыз. Ал үчүн бул жерде алып

---

[1] Тажикче жолдош

калууга акым жок, бирок чын ыкласыңыз менен берүүнү каалаласаныз...

– Чын ыкласым менен таксыр, чын ыкласым...

– Андай болсо, карамагыңыздагы Арзымат уулу Токтоназарга апарып, Арстанбаптын бала шайыгы Такизанын наамынан белек кылып берип коюңуз. Ал балага азыр бербеңиз. Жакшы тарбиялаңыз деп жоргону өзүнө тапшырдым.

– Таксыр ал бала азар тартпайт. Өзүмдүн тарбиямда өсүп жатат.

– Эгерде анын кичүү иниси Бекназарды тапсаңыз ала кетиң, таппасаңыз башы таз болуп барышы мүмкүн. – дедим да өзүмдү ага эч көрсөткөн жокмун.

Бирок ал аркага барганда «Олуя баланы көрдүм, ай десе аты жок, күн десе көркү жок шынга бойлуу, толмоч, бетинин оту эндик койгондой кызыл, аксаргыл, маңдайы жайык, балкайган жигит экен» деп даңазалаганын мен кийин элден уктум.

Ошол «Жумабай агам мактаган» балкайган жигит – күчүк мүлжүгөн жетим улактын чыйбытындай болгон ушул мен – өзүм элем.

## КОШТОШУУ

Чынымды сүйлөйүн. Зоболомдун тез көтөрүлүп, он беш гана жашымда Арстанбаптын шайыхтарынын мага баш ийип турушу, кийим-кечек, тамак-аш, акча, мал дегендей турмушта керектелүүчү нерселердин бардыгы өзү эле келип жатышы кимди кызыктырбасын, өмүр бою ушул мазарда калгым да келет. Бирок аркага кетишкен бир туугандарым менен чогуу болуу андан да ырахаттуудай сезилет. Экинчиден, чымынга торун жайып, өз ийининде жаткан кара курт окшоп, таң аткандан керели кечке үч кабат көшөгөнүн ары жагында, супага ким келер экен деп суксуюп олтуруу өзүмдү жадатса, үчүнчү-

дөн, калп жеринен «олуямын» деп, адамкерчилик сыпатка жакпаган алдамчылык менен күн көрүүнүн өзүн ойлоп, мазардын маалесине бир минут тургум келбейт.

Көбүнчө Жумабай бий келип кеткенден бери, аркага кетүүнүн айласын күн эсимден, түн түшүмдөн чыгарбайм.

Күндөрдүн биринде баягы Досмат шорпочуга сыр айттым. Ал менин оюма толук кошулду. – «Уулум, эсиң бар экен, алдамчылык менен бир күнү жыргаганча, чындык менен чычаладай күйүп кетиш артык» – деди. Ушинтип, кетүүгө кам көрө баштадым.

– Олуяга оомат жокпу? Алдымда токулгалуу ат, үстүмдө бир сыйра кийим, жанымда пул, куржунумда мүлк да болду. Булар, бир жыл ичинде мага түшкөн назирлердин ондон бирине да арзыбайт. Калганын бүт бойдон Досмат шорпочуга өткөрүп бердим да, жаныма жолдош албастан, Бухар-Шариф мазарына барып, изарат кылып келем деген шылтоо менен жөнөп кеттим.

Убада боюнча Досмат шорпочу мени Дашмандын түнт токоюнан тосуп алды. Ал ээрчитип олтуруп, Кең-Колду гана эмес, анын катмарындагы Кекиликтин дабанын да ашырып:

– Кош эми Беке, – деп колун сунганда.

– Жок, Досмат аке, мен сиз менен далай жолу жүз көрүшүп, даам татышам. Бирок, азыткыдай алдамчы динге экинчи кайрылбайм дедим.

## КАЛПАСЫ КАЛЫҢ АЙЫЛ

Ошентип, учурагандан сурамжылап олтуруп туугандарымды да таптым. Эжем менен Токтоназар Жумабай бийдин, Эрназар болсо Артыкбай калпанын колунда экен. Бир туугандарым менен кубанычтуу учурашып, белек-бечектеримди бердим... «Мен Бе-

гиш уулу» дегендин бардыгына жолугуп чыктым. Анткени, менин туугандарым кыргыз болуу менен, анын ичинен саяк, саяктын ичинен бегет, бегеттин ичинен – Бегиш уулу болот экен.

Алар тоголок токсон түтүн, мунун ичинен алтымыш төрт түтүнү дин адамдары болуп, кудай менен айкалышкан ысык дос. Ачык айтканда, жыйырма үчү калпа, экөө эшен, бешөө ажы, үчөө молдо, отуз бири дубана- бакшы болгондуктан, айылга жин-шайтан жолой албай, жалаң эле периштелер «казганактап жатыптыр». Бул көрүнүштү кадимки кара Курман мындай деп ырдаптыр:

«Бегиш уулу бүт калпа,
Бет алса элге жут канча.
Берени имиш Артыкбай,
Шарыят айтат үч ача.
Уурусу Буйлаш жаш калпа,
Эт бөлчү калпа эр Калча.
Уурдап жешти кой түгүл,
Уй, жылкыдан бир канча.
Учам дейт бакшы Үкүсү,
Кой-кой дейт сопу Бөкүсү.
Олуя болдук деп жүрөт
Толубай баштан нечеси.
Бардыгы арсыз алдамчы,
Башында ой жок арданчу.
Абдыракман Эшени
Аларга дайым жардамчы.
Асмандагы кудурет
Энчини оңдоп бөлгөнбейм.
Калпалыкты-калпты бүт
Бегиштерге бергенбейм.
Ар калпанын үйүндө
Жатат дейт миңдеп периште
Тебелетип ийбесин,
Бегиштер менен керишпе.
Ачууланышса арсылдап,

Ажалды кууйт дейт өрүштө,
Ушунусу чын болсо,
Балакет түгүл – жин, шайтан,
Баш багалбайт Бегишке».

Ушул ырды укканда, мен кандай кубандым. Өзүмдүн «касиеттүү» элдин уругунан экендигиме ыразы да болдум. Баягы Арстанбапта олуя болуп, тамак жештен колум бошобой, айында, жылында бир жолу араң жуунгандыгымдан болсо керек, башыма кубак түшүп, акырындык менен ырбап бараткан эле.

«Балакет түгүл жин, шайтан,
Башбагалбайт бегишке», –

деген саптарды укканда башымдын кубагы бир-эки күндө эле айыгат экен деп кубанычым койнума батпай калды.

Келгениме жарым айча болсо да, башымдын кубагын эч кимге көрсөткөн эмесмин. Тигил ырды укканда – «Мен да Бегиш уулумун. Андан калса, бегиштердин ичинде Артыкбай калпага жакын тууганмын. Ал, калпалардын берени, ага башымды көрсөтүп дем салдырайын да, бул кубактан дароо кутулайын деген ой менен Артыкбайга барып башымды көрсөттүм. Ал дем салып айыктырып коюунун ордуна колу менен кармабай, жакын жерден тиктеп көрүп;

– Ой оңбогон Бекназар, биздин урукту сен бузат экенсин, таз турбайсыңбы? – деди.

– Кубак эле...

– Таздын өзү, тим эле желеленип ырбап баратыптыр, айылдагы бала-чакаларга жакын жолобо, баарын таз кыласың.

– Дем салып эле айыктырып койбойсуңбу?

– Таз жарасы дем салганга айыкпайт. Бул бир балакет.

– Балакет болсо – «Бекназар деле Бегиш уулу» – деп ал балакетти кетирип жибер да.

– Эмне деп жатасың?

– «Балакет түгүл жин-шайтан, Башбагалбайт Бегишке» – деп эл ырдап жүрбөйбү? Анан бегиштердин ичинде мени эле балакет баса береби? Алтымыш төрт олуя бир экенсиңер, чогула коюп эле менин башымдагы бир балакетти кууп жибербейсиңерби?

– Мына сага кууп жиберсе, – деди эле жаагым чуу дей түштү. Мен, «балакетти ушинтип кууйт экен» деп, экинчи жаагымды да тосупмун, удаа-удаа урулган шапалактар жанымды кейитип жибергендиктен, ордумдан тура качтым да, обочороок барып башымды сыйпаласам, баягы кубактар калыбынча эле экен.

– Айланайын Артыкбай аке, башымдагы балакеттер качпай эле жүрөт го?

– Жогол, экинчи менин алдыма келбегин!

Мен туура эле Жумабай бийге келдим да, болгон окуяны ага бүт айттым. Ал мага эч сөз айтпастан, тигиндейрээкте өтүп бараткан Толбай дубананы чакырып алды да: – «Сен деле Бегиш уулусуң, береги жетимге кыйыр туугансын, сооп үчүн ушул баланы багып, башын айыктыргын да, биротоло бала кылып алгын» – деди.

Толбайдын баласы жок экен. Ал мени ак ниети менен алып кетти. Артыкбай менен Жумабайдан кыйыр туугандын жакындыгын ошондо түшүндүм.

Ал мени үйүнө алып келди да. – «Башыңды сөзсүз айыктырамын, бирок азырынча мезгил эмес, сен койдун кезүүсүн кайтарып, отун-потун алып Токмок жеңеңе каралашып жүрө бер. Анан кыюусу келгенде эле, башыңды бирпаста айыктырып коём» – деп койду.

Мен бегиштердин калпа, дубаналарынын берени Артыкбай эмес эле Толбай экен деп чечтим. Анын айтканын катасыз аткарып жүрө бердим. Куйкамдын теңгедей жерин ала калтырбай курт текши жеп жатат.

Кеч күз. Шашке чен. Толбай дубана жылкынын таз кардын ичиндеги мүлкү менен кошо көтөрүп келди да, «Кана Бекназар, укабыт жетти, башың-

ды айыктырамын» деп чоң чаркарына кийрип, эки түркүктүн ортосуна эки колумдан керип байлады да, башымды нымдап туруп кырдуу жарака менен жышты, менде айла канча «Эски обонду муңканта салып», башымдан аккан кочкул канга көзүмдүн жашын кошо агыза бердим.

Дубана башымдын канын жылуу суу менен чайкады да, алып келген таз карынды ичиндеги кыжыган курту менен кошо башыма каптап, сыртынан калын жоолук менен бошураак ороп таштады. Жарым саатка чейин жаным жыргап турду. Анткени, башымдын кычышканын бирөө кандыра тырмап жаткансыйт. Андан аркысы азабымды колума берди...

Башымдын бир жерине ийне сайылса, экинчи жери бурчуланып, үчүнчү жерине мык кагып жаткансыды. Жанагы обон дейсиңерби, тим эле апендения эшегиндей айкырдым. Колум байлалуу, дубана жок, алым кетип, араң эле кыңылдап калган кезимде Толбай дубана кирип келди да:

– Мына, азыр айыгасың, – деп, ээгимден алаканы менен сүйөп бетимди тиктеп турду, башымдагы таз карынды шашылыш алып таштап, колдорумду чечип жиберди. Мен үстөмөнүмдөн көмөлөнүп кеттим. Көзүм караңгылап көпкө чейин олтурдум. Толбай үйүнө алып келип, даамдуу тамакка тойгузду. Башымдын нымын кургатпай ыштуу курмушуну күйгүзүп ысыгы менен басты. Башымдын кыртышы капкара карт болду да калды. Кычышканы жоголду.

Үч күндөн кийин Толбай дубананын көрсөтүүсү менен башымды жылуу сууга самындап жуудум. Күзгүгө келип карасам куйкадан из да жок, дандыйып башымдын сөөгү гана калыптыр.

– Э-Токмок жене! – дедим.

– Ыя.

– Чачымдын тамыры деле калган эмес го?

– Ийи өнөнөйүн, башың аман болсо болдучу, чачың чыкса – чыгар, чыкпаса дайыма таза болосуң?

Ырас эле, чач чыкса чыксын, чыкпаса койсун, башым эле аарчыган мандалактай дындыйып эсен жүрсө болгону деп ойлодум.

## ТОКМОК ЖЕҢЕНИ ЭЭРЧИГЕНДЕ

Күндөрдүн биринде Толбай дубана мени чакырды да: «Токмок жеңеңди төркүнүнө ээрчитип барып кел» деди.

– Төркүнү кайда экенин билбейм да.

– Бул жерден жөнөгөндө эле Байбиче-Булак, андан ары, – Бууракандын бели, анан Кара-Суунун ичи, андан өткөндө- Бөрү-Дөбөнүн бели. Ары жагы- Узун-Булак, өтө берсең, – Бозокананын чаты, анан ары Ничкенин өрдөшү, анан Көкө-Булак, өйдө чыксаң- Бел-Башат. Белди ашсаң, – Узун-Кадуу, андан өтсөң, – Коргон-Жар, аркы өйүзү – Жердештин бели, белден түшсөң Жердиктин ичи, туура барсаң, – Четиндин оозу, өрдөп чыксаң, Кургак-Четиндин бели, белдин алды Кашка-Суу, ары барсаң Ийри-Суу, жеңеңдин төркүнү дал ошол жерде.

– Ооп ий… дубана аке, ошончо көп жерге канча жылда жетебиз.

– Жакшы бастырсаңар түшкө чейин эле барып каласыңар.

– Кой-кой дубана аке, бизди алдап, жердин экинчи бир четине жиберип жатат окшойсуз. Мен ага баралбайм. Анжыяндан аркага чейин эле атты жакшы бастырып үч конуп, төртүнчү күнү араң жеткем, анан сиз айткан жерге батпаган көп жерлердин ар биринин арасы үч, төрт күндүктөн болсо, Ийри-Сууга чейин кеминде үч-төрт жылдык болбосо да, үч-төрт айлык жол го?

– Жок бүгүн эле барасыңар.

– Мейли, бирок бүгүн жетпей калсак эле, кайра ээрчитип баса берем, -дедим.

– Жеңемди ээрчитпей эле, жол билбегендигим үчүн аны ээрчип жөнөп калдым. Короону айланып элүү метрдей узай бергенибизде, кашатча жардын түбүнөн чыккан булак экен. Биз сууну ошондон иччүүбүз.

– Э Токмок жеңе!

– Ыя.

– Береги биздин булактын аты эмне?

– Байбиче-Булак. Андан жүз элүү метрче узай берип кичинекей, жолго чыктык.

– Э Токмок жеңе!

– Ыя.

– Ушул жердин аты эмне?

– Буураканды̆н бели.

– Ары жагында агып жаткан чоң суу, Толбай айткан Кара-Суу экенин, анын ары жагындагы белес, – Бөрү-Дөбөнүн бели экенин айттырбай эле билдим. Бөрү- Дөбөнүн белине чыга бергенде:

– Мынакей, ушул белден ары тартып, учураган элдин баары мага төркүн, – деди Токмок жеңем жайдаңдап.

– Анда мага аялдары кудагый, эркектери куда болот го?

– Ошентет.

– Кыздары эмнем болот?

– Кудачаң.

–Зайынтарычы?

– Кудагый.

– Катындарычы?

– Алар да кудагый.

– Келиндеричи?

– Койчу чечен, тамашалабай жөн бастырчы.

– Жок жеңе, тамаша эмес, айтып берсеңиз, келиндери эмнем болот.

– Аял, зайып, катын, келин бардыгы эле ургаачы болот.

– Анан эмне үчүн башка-башка ат коюлат.

– Дөөдүрөбөчү, – деп жеңем кагып койду. Андан кийин мен да унчуккан жокмун. Жердиктин белинин түшө калышында көп айыл бар экен. Биз баруучу жол ошол айылды аралап өтөт.

Айыл ичи ызы-чуу, аяк быяктан эл өкүрүп келип жатат. Энекем деп бир аял диңилдете кошуп жатат. Эмне кылуу керек, Жеңем Бөрү-Дөбөдөн берки элдин баары төркүнүм дебеди беле. Ал үчүн өкүрбөсөм кудалар таарынып калат го деп күтүлбөгөн жерден:

– Эс кайран кудагый ой-ой! – деп, чыйылдаган обонду коюп жибердим.

– Ой... айланайын, кимге өкүрүп жатасың?

– Кудагый өлгөн турбайбы – ошого.

– Айланайын апакем ой-ой! – деп Токмок жеңем бакырганда эки бетинен кан кошо кетти. Мен өзүм барып түштүм, он чакты аял Токмок жеңемди жүгүрүп тосуп алышып, жулкунтуп өлүктүн үстүнө алып кирип кетишти.

Убакыт көп өткөн жок. Токмок жеңем томсоруп кайра чыкты. Анын эки бетинде тең кан сызылып чыгып турду.

Ал айылдан обочороок узап чыктык.

– Э жашабаган Чүчө (мени жеңелеримдин бардыгы ушинтип «урматтап», өз атымды айтпай тергеше турган) чоочун эле бирөөгө өкүрүп, эми мен элге шерменде болбодумбу. Кимге тытындың дешсе эмне дейм?

– Эмне десен ошол де, сени мен тытын депминби?

– Анан эмне үчүн кудагый өлүптүр дейсиң.

– Бөрү-Дөбөдөн бери тартып учураган ургаачылардын бардыгын кудагыйын болот деп өзүң айтпадыңбы. Анан мен, кокустан кудалар тарынып калышпасын деп өкүрсөм эле – «Ой айланайын апакем оой» – деп оозуңду араандай ачып, бетиңди тытып алганыңдан, мен да көпкө чейин тынбай өкүрбөдүмбү?

– Ким экенин билбей, эле өкүрө бересиңби?

– Ушул жактын баары эле мага кудагый үчүн өкүрдүм да. А өзүң эмне билбей туруп эле «апакелеп» бетиңди тытасың. Деги сенин апаң канча эле, ошону айтчы?

– Эми эмне кылайын? Сага сөз жок. Деги атам тааныган айыл болсочу. Өлбөгөн эле төрт шыйрагым калбадыбы. Олдо шордуу жаным ай, бетимди тытып алганымды карасаң, акылсыз башым, апам оорусунан айыкпай эле, мерт болуп калган экен деп ойлободумбу.

Жеңем мага күнөөнү шыйгара албагандан кийин өзүнчө кейип-кепчип келе жатты.

– Кой эми, калп эле кейий бересиңби?

– Кейибегенде эмне кылам! Элге эмне деп жооп айтам.

– Жанагы аял өлгөн жерде сени тааныган бирөө бар бекен?

– Тааныш айлансынбы, такыр эле чоочун.

– Өзүңдүн ким экениңди айткан жоксунбу?

– Айтып мактанмак белем.

– Эмесе шылтоо оңой, эч ким сезбей кала турган жооп табабыз.

– Ий акылыңдан айланайын Чүчө, ал кандай жооп?

– Абал берериңди айт.

– Деги эмне десең Токмок жеңең даяр, кагылайын.

– Баягы бокчодогу кара көрпөнү, кызыл манат тыштап мага тебетей жасап бересиңби?

– Аясам Токмок атым өчсүн!

– Эмесе, жанагы жерде – «бул аял ким, кайерден келетасыңар, кайда барасыңар» – дешип менден сурашты – Кызыл-Үңкүрдөн келе жатабыз. Өзүбүз Ат-Башылык болобуз – деп жооп бердим.

– Бул өлгөндүн эмнеси болосуңар? – дешет.

– Биздин элдин шарыятында өлүк баарыга тең болот. Тигил жакыны, бул алысы дебейт. Колунан

келгени кошумчасын берет, колунан келбегени бизге окшоп көз жашын, беттин канын төгөт, – дедим. Алардын баары ишенип калды.

– Олдо акылыңдан айланайын Чүчөм аа, мындан ары сага келген балаа мага эле келсе экен, – деп мени жандай бастырып, алаканы менен ээгимди экчеп койду.

– Эмесе аттан түш.

– Мына кагылайын, эмне десең даярмын.

– Жеңем түштү. Мен чөнтөгүмдөгү макимди алып, анын атынын басмайылын тең ортосунан кыркып жибердим да, кайра муштумдай кылып түйүп, атынын белин тарттым.

– Э айланайын Чүчөм, бул эмнең?

– Бул шылтоо.

– Кандай шылтоо.

– Жолдун боюнан суур чыга калып, ат үркүп жыгып кетип, үзөңгүгө буту илинип калып, басмайылы үзүлүп кетип, атты кармап, кызыңарды аман алып калдым деймин.

– Алда акылыңдан айланайын ай, жеңең сага садага болуп кетсин...

– Эми мындан ары чүйгүн тамактарды мага сактап берип жүрөсүңбү?

– Эмне десен, жеңең даяр! – деп, маңдайымдан өөп койду.

Ушинтип, Ийри-Сууга кеч бешимде жетип бардык. Бизди көрө коюп, алты-жети жашар кыз:

– Кудаяй-кудаяй, эжем эле келетат, Токмок эжем келетат, – деп алды жагыбызда так-так секирип келе жатты.

– Чуркаба, кыйкырба, аты үркүнчөөк, эжеңи жыгып кетет.- Ал кызды алдыма салып, артына карай кубалап алдым. Аңгыча үйдөн энеси чыга калып.

– Ий садагаң кетейин, Током келеткан турбайбы, эй, үйдөгүлөр, чыгып ат алгыла. Биз жакын кирип бардык. Токмок жеңемдин бетин көрө коюп:

– Кокуй, кудай, бетиң эмне тытылган!

– Ээ айланайын кудагый, экөөбүздүн ит жеминдей ырысыбыз бар экен, жолдо келе жатып, жакын жерден суур чарылдап жиберсе, береги арам өлгүр үркүп, кызыңызды жыгып кетсе болобу. Ботом үзөңгүгө буту илинип калып, басмайылы үзүлүп кетип аман алып калдым...

Кудагый оокаттуу киши экен. Токмокту аттан түшүрбөй туруп, бир кесе сууну башына айлантып чачты да, андан кийин бир кара улакты алдырып келип мууздатты, жаны чыга электе, өпкөсүн суурутуп, Токмок жеңемди башка, көзгө чапкылап «Садага-садага» деп бүткөндөн кийин, бизди үйгө кийирди. Айылдагылар чогулуп бардыгы Токмок жеңемдин ал-жайын сурап жатышты.

– Менден сурап эмне кыласыңар, береги кайнимдин азаматтыгынан ажалдан калдым, мени коюп, ушул кайнимди сыйласаңар болот, – деди жеңем.

Ошентип, бул айылдан кайра кайтканча кадырдуу мейман болуп, каалаган тамагымды жеп-ичип жыргап жүрдүм.

Токмок жеңем да – «Кайниме тамакты утур-утур төтөлөп берип тургула» деп энесине эчен жолу тапшырып, өзү бетинин жараты айыгып, тагы өчкөнгө чейин төшөктө жатты.

## ШАШКЕДЕГИ ЗООР

Жеңемдин бети таза айыкты. Үйгө келгенибизге көп күн болду. Жеңем убадасында турду. Тебетей гана эмес, бир сыйра кийимимди да жасап берди. Чүйгүн тамак жашыруун түрдө мага гана арналат, кыскасы, Токмок жеңем көзүмдүн агы менен тең айланат.

Күндөрдүн биринде биздин коңшубуз Ырайымкул калпа бүгүн кечинде бегиштердин алтымыш төрт олуясын бүт чакырып, ооз ачырат экен деп уккамын.

Ал түгүл кечинде келүүчү калпаларга багыштап бир семиз тайторпокту жыкканын көргөмүн. Ошентип, эл орозо, менин оозум ачык. Муну Токмок жеңем билет. Толбай дубана билбейт. Кой кайтаруунун кезүүсү бүгүн да мага келди. Токмок жеңем кечке жетерлик тамакты чаначыма жашырып салып берди. Кечке жайытта жүрдүм, кечкисин койлорду эртерээк алып келдим. Анткени, Ырайымкул калпа ооз ачууга Толбай дубананы да чакырат, аны ээрчибей Бекең кантип үйдө калат. Эрте келүүнүн себеби мына ушул.

Келсем иш башкача, калпаларды бүгүн Артыкбай калпа чакыргандыктан, оозду Артыкбайдыкынан ачып, зоорду Ырайымкулдукунан ичүүнү чечишкен экен. Калпалардын ооз ачкан жерине баргым келет. Бирок баягыда – «экинчи менин алдыма кайрылып келбегин» – деген Артыкбайдын сөзү эсиме түшүп улутунуп олтуруп калдым.

Токмок жеңем жакшынакай тамак жасаптыр. Алдыма койду. Экөөбүз жанаша олтуруп алып жакшылап жедик. Андан кийин мал-булду жайлап, кечки иштелүүчү жумуштарды бүттүк да, дубананын келишин күттүк.

Дубана Ырайымкул калпа экөө бирге келди. Биздин эшиктен өтүп бара жатып:

– Толбай, сен ошентип калпалар келерден мурдараак туруп баргын. Эт болсо эбак бышып даяр болгон, кыркмасын өз убагында бышырып койгондой бололу. А мен болсом жанагы кер бээ чидээрип калыптыр, аны Кара-Колоттун башындагы өтөкчөгө аркандап, жанына жатпасам болбойт, – деди.

Ырайымкул калпа өтүп кетти. Биз тез эле жаттык. Бирок уйкум келбейт. Анткени, баягы Арстанбапта жүргөнүмдө эле орозонун касиети менен тамак уурдоого жакшы машыгып калгам. Мына, азыр да орозо. Ырайымкул калпаныкында семиз торпоктун бышкан эти турат! Тамакка жакын жаным дал ошол этти эңсей берип өзүмө тынчтык бербедим.

– Жа, орозо колдо, – деп ордумдан туруп, Ырайымкулдукун көздөй жөнөп калдым. Жетип да бардым, аялы жана кызы уктап жатыптыр. Керешкесин чечтим. Ашкана тарапты карай акырын жылып баратсам, колум чака-челекке бир тийип, анын үстүнө иретсиз жыйнап койгон идиштери калдырап көчүп кетти. Башка тилдерди көп билгенимдин бир пайдасын ошондо көрдүм.

– «Мыяуу-мыяуу-мыяуу» – деп калдым. – «Э Сүйүмкан!» – деди Ырайымкулдун аялы кызын ойготуп.

– Ыя.

– Үйдө мышык жүрөт, жанагы бышкан эттерди бекем бекиттиң беле?

– Ооба апыке, эки чоң чарага бөлүп салып, ашкананын оозу жакка коюп, бирине кичине казанды, экинчисине казанбакты көмкөрүп койгом, мышык эмес, ит келсе да ачалбайт.

«Берем деген кулуна, белен кылат жолуна» деген ушул. Демек издеп келгеним кайсыл жерде экенин жакшы билдим. Бир азга унчукпай жаттым. Тигилер кайрадан уйкуга киришти. Ордумдан туруп, чыгдандын башын сыйпаласам, чоң дасторкону арта салынып турган экен. Аны алып ашкананын ооз жагына өттүм да, эки чара эттен эч нерсесин калтырбай дасторконго ороп, көтөрүп чыгып кеттим. Аны айлыбыздан жогорооктогу ээн тамдын башындагы чөпкө апарып бекитип койдум да, кайра келип ордума жатып алдым.

Уктап калган экенмин. «Бекназар, эй Бекназар – деди Толбай дубана, – тур, тигил Ырайымкул калпаныкына жардамдашып коёлу».

– Мына, азыр. Ордумдан тура баштадым. Толбай, калпаныкына кетип калды. Токмок жеңем кийимкечемди кийгизип, жеңелик мээрин көрсөтүп коюп, үйдө калды. Барсам калпанын үй-бүлөсү туруп, чоң казандагы шорпону тулгага асып ысытуу үчүн от тамызып жатышкан экен. Аңгыча, кер бээсинин

кулунун телчиктирип коюп Ырайымкул калпа да келип калды.

От алоолоп күйө баштады. Калпанын байбичеси шорпону асып коюп, ашкананын ооз жагына басып барды да – «Апаам... бул эмне деген шумдук!» – деп үнүнүн бардыгынча бакырып жиберди.

– Ай-ай, сабыр кыл, сабыр кыл, эмне икая болду? – дешип калпа менен дубана тура калышты.

Бышкан эт бүт жок. Калпа аялы менен азыраак алым-сабак айтышып, кичине мыкыйлашкандан кийин, калган чийки этти бүт салууга туура келди.

Ушинтип, зоордо тамактануу үчүн келген калпалар Сары ийметкин кулжаларындай дардайышып олтурушканына көп убакыт өттү. Казандагы эттин кызыл түсү араң эле өчтү. Таң да атып кетти. Тамак али даяр болбогондуктан, калпалар жай издеп олтурушуп, ичине күндүн шооласы түшпөгөн караңгы тамга олтуруп зоор ичүүнү чечти. Андай там да даяр болду, чаркардагы койлорду чыгарып жиберишти, төшөнчү салышты, калпалар ошондон орун алышты.

Эт шашылыш тартылып, тез желди, артынан чала ачыган кымыз да келди, антип-минтип күн аркан бою көтөрүлдү. Багымдат намазы да шашкеде окулду. «Сопунун көөнү азанда, сорготун көөнү казанда» болду.

## ЖУМА НАМАЗ ЭМНЕ ҮЧҮН КАЗА БОЛДУ

Ошончо күндөн ушул күнү, күнгө жума болуп калыптыр. Калпалар түш оой мечитке чогулушту. Даарат алышып жума намазга камданышты. Кайсыл калпанын жанына олтура калсаң эле, бир нерселер калдыр-күл- дүр болот. Ичи калдырабаган жалгыз эле мен. Анткени, түндөгү олжолоп алган бышык этке жакшы тойгонум үчүн Ырайымкул калпаныкындагы шашкеде ичилген зоордон ооз тийип эле тим болгомун.

Сапка тизилдик, мен имамга жакын жерден орун алдым. Имамыбыз Абдыракман эшен эле. Менин дааратым кандай экенин өзүм билем, ушундай кир жукпас, дат баспас, сынбас-бүлүнбөс дааратка жетишкеним үчүн өзүмө-өзүм ыразы болом.

Ошентип, намаз окуп жатабыз. Карабала сопу дегенибиз бар эле. Анын наамы сопу болгону менен, абдан кашеккор адам болучу. Шашкеде тамакка олтурса, кеч бешимде араң колу бошочу. Ага чейин дасторкондон баш көтөрчү эмес. Шашып да койчу эмес. Бир гана жакшы жери-өзүнүн саман тыккан чыпта каптай дардайган курсагын башка бирөөгө жүк кылбастан өзү гана көтөрүп жүрө берүүчү. Ошол сопу менин оң жагымда отурган... Эл намаз окуса ал эңкейбей же какайбай эле чөк түшкөн калыбынча кабагын чытып, беттеринин оту кызарып, эки колу менен ичин эле басат.

Байкап калдым, анын ичи ооруп жатат. «Аллоо акбар» деп саждага жыгылып баратып аны бөйрөккө чыканагым менен нукуп койдум. Артынан «буп» деген добуш чыкты.

– Таксыр, Карабала сопунун даараты сынып калды, – деп, Абдырахман сопуну түрткүлөп калдым. Ал деле угуп калган экен, калпалар күлүп жиберишти. Эшен да күлүүгө аргасыз болду. Намаз бузулду. Бардыгыбыз мечиттен чыгып, оңдоп даарат алдык. Намаздын экинчи олтурушуна, Карабала сопу, Нурматбай, Көчөрбай соодагер, Нуке дубана, Буйлаш калпалар болуп бардыгы он үч адам катышпай калды.

Намаз шашылыш окулуп жатты. Ортолоп келген кезде кандайдыр жаңы жыт каптап кетти. – «Таксыр, мечиттин ичи сасып кетти. Дагы бирөөнүн даараты сынды окшойт» – дедим. Эшен кабагын чытып, ордунан турду да – «Бүгүнкү жума намаз каза болду, келерки жума намазга кошуп окулат» – деп, башка сөз айтпастан сырты карай жөнөдү.

– Бүгүнкү кармаган орозобуз деле каза болуп калган. Шашкеде да зоор ичилчи беле!

Калпалар мени жутуп жиберчүдөй болуп тиктеп калышты.

## КӨЧӨДӨ КАЛГАНДА

Сөлөкөтүм куу дубалдын боорунан көрүнгөн көлөкөдөй «Эттүү-баштуу». Ээгим түгүл башыма да түк чыкпаган «татынакай» жигитмин. Кебетеме жараша кепти да кергиштете сүйлөчүмүн. Ал үчүн акырындык менен айылдагы калпалардан, андан кийин бардык калпалардан бөлүнүп кеттим. Толбай дубана: «Сага куттуу үйдөн аш берген киши аллатааланын алдында айыпкер болот» – деп, Токмок жеңемдин калкалоосуна карабастан, үйүнөн кууп чыкты. Батар тоом, барар жерим жок, узун жолго түшүп алып желип-жортуп баратып, Нусуп ажыга учурап калдым:

– И-Бекназар, кайда жөңкүдүң?

– Билбейм.

– Билбегени кандай?

– Калпалар – «куттуу үйгө жолобой жогол» дешкенинен эле куту жок үй издеп баратам.

– Алар эмне үчүн кууп жүрүшөт?

– Ырайымкул калпаныкындагы шашкедеги зоордо чийки эт жеп, артынан ачыбаган кымыз ичишип, жума намазын каза кылышканын туураганым үчүн…

– Кандай кылып тууураган элең? Көрсөтчү.

– Мен намазда олтуруп Карабала сопу кантип «буп» эттиргенин, Абдырахман Эшен алдыртан кантип жылдырып койгонун, Артыкбай калпа ал жытка чыдабай оозу, мурдун жеңи менен басканын туурап бердим. Нусуп ажы көзүнөн жаш чыккыча ыкшып күлдү да:

– Жүр, сага куттуу эле үйдөн тамак берсе болот, – деп өзүнө учкаштырып алып кетти. Ал туура

айлына апарды да, баласы Кудайназарды чакырып алып, – «Бекназарды жакшылап күтсөң, бардык ишке жарайт. Апарып бала кылып алгын» – деди.

– Башка да кандай тил билесиң?, – Кудайназар каткырып күлгөн калыбынча менден сурады.

– Көп.

– Көп болгондо кайсылар?

– Төрт торпоктун, эки текенин, бир мисченин, төрт иттин тилин билем. Алардын суроосу боюнча бардыгын туурап бердим. Күлө беришип, суй жыгылышты, Андан кийин Ажар ашканасына өттү да, эки нан менен бир аяк жуурат берди. Өзүм кичине болгонум менен, ичтүү-боордуу, жашырбай айтсам көк чылгый курсак элем. Эки боо чөптү көтөралбай жарым боосун арттырып коюучумун, бирок өмүрүмдө алдыма келген тамактан жарым кашык арттыруудан арданчумун. Анткени, кокус бирөөлөр, – «жамандан жарты кашык аш артат» дешсе, өзүмө сөкөт тиеби дечүмүн. Ардуу-намыздуулугума жараша, тамак эле табылса болду, кардым керилип, чоюла берүүчү.

Ажар алып берген эки нан менен бир аяк жууратты алкымдан ары кымырып койдум да, ашкана жакты тиктеп олтуруп калдым. Кудайназар байкап калган экен.

Мына жигит ушундай сыпаа болсо... Тур, Ажар, Бекеми тойгуз, адамдын сыпасына алты, жети нан кеппи, – деп жылмайып койду.

Ажар унчукпай ашканасына өттү да, жанагыдан кылым чоңураак кызыл сыр аякка толо жуурат менен үч нанды алып келип алдыма койду.

– Арттырбагын, – деп акшыя карады.

– Сыпаа киши да тамак арттырчы беле, кызык экенсиз, жеңе, – дедим.

Ушинтип, менин кыргыз тилинен башка он беш түрдүү тил биле турганымды жана өзүмдүн барып турган «сыпаа» экенимди Кудайназар менен Ажар экөө барган эле күнү билип калышты.

## КИМИБИЗ АЙЫПТУУБУЗ

Мен Кудайназар байдын өзүнөн да ашканасын жакшы көрүчүмүн. Кокус үй ээн калса, ашкананын азабын колуна берер элем. Ашкананын төр жагындагы арча баканда илинүү турган чоң кара көнөчөктүн кадыры көнүлүмдөн бир минутага да чыкчу эмес. Анткени, ага жыйналган каймактан мен эки олжо табуучумун. Ичиндеги каймагын жеп, ордуна сүттөн куюп, актаган таруунун (тегирменге тартылган) майда сары сөгүнөн себелеп коём. Ал, эски каймактай саргайып тура берет. Муну Ажар билбейт, көнөчөгү толор менен сызгырат. Каймагы кадимки эле сүт сыяктуу көбүрүп-жабырып кайнай баштайт. Акырындык менен соолот да, жок дегенде сокур уртам май чыкпай эле, чоң аяк тырп болот. Ал, менин гана энчиме кирет.

– Кудай, эй-кудай, бул эмне деген укмуш, өзүбүздөн башкага эле көрүнгөй эле, – деп Ажардын айласы кетет.

– И, өзүңдүн куу тырмактыгыңдан көр, сен жыйнаган каймактан кантип май чыксын.

– Сенин кебетең өчсүн!

– Сенин кебетең өрттөнүп кетсин!

– Тилиңе сыздоок чыксын!

– Сеникине чыйкан чыксын!

– Сага окшогон таздын өлүгүнө отурайын!

Айтор Ажар экөөбүз аябай өчпүз. Анын үстүнө ишибиз да бирине-бири айкашкан. Ал казан кармайт. Мен от жагам. Ээнирээк калдык дегенче экөөбүздүн айтышканыбыз-айтышкан. Бирок, элдин, же Кудайназардын көзүнчө мага үн дебейт. Себеби мен жалганды чындан сүйлөп, жок жаланы мойнуна жаба салып, уят кыларымды түшүнөт. Бир жолу катуу коркуттум. Баягы көнөчөктү кадимкидей кучактап олтуруп, кашайып көрбөй калыпмын. Ажар аңдоостон кирип келсе болобу... Шашып кал-

сам керек, – Береки каймакка көнөчөктүн даамы чыкты бекен же чыкпады бекен, деп көрүп жаттым эле, – дедим.

– Көрбөй көмүлүп кал, менин көзүмдү кашайтып, сен эле жеп жүргөн турбайсыңбы! Шапалагы жаагыма чак дей түштү. Ыйлаганым менен эч нерсе чыкпайт.

– Эмне үчүн чабасын, сен чапканда эле мен коркуп айтпай коёмбу. Шашпа, Кудайназар акем келсин. Өмүркул экөөңдүн суумылтыктын арасында жатканыңар жалган беле, – деп үнүмдү даң-даң чыгардым.

– Жап оозуңду, балакет баскыр, бирөө укса эмне дейт?!

– Ооба жабам, сенин Баратаалы менен жүргөнүңдү да айтамын. – Андан бетер күчөдүм.

– Балакет баскан Чүчө, бас эми үнүңдү. Ме, калганын деле жеп алчы.Көнөчөктү кучактата койду. Тамакка жакын экенимди билесиңер го, сүйүнүп эле калдым.

– Кой, Чүчө, андай сөздөрдү айтпай жүр.

– Сен да мени менен урушпай жүр.

– Урушпаймын.

–Тамак аябайсыңбы?

– Аябайм.

– Кана эмесе ушул каймакка таруу көөлөп берчи.

Ал таруу салып берди. Жайма-жай олтуруп жей бердим. Аңгыча айылдагы бир абысыны келип:

– Ботом, эмне эле жаңылдашып жатасыңар?

– Чүчө экөөбүз эле таруу талашып жатабыз, – деп Ажар күлүп койду.

– Ооба «таруу талашып», кылмышың болбосо, каймакка таруу көөлөп бермек түгүл, кургак талкан да бербессиң.

– Койчу эми, Чүчө!

– Койбойм-этпейм, жиниме тийип көрчү, азыр эле шерменденди чыгарамын, – дедим. – Бул таруунy көөлөп коюп, алдыма түшпөгөнүңдө көрдүң эле го.

Ооз басырык үчүн таруу бергенине береги женем да күбө боло алат.

Силер бул жерде айыпты мага артканы турасыңарго. Жок, анда акыйкатсыздык болот. Бул жерде айып Ажардын өзүндө, ал каймакты менин боюм жетпей турган бутакка илип койсо эле, каймак деле аман, чыр-чатак деле жок жүрө бермекчибиз. Ажар дал ушундан тартып, менин «чындыкты» гана сүйлөй тургандыгымды байкап калды. Экинчи мага каяша сүйлөөдөн биротоло баш тартты. «Жалакорго жабышпа» – деген ушул экен.

## КУЛМУРЗА БИЙ КЕЛГЕНДЕ

Кулмурза бий менен Кудайназар бай экөө куда экен. Күндөрдүн бириңде ончакты атчан келип түшүп калышты. Алар атайын жасалгаланган мейман үйгө киргизилди. Чай коюлуп дасторкондун үстүндө түрдүү тамак жайнап турду. Мен байдын өз үйүндө от жагып олтурам. Ажар кыркма жасап жатат. Казанда баглан козунун эти барактайт. Ал мага алдемкедей жакшы көрүнөт. Утур тиктеп коём. Кучак келген куйрук менен боордун жанаша жатышы көзүмө майлыбоорду элестетет. Бирок андан мен да сугунамбы, жокпу ал жагы белгисиз.

Эт чыгарылды. Беш табакка жасалса үчөөбара бирден болору так эсептелди. Ошентип, эт жасалып жатканда бир окуя болду.

Мен чөөгүндү көтөрүп, майлыкты ийиниме салган калыбымча келип, меймандардын колуна суу куюп жаткан элем. Эми эле Ажар жеңемдин көзүн будамайлап, көйнөгүмдүн этегине кургак таруудан салып, ычкыр кашатыма кыстарып койгом. Мен утур бирине эңкейип суу куюп келатканда этегимдин бир бурчу бошоп кетиптир да, таруу чуура баштаптыр.

– Ой бала, тарууң төгүлдү, – деди кокустан бирөө чочуп кетип. Бир колум менен этегимди кармай ка-

лайын десем, этегим кашатымдан бүт чыгып кетип, таруу бирден эле шыр этти. Колумдагы чөөгүн ыргып барып коломтого түшкөнүн байкаган жокмун. Айтор коломто коркурап, от өчүп, күл ызгып, үйдүн ичи укмуштай чаңдап турду. Учкан күлдөр күлүп жатышкан меймандардын алкымынан ары өрдөй чапты окшойт. Алкада олтурушкан калпалардан бетер, карсылдашып ирээтсиз жөтөлүп жатышты. От кайрадан жагылды. Үйгө тынчтык кирди. Меймандар эмне дээр экен деп чийдин түбүндө тыңшап турам.

– Бир байкуш окшойт, Кудайназарга айтпай эле койгула, каардап жүрбөсүн, – деди бий. Ага ыраазы болуп үйгө кирдим.

– Меймандарга суу куюлдубу?

– Куюлду.

– Ме эмесе, береки табакты көтөр. Кудайназардын иниси Дороң бир табакты мага кармата салды. Карасам баякы куйрук. Ичимден тым эттим. Беш киши бирден табак көтөрүп, меймандарды көздөй жөнөй калдык. Сыртка чыга бергенде, оң чеңгелим куйрукка жетти. Мейман үйгө жакындашканча чычаң гана калды. Кайран өзүм, башка дагы бир тиликке тырмагымды батыра баштаганымда, дал менин жолума бир кой жатып алыптыр, ага чалынып жыгылдым. Колумдагы табагым ыргып кетти. Байкай калган Дороң:

– Бекназар!

– Ыя.

– Эт кана?

Эт түгүл табак жок. Жерди сыйпалап издеп жүрдүм. Дороң келип жаагымды бир түлөттү да, «үнүңдү чыгарбагын», – деп шыбырап коюп үч барадан эмес, төрт барадан бир табак тартты. Тигил табак табылды. Анын жанынан этти да таптым.

– Дороң аке!

– Эмне?

– Табакты таптым, эти ошол жерде экен.

– Таш оозуңа, эч кимге айтпай өзүң жей бергин.

Мен ушул эле сөздү күтүп тургам. Эттин чөп-чар болушуна караймынбы, короонун четине олтуруп алып, айландырып согуп жатсам, жаныма досум келип калды. Ал, Кудайназардын Жортпос деген дөбөтү болучу. Мен аны «Коркпос» деп атачумун.

Ошол Коркпос экөөбүз жан кыйышпас ысык дос элек. Дайыма жортуулга бирге чыгып, олжону ортого коюп, жок эле дегенде эки түндө бир жолу каймакка тоюп турар элек. Ал үчүн күүгүм киргенден тартып тигил досумдун аңдыган-күткөнү мен болор элем. Мына, азыр да тойгонумдан калган этти досума бердим да, жылып келип меймандардын үстүнө кирип, босого жакка олтура кеттим.

Кулмурзанын колунда баш, жанындагысында жамбаш, тигилердин колундагы баш менен жамбашты түз тиктебей, көзүмдүн кыйыгы менен карап турушум деле канааттуу экенимди аларга белгилүү кылгандыр. Бирок, ал экөө тең устукандарын мага беришкен жок. «Келинге апарып бер» – дешип бирөөдөн көтөртүп жиберишти. Менин кегим ичимде калды.

Эт желип бүттү. – «Суусун бар бекен» – деди меймандардын бирөө. – Бар, азыр алдырып келем, деп сыртка жүгүрүп чыктым. Ажар жеңеме дароо жүгүрүп жеттим:

– Жеңе, Кулмурза куда саамал берсин дейт.

– Кокуй ий эми кантейин, саамалга муздатып койгон бээнин сүтүн азыр эле куюп жибербедим беле.

– Эчтеме болбойт.

– Чоң жез чайнек менен бир саамал апардым да, алдына эки, артына бир чыныдан куюп бердим.

Меймандар жатышты. Айыл уйкуга кирди. Кудайназардын иниси Дороң оюнкарак, тамашаны жакшы көргөн, асиресе шайырдыкка шыктуу жигит эле.

– Дороң аке!

– Эмне дейсиң?

– Кулмурза кудаңыздын айласын кетирейинби?
– Кантип?
– Эттин артынан саамал ичти, азыр эле эшикке чыгууну каалайт. Ит болуп уяткарайынбы?
– Эмне үчүн?
– Устуканын бербегендиги үчүн.
Ал уйкусурап унчуккан жок.
Ошентип, мейман үйдүн босогосуна кирип жатып алып, жаңы туулган күчүк болуп кыңшылай бердим. Аздан кийин Кулмурза түйшөлө баштады. Ал козголгон сайын чоң иттин ыркырашын салам, жаш күчүктөрчө кыңшылай берем.
Бийдин айласы кетти. Ордунан туруп, добушун секин чыгарып:
– Кет-кет дейм!
– Рр-ры.
– Чык дейм!
– Арр-ар-ар.
Эки саатча убакыт өттү. Жанындагы жолдошун ойготуп, – «Абдан кыйналдым, кайдагы бир балакет ит босогого жатып алыптыр, тууп койгонбу, күчүктөрү кыңшылап коёт. Дороңду кыйкырчы».
Алардын чакыруусу менен Дороң туруп келди да, – «чык-кет» деди сырттан чийдин түбүн тепкилеп, мен жылып барып эшиктин этегин шалп эттирип койдум да, кайра ордума жатып алдым.
Ырас, Дороңдун сөзү боюнча бийдин кылмышын эч кимге айткан жокмун. «Ишеничтүү» адамдарга айтканым үчүн калк ичинде каткырык болуп жүргөнүн гана билем.

## БӨӨДӨ ЖЕГЕН КЕЛТЕК

Ажар жеңем төркүнүнө аттуу барса, мен досум Жортпос экөөбүз жөө бардык. Мен го Кудайназардын айтуусу боюнча Ажар минип барган атты кайра алып келем. А Жортпостун эмне жумушу бар экенин бил-

бейм. Түштө эле жеткенбиз. Кайра тартсам бешимде үйдө болмокмун. Тамакка ынак адамга айла жок турбайбы, Ажарды барары менен эле жеңе-желпилери биринен сала бири чакырып сыйлай баштады. Мен аны ээрчип алдым. Ошентип жүрүп күн батарда аттанып жолго чыктым. Аттын оозун кээ-кээде дыр бердирип коюп жүрүп олтурдум. Бууракандын ичин өрдөгөнүмдө эл текши жатып калды.

Кара-Суудан өтө бергенимде, оро-парамдагы калың камыштын арасында канжар тиштүү каман, алмаз тырмактуу аюу, касапчы карышкырлардын баары жаткандай көз алдыма айбаттуу жырткычтар элестеди. Бирок, алар мен үчүн коркунучтуу эмес. Анткени – «Дүйнөдө адамдан качпай турган бир да жаныбар жок, жырткычтардын-жырткычы кара кулак шер да адамдан жашырынып сактанат» – деген карылардын сөздөрүн көп укканмын.

Бир оокумда арыбаган өгөй энемдин кайып албарс-сасык албарс жөнүндө айткандары дагы эсиме түшө калды. Мага албарстыдан башка коркунучтуу жоо жок болучу. Ал эми Жортпос досум жанымда жүргөндө албарстынын миңи келснн, жүрөгүм сезип коюучу эмес. Себеби, «иттин көзү ачык болот. Ал, жакшы көргөн адамын алты асмандын ары жагында жаткан балаадан сактайт», деген сөздү өгөй энем билгичтик менен дайыма айта турган. Азыр жанымда Жортпос жок. Ажардын төркүнүнүн иттери сыйлоонун ордуна, айыбы жок болсо да ур-бергиге алышкандыктан, ал келген жолуна түшүп кетип калган.

Ана, айыгышкан душманым албарсты эске түшкөндө жүрөгүм болкулдай соксо, муундарым өзүнөн-өзү эле титирей баштады. Ал эми көзүм болсо алыскы тоолордогу мергенчилердин жаккан отунун жалынынын жанында күйүп жаткан албарстынын отундай көрүндү. Чачтарым тике туруп, каным үрктү. Кокус ушул калың камыштын арасында

албарстылар от жагып олтурушса, мени көрө коюп чачтарын саксаңдатып тура калышканда, бул арам өлгүр үркүп жыгып кетсе, анан албарстылар чуулдап келип басып калышса, айлам эмне болмокчу» – деп, санаам-санга, оюм-онго бөлүнөт. Эч нерседен коркпостон аттын тизгинин жыя кармап, алдыртан теминип коюп өзүм гана келе жатам. Өзүмдөн башка отуз омурткам, кырк кабыргам, ар бирин экиден бөлгөндө жыйырма төрт жилигим, жети кат курсагым, эр жүрөгүм, эки көзүм баары эле коркуп калышты.

Аңгыча жолдун суу жак жээгиндеги калың камыш тараптан маараган эчкинин үнү чыкты. Мына, жетим сары улак болуп жатып алса керек. Ушул жерде өзүм да коркуп кеттим. Карай салсам жаркыраган жалын көрүндү. Аны айлана олтурган албарстылар мени көрө коюшуп жабыла тура калышты. Алар өгөй энемдин айткан албарстыларына таптакыр окшобойт. Бойлору карагайдай, чачтары өздөрүнөн узун, бирок типтике асманды карай өсүптүр .Бул учур, алардын башка кебете-кешпирлерин тиктеп жайма-жай туруугa мүмкүндүк бермек беле. Атыма удаа-удаа камчы уруп алганымды билем, артым ызы-чуу болуп калды. Чагымда ал узун албарстылар, арыштарын аркан бою жерге бир ташташып, узун колдору менен мени аттын үстүнөн чала сермеп кууп келатканга окшоду.

Бир оокумда артымдан жайдак атчан бирөө жетти да, өзүмдөн бир эли жоон, эки карыш узунураак келтек менен жон талаштыра салып өттү. Андан аркысы эсимде жок. Көзүмдү ачсам таң атып калыптыр. Түйүнчөктөй болуп чоочун бир үйдүн эшигинде жатам. Жанымда киши жок. Атым алачыктын ары жагында кайкайып каңтаргалуу турат. Акырын козголуп тура баштадым. Анчалык ооруган деле жерим жок.

Үйдүн эшигинде, – ала тайган, сары тайган, кара тайгандардан тоголок тогуз, тармал машке, чачтуу машке, сакалдуу машке, жылаңач машкелерден бири

кем тогузу жатат. Акырын барып чийдин башынан үйдүн ичин шыкаалап калдым. Бир эле капшытында беш-алты кыргый олтурат. Ары жактагы бастырмачанын алдында эки бүркүт. Андан алыс эмес түркүктөн ары тартып беш улактуу эчки көгөндө жатат.

Ал үйдүн айланасы калың чий. Күн чыгыш жагындагы короо ордундай түздөгү түмөнү түрүлгөн эрменди эчкиден башка эч нерсе аралабагандыгы билинип турат.

Аңгыча сейрек сакалдуу, сербейген сары муруттуу, арык чырай, орто бойлуу, жашы кыркты ашып калган адам үйдөн чыга келди да:

– И, жакшы дем алдыңбы? – деди.

– Дурус эле, – дедим.

– Элени – азыр сага көрсөтөм.

– Мен чочуп калдым. Тигил адамдын айтуусу боюнча бүркүттөр турган бастырманын алдына барып олтурдук.

– Кана баатыр, чындыкты гана айткын, түндө жортуулга бараткан белең, же кайрылып келеткан белең?

Жортуул, десе мен – «Жолочу» деген мааниге түшүндүм:

– Жортуулдан келеткан элем аке, –

– Коош, – деп, тигил адам мени тиктеп койду да,- бир чети отко күйгөн жыгач калак кейиптенип, чындыкты тайманбай айтчуу эр жүрөк окшойсуң. Жортуулга кандай максат менен чыктың эле?

– Ажар жеңемдии шылтоосу менен бир жакшылап тоюп келүү үчүн.

– Сөздү чаргытпай айткын, өзүң кайсыл жердик болосуң?

– Үч-Теректик Кудайназардын үйүндө жүргөн баласы болом.

Кудайназар дегенди угуп тигил адам бошоңдой түштү. Ал жайымды жайма-жай сурай баштады, өз башымдан өткөн окуяларды мен да жашырган

жокмун, бардыгын айтып келип түндөгү албарстылардан качып бараткынымда бир жайдак атчан адам, өзүмдөн чоңураак келтек менен чапкандыгын, анан бул жерге кайдан келгендигимди куруттай нак сөздөр менен айтып бердим. Ал адам аябай күлдү да:

– Уулум сенде көп иш бар экен. Жүр, тамактанып олтуруп сүйлөшөлү.

Атымды аркандап койдум да, ал адамдын айткандарына кулак салып олтура бердим.

– Сенин акылсыз өгөй энеңдин, – деп баштады ал өзүнүн сөзүн, менин коркконуман улам, – жалган жомогу башыңды биротоло айлантып, жүрөгүңдү коркутуп таштаган турбайбы. – Ал башын ийкеп бир аз унчукпай турду: – Балам, – деп улантты сөзүн, – Мен да жетимдикти, жардылыкты, жалчылыкты, бардыгын башымдан өткөрдүм, көк тиреген зоо, көйкөлгөн көл, көк ирим суу, айбаттуу мазар, ачык мүрзө, чытырман токой, чайырсыз талааларда да жүрдүм, түнөдүм. Бирок дүйнөдө эмне жаралса ошону гана көрдүм. Түшүнүп жатасыңбы, балам?

– Түшүнүп жатам, айта бериңиз, аке.

– Албарстынын сасыгы да, кайыбы да жок. Бирок бул сөздөр төгүн жерден чыккан эмес. Айтууңа караганда сасык албарсты деген наам өзүңдүн өгөй энеңе таандык. Ал эми кайып албарсты болсо, бүгүн бирөөнүн, эртең экинчисинин колтугунда культулдап, ойдо жок жерден өң тааныш таап, өз сыпатын өзү жоготуучу адамдар үчүн айтылган сөз.

Азыткы дегенибиз: адамды ак жолунан адаштырып, жокко ишендирүү менен, өзү эмгек кылбастан, бирөөлөрдүн эсебинен өз жыргалчылыгын камсыз кылуу жолуна өткөн молдо, калпа, эшен, дубана, жана башкаларга таандык экенин эсиң болсо байкап эле билесиң.

Ушулар эле сыяктуу: – Желмогуз, жез тумшук, мокочо, бөө – деген сөздөр бар. Бул сөздөр өзү адам туруп – адамдын убал, сообунан коркпогон мыкачы,

залим, сүткор, соодагерлерге карата айтылат. Же сенин ушулардан бирөнү көргөнүң барбы?

– Жок.

– Ап-бали, көргөнүң жок. Бирок коркок болсоң, азыткы, албарсты, жин, шайтандардан баштап, желмогуз, жез тумшуктарга чейин көрөсүң. Анткени, «коркконго кош көрүнөт» деген кыргыздын эң сонун макалы бекер айтылган эмес, демек, айсыз карангыда, мейли айжарыкта деле болсун, мазардынбы, же мүрзөнүнбү, айтор бир шектүү жерде баратып, өзүнчө бир нерсени кинем санап корктуң дегенче, кокустан учураган жаныбарлардын, же караандардын бардыгы эле ошол өзүң ойлогон укмуш болуп көрүнөт.

Мына, сен түндө – узун чачтуу, узун бойлуу албарстылар деп бизден качыпсын. Мен сени ууру экен деп кууп жетип, колго түшүрүп кайра алып келдим. Эгерде мен жетпей калсам, сен жеткирбей качып кетсең, өзүң айткан өгөй энеңден да калп жагынан ашып түшмөксүң, чынбы?

– Чын окшойт.

– Албетте чын, – «албарстыны мен өз көзүм менен көрдүм, бою карагайдай, типтике өскөн чачын кошкондо улаштырган карагайдай болот» – дэериң чын, минтип айтканыңдын чындыгы үчүн жаныңды да бермексиң. Мына, эми жакшы болду, калп сөздүн калк үчүн кандай зыяны бар экенин да билип алдың, – деп, ал колундагы кызыл өрүк комузун кыңгыратып койду. Аңгыча аялы эсептегендей тогуз бөдөнөнү кууруп келип ортого койду да, эчкинин сүтүн кошуп жасаган ачымасын шуулдатып, чоң кара аяктарга куя баштады.

Ал адамдын бардык сөздөрү мен үчүн чоң акыл болду. Ошондон тартып, эч качан корккон жокмун, түн ичинде кандай укмушту көрсөм да, укмуштуу добуш уксам да ага ошол замат жетем. Ал, же мал, же жапайы бир нерсе же жөнөкөй гана жерден караан болуп чыгат. Бир ооз сөз менен айтканда, адам

баласына дүйнөдө жаралган нерседен башка эч неме көрүнбөй тургандыгына ошондо түшүндүм.

Тигил киши ким экен дээрсиздер. Ал ошол кездеги Кетмен-Төбө өрөөнүнө даңкы чыккан Чодош бүркүтчү болучу. Ал өмүрүнчө аңчылык кылып жүрүп өтүп кетти.

## КОЛУКТУНУН ҮЙҮНДӨ

Ошентип жүрүп, өтө чоңоюп кетсем керек. Бир күнү Нусуп ажы баласы Кудайназарга карап, – «Балам, берегi жетим бир топ жылдан бери колунда өсүп калды. Бир агасы бий, бир агасы калпа болуп туруп, бул бечаранын ал-абалын сурап да коюшпады. Сооп үчүн үйлөндүрүп кой» – деди.

Илгери өзүм Арстанбаптын «олуясы» болуп жүргөн кезимде касаптар койду мууздар эле да, жаны чыгары менен толорсуктагы терисинин алдына түтүк салып дындыйтып үйлөп жиберишчү. Оюма ошол түштү.

– И чоң ата, мени үйлөндүргүдөй эмне кылмышым бар? десем олтургандар дуу күлүп жиберишти, күлгөндө да боорлорун тырмап жатып күлүштү. Кайын атасынын көзүнчө күлмөк түгүл, башындагы жоолугун жүзүнө бүркөй салып олтуруучу Ажар жеңем да аржаңдап кетти. Мен түшүнбөй жаңылып калганымды сезе коюп, сыртка чыга качтым да, эмне дешип сүйлөшөр экен деп капшытта тыңшап тура калдым.

Сөз кимде ылайыктуу кыз бар экендиги жөнүндө кетти. Мага аял алып берише тургандыгына түшүндүм. Ичимден кымылдап, ырдап жиберипмин.

– Э Бекназар.

– Ыя.

– Кел, от өчүп калды.

Үйгө жайдаңдап күлүп кирдим.

– Эмне күлөсүң?

– Силер сүйлөшкөн сөзгө.
– Биздин сөздү уктуңбу?
– Ооба.
– Аял алууга макулсуңбу?
– Катын деле болсо мейли.
– Кандай катын алууну каалайсың?
– Ургаачы катын.
Үйгө күлкү толо түштү.

Ушинтип, Темиркул дегендин жетим калган Сакадай деген кызына куда болушту. Көп күн өтпөй эле колуктуну алып келүүгө жөнөп калдык. Жалгыз сыңар эмчек ак кунажынымды айдатышып, Шаатай деген кудум эле өзүмдөй керилген «келбеттүү» жигитти кошушту. Кудагый болуп кадимки Токмок жеңем жөнөдү. Дос-досту кыймак беле, кээде алга өтүп, кээде артта калып Жортпос да келе жатты.

Кайын атамкына калдайып барып түшүм калдык. Биздин барарыбызды билишип, жеңе-балдыздар эбак эле жыйналып калышкан экен. Алардын саны алтыдан көбүрөөк, казганактап алдыбыздан тосо чыгышты.

Үйдөн жөнөөрдө Ажар жеңем:

«Чүчө, тың эле баласың го, өйдө-ылдыйга түшүнүп эле калдың, колуктуң келгенде тике тура калып баш урунуп кой» деди. Анын айтканы эсимде, бирок баш уруунун өзү кандай, оюмду ушул гана бөлүп келаткан эле. Тигил келин-кыздарды көргөндө жүрөгүм дүпүлдөп калды. Мени колуктум тосуп келаткан экен го, деп аттан ыргып түштүм да, Ажар жеңем айткандай тике тура калып, алдыңкы келинге карай.

– Ассалоом алейкум жеңе, менин колуктум кайсынысы? – депмин шашып.

Менин бул нарктуу сөзүмө өзүмдүн жолдошум Шаагай баш болуп бир тобу каткырып жиберишти. Азыр эле кабактары жадыраңкы, күлүмсүрөй басып келатышкан айрым кыздар сумсая түшүшүп, турган-турган жеринде мени тиктеген бойдон катышты да калды.

– И, ботом, күйө балага колукту гана керек окшойт. Анча эмне шашылдыңыз?..

– Башымды урунтпаймынбы.

Келин-кыздар өздөрүнчө кыткылыкташып, «Жездеке- биз барып турган шум неме го» деп бир даары айтса, «болгон эле келесоо дейм» деп экинчилери күбүң-шыбың болушат.

– Башыңды урунта бересиң күйөө бала, ага-буга чаргытпай эле биздин жолдугубузду кыл, жыгач жүктөөр, жанбаштык, жандап басарларды узата бериңиз.

Ырасын айтайын, бул сөздөрдүн бирөөнө да түшүнгөн жокмун. Жолдошум Шаатай болсо, «шайыр» жигит эле. Сөзгө да «чебер» болучу, бирок азыркыдай алтыдан ашык аял, катын, зайып, кыз-келиндердин ичинде сөз сүйлөөгө гана эмес, күлүп коюуга да сараң болучу. Ал үчүн тигил куу дубалдын жарыгынан чычкан көргөн сагызгандай шакылыктаган келин менен сүйлөшүү өзүмдүн үлүшүмө түштү.

– Жеңе эмне шаштырасыз, жыгач жүктөөргө, жанбаштык үчүн жандап басарга мен өзүмчү. Андан көрө колуктуну көрсөтө бериңиз.

Ушинтип, аны жандап басып келип, кийирген үйүнүн капшытында кайкайып олтуруп калдым.

«Балакет Чүчө, бир күнчө эч нерсе болбойсун, жеңе-балдыздарыңдын ичинде тамакка көп обдулбай, сыпайыраак олтургун» деген Ажар жеңемдин бул осуяты да оюмда. Алдыбызга чай коюлду. Колуна тийген чыныдагы чайдан кичине гана ооз тийдим да, «Ракмат, муну, сиз ичип коюнуз» – деп бир балдызга кармата бердим да, нандан алып чоң тиштеп жеп койдум.

Колуктуга берилүүчү малды «кыздын куну» дебестен «калыңы» деп туура айтат экен. Апарган жалгыз кунажыным биринен экинчиси ажыралгыс калың ырым-жырымдарга көмүлдү. Тактап айтканда, – жыгач жүктөөр, жанбаштык, жандап басар, ат алар,

кырчоого илер, эшик ачар, капшытка өтөр, орунга олтурар сыяктууларга чачым да жетер эмес. Менден өнөрдөн башка эч нерсе жок болгон соң колуктуну алабыз да кайтабыз, – деп көңүлүм тынып калды.

Аңгыча баягы жеңем эшиктен кирип келип:

– Ботом, «калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» дейт, айтмайынча билбеген аңкоо экенсиздер. Тою качан союлат? – деди.

Ырас эле, башка ырым-жырымына чоочун болгонум менен, кыз берген үйдө той болуп, эт тартыла турганын эң сонун билчүүмүн. Ал үчүн жеңемдин сөзү жүйөлүү экенин мойнума алып, анын сөзү бүтөрү менен эле, «өзүм минип келген «ак төбөл» кунанды соё бергиле» дедим. Ушинтип, мал да союлду. Эми бүткөн чыгар деп тынчый түштүм.

Жанагы жеңем, эшиктен дагы кирди:

– Кана күйөө, азыр колуктуңуз келет. Жүз көрүшөрүнө берериңизди айтып коюңуз, – деди.

Көп эле буйдалган жокмун: – Шаатай минип келген шалпан кулак кунанды алыңыз, – дедим.

Колуктум кирип келди, анын чоңдугу жолдошумдай экөө, өзүмдөй үчөө экен. Мейли, шактагы бышкан алма, өрүктү ала коюга аялдын бойлуусу эле жакшы, өзү ургаачы эле болсо болгону дедим да, ордумдан тура калып баш урунайын десем, анын башына шаты коюп да жетала турган эмесмин. Ал үчүн колуктумдун олтурушун күтүп турдум, ал олтурар менен башымды анын башына урунуштуруп жибердим. Байкоомдо колуктумдун көзүнөн от чагыла түшкөндөй болду. Менин башым болсо, куу дубалды ыргыта сүзсөм деле ооручу эмес. Колуктумдун жанына жаңсай олтура кеттим. Анын тизеси менден саал бийигирээк болуп турду.

Аңгыча алдыбызга эт тартылды. Четинен чымчып ооз тийдим да, чыга бердим, «Жездем өтө сыпа көрүнөт» дешип, жеңе-балдыздарым шыбырашып, астыртан күлүп калышат. Ансайын менин мурдум дердейип калат.

Бир оокумда оттун жалыны өчүп калды. Кайран өзүм, караңгылыктан пайдаланып, бир кесим чоң жумуру этти кымырып ала коюп, бир, эки чайнаганымда эле от күйүп келатат. Эмне болсоң ошо бол деп жутуп жибердим. Өзүм кичине болгонум менен кызыл өңгөчүм кең болучу. Мен ошол кызыл өңгөчүмө ишенгенмин. Эгер ишенбесем ошончо чоң этти балааны жутайынбы, же ары өтпөй, же бери чыкпай, кең кекиртектин оозунда кептелип гана турса болобу.

Баатыр адамга айла жок экен, демимди ичиме алып, бетимди кызартып, көзүмдү чакчайтып эшикти көздөй чуркадым. Үйдөгүлөр шарактап күлүп жатышат. Алар мурда деле күлүп олтурушкан.

Баягы доочу жеңем адатынча шакылыктабастан, тоокчо кукулуктап, «Кокуй-кокуй» деген калыбынча мени менен кошо чыкты да, олтура калганымда көк шилиге муштуму менен салып калды. Алкымдагы эт алда- кайда ыргып кетти.

– Айланайын жеңе, бул жакшылыгыңды унутпайм. Кызмат акыңыз үчүн Токмок кудагыйыңыз минип келген тору атты алыңыз, – деп жибердим.

– Ракмат күйө бала, марттыгыңызга ракмат. Эми үйдөгү балдыздарыңа какап калды дебейм.

– Аларга өзүм жооп айтам, жеңе.

Үйгө кайра кирдик.

– Тамакка назик адам да курсун! Ботом береги эттин жытынан жүрөгүм жипкирип жатпайбы, – дедим. Балдыздар алдыртан күлүп коюшту.

Колуктумдун артына кыңкайып жатып алдым. Чынында алар жеп жатышкан этти көрүп күйгүчө, көрбөй эле күйөйүн дедим.

## АТТАНАРДА

Кызды аткарууга аз эле убакыт калды. Айыл ападан келген жеңе-балдыздарды кошкондо он бештен

саал азыраак эле чогулуптур. Алардын ичинде эркеги үчөө, Шаатай экөөбүз менен бешөө.

Кызга көп деле көрүшкөн жок, энеси гана ээгин арбынызраак эпилдетти. Айласы канча, ал да бүттү. Эми колуктуну алып кетүүчү убакыт жетти.

– Кана, колукту кайсыл атка минет?

– Мүмкүн күйө бала экөө учкашып алар, – деген үндөр угулат.

Баягы доочу жеңем, барып турган шылуун экен. Менин кунажынымды аппарып өзүнүн чаркарына камап таштаптыр.

Кыздын энеси эшикке чыгып: – Э ботом, балдардын аттары кайда? – деп, арыраак басып барды да, – апээй, катыгүн, калыңга келген мал жок го.

– Ал малды жана биздин аттарды доочу жеңем билүү керек, – деп койдум.

– Ботом, доочу жеңең ким эле?

– Шуруканчы, – деди арытан бирөө.

Шурукан келди. Жыгач жүктөөрдөн тартып, орунга олтурарга чейин күйөөдөн эч кандай жеңкетайларды алалбаганы жөнүндө ал кайын энеме төкпөй-чачпай айтып да берди.

Чарчы бойлуу, куур тон, куур шымчан кара сакал киши мага жакындап келди да:

– Кыздын калыңы кайда? – деди.

– Бүт эле доочу жеңем алган.

– Ал уйду жеңкетай үчүн берди дейт го.

– Калп айтат, жеңкетай үчүн жетим улак да бергеним жок.

– Э, айланайын күйө бала, жеңкетай үчүн бербесең эмнеге бердиң, деги ошону айтып берчи? – деди доочу жеңем адатынча шакалактап.

– Менби, мен, – дедим да сөөмөйлөрүмдү санай баштадым. Жыгач жүктөөр, жан баштык, жандап басар, ат алар, кырчоого илер, эшик ачар, капшытка өтөр, орунга отурар, жүз көрүшөр деген сөздөрдү санадым да, кулагына жакын барып «ооз басырык»

үчүн бердим, Жеңкетай үчүн качан бердим эле? – деп эдирейип тура калдым. Доочу жеңем бир бозоруп, бир кызарып туруп берди.

## ЭПЧИЛ ЭЛЕМ

Ошентип, башталышы дуу-дуу, аягы чуу-чуу менен аялдуу да болдум. Ага-туугандардын ар бири алакандайдан кийиз жыйнап, үйүмдү да бөлүп беришти. Менин эмки милдетим алган аялымды ач калтырбай багып алууда калды. Анын да айласы табылды. Эпчил адамга эсеп жок турбайбы. Эңкейип куурай сындырбай, жалаң гана эпчилдик менен оокат кыла бердим. Ал кандай эпчилдик дээрсиңер, айтып берейин.

Кеч күз. Аба суугуна тартып, жердин кыртышы тоңуп калган. Кансалыкта бир карындашыбыз бар эле, «Кардың ачса карындашыңа бар» – деген илгерки элдин макалы бар эмеспи. Мен да карындын айынан ошол карындаштыкына баргамын. Ал оокаттуу дыйкан адамдын аялы болучу, мага алты чака шалы, алты чака тарую берди. Аны өзүм минип барган жээрде өгүзгө сылай жүктөп, үстүнө өзүм очоё тартып олтуруп алып, бастырып келе жатам. Кетмен-Төбөнүн тоосун айлана бергенимде, Нарын дарыясынын жээгиндеги Шамшыкалга сыйынуучуларды күтүп жатуучу дубаналардын мечити тараптан от чыгып жатат.

Ал жерде аялдар сыйынып жаткан болуу керек, өгүзүмдү жолдон обочороок апарып, тоонун түбүнө байлап койдум да, мазардын кабырына карай жөнөдүм. Түн көзгө сайса көрүнгүс караңгы. От жагылган кемегеде чоң казан эт кайнап жатат. Жанында чөмүч жана бир дардыйган чака турат.

Эч нерсени сезбеген болуп кемегенин башына барып олтурдум, чөмүчтү алып этти оодарыштырдым. Оозу бери караган каалгасыз куутамда калкылдап

олтурушкан зияратчылар мени менен иштери болгон жок, алар тамдын төр жагында чөкө түшүп олтурган ак селдечен адамдын айткандарына тынч гана кулак салууда.

Этти чакага жайма-жай чыгардым, көтөрүп барып өгүздүн үстүндөгү таар чепкениме ородум, чакамды кайра алып келип, калган-катканын бүт чыгарып алып кеттим. Этти өгүзгө жүктөп, чаканы канжыгага байлап коюп, жоголгон эт жөнүндө дубаналар эмне дээр экен деп кайра келдим да, шыбактын арасына аңдып жатып алдым. Бир кезде жанагы дубаналардын бирөө чыгып келип кемегедеги отту ичкеретип койду да, казандын кырына жөлөлүү турган чоң кара жыгач чөмүчтү ала коюп, казандагы этти оодармакчы болду. Бирок чөмүчүнө эч нерсе урунган жок. Шорпо гана шылдырттайт.

– Ээй укмуш! Ээй укмуш, шорпосу бар, эти жок, шорпосу бар эти жок! – деп, ал чөмүчүн колуна кармаган боюнча тигил тамдагылардын үстүнө кирип барды. Дубаналар, шайыхтар жана зыяратчылар кар жаардын алдындагы таранчыдай удургушуп тамдан үркүп чыгышты.

– Кудайдан коркпогон бирөөнүн эле колунан келди. Эт эми эле бар болучу, – дешип туш тараптан баш аламан издей баштапты. Үч-төрт аял бир дубананы ээрчип менин өгүзүм тарапты бет алып төштү түптөп баратат. Экинчи жагынан жүгүрүп алардын алдынан чыктым. Кекиртегимди кысып, кызыл өңгөчүмдү кыйкылдатып айбаттуу жана ачуу үн чыгардым да, кээде тура калып, кээде мөңкөңдөп аларды карай жүгүрүп калдым. Ач айкырык салышып, алдыма түшүп качып беришти.

Мен чаңырып чуркап бердим. Зыяратчылар жана шайыхтар олтуруучу куу тамга карай бет алдым. Ал жерде бири калбастан, карбаластап ары карай качып баратышканын көрдүм. Куу тамдын ичинде шам дале күйүп турган. Шайыхтардын олуясы Талип деген

калпа экен. Ал өзүнүн жакасын кошколдоп карман мен жакындашканда, ошол тамга кире качты. Мен көзүмдүн кабын сыртына карай түйрүп, оозу, мурдумду кыйшайтып, укмуштуу жапайы үнүмдү ого бетер ызылдатып артынан удаа кирдим. Калпа тиктеп алып, бир бакырып, үстөмөнүнөн жыгылды да, былк этпей калды.

Карасам эки куржун көзү боорсок жана бышкан эт туруптур. Аны шашылыш көтөрдүм да, жолго түштүм. Мына, аялды ушундай эпчилдик менен багууга кириштим. «Ууруну каракчы алат» деген ушул экен.

## БҮБҮ ОЙНОГОН ТҮНҮ

Калдарбай деген тууганыбыз эки жылдан бери илең-салаң болуп айыкпайт. Башынан кан да алдырды, суу да ичти, молдого да окутту. Эшендин чийип берген эзме катын ичип, тумарын тагынды, садага, түлөө кылгандан башка ондогон мал, жүздөгөн сом акчалар ырым -жырымчыларга берилди. Бирок барган сайын начарлай берди.

Күндөрдүн биринде Камыш-Башы деген жерден, Кутунай деген элден чыккан касиеттүү кара жиндүү Чолок бүбү дегенди алдырып келди. Бүбүнүн айтуусу боюнча Калдарбайдын айлынан бир да адам калбастан, анын үстүнө чогулушту. Анткени адамдын чуусу канчалык көп болсо, кеселди кубалоочу кара жиндер ошончолук күчтүү болот дептир.

Ал жерге мен да бардым. Байкасам бул айылдагы үйлөрдүн бардыгы ээн калыптыр. Кайран өзүм, андай сонун учурда тынч турбайт элем. Өзүмдү эч кимге билгизбей жөнөп кеттим. Үйдөн үйгө өттүм, аз эле убакыттын ичинде чоң чанач каймак жыйноого жеттим. Өзүм ага нык тоюп, калганын үйгө коюп, Бүбүнүн үстүнө кирип калдым.

«Бууракандын белинен, тобо,
Буура айдаган эр Шаанай тобо,
Бууралaрын булкунтуп тобо,
Туура айдаган эр Шаанай, тобо,
Эртерээк жүрүп келегөр тобо,
Тилегимди берегөр тобо», –

деп Бүбү электин касканына эчкинин жыдыган чылгый терисин каптап, ички тегерегине текши коңгуроо-шыңгыроолорду тизип койгон дамбырасын кагып, асманды карап кыйкырып олтурду да, бир оокумда ордунан тура калып:

«Шамшыкал ата дөө келди,
Шаанай маңка жөө келди», – деп, үч-төрт

секирип алды да, – «Дүрдана, Ээй! – Дүрдана» – деп олтурган элди карап чакырды. Эмне дээр экен деп, – «Ийяа» – деп, үнүмдү кыңшылата чыгарып койдум. «Кел мында, Шаанай акең чакырат» – деди. Үйдүн босого жагындагы элдин артынан Бүбүнү көздөй өтө баштадым.

– Ой таз, дааратың барбы? – деди капшыт жактан орун алышкан калпалардын бирөө.

– Бүбү ойногон жерге даараты жок келчи беле? – дедим. Анда Бүбүгө жиндери айтып койбойбу, – деп, кескин жооп бердим. Ошентип, – Шаанай деген жиндин карындашы болуп Бүбү менен тең секирип ойной бердим. Ойноонун кыймылын келтирүүдө көп жеринен Бүбүдөн да ашып түштүм. Өзүм жеңил эмесминби.

– «Капырай, Бекназардын да чымыны бар окшойт», – деп, кээ бирөөлөрдүн күңк эткен сөздөрүн да угуп турдум.

Кээ бир адамдар куюн – «жиндин оюну» дешип туура аташыптыр. Анткени, жин деген нерсе – ал элди алдоонун амалын тапкан бүбү менен бакшы экен. Алардын ойногон үйүнүн ичи куюндан да жаман чаңдап бырыксып турганын ошондо көрдүм.

Бүбү чарчаганда басылды. Очоктун башына олтура кетти да, дамбырасын зыңгырата согуп, кереметинде билгендерин кыйкырып айтып жатты.

Экинчи айтпай,
Бир айтты Шаанай,
Жалганын кошпой,
Чын айтты Шаанай,
Көк ирим суунун боюнан, Каке,
Куюндуу жаандын соңунан, Каке,
Куу дубалдын четинен, Каке,
Куурайсыз жердин бетинен Каке,
Илешкен экен сур мышык,
Жоготом деп ыргытып,
Кармасам колго токтобойт,
Кара-суудай жылмышып.
-«Жолдугун айтсын абал» – деп,
Береки Шаанай безилдеп,
Туруп алды тырмышып,
Айтагөр Каке, айтагөр,
Шаанайга берчү жолдукту,
Алдыңда турган сур мышык,
Азыр көрсүн кордукту – деп жатты.

– Шаанайга айт, жайытта жүргөн бир ак боз бээм бар, алсын да, айыктырсын, – деди Калдарбай.

Калдарбайдын бул сөзүн укканда, бүбү кайрадан күчөдү. Мен андан бетер күрпүлдөй бердим.

Ушинтип бүбүнүн оюну бүттү.

Эртеси; «Сур мышыгың өлдү, эми айыгып кетесиң» деп, Шаанайдын жолдугуна берилген ак боз бээни жетелеп чолок бүбү жолго түштү. Арадан үч күн өттү, Калдарбай каза болуп тигил дүйнөгө кайтты.

– «Аттиң, ай, жеткен ажалга чара жок турбайбы» – деди, Калдарбайдын аялы көзүн жашылдантып, катуу үшкүрүп.

## КЕРЕ КУЛАЧ КЕРЧӨӨ

Калча калпанын катыны түш көрүптүр. Түшүндө асмандагы ай өлүптүр. Таң атканда түшүн калпа жоруптур. Ал «өзүбүздөн алысыраак эле Байгазы

болуштун атасы өлөт экен. Ага барып, – аш өткөрүп так жүз сом, доорონуна туруп токсон сом, куран түшүрүп кырк сом, үчүлүгүндө отуз сом, жетилигинде жетимиш сом алып, чоң олжолуу болот экенмин» -деп жоруду.

– Э айланайын калпам, анча акчанын баарын алсаң, мага эмне алып бересиң, – дейт аялы.

– Жап оозуңду, аялдан ач көздү көрбөдүм, колго акча тийсе эле, – «мага көйнөк, мага жоолук» – дей берип, акчанын да берекесин кетирет, – деп каардынып, Калча калпа аялын жаактан ары тартып жиберет.

– «Мен да элчилеп төрөп, бала-чакалуу болсом, сен минтип чаппайт элең», – деп ыйлай берип, акыры калпадан каркагай мүйүз картаң кара эчки өндүрөт да, Шамшыкалдын мазарына (Кетмен-Төбөдөгү туз тоосу) эчкини берип, бала сурап келүү үчүн Байгананын жайлоосунан келип, тамына жатып калды.

Катыксыз кара жарма, табылса саргыч чалап менен мүнөз ичип жүргөндөр анын мазарга пара берип, бир – бала алып келүү үчүн жетелеп келген эчкисин көргөндө, эт эсибизге түшүп көзүбүз кызарды да калды. Анан эчки качмак беле? Эл жатары менен эле камынып келдик.

– Ким кыйын соёт?

– Мен, – дедим жолдошторума.

Ошентип, өзүм касап болгонсоң иш дароо эле бүттү.

Кой же козу сойгондордун керчөө чыгарышканын көргөмүн, бирок ал керчөө, кекиртегиненби, төшүнөнбү, курсагынанбы, же чандырынанбы, айтор кайсыл жеринен чыгарыла турганын байкабапмын. Ары ойлоп, бери ойлоп турдум да, жакшы акыл таптым. Кекиртектен тартып, чандырына чейин узун керчөө чыгардым. Моюн эттин жартысы кекиртеги менен төш эт, желини менен кошулуп салмактуу керчөө болду. Кокустан жарымын мага көрсөтпөй кесип

алып бышырып жеп коюшпасын деп узун туурасын так өлчөп койдум. Узуну кере кулач, туурасы кенен эки сөөм, и, кудая шүгүр, деп апардым да сандыктын арасына бекитип салдым.

Андан кийин териси сыйрып, колун-кол, санынсан кылып, жылкыча сойдум да кабырга, омурткаларын курч балта менен керте-керте чаап бүттүм. Менин касаптыгыма жолдошторум чоң ыразы болушту. Бирок этти эсептей келгенде;

– Желини менен төш эти кайда? – деди Өмүркүл мени карап. Мен токтолбостон эле:

– Желин менен төш этин айтат, ал түгүл кекиртеги да жок эчки экен. Ой иманы жок, калпты кудайды карап айтсаңчы...

– Ишенип койгула, ал түгүл жүрөгүн, бир бөйрөгүн да көргөн жокмун, чынында көп эле нерсеси жок эчки окшойт.

– Деги башы бар эчки бекен? – Өскөнбай күлүп калды. Бул жерде олтурган Өмүркүл, Өскөнбай, Отунчу жана мен – төртөөбүз жанагы мен кере кулач керчөөнү бекиткен сандыкты кайтарабыз, оторубуз да бирге. Ошондой болсо да бир керчөө, бир жүрөк, бир бөйрөк үчөөнү бекитип коюп, Бекеңдин танып жатышы катын багуунун азабы болучу.

Отунчу куудул жигит эле, ал Өскөнбайга кошулуп күлдү да, – «мүмкүн эчкини Бекем союп жатканда, жүрөк, төш эт жана башкалары тура качып кеткен чыгар, алар сыртка чыкты дейсиңби, ушул эле сандыктардын арасында болуу керек», – деп коңулдан-коңулга өтүп кол салып баратканда:

– Ал жакта керчөө эле бар, – дедим.

Ошентип, өмүрүмдө биринчи жолу уурулугум чыгып, чыкканда да, бир кекиртек, бир төш эт, бир желинден турган керчөө, бир жүрөк, бир бөйрөк болуп бардыгы бир гана коңулдан табылды.

Таң атты. Калпанын айлы чуру-чуу...

## НАН БИТИР

– Силерди Калча калпа чакырып жатат, – деди бирөө.

– И, ашаргабы?

– Ооба сага, ашарга, түндө шамшыкал мазарга арнаган бир эчкиси жоголуптур, ошого нан битир жасаптыр, андан айла болбосо бөрүнүн тарамышын салам дейт.

– Нан битир – деген эмне?

– Чоң сындырым нанды дубалап туруп сугунтат, ким уурдаган болсо какап калат.

– Аны мен уурдаган эмесмин. Какабайм-этпейм.

Жолдошторум коркуп калышты.

– Эмне коркосуңар, нанды сагынып деле калдык, бир сындырым эле бергени жаман экен, жок дегенде бирден көмөч берсе дурус болор эле, – дедим.

Калпанын тамына бардык. Чөлдө калган бүт жатакчылар кыштан арык чыккан даакылуу койлор сыяктанып, чуудасы чыккан кийимдерибизди самсаалатып уй мүйүз тартып олтурдук.

Калча калпа бизди санады эле түп-туура кырк үч экенбиз.

– Калпанын өзүн кошпогондо аялы менен кырк төрт, – деди бирөө.

– Жок, мении аялым мал ээси болгондуктан силерге кошулбайт. – деди калпа.

– И, таксыр! «Койнунда жатып билинбейт, катындан ашкан душман жок» – дечү элеңиз го, өз сөзүңүздү өзүңүз танасызбы? Мал ээси катын эмес, сизсиз. Балким катыныңыз душмандык кылып бирөөгө уурдап берип койгондур» – деп, калпаны туш тараптан керип кеттик. Ал биздин катарга катынын кошо олтургузууга аргасыз болду.

Калпа бир топ көмөчтү дубалады да, ар бирибизге чоң сындырымдан берип, – «Жети чайнап жутасыңар, андан ашык чайнаганың ууру болосун,» – деген,

бийлигин эскертти. Мен өзүмө тийген нанды эки эле чайнап жутуп жибердим да.

– Мына бул катын он төрт жолу чайнап жиберди. Али да жута элек, өзүңдүн эле катының уурдаган турбайбы, – деп чарылдап-чурулдап эле катынды карай жулкунуп тура калдым. Калпа да шашып калды. Катыны менин айбан чегирткедей айбатымдан чочуп кетип, какады да, көзү аңтарыла түштү.

Ошентип, ууру калпанын өзү болуп чыкты. Биз ала жипти аттабаган ак боюнча кала бердик.

– Калпам сиздин бул кемсинтүүңүзгө биз чыдай албайбыз, ушул нан битирге чогулган эл бүт бойдон барып болушка арызданабыз. Эчкини калпа катыны экөө союп жеп алышып, шылдыңдап бизге нан битир жедиргени үчүн калпаны айыпка жыгууну суранабыз, – деп биз чуулдай бердик.

Калпа какаган катынын араң эс алдырып, биз жакка басып келди да:

– Бул эчкини катыным уурдабаганына мен ишенем. Себеби түндө таң атканча койнумда былк этпей жаткан, – деп ал каргана баштады.

– Мына, – дедим, мен ыйламсырап, – катынына өзү шерик, ошондуктан – «ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат» болуп, катынын актоого аракеттенип жатпайбы, мунун өзүнө да нан битирден жедирүү керек, – деп калпа өзү дубалаган нандан чуркап барып бир сындырым алдым да, – сенин каргышыңа биз ишенбейбиз, биз карганганда да сен ишенген эмессиң, ме мына бул нанды жети эмес, он чайнап деле жутуп жиберсең, сенин жана катыныңдын ак экенине ишенебиз – дедим.

– «Ой кагылайын калк, мен да, катыным да ак, шерменде кылбагыла», – деп калпа жалына баштады.

– Ак болсоңор катының эмне үчүн какады? – дедик. Калча калпанын айласы кетти. Биздин алдыбызга түшүүгө аргасыз болду. Ошол эле күнү бир

кой таап сойду, колун куушуруп кечирим сурады да, нан битирде катынынын какаганын ооздон чыгарбоону өтүндү.

– И-Ий... дедим да, – «Уурусу Буйлаш жаш калпа, эт бөлөр калпа эр Калча» – деп Курман ырчы ушул үчүн ырдаган турбайбы, – дедим катуу сүйлөп.

– Көрсө нан битирге дуба менен эмес, өзү шекшинип, шашып калган адам ак деле болсо какайт экен.

## ЭШЕН ЖАТКАН ТҮНҮ

Агам Жумабай бийдин айылы Байгананын төрүндө болучу. «Туугандын турпагы алтын» дешет, алтындыгын байкап көрөйүн, деген пикир менен талаадан чыгып барганыма үч күн болот. Агама учурай албайм. Мен андан амал, же мал сурамак эмесмин. «Эски-ускундан кайрыла жүр, кардыбыздан кабар ала жүр» деп бир ооз айтмакчымын.

Имерчиктеп эшигинен кетпейм, отунун жарам, жараканы колтуктап үйүнө да кирип барам, агам мени карабайт, салам айтам, алик албайт. Кайсы убакта кирсем, алдында калың төшөк, чыканагында пар жастык. Бир аялы башында чай же кымыз куюп олтурса, экинчиси аяк жагында бутун ушалап олтурат. Ойлоп калдым, – «И... Мен жаңылган экенмин, бий кесел турбайбы, кеселди, – «Жакшы болуп калдыңбы? Сакайып калдыңбы? – деп суроочу эмес беле, агамдын унчукпай, мени карабай, салам айтсам алик албай жүрүшүнүн эби бар экен, мен анын айыкканын сурабай эле, кирип-чыгып салам айта берип, таарынтып койгон экенмин» – деп, өкүнүчтө калдым.

Эртеси да болду. Агамдын түндүгү шашкеде тартылды. Андан сүт бышым кийин бий сыртка чыгып, кайра чээндеги аюуча үйүнө кирип жок болду. Азыр барып агамдын акыбалы кандай экенин сурайын. Оорусунан дурус болуп калса, оюмду айтайын, ан-

чалык оңоло элек болсо, талаага кайтайын, деген ой менен ошентип, эшиктен кирдим, келген сайын эле салам айта бермек белем деп, бул жолу босогодон бир бутум аттап, экинчи бутум аттай электе: – «И, бий аке, кеселиңизден жакшы болуп калдыңызбы?» – деп суроонун ордуна жаңылып кетип, «Ий бий аке, кесел ооруңуздан сыркоо болуп калдыңызбы» – депмин.

Бий акем жооп бербестен, ордунан тура калып, Шайтандын шапалагындай болгон мен байкушту жакадан алып, жаакка үчтөн алты чаап, артымды карай түртүп жиберди да, – «экинчи эшигиме келсең тирүү кетем деп ойлобо» – деди, бакырып.

Кайран өзүм, ошондо да тууганда түңүлгөн жокмун. Айып өзүмдө, өзүмдө да айып жок, жаңылыш чыгып кеткен сөзүмдө, эртең кирейин, айып кимде экенин айтып берейин, деп, ал күнү да ошерде калдым.

Бүгүн менин келгениме бешинчи таң атты. Бекен бул түнү да беймалал жатты. Бий акемки күндөгүдөн да бүгүн кеч турду. Кесели күчөп калган го дедим. «Кечээки алты эле шапалакка иним капа болгону кандай» деп, агам алдагандай ойлоп жүрбөсүн – деген ойго келдим, эшиктен жай жайдандап кирип, агама жакындап келип, – «Кеселиңизден, осолдоп калдынызбы?» – дедим. Байбичеси «таш оозуна» деп бакырды. Бий акем күлүп жиберди. – И-ий... эми сөзүм оңолгон экен, деп, акеме жакын жерге олтура кеттим.

– Өңү суук, өзү сууктун сөзү да суук. Иттин көлөкөсүндөй болбой чыкчы эшикке, – деди токолу ашканадан чыга келип.

– Эмне, силер бий акемдин катындары болсоңор мен иниси болом. Аны бий акем да танбайт. Силердин жаныңар бирге болсо менин каным бирге, тууганды топурагы алтын, катын коюнда жатып душман – деп, элден үйрөнгөн сөзүмдү жик-жиги менен жобурап-маарап жибердим.

– Капырай, бул тазыңызда бир кеп бар го, – деди байбичеси бий акеме сүйкөнө берип.

– И, кандай сүйлөйсүз жеңе? «Уй мурдун сасык деп кеспейт». «Тулпар жүгүн оордобойт, тууган сөөгүн кордобойт» – деп жобурап жибердим.

Катындары унчукпастан мени жалдырап тиктеп калышты.

– Мына, не деген менен «чон, теринин бучкагы, биздин бегиш уулунун эң жаманы – жата калып ат үркүтөт», – деп Жумабай бий ордунан козголуп, – «Эң эле салпаягыбыз Бекназар менен айтышып көргүлөчү» дегенчелик аялдарын алдыртан карап коюп, – «Кана тууган, кебиң болсо айт» – деди.

– Айтар кебим деле жок, сизге бир учурашайынчы деп келдим эле. Бирок, кесел экениңизди үчүнчү күнү араң байкадым.

– Эмне деп дөөдүрөйт? – деди токолу.

– Дөөдүрөгөнү барбы, бириң акемин оозуна кымыз кармасаңар, бириң бутун ушалап, алда-кудай менен араң олтурган күндөрүңөрдү унутуп койдуңарбы? – Аялдары жана бий акем бардыгы күлүүгө аргасыз болушту.

– Каяктан келдиң?

– Талаадан эле.

– Турмушуң жакшыбы?

– Жакшы, анткени аялым экөө эмес, бирөө гана өзү ургаачы, тапканымды ичет, киет. Ал мага кошомат кылбайт, мен ага кошомат кылбайм. Ал, мага кожоюндук кылбайт, мен ага кожоюндук кылбайм, сөздүн кыскасы эркин жашап жатабыз.

– Ошондой – деп, бий акем кепке унчукпай турду да, мага эмнелер керектүү экенин билгендей өзүмө бир сыйра, аялыма бир сыйра көөнө кийимдерди берди.

– Кечинде мал келгенде ак чандыр, тайтак мүйүз кызыл ноопаз келет. Ошону кармап байлап кой, эртең жеңелериң эки чанач сүзмө, бир карын май, бир

чанач кымыз берет, ошону жүктөп кетесиң, ноопаз да өзүңкү болот, – деди.

Ошол күнү кечинде бийдикине ак селдечен көп мейман келди. Кимдер экенин тааныбайм. Аттары алынып, кермеге байланды. Козунун эти аз болор деп кунан ирик сойду. Этти эки казанга бөлө салып, эшиктеги кемегеге асты.

Мен меймандардын үстүнө кирдим. Алар бажырашып, кымыз ичип олтурушкан экен.

– Ассалоом алейкум! – деп кирдим. «Күйкөнүн жүдөгөн балапанындай болуп, мунусу ким? – дештиби, айтор алик алган бирөө да болбоду. Эмне кылмак элем. Босогого жөлөнүп олтура кеттим.

– Казым, – деп сүйлөдү, узун бойлуу, кара шириңки, мурду барбыгый, жулма сакал, чоң ак селдечен, суксуйган бирөө бий акеме карап, – Бул аркада да алла-тааланын насип кылган ырыскысы бар экен. Терип жеш үчүн кудайдын өкүмү менен келип калдык. Бизге сиз сойгон кызыл ирикти да алмусахта биздин ырыскыга жазган, азыр аны жейбиз, бул да алла-тааланын буйругун орундаткандыкка жатат, – деди теспесин колдон түшүрбөй.

– Бул ким? – деп акырын сурасам:

– Ажымат деген авлия эшен, – деди, менин алдымда олтурган бир дубанасы. Мен анын «көзү ачык, олуя» экенине дароо эле түшүндүм. Анткени, андай олуячылык өз башымдан өткөн эмеспи.

Ошентип, үйдө эшендер бак-бак, сыртта эт баракбарак, айсыз түн барган сайын коюлуп баратат.

Кайран өзүм, ал олуяга да тийиштик бергим келди. Тийиштик бергенде ага мен кыйыр сөз айтып тилдешип же каруу жумшап мушташмак белем. Казандардагы бышып жаткан этти, эшенден ажыратып калуунун жолун издей баштадым.

Айылдагылардын бардыгы эшен кирген үйдүн айланасында жүрүшөт. Мен эптеп жүрүп үч үйдүн түндүк жабуусун сыйрып алып, короонун башына

көтөрүп барып койдум. Андан кийин үч чар текени бирдейинен апардым да, баягы үч түндүк жабууну бир бурчтарынан үчөөнүн тең мүйүздөрүнө кийгизип, эки текени короонун башынан, бир текени кермедеги аттардын ары жагынан коё бердим.

Короодогу койлор чатырап үркту, түндүк жабуу жамынышкан эки теке алардын артынан кетти. Кермедеги аттар бирден эле кошкуруп мөңкүштү, казыктарын сууруп алып, эшендер олтурган үйгө келип капталышты. Отуз атка бир боз үй турушту бермек беле, кыйрады да калды, ал түгүл эки дубананы, бир калпаны аттар тепсеп өткөндүктөн, жарадар болуп жатышты. Айылдагы аял-эркек бүт бойдон койлордун жана кермеси менен кетишкен аттардын артынан кетишти.

Мен күн мурдатан даярдап алган чоң сары чаначыма эки казандагы этти салып алдым да, жерге тийбей чуркап олтуруп, үркүп бараткан койлордон өтүп, эртең кетүүчү жолума этти бекитип койдум.

– Оо, кой барбы?

– Жоок-жок... о сен кимсиң?..

– Оо мен Бекназармын — Бекназар...

– Олдо байкуш таз аай, тим эле капчыгайга түшүп кетиптир.

Ошентип, тоо-ташка бириндеп кеткен койлорду таң ата зорго чогултуп бардык.

– Койлор бүт бекен?

– Жалпы эсептен он жетиси кем, өңүнөн чыгарганда тик мүйүз сары-теке, жүн сакал кара теке, тайтак мүйүз таргыл теке жок.

– Меймандардын аттарычы?

– Азырынча белгисиз.

Ушинтип, эшендер ачка жатышты. Эки аты чалынып өлдү. Үч текеден башка жандык бүт табылды. Айылдын жалпы көргөн зыяны, үч түндүк жабуу, эки аркан, төрт казык, үч теке. Бий акемин зыяны, сегиз канат кереге, жетимиш уук, бир түндүк, бир

казан, он үч чыны, бир саба кымыз, алты табак сүт, бир карын май, бир көнөчөк каймак. Эшендердин зыяны эки ат, эки дубананын бирден сынган буту, бир калпанын сынган үч кабыргасы. Эшендин сол чекеси айрылган.

Айыл ичи дуу-дуу, – «ай-ай, бул кудайдын кудурети менен келген бир кырсык», – деп Ажымат эшен башын чайкаса, «Короого тийгенди мен даана көрдүм, узундугу аркан бою сур аюу экен, деп бири айтса, «Жоок, аюуга да окшобойт, мени түз качырды, буйтап кеттим. Жакын эле жанымдан өттү, бийиктиги жоон сандай зорго келет. Өзү тууралжын, жапжалпак. Узундугу көтөрмө бою бар» – дешет айылдагылар.

Эмне болсо ошол болсун, кечээки бий-акем айткандар эртерээк эле колума тийсе экен деп, кызыл оопазды кындай суутуп мен жүрөм. Анткени менен «өнөрлүү жигит өлбөйт» экен деп корстон болуп калдым.

## ПУЛ БОЛГОН КЫЗ

Жумаалы деген адам мага кыйыр тууган. Кокон-Кыштактык Мамажан деген бир соодагер көп кездемелер алып келип, ошол тууганымдын үйүнө жайгашкан. Бир күнү Жумаалы мага келип:

– Биздин үйдөгү соодагер жигит акылга тайкы неме экен, колукту таап бериш деп асылды да калды, ушуга эмне деп жооп айтсам, – деди.

– Жооптун эмне кереги бар, колуктусун деле көрсөтүп коёбуз, калыңды дурус берет бекен?

– Аяй турган эмес.

– Калыңды көп бере турган болсо, мага жолуктуруп койгун.

– Жолуктурмак түгүл, тааныштырып деле коёюн, кечинде үйгө баргын.

Ошентип, соодагер менен Жумаалынын үйүндө тааныштык.

Сөз тигил соодагердин максатын орундоо жөнүндө болду.

– Өзүңүз байкадыңызбы, кимдин дурус кызы бар экен?

– Кудайназар байдын айлында үч-төрт кыз жүрөт, мага баары жагат.

– Болду, аны өз колуңдагыдай көрө бер, – дедим.

Кол алыштык. Кыздын калыңын бычтык, туптуура эки миң сомго убадалаштык. Эки жүз сомун ошол замат нак алдым да:

– Кыргыздын салтын билесиңби? – дедим.

– Билбейм.

– Андай болсо, «мен баланчанын кызын алмак болдум, мынча калың бермек болдум» деген сөз оозуңдан түк чыкпасын, кокус бирөөлөр ал сөздү угуп калса, кызга сыртынан көз салып жүргөн бир шумпай сени союп салат дедим. Ушинтип, эч кимге сыр айтылбас болду.

Эки күндөн кийин тигил белгисиз колуктунун күйөөсүн ээрчитип барып, Кудайназар байдын айлынын четине токтоттум. Айылдагылар келип керектүүлөрүн алып жатышты. Бул айылда беш кыз бар болучу. Бешөөнүн ичинен көзгө токтомдуусу- Мансурдун кызы Маана. Анын атасы орто дыйкан, таза кийинип, таза жүрө турган. Өңү-түсү начарыраагы Кулчардын кызы Телегей. Ага кудай көрктү, сулуулукту ыраа көргөн эмес. Көзү – быжы, оозу – кыйшык. Он эки жашында үйдүн көлөкөсүндө уктап жатса, сайгактаган уйлар тепсеп кетип, бели сынып, көп азаптардан кийин, алманын ийилген бутагындай бүкүрөйүп тура келген. Ал кыз жыйырма сегиз жашта. Телегейдин атасы акылга барып турган жарды. Мен тигил соодагерге Мансурдун кызы Мааналы көрсөтүп, ага Телегейди алып бермекчи болдум.

Мааналы көргөн соодагер сурагандын бардыгын аяган жок. Ал соодагерди Жумаалы экөөлөп тооруй бердик.

Күндөрдүн биринде, Дороңго сыр айттым. Ал биз алып жаткан калыңдан көп деле үмүт кылган жок. Эки жүз сом менен Телегейдин атасы Кулчарды көндүрө тургандыгын айтты. Иш бүттү... Кыз пул болду. Калган акчаларын да алдык.

– Мен Муз-Төр болушунда соода-сатык ишим бар эле, ошоякка барып, он күндө кайтып келемин, – деди Мамажан.

– Эсен барып, соо кайтыңыз, – дедик, узатып койдук.

Мамажан соодагер он эмес, отуз күн дегенде араң кайтып келди. Аны тосуп чыктым.

– «Кудаа кылса, кубарыңдын акысы барбы!..» – деп, көзүмдүн жашын сүртүп алдым.

– Ээ, үкөм, эмне болуп кетти?.. – деп селт чочуп кетти.

– Сиздин колуктуңузга күтпөгөн жерден жин тийип, оозу-башы кыйшайып калды... Куданын «кудурети» да...

– Эмесе барып көрөлү, жүрүңүз, – деп мага анча ишене бербеди. Биз Кулчардын үйүнө барып түштүк. Бактыма жараша Телегей үйдө жалгыз экеи. Биз кирер менен:

– Ой, даат. Бул мен көргөн кыз эмес, оо, жан алгыч! Муну Бекназар аке өзүң ал. Мен калыңга берген малымды да кечтим, – деп артына карабай качып жөнөдү.

## НУКЕ ДУБАНАНЫН АПЫРТМАСЫ

Май айы, эл кыштоодон чыгып калган. Нуке деген дубана биз менен бир айылдаш эле. Менин баягы биринчи алган колуктум, абдан «жакшы» турмуш күткөнүм үчүн ажырашып кеткенине алты айча болуп калган. Агайым Эрназар мындан бир жыл мурда дүйнөдөн кайткан. Туугандарым шарыяттын жолун

таап, анын жесирин мага алып беришип, үй-жайына ээ болуп калгам.

Тамакты өз убагында ичип, эрте жатып, кеч турам.

Нуке дубана аз уктайт. Союш жегиси келсе, түн ортосунда бирөөнүн үйүнө барып, аса таягын шарактатып, ар нерселерди айтып, айкырып-кыйкырып, үйүн жөөлөп, заманасын кууруп, бир нерсе сойдуруп, жаны тынат.

Менин тай чыкма торпогум бар эле. Кыштан орто эти менен чыгып, абдан семирип калган болучу. Нуке ошол торпокту тооруп келди. Түндө бир уйкуда келип, үйдү сабап, жөөлөп, тегерене жүгүрүп, эшиктен кирип келип, бир нерсе менен кармаша кеткендей болуп, айтор, таң супа салганга чейин айланчыктап имерилип кетпеди. Аялым катуу коркту. Таң атса торпокту түлөө кылууну мага сунуш кылды.

– Сен коркпо, таң атса Нуке дубананын өзүнүн ак торпогун түлөө кылдырамын. Ак селдечендердин баары алдамчылар. Нукеге кереметти мен көрсөтөмүн деп аялымдын чоң ак жоолугун, узун ак көйнөгүн колтугума кысып алып, айылдын үстү жагындагы «Шарип ата» деген мазарды көздөй жөнөдүм. Ал учурда Нуке дубана да, күн сайын жасоочу адаты боюнча мазардагы арбактарга куран окуп келүү үчүн «аак-үүй, акк-үүй» деген бойдон мазар жакка бараткан кези эле.

Нукеге көрүнбөй экинчи жагынан чуркап өтүп мазарга мурда жеттим да, Нуке келаткан кыянын чыга беришиндеги төбөсү оюлуп түшкөн мүрзөнүн ичине кирип, аялымдын ак көйнөгүн кийип, ак жоолугун башыма жая салып олтуруп калдым.

«Токсон түркүм балаа бар, үүй,
Ар-ар түркүм балаа бар, үүй,
Алда дегин жарандар үүй» –

деп Нуке ачык мүрзөгө жакындап келип калды. Мен үнүмдү кубултуп, кызыл өңгөчүмдү кыйкылдатып

«Нуу- кээ!..» дедим. Дубана жакасын кош колдоп кармап «Лайли, Махмуд, арасул, аалы» – деп келме келтирди да:

«Дүйнө жалган бейбапа, үүй,
Чын дүйнөдө эне-ата, үүй,
Айыкпкер пенде алда де, үүй,
Акыреттин камын же, үүй», – деп отура калды.

Жанагы эле үнүмдү чарылдата чыгарып, «Нуукээ, э-ээй» деп, ачык мүрзөдөн чубалжып чыга келдим да, аны карай «ыж-ыж!..» деген аянычтуу добуш менен ага умтулуп калдым. Дубана эзели оозунан түшүрбөгөн, алласын да, тобосун да унутуп, «а-ап-апаа!..» деп бакырып чалкасынан кетти. Башындагы селдеси жыгылган жеринде чубалып калып, өзү тескей ылдый кулады.

Мен экинчи жагынан чуркап өтүп, үйгө келип жатып калдым.

Таң атты... Нукенин үй-бүлөсү дүргүп жүрөт. Анын аялы кара жиндүү бүбү болучу. Ал күйөсү Нукенин башын жөлөгөн калыбынча алка-шалка терге чөмүлүп, ак уруп жатат .«И-ий, бириң дубана, бириң бүбү, эми кереметиңер болсо көрсөтө бергиле» – деп ичимен ойлонуп басып бардым. Нуке дубананын өңү жаргактай кубарып, көзүнүн агы да оодарылып, эч нерсе чыкпаса да окшуп, кусуп жатат.

Аңгыча Артыкбай калпа баш болуп айылдагы ак селдечендер бүт чогулушту. Нуке дубана менен бүбүнүн айтуусу боюнча баягы ак торпогу эбак эле кудай жолуна чалынган. Үч казанга бөлүп салынган. Мен бир казанга от жагып берип олтурам. Калпалар тыңшап, Нуке дубана көргөн икаясын жаналекетте айтып жатты:

– «Ак» деп алкымымды асманды карай созгон элем, – деп баштады Нуке дубана сөзүн, – ай жаркырап алдыма түшүп келе жатканын көрдүм. «Үүй» деп белимди жерге карай ийдим, кашымда үч адамдын турганын көрдүм. Адегенде эле ассалоому алейкум

дедим, кулдук кылып колумду бердим. Үчөө тең ак боз ат минген, ак күмүштөн жаркыратып соот кийген, алчылантып ак селде оронушкан, аттарынын кулагынан шам күйгөн кишилерди көрдүм. Аңгыча тигил үчөө, айкырышып алда кимге найза салды, ооздорунан кыпкызыл жалын жанды. Айбаты айааламды титиретти, чыдабай менин дагы алым кетти.

Аңгыча тигил үчөөнүн бири кайрадан мага келди. Ал: «Кудай жолуна арнап, ар бир үй бирден ача туяк союп түлөө кылсын, кайыр-сакабат берсин», – деди да, көздөн кайым болду. Аңгыча экинчиси алтымыш кез ак найзасынын учунан кызыл жалынды шырылдатып, алга карай ат коюп баратканда, аргымагынын алдыңкы туягынан ыргыган даңканы келип мага тийгенин билем, андан башкасын билбеймин. Бир оокумда эсиме келип башымды көтөрсөм, «Шарип атадан» берки тескейдин этегинде жатыпмын.

– Апээй, – дейт анда аялы Маалимбүбү, – селдесин мечитке таштап келген экен десем, ошол икаяларга учураган жеринде калганбейм. Чүчө, чуркап барып карап келчи, – деди аялы. Мен түз эле Нукенин жыгылган жерине чуркап жеттим. Чубалып жаткан селденин теңинен көбүрөөгүн менин торпогум жалмап жиберген экен.

– Ырас кылыпсың, Нуке дубана бүгүн сенин этинди жеймин деген эле, максатына жетпей селдесин сага жедирди, – деп анын маңдайын сылап койдум.

«Нуке дубанага Мухаммед пайгамбар учураптыр. Ал ааламга шайтан толгондуктан, акыреттен келип, азезил менен согушуп жүргөндүгүн айтыптыр. Үмөттөрүмө айт: «Ар бир үй бирден ача туяк союп кудайы кылсын, кайыр-сакабат берсин дептир», – деген сөз эл арасына чагылгандай тез таралды. Түлөө жалпы элде бир эле күнү өтпөстөн, кайсы айыл, кайсы күнү түлөө кылары атайын белгиленип, күн мурдатан кабарланды. Калпа, эшен, молдо, дубаналар тим эле

мындай шылтоолорду таппай турушпайбы. Караңгы эл эмнени билсин. Алар эмне десе баарына ишене берүүчү. «Кайран жигит, мен болбосом Нуке думана бул калпты кайданураштырсын» деп да калам. Ошол замандын чындыгы бир болсо, калпына чек жок эле.

Түлөө биздин айылдан башталмачкы болду. Алды уй, ортосу кой, арты улак жетелешип, эл тапкан малдар менен «Шерип атанын» суусунун боюна чогулушту.

– О, Бекназар, сенин түлөө кылуучу малын кайда?

– Менин малым жок.

– Элдин катарынан калууга болбойт. Жок дегенде бир улак таап келип түлөө кылгандарга кошулгун, – деди Артыкбай калпа.

Колумда агайымдан калган жалгыз торпоктон башка адалдан түк жок болучу. Айлам кетти. Ары ойлодум, бери ойлодум, бир улак карызга бергиле деп үч-төрт адамдан сурап алалбадым. Артыкбай калпага кайра басып келдим да :

– Эл улак деле бербейт экен, Нуке дубананын үйү ансыз деле карчыга менен төшкө толуп кетти. Кийин малдуу болгонумда бир улак союп, карчыга төшүн берип коёрмун…

– Жап оозуңду, наинсап, — деди калпа ачууланып.

Мен да тилимди тартканым жок:

– Силер, калпалар, дубаналар-алдамчысыңар. Терисин, төрт шыйрагын, карчыга-төшүн арттырып алуу үчүн мага окшогон малсыздардын канчасын карыздар кылып, капканыңарга түшүрдүңөр.

– Тарт тилиңди, бул малдар алла-тааланын буйругу боюнча азырети Мухаммед Салиалланын айтуусу боюнча түлөөгө союлуп, кудайдын кулчулугуна баш ийгендер колдорунан келгенин кудай жолуна арнап табынып олтурушканын билбейсиңби?!

– Койчу калпам, Нуке дубанага пайгамбар эмес эле мен жолуккам. Ишенбесең Нуке экөөбүздү бет-

тештирчи, мойнуна коюп берем. Айткандарынын баары калп.

Менин сөздөрүмдү угуп олтурган Нуке дубана шолоктоп ыйлап кирди. Аялы Маалимбүбү ачуусуна чыдай албай, асасын шарактатып алка кылып жүрөт.

– Ой Нуке, – дедим мен дагы ачуулуу сүйлөп,— сен кудайчылыгыңды айтчы, сага «ак боз ат минген, атынын кулагынан шам күйгөн, ак кийим кийген, ак селдечен азирети Мухаммед салиалла жолукпай эле, күн сайын үйүмдү жөөлөп уктатпаганыңдан, аялымдын ак көйнөгүн кийин, ак жоолугун башыма салынып алып, ачык мүрзөнүн ичинен, «Нуук ээ-э-ээй» деп чыга келсем эле, «ак үүй дү, алланы» унутуп «а-ап-аппаа» деп чалкаңдан кетип, тескей ылдый кулап кетпедиң беле?

Адам бир нерседен корксо, дайыма ал көз алдына элестей бере турганын ар ким билет, мен анын калпынын учун чубап келатканымда эле, дубананын көздөрү чакырайып, сакал, муруту сербейип, оозуна сөз кирбей мага тигилди да калды. «Ачык мүрзөдөн мына минтип чыкбадым беле» деп, үнүмдү кубултуп, кызыл өңгөчүмдү кыйкылдатып, ээгимди элчилдетип: «Нукээ-ээ-ээй» – деп, дубананы карай обдулдум. Нуке дагы бакырып жиберди. Көрсө баягы менин жапайы үнүм анын кулагына сиңип калган көрүнөт.

– И-иий... Оңбогур, – деди аялым Марзия башын чайкаган калыбынча, мени тиктеп, – анысы чын болуу керек, көйнөгүм менен жоолугумду сурап алып, ошол түнү чыгып баратканда, сен менин кийимимди алып кайда барасың десем, шашпа, мунун сырын кийин айтып берем деген эле. Көрсө, ошондо ушул балакетти иштеген турбайбы.

Ушинтип, эл алдында эшен, калпа, молдо, думаналардын калпын бир ачкамын. Алар мени өлтүрүп койбосун дедим да, ал иштин изи сууганча Анжиянга барып иштеп, акча таап келүү үчүн бир топ жолдошторум менен жолго чыктым.

## «КУМАЙЫК»

Жөө жүрүп отуруп, Кең-Колду ашып, Кызыл-Үңкүрдөн өтүп, Көк-Тондуунун оозуна жеттик. Артыбыздан жаңылдаган добуш угулду. Карасак он бештен ашык ак селдечен аттуу адамдар «ак» урушуп Кара-Үнкүрдүн сайынын өйүз-бүйүзүн жаңыртышып алка кылып келе жатышат.

– Булар ким? – дедик алга карай шашылыш бараткан бирөөдөн.

– Үч-Коргондук Ажымат деген эшен, ал чоң олуя адам, – деди да, кете берди.

– Эй достор, бери келгиле, – деп эшен, калпа, молдонун баары алдамчы экенин, ачык-айкын далилдер менен айтып бердим. Алардын сырын билип алып, Арстанбаптын мазарында «олуя-шайык» болгонумду да жашырган жокмун.- Береки «алда үй» дегенден башка кесип кылбастан, бекер олжого карк болуп келаткан эшендин малынан азыраак ажыратып калсак кантет? – дедим мостоюп туруп.

– Кокустан билип койсочу!..

– Убалыңар мага болсун, буларда эч кандай керемет деген нерсе жок.

Алар макул болушту. Турмушубуз да ушуну талап кылып турган.

Жолдошторум жолдун алдындагы жылгадагы калың токойго сойлоп кирип жатышты. Мен жолдун үстүнө эки-үч бута атымдай чыгып бардым. Аңгыча тигилер, арыбаган «алда үйүн» чуулдатып, алды жагымдан өтүп калды. Мен жаш күчүк болуп каңшылай кеттим. Бирок эшендер көңүл бурушпады. Сакадай ташты ала коюп, ир алдында бараткан эшенди уруп калдым. Ташым ага саал жетпей түштү. Таштын дабышынан эшендин аты селт этип, кулагын чунайтып, кошкуруп жиберди. Эшен мен жакка карай көз жүгүрттү. Күчүкчө каңшылай бердим. Ажымат эшен артына кылчайып, алаканын жаңсап,

зикириңерди токтоткула дегендей ишарат кылды. Жымжырт... Жалгыз гана мен, өрөөндүн тынчын алып күчүкчө каңшылап жатам.

– Бул эмне?

– Күчүк го?..

– Адам жашабаган тоодо күчүк эмне кылсын?

– Бул күчүк эмес, кумайык болуу керек... Аны балта жутар көк жору кусат, үч күнгө чейин кудайдын сүйгөн пендесине учурайт. Үч күндөн калса, кайрадан жору сүлдөрүнө келет да, учуп кетет. Кумайык касиеттүү жана күлүк болот. Аны баккан адамдын үйүнө береке толот.

Эгерде ээси каалаcа алты айлык алыстагы арстанды, алты саатка калтырбай алдыңа айдап келип берет... – деди Ажымат эшен.

Ал дагы толгон калптарды учуруп жиберди. Аны укканда артынан ээрчип жүргөн калпалары карап турмак беле. Аттарынан түшүп, каңшылап жаткан кумайыкты издеп жөнөштү. Аларга мен туруп бермек белем. Токойдон-токойго өтүп, тоонун башын карай каңшылап кетебердим. Убакыт эки эт бышымча болгондо, эмгиче иш орундалгандыр дедим да, эч кандай каңшылабастан, калың чердин арасына життим да калдым.

«Кумайыкты» табалышпай, калпалар эшенине өкүнүчтүү кайра келишти. «Алла-таала насип кылбаган нерсе алаканыңда туруп, көздөн кайым болот, буга кейип кереги жок», – деди да, калпаларды аттанууга ишарат кылды.

Мына кызык, үч калпанын аты жок. Ары издешти, бери издешти, акыр күн батып, түн түндүгүн тартканда, аргасыздан учкашып-чиркешип жолго түшүштү.

Мен тоонун башынан ылдыйлап, жолдошторум менен убадалашкан жерге келип ышкырып белги бердим. Кайрадан чогулдук. Азаматтар үч аргымакты ээр-токумдары менен уурдабай – жашырып,

айтпай – сурап алышкан экен. Аргымактарды, анын ээр-токумдарын карап, анан үстүндө минип бараткан бизди караган ар кандай эле адам «сен уурусуң» деп кармап аларында шек жок эле. Анткени, биз дырдай жыланач болбосок да, ошого жакын элек.

Кеңешип олтуруп мындай жыйынтыкка келдик. Үч жолдошум үч аргымакка минди да, түнү менен Анжиянга жетип, мени базардагы чайканадан күтүп алышмак болушту. Мен «артыңардан барам» деп кала бердим.

Эртеси чоң шашкеде Таш-Көпүрөдөн өттүм да, Сары-Талаанын жолун чаңдатып бараттым. Ал талаада «Таш-Буркан» деген мазар бар. Ага көбүнчө бозокорлор сыйынып, ташынан чагып алып, бозо салган челектин түбүнө таштап коюшат. Ал мазардын «касиеттүүлүгүнөн» чарбактыктардын бозосу күчтүү чыгат» деп кеп кылышчу. Аяк-быякты карасам, эки бута атымдай жерде бир адам олтурат.

– Ээй, береки ат сеникиби? – дедим.

– Ооба.

– Ооба дебей өл, акмак турбайсыңбы?

– Ий.

– Ий, – дейт да, кокус өтүп бараткан бирөө ниетин бузуп атыңды минип кетсе кантесиң?

– Каратып туруп, кандай эр минип кетет эле?

– Эмесе карап тургун, ниетин бурган киши атты минтип чечет. Ээрдеги камчыны минтип алат…

– Оой-ой, койсоңчу тамашаңды, – деп тигил ордунан тура калды.

– Мына кызык, ниетин бурган адам, сенин «койсоңчу тамашаңды» дегениңе коёбу. Минтип минет да, «айт» деп сабаган боюнча кете берет, – деп атты ары-бери удургутуп коюп, ал адамга жакын бастырып келдим.

– Салоом алейкум.

– Алеки салам, балам жуда шум окшойсуң, аа?

– Калпам, кайдан келе жатасыз?

– Ажымдан, уулум, Сузактык Кары ажы деген болом. Арстанбапка барып, Ажымат эшенге жолукмакчымын.

– Ал эшен Арстанбаптабы?

– Кечээ келген болуу керек.

– Кош эмесе, ажым, эшен экөөңө ат жок беле, бул атты мен минип кете берейин дедим да, уюлгуткан боюнча жолго түштүм. Кеч бешимде Анжиянга кирип бардым. Шериктерим да болжошкон жерде экен. Чай ичип олтурдук. Жаныбызда көк ала сакал үч киши олтурат. Кебете-кешпирлерине, сүйлөгөн сөздөрүнө караганда «бир теңгем төртөө болсо» деген соодагерлерден окшойт.

– Кайдан келдиңер? – деди алардын бирөө.

– Аркадан...

– Эмне жумуштап, же жалданып иштегениби?

– Кожоюнубуз бар.

– Ким?

– Борбу бай. Ал өзү миң кой айдатып артыбыздан келе жатат. «Силер Анжиянга түшүп, базарда малдын наркын билип кайткыла, эгер арзан болсо, Фергана багытына түшүп кетебиз деп, бизди жөнөткөн», – дедим озунуп.

– Ал бай өзү кайда?

– Кой менен Кокон-Кыштакта калды.

– А, Анжиянга кире бергиле, мал жуда жакшы пул, өзүбүз соодалап беребиз, – дешип бизге жармашып калышты.

– Андай болсо бүрсүгүнү алып киребиз, бул жерде да төрт ат бар. Сатылат. Пул кылып бербейсизби? Биз Кокон-Кыштакка поюз менен барууну дурус көрүп турабыз.

– Хуп болот! Атыңар кайда? Азыр пул кылабыз.

Ушинтип, аттар да сатылды. Касиеттүү «Кумайык» бизди дүнүйөлүү кылды.

## КАРГЫШ ТИЙГЕН КАЛПА

Базар-Коргондун чарбак кыштагына барып Ташы деген калпанын алты гектар буудайын жетимиш эки сомго баалап, төрт күндө оруп бүттүк. Мурда жалданып иштеп көрбөгөндүктөн, ичкен тамагыбыз өз жаныбызданбы, же калпанын эсебинен болорун ачык сүйлөшпөй калыппыз. Ал үчүн төрт күнгө чейин калпа эмне тамак берсе, каяшасыз капчытты чыгара бергенбиз. Бир күнү:

– Кана калпам, акыбызды бериңиз, – дедим.

– Жакшы болот. Эсепсиз дүнүйө жок? Абалы эсептешебиз, андан кийин кимибиз карыз болсок, ошонубуз төлөйбүз, – деди камырабай. Ошентип, калпа бизге берген тамагын эсептеп кирсе болобу.

– Төрт жолу палоо басылды, ага бардыгы болуп жырыйма кадак эт, эки кадак май, жүз пайса мурч, жүз пайса туз, мындан тышкары токсон алты нан, кырк сегиз чайнек чай... – деди да, алардын бардыгын шашпай олтуруп эсептеп чыкты. Бардыгы элүү алты сом, үч теңге болобу? – деп, бизди карап койду да, – эми төрт күндүн ичинде силердин тамагыңар үчүн сегиз сомдук отун жагылды, менин он сомдук кызматым кетти. Буларды кошкондо жетимиш төрт сом үч теңге, ал эми менин силерге бересем жетимиш эки сом. Дагы эки сом үч теңге карызыңар калды.

– Ракмат калпам, биз кырмандын четинде жаткандыгыбыз үчүн жамбаш пул, аңызды тепсеп жүрүп оргонубуз үчүн туяк пул да алар бекен деп ойлогон элек.

– А-а, ага окшогон майда-чүйдөлөрүн эсепке кошпогонум силердин мейман экениңер үчүн болду.

– Баракелде! Жеткен «март» экенсиз...

Арга жок, жер чукуп отуруп калдык. Күн батып бараткан эле. Дагы ошол калпаныкында калууга туура келди.

– Калпам, бир улак таап бериңиз?

–Эмне кыласыңар?

– Сизден арзан кутулганыбыз үчүн кудайы кылабыз.

Калпа бир улак таап берди, акчасына иштеп бермек болдук. Аны сойдук, этин салдык. Мен Ашымакундукунан барып коон алып келдим. Менин айтуум боюнча улактан мөөнү ичиндегиси менен сакталып коюлду.

Ошентип, жакшылап тамактандык да, жайбаракат жатып калдык. Түн ортосу оогон кезде, баягы мөөндү колума алып, акырын басып барып катуу уктап жаткан калпанын куймулчагынан ары «татыратып» жибердим да, кайра жаткан жериме келип, калп эле ойгонум кеткен болдум:

– Эй, Чүкүлүй, соосуңбу?

– Соо элемин…

– Бөөф-иий, Назар менен Жумаалыны ойготчу, кимисинин бөөнү жарылып кетти?.. Ордумдан туруп, чыракты жагып жибердим да:

– Калпам сасык жыт сиз жакта окшойт. Жамынган жуурканын силкип ыргытып жибердим, анын ак ыштаны менен ак шейшеби каңырсып жаткан экен.

– Эй-ий, Чүкүлүй, Назар, Жумаалы! Тез тургула, калпам тууп коюптур.

– Эмне дейт? – дешип, жолдошторум тура келишти. Калпада үн-сөз жок. Кара тер гана шорголойт,— силер туруп тургула, мен айылдан кыдырып бир эпчил аялды чакырып келейин. Ансыз калпамдын ич кийимин, жууркан, төшөктөрүн эч ким тазалай албайт деп, шашылыш сыртка чыктым да:

– Оой айылдагылар, айылдагылар оой, о тезирээк келе көргүлө!..

– Айланайындар, эмне кааласаңар ошону алгыла. Бекназарды койдуруп, эч адамга билдирбестен, жабылуу аякты жабылуу бойдон калтыргыла!.. – деп калпа жалынып-жалбарып, ыйлап да жиберди.

Чүкүлүйдүн чакыруусу боюнча мен кайрадан үйгө кирдим: Бөөф-ний, калпам, өтө жаман былжыткан экенсиз да, каалганы ачып эле коёюнчу.

– Ой, садагаң кетейин Бекназар, мени шерменде кылбагыла, эл караган жүзүмдү жер каратпагыла.

– Пай-пай-пай калпам! Бизге окшогон бечаралардын адал эмгегин эпчилдик кылып жегениңиз үчүн мөөнү жарылсын» деп каргаган го дейм.

– Кагылайын Беке, болор иш болду. Эми адамгерчилик кылып, каалаганыңарды алып, бул ишти жашыруун калтыргыла.

Калпанын оозунан мындан башка сөз чыкпады.

– Куп, биз адамгерчилик кылалы, абалы жетимиш эки сомду санап коюңуз. Кудайы кылган улактын пулун бериңиз. Ашымакундун коону үчүн алты теңгени бери узатыңыз. Бардыгын санатып алдым да, эми ооз басырыктан башка карызыңыз калган жок, – дедим.

– Айланайын балдарым, ооз басырык үчүн канча берейин.

– А мен мынча деп айтпаймын?

– Эч жерде айтпагыла?

– Ох-оо, анда көп бересиң калпам. Демек, Мен Ооганда, Кызыл-Сууда, Арстанбапта, Көк-Тондуда, Кара-Көлдө, Ачыда, Ак-Теректе, Габада, демек дагы ушул сыяктуу көп жерлерде болом дейин, туурабы калпам?

– Албетте, туура.

– Ошончо жердин баарында да айтпайынбы?

– Айтпаңыз.

– Анда ар бир ооз басырык үчун эки сомдон эле дейли десем, жолдошум Жумаалы: – Ой, Бекназар, биздин аркада ар бир ооз басырык алты сомдон турат, – деди.

– Ал ар-намыстуу адамдар үчүн, а бул сыяктуу өзүнө-өзүнүн алы жетпеген ары жок калпалардан алынуучу ооз басырык арзан турат да.

– Беке, андай дебеңиз, мен да ар-намыстуу адаммын.

– Анда алты сомдон төлөйсүз.

Ушинтип, аргасын кетирип олтуруп, Ташы калпанын алты жүз сомун ооз басырык үчүн өндүрүп алдык. Калганына калпам карыздар болуп кала берди.

## МАТМУСАНЫН ТОЮНДА

Арадан үч күн өттү. Ошол эле чарбактык Маатмуса деген адам той берди. Ага мен да барып калдым. Ал тойдо Ташы калпада олтурган экен. Анын үстүнө кирдим да: «И калпам, ар кандай кокустуктан аман жатасызбы?» – деп учурашып, анын катарынан орун алдым. Тамак желди, сыртка чыгарда ар бир адам дасторконго теңге, сом таштап жатышат. Мен Ташы калпага карап: «Калпам, баягы улак кудайы кылган түнкү окуянын эсебинен эки сом таштап коюңуз», – дедим. Калпанын бети кызара түштү. Дасторконго эки сомду калтырды да, сыртка чыгып:

– Беке, бери келчи, бир иш өттү да кетти, ал үчүн мен ар дайым сага карызмын, ме муну чөнөтгүңө салып кой да, оозуңа бекем бол, – деди. Мындай чыгып эсептесем элүү сом экен.

Ошентип, акча жанга батпай калды. Бирок элиме баралбайм, барсам эле таш бараңга алышары шексиз. Андыктан аялыма бир сыйра кийим, эки жүз сом, кант, чай кылып берип жибердим да, өзүм желгенимди бутум билип, конгонумду коюу чыккан түтүн билип, Анжиян боорунда кала бердим. Оңой олжого кызыккан жолдошторум келерки жылдын жай айында эле келишип, мени Жалал-Абаддан таап алышмакчы болушту.

## КҮЗГҮ АЧКАНДА

Түнү менен дагы бир нерсени ойлоп таптым – бакшы болгум келди. Ошол күнү Жалал-Абадга келдик да, саптуу бир кичирээк күзгү, бир тасма камчы, андан башка «Азирет-Айыптын» бир шайы-

гынан бооруна куштун коңгуроосун тагып, курдун төңөлүгүнө чейин шарактата кадаган аса таягын жана бир көлбөөрүн сатып алдык. Башыма селдени оронуп, күзгүгө карансам, кичинекей куурчак сыяктуу бакшы болгон экенмин. Көзүмдү кыйшаңдатып, эриндеримди кыбыратып, мойнумду кылжыңдатып, далымды бирде куушуруп, бирде көзүмдү жумуп, бакшылардын кыймылын көз алдыма элестетип, Чүкүлүйдү ээрчитип алып жолго чыктым.

Жалал-Абаддын аймагындагы эл мени жакшы таанып калышкандыктан, Базар-Коргон, Массы багытына карай бет алдык. Топурак-Белди ашып, Акман кыштагын аралап бара жатабыз. Базар-Коргондон Ачы кыштагын карай кесип өткөн жолдун төш тарабындагы чоң коктунун оозунда чоң бир түп тал турат. Ал тал кеминде мындан эки кылым мурда тигилген болуу керек. Анын узунун билбейм, жоондугу кучак жеткис. Ошол талдын түбүндө бир ак өргө туруптур. Анын айланасында азыраак мал жүргөнсүйт. Ал өргөдөн өйдөкү өзөндө көп айыл олтурат. Биз ошол ак өргөнү көздөй бара жатабыз.

Алдыбыздан бели жаадай мекчейген, эки көзү чекчейген, кадамы арбыбай бүрүшкөн, карылыктан эки бети чүрүшкөн бир кемпир көрүндү. Мен башымдагы селдемди койнума катып алып, анын алдынан тосуп чыктым да: – Ассалоому алейкум, – дедим.

– Апей, аялга салам айткан сен кандай немесиң?

–Балдарыңыз менден улуу болгону үчүн сизге салам айттым, эне!

– Капырай, шарыят ошондой бекен?

– Ошондой эне.

Кемпир оң колундагы таягын коё бербестен, сол колунун алаканын көзүнө калкалап серепчилеп, мени үңүлө тиктеди да:

– Ботом, сен Султандын баласы белең?

– Ооба, эне.

– Ий өлүң ачайын, эжекеңкине баратасыңбы?

– Ооба, эжемин айлы каерде?

– Береки жалгыз талдын түбүндө, мен да ошондон келатам Байкуш эжең, жалгыз баласы Куржунбай майып болгондон бери өңдөн азып, алдан кетип, көбүрөөк кейикчээл болуп калды.

– Баласы канча жашта эле? – деди Чүкүлүй билмексен болуп.

– Үч жашар болучу.

– Качан өлдү?

– Эки айча болду.

– Азыр эжемдин бой-моюнда барбы?

– Эки айдан бери күмөн болуп жүрөт.

– Жездем кайда?

– Кайда болмок эле, чоң соодагер эмеспи, өз иши менен жүрөт.

– Колунда малы көппү?

– Малы толуп жатат. Доңуздай эле бай, бир жээрде жоргосу, карагер саксак айгыры, он чакты бээси, үч ак эчкиси, эки сары, эки кара, бир ак улагы, бир чаар ую, күрөң музоосу бар.

– Жездемин иттери кабанакпы?

– Койчу нары, эки күндүн биринде эле эжекеңдикинде болосуң да, анан мени сынап коёсуң, башка чапса маңк этпес, Тойбос деген кара дөбөтүнөн башка ити бар беле.

– Жездемди сиз тергейсиз ээ?..

– Койчу, Адыл менин кичүү балам менен тең.

– Эжемичи?

– Турчу нары, күйөөсү Адылды тергебеген аялы Нурияны тергемек белем.

– Кичүү балаңыз канчага чыкты?

– Быйыл отуз бирде.

– Анда эжем менен тең экен го.

– Эжең быйыл жыйырма сегизде, күйөөсүнөн үч жаш кичүү.

Ушинтип, Адылдын ал жайы ачык-айкын болду. Бакшылыкты дал ушул үйдө көрсөтүүгө туура

келди. Кемпирден узай бердим да, селдени чакчайта кийип, аса таягымды шарактаткан боюнча: «Кач, бетпак, кач-кач, бетпак» – деп, Адылдын үйүн карай чакырып сала бердим. Көң дөбөдө жаткан ити башын жалкоолоно өйдө көтөрүп коюп тим болду. Аялы Нурия үйдөн чыга калды да, мени көрө коюп, кайра үйүнө кире качты.

Үйүн үч айлана чуркап, асамды шарактатып, алда эмнелерди кууп жүргөн сыяктанып «кач бетпак, кач!..» деп, үйгө кирип бардым. Камчым менен керегелерин карсылдата сабап, экинчи босогодон эшикке чыгып, аса таягымды найза кылып, кезеп алыс-алыс жүгүрдүм да: «алда үй, алда үй» – деген бойдон кайра келдим. Келерим менен Нурия эшик ачып үйгө кийирди. Төшөк эбак салынган экен. Чүкүлүй экөөбүз чөк түшүп олтуруп калдык.

– Омийин, эч жамандык көрбөсүн.. – деп бата кылып да жибердим. Нурия он чакты нан, эки чоң аяк айранды алдыбызга койду. Дасторкон жыйылгандан кийин:

– Бул жигит төлгө тартабы?—деди Нурия жолдошума карап.

– Күзгү ачат.

– Каерликсиңер?

– «Кочкор-Ата» менен «Осмон-Атанын» ортосунан болобуз. «Алда үй» – деп буркулдап койдум.

– Күзгү ачып берер бекенсиз? – деп жалооруй бизге карады.

Күзгү ача баштадым. Ал учурда менин кыйкырып-бакырырып үйдү сабап жүргөнүмдү көргөн коңшу айылдагы аялдар да келип калышты. Мен күзгүнү алдым да, аны кыйшык карап, көзүмдү ойноктотуп:

– Ии... ачык айт... Чын элеби?.. Жалганчы болбоймунбу?... Иги, – деп күлүп коюп бир нерселерди кобурай баштадым.

– Бал башын таштап коюңуз! – Алдымдагы жайылып коюлган жоолуктун бетине эки теңге түштү. Аны көзүмдүн кыйыгы менен карап койдум.

– Күйөөңүздүн аты Адылбы?

– Ооба, айланайын пирим, Адыл.

Ал эрдин шыпшынып менин көзү ачыктыгыма зооктоно баштады.

– Азыр жакшы оокаттуу экенсиңер, колуңарда жээрде жорго, жалдуу карагер айгыр, он бешче бээ, үч ак эчки, эки сары, эки кара, бир ак улак, бир чаар уй, бир күрөң музооңор бар экен го?..

– Атаны садагаң кетип калайын пирим, тим эле кудай менен сүйлөшүп жаткандай, малдардын санын өң-түсүнө чейин эле айтып жатпайбы.

Тойбос деген кара дөбөтүңөр бар экен. Ал, сайгактаган уйлар тепсеп жатса да, мыңк этип катылыштык бербейт тура. Бул дөбөттүн касиети чоң, катуу чаппай, кардын ачырбай, суукта тышка, ысыкта күнгө калтырбай жакшы багыңыз.

– Ий, айланайын, мындан ары жакшы багайын.

– Өзүңүздүн атыңыз Нурия экен го?

– Ооба, кагылайын пирим!

– Күйөөңүздөн үч жаш кичүү экенсиз, быйыл жыйырма сегиз жашка чыгыпсыз.

– Капырай, тим эле олуя турбайбы!

Кудай сүйүп Куржунбай аттуу бир бала берген экен, «азезил» ыраа көрбөй, мындан эки ай мурда алып коюптур.

Нуриянын көзүнүн жашы көл, мурдунун суусу булак болуп, шолоктоп ыйлап кирди.

– Сабыр кылыңыз, бул ыйыңыз кубаныч менен алмашат.

– Айтканыңыз келсин, ыйлабайын, ыйлабай жерге кирейин, жанагы Куржунбайымды айтканда... – деп солуктап койду.

– Боюңузда эки айлык күмөнүңүз бар экен го.

– Ооба айланайын, эч кимге деле айткан жок

элем. Кереметиңден айланайын. Айткандарынын бардыгы эле чын.

– Пешенеңизде эркек баланын периштеси ойноп турат. Качандыр бир жылдардын жазгы айларынын биринде байкабастан, мындан жүз жылча мурдараак дүйнөдөн өткөн чоң кайын атаңыздын коломтосун аттап кетипсиз, ал үчүн кайын атаңыздын арбагы капа экен. Ошондон бери бир сур кашка мышык илешип алыптыр, үйүңө бакшы ойнотуп, ала жип кырктырып, токол сары улакка көчөт көчүртсөңүз болот.

– Эми бул адамдын сөзүн жанакы Адыл өзү укканда жакшы болот эле. Бир, көздүү – каректүүгө көрсөт, бүткөн боюм оордошуп жүрөт деп далай эле айткам, түшүм деле оң эмес. Айткандарымды ал назарына да илбейт, – деп Нурия көзүнүн жашын дагы ирмеп алды. Жоолугумдун үстүнө үч сом таштады, аны көргөндө ичим кымылдай түштү.

Менин олуялыгымды өз көздөрү менен көрүп, айткандарымды угуп олтурган аялдар, бир баштан күзгү ачтыра башташты. Орто жаштан өтүп калган бир аял үч жашар баланы тизесине олтургузуп, үч-төрт айлык баланы көкүрөгүнө алып олтурган калыбынча жоолуктун үстүнө эки сарчолокту таштады да, күзгү ачып берүүнү сурады. Көп сүйлөп олтурган жокмун. Ал аялдын бактылуулугун, өмүрү узун болуп жүзгө чыгарын, балдарынын неберелерин, чөбүрөлөрүн көрөрүн айтып тим болдум.

– Мага да ачып коюңузчу, – деп анын катарында олтурган кара тору жаш келин шакалактап, жоолуктун үстүнө бир теңге таштады. Мен күзгүмдү тиктеп турдум да: «Койчу, ии, ошентип кантип айтайын», – деп, көзүмдү акшыңдатып күлүп турдум да: «Сиз таза жуунуп келиңиз, күзгүнүн ичи тумандап, акыркы түндөн аркысы көрүнбөй жатат» – деп койдум.

Келин тилин тиштеген боюнча сыртты карай жөнөдү. Анын артынан үч-төрт жаш келин өздөрүнчө

эле жыла басып кетип калышты. Биринчи жолку күзгү ачуудан сегиз сом, үч тенге түштү. Аларды жыйнап Чүкүлүй чөнтөгүнө салып койду.

Аңгыча алдыбызга чай келди. Эшиктен ак калпакчан ак жүздүү, кара муруттуу, узун бойлуу толмоч жигит кирип бизге салам айтпастан, камчысын капшытка кыстарып, төргө өтүп, сырткы кийимдерин чечип жатып: «Булар кайдан келишиптир, жумуш иштешет бекен?» – деп эрдемсинди.

– Ооба, жумуш иштешет экен! Береки жогору жагындагысы тим эле көзү ачык олуя экен. Колунда канча малың бар экенин, өң-түсүнө чейин айттыбы, жедегенде эшиктеги итиңдин атына чейин билип жана анын касиеттүүлүгүн сүйлөдүбү... Куржунбайды бизге кудай сүйүп берсе, азазил ыраа көрбөй алгандыгын, азыр ичимде эки айлык күмөн бар экенин, пешенемде эркек баланын периштеси ойноп турганын билдиби...

Чоң кайын атаңдын коломтосун билбестен аттап коюп, анын арбагын капа кылыпсын, ошондон бери бир сур мышык илешип алыптыр, токол сары улак союп, ала жип кырктырып, көчөт көчүртүп ал дейт. Бүткөн боюм оордошуп жүрөт. Бир көздүү-каректүүгө көрсөтсөң боло деп далай айттым эле го, – деп Нурия ыйлап жиберди.

– Өзү ойнойт бекен, мен каршы эмесмин. түнөтүп алгын, – деди Адыл.

Адыл менин ойногонума, аялынын илешкенин «алып таштаганыма» абдан ыраазы болду. Бизге бир торпогун жетелетти. Бакшылык сыноодон мен жаман өткөн жокмун. Жеңил жаным, түндүккө түйүлүп чыгып, теке болуп бакылдап да жүрдүм.

Дал ушундан тартып жолум боло баштады. Менин Бекназар атым айтылбай калды. «Теке жиндүү бакшы» деген сөз элге кеңири тарап кетти. «Бүгүн биздикинде», «Эртең биздикинде», «Бүрсүгүн биздикинде болуңуз» дешип артымдан ээрчип жүргөндөр

көбөйдү. Ага өзүнө жараша мамиле кылам. Эртең, же бүрсүгүнү ошол биз баруучу айылды чабыттап кимдер жашайт, бала-чакаларынын аттарын, күткөн малдарынын түрлөрүн, ооруларын, алыска жол жүрүп кеткендерин, таяке-жээндерин толук билип, мага күн мурунтан айтып турду.

Ушинтип, соболом көтөрүлүп, кадыр-баркка жетишип, олжонун үстүндө оонап жүргөн күндөрүмдүн биринде «Теке жиндүү» бир жаш бакшы жүрөт, барып турган көзү ачык адам экен» деген сөз Сулайман деген болушка угулуп калат. Ал болуш да «адамда олуя жок» экенин билген немеби, айтор, мени үйүнө түнөтүп, олуялыгымды сыноону ойлосо керек, чакырып калды. Мен беш күндөн кийин барарымды айттым.

## ЖИН СУЛТАНЫ – АКСАК ШЕР

Сулайман болуштукуна барганга чейин эле, бардык маалымат толук алынды. Сулаймандын Күмүшкан аттуу көрөркөз аялы болот. Аны мага жалган жеринен оору деп азабымды колума бере тургандыгы, чын жиним бар болсо, аны эки молдосуна байлатып таштап, өзүмдү эл ичинде уяткарары, үчүнчүдөн, жиндерим кубаттуубу, же кубатсыз жинби, муну билүү үчүн Калыя деген «олуя» бүбүнү мен түнөгөн үйгө билдирбей олтургузуп коёру жөнүндө ачык-айкын кабарларды жолдошум алып келди да, болуштукуна барбоону мага сунуш кылды. Мен анын тилин албадым. Анткени, молдосу менин кайсы жинимди байлап, бүбүсү кайсы жинди көрүп коймок эле.

Ушинтип, Сулайман болуштукунда болдум. Биздин барарыбыздан кабардар болуп калган болуш ошол күнү эч жакка кетпептир. Көрөркөзүнө тизеден төшөк салдырып жаткырып коюптур. Ал аялдын тамылжыган бетинде эндиктин эми эле сыйпалган тагы турат.

Болуш бизге сыр алдырбай, өтө кичи пейилдик менен кабыл алды. Чай ичтик. Болуштун суроосу боюнча күзгү ачтым. Болуштун өзүнүкүн гана эмес, жездесинин-жездеси кандай жашап тургандыгын да айтып бердим.

Кеч кирди, эл жыйналды. Мен бакшы болуп ойноого камындым, көрөркөздүн он эки канат өргөсүнүн ичи элге жык толду. Эки молдо китептерин жайып капшыт жактан орун алышты. Оң колтугуна чилдирманын кысып, очойгон кара аял ашкана жак менен өтүп, жүктүн бурчуна олтурду. Анын Калыя бүбү экени белгилүү. Мен олтургандарга карап:

– Бул үйдө дааратсыз адам болбосун, – деп эскерттим. Өзүм болсом туулганымдан бери даарат алып көрө элекмин. Аны ким билмек?..

Ошентип, ойной баштадым.
«Чагарак куйрук, чаар жон,
Жин султаны – Алсак шер!
Алыс дебей көчө кел,
Адилет болуп Күмүштүн,
Кереметин чече кел» –

деп буркан-шаркан болуп, элге карап, «алла дегиле, алла дегиле» – дедим, да анан,

«Айчылык жердей балааны
Арбап соруп коюучу
Ажыдаардан бешөөң кел.
Асмандан учуп качканды,
Адамга залал чачканды,
Алып түшкен куткарбай,
Айлакерден жетөөң кел...» – деп, баягы

өзүмдүн жолдошума көз салсам, элчилеп» алла үй, алла үй» дебестен, аң-таң калып мени эле карайт. Эл менин бакшы эмес экенимди билип коёбу деп шашып калдым. Баягы сатып алган тасма камчымды белимден шарт сууруп алдым да, «жөн эле алла дегиле» – деп жолдошумду жон талаштыра үч салып өттүм да, коломтону айлана чуркап секире баштадым.

«Отуз баштуу, он буттуу,
Көйгапта жаткан челип жер.
Мүйүзү көктү тиреген,
Көк букамды алып кел, үй, үй, үй»...

– деп, коломтону айлана отурган эл эмне деп жатканын тыңшай калсам, бардыгы эле жөн эле алла, жөн эле алла» – дешет. Жанагы жолдошум болсо, камчы жегенден кийин тышка чыгып кеткен экен. Ал ансыз деле сыртта болушу керек эле, анткени, мен «учпагай эле кара жер, ак, ак» – дээрим менен түндүктөн аркандын учун бакандын башына ороп таштап жибергенде, мен ага жармашып, бир секирүү менен түндүккө чыгып, жарты намаз окумакмын. Анын чыгып кетишкенине ыраазы болдум да, элге карап, «Тим эле алла дегиле» – дедим да:

«Азазил, шайтан албарсты
Айчылык жерден мараган.
Ааламды сактап балаадан,
Ар кандай ишке жараган.
Ай муйүз азиз текеме,
Атайын кабар сала кел, үй, үй үй» – деп,

Күмүшкандын оңунан, солунан жөөлөй баштадым. Байкасам, олтурган эл «тим эле алла, тим эле алла» – дешип чуулдап жатышат. Камчымды, колума ала коюп, кыркаар олтурган элди кыдыра чуркап чапкылап:

«Чындыктын баарын жыя кел,
Жалганды, калпты тыя кел» – дедим.

Бул учурда мен да кызып калдым. Күмүшкандын бирде койнуна, бирде колтугуна колумду салып, айтор анын коюн-кончунан илешкенин издеген болом.

А, капыр ай, анжияндыктар аялга кароо келчү эле, деп элди жана болушту байкасам, алар менден бетер кызышып: «Жөн эле, тим эле алла» – дешип жулунуп жатышкан экен. Алардын бул кылыгына менин да күлкүм келди. Асманды карап; «Ана, ана келатышат ха- ха-ха» – деп катуу күлүп калдым.

Элдин бардыгынын көзү түндүктөн өттү. Аларды алаксытуу үчүн:

«Анакей, алдында келет аксак шер,
Адамей, атырылат асмандап,
Карасаң, жылгыңды чарпып ташкын сел,
О, калкым, учпагай эле кара жер... ак-ак-ак-ак», – деп эшикке тигиле карадым. Китептеринен көздөрүн айырбай бажылдап окуп, менин жинимди байлап коймокчу болгон эки молдодон башка элдин бардыгынын көздөрү эшикке карай тигилди. Дал ушул учурда түндүктөн аркандын учу пайда болду. Шарт кармарым менен сырттагы жолдошум, аркандын экинчи учунан катуу жана тез тартты эле – түндүккө серпип салды. Үй качырап кеткенде, жер титирегендей туюлуп, козголбогон эки молдо баш болуп бардык эл дүрбөлөң түшүп калды. Мен түндүктө жүрүп:

«Шер Султан, салам айттым уга көр,
Капырай, жер быркырап кетпесин,
Шер Султан, чебердеп каар кыла көр.
Көк букам менен ак текем,
Көп турбай үйгө кире көр...» дедим.

Эл менин жарганаттын көлөкөсүндөй болуп түндүктө жүргөнүмдү ошондо көрүштү.

Менин бул көрүнүшүм элди гана эмес, болуштун тапшыруусу боюнча жиндеримдин күчтүү же, кубатсыз экенин байкоо үчүн олтурган Калыя бүбү деген олуянын көз алдына да, бир нерселерди элестетип жиберсе керек. Карасам тигил бүбү чилдирманын калдыратып:

«Ав-ав-ав,
Аксак шердин, эй сүрүнө,
Чыдаган калың эй жер экен, ав-ав-ав,
Түндүктө жүргөн, эй жаш бала,
Олуя заада неме экен, ав-ав-ав,
Ааламда бүткөн, эй бардык жин,
Баланын бир шерине, эй тең экен, ав-ав-ав» –

деп төрдө так секирип ойноп калыптыр. Олуячылыкты бүбү менен молдолорго көрсөтөйүн дедим да, турган жеримде эле теке боло кетип, түндүк жабуунун үстүнө олтура калдым. Анан секин гана боорум менен жылып келип, жерге топ этип түшүп калдым.

«Баа-баа, тифү-тифү» – деп текени туурап, эшиктен бакылдап кирип келдим да, отту айлана чуркап, андан кийин Калыя бүбүгө май куйруктан ары берип калдым. Ал менин теке «жиниме» туруштук бералбады. Эшикке качып чыкты да, жок болду. Эмки кезек молдолорго жетти. Мен Сулайман болушка жакыныраак келип тура калдым да, аны уксун дегенсип:

«Асмандын аркы жагынан,
Алып келген кабар бар,
Жалган-чындын арасын,
Чалып келген адам бар.
Пикиринен болуштун,
Көк букам, болдуң беле кабардар.
Айтчы сен да туурасын,
Болгон иштин ырасын...» Дедим да,

«мөө, мөө, мөө – деп, башымды жерге салып, коломтодогу жайнаган чокту колум менен молдолорду көздөй серпип калдым. Алар алдындагы китептерин жыйноого чамалары келбей, бүткөн бойлоруна жармашкан чок менен алек болуп жатышканда, китептерин коломтонун ортосун карай секин түртүп коюп, жүктүн бурчу жакка өтүп бардым.

«Абдан айтты Ак теке,
Көбүн айтты Көк бука,
Болуштун сөзү неге калп,
Калп айтса аны урат ант.
Айланайын Аксак шер,
Аныгын өзүң айтып бер!.. деп кекиртегимди «күрр-күрр» эттирип. Сулайман болушту тиктеген калыбымча былк этпей көпкө турдум да, бироокумда шарт секирип кетип, токтоло калган калыбымча:

«Ишендим шерим, ишендим сага,
Ызаланбай кулак сал мага.
Шал кылам дебе Күмүштү, шерим,
Кор кылба азыр жалганчы эрин,
Ай-аалам уксун султандык мээрин,
Биринчи жолу кечирим бергин!
Баш ийип болуп таппаса көөнүң.
Көйкапта туруп өзүң бил жөнүн.
Болуш да султан – султансың өзүң,
«Карганын карга ойбойт го көзүн»,
Сезбесе султан Сулайман өзүн,
Шерим, сен анда өзүң бил, өзүң...
Байлайм деп сени тор жайса молдо,
Китеби болду өзүңө олжо,
Багынбас болсо – тагдыры колдо...» деп, ордумдан турдум да, коломтонун жанына келип, кабагымды чытып, очоктун башына олтуруп калдым. Күмүшкан эл ичинде эмне дээрин билбей, күйөөсү Сулайман болуштан эки көзү өтүп кетти. Болуш өзү да сестейиңки. Абалдын мындай болушун жалгыз мен эмес, эл да байкап калышты. Бирин-бири нукуп, көздөрүн эшикти карай кысып, чубап чыгып, жок болушту. Сулайман болуш мойнуна курун салып, алыстан чөгөлөй калып, колун куушуруп, башын ийди. Күмүшкан болсо же мага жолой албай, же күйөсүнө бир нерсе дей албай, көзүнүн жашын көлдөтөт. Мен ат баштыктай болуп, унчукпастан олтура бердим.

– Таксыр, – деди болуш үнүн жалыныңкы чыгарып, – мен чындыкты айтуум керек, ансыз да өзүңүз билип турасыз. Мени жолдон чыгарган жанагы эки молдо, алар: «буканын, текенин, шердин түспөлүндө жин болбойт, «бала бакшы» элди алдап жүргөн бир куу, анын жүзү кара бетин элге көрсөтүп, тапкан мүлкүн талап алып, өзүн бул өрөөндөн кетирүү керек», – дешкен эле, мен аларга ишенгенмин. Мына азыртан баштан мен сенин ыктыярындамын, эмне кыл десең мен даяр. Күмүштү күнөөгө батырган да

мен, Калыя бүбү менен молдолорду чакырган да мен. Айыптын баары өзүмдө. Айыбымды кечириңиз, – деди. Мен таш тулгадай тултуюп үн-сөз дебестен олтура бердим.

– Айланайын азизим, биздин күнөөнү кечириңиз? – деп Кумүшкан менин экинчи жагыма келип олтурду.

– Сиздин күнөөңүздү шер султан кечти... – дедим да, – күйөөңүз марттык кылса, күнөөсүз болору шексиз.

– Айтыңыз, айтыңыз азизим, эмне десеңиз мен даярмын.

Ошентип Сулайман болуш үчүн дүйнөдө менден улуу адам жоктой сезилди. Ал атайын бир боз үй тиктирип, тапкан-ташыганыбызды ошол жерге топтотту.

Баягы мен ойногондун эртеси эки молдосу да толгон кайыр сакабатын алып, алдыма түштү. Калыя бүбү болсо этегимди көзүнө сүртүп, менин чыныгы олуялыгымды, сүйлөгөн сөздөрүмдүн бардыгы чындык экенин бир сабак кылса, менин теке, бука, ажыдаар жана айлакер деген жиндеримди, асиресе, бүткүл жиндердин султаны Аксак шерди титиретип, үйдү качыратып, көз ачып жумганча мени түндүккө чыгарып кетишкенин өзүн теке жин келип сүзгөндө артынан аксак шер качырып сала бергенин, ал үчүн сыртка чыга качып кутулганын үч күнү сүйлөсө түгөнбөгөн жомок кылып элге жая берди.

Көрсө ал бүбү: «Саман өрттөнүптүр десе, Самаркандды жоо чааптыр» – деген сыяктуу апыртма сөзү менен өзү да «көзү ачык», «олуя» бүбү экендигин көрсөтүп, элди алдап өз соболосун көтөрүп жүргөн бир амалкөй экен.

Мына ушинтип, болуштукундагы «кереметтерден» кийин «теке жиндүү бакшы» – деген атка конуп калдым.

Кириш бар, чыгаша жок, курсагым ток. Жыйылган дүнүйөлөрүмдү кедей-кембагалдарга, жетим-

жесирлерге да үлөштүрүп берип жүрдүм. Эми элге кайтуум керек. Убакыт жетти. Марзия байкушумдун алдына барып тынч жана тың оокат кылууну чечтим.

## ЖАСООЛ

Калпалардын ташбараңынан кутулганымдан кийин, башкага артпаса да, өзүмө жетишерлик ырларым менен күүмө сыйынып, элге эрмек болуп жүрө бердим.

Күндөрдүн биринде Кутунай деген уруудан чыккан Отунчу деген бий атасы Шаболот байдын ашын берет экен деп уктум. Ошол ашка барып ырдагым келди. Ашка өз убагында жеттим. Аш башталды. Отунчу бий мени өзүнө чакырып алып:

– Бекназар, сен безилдеген жакшы ырчы болупсуң. Аш өткөнчө жасоол болуп кызмат кылгын, – деди.

– Жасоол деген эмне?

– Алдыңа бир ат минип, үстүңө кызыл кымкап кийип, тигилген үйлөрдүн кайсынысы бош экенин билип, келген элдин алдынан тосуп, ошол бош үйгө баштан барып түшүрүп, канча адам экенин так санап. анан чаап келип, бөкөөлгө айтып, табак тарттырасың. Кыскасын айтканда, эт менен ботконун ээси болосун.

– Аны сөзсүз аткарам-дедим. Ошентип, ашка жасоол болуп дердеңдеп тамакты башкарып калдым.

«Кутунай, бегет – бир тууган» дешип биздин бегет уруусу дайыма намысты бирге талашып, келтекти бирсе чабышып келишкен эл экен. Мен анысын билчү эмесмин. Бироокумда карасам, кошумчага айдап келаткан малдарын арттан чубатып элүүчө адам чыга келди. Байкасам биздин уруунун бийи Жумабай экен. Тизгинди жыя кармап, үзөнгүнү чирене тээп, кымкабымды жаркылдатып, агамдын алдынан тосуп баратам. Мен чоң кубанычтамын, анткени, бий акем мени көрсө: «И, байкуш Бекназар адам болуп, ашта

тамакты башкарып калган экен» деп сүйүнсүн деген элем. Ал оюм ордунан чыкпай калды.

– Кана, бий аке, менин артымдан ээрчигиле, – деп алдынан чукул чыгып, атымды бура тарта бердим. Жумабайдын артымдан «алып жүргүлө» деген үнү чыкты. Анын бир жигити мени жандай калды да, тизгинден кармап коштогон бойдон үн-сөз дебестен, артка карай алып жөнөдү. Карасам бий акемдер мени ээрчибей эле, бардыгы бура тартып артка карай кетип баратышкан экен. Кошумчага келаткан мал да кайра тартты.

Аңгыча Отунчу бий Орунбай деген иниси дагы он чакты киши болуп биз тарапка желдире-жорттуруп жетип келишти. Чердейген Отунчу адегенде жоошута сүйлөп:

– Жумаке! Сабыр кылыңыз, баркыңызды көтөрүп, иниңизди амалга коңдурдум эле, – деди.

– Амалыңды өзүң ал, «боткочулар» деп жаманатты болгудай алым жок, куур тон кутунай...

Мына ушул учурда эки тарап үтүрөңдөшө түштү. Мен далдайып туралган жокмун, ортого чыга калып, үнүмдүн бардыгынча коё бердим.

Эки айылдын дөбөтүнчө
Ырылдашкан- эки бай.
Энчи-мүлкүн талашкансып
Чырылдашкан – эки бай.
Керек болсо Бекназардын
Куур тонун алгыла,
Тойбосоңор канымды ичип
Канааттанып калгыла!..

Элди бузуп чабыштырган
Экөөңөрдөй наадандар.
Айбан сымал – акылы пас
Жүзү кара ичи тар,
Деги кантип эл оңолсун
Силер үрүп турсаңар?!

Алгыла, тизгинден! – деп Жумабай бакырганда, чынын айтайын, жаным ачып, чыйрала түштүм. Бегеттеримдин бирөө жетелеп, бирөө атымды соорулап айдап жөнөштү.

Көрсө, жасоол адамды ал убакта эл кордоп, «боткочу» дешет тура. Ал эми бул сөз бир эле адамга таандык болбостон «боткочулар» деген сөз ошол жасоолдун бүт уруусуна таандык болот экен. Бегетти «боткочу» дедирип жаман атты кылганым жана эки уруунун улуктарын кордогонум үчүн мени жазалоого алып баратыптыр.

## НАМЫСТУУЛУК ЭМЕС – НААДАНДЫК

Жумабай айылынан окчун түштү. Мен да түштүм. Бардыгы эле мага ызырына карашкансыйт. Жумабайдын тапшыруусу боюнча бир соку түп, бир аркан, эки жүк чогойно даяр болду. Жерге арканды сойлогон жыландай ийри-муйру кылып салды да, үстүнө соку түптү төшөп, анын үстүнө ийне тикендүү чогойно куурайын төшөдү. Андан кийин Жумабай бий мени чакырды. Жакын барып олтурдум. Ал мага ачуулу карап:

– Боткочу бол деп сени ким айтты? – деди.

– Боткочу болгон жокмун, жасоол болдум, ишенбесеңиз Отунчу бийден деле сурасаңыз.

– Отунчу бий жасоол кылдыбы?

– Ооба.

– Кызматыңа эмне берди?

– Тигил атты ээр, токуму, камчысы менен жана үстүмдөгү кымкапты. Же менин тиричилигиме каралашып, жок дегенде өз намысыңар үчүн бир саан уй берип койбостон, качан болсо, көр оокаттын айынан бир нерселерди иштеген жеримден кармап алып, каардайсын да турасың.

– Бас жаагыңды!..

– Бассам да – баспасам да тигил тикенек мен үчүн го. Бул сенин ардуу-намыстуулугуң эмес, айбандыгың, наадандыгың, ырайымсыз мыкаачылыгың. Мени өлтүргөндөн айыгышкан жоону жеңген алп Жумабай деген атакка конмок белең? – дедим да, тигил төшөлгөн чогойнонун жанына барып дырдай болуп: «Кана бий, өкүмүңдү окуй бер» дедим.

Канча убакыт, же канча күн өткөнүн билбейм. Айтор көзүмдү ачсам, жанымда Марзия менен Чүкүлүй олтурган экен.

– Кудая шүгүр, жарааттары оңолуп калды. Дагы бир жолу эчкинин терисине алсак таптаза айыгат, – дейт Чүкүлүй.

– Кимдин жараатын айтасың? – дедим. Алар чочуп кетишти.

– «Эй кудай», – деп Марзия ордунан тура калды да,- Кандай Бекиш, өзүң жакшы элесиңби? – деди.

Жакшы болбогондо, мен каерде жаман элем, – деп ордумдан тура калайын десем, башым араң көтөрүлүп, бүткөн боюм козголгон жок. Тигил экөө мен жөнүндө сүйлөшүп жатышканын ошондо сезип, денемди карасам, чала эриген сары майдай гана көлкүлдөп турган экен.

## ЭКӨӨ ТЕҢ ЭМЕСМИН

Ошентип, бул жолу да ажалга алдырбай айыгып кеттим. Бирок Бегиш уулунун эшен, молдо, калпаларынан тартып, бий, старчындарына чейин мага жоо болуп калышты. Төшөктөн турганыма бир ай өттү. «Касапати Бекназар өлбөй калган имиш, анын көзүн тазалап койбосо, бүт бегетти жаманатты кылат» деп Жумабай бий Кудайназар байдыкында кымыз ичип олтуруп айтканын, мага Чүкүлүй айтып келди. Ал, башка жакка качып кетүүмдү туура тапты.

Калп айткан менен болобу, мен чочулап калдым. Бирок көргөн кордугум мени аябай ардантты. Кек

алуунун аргасын издеп, башымды катырдым. Жалгыз таянган тоом Чүкүлүй. Ал алыбеттүү эрдемсинген неме. Элдин көзүнө көп урунбай, тымызын жүрүп, үйүмө да аз түнөй турган болуп, ал экөөбүз айлыбыздан алысыраак тааныштарга кетип калып жүрдүк.

– Кек алуу керек, Чүкен... – дедим, бир күнү.

– Кимден?

– Жумабайдан.

– Кантип?

– Менин алымды көрүп турбайсыңбы. Өзүм араң кыбырап жүргөндө, сенсиз бир нерсе иштей аламбы?..

– Мени барса келбеске жиберсең да, сен үчүн аянбайм, курдаш, – деди Күкүлүй. Кол алышып бир нерсеге ниетибизди бурдук...

Жумабай Кара кашка жоргосун бирөөгө мингизүүгө эч ыраа көрчү эмес. Ал жоргосун таңашырар күнү кечинде тер алдыруу үчүн өзү минип катуу салдырып келе турган. Биз Чүкүлүй экөөбүз Жумабайдын ошол жолун аңдып калдык. Аңдыган жоого алдырбай коёбу. Күүгүм талаш, күн бүркөк мезгил. Жумабай курсагын чердейтип, үзөңгүнү чирене тээп, Кара кашканын оозун коё берип баратканда Чүкүлүй экөөбүз чийдин түбүндө чымынга тор жайган жөргөмүшкө окшоп аңдып отурдук. Бироокумда атынын эки алдыңкы буту терең чуңкурга кирип көмөлөнүп кеткенде, Жумабай аттын башынан алыс «күп» этип тоголонуп кетти. Чүкүлүй чуркап жетип, анын төшүнө шап мине калды, көзүн жоолук менен таңа койду, мен жоргону тизгинден алдым.

– Минтип биринчи эле орго түшөрүн билгенимде үч жерге ор казып убара болбойт элем, – деп күңкүлдөдү, Чүкүлүй Жумабайдын бутун аркан менен чырмап жатып.

– Айланайындар, каалаганыңарды алып, чымындай жанымды койгула... – деп тиги онтоо аралаш

жалынып жатты. Мен карышкырча улумуш болуп, анан жанына келип «ар» этип алкымын «акырын» кысып койдум. Ал ого бетер бакырып жиберди...

– Жаның кымбатпы, малың кымбатпы? – деди Чүкүлүй.

– Жан соога, садага болоюндар, – деди буркурап.

– Жоргоңчу?

– Жоргом түгүл жубайым силердики болсун.

– Калп айтсаңчы?

– Атым өчсүн.

– Бекназарды эмне үчүн өлтүрдүң?

– Оо, кайран иним, каза болуптурбу?.. деп ого бетер буркурады.

Жумабай.

– Анткор, жанына күч келгенде ини керек болдубу?..

Көп келжиреп отурууну ылайык таппадык. Бирөөлөр жоктоп жүрбөсүң дегенсип, иштин жыйынтыгына өттүк: Мен аттын аяк-быягын карап, ден соолугун байкаштырдым. Чүкүлүй Жумабайдын эки колун артына байлап, оозуна анын өзүнүн көйнөгүнүн жеңин айрып туруп тыгып таштардын алдында:

– Өлтүрүп таштайлыбы, же бул окуяны оозуңдан чыгарбоого ант бересиңби? – деп сурады.

– Айтсам, жакшылык көрбөйүн.

Чүкүлүй экөөбүз кеңештик, ал тигини көтөрүп, бир буруу жакка кетмек болду, мен жоргону жасалгасы менен минип үйүмө жөнөдүм, жубайым Марзия менен шашылыш коштошуп, бир канча убакка чейин алыска кетмек болдум. Ошондо Марзия байкушум мага:

– Кагылайын мээнеткечнм, «эр башына иш түшсө өтүгү менен суу кечет» деген, барагой, – деп көз жашын көлдөтүп кала берди. Чүкүлүй Жумабайдын колу, бутун мен кеткенден кийин, бошотмок болгон. Менин жолуман жылкы айдап келүү үчүн бараткан Долонбай деген жигитке учурап:

– Бул айыл кимдики? – дедим.

– Тогуз-Торолук Байбек дегендики.

– Кетмен-Төбөлүктөрдүн айлы кайда?

– Алар, Күрөбөс, Күмүш, Тепши деген жайлоолордо дейт го.

Мен ошол айылга барып түштүм. Жорго абдан жарап калган. Байбек кыраа киши экен. Жоргомду көрүп, анан мени тиктеп туруп:

– Сен качкынсыңбы, же уурусуңбу? – деди.

– Экөө тең эмесмин.

– Түрүң жаман.

– Кимдин?

– Береги аттын сыны жана ээр, токуму, кала берсе өзүңдүн кебете-кешпириң, – деди. Мен күлдүм да:

– Сиз аттын да, жабдыктын да, менин кебете-кешпиримдин да тилин билбейт экенсиз. Ат да, ээр токум да, бул колумдагы камчы да, мен да – бардыгыбыз тең Байгазы деген болуштукубуз. Ал болуш жоргону минет, ээр токумду токунат, мени жумшайт, камчы менен жорго экөөбүздү чабат. Ошондо мен болуштун эмнеси болом?

– Малайысың

– Эми оңолдуңуз! Жорго каңтаргасы менен талаадан жайлоону карай качканына эки түн, бир күн өттү. Акең баатыр артынан сүрө түшүп издеп жүрүп, жана таңга жакын тигил карагайлуунун кыясында карп-курп учурадым да, кармап алып минейин десем, ээринин кашында камчысы да жүрүптүр. «Кең Алайга келип, бир суур басып жебедим» деп илгери бир ит арман кылган экен, анын сыңарындай, атактуу Чечекти жайлоосуна келип, жок дегенде чоң аяк кымыз ичпедим деп арманда жүргүнчө, бүгүн, эртең айылчылап, боорумду агартып алайын деп гана келип калганым.

Байбек араң ишенди, жоргону эс алдырып, андан кийин жайдактап тушап коё бердим да, кымызга чың тоюп, көк шиберде оонап жатып уктап калдым.

## МАКМАЛЫ ГО МАКМАЛ – ШАКМАРЫ КАНТЕТ

Качкын адам бир жерде байыр алып турмак беле. Байбектикинен чыкканыма үч күн болот. Көк-Дөбөдөн өтүп, Ак-Талааны аралап, Көк-Иримдин көпүрөсүнөн өттүм да, Ой-Кайыңдын белин ашып барып, Ор-Казандын талаасына кире бергендеги кадуу жолдун алды жагындагы суу мылтыктуу булакта, беш кемеге жасап, беш чоң казан асып, кир жууп жатышкан келин, кыздарды көрө койгондо көйрөңдөнүп кетсем керек. Үзөнгүмдү чирене тээп, жоргомдун оозун коёп бердим. Жол ошол булактын баш жагынан өтөт. Мени көрө коюп бир келин:

– Ий желпүүч табактай тейтейген байкуш, макмалы го макмал, шакмары кантет?.. – дегенде бардыгы тоо жаңыртып күлүп калышты.

Кыз-келиндердин күлкүлөрү ого бетер күчөдү. Жанагы макмал-шакмарымды байкаган келин, тигиле тиктеп:

– Жер-суунун ээсиндей эрбейип кайдан жүргөн эмесиң? Жоргоң өзүңө окшобойт, өзүң сөзүңө окшобойт!

– Жеңе сенин жетик аял экениңди дароо эле билдим. Ал үчүн алдыңызга кайрылып келдим. Чындыкты айтсам деймин, бирок…

– Түшүндүм, айта бергин.

– Эмесе жеңе, угуп тур, өзүм жетим элем, кыйыр тууганым мени бирөөгө малайлыкка берген, ошентип, көп кордукту көргөм. Акыры кожоюнумдун жоргосун минип качып келе жатамын. Баласы жокко бала, богосу жокко бото болмокмун.

– Болуптур, аттан түш, кымыздан ич, үйгө барып аксарбашыл союп, атыңды «Аллам берген» коёбуз. Эки балам бар, улуусу өзүң болосуң, – деп суулуктан алды. Мен да кымызды угуп, кыңырылбай эле түштүм. Атымды байлап коюп, эжигей менен эттен жеп,

кымыздан ичип, атымдын жанына барып, дердейип жатып калдым.

– Кагылайын, шимүүрдөн терип келчи!

– Эс алайын жеңе!

– Отту ичкерете койчу?

– Ичкен тамак бойго тарасын жеңе.

– Чылапчынга, казандарга суудан куюп койчу.

– Көзүм илинип баратат жеңе.

– Капырай бул кандай неме, жүргөн жерин жадатып, журтка батпай качып келаткан бир түнкурут го, – дешип күбүрөшкөнүн угуп калдым. Аңгыча кирлерин жууп бүтүштү. Баягы келин мага келип:

– Эй «Алламберген», кирлерди карай жат, биз тигил сайга барып, суугa чөмүлүп келели.

– Маакул, уктабай эле олтурайын.

– Ошентип, бардыгы чубаган бойдон аркы коктуга кирип кетишти.

Мен алардан өз ара күбүр-шыбырынан улам, келиндин «улуу балам өзүң бол» деген сөзүнө ишеналбай калдым. Ал үчүн келиндер кетери менен кийим-кечемди дароо чечтим да, аялдардын бир кызыл ыштанын, бир сары көйнөгүн, бир кызыл желеткесин кийип, бир жибек жоолукту салынып, бутума бир галош маасыны кийдим да, чаначтын колунан калган кымызды канжыгама байлап жөнөй бергенимде, тигил келиндер кашаттан чыга келишти. Айла канча, колго түшпөстүн жан далбасын кылып, келиндерди кейитүүгө туура келди, кечирим сурайм, калайык.

Экинчи кылчайган жокмун, Ор-Казгандын талаасынан өтүп, Макмал деген жайлоодон ары Уу-Талаа дегенге чейин тынымсыз жүрүп кеттим. Ал учурда жашым жыйырма бештерге барып калганы менен сакал, муруттан дайын жок эле, ар кайсы жеринен бирден-экиден көрүнө калса искек менен жулуп ыргытып жиберчүмүн.

Ушинтип, жолдун боюндагы бир айылга оолжуй барып, айылдын башындагы чоң ак үйгө кайрылдым.

Андан жашыраак бир келин чыкты.

– Арбаңыз!

– Арбаганы эмнеси?

Тиги келин күлүп жиберди.

– Каяктан келе жатасыз?

– Тогуз-Тородон…

## СЫРДАШУУ

Уу-Талааны артка калтырып, Арпанын жайлоосун аралап баратам. Барар жеримдин маңыты жок, токтолор жолумдун тоому жок, бир нече күнү атчан жол жүрүп, кыйналдым.

Түш ооп калган кез. Артымдан бир жаш жигит жете келди.

– Кайда барасыз, карындаш?

– Ат-Башына.

– Ат-Башы артта калбадыбы?

– Артта калса деле Ат-Башына барам. Башка жооп таппай калдым.

– Ак-Сай менен имерилип, Ат-Башы кырка тоосун ашып түшөсүз го?

– Кырка — эмес, кабат тоосу болсо деле ашып, Ат- Башына барам?

Жигит күлүп калды.

–Каерден чыктыңыз эле?

– Ат-Башынан.

– Карындаш, сиздин чыккан жериңиз да Ат-Башы, барар жериңиз да Ат-Башыбы?

– Бастырып бараткан жолум деле Ат-Башы.

Тамаша созула берди. Жигит мени шынаарлады да калды.

– Ат откоролубу, карындаш?

– Өзүм ачка баратканда, «мени откорбой койду» деп, атым мага тарынбас.

– Эмесе, тамактанып алалы.

Ал түшө калып бокчосун чечти да, кичинекей улак чаначка салган козунун этин алып чыкты.

Аңгыча алды жагыбыздагы майда чыбырдуу жайыктан бир адам көрүндү. Колундагы таякка сүйөнүп турушуна караганда, койчу сыяктанат.

Мен суусадым, тетигил койчуга баралы, мүмкүн көбүрчөгү бар

чыгар, – дедим. Жигит жок дебеди. Ырас эле койчунун көбүрчөгү бар экен, аттар отко коюлду. Өзүбүз эт менен көбүрчөккө тоюндук. Койлору алыстап бараткандыктан, койчу жөнөп кетти.

– Карындаш, – деп жигит кайрадан сөз баштады, – Сиздин чыккан жериңиз да, жүргөн жолуңуз да, барар жериңиз да Ат-Башы болуп калышына мен түшүнө албадым.

– Айлам кеткенде айткам, жигит. Анткени, барар жеримдин маңыты жок.

– Түшүнүктүү карындаш! Демек, төркүндөн да, кайын журттан да кечип, жеке башыңызга теңдеш издеп чыккан экенсиз го? – Мен унчукпай жер карап калдым. Сырыңды билдим дегенчелик, жигит да ордунан туруп, аттарды көздөй басты. Мен кошо басайын дегенимде:

–Тура бериңиз, карындаш, мен эле алып келем, – деди кымыңдап.

Ошентип, ары карай жол тарттык. Жигит шайырдана баштады. Аттарыбызды да шайырданта жүрдүк. Ал кыңгыранып барып, кыйкырып ырдап да жиберди. Ээн жолдо эки адам адамдын бири жигит, экинчиси келин болсо шайырдыктан, бирине экинчиси наздана сүйлөөдөн башка эмне сөз болмокчу. Жигит ырдап, жандап келаткан калыбынча кабыргамдан кармады. Анын колуна комузумдун мойну тийди.

– Карындаш, мунуңуз эмне?

– Канжар, тийишкендин сазайын берүү үчүн керек.

– Коюңузчу, комузга окшойт го?

Мен күлдүм да:

– Комуз дедим.

– И, карындаш, сизде өнөр бар окшоп калды го?

– Ооба, бирок жаман жери карындаш эмесмин.

Жигит чочуп кетти.

– Ал эмне дегениңиз?

– Албы? Ал... дедим да, жоолукту башыман алып, коюнга салып, аттын тизгинин жыя кармап, үзөңгүнү чирене тээп, жоргомдун оозун коё бердим. Тигил жигит бир топ жерге чейин чаап тизгиндеше келди да, акырындап артта кала берди. Эмне кылуу керек? Элден чыккандан бери мага биринчи жолу маектешип сүйлөшкөн ушул жигит болду. Мен ушул бойдон аял кейпинде жүралбайм. Акыры бирөөгө сыр айтам, же билип да коюшат. Кой, дал ушул жигитке сырымды айтайын, иштин аяк жагы же бал, же уу болоор дедим да, жоргомдун оозун тартып, жолдун боюндагы кичинекей дөбөчөгө барып түштүм. Жоргомдун тизгинин ээрдин кашына каңтарып, чылбыры менен алдыңкы эки бутун куушура тушадым да, сырткы желеткемди чечип, белимдеги комузумду алып баягы «даңгыр-дүңгүр» деген күүмдү чертип олтура бердим. Жигит жете келди. Ал мага эч нерсе дебестен, аттан түшүп жаныма жакын олтура кетти. Анда мен жигитке карап:

Ага, иним калпа, ажы,
«Алланын» сүйгөн кулдары,
Ачыгыраак айтканда:
Алдамчы, канкор – бүт баары.

Эркинирээк жүрүүгө,
Эч ырайым кылбады,
Эзелден эшен молдолор.
Элди азгырып тынбады.

Калпага каршы болом деп,
Каарына калгамын.

Ташбараңга аларда,
Дайынсыз жолго салгамын.

Ашта жасоол болом деп,
Тикенекке бөлөндүм,
Ажалдан мурда өлөрдө
Алыска качып жөнөлдүм.

Билбеймин жигит атың ким?
Башымда турат кара түн.
Баш калкалап, баар таап,
Бар бекен менде көрөр күн?..

Кичүү болсоң агаңмын,
Улуу болсоң иниңмин,
Эркин өтсө болгону,
Аздыр, көптүр өмүрүм.

Кадырга жетсең калайын,
Бир tууган болуп алайын.
Качкын деп катуу чочусаң,
Өз жолумду табайын.

Түшүнгүн сырга жан жолдош,
Дүйнөдө жок го гүл солбос,
Бирде бүркөк-бирде ачык
Түнсүз, дайым күн болбос, – деп ырдадым.

Ушинтип, сырдын чынын айттым. Ал, өзү моңолдор деген элден, Жан-Булак деген жерден Кадыркул деген жигит экен. Ак-Сай жайлоосуна чыккан айлына бараткандыгын айтты. Жабдык салынган жоргону кайдан мингенимди, аялдардын кийимин кайдан кийгенимди андан жашырган жокмун.

Кадыркул мени элге көрсөтпөй айлына түн ичинде алып барды. Аялдын кийимин таштап эркектин кийимин кийгизди. Эртең менен мандалактай жигит болуп тура келдим.

Ошол күндөрдүн биринде Самсакпай деген бир кедей баласына той берип, өзү сыяктууларды тоюна чакырыптыр. Ал кездеги Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү ырчылардын бир тобу салтка жараша, бир жердеги тойго барып келатышып, биерге кайрылып калышыптыр. Мен аларга жолугуп, кубанычым койнума батпай сүйүндүм.

Күрөш боло турган жерге эл чогулуп калганда:

– Мындагы ырчылардын көбү сенин элиңен экен, Беке, абал акындарынды элге тааныштырып кой, – деди досум Кадыркул. Мен ырчылардын ортосун жарып, алга чыктым да, комузумду даңылдаттым. Аңгыча калың эл дүргүп тегеректеп калды. Мен ырчыларды калкка тааныштыра баштадым.

Айланта салган коргондой,
Ач көздөн коргоп койгондой,
Айыл-апа болушуп,
Аерге, ак селде тоолор конгондой.
Кетмен-Төбө жер жатат,
Кең пейил калың эл жатат.
Жайыты толгон – малга бай,
Жайкалган ыраң бел жатат.
Ошол жер ырдын кени экен,
Ыр киндиктүү жер экен.
Айта берсе түгөнгүс –
Ал акыл-насаат берекем.
Тигил турган ырчылар
Тил безеп сайрап турчулар,
Сарттар, саяк көп элден
Салтанат, сайран курчуулар.

Тиги укуруктай узун бой,
Бетинин оту жошодой,
Колпочтон качып адашкан,
Токомо келип жанашкан,
Сакалы менен муруту
Оозу, мурдун талашкан.

Комуздан мурда үн кеткен,
Үндөн мурда ыр жеткен.
Жеңилбестен, жеңген көп, –
Жеткилең акын Эшмамбет.

Катарында Эшкемдин,
Бөйрөккө камчы таяган,
Бүркүтчө сүрдүү каранган,
Комузга колу көнбөгөн,
Добушу жерди термеген.
Ичинде ырдын кени бар,
Көөдөй ымырт өңү бар.
Акындан чыккан курч ошол.
Кара Курман ырчы ошол.

Андан берки сарыңар,
Баары журтка таанымал,
«Манас» менен «Семетей»
Ошол жандуу эмедей.
Төгүп айтып киргенде,
Таппайсың өөн кенедей,
Азмазыраак айыбы,
Апыртып коёт ченебей.
Жомокчулук жайы бар –
Жок ырлар андан табылар.
Терип ырдайт талыбай,
Бул теңдешсиз акын Жаңыбай.

Жанымда турган береги,
Жарты киши дебейли.
Бир жарым кез бою бар,
Боюнан узун ою бар.
Өңү сары, көзү көк,
Ээленсе, ыры көп,
Сүйлөгөнү чечектей,
Ырлары баскан печеттей,
Дебегиле көп эле,

- «Кайдагы неме көчөттөй».
Комуз, кыяк, нааманы,
Ойносо калкы каалады.
Кыячкыдан мындайды,
Кыргыз эли табабы?
Алп болсун деп атасы,
Атын Жолой коюптур.
Азыр жашка толуптур,
Алп ушундай болобу?
Араң эле чондугу,
Жагалмайдай болуптур.

Бул жактагы калтыр баш,
Сөз тазасын билбеген,
Зөөкүр сөздү иргеген,
Айтыша келген акынды,
Сөгүп, матап, тилдеген.
Күпүлдөп ырдап киргенде,
Келин менен кыз түгүл,
Кемпир менен чал дагы
Келалбай жакын «сүрдөгөн».
Аңгемеге жакын бул,
Асыл сөзгө жакыр бул.
Абыдан таанып алгыла.
Токомдун жакын иниси-
Кулуке деген акын бул.

Тууган элбиз баарыбыз,
Тутумдаш намыс-арыбыз.
Ырды жакшы көрүшөт
Жашыбыздан карыбыз.
Түбүбүз түнтөй-түнкатар,
Түшүнтөм сөздү бир катар,
Тууганды көрбөй зар болгон,
Дубанга тентип кар болгон.
Мен болсом,
Түйдөктөй болгон Бекназар.

Ушул турган ырчылар –
Баарыбыз түнтөй-түнкатар,
Баштадым сөздү бир катар,
Баарыңар таанып койгула,
Башында чымчым кылы жок,
Мен болсом,
Баштыктай болгон Бекназар, –

деп өзүмдөн да кыя өткөн жокмун.

Угуп турган эл, ырымды баштагандан бүткөнгө чейин күлкүдөн ооздорун жыйышкан жок.

Бир убакта эл дүргүп: «Эшен, келатат!» деп калышты.

Алар аттарын ылдамдата бастырышып, жакын кирип калышкан экен. Ири алдында казанбактай селдечен бирөө келатат.

– Каке, бул ким?

– Калпа ажынын өзү, ырдайсыңбы? – деди. Мен шыр эле ырдай баштадым:

Ээй, кыргыздан чыккан кымбат баа,
«Кутман» ажым экенсиң.
Ээй, адамдын канын кымыздай
Жуткан ажым экенсиң.
Ээй, аялдан азып туулган,
Сырттан ажым экенсиң,
Ээй, азгырып элди алдоого,
Чыккан ажым экенсиң.
Ээй, алтымыш уруу кыргызга,
«Дайын» ажым экенсиң,
Ээй, ак элечек оронгон,
Зайып ажым экенсиң.
Ээй, айтканынан «кайтпаган»,
«Арыстан» ажым экенсиң.
Ээй, азыткыдан кем эмес,
Мастан ажым экенсиң.
Ээй, алла деген ажылар,
Ат аябас «март» келет.
Ээй, акмактын баары селдечен,

Ааламдан чыккан калп келет, –
дегенимде, тигилердин ичинен бирөө мени камчы менен тартып-тартып жиберди. Ошентип, шоктугуман таяк жедим.

Элге барып тынч күн өткөрүүнү ойлодум. Досум Кадыркул менен коштошуп, Кетмен-Төбөгө кайта келдим. Мен коркуп жүргөн Жумабай а дүйнөгө эбак жол тартыптыр.

Ушинтип жүргөн күндөрүмдө ыңкылап башталып, эл эркиндикке чыкты. Анткени менен бай-манаптар, кожо-молдолор эски адаттарын али да коюшпай, өздөрүнүн адал эмгегисиз тоюшпай сукулдашып, элден үмүт этип жүрө беришти. Мен үйрөнгөн адатымды таштабастан, өнбөгөн өчүмдү ошол жатып ичерлерден алууну уланта бердим. Албетте, калайык-калың журттун колдоосу мени аларга жем кылып берген жок.

## КУРУ КУБАНЫЧ ИШКЕ АШКАНДА

Менин жалындуу жаштык кезим адилетсиз заманда ач-жылаңачтыктын аргасыз түйшүгү менен өттү. Ал заман биздей кедейлердин көкөйүнө көк талкандай тийгенин улуу муундарыбыз жакшы билишет. Байлар – каймак, май, казы-карта, чучук, эт жешсе, кедейлер – мандалак казып, текей терип жешер эле. Ал кезде элдин энчиси да түрдүүчө боло турган: байларга – салкын төр, манаптарга – эл эмгегинен түшкөн мүлк, кожолорго – жугумсуз эм, молдолорго – суф, суф – дем, кедейлерге-суусуз чөл менчиктүү болгон. Ал эми менин бактыма-чындыкты чыңап, калпка каршы тайманбай күрөшүү милдети тийсе керек. Анткени, өмүрүм боюнча-эшен, калпа, молдо, кожө, бүбү, бакшы, соодагер, ажы ырымчы-дарымчылардын жүзү кара иштеринин шермендесин чыгаруудан башка жарытылуу да жумуш иштеген жокмун. Анткен менен, алган жарым мени мыктап

сүйүүчү, болгондо да бекем ныктап сүйүүчү, багат деп ишенчү.

Ошол, кабат-кабат беттешип жаткан ачкачылык жылдардын биринде алдуулар жайлоого кетип, биз адатыбызча ысык чөлдө калдык. Ээй, досторум, андай ачкачылыкка өзүң чыдасаң да, курсагың чыдабайт экен, андан калса менин карамагында келишкен эки курсак бар болучу, анын бирин өзүм, экинчисин аялым көтөрүп жүрөр эле. Ал экөөнү тең толтуруу милдети мага тийиштүү болгондуктан, байлардан-баптап-саптап, эшендерден – эптеп – септеп, соодагерлерден – кымтып – сымтып, айтор өз энчимди аз-station ажыратып жешке машыгып калган кезим.

Чындыкты айтайын, аялымдын үстүндө үйрүп саларга кийими жок болучу, өзүм коломтонун кожоюну болгонум үчүн аялыма караганда «тыңыраак» элем. Чанач чокой, куур шым, таар чепкеним турганда өзүмдү канга салам берер эместей сезүүчүмүн. Ошентип, комузумду алып, жаагымды жанып, курбу-курдаштарымдын көңүлүн көтөрүп ырдап олтурсам, коңшубуз Калдаш чоң баш келди. Ал өзүнчө эле кобурап:

– Тиги Чийдүү-Колоттун оозунда көп соодагерлер келатышып конуп калышты, – деди.

– Атаганат, – деди Калдаштын сөзүн укканда, көзүнө көйнөк элестей түшкөн никелешим,- колубузда бар болсо жок дегенде бир сыйра кызыл жабар болбойт белек!

– И, колдо бар болсо ар ким эле кызыл жабар болот, колдо жок туруп кызыл жабар болгонду айтсаң.

– Кантип?..

– Ушинтип эле, – деп аялымды кылчая карап, кыйшая күлүп койдум да,- андып барам, акырын алам, анда сен, кызылын көйнөк, жашылын кемсел, көгүн-күрмө, карасын чапан, агын жоолук... – деп шадыларымды санап жатсам, курган аялым кургак сөзгө курулай кубанып кетип:

– Койчу, ошонун баарын үстүмө кийип алып, анан элден уялбай жылаңайлак колоңдоп кантип жүрмөк элем, жок дегенде бир кепич маасысын кошуп койсоң, – десе болорбу. Буз сөз аялымдын ач көздүгүнөн эмес, айтканыма ишенип, бир сыйра кызыл жабары көз алдына элестей кеткенинен экени билинип турду.

Бүгүнкү түн ыштыктын ичинен да түнт. Түнөп калган соодагерлер таңгак-таңгак бөздөрү, куржун-куржун кант, чайларды, ирээттүү үйүп коюшуп, ортодо жылтыраган шамдын жарыгында чай ичип жатышат.

Эмне кылуум керек?.. Жок дегенде аялыма көйнөктүк бир бөз ажыратып калуу эңсеген максатым. Бирок, убакыт тез өтүп жатты. Капкайдагы жокту айтышып, өз ойлору менен олжолуу, санаалары менен сары алтынга карк болушкан алдамчы соодагерлер али жатып уктоочудай эмес.

Аңгыча оюма бир жакшы акыл түшө калды. Олтурган соодагерлердин ортосунан чыр чыгарып, алар мушташып калганда, насип болгонун ала качууга туура келди. Тебетейимдин кырына сайылуу жүргөн теменени жыгачка сайып анан узун камыштын учуна бекем орноттум да, калың чийдин арасы менен сойлоп олтуруп, тигил соодагерлердин дал эле жанына барып калдым. Бир таңгак кездемени чыканагына коюп, камырабай чай ичип, бир ныптасы төө басып кеткен бакадай балчагай, кызыл мурун, кылыр көз, семиз кишини тиги тემененин учу менен ууртган ары сайып калдым.

Ал өтө орой киши окшойт. Эч кандай кеп-сөзгө келбей туруп, ооруган ууруту жактагы жолдошун колундагы чынысы менен коюп калды, анын чекесинен кыпкызыл кан жая берди: Оюм ордунан чыкты. Шам өчүп мушташ башталды... Азыраагы арачачы, арбынырaагы жааттaшып чаң тополоң болушту да калды. Чуу күчөп, мушташ кызый берди. Анан мен тынч турмак белем. Жанагы кызыл мурун соодагер

жастанып олтурган таңгак кездемени кучактап, бир куржун кант, чайды мойнума артып, келген жагымды желип-жортуп кете бердим.

Эртеси күн чыгаарда Өмүркул келди.

– Салоом алейкум.

– Саламыңды коё туруп, эмне жаңылык уктуң, ошону айтчы?

– О, кайран көзөлүм, өзүм да ойлодум эле, сенин колундан келген экен го!

– Шакебеңди коюп, уккан, көргөнүңдү айта берсеңчи, досум.

– Окуя кызык.

– Кантип?

– Түндө Чийдүү-Колоттун оозуна конуп калган соодагерлер бир таңгак кездеме, бир куржун көзү толо набат, чайын уурдатып жиберишкен имиш.

– Анан эмне болуптур? Аяк жагын улай бер...

– Эртең менен бирөөсү биздин Назаркулга келип «нан битир жасап, ууруну таап берген молдого каалаганын беремин» дептир.

– Назаркул эмне дептир?

– Молдо, калпалардын бардыгы жайлоодо деп жооп бериптир.

– Ий, акмак, нанга бир тоймок экенбиз да.

– Нан битирди молдо жок болсо, сен жасамак белең?

– Жарыктык нанга бир тоюу үчүн молдолор ойлоп тапкан нан битирин эмес, алсыз ачкалардын айлалуу «Лукма тетирисин да» жасаармын.

– Өмүркул шекип күлдү. Ач-жылаңач эл тез эле чогулуп калышты.Болгон окуя аларга белгилүү болду. Бардыгынын кабактары жадырап, көздөрү жоодурап, жакшылык күтүшкөнсүдү.

Менин буйругум боюнча Өмүркул тигил соодагерлерге барып, «Элет калкынын белгилүү «жылаңач» молдо деген олуясы бар. Ал адам бүгүн бул жерде болсо, эртең Жумгалда, бүрсүгүнү Тогуз-Тородо бо-

луп дүйнө жүзүн кыдырып жүрө берет. Бүтүн кийим кийүүнү, тоё тамак ичүүнү каалабайт. Ошол адам бүгүн ушул жерде имиш, ошого барып арызыңызды айтсаңыз болот. Ал адам ууру табыла турган болсо келет, табылбай турган болсо жооп бербей кете берет. Кокус көңүлдөнүп келип калса, анын айткандарын аткарууңүз керек. Ал сизден эч нерсе талап кылбайт, сиздин келечекте ишиңиз оңоло турган болсо, колуңуздан чыкканын алат. Кокус бир кырсыкка учурай турган адамдан төө берсе да албайт» деп сөз тукумун бирөөдөн карызга сурабаган кайран эр мени аябай көтөрүптүр. Муну уккан кызыл мурун соодагер өзү атка мине чаап алдыма келип, колун куушуруп тура калды.

Соодагердин ушинтерин мурда эле ойлоп, кокус ал келип калса, жок дегенде бир кыймылым молдого окшош болсун деп, койдун кургак коргоолунан теспе жасап койгон элем. Ал теспени колумдан түшүрбөй, көзүмдү сүзүп, ээрдимди кыбыратып зүкүт тарткан калыбымча тура бердим.

– Таксыр! – деди чөгөлөп олтурган кызыл мурун соодагер. – Алла таалам менин уруюмду жасаганда кошо жасап, ааламга чачып жиберген насибимди жыйнап жеп жүргөн бир момун элем. Түндө күтүлбөгөн жерден бир кырсык болду. Отуз кез бөз, элүү кез бейкасам, отуз кез башайы жана жыйырма жети кез кызыл кырмызы, беш жибек жоолугумду жана отуз үч кадак набат, 16 кадак чайымды ууруга алдырдым, – деди.

Менин «табылгамдын» арасында ар түрдүү кымбат баа буюмдардын бар экенин угуп, көңүлүм ого бетер көтөрүлө түштү.

– Таксыр, – деди соодагер сөзүн улантып, – сиз алла тааладан сурап, бул жогумду табуу үчүн нан битир жасап берүүңүздү сураймын.

– Ууруну жалгыз нан битир менен табууга болбойт, ууруңузду табам десеңиз «нан битир» эмес, «Лукма тетир» жасатсаңыз жакшы болот.

– Таксыр, эмне десеңиз баарын иштеймин.

Ушинтип, менин айтуум боюнча тигил кызыл мурун соодагер биздин Жумаалынын жалгыз иригин эки эсе баасына алып сойду. Канын жерге көөмп шишке саяр алып калбастан, эки чоң казанга салды. Үчүнчү казанда боорсок жасалды. Алардан бирөө жарымы уруксатсыз ооз тийип койсо, дуба жүрбөй кала тургандыгы соодагерлерге жана «Лукма тетирге» чакырылып келгендерге бүт эскертилди.

Ушинтип, нан да, эт да бышып даяр болду. Эми ал тамактарды дубалап, келген элге бир лукмадан сугунтуп, ууруну какатуу иши гана калды. Менин айтуум боюнча кызыл мурун соодагер, мага жакын жолобой тигил уй мүйүз тартып олтурушкан элдин маңдай жагына чөк түшүп, уурунун табылышын кудайдан тилеп олтурду.

«Эт менен нандын кашында ээн эркин өзүм гана калдым. Майлуу ичегилерди жетишинче бир лукмадан кесип патнустун бир четине коюп, андан кийин кара ичегини бир сөөмдөн кесип, ичине эт же май тыгып, экинчи четине койдум, бир нукум кара ичегиге, арканын сырткы шилисин толо сойлоттум да, ортосуна койдум. Ар бир лукма ичегинин үстүнө бирден боорсок кошуп, добушумду куулжутуп, кыраатын көмөкөйүмдө келтирип, кырк бир жолу «окуп» дем салдым. Андан кийин патнустагы «Лукма тетирди» көтөрүп алып олтурган элдин маңдайына келдим:

Азыр силерге бир лукмадан эт жана нан беремин, колуңарга алган боюнча мени карап турасыңар, мен сугунгула дегенде сугунуп, жети жолу чайнайсыңар, анан мен жуткула дегенде жутасыңар.

Олтургандар макул болушту, ар бир адамга бирден боорсок жана бир лукмадан ичегини берип чыктым, баягы атайын жасалган (шили кошулган) кара ичегини, элдин орто ченинде олтурган кулмур кулак семиз соодагерге чеңгелдетип койдум. Бардыгына бир лукмадан жеткирип, андан кийин тилек

кылып олтурган кызыл мурун соодагердин жанына келдим да, элге карап:

– Кана, актар үчүн аш болсун, кара адам какап калсын, жети чайнап бир жуткула, – дедим. Бардыгы чайнап жутуп коюшту, жалгыз гана кулмур кулак соодагер утур бир ууртунан экинчи ууртуна жылдырып булчуңдап чайнай берди.

– Мына сиздин ууруңуз, – дедим ага тигини көрсөтүп, шашып калган кулмур кулак соодагер, чымырканып жутууга аракеттенди, бирок карыш шили тамагынан кантип өтсүн, акшыңдап какады да калды. Ушинтип, «ууру» табылды.

– Эй, жигиттер! – дедим, элдин баш жагында олтурган Өмүркул менен Назаркулду өзүмө чакырып, – Тигил турган, боорсок, эт, сорпо жана башка тамактардын бардыгына «лукма тетир» дубасы сиңип калды. Аны жеген адамдар көп зыянга учурайт. Ал үчүн эч нерсесин ооз тийбестен, адам олтурбаган таза жерге алып барып, терең көөмп койгула.

Ушинтип, Өмүркулдар бүт тамакты көтөрүп жөнөп кетишти.

Менин касиеттүү «дубакөйлүгүм» үчүн тигил кызыл мурун соодагер акча, бир кепич маасы, бир тоголок чай берди. Андан кийин үйгө келдим да, досторум менен бирге олтуруп, бүт олжону ортого салдык. Кызыл кулак соодагерлерге боорукердиктин кереги жок эле. Анткени, алар мал-пулду элди алдап иманын сатып жүрүп табышат эмеспи.

## АЛКЫ БУЗУЛГАНДЫН АЛДАНЫШЫ

Мусакы (Түктүүсары) битиреген сараң бай, өзүнүн малы көп болсо да, жарытылуу кийинип албастан, таар чепкенин жалаң этине кийип, белин чылбыр менен курчанып алып жүрө берет. Анткени менен, аялы Мистакандын колу ачык, ак көңүл эле. Ал Мистекан экөө сүйлөшүп олтурганда:

– Ээ абышкам, тирүү жүрүп малдын үзүрүн көрө албадың, эмнегедир аларды, көзүң кыйбайт, эч болбосо өлгөнүңдө салтыңды жакшы өткөрсөм экен, – дейт.

– Артыңда балам деле жок, байбичем өз малымды өзүмдөн аяба, – дептир Мусакы.

– Бул сөздөр кыйланын кыйрына тарап, бөтөнчө молдолордун алкын сукулдатат. Оозум шок, оюмдун тынчы жок жаным, дагы бир окуяга ниеттендим. Кеч күз. Бир күнү ойлонуп отуруп Алымкул молдого Орозалынын Сулайманын жибердим.

– Мусакы бай пендечилик кылыптыр молдоке, барып келели, – деп, чакыр дедим. Ал барып ошентет. Анда Алымкул молдо ичинен кымылдап:

– Ушундайбы? Ажап болуптур,- кайра чочуп,- кудаанын иши, – деп шашылыш жөнөп калат. Аңгыча экөө жолдо жолугушат.

– Куп болуптур, бейиши болгурга мен да көз көрсөтүп келейин деп кошо аттанмакчы болдум. – Куттуу үйдөн куру чыкпаңыз молдоке, – деп аттан түшүрүп, даяр чай бар эле, бере салып, аттантып жатканда, чокоюнун чечилип калган кайыш боосун үзөңгүсүнө чалып тез байлай салып, бир аз сөзгө алаксытып, жаназа, доорон жөнүндө сүйлөп калдым.

Кетип баратабыз.

– Молдоке, молдолордун сизден башкаларынын жоктугун караңызчы.

– Кудаанын буйругу.

– Алганыңыздан кайрылышасыз го?

– Аны кудаа өзү билет.

Кетип баратсак темингенден теминип, молдокем алга жулуна берди. Кепке да кулак салбайт.

– «Жүгүргөн албай, буйруган алар» десем:

– Аны куда билет, – деп койду.

Мусакынын үйү Булак кыштоосунда эле. Кичине белден түшө калар менен эле, анын тамы көрүнөт.

– Кана өкүрөлү эмесе, – деп артта келатып бакырып коё берип, атымды омуроого камчы менен бир уруп, кайра тарта чаап жөнөдүм.

Алардын эмне болгонун көргөнүм жок.

Эртеси Сулайман мындай деди:

– Беке, молдодо өнбөгөн өчүң болсо деле антпей эле койбойсузбу.Анын үстүнө мени да уяткардыңыз. Алымкул өлүп калса, кунун кантип тартат элеңиз? Жонду аша бергенде эле, эл чогулуп турган экен. Алымкул өкүрүп жетип түшө калганда, үзөнгүгө чокою илинип калып, аты итапкан жерге сүйрөп барып, бети айрылып калды. Турган эл ага аябай күлүп боору эзилди деп ал мага капа болду.

– «Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт» деген элдин макалы менен жооп бердим мен ага. Бул окуя мындан кырк жыл мурда болгон эле. Алымкул ыраматылык өлөр өлгүчө мага тарынып жүрдү.

## «ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ ЖАН АЛГЫЧ»

Жардыларга жаркырап тийген жаңы замандын нурун ыраа көрбөгөн кара жемсөө байлар менен манаптар, молдолор менен калпалар, кечеги айткан ушагынан бүгүнкүсүн коркунучтуурак кылып ырбатышып жүрүштү.

Ошондой алгоо-далгоо күндөрдүн биринде базыл уулу деген элдин Сыдык деген калпасынын үйүнүн эшигинен өтүп калдык.

– Эй Бекназар, элде эмне каңшаар бар, кайрылып биртике сүйлөп берсең... – деди.

– Элдеби? – деп, атымдын башын кежейте тартып, үзөңгүнү чирене теминип тура калдым да: – Ар түрдүү каңшаарлар толуп жатат. Көзөнөк каңшаар бууракандык Жөжөдө, тейтек каңшаар сенин иниң Кулуда, барбагай каңшаар базыл уулу Сурапбай болушта, мырыгый каңшаар кутунайдагы Нанай

бийде, оркогой каңшаар бегеттеги Нурмат байда, чыпчыгый каңшаар сизде, чүкчүгүй каңшаар менде, – деп, дагы толуп жаткан каңшаарларды санай бердим. Калпа сыртынан күлүмүш болгону менен, ичинде ачууланып, ирени бузулуп жатканы мага сезилип турду.

– Мен андай каңшаарларды сураган жокмун, оозуңа киргенди оттой бербей, уккан, көргөндөрүңдү айтпайсынбы...

– Эй жарыктык, жана эле ошондой дебейсизби? – деп, өкүнүмүш болдум да: – Мен айылдан аттанып чыкканымда алабаш жымшык көз итим артымдан калбай ээрчип жүрүп олтурду. Байлардын, манаптардын айылынан өткөнүмдө, андай айылдын бай жана манап иттери айгайды катуу салышып, алыстан тосуп чыгышат да, Алабашыма эч катылыштык бербестен, бири мурдунан жыттаса, экинчиси чандырынан, үчүнчүсү куйругунан жыттап, андан кийин куйруктарын чагарактатып, көп жерге чейин узатып коюп жатышты. Мен итимде кандайдыр бир касиет бар го деп ойлодум.

– Туура, – деди калпа менин сөзүмдү узатып. – Ааламда жаралган ар кандай жаныбарлардын, өздөрүнүн касиеттүүлөрү болот.

– Ошентип жүрүп олтуруп, тигил кембагал Кураманын айылынын жанынан өтө бердим. Ал айылдын арык иттери бүт чогулуп, чаканыраак таргыл итти ээрчип келатышкан экен, менин Алабашымды тигилер көрдү да, кээ бири күрсүлдөп үрсө, кээ бири чеңкилдеп, айрымдары күрүлдөп качырып сала беришти. Мен эч камыраган жокмун. «Баары бир, өздөрү чуркап убара болушат, жакын келгенде эле, Алабашымдын касиеттүү жыты бур дей түшкөндө жыттагылап, ачууланышканына өкүнүшүп, кечирим сурашат да, алга узатып коюшат» деп ойлодум. Бирок иш андай болуп чыкпады, жанагы баштап жүргөн таргыл ит тайманбастан эле тиш салса болобу?

Байкуш Алабашым ур токмоктун алдында калды, чыдап туралбадым. Атымды бура тарттым да, кызыл келтектин алдында жаткан итимди араң ажыраттым. Тигил иттер алыстап кетпей арсылдашып дагы эле имерчиктеп, аны тооруп турушат.

– Ой иттер, – дедим, мен аларга карай. – Менин бул итим касиеттүү ит. Силер эмес, тигил бай, манап иттер да изатташат, урматтап узатышып коюшат. Ишенбесеңер өзүңөр карабайсыңарбы. Башкы иттерден ушундай алабашты көргөнсүңөрбү? Бул ит «калпа ит» экенин ошондон эле байкабайсыңарбы, – десем арыкчырай кара дөбөт мага жакындап келип:

– Биз калпадан күйдүк: Бул итиңдин калпа экенин бая эле башындагы ак белгисинен байкаганбыз. Бирок, калпанын баары ууру, жалганчы, ушакчы экенин билесиң го, ал үчүн бул сыяктуу калпа иттердин тукумун курутуу керек. Ансыз биз оңолбойбуз» – деп, адамча сүйлөп турса болобу.

Сен мындай калпың менен иманыңды, ырыс-кешигиңди бүт жедиң го, кичине адам ишенерлик сөз айтсаң боло! -деди Сыдык калпа мага ачууланып.

– Калпты силер чендеп айтпайсыңарбы «Манас кырк чоросу менен тирилип келиптир, он төрт баштуу чегиртке чыгып, мамлекетке пайдалуу өсүмдүктөрдү бүт жеп жатыптыр, – деген сөзүңөргө биз кантип ишенебиз?

Калпам, сен мындан бир гана нерсени түшүнүп койгун, азыр ааламдагы ар кандай жаныбарлар, өздөрүнүн ак баштуу желмогуздары менен катуу күрөш жүргүзүп жатышат, – дедим да, атымды бура тартып кете бердим.

Ушинтип, Сыдык калпаны сызга олтургузуп коюп, өзүнчө эрдемсип келе жатсам, кадимки Каратал болуштун иниси Баатырбек уулу Исмайыл деген калпа жолугуп калды.

– Ассалоом алейкум.

– Алеки салам, и таз, кайдан?

– Эл ичинде эмне деген каңшаар бар экенин байкап жүрөм.

– А-а, жөнү бар иш экен, байкап кел деп, Артыкбай калпа жиберген го!

– Ооба.

– Анда эмнелерди уктуң?

– Эч нерсе уга элекмин.

– Эмесе жүрү, каңшаардын баарын менден ук, – деп ээрчитип алды. Ал сөзүн мындай баштады:

– «Күдай дей турган заман болду. Болуш акем Койчагырын өңөрүп, элик-пелик атып тамаша кылуу үчүн Чабардын тоосуна чыккан экен. Кырда дүрбүсүн салып олтурса, калың бадалдын арасындагы чоң түп четиндин түбүндө бир нерсе олтуруптур. Анын мойнунун узундугу четинден ашып турган имиш. Болуш буга таң калат да, эмне болсо да адамга пайда жеткирчү нерсе көрүңбөйт, муну атып таштайын деп, мылтыгын сундура берсе, ал ордунан шарт тура калып:

– «Эй болуш, мен сага жоо эмесмин, досуңмун, сенин кыйраган даражаңды кайра калыбына келтирүү менин гана колумдан келет. Менин бир жак ныптам азыр кызуу уйкуда жатат. Ал ойгонор замат кудайдын сүйгөн пенделеринин ырыскысын кыйып жаткан кара таман кедейлерге каршы казатка чыгам» дептир, анан берки тоодон аркы тоого бир гана секирип көздөн кайым болуптур. Муну угуп, айылга тезирээк жетүүгө шашылып баратам. Анткени, кокустан айылдын жанынан өтүп калса, мурда кабарын укпаган бала-чакалардын жүрөгү чыгып кетпесин.

Калпаны ээрчип үйүнө бардым. Ал мага апыртмасын ого бетер кошолонтуп, кайра-кайра айтып, жакасын мууна кармап, тобо кыла берди.

Чай ичилди. Исмайыл калпа аялына карап:

– Бекеме төргө орун салып бер, экөөбүз короодогу койлордун жанына жаталы, – деди.

– Эшикке жатуудан корком, – деди аялы.

– Ой наадан, андан сен коркпой эле койгун, ал бизге дос, анын талашары башка...

– Антсе деле үйгө эле жатканым жакшы.

– Койлорду карышкыр кырып кетпейби?

– Кырмактан мүлжүп кетсин, үйгө эле жатам.

Ысмайыл, аялы менен үйгө жатайын дейт, короодогу койлору ээн калат, короого чыгып жатайын десе – аялы ээн калат. Ары тартыш-бери тартыш болуп жатып, акыры короого жатууга аялын аргасыз кылды. Ошентип, алар – короодо, мен – үйдө жатам.

Түн көөдөй караңгы, эл кызуу уктап жаткан кез. Мен калпалар калпты кайдан табарына, кантип эп келиштирип айтарына таң калып, көзүм умачтай ачык. Бир оокумда, элди калп менен коркуткан калпалар, өздөрү коркот бекен деген ойго кеттим. Кантип сыноонун айласын да таптым. Ордумдан турдум да, коломтодогу жайнаган кызыл чокко узун бакандын учун салып таштадым. Ал күйүп кыпкызыл чок болду. Анан бир чакага үч-төрт ташты салып, бакандын чок болгон учун ошол чакага жашыра кармап, дырдай жылаңач болуп тышка чыктым да, короодон жогорураак барып, калың шыраалжындын арасына олтуруп алып, чаканы калдырата баштадым. Кой үркүп калды.

– Чай-чай! Ботом жогору жакта эмне калдырап жатат?.. Ысмайылдын бул сөзү мага даана угулду, «Айдак, айдак, ал-ал» деп итин тукурду, ити күркүрөгөн бойдон качырып сала берди. Жаныма жакын кирип келгенде, укмуштай ачуу үн менен катуу чаңырган калыбымча, баканымдын учун алоолонтуп ордуман ыргып тура калдым. Иттин жүрөгү чыгып кеткендей болду, ал бир гана жолу каңк этти да, кылчайбай качып жөнөдү.

Мен баканымды тике кармап, экинчи колумда кармаган чакадагы таштарды калдыратып, дүйнөдө эч ким укпаган укмуштуу үндү ызгырылтып иттин артынан чуркадым. Ит калпанын төшөгүнүн жанына

келип, бир кыңшылап алды да, андан ары качып көздөн кайым болду. Короодо кой жок, эбак үркүп кеткен. Чоң жууркандын алдында Ысмайыл калпа катыны экөө гана жатат. Мен ачуу үнүмдү чыгарып, ал экөөнү бирден тээп, алга карай өтүп кеттим да, чакадагы ташты төгө салып, бакандын учун жерге сайып өчүрүп, үйгө кирип өз ордумда жатып калдым.

Таң атты. Айлана тыптынч. Үргөн ит да, кобураган адам да, бышкырып-мекиренишкен койлор да жок. Ордумдан туруп кийинип сыртка чыктым. Ити чандырына тумшугун катып, чуңкур казылган кемегенин ичинде жатат. Арыраак жоон казыкка мүйүзүнөн байланган саан уй менен анын музоосу турат.

Калпа аялы экөө төшөктө жууркаңга түйгөн түйүнчөктөй болуп чулганып алышкан экен. Мен алардын жанына барып:

– Эй калпа аке, калпа аке! – дедим.

– Бас үнүңдү, сен кимсиң?

– Бекназармын калп аке.

– Айланада эч нерсе жокпу?

– Жок, ал түгүл короодогу койлор да жок.

– Түн кайсы убак болду?..

– Таң эбак атып, күн чыгып калды.

Ысмайыл акырын кыймылдап, жууркандын бир четин ачып жарыкты көрдү да, башын сыртка чыгарып:

– Оой, айланайын жарык дүйнө, аман эсен жашаар күнүбүз бар бекен? – деп калчылдап ыйлап жиберди.

– Эмне ыйлайсыз калп аке, түш көрдүңүзбү? Андан көрө туруп, багымдатыңызды окуп, койлоруңуздан кабар алсаңыз боло. Мен кетейин, – деп артымды карай бастым.

– Ой айланайын Бекназар, бизди жалгыз таштап кетпе, алыбызды ук, акыбалыбыз начар, сен намаз менен койду айтасың, жаныбыздын аман калганына шүгүр десең.

– Ой жарыктык, – деп кайра кылчайдым да, – Э, айланайын калпаке, бу силерге эмне окуя болду?

– Окуяны азыр сураба, элге кабар айт, түндө Ысмайыл калпаны аялы менен жалгыз буттуу, жалгыз көздуу жарты киши тепсеп кетиптир дегин, калкка кабар сал.

– Айланайын калпа аке, кудай силерди зор сактаган экен. Дөбөгө чуркап чыктым да жогорку, төмөнкү, туурадагы айылдарга кыйкыра бердим:

– Оо-оой, эл! Оой-ой журт! Оой-оой мусулмандар! Ысмайыл калпаңарды жалгыз көздүү жарты киши тепсеп кетиптир! Оой, тез келгиле!

Эл чогулуп, Ысмайыл менен аялын эс алдырышты. Ал экөөнү жөлөп-таяп алпаратканда, казыктагы уюн тиктеп:

– Береки уйду дароо союп, түлөө кылып жибергилечи, – деди.

Бирөө уйду жетелеп келди, эл кыбыланы карап, алакандарын жайды. Ошондогу менин элдин алдына өтө калып, колумду бийик көтөрүп, алакандарымды жайып, мойнума курумду салып, асманды акырая карап, берген батам бул:

Айланайын «жараткан»,
Ушакчылар улусун,
Жалганчылар жарылсын,
Калпычылар какшасын,
Калпакем тапты максатын,
Алдырып коюп бийликти.
Арынан муунуп өлалбай,
Аткан таңды кедейге
Ачкөздөр жүрөт көралбай.
Ушул кезде байкасаң,
Соодагердин бөзү көп,
Ушакчынын сөзү көп,
Калпалардын калпы көп,
«Чын айтамын ишен» деп,
Ичип ийчүү анты көп.

Кимиси ойлоп тапты экен,
«Жалгыз көздүү бир буттуу
Жарты киши чыкты» деп
Түшүп калган көрүнөт,
Катынын жүрөгү.
Кара тумшук Бекназар,
Калпага кайдан түнөдү.
Катындын да, уйдун да,
Карышкыр кырган койдун да,
Кимге болот убалы?

Олдоо акбар!.. деп, калп эле эердимди кыбыратып бата кылган болдум.

Уй мууздалып жатканда: «Бар болгону он жети гана койду тирүү таптык, отуз койдун өлүгү, сегиз койдун тарпы табылды деди кой издеп кеткендердин бири келип.

## СҮЗҮШМӨ НАМАЗ, МУШТАМША ЗИКИР

Көп күндөрдүн биринде Бозокана деген кыштакка барып калдым. Кыштакка бул наам тегин коюлбаптыр. Элинин баары жайы-кышы күн сайын бозо ичишет экен да, беш убак намаздарын үзбөй, кыштактын ортосундагы Султанкул калпанын мечитине масы да, соосу да чогулушуп, намаз окуп, зикир чалышат экен. Мен ошол кыштакты аралап кетип баратсам:

– Ой, итий болгонсуп энтеңдеген сен кимсиң, тарт бери!.. – деди, көзү чакырайган бирөө.

– Менин ал жерде жумушум жок.

– Демек сенин кудай менен да жумушун жок экен да, таш бараңга алына элегиңде, сыйың менен намазга келгин.

Байкасам, бардыгы мас. Кокус булардын каарына калып, насия келтек жегенче, намазын деле окумуш болуп коёюп, дедим да, атымдын башын бура тартып, аларга жакын барып:

– Ассалоому алейкум, – дедим.

– Саламыңды коюп, суроого жооп бер. Сен мусулмансыңбы?

Кыргызсыңбы? Жок-жок жаңылып жатам, капырсыңбы?

– Бегетимин.

– Бегетиңди сураган жокмун.

– Бегиш уулунанмын.

– Кыскасы, мусулман кыргыз, бегеттенсиңби?

– Ооба.

– Эмесе түш, намаз окуйбуз...

– Ошентип, мечитке кирип намаз окуп калдык.

Султанкул калпа иман болду. Мен анын артында турам. Иман экөөбүздөн башкасынын баары мас, кээлери чөкө түшүп олтурган бойдон көзүн илинтип жатса, кээ бирлери иманды туурап ордунан турам деп экинчи бирөөнү сүзүп алып жатышат.

«Оллоо акбар» деп, иман саждага башын койгондо, мен да башымды коюп жатып, оң бутумду сунуп, артымдагы бирөөнү баштан ары тээп койдум, ал тура калып мени бир тепти.

Мен саждага маңдайын тийгизип жаткан Султанкул калпаны чычаңдан ары келиштирип сүзүп калдым, калпанын башы дубалга дүп этти да, эси ооп калгансыды.

– Намазды сен буздун, баарыбызды кудайга күнөкөр кылдың, – деп сол жактагы бирөө жанагы мени тура калып бир тепкен кишини жакалады. Намаздын аягы кызуу мушташка айланды. Мен алардын арасынан акырын суурулуп сыртка чыктым да, атымды чечип, аттанайын деп жатканымда, төбөсү жарылып, ак топусу канга боёлгон Султанкул калпа мечиттен чыга келип:

– Сен, менин башымды жарып коюп кете бересиңби? – деп, бакырды.

Мен унчукпай аттандым да:

– Ой, калпа, мас болуп намаз окусаңар, баш жарылуу гана эмес, мүрт кетүү да болот. Убалыңар

сүзүшмө намазга жетсин, мага эмне капа болосуңар – дедим да, кете бердим.

Ошондон бери коркконум эле сүзүшмө намаз, мушташма зикир.

## МОЛДОЛОР ТООРУГАНДА

Эзилген эл боштондук алганына көп убакыт болгон. Эл катары мал күтүп, жердүү болуп, оокаттанып калган кезим. Ал түгүл «Туура чабар» деген амалым да бар. «Чоңдун» чоңдой түйшүгү болот экен. Калк үстүндө болуп, калдыркандын жалбырагындай калаңдап айылдан-айылга чаап жүрүп «ысылы-сууктуу» деген ооруга чалдыктым. Онтолоп төшөктө жатам. Ал оору адамды жөтөлтүп, башыңды оорутуп, чүчкүртүп, кулагыңды чуулдатып, этиңди ысытып жиберет экен.

– Байкушум боштондук таңы жаңы эле атып, эркиндик эми эле колубузга тийгенде, эңгиретип таштай көрбө. Үстүбүздө киймибиз бүтөлүп, алдыбыздагы ашыбыз оңолуп, калың калк менен бирге каткырып күлгөн кезде, какшантып таштай көрбө. Ат жалын тартып минип, айылдан-айылга жүрүп, элдин бир четин эңшере билип, эки тизгин бир чылбырды бек кармап, эркинче чаап жүргөн кезде, элиңди таштай көрбө. Бий-болуштун жүзү курусун, «Туура чабар» кылат экен иштин туурусун, – дешип калкың кайыл болуп, башыңа бакыт конуп, жолуң шыдыр ачылып, жооң-душманың басынып калган кезде, калкыңды кан жөткүртө көрбө, – деп аялым байкуш жаныма олтуруп алып, маңдайымдан сылап, жалынып- жалбара берет. Мен ага эркелеп кетип колу бутумду сунуп, оозумду кымтып, көзүмдү сүзүп чиренип калам, чиренгенде да тим эле «жаталак болгон» токтудай чиренип жиберем. Аялым алаканы менен ээгимди жөлөп, жаагын жаагыма тийгизип,

– «Коркутпачы, эсинди жыйчы» – деп, ыйлап да калат. Анан мен эс ала түшөм.

Ошентип, көзүмдү ачып: – Байбичем, эмне ыйлайсың, бала-чакаларыңа тээк бол, – деймин да, кайрадан көзүмдү сүзүп калам. Ал ансайын ыйлайт.

Көптөн кийин акырын үшкүрүп, көзүмдү ачам да, аялымды карап: – Уктап кеткен экенмин го, ичим эле жалаңдап калыптыр дурусураак тамак-ашың барбы? – дейм, ал сүйүнүп кетет – барын төтөлөп алдыма коёт.

Ошончолук катуу кеселдеп, аялыма эркелеп жаткан күндөрдүн биринде Артыкпай калпа келип калды. Тамырымды кармап көрдү да:

– «Ысылы-сууктуу» кесел экен. Он күнгө чейин катыра суу ичсин, он күндөн кийин дагы келип көрөм, – деди анан аттанып кете берди. Аңгыча эшиктен эки калпа, бир молдо үчөө кирди. Мен аларды көрөрүм менен, эрдимди кесе тиштеп, көзүмдү чакыраңдатып, колу-бутумду суналта сунуп, чиренип калдым. Туңгуч улагына имерилген чебичче мекиренип да жибердим. Аздан кийин эле кайра эс алдым. Молдо Качкынбай тамырымды кармады да:

– Саал эпкиндеп калыптыр баса окутуш керек – деди. Алар да кетти. Аңгыча дагы эле калпа утур эле калпа, кайра деле калпа келе беришти. Алардын ар бири өзү билген оорунун аттарын айта-беришип менин кеселимдин көптүгүнө сан жетпей калды. Катыра суу ич, ардап ич, ысык ич, тузу жок эт же, куурма чай ичип терде – уу коргошундун түбү дары, көк таштан азыраак эзип ичип көр, момолой чычкандын богун же, иттин өтү – миңдин бир дары, кашкулактын майын ич, дагы толуп жаткан «дарылардын» аттарын айтышты. Бирок, кеселим өзүмө белгилүү. Мындан беш күн мурда жылуу төшөктө жатып тердеп калыпмын. Ойгонуп кетип көйнөкчөн чуркап чыга калгам, тамдын башынан чөп алып түшүп, атымдын оздугун чыгарып отко

койгончо терим тоңуп, чыйрыгып кеттим. Ошентип суук тийген.

Эми жакшы болуп калдым. Бирок калпалар, молдолор, менин өлүмүмдү тилеп, бири кетсе экинчиси келип тооруп жүрүшкөнү да мага түшүнүктүү болду. Көбүнчө мындан үч күн мурда Салый калпа, Калча калпа, Буйлаш калпа жана башкалары отурганда аялымды жаныма чакырып алып:

– Сен ыйлаба, керезимди ук. Балдар жаш. Алар да өз күндөрүн көрүшөт, «жаман айтпай жакшы жок», кокус менин көзүм жумулуп кетсе, дурустап көмдүр, Сур байталга миң сом кошуп, доорonума койдур, тору кашка айгырды кара ашыма сойдур, жаназама жорго быштыны байлат. Андан калганын ага-ини туугандар өздөрү билсин дегенимден кийин, эзели эшигимди ачып кирбеген ак селдечендердин бардыгы менин үйүмдү айланчыктап, тооруп кетпей коюшту.

Аялыма болгон сырды айтпаска болбоду, ал кейий берип азып кетти. Анан менин сырымды уккандан бери, келген калпаларга чай койбойт, түнкүсүн төшөгүмдү талашып бирге жатчу адат тапты.

Бир күнү айылда бир бай кемпир өлүп калыптыр. Анын сөөгү коюлар күнү чоң шашкеде атганып ошол кемпир өлгөн үйгө бардым. Ага бегеттердин бардык калпалары, молдолору, ажылары, эшендери чогулуп, бардыгы көгөн баштуу болушуп казганактай олтурушкан экен. Мен кемпирге өкүргөн жокмун. Элди аралата бастырып, тарпка түшкөн жорудай суксуңдап олтурушкан молдо, калпаларга жакын бардым да:

– Ассалоом алейкум, – дедим.

– Ох-оо, Беке, кел-кел, О, Бекемин атын алгыла. – дешти баштарын калдаңдатышып.

Жок, мен түшпөйм, кетем, шашылышмын.

– Анда, бул жерге келгендеги жумушуңузду айтыңыз.

– Жумуш деле жок, мага саал суук тийсе, токсон тогуз түрлүү кеселдин атын айтып, момолой чычкандын богунан тартып, уу коргошундун түбүнө чейин дары дешип, өлүмүмдү күтүшүп, береки молдо – калпалар эшигимди тытып жиберишкендиктен, айыкканымды билгизип, көрүнүп коёюн, эми менден үмүт үзүшүп үйлөрүндө тынч жатышсын деп гана кайрыла калдым, – деп анан кемпирге көз көрсөттүм.

## «БООРУКЕР МОМУНДАР»

Калпалардын заманы тарыды. Көпчүлүгү селделерин ыргытып жиберишкени мындай турсун, намаздарын да окубай таштаншты. Так айтканда, баягы алтымыш, ашуун калпадан Артыбай гана арынын күчүнөн араң калды. Кийинчерээк анын катарына Качкынбай кайра кошулду.

Мен жетимишке чыктым. Бир күнү Артыкбай калпа мейманчылыкка чакырды. Барсам Качкынбай экөө олтурушкан экен. Тамактанып бүткөндөн кийин:

– Бекназар, «деди Артыкбай. – Карыдың-арыдың, уулуң убан, кызың жубан» болду. Сакалың агарды, өчпөс өрт, солбос гүл болбойт. Өмүрүңдүн көбү өтүп, азы калганда, акыретиңдин камын жеп, намаз окуп, орозо кармап, бозо менен арактан ооз тийип коюучу адатыңды таштагын, – деп боор ооругансыды.

– Сөзүңөрдүн бири туура, экинчисине өзүңөр эле жарай турган иш. Арак менен бозону айтпасаңар да алда качан таштагамын. Ал эми намаз менен орозо жөнүндө экөөңө ишенип жүрүп жатам.

– Эмне дейт?

– Атасы башка болсо да, аксак-сары атка тапшырышкан достор, ал дүйнөгө барганда тозокко түшсө бир түшүп, бейишке чыкса бир чыгат, – деп өзүңөр айтып жүрөсүңөрбү?

– Ал чын.

– Экинчиси, ата-бабаң тааныбаган уругу, улуту башка эшенге кол берип, мурут болсо, ал өлгөндөн кийин бир да мурутун тозокто, же көчөдө калтырбастан, бейишке сүйрөп чыгып кетет деп да айтасыңар.

– Бул, албетте, туура.

– Кыямат кайым болгондо биздин Мухаммед пайгабар өзүнүн үммөттөрүн бүт бейишке чыгарат, деп да коёсуңар го?

– Айтарың эмне? – деди Качкынбай шектенип.

– Айтарым бир гана сөз. Үчөөбүздүн аталаш жакын тууган экенибизди эч ким танбайт. «Туугандын тупурагы алтын» деген макал да бар. Бирок жакын тууган болуп туруп бири-бирибизге мурут менен эшенчилик, аксак сары атчалык кызматыбыз өтүшпөгөндөн кийин, тууган деген сөздү өчүрүп коюу керек. Мен бегиш уулунун жерге батпаган эшен, ажы, калпа, дубана, бакшыларынын-бардыгы бейишке чыгып баратышканда, жалгыз мени көчөдө калтырмак беле деп, асиресе, тууган ичинде экөөңөргө ишенип намаз окубай, орозо кармабай жүрүп, көп өмүрүмдү бошко кетирдим. Эми төрүмдөн көрүм жуук болуп турганда, сооп арттырмак белем? «Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма» деген ошол экен да. Өмүрүңөр бою намаз окуп, орозо кармап, зикир чалып жүрүп, бир нече батман сооп таап, эми этегинде бир тууганыңды бейишке ала чыгууга алыңар жетпесе, силер деле намаз менен орозону таштагыла, ага-туугандан бөлүнүп, экөөңө бейиште суутуп коюппу, – дедим да, чыгып алып жөнөй бердим. Тиги туугандарым жер токмоктоп кала беришти.

## «ТИМ ОЛТУР»

Ошентип карыдым. Балдар, келиндер жумушка кетет, уулум колхоз башкармасынын председатели – үлгү көрсөтүүбүз керек. Кемпирим экөөбүз ого-

родго суу коёбуз, отоо чөбүн жулабыз. Мал-салга көз салабыз. Дарактын көлөкөсүнө олтуруп алып, башыбыздан эмнелер өткөндүгүн эсептейбиз, бирде жадырайбыз, бирде аттиң ай, дегенчелик таңдайыбызды такылдатып, шыпшынабыз. Азыркы адамдар үчүн чексиз кенен укук, кең бакыт жараткан Ленинге жана анын Коммунисттик партиясына чын ыкыласыбыз менен ракмат айтабыз. Заманга кубанабыз. «Карыганда бактылуу болгонубуз үчүн миң мертебе ракмат Ленинге» дейбиз да, ушул кубанычтын деми менен чарчабай иштей беребиз. Кээде өзүбүздү тың сезсек, колхоздун жумушуна кол кабыш кылабыз.

Бир күнү: – Жүрү байбиче, биздин бригадабыздын жүгөрүсүнүн тигил бурчун чөп басып кетиптир, кетмениңди ал, чаап коёлу десем:

– Экөөбүзгө эмне жетпей жатат. Каалаганыбыздын бардыгы бар. Балдардын доорунда балпайып эле олтурганыбыз оң, – десе болобу. Бу сөз кемпиримдин оозунан чыкчуу эмес да, мен укчу эмесмин.

– Ий-ата-көйий... Эмгектенүүдөн намыз кылуу илгерки элдин салты болучу. Анча-мынча жумушту балдарга айттырбай эле, бүтүрүп коюу биздин замандын карыялары үчүн үзүр десем:

– Үзүрдү мен үйдө олтуруп эле көрөм десе болобу.

Экөөбүз чырдашып калдык. Аңгыча улуу балам Апит – колхоздун башкармасынын председатели келип калды. Кемпирим экөөбүз «бирибиз үйдү, бирибиз чүйдү» карап буруюшуп олтурган элек. Баласын көрүп кемпир арызданып калды. Анын арызы туура эмес болсо да, энесинин көңүлүн улап:

– Ой жарыктык, сизге эмне жетпей жатат. Тим эле олтурбайсызбы деди мени карап.

– Ай балам, – дедим, – Сенде акыйкат барбы? Эгер энең менен экөөбүздү ушундай тарбияласаң, огородду багууга, малды көздөөгө, колхозго кээде жардам берүүгө балдардын бирин калтырып койгун.

– Ой жарыктык, балдар калабы, бүлүк салбай, тим олтура бериңиз да.

– Болуптур, тим эле олтурайын дедим да, кала бердим.

Күн батып кетти. Музоолор байланган жок, мал көздөлгөн жок. Огород иштелген жок. Кемпирим үйдө, мен дөңдө олтурам. Эки атчан адам келип мага салам беришти. Алик алып, унчуккан жокмун.

– Сиз ким деген болосуз? – деди бирөө.

– «Тим олтур» деген болом, балам.

– Бекназар кайда?

– Ал Бекназар деген менин мурдагы атым. Азыр балдарым атымды өзгөртүп «Тим олтур» коюп алышкан, – дедим. Анын бири партиянын райкомунун жаңы секретары экен. Алар аттан түшүп, конок болушту. Иштин жагдайын түшүндү да, секретарь менин шыгымды толук жактырды. Ошондон тартып, «Тим олтур» атым өчтү. Бекназар атым кайрадан калыбына келди. Күн сайын жумушка кетишерде, келиндер кемпирге, балдар мага иш тапшырышат. Аны аткарбай коюу уят. Кечинде келип орундалганын көрүшөт, «апам ударник экен» деп бири айтса, «Жок атам ударник» деп экинчилери талашышат, күлүшөт. Бизди урматташат, сыйлашат, Муну көргөн кемпирим:

– Абышка мен түшүнбөпмүн, оору-сыркоодон тышкары туруп, карылыгын балдарына док таштап, эртеден кечке үңкүйүп, үйдөн чыкпай олтурарлык кылбасын, ал кадырга да, баркка да жеткирбегендиги мындай турсун, тим эле олтура берсең бүткөн бой оордой берет турбайбы, – деп кемпирим да күлүп калчу болду.

## КУУДУЛДУН НЕБЕРЕЛЕРИНЕ АЙТКАН КЕРЭЭЗИ

«Жашында кылсаң мээнетти, карыганда көрөсүң дөөлөттү» деп эл айткандай, Бекназардын жаш

кезиндеги абалын өзүнүн аңгемелеринен көрүп олтурабыз. Ал кийин, карыганда дөөлөттүү болду. Бала-чакалуу, кыз-кыркындуу, малдуу-алдуу болду. Улуу баласы колхоздун белдүү активисти болуп, ага чейин өзү да колхоз курулушуна активдүү катышып жүргөн. Ал динчилердин бетин өмүрү өткүчө ачып, өлөр алдында да элге керээзин айтып кетти.

Күндөрдүн биринде Бекназар катуу кесел болуп, өлүм алдында жатты. «Атамдын көзүн көрүп калгыла» деп, баласы жер-жердеги кыз-кыркынын, жээн-таякелерине кабар берет. Ошентип, анын бардык жакшы санашкандары, неберелери, чөбүрөлөрү бүт жыйналат. Карыянын адам болбосуна көздөрү жетишет да, аны айландыра олтуруп алышып, мындай сунуш менен кайрылышат:

– Ата, көп жашадыңыз, турмуштун ачуусун да, таттуусун да көрдүңүз. Неберелериңизге акыл-насаатыңыз, осуятыңыз болсо айтыңыз! – дешет. Анда Бекназар: «Башымды жөлөп тургузгула, айтайын» дейт. Балдары тургузушат. Ошондо Бекназар аларга мындай дейт:

– Дүйнөдө бир гана азыткы бар, ал-молдо, ага эч кимиң ишенбегиле, анын тилегени – өлүм, тигилгени – жаназа, доорон.

Экинчи айтарым: – Менин сөөгүмдү жогорку мүрзөгө койбогула, анда Нуке дубана бар, төмөнкү мүрзөгө да алып барбагыла, анда Буйлаш, Калча калпалар бар.

– Эй жарыктык, алар эмне кылмак эле?

– Эч нерсе кылбайт, бирок, алардын арбактары баягыдай жок калптарды айтып, башты чиритип жиберишет. Андыктан береги Орто-Жонго койгула, молдо, калпа, дубаналардан сөөгүм алысыраак жатсын.

Үчүнчү айтарым: непаада тигил дүйнөдө тозоктун бар экени чын болсо, Артыкбай сөзсүз тозокко түшөт. Мен тууган арбагы үчүн аларга суу ташып

берип сыртта болом, жазып-тайып барып калгандар мени тозоктун эшигинен таап алышсын.

– Бейиштен үмүт кылбайсызбы жарыктык? – дейт бирөө.

– Көрбөй турасыңбы?! – деп жооп берди Бекназар ыраматылык аларга. – Бейиш бир гана Совет жеринде. Акыркы айтарым: Ата журтуңарды, чексиз сүйгүлө, ак ниеттүү эмгегиңерге сыйынгыла!

***Китепте:***
***Токтосунов М., Ошбаев Т. Бекназар куудул. – Ф., 1963, 10-164-б.***

## ШАРШЕН ТЕРМЕЧИК УУЛУ

## (1896–1942)

Шаршенди кыргыздын шайырдык өнөрүн гүлдөткөн теңдешсиз куудулу деп айтууга болот. Шаршенге жалаң куудулдук жактан тең келген эл шайыры ага чейин да болгон эмес, мындан ары да чыгат деп айтуу кыйын.

Шаршен Термечик уулу 1896-жылы Сокулук районуна караштуу Көнөк деген жерде туулуп, 1942-жылы Бишкек шаарында дүйнөдөн кайткан. Шаршен да ата-энесинен эрте ажырап, турмуштун каардуу соккусуна кабылып, жан багуу үчүн кылган айла-амалы, өнөрү эрте жашынан эле калыптана баштаганына күбө болобуз. «Менин таалайыма жараша туугандарыбыздын колунда жок эле. Өзүмдү өзүм багууга кириштим. Ар кимдин үйүнө барып: «Багаары жок жетиммин» деп ыйлап отуруп, айранга талкан көөлөтүп жейм. Нечен каардуу байбиче, токолдордун заар тилин угуп, эшикке куулуп жүрүп, күнүмдү көрө бердим»[1] дейт куудул өзү жөнүндө.

Өзүнүн балалык мезгили, жүрүм-туруму, алгачкы шыктануулары тууралында буларды айтып берет: «Атам мени тилдеп:

Түсү ийгиден түңүлбө, кызым аппак, адам болот. Шаршендин иреңи суук, өңү жаман, жүргөнү коң каргадай. Эки үйдүн бирине барса конуп калат. Кайсы айылда болсо да иттерди чуулдатып, малды

үркүтүп жүрөт, колу туткак, – деп. Анан көп урат, балта менен, орок, керки, кетмен, казык менен. Бирок баардыгы эле тийбейт. Астыман же үстүмөн кетет. Көрсө, атам мени опузалап, тарбиялап жүргөн экен. Ошентип жүргөн кездерде чоңоюп калдым. Ырды, комузду, жомокту сөзмөр кишилерди жакшы көрөөр элем. Биздин элде бир обон бар эле:

Мен жогортон келемин,
Чым-чым басып а-а-а-а-й.
Чыбырала күрмөмдү,
Моюнума асып оой, ки-оки,
Эки-эки, оги-оги-гигигай.

Ушул ырды ырдаганды көрүп, мен да ушинтсем экен дээр элем. Эл арасына шайыр болгум келет. Мага эч ким тийбейт. Ошентип жүргөндө жеңем менен тойго бардым. Чынымды айтайын, ошол тойдон кийин элге билиндим»[2]. Шаршен ыр, өнөр үйрөнүүнү алгач кошоктон, ушул өңдүү ар кыл элдик ырлардан баштаган экен.

«Айлыбызда Майлыбай деген киши болоор эле. Балдарды чакырып «Күңөтайды» ырдатып талкан көөлөтүп берчү. Мен кургур «Күңөтайды» билбейм, ошон үчүн талканга жетпейм. Балдарга үйрөтүп койгула деп жалынам, болушпайт. Атам өлүп, энем калган. Энем атама кошок кошот. Бир күнү айтты, үйрөнө албай калдым. Эртеси бүт үйрөндүм:

Ал кургур, евреги мивиай оой-а,
Мен кургур, авраки маврой оой-а.
Мен кургур, ментер өкөмөш, ной, оой.
Ал кургур, шамтыракали нышнай оой.

Майлыбайдын үйүнүн быягынан өттүм, айтып өттүм. Чакырды, бардым:

– Сен кутуруп кеткен баласыңбы? Жанакың эмне, ыр эмес же кошок эмес – деди.

– Өзүмдүн эле энемдин кошогу.

– Оо, андай кошок билген бала болсоң, айтчы – деди. Олтура калып жанагыны заңылдаттым.

– Атаа, энең эне эмес бекен! Башка аялдар айталбай жүрөт. Сенин энең үнүн чыгарып кейий бергени жакшы экен. Байбиче, балама талкан көөлөп берчи – деди.

– Атаа, үйдө сүт, айран жок эле, – деди.

– Жармага көөлөсө деле жейм, – дедим. Майлыбай:

– Максым бар эмес беле, көөлөп бер, – деди.

– Каап, максымды жаңы эле куюп койдум эле, – деди байбиче.

– Ошондойго көөлөсө деле жейм, – дедим мен. Байбиче ачууланып, чуңкурураак сыр табакка арпа талкандан аябай салып, максымдын уну көбүрүп үстүнө чыккан экен, атка улпак чылап бергендей кылып алдыма коюп:

– Ушунун баарын түгөт, болбосо көрүңдү казып, көмөм, – деди.

– Мындан көп болсо деле жейм, – дедим. Ошентип, Майлыбайдыкынан чыктым. Ырдагым эле келет, ыр табылбайт. Көрсө, жетим бала карды тойсо эле ырдагысы келет экен. Жетим бала эмне үчүн тойбойт десе, илгери жетимге тамак керек убактысында табылчу эмес тура». Көрүнүп тургандай, «ырдап берсең, же өнөрүңдү көрсөтсөң, курсагыңды тойгузам» деп, Шаршенге окшогон сезимтал, ар нерсеге шыктуу балдардын шайырдык өнөрүн маани берип, ошол жакка оошуна Майлыбайдын үгүтүнүн кайсы бир деңгээлде таасири тийгендиги талашсыз. Ошентсе да көп кырлуу элдик өнөргө жаштайынан болгон күчтүү ыкласы Шаршендин тубаса куудулдук талантын акырындап тутандырган. Ушундан кийин бирде ыр үйрөнүп, бирде бирөөлөрдү туурап комуз үйрөнүп, бирде өзү обон, ыр чыгарып Шаршендин шайырдыгы күн өткөн сайын өркүндөөнүн үстүндө болгон. Анын Карачунак, Калмырза, Жаманкул,

Күрөңкей өңдүү элдик куудул, комузчу, ак таңдай ырчылар чыккан көрөңгөлүү өрөөндө туулуп калышынын өзү да «аккан арыктан суу агаарын» айкындап турат.

Шаршенге жердеш курбулары айтылуу Адамкалый менен Осмонкулдун да күчтүү таасири тийиптир. Андыктан, бала күнүнөн эле ал Адамкалыйча ар башка тилде ыр ырдап, бирөөлөрдү өзүндөй кылып туурап сындап, ар өнөр күтүүгө, күчү келсе Осмонкулча жамгырдай төгүп ырдоого бүт ыкласын коет. «Шаршендин чыгармачылык табылгасындагы унутулгус күч, ал өзбек, казак, татар, уйгур ырларын ырдаганда дайыма ошол элдин улуттук колоритин жеткире билгендигинде болчу» деп жазат белгилүү искусствовед К. Күмүшалиев. Булардын ар түрдүү тилде ыр ырдап калуусуна Чүй жергесинде көптөгөн улуттардын жашагандыгы себепчи экендиги маалым. Шаршендин өнөрүнүн чыгышы да албетте алгач таасирлерден баштаган. Пишпекте бир бай өзбек той берип, ал тойдон Шаршен Адамкалыйга жолугуп, анын өнөрүнөн кыйла таалим алат. Үйрөнгөн ошол өнөрүн айылга жасап, колуна аса-муса таяк алып, сакал тагынып, ынсапсыз молдолорду алдагандан кийин билинип калат. Аны өлтүрмөкчү болушканда Ашырбай деген элге кадырлуу жигит сактап калат. Шаршен ошондон тарта куудул катары тааныла баштайт.

Албетте, Шаршендин алп куудул болуп калышы өзүнүн тубаса таланттуулугуна түздөн түз байланыштуу. Антсе да куудулдун ар кыл өнөргө бай уюткулуу эл ичинен жугузгандары ага «өнөр тамызгы» болуп берсе, Адамкалый, Осмонкулдардын тийгизген күчтүү таасирлери анын талантын ого бетер жалындатып, театрга, кийин филармонияга алынып, андагы көп кырлуу топ залкарлар менен бирге иштешип калышы анын өнөрүн кырдан ашырып, бийик дабанга чыгарган экен. Муну өзү да танбайт: «Шаршен, бу

«Энеңдин кошогу», «Күйөө жолдошуң» менен эчтеке арбыта албайсың. Сенде күлкүнүн көрөңгөсү бар. Биз менен кошо жүргүн дагы артистикке киргин», – деп атамдай акыл айтышып, (Осмонкул менен Адамкалыйды айтып жатат А. О.) ээрчитип келип, артистикке кийириди. Ошол күндөн тартып ташым ылдый тоголонгон жок»[3]. Шаршен 1931-жылы Фрунзе шаарындагы кыргыз музыкалык драма театрында артист болуп иштеп жүрүп, 1936-жылы жаңы ачылган филармонияга кабыл алынат. Ага чейин, коллективдүү чарбада ар кыл жумушта, колхоздо ферма башчысы болуп да иштеген. Канткен күндө да ал өз ордун театрдан тапты.

Шаршен кыргыздын эл шайырларынын ичинен өздүк белгилери менен обочолоно айырмаланып турган, суу кошпогон нукура куудулу. Башкалардын куудулдугу кайда жүрбөсүн ыктуу амал таба койгон айлакерлигинен жана күлкүлүү сөздөрүнөн ар кыл окуяларынан билинип, жай олтурганда көбүнчө, ошондой окуяларынан айтып берип, элди күлдүрсө, Шаршен күлкүгө ылайык жаралган кебете-кешпири, баскан турганы, кыймылы менен эле көргөн, көрбөгөн адамдарды да күлкүгө бөлөгөн. Ошондуктан ырчы Т. Шабданбаев «Борумуң көргөн каткырчу, борукканча тер кетип» дейт. Ал эми, Шаршен адатынча сахнага чыгып келип:

– Менин мөлтүрөп өңүм, түсүм жакшы. Өзгөчө күчүм жакшы. Мурдум болсо кенен, сүйлөйүн десем азыраак сөзүм белен. Сүйгөн жерге келем, сүйсө сөзүмдү айтып берем. Эсим жок болгону менен акылым терең, көргөн киши «момун экен го» деген, бир жегенде төрт жарым бөлкөнү бир эле жеген, – деп сүйлөй баштаганда боорун тырмап күлбөгөн киши калган эмес. Анын чыгармачылык өнөр жолу да бөтөнчөлүү.

Шаршен элди күлдүрүүнүн өздүк жаңы көптөгөн ыкмаларын тапкан. Ал үчүн куудул бирде баян-

доонун литоталык ыкмасын колдонот. «Мен Шаршен Термечик уулу. Атам казан аттуу киши эле. Чоюн кашыкка тамак кылып, балдарына сыр кашык менен сузуп берип туруучу». Муну менен үй бүлөсүнүн өтө жакыр кишилер экендигин сүрөттөгөн.

Бирде ал баяндоонун күлкү чыгара, атайы апыртып сүрөттөгөн, гиперболалык ыкмасын пайдаланат. «Андан кийинки жылы, жээктей бастырып баратсам, дүмүрдүн алдында бөдөнө жаткан экен, басып алдым. Ургаачы семиз байталдай болгон бөдөнө экен. Өмүрүмчө узак согум байлап көрө элек элем, ошол бөдөнөнү күз башынан кыштын капортосуна чейин байладым. Эл согум соё баштады. Кайнатамдын кызына акылдашсам, беш күндөн кийин шейшемби, ошондо соёлук деди. Ырас болот деп отун, суу алып, пияз, мурч, туз алып камынып калдык. Эртең шейшемби. Ошол түнү эрте, түндөн туруп согумду соёлук десем, кара көздү кашайтып мышык жеп кетиптир. Мына, оозунан алдырган бөрү деген ушул экен туугандар».

Шаршендин дагы бир негизги ыкмасы терс көрүнүштөрдү сынга алуу. Ал тамашалап, апыртып, мактап, өзүн айткан болуп кыйытып да сынга алат. «А кээ бир аял үйүнөн чыкпайт, баласын багып, өз кара жанын сыйлайт, жок болсо алган эрин кыйнайт. Эрине айтып кант, набатты алдырып алат. Майга он килодой унду кууруп алат. Чоң чоюн кашыкка канттан салып өзү тойгондой буламыкты кылып алат, баласына берген болуп, адегенде сөөмөйү менен илип оозуна салат. Үчтөн экөөнү өзү жутуп, бирин баласынын оозуна салат».

Шаршен бири биринен көп айырмалуу эки доорду өзү көргөн адам болгондуктан ал колдонгон «эски» менен «жаңыны» салыштыра сынга алуу коомдун талабына дал келген, өзү үчүн да абдан ыңгайлуу, жаңыча ыкма болгон. Шаршен сындоону көркүнө чыгарган. Ал сылаңкороз, ичкич, жегич, кошомат-

чы, эки жүздүү өңдүү келишпес мүнөздөрдү, жаман адаттарды, олдоксон жүрүм-турумдарды, эскирген салттарды сынга алат.

Бирөөлөрдү тууроо, тетири жактарын сындоо абалтан бери келаткан салттуу куудулдук ыкма. Шаршенге чейинки куудулдар кишинин мүчүлүштүгүн бетине тике айтса, көзүнчө шылдыңдаса, же ал жок жерде аны туурап келекелесе, Шаршен чоң сатирик, таланттуу актер катары андай адамдарды кыйытуу, жымсалдоо, ооштура сүрөттөө, күчөтүү, жагымдуу юмор, ирония аркылуу же сатиралык маанайда, келтире кебез менен мууздап, башкалар күлкүгө жеткирсе, Шаршен комедияга айландырган. Анын «Энемдин кошогу», «Күйөө жолдош», «Бала сооротуу», «Самолетко түшкөндө», «Сыр» ж. б. чыгармалары ушундай комедиялардан.

«Мени туугандарым абдан жактырат, жактырганы ушул «саяпкер» деп калышат. Саяпкерлигимдин жөнүн айтып берейин. Кандай кулун арка айгыр минсем дагы бир жумада төрт жеринен, же төрт жарым жеринен жоор чыгарып жиберем. Элдин аты түлөгөндө, ары жагынан жүнү чыгып, жылтырап түлөйт экен. Менин атым кыпкызыл кырчаңгы болуп, кыштын күнү шылкылдап түлөйт. Жулунуп, тамга, бакка урунуп, шыйпанып, суйсалып, кызыл эт болуп кылчылдап түлөйт. Менин атым жолго чыкканда мүдүрүлсө турбай калып, баткактуу жер болсо башы астында калып, башынан арыраак эң астында мен калып, кээде жөө жителей калып, ошентип түлөтөмүн». Муну менен куудул ат кадырын билбеген адамкерчилиги пас, шалаакы кишинин кемдигин көзүнө көрсөтө сындаган.

Шаршен элдик шайыр өнөр менен жакшы тааныш болгон, айрым салттуулуктарды чыгармачылыгына пайдаланган. Ошентсе да анын куудулдугу өзгөчөлүү, өзүнчө. Ал табиятынан куудул. Өзү да кантип күлдүрүүнүн жол-жобосун мыкты билип, көкүрөгүнө

«бырс» эткизе күлкү чыгарчу сөздөрдүн мол запасын топтогондуктан Шаршен элди эч даярдыгы жок эле, кыйналып-кысталбастан шыдыр күлдүргөн. Андыктан ал оозун ачып сүйлөй баштаганда эле сөзүнө өзү, ырайына чырайы куп келишип эл жер дүңгүрөтө дуу күлгөн. Ошол күлкү ал сахнадан түшүп кеткенге чейин уланган. Анда куудулдук импровизация күчтүү болгон. Шаршен куудулдардын – төкмөсү. Ошол себептүү анда күлдүрүүнүн айла-амал, ыкмалары өтө көп болгон. Андай ыкмаларды ал мейли сахнада, жолдошторунун арасында, мейманда, же үйдө болобу күтүүсүздөн таап, ошол замат колдоно кеткен. Куудул «Мен эмне ударник болбойм» аттуу сабатсыздыгын жоюуга мойну жар бербеген жалкоо кишини сынга алган сатиралык баянында мындай дейт: «Быйыл окуганыма үч гана жыл болду. Эки жылдын ичинде 30 тамганы бүт тааныдым, үчүнчү жылы биринчи класска өттүм. Мына, быйыл артымды бышырайын деп, жарымынчыга түштүм, анда да ударник болбойм. Жазуума да баа бербейм. «А» деген тамгам аяк каптай боло түшөт. «Ш» деген тамгам куду эле темир айрыдай. Мында ударник болбойм. Мугалим өзү айтат, мээнди сергит деп. Мээмди деле сергитип жатам, бир сутка 24 саат болсо, мен 25 саат да уктап көрдүм, анда да ударник болбойм».

Шаршендин кайсыл жерде жүрбөсүн күлкүнү өзү менен бирге ээрчите жүргөн куудул экендигине Калыкты, кең пейилдигине карап «чоң чөнтөгүм» деп образдуу атоосунан; «Биз Райкан экөөбүз ачка болгонду жек көрөбүз, ачкачылыкты кудай силерге эле буюрсун» деген сыяктуу жолдошторуна айткан азилинен; «Ака, муну жүзүм дейди, жегенде битта шиңгилин алып бирден жейди» деп какшыктаган өзбекке: «— Ооба, үкам, муну жүзүм дейт, көп эле машакаттанбай, бир жегенде мына минтип жүзүн жейт» деп так катырган жообунан; «Ээ, Алымкулум, баласы өлгөн кишинин ыйлаганы эле жакшы.

Калган балдарың аман болсун. Баласы жок кишинин эмнеси өлмөк эле? Маана экөөбүздө бала жок. Биздин эчтемебиз өлбөйт. Биз ыйлагыбыз келсе да ыйлай албайбыз, – деп өзүнүн күчтүү өксүгүн туюндуруу менен өнөрлөш курбусун күтүүсүз жерден кайратына келтире сүйлөгөн көңүл айтуусунан; Филармониянын директорунун Муратаалы аксакалга «сөгүш» берсекпи дегенин угуп калып, «Муке, деректир сизге баалуу белек бермек болду. Эртең эртерээк туруп, байбичеңизди ээрчитип алып филармонияга, деректирдин кабинетине барыңыз, эгер суюк болсо чакага куйдуруп аларсыз, мүмкүн коюу болсо мүшөккө салдырып берет» деп, аларды убара, филармониядагыларга күлкү кылып, кийин алдына түшүп араң кутулган ачуу тамашасынан, дагы башка ар кыл кылык-жоруктарынан улам кадимкидей ынанасың. Ак таңдай ырчы Осмонкул «Шаршен дүйнөгө бир жаралган адам, анын күлкүсү өз заманынын черин жазган, өзү экинчи кайталанбай турган талант» деп, ал эми Ысмайыл Борончиев:

Кыялы менен өнөрү,
Кызарып күйгөн чок эле.
Орто Азия элинде,
Ойлосом андай жок эле...[4] –

деп, ашык-кеми жок, эң адилеттүү баасын беришкен.

Шаршен күлкү чыкпачу жерден да күлкү ойлоп тапкан куудул. Анын чакан сүрөттөмөлөрдөн турган «Сыр» аттуу сатиралык чыгармасы буга айныгыс далил. Бул сүрөттөмөлөрдө ал өзүнө мүнөздүү кыйытуу, ооштура, сындоо, калп, жагымдуу юморду ыктуу пайдаланган. «Туугандар! Менин бир сырым бар, силерге айтып берейин. Мен төрт- беш кызматтагы адаммын. Адегенде Алматыга бардым. Овулной посевком болуп келдим. Посевком болгон киши кээде он үйдүн, кээде бир чоң үйдүн, кээде жети үйдүн, кээде эки гана үйдүн үстүнөн карайт экен. Андан кийин Ташкентке барып тамак кыдырып ичкич

болуп келдим. Кийин айылга кыдырма сот келди, кетер-кеткиче кумганчы болдум. Анан өзүбүздүн үйгө исполком болдум, үйдө чыр жокто, жалгыз гана өзүм билээр элем.

Туугандар! Силерден кантип жашырайын, бир жылы жазында агабыз корукчу болду. Кээде музоолорду акактатып айдап келет, артынан аялдар кошо келет. «Колхозубуз бир, акча алышмак белек, айрандын каймагы дапдаяр өзүң келбесең да иниңди жиберип турсаң болбойбу» деп кетишет. Мында да көтөрүлүп жүрдүм.

Андан кийинки жылы бирөөдөн уктум, уйдун этинин сүрсүгөнү абдан күчтүү болот деп. Биздикинде бир жээрде кашка бука болор эле. Жайлата чөмөлө тарткан, эңкейиште шалаң кесип такымын кызарткан, суу жокто ыраак жерден муз арткан, көгөн талап көзүнүн тегерегин кызарткан, көкүрөк терисин узарткан. Ошол бука соё электе эле сүрсүгөнсүп калган экен. Алып келип көтөрүп урдум. Конок келет, эт салып берем, таң атканча кыңылдашып чыгат, өзүм жесем да кыңылдап чыгам. Ырас эле уйдун этинин тирүүлөй сүрсүгөнү абдан күчтүү болот экен»[5].

Шаршендин чыгармачылыгы да көп кырлуу болгон. Ал азыраак төгүп жиберген, комузду, домбураны черткен, эң сонун обондору бар, театрда актер болуп иштегендиктен актерлугу, артистиги жана тубаса аткаруучулугу да күчтүү болгон. Бирок анын ушул өнөрлөрүнүн баарысы – куудулдугуна баш ийип, куудулдугу аркылуу көркүнө чыккан. Анын куудулдугу аткаруучулугунан, обондорунан, ырларынан, жада калса бир бети комуз, экинчи бети домбура болуп чабылган чертмегинен да таасын көрүнүп турат.

Улуу устаттан сабак алып, өнөрүн сынатып, ак бата алуу бардык өнөрпоздорго бирдей тиешелүү. Шаршендин айтылуу «Эл эркеси», даңшаары күчтүү куудул, ары чечен Куйручукту эңсеп жүрүп тааны-

шып, өнөрүн сынатып, ак батасын алышы анын өмүр жолундагы эстен чыккыс улуу жолугушуу болгон экен.

Өзү аны берегиче эскерет: «Сыртымдан күлгөнүм менен Куйручук деген атты укканымда жүрөгүм болк-болк этип, муундарым калтырап, өзүмчө коркуп жүргөм. Капилеттен Куйручукка кезигип, жөргөмүштүн торуна тартылган чымындай анын алдында чыңылдап калбагай элем, – деп досум Үмөш чакырса да баралбай жүргөм. «Иним дүйнөдөн кайтты» деген Үмөштүн кабарынан кийин Кочкорго, андан Жумгалды аралап келейин деп жол тартып калдым. Шаардагыдай үйдүн номуру жазылбаган соң өлүк чыккан үйдөн өкүрүк чыкканча айылдын аягынан башына, башынан кайра аягына чейин үйдү кыдырып өкүрүп жүрө бердим. Тынч жаткан элдин уйкусун бузуп, айылга дүрбөлөң салдым. Аңгыча бир киши чыгып өкүрүп калды. Ага карабай Үмөштүн үйүнөн өтө чаап, айылдын башына кайра барганымда эки атчан киши чаап келип, атымды суулуктап: – Сен кутуруп кеткен эмесиңби, түн жарымында өкүрүп. Сен кимсиң? Кайдан келатасың? – деп оңураңдай башташты.

– Эмне силерде өлгөнгө өкүрбөйбү? Атым Шаршен, Сары-Өзөн Чүйлүкмүн. Үмөштүн досумун. Иним өлдү деп кабар айтыптыр, алыс жерден келгеним ушу болду. Асылым уялашынан айрылып калса, караңгы түн эмес, кар жаап жатса да кантип өкүрүп түшпөйүн дегенде эки жигит жоошуп, үйгө алып жөнөштү.

Караңгыда жол басып досум,
Кар баскан бийик тоону ашып досум.
Канатыңдан айрылып, калыпсың боздоп кокуйлап,
Эми кайдан көрөйүн, кокуй, –

деп өкүрүп түшүп Үмөшкө көңүл айттым. Ал ыраазы болуп: – Куйручук жатат. Кукем менен учураш, – деди. Бүлбүл күйгөн милте шамдан эч кимди

тааныбадым. Жогорку капшыттан башын көтөргөн карааңды:

– Куке! Аман-эсенсиңби? – деп чап кучактап: – Таанybасты сыйлабас дегендей, адегенде өзүңүз менен учурашпаганымды кечириңиз. Куке, Сары – Өзөн Чүйдөн келдим. Атым Шаршен, атам Термечик. Неге башыңызды көтөрбөйсүз, неге сүйлөбөйсүз – десем, Үмөш: – Ал менин байбичем, Кукем бери жагында жатат, – деди. Арт жагымда байлануу музоо турган экен: – Ассалоом алейкум, Куке! Баятан бери таппай жүрсөм бул жерде турбайсызбы, – деп музоону куйруктан чап кармап толгоп алсам, мөөрөп жиберди. – Куке, аман эсен барсыңбы, акыреттик жансыңбы, үнүң эми чыкты, коңгуроодой экен мыкты, мурдуң да куду эле менин мурдума окшоп турат, мөө дегениңиз менен далай нерсени козгоп турат. Бала-чакаңыз эсенби, Куке? – деп учураша бердим. Музоо мөөрөй берди.

– Болду, болду Шаршен, мөөрөй сеники, – деди Куйручук. Жанына чакырып, учурашкандан кийин: – Шаршен дегенди бозо ичип, мас болгон жерде күлгөн, барк кылбаган элде жүргөн киши дечү элем. Көрсө Шаршен бозо ичип, мас болбогон жерде күлгөн, баркын билип, баалаган элде жүргөн, арак ичип мас болбогон жерде күлгөн, адам баркын баалаган элде жүргөн Шаршен турбайбы. Мен койдум. Сени төрөгөн энеңе рахмат. Эркелетип сүйлөгөн жеңеңе рахмат. Сөзүң тунук, өнөрүң улук, бешенеңе бак берген, таалайлуу экенсиң. Буга чейин өзүмдү жалгызмын деп жүргөн элем. Жок, жалгыз эмес экенмин. Жолуң шыдыр, жоругуң элдики болсун! – деди, Куйручук. Антпегенде Куйручукка жыгылып калчудай экенмин. Бир караганда окшоштукту тапкан, бетиңе печаттай баскан, жуусаң кетпеген, сүртсөң сүртүлбөгөн, айдын жарыгындай, аттын кашкасындай кебетеңден кетпей турган, көркүңдү эстей турган «топоздун торпогу мурунданганым

жарайсың[6], – деди Куйручук. Мында эки алп куудулдун өзгөчөлүктөрү, бири-бирине болгон кумары, урмат-сыйы да жатат.

Шаршендин мейли Барпы, Осмонкул болсун, дегеле эл шайырлары менен таанышуусу эле өзүнчө оригиналдуу. Улуу, даанышман төкмө Токтогул менен жолугушуусу да анын өмүр таржымалындагы эстен кетпес зор окуялардан болгон. Ал айтылуу Токтогул менен минтип учурашат: «Токо, билбеген экенмин, бирге жүрбөгөн экенмин. Чынын айтайын, сүрдөгөн экенмин. Токо, башка ырчылар ырдаса эки күн, же жети күн ырдайт. А менин ырым чай кайнаар-кайнаганча түгөнбөйт. Кээде кайнай электе эле түгөнүп кетет».

Ал эми, бул жерде Шаршен кадыресе эле ырчы, болгондо да куудул ырчы:

Айткандар айтып салабы,
Мендейлер карап калабы.
Аныктап таанып алайын,
Акын Барпы аганы.
«Акын болсом» деп жүрөм,
Барпыке,
Абайлап көргүн балаңы.
Угуп тургун, Барпыке,
Төгөйүнчү жамгырдай.
Катуу төгөм жамгырдай.
Кошокко апам мыкты эле,
Атам маркум өлгөндө,
Кошокчу болуп чыкты эле.
Андан ооп маа келди,
«Энесин тарткан булбул» деп,
Көргөн, билген айылда
Көп кемпирлер баа берип.
«Баракелде, Шаршен» деп,
Байбичелер баа берди.
Калык ырчы жактырган,
«Борумуң да мыкты» деп,

Боору калбай каткырган.
Калк аралап көп жүрөм,
Калыктай болсом, деп жүрөм.
Калыктай акын боломбу?
Ойлонуп айтчы Барпыке?
Осмонкулду согомбу?[7]

Шаршендин обондуу ырлары да жагымдуу юмор менен коштолот:

Адырга чыккан талдайсың,
Ашыкмын жаным, кандайсың?
Алты үйгө жарык шамдайсың.
Ар сөзүң менен алдайсың.
Алыс жакка барбайсың.
Аралаш курут, кошкон май и-ий,
Абыдан бышкан жалдайсың

*(«Ичинен кайырма»)*

Ал эми анын концерттик номерлери ар качан эл тарабынан кубаттуу колдоого алынып, өзү күлкүнүн шерине айланган. Ошондой бир учурду өнөрлөшү Чалагыз берегиче эскерет: «1937-жылы жай күндөрүндө Тогуз-Торо районуна барып оюн коюп калдык. Бир убакта Шаршен чыгып, күйөө жолдош болгондугун айта баштады. Элдин күлкүсү тыйылбайт. Алдыда отурган толмоч жигит элден башкача, тимеле боору эзилгенче, көзүнөн жаш чубургуча күлөт. Кызды күйөөсүнө кошуп, узата турган болгондо эжесинин кошуп жаткандагысын Шаршен:

Алдыңдан жүгөн шалдыркан оой, каткоо ой.
Алдыңа кетейиң, түндөкү эт чийки көрүнөт,
ичим эле кулдурайт.
Атабыз бирге, айлыбыз башка оой.
Бая эрте, токол уйду саайм деп, табарсыкка
сүздүрүп албадымбы!

деп сөз аралаштыра кошоктун аягын улантып жатканда, баягы жигиттин оозунан шилекейи куюлуп, сол колу менен жерге чыканактап, башын

шылкыйтып, күлгөнгө үнү жетише албай, бөйрөгү эле бүлкүлдөп калды. Жанында олтургандар колтуктап тургузушуп, биздин үстүбүзгө алып киришип, башына муздак суу куюп эс алдырышты. Ошондо да, эшиктен Шаршендин үнү угулган сайын күлгөнү күлгөн. Ошентип, маркум Шаршен оозун ачып, сүйлөй баштаганда эле кичине, чоң дебей, олтурган элдин баары тең күлө турган. Анын сахнага чыгып роль аткарганы тууралуу деле ушул ойду айтса болот. Ал кайгылуу ролду аткарса деле эл күлкүдөн өксү болчу эмес экен. К. Күмүшалиев минтип жазат: «Шаршендеги артыкчылык, ал образ үчүн убараланбаган киши. Бирок анын ар бир сөзүндө, кыймыл аракетинде, баскан-турганында, кишилерге болгон мамилесинде бирин экинчиси кайталабаган жана көргөндөрдүн көңүлүн өзүнө тартып, ага жагымдуу сезим калтырган кумдай куюлган образдар жаралып тураар эле». Шаршендин жалпы эле көп кырдуу өздүк чыгармачылыгына советтик ири музыковед В. Виноградов берегиче калыс баа берет: «Ал кыска, аралашмалуу, тамашалуу аңгемелерди чыгарып, аларды өзү актер, ырчы, музыкант, тууроочу, куудул катары аткарган. Шаршендин үнүнүн регистри боюнча орто, анча бийик эмес, кирилдебирээк келип, бирок аткарууну укмуш бабына келтирип, ар түрдү камтыган ачык-айкын түстөрдү таап ырдаган. Шаршенде жаңы түргө салып аткаруунун көркөм шыгы мол болгон. Түрдүү каармандарды тууроо менен ал алардан бири-бирине окшобогон жекече кайталангыс көркөм образдарды түзгөн. Аларга ар түрдүү ымдоо, жаңдоолорду, жүрүш-турушту, сүйлөө интонациясын, обонду жана интерпретациялоону пайдаланган[8].

Шаршендин ал түгүл жашоого мамилеси деле башкача болгону көрүнүп турат. Бул тууралуу К. Күмүшалиев минтип жазат: «Шаршен өз замандаштары, элдик таланттардын арасынан жаңыга умтулган, жакшылыкты тез кабыл алган, өздүк маданияты

жогору турган киши эле. Ал театр искусствосуна киргенден баштап жаңыча, маданияттуу жашоого биринчи аракеттенген. Үйүнө радио койдуруп, өлкөдө, республикада болуп жаткан жаңылыктарды угууга ынтызар болуп, өздүк аң сезимин арттырган. Элдик таланттардын арасынан Европалыктарча кийинип, саат тагынып, велосипед минген киши болчу»[9].

Шаршен өлүм алдында жатса да ажалды күлкү менен басынта алган көйгашка куудул экендигин А. Куттубаевдин берегиче эскергени бар. Ажал өкүмүнө моюн сунбай, өз позициясында бекем туруп, ажалдын адам алдында күчсүздүгүн далилдөө, кудурети күчтүү, чоң личносттордун гана колунан келчү иш. «1942-жылы августта саат он ченде филармониянын директору Ө. Жетикашкаев күтүүсүз жерден шашыла кирип келди да:

– Шаршендин абалы катуу, эс-акылы барында коштошуп калуучуларга уруксат деп ооруканадан телефон чалышты. Шаарда эл акындарынын бири да жок. Кайран адамдан айрылып калабызбы деп Өмүркул жашып кетти. Биз ооруканага келгенче саат 11.30 болуп калды. Ал чабалактап жаткан экен. Баш жагында Маана жеңе отуруптур, салам айтып, саламаттыгыңыз жакшыбы, Шаке? – деп сураганыбызда, ал адатынча бажырая карап, кыйналып жатканына карабай жылмайып: – Эртеден бери ажал менен алка жакадан алышып, салгылашып жатам. Ал ары, мен бери тартамын. Эртең менен ажал күчкө салып көтөрүп чапты эле көмкөрөмөн түшүп тура калдым. Экинчи жолу чап карман ыргытып жиберейин дегенде колтугунан булт коюп чыгып кеттим. Канткенде баса калар экемин дегендей ал мени бөдөнө тооругандай тооруйт, мен аны тооруйм, – дегенде жол бою көз жашын төгүп келген Өмүркул күлүп жиберсе болобу. Шаршен чынын айтты, бирок өлүп каламын деген жок. Керээз сөз да айтпады. Сырткa чыкканыбызда Шакемдин кайраты мол, ал жашайт деген ишеним

менен кеттик. Театрга барып, Шаршенди көрүп, андан укканыбызды жолдошторго айтып бүткөнчө «Шаршен Термечиков дүйнөдөн кайтты» деген суук кабар телефон аркылуу келди».

Шаршендин мейли интермедиялары, ырлары же обондору болсун айрыкча өзүнүн аткаруусунда өзгөчө көркүнө чыккан. Ал жүргөн жер күлкүнүн ордосу болгон. «Шаршен чыгарда залга «Шаршен» деген ат угулса эле болду, залда олтурган эл кыйрап күлө берет. Театр көрүүчүлөрдүкү да эчтеке эмес, күндө көрүшүп, сөзүн күндө бир нече мертебе уккан кызматташ жолдоштору (карыясы Мураталы, жашы Муса) боорлорун тырмашып боортоктой күлүшөт. Шаршендин баркыраган үнү, койну-кончуна чейин күлкүгө толгон сырткы кебетеси, күндө жаңы, күндө кызык...» – деп эскерет эл акыны К. Маликов. Шаршендин өзгөчөлүү куудулдук өнөрүн айтылуу чечен, өнөрлөшү Куйручук да абдан жогору баалап: «Мен окшоштуруп айтсам, Шаршен орду менен айтат. Мен айыбын айтсам, ал айланды кетире айтат. Мен көргөнүмдү айтсам, ал көмүскөдөгүнү көз алдыңа келтирип коёт. Мен тилдин уусуна салсам, анын тилинин тибирткелүүлүгү төгүлүп кетет. Шаршенден сөз кутулбайт. Ал өнөрү өркүндөгөн элдин шайыры. «Сиз келгени Шаршен көп унчукпай калды» дегениңер ката. Ал менин сакалымды, Куйручуктугумду сыйлап олтурат. Мындай адамдын жайыты мол, жатчу жери көп болот. Айтпадым беле, Шаршен күлкүнүн кенчи, кайгы менен капанын каргашасы деп. Мунун тамашасын укканда энесине өкүрүп жаткан жигит менен эрине ыйлап жаткан жесир да күлөт. Элге ушундай шайыр керек»[10] деген.

Эл куудулунун чыгармаларынын биринчи жыйнагы «Шаршендин чыгаргандары» деген ат менен 1937-жылы Кыргызмамбастан чыккан. Ошондон тарта прозалык чыгармалары, ырлары менен (ырларын дээрлик өзү ар кыл обонго салып аткарган

А. О.) бирдикте бир нече жолу басмадан чыкты. Анын «Кантың бар», «Маруся», «Ичинен кайырма», «Сыртынан кайырма» деген обондору элге кеңири белгилүү. Айрыкча «Кантың бар» бүгүнкү күндө да ырдалууда. Шаршендин күлкүлүү окуяларын К. Бектенов кыскача баяндардан турган чыгарма кылып жазса, акын, драматург Ж. Садыковдун «Күйөө жолдош» аттуу драмасынын негизин Шаршендин «Күйөө жолдошунун» сюжети түздү. Ал туурасындагы эскерүүлөр, арноолор да абдан көп.

Куудулдун эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, «Кыргыз ССРинин эл артисти» деген ардактуу наам ыйгарылган. 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын биринчи декадасына катышкан. Куудулдун чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу Ж. Таштемиров: «Кыргыздын советтик мезгилдеги сатирасынын өсүп-өнүгүү тарыхы жөнүндө сөз боло калса, эң биринчилерден болуп Шаршендин ысмы аталат, анткени бул түрдү калыптандырууда кошкон салымы зор. Шаршен – сатиранын чоң өкүлү – деп туура белгилеген.

Шаршен күлдүрүү чеберчилигинин багытын кадимкидей өзгөртүп, куудулдукка стилдик жактан арбын табылгаларды жана жаңы ыкмаларды, штрихтерди кошуп, кыргыздын куудулдук өнөрүн болуп көрбөгөндөй гүлдөткөн. Куудул деген кандай болоорлугун ал өзүнүн өнөрү менен айныгыс кылып далилдеди.

Шаршендин сатиралык маанайдагы жагымдуу юморго, кыйытма мыскылга, баштан аяк комизмге жык толгон бир катар комедиялуу чыгармалары менен аны дүйнөлүк куудулдардын катарына кошот.

Ал эми анын кыргыздын куудулдук өнөрүнүн бийик дабанына айланган өрнөктүү чыгармачылыгы куудулдуктун кайталангыс классикасы болуп калды.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

[1] *Термечиков Ш*. Күйөө жолдош. – Ф., 1964. Негизги материалдар ушул жыйнактан келтирилди.

[2] Ошондо. 27-29-беттер.

[3] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988. 456-бет.

[4] *Борончиев Ы*. Мекеним. – Ф., 1980. 105-бет.

[5] Эл куудулдары. Түзгөн/Б. Сабыр уулу. – Ф., 1987. 143-145-беттер.

[6] *Кумушалиев К*. Залкар таланттар. – Ф., 1973.

[7] *Борончиев Ы*. Мекеним. – Ф., 1980. 78-бет.

[8] *Виноградов В. С*. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. Ф., 1974.

[9] *Кумушалиев К*. Залкар таланттар. – Ф., 1973. 192-бет.

[10] Ошондо. 194-бет.

***Обозканов А.***

## МЕН ШАРШЕН ТЕРМЕЧИК УУЛУ

Мен – Шаршен Термечик дегендин уулу. Атам жыгач устачы, боз үйдүн жыгачын, түндүгүн жасайт.

Атам казан-аштуу киши эле. Чоюн кашыкка тамак кылып, балдарына сыр кашык менен сузуп берип туруучу.

– Ата, башка үйгө барсам, тамакты казанга жасайт, биздики эмне үчүн чоюн кашыкка жасайт? – десем, анда атам:

– Балам, мен 73 төмүн, илгери үй жасап, мал таап, уй, эчки союп, мен да казанга салуучумун. Азыр ал жок, тарапыран сатып, силерди араң багып олтурам, – дээр эле.

– Ата, башка эл катыны менен жатат, сен эмне үчүн башка жатасың? -десем:

– Э, балам ай! Баласың да. Эненди чанып жүрөм – деп, күлүп коюп кайра: – Бизде жууркан-төшөк барбы? Тон эки кишиге жетпейт экен, – дээр эле.

Мына, атамдын үй турмушу ушундай. Энемдин аты Каз эле. Карындашым – Ырысбүбү. Мен тогуз жашар элем. Атам мени тилдеп:

– Түсү ийгиден түңүлбө, кызым аппак адам болот. Шаршендин ирең суук, өңү жаман, жүргөнү коң каргадай. Эки үйдүн бирине барса, конуп калат. Кайсы айылда болсо да иттерди чуулдатып, малды үркүтүп жүрөт, колу туткак – деп, атам сүйбөй сүйлөнөт. Анда апам байкуш мага болушуп:

– Ой уста, сен баланы көпсүнбө! Өлүп, өлүп, өлгөндөн калган немени көп тилдебе, баягынын баласы дедиртип жүрсө болду, – дээр эле.

– Жок, мен баланы көпсүнбөйм. Шаршениң баягы маң[1] тарткан соодагер кана, нак ошонун өзү, карачы, бетинин баары эле мурун.

Мына, атам мени «жаман көрөт», себеби, эки

[1] Маң тарткан – жол тарткан деген мааниде

үйдүн бирине барсам, конуп калам жана майда буюмдарды уурдайм: камчы, шибеге, орок, ошолорду көргөндө кыя өтпөйм. Бирок, уурулугум чыгып калат. Анда мен:

– Өлүп кетейин! деп карганам. Анда атам коркуп жакасын карманып:

«Сактайгөр, кудай, өзүң кечирегөр!» деп жиберер эле.

Атамдын мага кейигенин көрүп, Маркабай деген жакын тууганыбыз: – Термечик, ушул иреңи суук эмеңди өлтүрүп эле койсоңчу, – десе, атам аны жактырбай:

– Мага ушул эле жетет, ушунум аман болсун, аман болсо болду, – дегени али кулагыма угулуп тургансыйт.

Анткени менен көп урат: балта менен, орок менен, керки, кетмен, казык менен урат. Бирок, бардыгы эле тийбейт, астыман же үстүмөн кетет. Көрсө атам байкуш мени опузалап, тарбиялап жүргөн экен го... Ошентип жүргөн кездерде чоңоюп калдым. Ырды, комузду, жомокту, сөзмөр кишилерди жакшы көрөр элем.

Ошол кезде биздин элдин бир обону бар эле, ыры төмөнкүлөр:

Мен жогортон келемин,
Чым-чым басып а-а-а-й.
Чыбырала күрмөмдү,
Мойнума асып ооой, ки-оки ки-кигай.

Мен жогортон келемин,
Тайлак минип ооой,
Эки бутум салпактап,
Жайдак минип оой
Эки-эки, Оги-оги-гигагай.

Мен ушул ырды ырдагандарды көрүп, мен да ушинтсем экен деп ойлонор элем. Эл арасында шайыр болгум келет. Мага эч ким тийбейт. Ошентип жүргөндө, жеңем менен тойго бардым. Чынымды айтайын, ошол тойдон кийин элге билиндим.

## ЭНЕМДИН КОШОГУ

Ошол кезде айлыбызда Майлыбай деген киши болор эле. Балдарды чакырып, «Күңөтай» деген ырды ырдатып, талкан көөлөтүп берүүчү. Мен кургур «Күңөтайды» билбейм, ошон үчүн талканга жетпейм. Балдарга жалынам. Мен деле Майлыбайдыкына барайын. «Күңөтайдан» кичине үйрөт десем, балдар «өзүң эле айтпайсыңбы, киңа» деп кетет.

«Балдардын «Күңөтайын» үйрөнүп алып, Майлыбайдын алдына барбай, аны билбегенден кийин мени кудай албай, кууратып койду мындай» деп жүрөм.

Атам өлүп, энем калган. Энем атама кошок кошот. Майлыбай «Күңөтайга» деле талкан көөлөп берет, менин энемдин кошогуна деле көөлөп берер деген ой менен, энемдин кошогун аңдып калдым. Энем жоош киши эле. Бирок, кошокко кыйын эле. Энемдин кошогун уккан киши жашыбай койгон эмес.

Энем бир күнү айтты, үйрөнө албай калдым, эртеси таптакыр үйрөндүм. Бир күнү эртең менен энем керегени карап:

– Ал кургур, евреги мивиай оой-а,

Мен кургур, авраки маврай ооой-а,

Мен кургур, мештер өкөмөш, нөй, ооой.

Ал кургур, шамтыракаш нышнай оой, – деп кошту.

Аңгыча төшөктө жаткан бала ойгонуп кетти. Анда энем баланы таптап:

Мен кургур аварга ра кракпай…

– Кой балам!

Мен кургур өлө албай,

– Атаңа ыйлап жатам.

Мен кургур,

– Өллай, чоюн кашыкта сүт бар.

Аңгыча коштосок билек чын Макалай,

– Чишш балам, атаңа ыйлап атам. Ай тийген...

– Чиш, балам атаңа ойй-а!!

Мына ушунтип, энемдин кошогун такыр үйрөндүм. Майлыбайдын үйүнүн быягынан өттүм, тыягынан өттүм, айтып өттүм. Майлыбай чакырды. Бардым.

– Сен кутуруп кеткен баласыңбы? Жанакың эмне, же ыр эмес, же кошок эмес, – деди.

– Өзүмдүн эле энемдин кошогу.

– Оо, андай кошок билген бала болсоң, кел, айтчы, – деди.

Олтура калып жанагыны зыңылдаттым.

– Атаа, энең эне эмес бекен! Ээ балам, башка аялдар айтам деп эле, айталбай жүрөт, сенин энең үнүн чыгарып эле кейий бергени жакшы экен. Байбиче, балама талкан көөлөп берчи, – деди.

– Атаа, үйдө сүт, айран жок эле, – деди.

Мен сөөмөйүмдү оозума салып тура калып: – Жармага көөлөсө да жейм, – дедим.

Майлыбай:

– Максым бар эмес беле, көөлөп бер, – деди.

– Кап максымды жаңы эле куюп койдум эле, – деди байбиче.

– Ошондойго көөлөсө деле жейм – дедим мен.

– Атаа, балама керек экен, көөлөп бер, байбиче.

Байбиче ачууланып, чуңкуруураак сыр табакка арпа талкандан аябай салып, максымдын уну көбүрүп жаңы эле үстүнө чыккан экен, атка улпак чылап бергендей кылып алдыма коюп:

– Ушунун баарын түгөт, болбосо көрүңдү казып, көмөм, – деди.

– Мындан көп болсо деле жейм, – дедим. Кашыкты коё коюп, кол менен согуп жатам, аз калганда шыпырып жалаймын деп табактын түбүн тырмап коюпмун. Бир убакта жаагым чуу эле дей түштү.

– Табакты да жейсиңби?

– Жок, талканды.

– Сырынын баары кетип калбадыбы?

– Эмесе, кайпыта жалайынчы – деп, кайпыта кирдим.

Майлыбайдыкынан чыктым. Ырдагым келет, ыр эле табылбайт, жетим бала карды тойсо эле ырдагысы келет экен. Жетим бала эмне үчүн тойбойт десе, илгери жетимге тамак керек убактысында табылчу эмес тура...

## КҮЙӨӨ ЖОЛДОШ

Мен уйгурча төрт ооз ыр билип айтып жүргөндөн кийин, мени бир жигит тегеректеп калды:

– Айланайын, акын болуптурсуң, ар немеге жакын болуптурсуң, ырчы болуптурсуң, ырдап турчу болуптурсуң. Мени ээрчигин, – дейт.

– Кайда?

– Кайыныма жүргүн, ала турган зайыбыма жүргүн, өзүм сүйгөн айылыма жүргүн.

– Барганда эмне кылам?

– Ырдайсың.

– Ырым бат эле түгөнүп калат, кантем?

– Кайта-кайта айта берсең деле мейли, – деди.

– Энемдин кошогу жарайбы?

– Жарайт.

– Эмесе болот. Кайының, жаңы ала турган зайыбың, деги дайының ким?

– Төмөнкү жерде, төлөк[1] деген элде.

– Эмесе, жүр, – деп ээрчип алдым.

Кечке маал көргөздү.

– Тетиги эки үй, бери жагы жети үй, четтеги беш үй, менин кайыным, – деди.

– Эмесе, ырдайын, – деп ырдай бердим. Элдин баары эшикке чыгып карай калды, ырдай бердим. Кечинде үйгө киргизди, ырдай бердим. Үч кыз, төрт келин жаныбызга олтурду, ырдай бердим. Бир келин:

[1] Төлөк – бир уруунун аты

– Ырыңарды коё тургулачы! – деди. Мен коюп калдым.

«Кой десе эле коё бермек белем» деп, кайра баштадым, карап калышты.

– Ой мейман, кичине коё тургула, баш-аягыбыз жыйылсын, – деди.

Мен токтоп калдым. «Утуру токто деген сайын токтоп, анан, айта бергеним жакшы го» деп оюма кетти.

Кайта баштадым. Ырым аяктап калат. Кайра башынан түшөм. Аңгыча болбой бир келин келди:

– Күйөө жолдош кайсы? – деди эле, мени көрсөтө беришти. Анда, ал келин айтат:

– Күйөө жолдош, баштаңыз, кош тондуу экенсиз (эки тонду кабаттап кийип бардым эле), колго токтомдуу экенсиз. Кана, жеңкетай канча, үзөңгү чабар канча? Эшик ачар, маасы тартар, жуушаң кыркаар, ата кесиби, умай эненики, барлыгы канча? Башка сыпайгерчилик болсо дагы көрө сүйлөшөрбүз, кош тондуу күйөө жолдош! – деди.

«Кудай сактайгөр эй, эмне десем экен» деп ичимден тынам.

Бул аял сүйлөйт экен го, бул айылды бийлейт экен го, мени булгап тилдейт экен го, мени кудай урганда, өз тонум менен эле келе бербей, Султаналынын кылган иши. «Бүтүн тонду сыртынан кий» деди эле. Сырткысы кыска, өз тонум узун тура. «Мейли мен башканы коёюн, акыры ырдаймын деп келгемин, ырдаймын» – деп, ырдай бердим.

– Ээ, Жамыйла, бул кишини чоң үйгө алып баргылачы, мен күйөөнүн жол-жосунун айтсам, бу киши баягы ырына кайра түштү – деп, алиги келин тышка кыйкырды.

Мени ээрчитип чоң үйгө алып барышты. Мен «а дегенде жолдо айтып, анан кичине үйгө айтып, мен уят болгон экенмин. Айтчу үй ушул чоң үй экен го» деп ойлоп, олтурарым менен эле баштадым.

Үйдөгү аксакал киши:

– Ой, ырыңды токтот, ырың бая жолдо, кичи үйдө эле билинген, – деди.

«Тиги үйдө токто деген сайын токтоп олтуруп, кана, мүйүзүмдүн чыкканы? Акыры айтам деп келгенден кийин айта берейин» деп, айта бердим.

– Кутуруп кеткен неме го? Андай айткыч болсо, короонун орто ченине чыгарып салгыла, – деди аксакал. Бирөө келди да мени жакамдан сыга кармап туруп, эшикке чыгарып жиберди. Ойлодум. «Аштатойдо ырчылар атка минип, короонун ортосуна туруп ырдачу эмес беле? Мен да ошентейин» деп, короонун ортосуна жөө туруп ырдай бердим.

Кеч барганбыз.

Аттар короодо. Аңгыча кабанаак дөбөттөрү бар экен, тегеректеп калганы. Эски тондун этегинен эчтеке калбай калды.

Ырды токтоттум.

Кыйкырып жатам. – Итиңи чыкте-е-е… Оо, итиңи чыкте-е-е…

– Оңбогурдун оозун сындыр эле, оозун сындыр, – дейт бирөө. Көрсө, иттер чуу түшүп жатканда, короодогу койлор үркүп, каалганы сындырып кетиптир.

«Мени чын эле сойгону калган экен го» деп, токтодум. Чоң үйгө барууга чоочуйм, кичи үйгө киргизбей койду.

Баягы аял кээде кектеп, кээде нукуп, кээде кишини көзгө чукуп кетет. Ошол аял мени чакырды. «Үшүп кетти» деп үйгө киргизет экен десем, эки чаканы колума берип: – Жүгүрүп барып суу алып кел! – деди.

Сууну алып үйгө кирем го деп, декилдеген бойдон кеттим. Кайра келсем, «келсе эле бакырат» – деп киргизбей койду.

Мына ырымдын пайдасы менен эки үйгө батпай калдым.

Аңгыча алиги аял:

– Той сой, —деди.

Той сойду, бир токту кой сойду.

Этти бышырып элди чакырып калды. Таң атып, күн чыкты.

Тырсылдаган эле үн чыкты. Бул эмнеси десем, кызды жөнөтмөк экен.

Баягы аял бере турган кыздын эжеси экен. Мына ошол эжеси кызды бекем кучактап алып коштошкон сөзү:

Алтындан жүгөн салдырган кашка-оой,

Алдыңа кетейин, эски көйнөгүңдү мага берип кет.

Күмүштөн жүгөн салдырган кашка-оой!

Айлыбыз бирге, журтубуз башка-оой,

Адам, түндөгү эттикиби, жүрөгүм ооруп турат.

Кече суу алып келе жатып, багелегимди айра басып алганымды кантейин?

Элибиз бирге журтубуз башка-оой!

Майга кылган көжө ичмейинче ичим бурап ооруй берет,

Жатында бирге болгончо-оой,

Жайган тезектин баарын суу каптап кетиптир,

Жээ жайытта бирге болсокчу-оой.

Адам үч жапкан нандан артык нан жей албай турган болуп кеттим.

Эми уяда бирге болгончо-оой,

Сүттүн үстүнүн баарын мышык төгүп кетиптир,

Же учаарда бирге болсокчу-оой,

Токол уйду сааймын деп туруп, сүздүрүп да алдым,

Аңгыча бир аял:

– Эй көргөнү жаман өлүгүңдү көрөйүн, көмүлүп калган өлүгүңдү көрөйүн, тур нары, элдин баары укту – деп, мурдагы аялды тургузуп жиберди да:

– Кийин болгулачы, жөтөлүм кармабаса экен, – деди. Мурунку эжеси  экен, эмки коштошо турганы жеңеси экен. Анда жеңеси:

Бийкечтин көкүлүнө мончок такканбыз,
Бийкечти көлөкө жерге бакканбыз.
Бийкечке көк тубар шайы жапканбыз,
Бийкечке көңүлсүз жерден качканбыз.
Бийкечтин саамайына мончок такканбыз,
Бийкечти салкын жерге бакканбыз.
Бийкечке сары тукаба жапканбыз,
Бийкечке сабырсыз жерден качканбыз.
Тердигиң кызыл манаттан,
Теңирим бөлөк жараткан оой,
Тегиз жердин кызы деп,
Бийкечти теңтуштары талашкан,
Бийкеч, алганың жакшы жолукса,
Белиңди бекем бубарсың,
Бетиңди таза жубарсың.
Алганың бузук жолукса,
Азабын тартып куурарсың.
Курдашың жакшы жолукса,
Күмүштөн чырга сүйрөтөт,
Күндө акылын үйрөтөт.
Курдашың бузук жолукса,
Күмүштөн чырга чаң болот.
Тура калып демитет,
Оо, бийкеч, күндө акылың кемитет.
Алганың жакшы жолукса,
Алтындан чырга сүйрөтөт.
Айда акылын үйрөтөт.
Алганың жаман жолукса.
Алтындан чырга чаң болот,
Тура калып демитет да.
Айда акылың кемитет.

Аңгыча келин ала тургандар омуроолойт экен, болбойт экен:

– Коюңуз, тим эле болуңуз, жерибиз алыс, желпинбей эле калыңыз, – дейт экен.

Кызды алып жөнөдү… Эшиктин алдына барганда эле кыз жоголо түштү. Корсө өз энеси эмес, чоң энеси

экен, басып жыгылып калыптыр.

Мурун жол тийбей турган көрүнөт. Үнү чарылдаган неме экен. Башы калтылдап кошкон кошогу бул:

– Менин жүк үстүндө айнегим оой…
Сүт үстүндө каймагым оой-ий…
Эрке өскөн эме элең оой-киңа…а!
Бери жакты карап жүрөрсүң,
Бетиңен бир өөп калайын киңаа!
Башымды карап берчү элең,
Көзүңдөн садага кетейин, киңа… а-а!
Эт бышырып берип турам.
Эски тарагың ала кет,
Жаңы тарагың өзүм жайлоого чыкканда.
Ала барып берем… оой, киң-оой…

– Жерибиз алыс, желпинбей эле калыңыз, — деп кызды алып жөнөдү.

Анда кыздын энеси: – кызым жаш эле, бою пас эле, жашы он экиге чыккан, эң эле аз эле, – дейт.

Берейин дейт, баласы жаш. Бербейин дейт, бирок мурун сүйлөшкөндө «кошко салам» деп парлап өгүзүн алган экен. Согум деп кармап семизин алган экен. Тукум деп эчки, чебичин алган экен.

Ушинтип, жаш кызын кармап берип, көп «жемишин» алат экен.

Өз баласын өзү сатып, өлгөн эмедей кейийт экен…

## УЛАК ТАРТУУ

Аттуулар: Майлубай, Карыбай, Салымбай, Молдобай, Көчөрбай, Жумабай, Ныязаалы, Осмонаалы, Жунушаалы, Курманаалы, Бейшенаалы, Султанаалы – мына улак тарткан ушунун баары.

Тойдун катар казылган кемегеси, казанда кайнаган эт. Мен от жагып отурам. Улак тарткандар келип калса, кемегенин быягына бир, тыягына бир чыга качам. Аңгыча улак айылдан алыс кетти. Эл карап калды.

Мен казандагы эттен эки тоголок алып ыргыттым. Күлгө көмүп коюп, түнкүсүн жейин десем, бирөөнү ит ала качты, бирин койнума катсам ысык экен, мөңкүп кеттим. Этим ыргып кетти. Эл билип калды. Тойдун ээси Атабай:

–Менин адал тоюма арам колун салган атаңдын оозун...

Баары жардана тиктеп калышты.

– Кайнаган казанга кол салган бул ким эле? – деп кыйкыра берди бирөө.

– Баягы жыгаччы Термечиктин уулу.

– Булардын тукуму жарыбаган жакыр.

– Адал тойго арам кол салып.

– Алтоо айыл конбогон, төртөө дөбөгө чыкпаган атаңдын...

– Уруп, ар жакка байлап сал! – деп, дагы бири баркылдады.

Дүйшөкө деген тантык киши бар эле:

– Жыйгаганынан[11] кайнаган казанга кол салды дейсиңби? Коё бейгиле жетимди, – деди.

Анда Байказы, Бийказы экөө:

– Тетиги тантыкка эмне жок, экөө тең ууру, – дешти. Мага кошуп Дүйшөкөнү да урушту. Урушуп болуп кийин бийге салмакчы болушту.

Эл улакты жаат болуп тартып жатат. Мен ээн тамдын үстүнө чыгып карап олтурам. Бир жээкте Шыйкынбай устанын ую аркандалуу туруптур. Аттай болгон күлүк уй.

Кашкар деген Шыйкынбайдын баласы экөөбүз учкашып, түнкүсүн жарамазан айтып көргөнбүз.

Мен ошону улакка минип барайын деп, жашырынып уйга бардым. Аркандын бир учу казыкта экен, бир учу бутунда экен.

«Көк бөрү» жакындап ызы-чуу болуп кирип келгенинен шашып, башын чечип гана ыргып минип, өкүрөңдөтүп жөнөдүм. Бир убакта аркан түгөнгөндө

---

[1] Жыргаганынан деген сөз

эле уй оңкосунан кетти. Мен да жыгылдым. Бирок, жаргак шымдын кайыш ычкыры мүйүзүнө илинип калып, уй үркүп тегеренип жүрөт. Мен ылдый карап оңоло албай жүрөм. Аңгыча эл келди, уй ээси да келди, көпчүлүк уйдан мени араң бошотуп алышты. Шыйкынбай уста:

– Уюмдун жүрөгү түшүп калды, муну кандай кыласыңар, көпчүлүк? – деди.

Улак тарткан эл келди.

Эми сөз Арзыбайдан:

– Э, Маркабай, мынабу иреңи суук итиңди тыйбайсыңбы? Айтбайдын тоюнан эт уурдап, Шыйкынбайдын уюн уурдаган экен, сүзүптүр. Мунуң өлбөйт да экен. Мүйүзүнө ычкыры илинип калыптыр, «уюмдун жүрөгү түштү» деп, Шыйкынбай чыр кылып жатат, кантесиң?

Маркабай Арзыбайды карап:

– Аксакал, мен анын акылын табайын. Бул желмогуздун кылбаганы жок.

– Арзике, жайында шеринеден бышкан баштын эки жаагын көтөрүп бара жатканын кармап алып калганбыз. Бул курусун, илинер эчтекеси жок. Бир гана карындашы бар, ошого бир жерден орун табалы. Сиздердикин өзүм билем. Арзике, силердин оюңардан чыгып кетсем, атанын арбагына кой.

– Болду балам, болду, өзүң бил, – деди ал киши.

Ал оңбогондор ошону да аткарышты...

## БАКШЫ КЕЛДИ

Тоокенин келини ажына болуп калды. Келин тилин чайнап, оозунан кан кетип турат. Бакшы Сарбаш көзү ачык: чөк түшүп, бир чыны суу алып, бир темирди отко кызартып, келиндин оозуна темирди басмак болду. «Көзү ачык» деп, эл тамшанат. Бакшы колуна бычак, камчы алып күрүлдөй баштады:

Ээ-ээ-й, ээй-ээй! эй!
Бисмылла сөздөн баштайын да,
Шайтандын жолун таштайын.
Суу башында Сулайман да,
Суу аягы Түркистан,
Чын олуя болсоң, колдочу!
Сыдыра бүткөн талы бар да,
Сызып аккан суусу бар.
Чын олуя болсоң колдочу!
Карагаты бармактай да,
Жалбырагы жаргактай
Чын олуя болсоң колдочу!
Сайы, суулары сайын олуя,
Чын олуя болсоң, колдочу!
Сулуу кара ат мингендер,
Суу жакалап жүргөндөр,
Ажыдаар мингендер,
Асманда учуп жүргөндөр
Чын олуя болсоң, колдочу!
Он эки кулач кер тайган,
Кереге түбүн жойлочу,
Түк эчтеме койбочу!
Колунда алтын аса бар,
Колунда алтын китеп бар,
Чын олуя болсоң, колдочу!
Азирети кызыр, азирети, –

деп, көрүп тургансып асманга карап кыйкырат:

Пери келет жаркылдап,
Ай тийгендей жаркылдап.
Күн тийгендей жаркылдап.

Мына ошентип, бакшы келиндин үстүнөн аркы-теркиси секирди. Отко Темир кызытып, келиндин оозун тамагына чейин күйгүздү. Келиндин оозу ирип-ирип түштү.

Анда бакшы:

– Камсыз болду, – дейт.

Бакшыга жакшы тон берди. «Көзү ачык» бир козу алды да кетти. Үч күн өткөндөн кийин келин өлдү.

Эй караңгылык чиркин дүйнө, эмнелерге гана далбасалатпадың эле?

Соо киши токмок көтөрбөйт.

Тепки жесе, оору айыгат имишпи? Алкымынан бери күйгүзүп өлтүрдү. Эски заманда мындан да жаман иштер көп эле.

## КЫЗ ОЮНДАРЫНДА

Ошол кезде күйөө келсе, оюн болот. Келин-кыз бир бөлөк, боз балдар бир бөлөк. Жигиттер ырдаса, келиндер: «Тетигинин ырдаганын карачы, бир жерге карап турбаганын карачы. Бетин бери жакка тосуп, тиги биздин кызды кошуп, деги эле дыңылдатып келет, мээнетинди алайын» дешет. Анда жигиттер:

Жогорку тоонун оой башынан,
Жору айланып кеткен жок.
Жогортон сулуу көп көрдүм,
Жоругу сага жеткен жок.

Карарган тоонун оой башынан.
Карга айланып кеткен жок.
Казактан сулуу көп көрдүм,
Кадыры сага жеткен жок.

Кур оюн кыз оюндан ушуну үйрөндүм, ырдайын десем жол жок.

Бирок, мен да жөн турбай, анда-санда «Салаваты жаназа!» деп зиңилдетип коём.

«Жаагың сынгыр, оюнга келип, өлгөндү айтат» деп кууп чыгышты.

Ошол кезде менин көркүм – көзүм араң эле көрүнөт. Кабак бийик, жуулбайт. Мурун мол, көз шор, үстүмдө жаргак шым, жаман тон. Карасам, шымдан саным, тондон далым чыгат. «Оймоктой» чокоюм бар, жылуулап жамбашынан баскам. Башымда күр

койдун терисин карматкан, өрө кийиз тыштаткан тебетейим бар. Чекеге кийип коём.

Өгөй энем карындашым Ырысбүбүнү дайым тээп ойготот. Кыз оюнга жибербейт. Энемди алган Маркабай «кой» дебейт.

А кыз оюнга катышкан менчи? Кой кайтарып жүрүп текенин тилин билип алгамын.

Кээде бакылдап, кээде жакындап калам. Анда кээ бирөө түртүп, кээ бирөө үркүп, кээ бирөө тээп жиберет, четтеп калам.

## НАМАЗ

Кечке маал аксакал Сопу киши намазга кирди.

Ал Сопубек деген кары киши эле. Бир буту сынык, жашы далай кишиден улук. Олтуруп-туруп, курандын тилин алып куруп, кечке маал жайдын күнү намазга кирди:

– Аллоо акпар, аллоо акпар.

Эй, ак, Тарсылдайт. Ат казыкка чалынып калганбы?

– Аллоо акпар, Аллоо акпар...

Жанаякты таппай жүрсөм жүктүн бурчунда тура.

– Аллоо акпар. Аллоо акпар.

Муну кара, эшикти аңылдатпай түшүрүп койбойбу?

– Алхамдулиллай-рапилаламин.

Самиаллоу Дербишаалы, Шабдааналы, аллоо акпар.

– Музоону кыска байлабайбы, ууктун боосун чайнап койду.

– Ий, белим ий!

– Байбиче, баягы көрпөнү бербей эле кой! Ай, сеники өлөт ав... Кудай эптеп эки-үч ооз ыйманыңы бекитип... И-ий белиң менен соол, атаңын отчайын! – деп бутун кармап жерге уруп. – Ушул бутту ушул жеринен кессе сооп табар эле.

– Бысмылла алалакым. Байбиче, баягы карындагыдан бирдеме калганбы?

– Эткерден бухсарам, эткерден ит байла, аллоо акпар. Байбиче ээй, аркы айылдан чуу чыгабы?

Ий белим... ий белим... Намаз жарыктык тура турар, мен эшикке чыгып бир түзгө олтуруп келбесем болор эмес.

Мына ошентип, илгерки молдолор намаз окуп жатышса да: «Ээ кемпир, аркы айылдан чуу чыгабы?» деп сурагандары болор эле. Эмне үчүн антет десе, «намаз окуп жатып дооронунан кур каламбы?» деп ойлочу тура.

Туугандар, муну кыймылы менен өзүндөй айтсаңар маани бар, антпесе, анчалык кызыгы жок.

## КУРАН

Эл үркө электе динчил болом деп ойлончумун, себеби, молдолор, кожолор, сопулар, ажылар дайым бекер тамак ичишет. Ошон үчүн мен кызыгам.

Ошол кезде, айылда бир шуру мандай аял бар эле. Оолжуп сүйлөгөн, каарып эрин бийлеген, соорусунда табактай уштук щаркылдаган, шар сүйлөп, улуукичүүдөн тартынбаган. Ошол аял бир күнү айтып калды:

– Ой, биздин үйдөгү! Өкүл атамдын атасынын ашы болот экен, кабар берип кетти, барабызбы?

– Менин колум бошобойт, өзүң бар. Шаршенди кумганчы кылып ала бар, – деди.

Күздүн күнү. Ашка келдик. Ошол айылдын шарты ушундай экен. Аш ээсинин үйүндө аялдар олтурат экен, башка көтөргөн үйдө эркектер олтурат экен. Мен ат багып гана четте олтурам. Бир убакта, тамак ичер кезде, кожоюн аял:

– Эй, жанагы менин ат кошчумду чакыр – деди.

Келдим. Үйдүн ичи менен бир аял. Тамак алып келди.

– Ой, Шаршен, сен напсиң жаман эме элең, оокатка тойбой калба, этти туура, – деди.

Туурап жатам.

– Ой Салыйка, мунун туураганы кандай?

– Жеңе, кандай туурайын?

– Куш тил кылып туура, – деди.

– Жеңе, куш тили кыла албайм, бөрү тил, уй тил кылып туурайм, – десем, бир кара тору аял:

– Келе бычакты – деп, табакты өз жагына тартып алып, үбөлөнтө баштады. Көп аял мени карап калышты. Адамдыгым жарым болгонсуп калдым. Аңгыча бир аял:

– Ой, эшиктен бир эркек чакыргыла! Келип куран окусун, – деди.

Мен ойлодум, саал чочуй түштүм. «Аялдар менен бир тамак ичсем эле, аял боло түшөмбү? Эшиктен эркек чакыр дейт. Молдо чакыр десе боло... Оору жугат дечү эле, мага бир неме жуктубу?!» Кыймылдасам соо эле экемин. «Курандын маанисин ушул эл деле, мен деле билбеймин. Куранды согоюн да коёюн» деп, куранга кире баштадым:

Ааузу билах мина шайтан иражим.
Бисмилла ирахман иррахим.
А, дегенде өлмөк, ага-иниси чогулуп көммөк.
Кырк ашында кыркыратта.
Өз жакындары башында нажир...
Чоң ашында чогулушуп,
Сөөк тамыры башында пажир...
Тай жетелеп келсе,
табагында этинен майы арбын.
Майынан эти арбын.
Пажир торпок жетелеп келсе умму,
Өтө тоюп кетет ум;
Куру эле келгендер кубарып эшикте жүрөт
ум пажир
Аштын тамагы ум...

Аңгыча колду жая баштадым. Кожоюн аял «кой»

деп чыканагы менен койгулап жатат «болду» деп, мен болбой койдум, алаканды жайып, оозумду кыймылдата бердим. Бата кылдык. Бул куранды чоң молдодой мурдумду киңилдете окудум, эл ишенди. Кожоюнум Салыйка кол жуубай эле:

– Баланы көтөр, – деп калды.

Түн ичинде эшикке чыксак, мени кежигеге муштады.

– Өлүгүңдү көрөйүн, сени качан куран оку дедик.

– Мен аял белем? Молдо чакыр дебей, эркек чакыр дейсиңер?

– Ой кураныңа келгир. Кураныңдын баары билинип турду, байкаган кишиге билинип турат экен. Куду молдонун өзүндөй кылып окудуң. Жанагы «өлмөк, ага-иниси чогулуп көммөк» деген жерлери билинип турду. Күлкүм келет, элден уялып, эрдимди тиштеп араң олтурдум, мунун убалы кимге?

Мени кежигеге бир муштады. Башым шылк дей түштү тилими тиштеп алдым. Мен айттым:

– Убал болгондой эмне, мен өлгөн кишини оодара кеттимби? Тамагын бекер жегенибиз жок. Сиз да бир мал алып келдиңиз, – дедим. Анда аял:

– Ой, өлүксүз, ушул кураныңды айылга айтып барам. – деди.

Мурунку динчилердин иши ушундан артык эмес эле. Доорондун иши, жаназа, куран түшүрүү деген ушундай эле жок немеге караңгы элди алдап алуу болучу.

## ТҮТҮН ЭСЕБИНЕ КОШУЛУУ

Мындайча эл катарына кошулбаса да, салык келгенде «жакшылар» Шаршенди да эстен чыгарбайт.

1. Водит, 2. Земский, 3. Чөп ооз, 4. Чыгым, 5. Журтчулук, 6. Кара кашка, 7. Сыяздыкы, 8. Бийлик, 9. Союш. 10. Салык.

Мына ушулар келди. Ар кимиси бир каралык, Шаршен кантип төлөсүн? Бирок, карындашыма кардар көбөйдү. Карындашым Ырысбүбү 8 жашта, иним Бейшен 6 жашта. Экөө тең адам болуп калды деп кубат кылам. Карындашымды ар ким токолдукка бер дешет. Намаз окугандар деле ушуну айтат.

Мен аны деле ойлобойм.

Ошол убакта менин душманым төртөө болду. Болуш Баба, бий Шадыкан, ыстарчын Темирбек, айыл жакшысы Маркабай. Булар, мен эки жетимди бага албай жүрсөм, мага чыгым салышат. «Алыш оңдоо, жол оңдоо, чегиртке кырыш» дешип, таманымды жерге тийгизишпечү эле.

## СЫР

Туугандар! Менин бир сырым бар, силерге айтып берейин. Шайыр Шаршендин жалгыз таянганы мөлтүрөгөн өңү-түсүбү, же өңгө да иши барбы деп ойлоорсуңар. Бирок менин өңгө да ишим бар. Ишимдин мааниси: 4-5 кызматтагы адаммын. А дегенде Алматыга бардым. Овулной посевком болуп келдим. Посевком болгон киши кээде он үйдүн, кээде бир чоң үйдүн, кээде жети үйдүн, кээде эки гана үйдүн үстүнөн карайт экен. Ошентип, а дегенде овулной посевком болдум. Андан кийин Ташкенге бардым, тамак кыдырып ичкич болуп келдим. Андан кийин айылга кыдырма сот келди, кетер кеткиче кумганчы болдум. Андан кийин өзүбүздүн үйгө исполком болдум, үйдө чыр жокто, жалгыз гана өзүм билер элем. Бирок, чыр чыкканда чыга качып кетер элем.

Кыштын күнү көңдүн, чөптүн үстүнөн түшкөн жан эмесмин. Түтүн уулап гана отурар элем. Андан кийин болуштун агасы болуп калыпмын. 16 бала жоро ичип менин инимди болуш шайлап коюптур. Иним болсо бозонун болушу, мен болуштун агасы болсом деп, мында дагы бир көтөрүлүп жүрдүм.

Туугандар! Силерден кантип жашырайын, андан кийин бир жылы жазында агабыз корукчу болду. Кээде музоолорду акактатып айдап келет, артынан аялдар кошо келет. «Колхозубуз бир, акча алышмак белек, айрандын каймагы болсо дапдаяр, өзүң келбесең да, иниңди жиберип турсаң болбойбу» деп кетишет. Анан кантейин, мында дагы көтөрүлүп жүрдүм. Ошентип 4-5 кызматтагы адаммын.

Бир жылы эл согумун союп жатат. Мурдагы жылы өлүп кетти, Телтай деген агаларыбыз болор эле. Эки үйлүү киши ары издеп, бери издеп жүрүп, ургаачы семиз байталдай болгон улак таап келдим. Бир малдын ургаачысы кайсы, эркеги кайсы деп, көзүнө карабастан көтөрүп урдук. Кара ойлогондун кереги жок деп, калыс бөлдүрдүм. Тең этин Телтайдыкы алды, тең этин биз алдык. Бирок, менин чөбүм жок эле, үч жилигине беде сатып алдым, айыл-апага ооз тийгиздик жана сураган-тилеген болот экен, калганын чыпчыргасын коротпой туздап, сүрсүтүп койдук. Ошону менен кыштан чыктык. Жаз болуп калды. Эл соко чыгарып жатат. Мен аялыма айттым:

– Ээ, кайнатамдын кызы, биз дагы бүгүн соко чыгаралык эскини каксак бир немең калды беле? – десем, «эчтеме жок» дейт.

– Чыгданды мындай аччы!

– Эчтеме жок.

– Каптын түбүндө бирдеме барбы?

– Эчтеме жок.

Андан кийинки жылы бирөөдөн уктум, уйдун этинин сүрсүгөнү абдан күчтүү болот деп. Биздикинде бир жээрде кашка бука болор эле. Жайлата чөмөлө тарткан, эңкейиште шалаң кесип такымын кызарткан, тааныш кишилер айдап барып туз тарткан, суу жокто кыштын күнү ыраак жерден муз арткан, көгөн талап көзүнүн тегерегин кызарткан, көкүрөк терисин узарткан. Ошол жээрде кашка бука соё электе эле сүрсүгөнсүп калган экен. Алып келип көтөрүп урдум.

Конок келет, эт салып берем, таң атканча кыңылдашып чыгат, өзүм жесем да кыңылдап чыгам. Ырас эле уйдун этинин тирүүлөй сүрсүгөнү абдан күчтүү болот экен, туугандар!

Андан кийинки жылы, жээкте бастырып бара жатсам, дүмүрдүн астында бөдөнө жаткан экен, басып алдым. Ургаачы семиз байталдай болгон бөдөнө экен. Өмүрүмчө узак согум байлап соё элек элем, ошол бөдөнөнү согумга күз башынан, кыштын капортосуна чейин байладым.

Эл согум соё баштады. Мен «кайнатамдын кызына» согум соёлу деп акылдашсам, «жок, болбойт» дейт.

– Эмне үчүн?

– Күнгө орой эмес; бүгүн бейшемби, беш күндө шейшемби болот экен, ошондо соёлук – деди.

«Ырас болот экен» деп отун алып, суу алып, пияз, мурч алып, туз алып камынып калдык.

Эртең шейшемби. Ошол түнү эрге, түндөп туруп согумду соёлук десем, кара көздү кашайтып согумду мышык жеп кетиптир. Мына оозунан алдырган бөрү деген ушул экен, туугандар.

Мен сыйлашканыңа да бармын. Мени ким сыйласа, мен да ошону сыйлайм. Айрыкча, мени аялым жакшы сыйлайт. Мен дагы аны абдан сыйлайм, сыйлагандыгыбыз ушул, дайыма эле мени тергейт. Мен дагы, бу тергегенден кийин деп, «ээ кайнатамдын кызы, биздин үйдөгү» деп жиберем. «Ыйаа!» деп жиберет. Аны мен «секет кетейиним ий» деп жиберемин. Ал дагы мени үйдө жүрсөм да, эшикте жүрсөм да, «ээ, мурду кенен эме, ээ мурду кенен эме», деп келет. Мен «ыя!» деп жиберем. Ошентип, сыйлашканыңа да бармын.

Менин мөлтүрөп өңүм, түсүм жакшы. Өзгөчө күчүм жакшы. Мурдум болсо кенен, сүйлөйүн десем азыраак сөзүм белен. Сүйгөн жерге келем, сүйсө сөзүмдү айтып берем. Эсим жок болгону менен, акы-

лым тереӊ, көрүнгөн киши «момун экен го» деген, бир жегенде төрт жарым бөлкө, же төрт бөлкөнү бир жолу жеген. Ошентип, тамак жагына жокмун. Арманым ушул туугандар.

Менин туугандарым эртеден кечке ичип, жеп эле тойбой жатышат. Кандай неме ошондой соргок болорун билбеймин. Менин абдан курсагым ачканда ичерим: арпа жармадан алты жарым аяк, конок көжөдөн жети аяк, кээде жети жарым. Кээде жети аяк, ичип жиберем. Нанга деле ошондоймун.

Боорсок менен казанга жапкан нанды болжой элекмин, көмөч казан деген нандан же төрттү, же төрт жарымды араӊ түгөтөм. Жалгыз гана арманым ушул, тамак жагына гана начармын. Мени өзүбүздүн эл абдан жактырат.

«Шаршен абдан күчтүү» деп калышат. Күчүмдүн жөнүн айтып берейин: ашта-тойдо, топко дайым балбанга түшүүчү элем. Кудайдын берген бактысыбы? Барсам эле ыргытам. Бирок ыгын ала албагандыгымбы, астында калып каламын, жакшы эле көтөрүп ыргытып жиберемин, көмкөрөмдөн түшүп кетип көмөлөнүп каламын. Жакшы эле чалып туруп ыргытып жибемин, көмкөрөмдөн түшүп кетип, астында калып каламын. Жакшы эле чалып ыргытып жиберемин, чалкамдан түшүп кетип эле, астында калып каламын. Ошентип, менин күчүм да абдан жакшы, туугандар!

Дагы мени туугандарым абдан жактырат, жактыргандыгы ушул мени «саяпкер» деп калышат. Саяпкердигимдин жөнүн айтып берейин. Кандай кулун арка айгыр минсем дагы, бир жумада төрт жеринен же төрт жарым жеринен жоор чыгарып жиберемин. Элдин аты түлөгөндө, ары жагынан жүнү чыгып жылтырап түлөйт экен. Менин атым кыпкызыл кырчаӊгы болуп, кыштын күнү шылкылдап түлөйт. Жулунуп, тамга бакка урунуп, шыйпанып, суйсалып кызыл эт болуп кылчылдап түлөйт. Менин

атым жолго чыкканда мүдүрүлсө, турбай калып, баткактуу жер болсо башы астында калып, башынан арыраак эң астында мен калып кээде жөө жетелей коюп, ошентип түлөтөмүн.

Бул сырдын эмне мааниси бар? Кээ бир активдердин уяты жок, кара ниеттүүлөрү бар, кызмат унааларды жанагы мендей кылып эң эле оорутуп, арка-башын жоорутуп, эки көзүн жалдыратып, сөөгүн шалдыратып, эң жаман алсыратып баккандар да бар экен.

Эми мындан ары карата жумушчу малдарга башкармалар жакшылап көз салып, мен өңдөнүп кызматкер аттарды жаман багуучулар жоюлсун.

## КУТУЛДУК

Туугандар, ыр эмес, жомок эмес, көргөнүм. Бала кезде атам менен шаарга келдим. Мурун ушул сынтыр Фрунзеге элет кыргыз эли «калаага барабыз, Пишпекке барабыз» деп жөнөр эле. Ошол кезде менин атам Термечик жалгыз аттуу киши экен. Атын таштап, Төрөкелди балбан дегендин өгүзүн сурап, ошого мени учкаштырып, базарга келе жатабыз.

– Ой, ата, ат менен эмне келбедик?

– Балам, ат менен келгенде кедей киши калаага барбай эле балаага баргандай болот. Себеби балам, «кызыл ала кийгенден сактан, жанында кылычы бардан сактан, аңтара тебетейлүүдөн сактан» дейт. Аңтара тебетейлүү деп, ак эшиктин жигити, приставдын жигити, узун мурут Ийса сары кулак, ушунун кимиси, кимисинин жасоол экендигин билбеймин, бирок балам, ушунун кимиси болсо да, бизге окшогондун атын уруп туруп жыгып минет, жакшы кыялы кармаса акча алып, бир жумадан кийин берет. Жок, жаман кыялы кармаса, ошо бойдон сиңирип да кетет. Балам өгүздүн дагы бир балаасы бар. Мурдундагы чүлүгүн алып койбосок, төрөлөр көрсө биздин мурдубузду кесип алат.

Аңгыча шаардын четинде уй баккан кедейлер көрүндү, таманында талдын кабыгынан кылган чокой «Аа» деп колун тосот, кайыр сурайт. Андан өттүк.

Жайдын күнү. Аңгыча арттан кыйкырык. Жоон топ атчан киши биринин тебетейин бири ала качып, ойноп келе жаткандар...

– Ата, булар эмне атчан келе жатат?

– Балам, булар болуш, бий, старчын жана байлар. Жанакы мен айткан жасоол буларга тийбейт.

Шаарды араладык. Али да элестеп, көзүмө көрүнүп турат.

Баткак көчөсү. Кара бактын бурчу, эски борбордун күн чыгыш жагы кичине булакча көл эле, бир топ камыш бар эле мына бул бурчта.

Обалкандын сарайы деген сарай болчу. Ошол сарайда жабуучан, үртүктөлүү үкү таккан, мойнунда тумар, бул аттарга эч ким тийбейт. Сарайдын астында самоор. Керебетте тишинин баары түшкөн семиз аксакал киши олтурат. Эки жагында эки киши чымынын коруп олтурат. Бул киши «Өзүбек бай» дешти. Он теше жер, быкпырдай кою бар, жылкысы үч өзөндө дейт. Аңгыча сарайдан бир топ киши чыгып келди.

– Ой, бай, сиздин чыгымыңызды салдык түтүнгө, азырынча он тыйындан сиздики. Болуш, бий старчын булардыкын бир сыйрасын эсеп кылсак, түтүнгө бир асыйдан боло турган. Аны эми бир келгенде салабыз. Кандай?

– Ой, бүгүндөн баштап жыйгыла!

– Макул...

Ошол кезде тамдын түбүндө, көлөкөдө коондун кабыгын кемирип олтурган кедейлер, жалаң тонду эттерине кийип, көйнөк жок, сыртынан кийиз кур менен курчангандар.

– Ой, тигинде мал менен Өзүбек элге чыгым салдырып жатат. Кудай, ушулардын көзүнө бир көр топурак түшүрөр күнүң болор бекен?

Калаадан кайттык. Шаардын четине жакындаганда эки ийнинде чини бар эки солдат кармады. Атамдын колундагы камчысын тартып алып, көйнөкчөн кишини шыпылдата сабап калды эле, өгүздөн түшө качты. Аңгыча чоң машкеси бар экен, ышкырып айдактады.

Өгүз качып жөнөдү. Камчыны алып калды. Атам карыган киши:

– А кудай, ак сарбашыл... а кудай, баабединге жети нан. Мындан кийин келбесмин...

Мурун бай заманы барында ушул шаар кедейге кара түн эле. Келсе соо келбейт, оюна жетпейт, жана да ошол кезде базарлап келген жөө кедейде дагы бир коркунуч: жанында палица бар бийлер, болуштар, уйгур, казак ар улуттун жалгыз жарым кедейлерин жыйнап алып, жол оңдоо, чегиртке кыруу үчүн айдап барар эле. Буларга жалгыз тыйын жардам жок, ачка. Бут шишип, ооруп калган кедейлерди аттын өмгөгүнө салып сабоо, кедейдин башы жарылуу, бети айрылуу күн санап болуп турар эле.

Айыл арасында күнүгө жыйын.

– Эмне?

– Баягы Аттокур жол оңдогондо ачкамын деп качып келиптир. Ушуга убал жок, зайыбынын башын ачыш керек.

Аялы ыйлайт:

– Балам кантет, айланайын журт?

Анда Көңдөй деген бий:

– Ээй, бала белде, катын жолдо, мындай уялбаган жүзү каранын чачын кыркып, аттын куйругуна сүйрөт!

Сасыке, ыстарчын араң олтурган Аттокурду тепкилей башташты. Кой деген жан жок. Аялынын башын ачып, «мынча чыгымы бар, мынча карызы бар» деп, Аттокурду аялынан айырды. Аттокурдан үч жашар баласы бар. Аялы аркасына көтөрүп, Ак Чийде эжеси бар экен, ошону көздөй жөнөдү. Башы

челектей шишип көөп, Аттокур аз күндөн кийин өлдү.

Туугандар, ушуну эстесем, көзүмө супсур болуп көрүнүп турат. Бул Аттокур өңдөнгөн ар улутта болгон. Зулум бай, манап, Николай заманы барында кыйла адам кыйналып, кыргын тарткан эле.

Ошо кезде ким балбан? Аялдар балбан эле. Кутуке молдо деген байдын Күлүмкан, Зейне, Алымбүбү, Жийде аттуу төрт аялы болор эле. Түштө бирөөнү сабайт, атчан кууп жүрүп урат. Аялдын жазыгы «акырын басса, бутуң тушалуубу» дээр эле. Бекем басса «бирөө кууп келе жатабы» дээр эле. Тигил айылдан бул айылга, бул айылдан тигил айылга кууп урганда, жолдон киши арачаласа, аны да сабайт:

– Мен малымды урамын. Сенин не акың бар?

Молдо сопу көрсө «аял таяк жесе, тозокко күйбөйт» дээр эле.

Биз ушулардан кутулдук.

## АХОТНИК[1]

Туугандар, мени кээ бир туугандарым билбейт; билсе сүйбөйт, күбүрөп тилдейт, себеби мен ахотник жактан атагым чыга баштады.

Адегенде, сүмбөттөп, өзүбүздүн короодон тостуруп туруп, эки тоок аттым. Чыны короодогулар жана үй-бүлөм, балдарым: «тоокту койгун, тоодогу эчки теке уйдай болот, эптеп тосуп берсе аны койбойт» деп айтышты. Жолдон тоодон табылар деп, жалгыз жөнөөгө катуу камданып калдым, көргөндөр таң калып калды. Текенин терисин сала турган мүшөк алдым, этин сала турган эки үкөк алдым. Этке себээр туз алдым, кулжа атсам, кууруп согормун деп мурч алдым. Кыскасы жөнөдүм.

А дегенде Пишпек стансасына бардым. Эч жерде элик жок. Андан таппай, мясокомбинатка бардым.

[1] Ахотник – «Охотник» – мерген

Элик жок, кийик бар экен, кийик бийикте болот дечү эле деп карасам, ырас бактын бутагында тамдын үстү жагында. Түз жерге түшпөйт, кантип атам? Жолум болбоду.

Андан тоого бет алдым. Күздүн күнү эле. Кант заводунун үстү жагы. Кызылча казган аялдар. О кызылчанын аягында жалгыз араба, арабанын жанында о чиркин көк карышкыр комдонуп жатат. Акырын абайлап, атты байлап, ыңтайлап жөнөдүм. Жуп жетип атайын деп жатсам, артымдан бир аял жакамдан сыга кармап туруп, мылтыгымды тартып алды:

– Жиндисиңби?

– Жок, ахотникмин.

– Ахотник болсоң тоого бар. Арабага байланган итти атасыңбы? Ат кимдики?

– Колхоздуку.

– Кана план толтургансыңбы?

– Жок, мындан мурун ахотникке чыга элек элем.

– Кайта өтөрүңдө тие кет.

– Макул, – деп араң андан кутулдум.

Мына туугандар, эгер жанагы байланган карышкыр болсо атат элем. Кантейин, андан ары «Ала-Мүдүн» деген тоого бардым. Оо чиркин, не бир текелер мүйүзү каркайган, арыштап алыстан качат, астынан тоскон киши жок. Кантем?

Андан Шамшыга бардым. О чиркин, бугусу, кулжасы боордо түз жердей чуркайт, токтобойт. Тоскон киши жок, кантейин...

## БАЛА СООРОТУУ

Туугандар, аялдардын эки түрдүү бала багып соороткону: кээ бир аял баласын көтөрүп алып, айылчылаганды жакшы көрөт, туралбайт чыдап, айыл десе уктабай чыгат. Күнүгө бара берип, баласы менен барган үйү да жадап, кечке айылчылап, кээде күн батарда, кээде эл жатарда үйүнө келет.

Кыркы чыга элек баланы кыңылдатып койнуна салып алып, кыштын күнү айылга кетип бара жатканда, алдынан тааныш киши жолугуп учурашса, айда жооп жок, өзү токтоп калат. Баласы ыйлап чырылдады. «Балаң биттедиби?» деп сураса, анда жооп жок, өзүнчө эле сүйлөп: «Битикесинен ананайын, кичинекей чүтүкөсүнөн ананайын».

Баласы ыйлап турат, энеси мурдунан кармап чымчып, оозунан өөп: «бай-бай-бай» деп селкилдетет. Жолуккан киши «балаңдын кыркы чыктыбы» десе, анда жооп жок. «Кыкысынан анайын, кичинекей быкысынан ананайын, кичинекей чүтүк байынан... Ува-ува-ува» деп, мурдунан чымчып, анан өз сөөмөйүнүн учунан өпкүлөйт.

Баланы селкилдетип коёт, ага кайдан болот? Баласы ыйлап жатып тердейт, же эмчегин бербейт. Энеси өзүнчө сүйлөп: «бүгүн ыйлап эле калыптыр, мени кыйнап эле калыптыр. Таякесине барып, такыя саттырып берсемби, же таятасына айтып тай энчилетип берсемби? Ушундан ары ошол жакка барып келсемби? Бай-бай» деп, селкилдетет. Ага бала сооронбойт. Дагы өзүнчө сүйлөп: «көп ыйлаган баланы өкмөт алат дейт, алып барып ак шейшепке ороп, керебетке салат дейт. Буламык жасап берет дейт. Күнүгө догдурлар көрөт дейт. Мен аларга бербеймин, өзүм эле багам, айланайын балам. Сени берип мен кантип калам? Мен сендей баланы кайдан табам? Мен өзүм эле багам. Бай-бай...» деп селкилдетет, ага баласы болбойт, ыйлайт. Көп ыйласа тилдейт, өкмөт энесинен артык багарын билбейт.

А кээ бир аял үйүнөн чыкпайт, баласын багып, өз кара жанын сыйлайт, жок болсо, алган эрин кыйнайт, эрине айтып кант, набатты алдырып алат. Майга он килодой унду кууруп салат. Чоң чоюн кашыкка канттан салып, өзү тойгондой буламыкты кылып алат, баласына берген болуп, а дегенде сөөмөйү менен илип оозуна салат. Үчтүн экөөн өзү

жутуп, бирин баласынын оозуна салат. Чоң чоюн кашыктагы буламыкты такыр жеп болуп, баласы кекирсе, «аш бол» дейт. Өзү кекирип, «өзүмдүкү да аш болсун» деп коёт. Ошентип, буламыкка күнүгө эки үч маал тоёт. «Баланын буламыкка салчу таттуусу түгөндү, таттуусу жок тамак ичпейт. Базарга барып, таттуу алып кел, же барган кишиден акча бер» деп турат, барбай калса, канты түгөнүп калса айкырып сүйлөп алаамат кылат. Казан-аякты калдыратып, көнөкчелекти шалдыратат. Айтканын алып берсең көңүлү ачылып, жарпы жазылып турат. Орундабай калса, кулагыңдын кужурун алып, «элдин эркектериндей эп таппайсың, менин маңдайымда олтуруп чалчактайсың, эркек каздай талтактайсың, же мал таппайсың, канткенде жан сактайсың?» деп, баласын чымчып ыйлатып, тили менен бадырак кууруп турат.

«Жесе балаң жеп жатат, мен жеп түгөткөндөй көрөсүң го? Мен жесем, эмчектен барат. Эмчектен сүт барбаса, бала кайдан багылат?» деп турат. Муну эри угат. Эмне айтса моюн сунат. Мына ошентип, баланын аркасы менен жанын багат. Мунун баарын эри табат.

## ИЛГЕРКИ САПАР

Менин айтарым, быйыл 1939-жыл экен. Ушул жылы Маскөөгө сапар жүрдүк. Кыргызстандын искусствосу жана шайырлары.

Илгери ушундай сапар жүрсө ат ыргайдай, адам торгойдой, ат далысы тешилип, адам эрди кесилип, ат ташыркап, адам ар нерселерден жатыркап, атына жем иле албай, адамы күнү-түн демин албай, эртең менен жылытмалап, кечке маал ысытмалап, ат жонунан ээр түшпөй, токумдугу кычыткылап, конгон үйдө салынар, жамынары жок таң атканча үшүп чыгышчу.

Мына, илгерки сапар ушундай эле.

## МЕН ЭМНЕ УДАРНИК БОЛБОЙМ?

Туугандар, мен эмне ударник болбойм? Быйыл окуганыма үч гана жыл болду. Эки жылдын ичинде отуз тамганы бүт тааныдым, үчүнчү жылы биринчи класска өттүм. Мына, быйыл артымды бышырайын деп, жарымынчыга түштүм. Анда да ударник болбойм.

Жазуума да баа бербейт. «А» деген тамгам аяккаптай боло түшөт, «Ш» деген тамга куду эле темир айрыдай боло түшөт. «Д» деген тамгаларым как чайнектей боло түшөт – мында да ударник болбойм. Мугалим өзү айтат: «мээңди сергит» деп. Мээмди деле сергитип жатам, бир сутка жыйырма төрт саат болсо, мен жыйырма беш саат уктап көрдүм.

Мугалимдин ушул сөзү катуу тиет:

– Өзүңдөн кийинкиге жетпейсиң, такыр сабакка көңүлүң жок четтейсиң. Дайым эле «талкушкадан» кетпейсиң, критикелесе кектейсиң, – дейт.

Анысы ырас, бирок «талкушкага» тамак үчүн барам, тааныштарым алып берет, арак үчүн барам. Мен бой көтөрбөймүн. Өзүбүздүн үстөл эмес, башка үстөлдө арткан арак болсо, аны да согом.

Анда да ударник болбойм.

Өткөн өктябрде эс алам деп, элге бардым. Шайлоо үчүн «жобо окуйбуз» деди.

Бирөө айтты: шаардан келген Шаршен үйрөтсүн, – деди. Мен, жолдоштор, иши кылып жобону колхоздон үйрөнүп келдим. Мында да ударник болбойм...

## ЖАҢЫЛЫШТАРЫМ

29-жылы колхоздун малчысы болдум. Жайлоодон бир күнү бир тууганым мени «жалкоосуң» деп сөгөт. Мен да ачууланып тилдедим:

– Жалкоо киши жайлоодо жүрөбү, жакшы атты тандап минеби? Эт жокто «кулап кетти» деп семиз

уйларды тундура коёбу? Семиз койлорду бутун таш кулап кетти деп сындыра коёбу? Кана, мен сага жалкоомунбу, я деп, катуу сүйлөймүн деп тилими тиштеп алдым. Мына, биринчи жаңылганым!

Ал кездерде ойлочумун: «аа, кудай, бере көр – аябай бер, бирок, кудай, кыргызга бер. Оруска, өзбекке, татарга, мына ушул сыяктуу башкаларга бербе. Кудай! Кыргызга бер, бирок кыргыз ичинде солтого бер, солто ичинде күнтуага бер, күнтуу ичинде жалгыз өзүмө бер!»

Мына, экинчи жаңылганым!

## УКТАТПАЙТ

Мурунураак-мурунураак, 1925-жылдарда айылда жүргөнүмдө, анча-мынча ыр билүүчү элем. Көп ырдайын десем ырым аз, мен да ойлодум «катын алып туруп, ырды арбытайыи» деп, катын издей баштадым.

Бир күнү Макубек деген бир аялга кезигип калдым.

Ал аял баскан турганы сонун, бою көзгө толум, кийими кооз форум. «Ушул мага тиер бекен, сүй десем сүйөр бекен, сүйөр бекен?» деп ойлоп, кеп салдым:

– Кана, мен сизди сүйдүм. Кааласаң, мага тийгин.

– Макул барайын, тилиңди алайын. Мага анча асылып калдыңыз, барбасам тилегим аяздай катсын. Эгерде сиз албасаңыз, эмне болосуз? – деди. Сүйүнүп кетип:

– Албасам эле, төөнүн төрт тамана алкымыма кирсин – деп жибердим.

Алайын десем алым жетпейт, байлап бергенге малым жетпейт. Бар болгон эле малым саан кара ала айгыр, бычылган бээ, бооз тору ат, сары тору моюнча, кара кер кунаажын, сур кашка бука, андан башка мал жок.

Албайын десем, төөнүн тамана уктатпайт.

## АЯЛЫМДЫ СЫЙЛАГАНЫМ

Бир күнү командировкадан келсем, аялым эркелейт:

– Элдин эркектери сага окшоп сырттан келгенде, аялдарын колтуктап алып, базарга барып; көңүл ачып, көчөлөргө басып, эмне алып бер десе ою менен болот, сен антпейсиң, – деди.

Мен аялымдын айтканын туура таап, ээрчитип алып, базарга келдим. Күздүн күнү, боз кыроо маал эле. «Эмне ичесиң, эмне жейсиң» десем, «дарбыз эле жеймин» деди. Макул деп акчанын көзүнө карабай туруп, дарбыз алып бердим. Дарбызды такыр жеди. Бир убакта шылкылдап, шалкылдап, калчылдап, бетинен түгү чыгып, кыңылдап араң унчугуп калыптыр.

Мен коркуп кетип эле, дароо столовойго алып келдим. Көргөн кишилер да коркуп: «Шаке, жеңеме эмне болду?» дешет.

Мен жайын айттым. «Кокуй, эмесе, ысык бир деме ичирели, оңолуп калар» деп, бир жолдошум жүз грамм арак, бир талинке тамак алып келди эле, ошону ичип, араң эс албадыбы?

Мен дарбызга катуу мас болуп калган экен деп коркуп жүрсөм, көрсө муздак дарбызды жеп алып, балакет басыптыр. Ошондон кийин ээрчитип барып, тамак алып бергенден да коркуп калдым, туугандар.

Андан кийин аялым театрда иштеп калды. Күзгү Октябрь майрамында элдин баары парадга чыкты. Менин аялым парадга келбей калды. «Бул эмне болду? Кабар албасам болбойт» деп, жаным чыдабай театрга келдим, сурасам бар экен. Кирейин десем, өзүмдүн аялыма киргизбей пропуска сурайт. «Менин аялым чоң кызматка турган экен го» деп сүйүнүп, ары-бери чуркап жүрсөм, жолуккан жолдошторум сурайт. Жайын айтсам, алар да тилектеш болуп, бирдеме алып жиберишти. Алардан ичип алып,

арандан зорго пропуска алып, үстүнө кирсем, кайран Макубегим парадга чыккан элдин кийимин кайтарып отуруптур.

Ошентип аялымды сыйлаймын, туугандар.

## ЖАРАМАЗАН

Кайнатамдын кызы бир күнү мени сүйбөй калыптыр:

– Же мал таппайсың, же нан таппайсың, дүнүйө көп деп барбактайсың, же бир жерге олтуруп баар таппайсың, минтип жүрсөң, канткенде жан сактайсың? Байды көрсөң кылчактайсың, кошомат айтып; кол куушуруп жумшактайсың, байдын колунан эчтеке албайсың, минтип жүрүп, ээ байкуш, кантип жан сактайсың? – деп капаланды кайнатамдын кызы.

Мен «кайнатамдын кызына жаман көрүнбөй, мал таап, нан таап келейин» деп, ойлодум. Бооз тору атты минип, кызыл тонду кийип, тебетейди түрүп, мал издемек болдум. Бирок, бооз тору ат жанга өлчөнгөн ат: типтик өйдө чыкса да, мойнуна таштап жиберет. Жагалданган музоодой болгон жакшы ат эле. Камчыланса, мөңкүп олтуруп жыгып кетет. Теминсем, кайрылып бутумду тиштеп алат. Үн чыгарып, ышкырып бастырам. Бооз тору ат бедеге байласам, ичи салаңдап кетүүчү. Ошон үчүн «бооз тору ат» дечү элем. Сууга да уста эле. Кандай суу болсо да, кечкенде түбүнө чөгүп кетчү. Ушуну минип Кочкор, Жумгал деген жерге – саяк, сарбагыш деген элге бармак болдум. Анда менин таянганым: энемин кошогу жана үч түрдүү «жарамазан» деген ыр билем. Бай барктуу кезек, динчилер нарктуу кезек. Беш убак намаз диңилдеген кезек, бекер сөзгө эл ишенген кезек. Түн ичинде түрдүү жарамазанды айта баштадым. Жарамазандын башкысынан баар таап, аяккысынан оокат таап, ортосунан оңоло албай койдум.

Биринчи жарамазаным:

Салоомалейкум жарамазан,
Айтайын деп бара жатам.
Бирдеме берсең кайра тартам,
Бербесең уюңду жара тартам.
Эң эчтеке бербесең,
Казаныңды жара басам.
Берип койсоң кайра тартам.
Эң эчтеке бербесең,
Түндүк жабууңду сыйра качам.
Бир эме берсең, мындан кийин,
Көрүнсөң, сыйлабасам.
Эң эчтеке бербесең,
Таң аткыча ыйлабасам.
Эң эчтеке бербесең,
Азыраак берсең үркүп кетем,
Кичине берсең бүркүп кетем.
Эң эчтеке бербесең,
Үйүңдү жыга түртүп кетем.
Айтып өткөн, жаткан байлар,
Жатып алып ак жолборс аткан байлар.
Койдун жүнүн кымбатка саткан байлар.
Кой терисин көчүгүнө каткан байлар.

Мына ушинтип айтсам, ып эле турат. «Бул кайдагы эме? Жаңы көжө катык чыкканда, уюңду жара тартам дейби? Жалгыз казан болсо сындырам дейби? Жаан-чачындын убагында үйүңдү түртөм дейби? Жинди немеге бир неме берип жолго сал» дешет.

Экинчи жарамазаным:

Орозону кармаган,
Кабыл болсо тутканың,
Жараткан өзү жалгаган.
Мына турган кара жер,
Баарыбызды жалмаган,
Тилек тиле алладан.
Аманат келген пендебиз,
Эч бир пенде калбаган.

Денебиз болду турпактан,
Жан жаратты курсактан.
Аманат келген пендебиз,
Бир күнү кутулбайсың тузактан.
Акын болдум жашымдан,
Айта турган ай ушул,
Алты тозок басылган,
Сегиз бейиш ачылган,
Ырчы болдум жашымдан,
Ырдай турган ай ушул,
Жети тозок басылган,
Сегиз бейиш ачылган.

Мына ушинтип ырдасам, дагы айтса экен деп жата берет.

Үчүнчү жарамазанды көтөрүп алып, Кочкор деген жерге бардым, азык деген элге бардым. Азыктын болушу кедейден чыга калып, байга берилген киши экен. Айлы «болуш» дейт экен. Мен да болуш дейм. Болуш мени мурункy жылы көргөн. Ошондо мени жактырган: «Шаршен, сен чүйлүктүн эң алдыңкы өңдүүсү экенсиң, энеңдин кошогун айтсаң, эл жашып кетет экен» деп жактырчу. Ошол болуштун эки аялы болор эле. Эки аялынын эки баласы бар экен. Ошону мактап, аяккы жарамазанды соктум.

## ҮЙҮМДӨГҮ КӨРҮНҮШ

Үйүмдө жатсам, бир күнү хулигандар келип, тереземди кагат. «Сен ким?» десем, үйдө киши бар экенин билип, хулигандар качып кетишти. Ал түнү мен уктабай чыктым да, таңга маал болгондо көзүмдү ачып карасам, Макубек аялымдын жанында бир эле мурду дардайган кара киши жатат. Макубекти карасам, мемиреп уктап жатат. Аны Макубек сезбейт, ким болсо да, «Молдобасанга барып көрсөтөйүн» деп, кошунам жана бирге иштешкен жолдошум Молдобасанга бардым. «Моке! Моке, түндө силердикине ууру

келдиби?» дедим эле, Молдобасан «эмне болду» деди, менин колумдагы жаман балтаны көрө ала чочуп кетип. Мен «балтаны алып кыйкырып эшикке чыксам, бирөө силердикин көздөй кетти. Бирөө айланып биздин короого киргендей болду. Терезеден карасам, Макубектин жанына жатып калыптыр. Ишенбесең, жүр», деп Молдобасанды ээрчитип келсем, эч ким жок.

Аялым уктап жатат, Молдобасан: «Кана, кудай урган десе?» дейт.

«Айланайын Моке, эми эле Макубектин жанында жаткан мына ушинтип жаткан» деп барып, кереветке жатып, күзгүнү карап алып, күлүп жибердим.

Молдобасан «эмне» деди.

Жанагы Макубектин жанындагы мурду дардайган кара неме өзүм экенмин. Өзүмдү күзгүдөн көрүп коркуптурмун, анткени ушул убакка чейин өзүмдү күзгүгө жакшы көрүнбөпмүн.

Макубекти карачы, маңкайып турат, мен Куйручук айткандай «топоздун музоосу» мурунданып турам. Куйручук туура айткан экен. Менин өңүмдү көрүп туруп, Макубек кантип мага келди экен?

## САМОЛЕТКО ТҮШКӨНДӨ

40-жыл. Орусу болуп, кыргызы болуп, Казакстандын Караганды деген шаарына оюн коюуга жөнөп калдык. Фрунзеден поезд менен барып, Алматыдан айрыпланга түшө турган болдук. Алматыга барганда кулактандырып калды. «Кимдин жүрөгү начар болсо доктурга барып көрүнсүн, доктур уруксат бергениң учасың, уруксат бербегениң каласың» деди. Мен айттым: «менин жүрөгүм начар, менин жүрөгүм жаман. Мен былтыр эле колхоздун туз тарткан төөсүнө минип көргөмүн. Төрт күнгө чейин көзүм төгөрөнүп жүргөн. Андан кийин быйыл кышында өзүбүздүн тамдын үстүнө чыгып кар күрөйүн деп,

кайра түшүп келе жатып, мойнумдан аркан менен байлатып түшкөнмүн. Менин жүрөгүм жаман» дедим эле, жолдошторум айтып калды:

– Оо, кудай урган, андай жүрөгүң жаман болсо доктурга барып көрүн, доктур уруксат берсе биз менен учкун, уруксат бербесе, мында кал, – дешти. «Эмесе макул» деп, доктурга келдим:

– Менин жүрөгүм начар, менин жүрөгүм жаман; жүрөгүмө оокат-тамак такыр барбайт. Кандай немелер ичип, жеп, тойбой жатарын билбейм. Менин жүрөгүмө нан деле барбайт. Бир жегенде буханка бөлкөдөн үч жарым бөлкө, кээде үч бөлкө, араң жеймин. Бирок, товарищ доктур, мен сизге калп айталбаймын. Боорсок кылган нанды болжоп көргөнүм жок, кыргыздын үйрөнгөн наны – жапкан токочунан жарты казанды араң жейм. Арпа жармадан алты жарым аяк, кээде алты аяк, жүгөрү жармадан жети жарым аяк, кээде жети аяк араң ичем. Жүрөгүмө тамак барбайт. Суусап, аңкап-чаңкап барып ичкенде араң эле отуз же отуз жарым литр пива ичем. Арыктап кеттим. Өңүмдөн азып кеттим. Бирок, товарищ доктур, былтыркы көйнөгүм быйыл батпайт. Кандай ат минсем да, бели кайкалай түшөт – дедим. Анда доктур туруп айтты:

– Давай, чечин, азыр көрөмүн.

Мен чечинип калдым. Кичинекей түтүгү менен жүрөгүмдөн тыңшады, аркамды тыңшады. Бир оокумда доктур туруп айтты:

– Шаршен, нечево. Жүрөгүң беш кило. Шаршенди аркан менен бутунан байлап, салаңдатып учурса да кетет, чорт.

«Кыштын күнү кылчылдап асманда учуп жүрбөй, кайрылып Фрунзеге катын-балама кетейин» дедим эле, мындан да айла таппадым. Кайрылып жолдошторумду көздөй басып келе жаттым эле, биз менен кошо бара жаткан ырдаган, бийлеген үч-төрт кыздар бар эле, алдымдан чыгып, алар мага мындай дейт:

– Агай, коркпой эле койгула. Өлчү кишидей өңүңөр бузулуп калыптыр. Танооңор кыпчылып калыптыр, учабыз, учабыз – дешип, шыңкылдашып, күлүшүп, беттерин басышты. Ойлодум «айрыпланга түшсөк, асман жердин ортосунда жүрсөк, кайта айланып катын-баланы көрмөк белек? Таякемдики таруу актап келмек эле, аны да буюрбай калды го? Эң болбосо үйдө семиз эчкинин карчыгасы бар эле, туздан ачуу кылып куурдак куурутуп жеп чыкпай, муну да кудай буюрбай калды го?» Жүрөгүм капталымды тепкилейт, дук-дук уруп. Аңгыча айрыпландын начальниги – давай, артисттер, түшкүлө, азыр айрыпланды учурабыз – деди.

Эмне болсо да эл катары көрөмүн деп, мен да бардым. Артисттердин бардыгы түштү. Мен калып калдым эле, летчик: «почему сен түшпөйсүң?» деди. Мен айттым: «Товарищ, мен коркуп турам. Калып эле калайын» десем, ага летчик болбой: «давай, давай» деп келип, кулагымдан кармап, тартып келип киргизди.

Айрыпланга түшүп көргөн эмесмин. Сразы эле кушча ордунан көтөрүлүп учат экен десем, көрсө бир топ жерге чейин чуркап барып, андан кийин көтөрүлүп учат экен. Учуп бара жатканда башым айланып, көзүм тунарып кетти, жатып калдым.

Бир убакта жолдошторум «ширеңке, ширөңке» дешет. Мен ойлодум ширеңкенин заводуна келген экенбиз го деп, көзүмдү ачып, башымды көтөрүп ылдый карасам, жердеги үйлөр ширеңкедей болуп көрүнөт экен. Айнектен башымды чыгарып караймын деп айрыплындын шамалына башымды жулдуруп коё жаздадым. Кайра тартып алып, өлчү кишидей бутту тартпай, көздү ачпай, сулк эле жатып калдым. Бир убакта Казакстандын Иле деген жерине барганда, күн тумандап, шамалдап айрыпланды жакшы учурбай койду, жолдошторум чуркурап жиберди.

Мен калтырап-титиреп кетсем, жолдошторум: «оозуңду басып тим жат. Элдин баарын коркутпай

сен түгүл биздин да өпкө-жүрөгүбүз оозубузга келип калды» деп, тилдеп койду.

Ошону менен эмне экенимди билбеймин, сунган бутту тартпай, жумган көздү ачпай сулк эле жатып калдым. Фрунзеге аба менен сүйлөшсө «алты күнү күн ачылбайт, кайра келгиле» дептир. Айрыплан кайра Фрунзеге учуп келе жатып, филармонияга тилиграм, тилифон бериптир. Биздин кайра келе жатканыбызды артисттердин үй-бүлөсү угуп, аэродромстанцияга тосуп барышыптыр. Аны да билбеймин, айрыплан конгондон кийин мени сандалга салып түшүрүптүр, муну да билбеймин.

Бир оокумда мурдума: картөшкө, капуста, каймак май, Фрунзенин жыты жыттанат. Баягылардын жыты келгенде чыдай албай оозумду ачып, көзүмдү акшыңдатып жиберсем керек. Көргөндөр: «Кокуй, жан талашып жатат, бери келгилечи!» дептир. Аны да билбеймин.

Бир оокумда кыл кыяктын үнүндөй кулагыма тааныш үн угулат. Ал үн мындай деп чыгат:

Атамды чакырган жерлер сыйлаган,
Атам чай кайнатым ырдаган.
Атам жакшы ырчы эле,
Эски арчадай мурза эле.

Бул ким экен десем, өзүмдүн 9-10 жашар кызым бар эле.

«Өлүп бараткан экен» деп, ошол кызым кошуп ыйлаптыр, аны да билбеймин.

О бир оокумда жан-жаныма жакын, эң кайгылуу, өтө муңдуу, каңырыгы башка, капалуу, кулагыма тааныш бир үн чыгат. Ал үнүн мындай деп чыгарат:

Базарга ким барат?
Отунду ким жарат?
Короону ким шыпырат?
Колтуктап ким басат?
Баланы ким сооротот?
Арткан оокатты ким ичет, ой ха! – дейт.

Бул ким экен десем, өзүмдүн аялым Макубек кошуп ыйлап калыптыр, аны да билбейм. Далай эле аялдардын кошуп ыйлаганын көрчүмүн, менин Макубегимдей кошокчу киши болбойт. Кээ бир аялдар башын айтып коюп, аягын таппай шолоктой берет. Менин Макубегим оозуна эмне келсе, айтып жиберет. Акын болсо Осмонкул болмок экен, туугандар. Андан кийин бир досумдун үнү чыккансыйт. Ал үнүн мындай деп чыгарат.

Тай минчү элек учкашып,
Тамаша кылчу элек муштошып.
Өгүз минчү элек учкашып,
Ойночу элек мушташып.
Бозону бирге иччү элек.
Бозону ичип кызарып,
Бөтөлкөнү күтчү элек.
Алабарман атаңдын оозун урайын,
Берем дегениңди бербей өлдүңбү? – дейт.

Чочуп кетип, көзүмдү ачып тура калсам, жанымда ак кийимчен бирөө туруптур, ал мени кучактап өптү, мен аны кучактап өптүм. Ал, көрсө мага келген доктур экен. Мага дары берип жыттатып турган экен. Мен эс алып тура калганда, сүйүнүп кетип, «жакшы болду» деп, ал мени кучактап өөп калыптыр. Мен өлүп тирилген киши «аялымбы» деп, аны өөп калыптырмын.

Мына, туугандар, элдин аялдары «жолдошторубуз айрыпланга түшүп, асман жердин ортосунда жүрүп, көрбөгөн элди, көрбөгөн жерди көрүп келди» деп, гүл алып тосуп жүрсө, менин аялым, менин жүрөгүмдүн начарынан эсим ооп жатып калсам, өлүп калды деп, кошуп жүрүптүр.

Туугандар, айрыпландан түшкөндөгү окуя ушул.

## КӨЗҮМДҮ ДОСУМ ТӨГӨРӨТКӨНДӨ

Бир күнү мен жакшы көргөн досумдукуна бардым. Чай кайнатып, дасторконун жайып, каймак сызгырып, мени жакшы кабыл алды.

– Досум, көзүңдү төгөрөтүп коёюнбу? – деди үй ээси.

– Көзүмдү кудай төгөрөтпөсө, сен кантип төгөрөтөсүң? – дедим мен.

Ошондо досум агынан бир бөтөлкө алып келип, эки чай чыныга бөлүп куюп, теңин мага берип:

– Алыңыз, досум, алыңыз! – деди.

Экөөнү экөөбүз тартып жиберип отурганда, менин курсагым ач болучу, чын эле көзүм төгөрөк болуп, кызый түшүптүрмүн.

Казанда каймакка умтулуп: «малып жейм» дедим.

– Кокуй, досум малып жейт экен – деп, табакка куюп, дасторконго коюптур.

Бир-эки жолу нан тийгизип малып жедим. Андан кийинкисин дасторконго тийгизип, жерге деле тийгизип жей бериптирмин. Көп олтургандан тердеп кетип, эшикке чыктым да, көлөкөгө барып жатып уктап калдым. «Үйгө кир, төшөккө жатыңыз» деп, үй ээси суранса укпаптырмын. Өзү дагы, аялы дагы чабалыраак адамдар эле, мени көтөрүп кете албайт. Алдыма төшөк салып, башыма жаздык коюп, оонатып жаткырып коюшуптур.

Уйку-соонун арасында жатсам, абдан жумшак жибек жоолук менен аяшым бети-башымды аарчыганын сездим. «Тердеп калган турбайымбы, ушундай да адамгерчиликтүү аяш болбоспу» деп, ичимден кымылдап, көзүмдү ачпай жата бердим. Көзүмдү ачкандан уялдым. Бир маалда аяш төшүмө чыгып, алкымымдан, мойнумдан бери жибек жоолук менен аарчып кирди. «Бул эмнеси төшүмө чыкканы?» деп, акырын көзүмдү ачсам, аяш эмес, эле, ак төш кара

дөбөт экен. Көрсө, жумшак тили менен менин бети-башымды жалап жаткан экен. Мен чочуп кеткенде, ит түшө качты.

## ЭҢИШКЕ ТҮШКӨНҮМ

Менин жаш жигит кезим. Ал мезгилде колхоз, совхоз уюша элек. Мен өзүм да артист дегенди биле элек кезим. Күндөрдүн биринде Токмоктун үстү жагындагы Шамшы өзөнүн бойлоп атчан баратып, жолумдан чогулган көп элди көрдүм. Кайрылып барсам, эл эңишке балбан чыгарып жаткан экен. Бир жагынан балбан чыгып, бир жагынан балбан табылбай жатыптыр. Тиги атка минип турган жигитти карасам, кичинекей эле жепирейген сары жигит экен. «Ушуга да балбан чыкпай жатабы? Мен ушуга түшсөм, албасам дагы алдырбас элем» деп ойлоп, биртике карап турдум да, жанымдагы кишиге кайрылдым:

– Мен өзүм Солто элем. Кочкорго бир иш менен бараттым эле. Балбан таппай жатыпсыңар, мен балбанга түшүп берсем, кандай болор экен?

– Андай болсо жакшы болот. Жүрү, быяктагы аксакалдарга алып барайын, – деп, алиги киши шашып алып жөнөдү.

Аксакалдар мени көрүп, «Сөөк-саактуу, олбурлуу жигит экен,балбанга жараса жарачу жигит экен» деп, макул болушту. Ал жердегилердин бири шымын берип, бири курун, бири желдигин, бири тердигин, бири өтүгүн берип, мени жасап жиберишти. «Кайсы атты мингизебиз» деп, ат тандай башташты. Анда мен элди карап:

– Туугандар, өзүмдүн эле бооз тору атымды минсем кантет? – дедим.

Ал атым эки күнгө дейре ачка байлап койсом да ичи жыйылчу эмес. Ошондуктан, эл аны «бооз тору ат» деп атап койгон эле. Ал жердегилер: «Кой, маңы

жапыз ат экен» деп, макул болбой «Узакбайдын кызыл айгырын мингизгиле» дешти. Бул жер баспаган аңыр баш кызыл айгыр менин дагы көңүлүмө толо түштү. Мен кызыл айгырга минип, камчымды салып, бир киши коштоп, элден бата алып, балбанды көздөй беттешкени жөнөдүм, Жаңы гана беттешип, балбанга колумду берер менен эле, мен ай-буйга келбей аттан кулан түштүм. Тиги балбанды коштоп алып кетти. Жыгылган балбанга эч ким карабайт экен, өзүм боз ала чаң болуп жерден туруп, «мени кайсы кара теке сүзүп,балбанга түшөм дедим экен?», каңырыгым түтөп, элдин берген кийимдерин чечип берип, өз кийимимди кие баштадым. «Келе желдигимди, келе тердигимди» деп, берген буюмдарын ээлери сурап, шайымды кетиришти. Ылдам атыма минип, бул жерден жоголууну ойлодум. Кийимимди шашып кийип жатсам, кимдир бирөө тызылдайт:

– Мындан көрө чычаланын баласын салалы десе, болбой койбодуңарбы? Ал кичине тартышат эле го?

– Ой Солто балбан, мурда эңишке түшүп жүргөн эме белең, кудайды карап бир тартып койсоң боло, – деп көтөрүлө сүйлөйт көк ала сакал абышка.

– Мен өзүмдүн бооз тору атымды минип түшөйүн десем, болбой койбодуңарбы. Ал кайда жүрсөм, өзүмдөн ажырачу эмес эле. Балбан менен кармашып жүрсөм, атыңар кетип калыптыр, өлүп кетейинби?

– Ой, бул кызылдай жинди неме го?

– Жинди эмес эле, соо болчумун. Жинди киши балбанга түшөбү? – дегенимде, эл дагы күлдү.

– Азамат экенсиң... Азамат экенсиң, балбанды жыкпасаң дагы мыкты жыктың, – деп көк ала сакал абышка мени той үстүнө алып барып, тамак тартылып жаткан үйгө киргизди.

– Балбанга картасынан кес, – дейт абышка.

– Жыгылган балбанга да карта берчү беле? – деп эт жасаган киши көшөрүп болбойт.

– Ой, мунун күйүтү көп. Жөн этиңди тарт, – дейт көк ала сакал абышка.

Көрсө, мен Балбайдын уулу Исрайыл деген, казак, кыргызга маалим болгон чоң балбанга түшкен экенмин. Кийин менин Шаршен деген атагым чыгып, артисттер менен оюн коюп, ошол айылга барып, экөөбүз тааныштык.

– Кудайды карап, мейман экен деп, эки тарткандан кийин деле жыксаң боло! – дедим күлүп.

– Мен сенин Шаршен экениңди билсем, жыкпай эле байгени тең бөлүп алалы дебейт белем, – деди Исрайыл.

## МАМЫРБАЙ МОЛДОНУН ҮЙҮНДӨ

Калык, Осмонкулдар ырдаса, ырлары күнү-түнү түгөнбөйт. Мен ырдасам, бат эле чай кайнамга жетпей, ырым түгөнүп калат. «Мен кандай буларчылап узак ырдай албаймын?» деп, көп ойлончу болдум. Көрсө, эки аял алган кишилер узакка ырдайт экен. Мен дагы эл сыяктуу дагы бир аял алсам, ырым арбысын деп аракеттендим.

Ар кимден уксам, айылда молдо Мамырбайдын кызы күйөөдөн чыгып келиптир дешти. «Ушуну байкайын» деп бараттым. Мен чоң жол менен баратсам, ошол жолдун алдындагы жашаңга конгон бир чоң боз үй көрүндү. Кызыл көйнөк кийип, жазы маңдайы жаркыраган ак жүздүү келин үйдүн көлөкөсүнөн көрүндү. «Не болсо да көрөйүнчү» деп кайрылып бардым. Боз үйдө толтура ак сакал кишилер олтурган экен. Мен да саламдашып кирип, алардын катарына олтурдум. Дин исламы жөнүндө бүтүн Кыргызстандан келип, чогулушка катышкан молдолор экен.

Мамырбай молдонун бээси арканга чалынып өлүп, ошонун этинен салып, Мамырбай молдо молдолорду жыйып алып, адал-арамдан сөз козгоп, шарыят

айтып олтурушкан экен. Эт да бышып, табакка жасалып, алдыга келди. Коноктор устукандарды алып, жей баштады. Табактын түбүн карасам, майда-майда жиликтер, майда кабыргалар жүрөт. Бир табактын ичинде кичинекей баш жүрөт. Ошол олтурган молдолордун бири сөз кыстарып калды:

– Молдо Мамырбай, бул казанга майда малдын дагы этин салгансыңбы? Сорпосунда да кыл-кыбыр жүрөт эле.

Анда байбичеси өзүнөн-өзү эле чочуп, секирип кетти:

– Катыгүн, жанагы Бакендин күчүгү жок, – дейт.

Көрсө, көзүн ача элек күчүк тамтаңдап барып, казанга түшүп кетип, бышып калыптыр. Молдолор колдорун табактан тартып алып: «Бу кандай иш болот» дегендей, бирин-бири караушты. Анда Шабданаалы молдо мындай деди:

– Алты айга толо элек, наристе күчүк, муну арам деп айтууга болбойт. Бирок, макүрөө, каалаган жейт, каалабаган жебейт.

Молдо Кыдыраалы да бир жактан чыгып айта кетти:

– Дин исламынын өкүлдөрү олтурасыңар. Бул маселени өзүңөр чечкиле. Устуканын жеп, өзүбүз да тоюп алдык.

Үйдүн ээси молдо Мамырбай ордунан тура калып:

– Кайра казан ас! – деп, байбичесине кыйкырып жиберди.

## ДОКЛАД

Мен айыл-кыштакта бозо уулап, ит кууп, эчтекени жакшы түшүнө албай жүргөн күнүмдө биздин чоң улуктар айылга барып, доклад кылышат. Эл чогулуп, карап турат. Кайсы бир чогулуштарда чыгып орус сүйлөйт экен, андан кийин анын сөзүн бир кыргыз перевод кылат экен. Ошондогу эл кандай деп

түшүнгөнүн билбейм. Мен өзүмдүн түшүнүгүм мына бул. Орус жигит сүйлөп өттү. Муну бир кыргыз өкмөтчү жигит чыгып, жармысын орусча, жармысын кыргызча, жармысын өзбекче, жармысын казакча, анда-сандасын татарча кылып, талкан чалгандай перевод кылды. Башка эл кантип олтурганын билбейм, ал переводун сүйлөгөндө менин уйкум келип, улам эле чекем тиземе батып, шак дей түшүп жатты.

Аңгыча кыргыздан дагы бир чечен чыга калды. Башын сыйпап туруп: «Жолдоштор, о-ме-ен сүйлөө-өйм... Эмки болочо-ок, эмки келече-ек... Эмики туручок... Эмки болочок... Аткаруу комитет... Батыра-ак... жашасын! Союз кошчу жашасын! Камынгыла-а... Колдошкула, жолдошто-ор!.. Ураа... Ураа... деп кетишет эле. Башкаларга кандай экенин билбеймин, мага тooктун кыйкылдаганындай эле угулчу эле. Эми турмуш башкача. Эмкилердин сөзүн уксаң, уйкуң келбейт экен, көзүң чайыттай ачылып, ишке киришкиң келет экен».

## УЙДИДЕН ҮЧ ЖОЛУ КӨҢҮЛҮМ КАЛДЫ

Туугандар, айлыгымды алганда, аялымдын жанына жологум келбейт, үйүмө да токтогум келбейт. Ошо күнү күз айлары. Директорубуз айтат:

– Ой Шаршен, сен элдин шартын билесиң, колхозго бар, договор жазып кел.

– Макул, жүз процент орундайм. Алты жүз ашык орундатам.

– Молдаванга, Кара-Моло, ушуларга.

– Жарайт. Жөнөдүм, кош!

Жок, бир адатым кылтылдайт, напсим кулкулдайт. Ойлодум: «Ресторанга барайын». Барсам, күүлдөп музыка даяр. Официантка жаш келин алдымдан тосуп, аппак кийинген, алыстан атасы келгендей сүйүнгөн. Бул тил билбейт экен.

– Пиво? – деди.

– Ооба, – дедим.

Жыкылдатып алты графин алып келди. Аны ичкенден кийин ойлодум: «Кызыганда кылт деп чыгып кетчү элем. Жок, «расчет» деп калды, төлөдүм. Официантканы далысынан сыйпап: «Кара-Моло канча чакырым?» дедим. Официантка күлүп жүгүрүп кетти. О чиркин, бир стакан арак алып келди. Ойлодум: «Жолго жакшы кетсин деген экен» деп, ичтим.

– Ой официантка, ыракмат, токто! Молдаванканын жолу кайсы? Кандай барам?

Официантка башын чайкап, мени байкап, дагы жүгүрүп кетти. Жана арак. Тартып көзүм ачыла түштү, жөнөдүм.

– Давай расчет.

– Эмне расчет! Эй алты графинге төлөгөм, кое бер!

Аңгыча окуган бала ортого түштү.

– Ой, жакшы эле өкмөт тарбиялаган бала экенсиң, айтчы чыныңды көрүп турасың, – дедим.

– Көрдүм, агай, жанагы эки стакан аракты төлөңүз.

– Ой, сен аял-кызга болушасыңбы? Кана, зордук кыласыңбы?

– Ай агай, эл сизди карап калды. Бул он сом экен, мен төлөйүн. Сизди өкмөт сыйлаган. Ошонун үчүн кыргыз эли сыйлайт.

– Ой иним, төлөй бер мени өкмөт сыйлабаса, Шоңур сыйлайбы? Ары өтсөм, бери өтсөм кирем, Шоңур ордунан тура калат, карызданып-борузданып, бир чекушке арак таап келет. Кабагымды ачып күлүп отуруп, ичип кетем. Ырас, Шоңурдун айлыгы – жүз отуз, меники миң тогуз жүз. Акчада кеп жок, кызматтан чыкканда тааныш үйлөрдү таштабайм. Тамагы барбы, арагы барбы? Күлүп отуруп, чыгып кетем.

– Агай, бул ишиңиз илгерки байлар өз малын көзү кыйбай, эл кыдырып: «төөм жок, бээм жок»

деп, кулкулдап жүрчү. Өкмөт сыйлаган адам өзүн тааныш керек, агай.

– Ой, мен кулкулдап, жалжактап көрүнөмүнбү?

– Жа-жок агай, кечириңиз, менин жумушум бар эле, кош!

– Ой иним, токто!

– Жок, агай, акчаны төлөйүн.

Официантка менен сүйлөшсө, анын өңү бузула түшүп, араң алды. Бала кетмек болду.

– Ой, токто, иним, достошуп жүрөлү, олтур.

– Жок, агай, достошуу максатчылык сурамай, алдашмай. — Бала чыгып кетти.

– Эй официантка, давай пиво.

– Удий!

– Эмне удий?- Пиво бербеди. – Милиция! Милиция! – Бакырдым. Милиция келди.

– Эмне чатак?

– Жолдош милиция, аскарвалайт кылды, шылдың кылды. Удий деди. Кулагыма жаман угулду. Мени өкмөт сыйлаган адаммын. Мүмкүн болсо, безочерет пиво алып берсеңиз экен.

– Токтоңуз, токтоңуз. – Милиция сураштырды.

– Бабай, удий.

– Ой, ушул удийден көңүлүм терек боюндай калды.

Мына, туугандар, э дедирбей, удийди эки уктум. Ойлодум: баш официанткадан сурайын десем, милиция «кетиңиз, удий» деди. Мен жулкундум. Милиция коё бербейт, мен кыйкырдым:

– Чака, оо Муке, оо Шераалы!

Эл чогулду.

– Чөнтөкчүбү?

– Жок, удий!

Туугандар, удийден көңүл калды. Молдаванга, Кара-Мологого жөнөдүм. Айла жок, аттанып жөнөдүм. Өзүмдү байкасам, Жакам айрылган, бүчүм үзүлгөн, бир жагым көлөччөн, бир жагым өтүкчөн. Жолдо

баратып ойлоймм. «Удий» дегенди эми укпасам экен. Фрунзенин асты чоң каналдын асты жолго жакын көп бочка турат. Көп адам тамак ичип жатат. Чоң кубанычта болдум. Бардым. Атты байлабай жөнөпмүн.

– Эй жолдош, токто!

– Менби?

– Ооба?

– Эмне?

– Каякка барасыз?

– Пивого.

– Кайда пиво?

– Мына бул көп бочкалар эмне?

– Э аксакал, көп бочкалар трактордун станциясы. Көп бочка бензин, керосин, абтал майлары. Тетиги күркүрөгөн, жүрүп жаткан жер айдап жаткан трактор. Башыңыз, эсиңиз, көзүңүз болсо байкабайсызбы?

– Эй, менин башым, акылым жок болсо, өкмөт сыйлайбы? Сенин чараңды көрөйүнбү?

– Чара эмес чыныммды, стаканымды да көрө албайсың.

– Эй, мен киммин?

–Сиз өкмөт берген сыйга көпкөн алабармансыз.

– Себеп кайсы?

– Себеп түшүнүңүз: ат байлабай жөнөдүңүз. Мен дежурный элем, салам айтсам, укпадың. Атың чапчып, бир чака май төктү. Неге атты байлабайсың?

– Ой, Анжиян, Алай, Ат-Башы, Нарын, Каракол, Жумгал, Талас, Чүй ушулардын баарына бардым. Бири ат токуйт, бири байлайт. Бири тердесем, тебетейимди, пальтомду көтөрөт. Эмне айтасың, көзүңө көрүнөйүнбү? Хулиган экенсиң!

– Майды төлө, мен сага хулиган экенмин, – деп жакамдан алды.

– Жеди… Жеди, мили… мили!.. – деп бакырдым.

Кароолчунун колу менин жакамда, булкуп койду эле, тилимди тиштеп алдым. «Лах-лах» деп турам. Аскерче кийинген адам келди, тил билет экен:

– Сиз кимсиз?

– Мен артист.

– Жол болсун?

– Оюн коюуга договор жазам.

– Договорду контордон жазбайсызбы? Бу жерге эмне түштүңүз?

– Пиво ичейин деп.

– Пиво ичсеңиз городго барыңыз. Мен партком болуп иштейм.

– Ой балакетиңди алайын партком, тетиги чоң челектерде эмне бар?

– Биер оюнчук эмес, удий, эл жумушка барат.

Араң аттанып жөнөдүм. Кара-Молого бардым. Ой чиркин, элетке, кыштакка айланса болот: кары-жашы, кыз-келин: «артист келет экен» деп, «Жок, ушул» деп дуу-дуу. Күн баткан, чоң тамга кирдим. Самоор чыңылдап, дасторкон үйүлгөн. Сары аякта жуурат, кара аякта каймак, бир табакта курут, бир тарелкада куурдак, мына колхоздун берекеси! Аңгыча: «жол бере тургула» деп калды. Көрсө мурунку эски башкарма экен. О чиркин, кара пальто, муруту буралган, иши сотто экен. Кайран киши ортолуктан отуз кой, үч уй, алты миң сом жетпей, ошону үчүн. Эски башкарма жанынан төрт бөтөлкө спирт сууруп чыкты. Мен жаңы күйөөлөгөндөй жагалдана түштүм. Эл дуу, дуу сөз кылат: «Шаршен бою селегей экен, өңү буудай өңдүү, тили келегей экен». Жок, спирттен бирди ичтим. Сүйлөгөндөн күлкүм көбөйүптүр. Үчтү удаа ичтим. Төрдөмүн, оороздогу үйгө баргым келет, турдум. Жылаң баш, желбегей жамындым. Оозгу үй, көзүм бир ачылат, бир жумулат. Кулагыма бир сөз: «Кандай абийири жок, бир башына бир аял жетпейби? Отуздай келин-кызды кучактайт». Анда бирөө: «Артист шайыр болот, эркелетип жатат». «Эркелетсе, эркек балдарды кандай кучактабайт? Ушунун оюну кайсы дейсиң? Желбегей жамынып, башын-чачын, саатын көргөзөт».

Андан ары от жаккан кичинекей кызды: «Корго киресиңби? Артист болосуңбу?» дейт. Ал кыз бакырып качат, Коргочокко кантип кирсин?

– Албагыла, кереги жок.

Эл тарап кетиптир. Эртең менен турсам, бир өтүгүм жок. Жакшы жери бир көлөч бар. Бир жагым көлөччөн, бир жагым өтүкчөн, чайдан кийин кетмек болдум. Договор жок, бир өтүк жок. Ошол үйдүн ээси байбиче:

- Ой уулум, илгерки заман болсо, башыңды ылдый каратып, бакка таңып коюп, «качактачы» дээрэлек. Ичкилик бүтүн кишини жарым кылар, жарым кишини жок кылат. Тула боюн жок кылат, башын сот кылат. Түндөгүдөй болсоң, айранга насыбай кошуп берет элем. Атыңан айрылып барат элең. Өзүңө эрегишип, өтүгүңдү тамдын үстүнө ыргыткам. Өкмөт үчүн берейин, ме, кет дароо! Кет, ылдам кет. Көзүмө көрүнбөй тезирээк жогол.

Фрунзеге кайттым. Директорго «алты жүз процент орундайм» дедим эле, ишим нөл процент аткарылган жок. «Оорудум» деп барайыи дедим. Үйгө келдим. Келсем, аялым жок. Театрда Айчүрөктүн элечегин оройт. Мурунку күнү айлык алгам, аягына чыгыпмын. Акча сурап, аялыма жолугууга барсам, театрдын дежурныйы киргизбейт.

– Давай прописка?

– Мен өз аялыма барам, күндө барам.

– Жок, прописка болбосо болбойт.

– Эй, мени элдин баары тааныйт.

– Удий.

– Ой, зордук кыласыңбы?

– Удий, удий!..

Ойлодум: «Жогор жакка прописка менен барат, чоңойгон экен, а кудай берген экен. Кудай бересинде билими бар; билими жок, окуган, окубаганга карабайт экен го? Бир кубандым: мурун эле казан-аяк колумда эле, мейли, шүгүр». Эки-үч бала жолукту.

– Шаке, эмне башкача болуп турасыз?

– Э иним, кудай берди.

– Эмне?

– Аялым чоңойду. Прописка менен барат экенмин. Балдар, жүргүлө, пиво ичкиле. Бүгүн мага кубанычтуу күн. Туруп турмадан отуз кружка ал, оюңар менен ичкиле. Пиво жайнап куюлду. Бирок менде акча жок.

– Ой инилер, акча жеңенде экен, барайын.

– Жок, ага, бизде акча бар.

Мына пивону ичтим, прописка алдым. Дежурный «барыңыз» деди.

– Кайда?

– Үстүндө.

«Чоңойгондо үстүнкү үйдө болот да» деп ойлодум. Барсам, аялым театрдын эски чокоюн кайтарып отуруптур.

– Ой, чоңойду десем, чокой кайтарыпсың го?

## ЫСЫК-КӨЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Жолдоштор, мен Ысык-Көл менен сүйлөштүм. А дегенде сырын албай коркуп жүрдүм, себеби «аарыча чагып алабы, каманча чалып алабы, же букача челип алабы? Же баатырча эңип алабы?» – деп. Жок, Ысык-Көл ырайлуу экен, жумшак кумайлуу экен. Туш-тушу колхоз, совхоз жыргалдуу экен!

Ошондо да адегенде четинде, чебердеп кайык менен бетинде, кумунда, коолуу булуңунда жүрдүм. Ошентип жүрүп үйрөнүп калыпмын, ойлодум: күн батканда, эл көлдүн четинен кайтканда мени жалгыз көлдүн четине конок кылар бекен деп бардым. Четине барып салам айттым. «Ат салоом алейкум» десем, «Атаңдын башы» деп эле, көк чаар көйнөкчөн сакалдуу азамат эки кулагын көчүгүнө төшөп алыптыр, мени жакамдан сыга кармап жөнөдү.

– Эй айланайын, ал-абалымды уксаң!..

– Атаңдын башы! Аркы айылдан ат уурдаганы жүргөнсүң го? Оюңда жамандык, уурулук бар го? – деди.

Мен суугa бата түшүп турам, кийиндеп кача түшүп турам. Мурун көрбөгөм, коркуп турдум. Ойлодум:- жолдошторумду чакырайын – деп.

– А-а-а Айманбет! А-а-а Аралбай!..

– Атаңдын башы, бакырба, малды үркүтөсүң.

– Үркүтпөйм. Э-э-э, Муратаалы! Э-ээ, Байышев!..

– Филармониядагы Байышевди...

– Филармонияң кайсы эл?

– Филармония искусствого карайт.

– Ай-е, начальник искусствабы?

– Ооба.

– Эй толкун, коё бер, колун бош кой, – деди бир чарчы бойлуу жигит, чечен киши экен. Корсө, Соңкөл деген киши ошол экен. Соңкөлдүн сөзү:

– Ой, мен Соң-Көл болгону түштүктөй эл көргөн эмесмин. Кичи пейил, меймандос, жана күжүрмөн кетменчи. Былтыр мен командировкада жүргөндө, Байышев Абдылданыкында жатчумун. Ошондо искусстванын адамдарын уккам көңүл ачар эл деп. Бу кишини кыйнаба, толкун! – деди. Аңгыча калың эл көрүндү.

– Ой айланайын Соңкөл, булар эмне? – десем, Соңкөл:

– Сиздин атыңыз ким? – деди.

– Менин атым – Шаршен.

– Жолдош Шаршен, коркпо, биздин атабыз Суу, Суунун улуу баласы Дарыя, экинчиси – Ысык-Көл, Ысык-Көл – акылдуу киши. Ошон үчүн бүгүн чогулуш болмок. Атам беш агайин. 1. Улуусу – Суу, 2-Күн, 3-Жер, 4-Шамал. 5-От. Мына ушул кишинин балдары бүгүн баш кошуп, ичибиздеги бузуктарды жоймокпуз. Мисалы алганда. Толкун өңдөнгөн жиндилер да бар.

– Ооба, айланайын Соке, мына мени уурусуң деп, муунтуп өлтүрүп коё таштады – деп Соңкөлгө ошентип жатсам, жанымда жок эле. Толкун бакырып эле башымды суугa басты.

– Об, об. Толкун жакшы. Толкун жакшы... Айланайын Толкун жакшы -деп кыйкырдым.

Аңгыча Жел, Тунук деген кишилер келип:

– Ой Толкун, ичкиликти бүгүндөн башка күнү деле ичсең жетпейби, мейман кишиге тийип, чык эшикке, короодон чык! – деп, чыгарып жиберди.

Аңгыча көк ала сакал капталдуу, далылуу чалкалаган киши келди.

– Бу ким? – шыбырадым Соңкөлгө. Сокем: – Ысык-Көл ак сакал ушу – деди. Аңгыча Ысык-Көл:

– Эй, жанагы бакылдак эмне? Ууру деген эмне?

– Ал Толкундун чатагы, Шамалдын балдарына ичкилик алдырып ичет экен, мас болуп алып, күрпүлдөп; жолоочуну ууру деп, чатак салып жүрөт. Ичпегенде мындан жакшы, мындан момун киши жок. Ушунун чатагы, баатыр – деди Сокем.

– Ооба, баатыр, ооба, – дедим мен дагы.

– Оо мейманым, сенин ишиңди Соңкөлгө тапшырам. – Ысык-Көл: – Кана, бүгүн беш агини бүт экенсиздер, ишке кирели. Жер, ой көпчүлүк, сөздү ак сакал эмеспи, Суу баштасын.

– Макул, макул — деди көпчүлүк.

– Балдар, – деп суу сөздү баштады, – менин акылыма көнсөңөр, бешөөбүздүн тең көзүбүз бар экен, балдарыбызды ыспискелеп берели.

– Жарайт, жарайт, – деди көпчүлүк.

– Ой, дагы Сукем баштасын улуулата, – деди Шамал.

– Эй, мен Суу болгону далай элди көрдүм. Мындай адил, берекелүү элди көргөн эмесмин, балдар. Бул эл Совет деген эл. Берекеси кайсы? – дейсиңер го. Башканы айтып эмне кылайын, улуу уулум Дайра ушунукуна барып калар элем, бай заманы барында,

ошол эл менин тукумумду кор кылчу. Ары өтсө, бери өтсө, өгүз, ат менен кабыргабызды кыйратып жана булгаар эле. Мурункулар эгин сугарарда калыбы жок, арыгы жок, ал турсун, алышы жок менин тукумумду карып кылчу. Балдар, эми Советти алалы, карачы, Нарынга көпүрө салды, коoздоп баламдын төбөсүнө шөкүлө салды.

– Ырас, ырас, – деди көпчүлүк.

– Оо испискеге киргизүүңүздөрдү сурайм.

– Бу кайсы бала? – деди Ысык-Көл.

– Оо ал Жалын баатыр, Оттун уулу.

– Мага сөз бериңиздер, деди От. – Оо көпчүлүк, атадан алтоо болсо, ар жалгыздык башка келет дегендей, ар кимибиз ар жерде болдук. Ошон үчүн кимдин эче баласы бар, ысписке болсун.

– Жарайт, жарайт, – деди көпчүлүк. От:

– Эмесе, менин сунушум: бешбүздөн беш бала чыгып, ысписке кылсын; Суунун уулу Тунук, Күндүн уулу Жамгыр, жердин уулу Тоо, Шамалдын уулу Салкын, Оттун уулу Жалын.

– Макул, макул.

– Ооба, ооба. – Көпчүлүк макул болду.

Бешөө ишке кирди. Тоо:

– Ой Суу аксакал, ушу кишинин балдарын мурун жазалы!

– Ырас, ырас. – Көпчүлүк макул тапты.

– Ой, эскиче жазбай, жаңыча жазгыла, – деди От.

– Эскичеге жамгыр жакшы, жаңычага Жалын жакшы. Трактор, Комбайн – ушулар менен көп жүрдү. Ошон үчүн Жалын жазсын, биз айтып берели, – деди Тунук.

– Жарайт, – дешти бешөө тең. Жалын баатыр жазууга кирди.

– Суунун балдарын айтыңыздар, мен билгенимди жазайын,билбегенимди сиздер айтыңыздар. Мен баарын эле билет элем, отуз жыл түпкү зоот жакта иштеп жүрдүм. Ошон үчүн кийинки балдардын атын билбейм.

– Ырас, ырас, – дешти көпчүлүк.

– Жалын баатыр, мына бирден Суунун балдары: 1-Дайра, 2-Ысык-Көл, 3-Тунук, 4-Көк-кашка, 5-Муздак, 6-Соң-Көл, 7-Ирим, 8-Айланпа, 9-Толкун, 10-Шар, 11-Көбүк, 12-Булак, 13-Башат, 14-Кудук, 15-Саз.

Экинчи Күндүн балдары: 1-Ай, 2-Жылдыз, 3-Түн, 4-Жамгыр, 5-Мөндүр, 6-Ысык, 7-Суук, 8-Сел, 9-Чагылган, 10-Күркүрөк, 11-Жай, 12-Күз, 13-Жаз, 14-Кыш, 15-Муз, 16-Тоң, 17- Чилде, 18-Токсон.

Үчүнчү Жердин баласы: 1-Талаа, 2-Тоо, 3-Коо, 4-Арал, 5-Бел, 6-Шор, 7-Шахты, 8-Кен, 9-Таш, 10-Кумай, 11-Аска, 12-Капчыгай, 13-Өзөн, 14-Күдүр, 15-Ак чопо, 16-Чымдак, 17-Сыйрылма, 18-Дабан, 19-Чөл, 20-Кайрак, 21-Жээк, 22-Торпу…

Төртүнчү Шамалдын балдары: 1-Бороон, 2-Кыян, 3-Туман,4-Сыдырым, 5-Жел, 6-Куюн, 7-Мелүүн, 8-Керимсел, 8-Бурганак, 10-Капа, 11-Тумчукма, 12-Дем, 13-Булут.

Бешинчи Оттун балдары: 1-Чок, 2-Жалын, 3-Тап, 4-Кымын, 5-Шам, 6-Электр, 7-Күүгүм, 8-Түтүн, 9-Илеп, 10-Табы, 11-Өрт, 12-Бөз, 13-Тутан.

## ОКТЯБРДЫН ТОЮНА БАЛБАН

Эки тарап катышат: бир жагы кудайсыздар уюму, бир жагы – динчилдер. Динчилдердин балбаны үчөө: Курама, Шаршен, Майдакул. Динчилдердин жааттары: Муратаалы, Шераалы, Сүйүмкан, Күлүмкан жана башкалар. Кудайсыздар балбаны бирөө – Айманбет балбан. Жардамчылары: Актан, Көкөн, Калмурат, Калык жана башкалар, Сахнада уюлгушуп, өзүлөрүнчө кыймыл. Башкаруучу – Ыйманкулов.

Ы й м а н к у л о в. Жолдоштор, азыр балбан күрөш болот. Кудайсыздар уюму менен динчилдер жааттары беттешет. Байге үч центнер буудай, эки

козу, бир өтүк. Кычы болсо, ит жыгылыш болсо, кайта күрөшөт.

## САХНАДА ДИНЧИЛДЕР

М у р а т а а л ы . Ой балдар, кудай деген куру калбайт деген, кудайга сыйынсаңар жыгасыңар.

Д и н ч и л д е р . Ырас, ырас.

Ш а р ш е н . Муке, мага кудай берген; балам да, кызым да, өзүм да балбанмын жана таякем да баатыр экен. Таякем Атантай баатыр соолгон алыштан эки карыштан ашык балыкты коркпой тирүү кармаган экен. Ошо таякемдин арбагы колдосо, кудай кулум десе, жыгабыз.

Д и н ч и л д е р . Ырас, ырас.

М а й д а к у л . Ой атаке, ушу кудай дегениңизди мен жаратпайм, себеби – кудай деген киши жыргаса, Токторбай сопу, Аалы молдо, Сатылган сопу – ушулар кудай деп отурат, такыр жарыбайт. Эми кудайды айтпаган Өмүркул, Темиркул булар семиз жана малдуу. Атаке, кудайга сыйынганча иштеген, окуган жакшы.

Ш а р ш е н . Өгүнү атам: «Кудай жеткизет» дейт. Жеткизер бекен деп, кудай-кудай деп, үч жолу айтып, бир кило момпосуй алдым да аз жедим, кайта килого салсам, элүү грамм жетпей калды. Үч күн кудайдан тиледим, элүү грамм жардам жок жана да Совет көчөдөн Кыргыз көчөсүнө жөнөдүм. Кудай жеткир деп акырын бастым, бир саатта бардым. Кайта кайттым, өзүмө сыйындым, беш мүнөттө келдим. Кудайга сыйынсак, жыгылабыз, атаке. Мен бескултур ойноп, окуусун окуп көндүм. Мындай балбандын алтоо болсо да, мага тең болбойт.

Оозуңдан садага болоюн, ушул айтканыңдай чыгып берсең, кызым, сенин бескултуруңа мен да баш ием.

## КУДАЙСЫЗ УЮМ САХНАНЫН ЧЕТИНДЕ

Актан. Ой, турасыңбы? Кана, биз болсок даярбыз. Айманбет балам, күч атасын таанybайт, челек чапкандай кыл!

Айманбет. Акай, тигилер кудай, олуя, машаяк деп кобурап жүргөндүр. Ошентсе да, катуудан казанын, жумшактан күлүн койбоймун.

Актан. Ишенем, кагылайын.

Карымшак. Оо сопуларды кудайыңа кош!

Көпчүлүк. Ооба, ооба.

Курама. Эй, атаңдын башы!..

Мураталы. Кой, балам, айта берет. Ой, Байышев кана, кимиси мурун түшсүн?

Байышев. Муке, жакшылап батаңды берсең, кимиси болсо жыгат.

Мураталы. Ой, жаш келсе ишке деген. Шаршендин өзүн кой, Курама түшсүн балбанга.

Үн. Макул, макул.

Мураталы. Тигилер да даяр экен. Кана, балам, колуңду жай, бата берейин. Оомийин: отуз эки олуя, миң бир-эки машайык, колдосун. Лайоомин, айры төштүн алдына жатпа, оло акбар!

Шаршен. Ой, Чаке, калыстык кыл!

Чалагыз. Өзүм билем /*көзүн кысып*/.

Шаршен. Чаке, мындан чыкканда биздикинен таруу бозо иче кет.

Байышев. Эй, андай кармаба, ийнин көтөр. Көтөр, бали, бали!..

Актан. Тарт-тарт, ичиңе тартып чал, кайра чап, кайра чап, бали, бали!.. биринчи балбан Курама жыгылды.

Шераалы. Ой Муке, Шаршен өзү түшсүн. Муке, ууз батаңды бер!

Шаршен. Оомийин...

М у р а т а а л ы . Оомийин, бүткүл кызыр жана таякең Атантай баатырдын арбагы колдосун, оллоуакбар.

А к т а и. Тигини кара, кобурап жатышат. Айманбоз, оңкосунан сай күч атасын тааныбайт.

Беттешти. Кезек менен кол беришет.

А й м а н б е т . Мына колум.

Ш а р ш е н . Кармады.

А й м а н б е т . Булкуп тартып кетти.

Ш а р ш е н . Колун берет.

А й м а н б е т . Кармады.

Ш а р ш е н . Тарталбай, буту менен тээп туруп тартып алат.

А й м а н б е т . Булкат.

Ш а р ш е н . Оо Чаке, муну карачы, түз күрөшпөй, кабыргамды мытып жатат.

А к т а н. Бекер, чыдабас жалакай.

/*Балбандар сыга кучакташып силкишет. Шаршендин бир батинкеси ыргып кетет. Кыймыл күчтүү жүрөт. Чалам деп чалкасынан кетти Шаршен. Шаршен жер карап араң басып барат*/.

М а й д а к у л . Атаке, жер караба. Атаке, мына советтин сөзүнө ишенбей, «кудай-кудай» дейсиң, кана кудайдын жардамы? Мен окусам, пескултур ойносом жактырбайсыз. Мага батанын, кудайдын кереги жок. Өзүмө, балтырыма, булчуңума, мугалимиме, үйрөнгөнүмө ишенем.

**КҮРӨШ.**

М а й д а к у л . Моюндан толгойт.

А к т а н. И-эй, Токтот, токтот, Чаке, күрөштүрбөйм.

Б а й ы ш е в. Майли, алың жетсе, сен да мойнун толго!

Ч а л а г ы з. Ой, кычыласаңар, байге жок.

Ш е р а а л ы. Майдакул чалып чыкты.

М у р а т а а л ы . Кыйкырык, дуу-дуу болду.

Ш а р ш е н . О Муке, билимде айла көп экен. Өнөргө, кызымын жолуна ыраазымын. Кызымын максатына мен курман. Өзүм уулум жыга албаган балбанды кызым советтин билими менен жыкты. Ой, Алманбет, Актан, кел, жарашалы. Кызымдын жолуна кирдим.

*/Муратаалы Актанга кол берет. Шаршен Айманбетти, Майдакулду — экөөн эки ийнинен көтөрөт. Актан Кураманы ийнине көтөрөт/.*

Б е к м у р а т . Оо Муке, пескултур кызың болбосо, кудай арбагың теректин башына илинет эле.

К ө п ч ү л ү к . Ырас, ырас. /*Күлкү*/.

*Сахна жабылат*

## АБЫШКАНЫН КЕМПИРИНЕ КҮҮ ЧЕРТИП БЕРИШИ

Мурунку убакта бир абышка, кемпир болгон экен. Бул экөө өмүрүндө бала көрүшпөйт. Өзүлөрү балалуу болбогондон кийин ошол карыган күндөрүндө дале бирине-бири баладай сезилип, бири-бирин абдан жакшы көрүшчү экен. Абышка өзү жакшы комузчу киши экен. Комуздан башка дагы абышканын кол өнөрлөрү көп экен. Мисалы: казанбак согуу, орок саптоо, казык учтоо, жүгөн куюшкан, камчы өрүү жана аяк чабуу ушул сыяктуу адамдын колдорунан оңой менен келбей турган кесиптерди кылып, оокат өткөргөн абышка экен.

Бир күнү абышка, кемпири экөө үйүндө өз тиричиликтерин кылып отурушат. Абышканын байбичеси бул күнү өтө эле көңүлдүү болуп абышкасы көзүнө жакшы көрүнүп, экөөнүн жаш кездериндегилерин элестеп, кубаныч менен абышкасына карап күлүмсүрөп:

– Абышкам, сага бир сөз айтсам, жаман көрбөйсүңбү? – деди.

– Эмнеге жаман көрөм? Сени башында жакшы көргөнүмдөн алгамын, байбиче, сүйлөй кой.

– Анда, – деди кемпири, – мен сени менен кошулгандан бери сенин комузуңдун үнүн кулак салып жакшы уга элекмин. Сенин мага арнап чыгарган күүң жок ушул убакка чейин. Комузуңдун үнүн өзүмчө уга элекмин. Эми мага арнап бир күү чертип бере аласыңбы?

Абышка байбиченин бул күнкү кыялына өтө кубанып, эмне кыларын билбей, керегедеги илинип турган комузун колуна алып толгоп: «Байбичеме мен бүгүн башка көрүнүп турат окшойм. Байбичем мени бүгүн жакшы көрүп турат окшойт. Башка күндөрдө байбичем мага минтмек турсун сүйлөгөн сөзүмдү жактырбай какмалап, чыргыттап жанына жолотчу эмес эле. Эмесе, мен байбичеме бир кыңгырамадан, дыңгырамадан, кайрамадан, сайрамадан чертип бербесем болбойт» деп комузунун ортоңку кылына үн кошуп, көпкө созуп, комузун толгоп алып, байбичесине арнап, мурун такыр чертилбеген жаңы күү чертти. Күүнү чертип бүткөндөн кийин байбиченин көөнүнө бул күү өтө эле жага түштүбү, абышкасына карап, күлүмсүрөп, кыт-кыт күлүп, мындай деди:

– Кудай каргаган арам, купшуңдаган арам, култуңдаган арам десе. – Дагы кыт-кыт күлүп. — Комузун койколотуп, колу-башын мындай ойколотуп какканын кантейин, култуңдап жөнү жок жерден кишинин көңүлүнө жакканын кантейин. Ушул азыр да купшуңдайсың, жаш чагыңда жардан алыс учуп кетпей, же кайнаган казанга түшүп кетпей эмне болуп жүрдүң экен дейм деги! Купшуңдаган кудай каргагырым десе, мен сенин кудайыңдан секет кетейин. Балпалаңдаган балакетиңди алайын – деди.

Абышка черткен күүсү байбичесине өтө жагып, анын кубанганына толкунданып, «байбичем дагы

чертсе деп турган экен» деген ой менен экинчи дагы бир күү кайрып, колун ойноктотуп, ары-бери шилтеп, байбичесинин чекесине жакын барып, эркелетип чекесин сылап, анан мурдун карай шилтеди. Акырын эркелетип шилтейм деп, байкоосуздан катуу шилтеп алды эле, байбичесинин мурду канап кетти. Бул жерде өтө толкунданып отурган байбиче оң колу менен мурдун кармап алып ыйлап, абышкасын тилдей баштады.

– Ик-и-и!.. Өлүгүңдү көрөйүн, кайдагы бир жарыбаган жаман, жарды кишинин баары комузчу болот. Жакшы кишилер комуз чертсе, жалпы журттун баары комуз чертпейби? Жаман кишинин ойногону курусун! Мен бир керилип турган келинге окшоп, кишини келтирип кеңилжээрге коёт. Бул бир болуп турган боз балага окшоп, болжогон эмедей келип, кишини мурунга койгону эмнеси экен? – Байбичеси ыйлап калды.

Абышка менен кемпир жакшы ойноп жатышып, оюндан от чыгат дегендей, абышка обу жок ойноймн деп, кемпиринин мурдун канатып алды. Кемпирдин мурдунан кан көпкө чейин токтобой жатып токтойт. Андан кийин абышка байбичесинин алды-үстүнө түшүп жатып, сооротуп алып, байбичесине дагы бир жакшы күү черткенде, байбичеси баягы мурунку калыбына келип, дагы кыт-кыт күлүп:

– О купшуңдаган кудай каргаган арам, анан ошентип ойнойсуңбу, обу жок? Андан көрө кишини сылап, сыйпап, нукуп, башка бир кыял-жорук көрсөтүп ойнобойт бекен? Эми, абышкам, аныңды кечирдим. О, кудай каргагыр десе, эми ырдап бер! – деди.

Мына ошондо абышканын байбичесине ырдап берип жатканы:

Томпогой бетим топ чакта,
Топ сакалым жок чакта,
Ойночу белем оюнду,

О кемпир,
Мен чабуучу белем союлду.

Эр картайды, мал тайды,
Ат картайды, жал тайды.
Кыз алып сүйгөн кемпирим,
О картайды, чалың тартайды.

Ар убак эстеп ойнуңду,
Карылык келип башыма,
Ажыратып койдуңбу?
Али да болсо сагынам,
Байбиче, сенин койнуңду.

Бала кезде кошулуп,
Баркымды билип сыйладың.
Кыз кезекте кылактап,
Кылыксынып туйладың.
Ошол кезди мен ойлоп,
Оюма түшүп ыйладым.

Байбичеси дагы күлүп толкунданып, абышкасына карап:

– Сен бүгүн деги көзүмө кандай көрүнүп турасың? О моло, ошентип, өткөн күндөрдөгүнү ойго салган, арам, деги эмне болуп кеткенсиң? Мен тим эле кептин жайын айтсам, бул кудай каргагырдын ою башкага кетип бარатат. О кудайдын алкышы тийгир десе! – деп, абышкасын бир муштап, байбичесинин абышкасына карап ырдап жатканы:

Жаш кезинде, абышкам дулдул,
Жаңылбай сөздү тапчу элең булбул.
Жанаяк менен казанбак дебей,
Усталык кылып сокчу элең, кургур!

Кыз кезимде жандадың, чалым,
Колумду кыса кармадын, чалым,

Качанкы өткөн жаштыкты сен,
Оюма менин салбагын, чалым.

Бир кезде жигит бала элең, чалым,
Таарынып капа болбогун, жаным.
Бир жатууга кемпириң менен
Баштагыдай эми жок алың.

Купшуңдап мага тийишип,
Мурдума неге муштадың?
Карып калган кезиңде,
Абышкам,
Карылык жинди таштагын!

## АШЫРБАЙ[1]

Ашырбай, Арзыбай, Токторбай үч агайын. Атасы Нураалы өрүмчү жана ороочу. Дайым ороо кайтарат. Нураалынын дагы бир өнөрү – ыштыкчы. Жатакта калып, дайыма чанач ыштайт. Аялы Таштүлөк. Нураалы чокчо сакал, арык, ары чабал киши. Чоң жумуш колунан келбейт. Ошондой болсо да, колу бирдемелерге жөндөмдүү киши. Ал майда кесипти сүйүп, колуна тийгенин көңүлдөгүдөй аткара турган. Камчы, жүгөн, куюшканды куп келтирип өрөт. Байлардын чаначын ийлейт. Жүнүн алып ыштап, эптеп оокат кылат. Нураалынын аялын байлар «Ташбака» дешет, себеби Таштүлөк бою чарчы, башы чоң, тууралжын аял. Чачы өргөндө да жерге тийип турар эле. Чачын дайыма түйүп коючу. Таштүлөк бир күнү Беккулу деген байдын согумга сойгон бээсинин терисин ийлеп берем деп алды.

– Ой, балам, чоң бээнин терисин ийлөө колуңдан келеби?

[1] Повесть эч жерде жарыяланбаган. Толук жазылып бүтпөй үзүндү түрүндө болсо дагы, маркумдун адабий мурасын окурмандарга сунуш кылууну туура көрдүк.

– Келет, ийлей алам.

Беккулунун үйүндө отурган Кыдыраалы ак сакал Таштүлөктүн сөзүн уккандан кийин мындай деди:

– Токсонго чыктым. Көп балбанды көрдүм. Сырттагы саяк тууганда Каба балбан болгон. Жүктүү төө ашуунун белинде муздун жарыгына түшүптүр. Ошону Каба эңкейип кош аркандап тартып чыгdroarda таш кыркып, төө мурункудан бетер түшүп кетет. Таштүлөк келин зайыптыгы болбосо, күчү ошо Кабадан кем эмес.

– О Кыдыке, – деди Шамурза алиги карыяга кайрылып, – бул Нураалынын иши оңолот. Өзүңүз билесиз: былтыр көктөмдө эл кумга көчтү. Нураалы кыштоодо калды. Малы турсун ити да жок. Тамыр тартпаса, жаш балдары бар экен, кантип оокат кылат деп ойлогом. Баягы жылгындуу коонун аягында жылкыга баратсам атым үркөт, чочудум. Түн, айсыз караңгы. Уурубу же бөрүбү десем: «ай, ай аке» – деди.

– Сен ким?

– Мен, айланайын.

– Мен деген ким?

– Өрүмчү агаңдын зайыбымын.

– Ээ Таштүлөк жеңесиңби?

– Ооба, айланайын.

– Амансыңбы?

– Шүгүр, айланайын. Төшкө ала көлөкө болгондо чыктым эле, айыл кайда?

– Мына жүр, мен таап берем. Айыл күдүрдүн алдында, кел учкаштырып алайын.

– Жок, бутум сарыгып кетет.

– Эмне кеп бар?

– Кайсынын кеби? Чычкандай үч жаман нымым бар, жалам талкан жок. Кашык айран жок. Өрүмчү агаңдын көлөкөсү эле бар. Кийиз басышып, жүн сабап, айран таап, сүзмө куюп кетсем деп келдим, айланайын жылкычы.

– Макул, бүгүн биздикине жат.

Таштүлөктү үйгө алып бардым, жакшы жатты. Эртеси Дайырбек байдыкынан кийиз кылышты. Үч чийге салган кийиз нечен койчу, жылкычы менен салгылашып, Таштүлөк кийиздин ортосунда. Кайсы жерин басса ошол жерди таштай кылат. Кыл орогон аркандан онду эшип берсе бир чака жуурат. Ошентип, беш күндө алты карыш кап менен эки кап сүзмө кылып, төшкө жөнөмөк болду. Бир кабы суулуу суюк түндүк бакандан үчтү байлап, бир кабын асса, бир бакан сынып кетти. Дайырбек бай:

– Ой, кызыталак, муну төшкө кантип жеткиресиң? Күзгү кийизге да каралашып бер. Койчу минген токол өгүзгө артып кет. Нураалы кайта жеткирип берсин, – деди.

– Кокус, уурдатып коёр бекенбиз? – Таштүлөк акырын сүйлөдү.

– Эй, үйгө кийирип кой. Түнкүсүн кокус жоготсоң, бул өгүзгө үч балаңды берсең да албайм.

«Кап, артпайм десем жаман көрөт го» деп ойлоп, «Кел койчу» деп чакырып алты карыш жаңы жасалган капты оозунан бууп бир гана жип куржунча арта салмак болду. Бир жагын эки койчу көтөрө албайт. Таштүлөк: «Ой адам болбой калгыла» деп ийнине салып ыргытты. Жаш өгүз экен, аңгыча кыйшайып жыгылды. «Кой, балдарды бага албай жүргөндө жалаасына калбайын. Бели майыппы?» – деп кыска тонун ийнине бүктөп коюп, эки капты көтөрүп жолго түштү. Аралык аттуу кишиге бир күнчүлүк жол. Жайкы ысык. Таштүлөк жүрүп отуруп, түнкү жылдыз толгондо үйүнө келди. Балдары алсыз, текей каткан. Күйөөсү бөксөдөн сарымсак терип кекилик илинтип келген, анын араң жаны бар экен. Эки кап сүзмө келди. Балдары эс алды. Үч ай кодура бышканча ошонун жугу кетпеди. Мына, Кыдыке, өгүз көтөрбөгөн жүктү Таштүлөк бир күнчүлүк жерге көтөргөн.

Шамурза Таштүлөктү жөнү жок жерден мактабады. Ал өз көзү менең көргөн чындыкты айтты. Үйдө отургандар аялга таң калуу менен караштьг.

Таштүлөк эки күндө терини ашаткандай аппак кылып ийлеп алып келди. Эң кыйын ийлегичтер бери жагы он күндө талкуугa салып, токмоктоп ийлейт. Таштүлөк болсо кол менен бүтүрдү. Чоң теринин бир учун тээп туруп, карылуу кол менен толгоп, ийине эки күндө жеткирип, убадасы менен бүтүрүп келди. Беккулу бир байпак, бир чака конок берди. Ат алгандай кубанып, Таштүлөк үйүнө барды.

Кара жолдун жээги. Эл эгинди Сайкал деген жерге айдаган. Эгиндин көбү таруу, конок. Буудай чанда бир. Короонун жээгинде жүздөй оороону кайтарып, Нураалы калды. Эл бөксөдө, кыштоодо. Жоокерчилик, тоо жамынып эл чогуу. Нураалы үч баласы, байбичеси болуп талаада, жер ээн. Ар түнү карышкыр келет. Кыңылдайт, улуйт. Жаман боз үй. Нураалы кереге жакка Таштүлөк от жакка жатат. Бир кетмен, бир соку, сок билек бар. Мындан башка эч жабдык жок. Карышкыр улуса, бири казанды кыңгыратат, бири кетменди кыңгыратат. Карышкырлар бештен жетиден жүрөт. Күндүз да көрүнөт. Нураалы балдарын күндүз да эшикке чыгарбайт. Зили ит кол салган жок.

Он эки күлүк атчан киши келди. Баары тумакчан, бирөөнөн башкасы баары жаш жигиттер. Колдорунда найза, чочмор бар.

– Оороону ач.

– Жок, бул ороо ар кимдики айланайын коноктор.

– Биз күн батыштан келе жатабыз. Күн чыгышка барабыз.

Он эки чоочун адамдардын ичинде бөрү ичик, түлкү тумакчан көк ала сакал киши бар. Башчысы ошо. Баары «төрөм, төрөм» дешип ага жүгүнүшүп турат. Ошол төрө бир жолдошун четке чакырып, алып кеңеше баштады:

– Ушу кыргыздын аялы сулуу экен. Табир шашын карачы, маңдайы ашык, осыны алып кетели.

Бери жакта тектурган Ашырбай тигилердин сүйлөшкөнүн угуп калды да, катуу бакырган бойдон энесине келди:

– Апа, алып кетем дейт сени. Алып кетем дейт!

– Ойбай, бул не дейди?- Алиги төрөсү ачуусу келген өңдүү сурай кетти.

– Бул баланын оорусу бар, айланайындар. Жалгыз жаман алачык. Эл көрбөй балдарым чоочуркап жатат, эчтеке эмес.

– Ой, кыргыз тууган, атың ким?- Төрө сурады.

– Атым Нураалы.

– Нураалы, он эки аттан тандаган атыңды берейин, катыныңды талак кыл.

– Талак деген эмне?- Нураалы түшүнбөй сурады.

– Үш талак десең, катының бос калады.

– Ой, айланайын таксыр үч баланын убалы мени уктатабы?

Нураалы окуусу жок наама киши чочуп турат. Береги кишилер казактан аттанып чыккан. Дайым уурулук менен көз ачкан адамдар. Бул жолу сыр билгизбей жатышты. Эртең менен бир ороону ачып, аттарына жем салышты.

– Ой, айланайын ээсине эмне жооп айтып эмне беремин?

– Эй, төрө атына илип жегизип кетти десең болот. – Ары четтеги бир жигитке кайрылып айтты.

– Эй, акын, кел өлөң айт.

Төрөнүн акыны чап жаак, шириңки неме экен. Ал төрөсүнө кайрылып сурады.

– Төрөм, калай согом?

– Сол маган калай сөз ылайык, сондон ак сок. Аркы атам Кыбындан, Шыбындан тарат, Дуулатка жеткиз. Сонон соң Абдонго жеткиз.

Алиги кара ширеңки акыны кичине ойлонуп, көзүн жумган бойдон өлөңдү согуп кирди.

Төрөм оо, бу улуу жүздөн тарагансыз,
Тегиң улук агадансыз,
Улуу жүздөн берки атаң чоң Абадансыз.
Сындасаң Кыбын, Шыбын баары коркот,
Ой төрөм, ишенемин, шын кабылансыз.

Ой төрөм, иен жаткан мал да даяр,
Жолуксак, кампо, ороо дан да даяр.
Топ болсо ыгым, шыгым төрө үшүн,
Согум, кийим жыят, бөлүс анда даяр.

Ой төрөм, кулуң да бар, күңүң да бар,
Семейдин киши ауданын шапканыңда,
Нешен ыйык тон-тосор алган эдиң,
Сол асыл мүлк үйүңдө, жүгүң да бар.

Кыш күнү атың күлүк усанасың,
Кыргыздын шетин шабуп, кыз аласың.
Кесибиң өз басыңа дуба кеткен,
Ар убак жаткан элге чуу саласың.

Биздин жер ак шополуу кумдуу экен,
Кыргыз жери ала топу чымдуу экен.
Чым аркасы нандуу экен төрөм ырас,
Дандуу экен, малы майлуу-жалдуу экен.

Акындын өлөңү табышмактай сезилди. Чоочун адамдар сыр билгизбеди. Аттары жем жеп бүткөндөн кийин алиги суук көрүнгөн он эки киши аттанып кетти. Алар күн чыгышты карай бет алды.

– О Таштүлөк, бул кишилер сооп издеген кишилер эмес. Зордукчу го?

– Ооба, уста, жанагы төрө дегени далайды сыздаткан неме көрүнөт. Алып жүрүшкөндөрү айбалта, кылыч, найза, чочмор, союл. Ушулар соо дейсиңби?

– Малдуунун малын алат, малы жок бизден айланабы?

– Ырас ырас, иши кылып аман болсун. Эки нар жөөлөшсө майда чымын кырылат деп, иши кылып тынчтык жакшы. Деди Таштүлөк эмнегедир кооп санаган өңдүү.

Ортодон бир жума өттү. Баягы төрө жыйырма төө айдап келди. Нураалы акылсыз жалгыз баласынын кайны келгендей төөнү тосуп атты байлап жүгүрүп турат.

– Ой, уста, сен чочуба, шашпа. «Алты күн уруш болсо, ажалсыз чымынөлбөйт» деген элдеги макалды оюңа ал. Таштүлөк чалына эскертти.

– Ой, Аттокур,— деп төрө жигитти чакырды. – Шакыр үйдүн иесиң.

– Жеңеше, сизди төрө шакырат – деди Таштүлөккө жандооч жигит.

– Төрөм, амансызбы? – деп баш ийкеди Таштүлөк.

– А аеш, конакпыз. Түйе камдап келдим. Эртең эрте барам деген жериңизге жеткирип коём. Отту шоң-шоң жаккының деди белгисиз төрө.

Кыш күнү. Аттын жалпак тизесинен кар бар. Карды күрөтүп ороону ачууга даярданышты. Жер тизе бою тоң, кетмен жок. Айбалта менен кириштп. Четте чоң ороо бар. Таштүлөк ошого Ашырбай, Арзыбай, Токторбай үчөөнү жаткызып койду.

– Мынабу жоо алып кетпесин. – Таштүлөк балдарга таруунун талканын берип,- эч жылбагыла – деп эскертти.

– Ой, уста, бери басчы. Түн узун. Сен эптеп тоого кетсеңчи. Эртең түшкө чейин кол келсе, ушул жоону кумга жеткизбей басып алар эле – деди Таштүлөк күйөөсү Нураалыга.

– Жарайт, байбиче. Мында соо болбойм, муунум эле титирейт.

– Ой, уста, «Өгүз баштаса – өргө, уй баштаса – чөлгө» деген макал бар. Ошондой болбосун.

– Эмне үчүн?

– Жакшы чыйыр жок. Бүгүн жоонун дүбүртү бар. Ошол үчүн кабары жок болсо күндөгү карышкыр

сени ортодон талайт. Өлүү болсок бир чуңкурда, тирүү болсок жаман алачыкта бололук.

– Макул – деди Нураалы шашкалактап.

Жан казанды асып, төрөнүн жигиттери эшикте тамак кылып жатат. Төөнүн белинде алакийиз, жууркан бар. Аларды алдырып Нураалынын үйүндө төрө казанга сүт бото тайлактын этин салдырып олтурат.

Жигиттер таң атканча тынышканы жок. Ороону казышты. Элүүдөн артык кап жыйырма төрт төөгө даяр болуп коюлду. Көңүлдөрү көтөрүңкү жигиттер эки-экиден өлөң айтып, Нураалынын үйүн жаңырташты. Түркчө дагы ыр айтылды.

– Ой, акырын айтыңар өлөңдү, кыргыздын алтоу келип калбасын? – деди Төрө.

Ээн жердин бөрүсүндөй кутурган жигиттер тигинин сөзүн күлкү менен кабыл алышты. Өлөң менен таң да атты. Аттокур деген шыңгаал жигит Таштүлөккө айта кетти.

– Жеңе, кар эритип бериңизчи.

– Жарайт. Эмне кыласың?

– Төрөнүн аты ичет.

Аттокур муну атайы иштеген. Таштүлөктү алаксытып четке алып чыкты да, ага мындай деди:

– Жеңе, төрө сизге ашык болуп калды. Бирок коркпоңуз. Балаңы, эриңи таштап, сени алып кетмек болду. Сиз мына бул Нарбаш деген ат, Дубандан чыккан күлүк ат. Төрөнүн аты. Акырын четтетип коёюн, мин да тоону бет алып кач. Эч ким жетпейт.

– Ой, оозуңдан айланайын, ыракмат айтканыңа кайним. Сенин да ата-энең какшагандыр, билдим айланайын. Менин өмүрлүк жолдошум, бооруман чыккан үч баанегим качсам кор болобу? Же өчөшүп алып кетеби? Башка түшкөндү көрөм...

Кызыл мындан жактырып, төрө төрдө бөрү ичик жамынып олтурат. Жанаякка насыбай ийлетип жатат. Таштүлөк кирип, төрөгө мындай деди:

– Айдабай нан жеген, бакпай мал жеген бактылуу адам экенсиз. Бул эгиндин ырахатын сиз көрөсүз, азабын биз көрөбүз.

– Жок, бес түйөдөгүнү сенин үйүңө коём, өзүң кожоюн. Ал энди баска не керек? – деди Төрө жагалдана.

– Төрө, менин колумдан жигиттер туз татсын – деди Таштүлөк.

– Аттокур, – деди төрө күлүп. – Шакыр жигиттерди.

Төөлөргө жүк артылган. Сокуга талкаланган талкандан жүндүү жарма кылып, бир казан даяр болду. Жигиттер чогулуп жармага киришти, Таштүлөктүн эки көзүнөн жаш, эки эмчегинен сүт агып турат. Чөгүп жаткан төөлөр бүт тизделүү. Чалгынын учунан кылган чоң шамшар бар. Казандын четине кайрап, кайрап алды да,Таштүлөк эшикке чыгып кетти. Чөккөн төөлөрдүн арканын текши кыркып салды. Каптардын баары куланып жатат. Жоо жармада. Күрөндү кардын үстүндө найза, кылыч, айбалта, чочмор жыйылуу турган. Таштүлөк бирин да койбой баарын эски ороого таштап, үстүнө самандан салып анан карды күрөп койду. Жоо дале жармада.

– Эй, – деди төрө,- жанагы аел оюнда эч нерсе жок. Оюнда кыргызда жашайм дейт го?

Күлкү алачыктын ичин жаңыртты. Бул сөз Таштүлөктүн кулагына шак тийди.

– Туулмак бар, өлмөк бар. Тийбегенде кылганы ушул тобокел – деди.

Таштүлөктүн өзүнө үйүр, колуна көнгөн өрүк сок билеги бар. Башы чакадай. Ошону менен үйгө кирип, төрдөгү төрөнү башка берип калды. Эшик жакта отурган Нураалы дөбөлөнгөн чокту отурган адамдарга чача берди. Жаман үй талкаланды.

Таштүлөк бир чапканда эле, төрөнүн бир жак кулагы, көзү жана мээси керегеге жабыла түшкөн экен. Дагы биринин колу карыдан үзүлөт. Бирок иш

кыйын, абал оор. Таштүлөк байкабай катуу чаап, сок билекти кармаган жерден сындырып алды. Жоо Таштүлөктөн бөрүдөн качкан койдой туш-тушка качышты.

Аттокур мындай болоорун билбеген эле. Жоодо балбан, ат үстүнөн алдырбаган, кыйын жигит бар.

– Балта, кылыч кайда? Эмчегин кесем... деди бирөө.

Анын кыйкырыгын уккан адам жок. Нураалыны эки жоо басып жатат. Аттокур экөөнү түртүп жиберип, «төөлөрдү чогулт, муну мен өлтүрөм» деп, Нураалыны басымыш болуп, «тим жат» деди.

Нарбашты баягы кыйын жигит минип, Таштүлөккө кирмекчи. Аттокур «Кел Нарбашты мин» деп шашымыш болуп, Нарбаштын бутун чие кылды. Оздугун саламын деп шашкан болуп жүгөнүн шыпырып таштады. Башы жез сары зым орогон жылан боор камчы жигиттин колунда. Таштүлөктүн бир колу аттын ноктосунда, бир колу сок билекте. Бир жардам Нарбаш тушалуу. Бирде жоо эңкейтет, бирде Таштүлөк эңкейтет.

Башкалар өздөрүнчө алек. Төртөөнүн колу сынган. Төрөнүн жарым башы үйдө калган. Кээ бирөө ичин, бетин отко күйгүзгөн. Жалгыз гана Аттокур соо, Таштүлөктүн эмчеги жарылган. Ал бир булкуп басмайылды үздү. Быштаңча менен көмөлдүрүк калды. Кармаш дагы уланып жатты.

Балдардын жаткан жери эски ыштык. Ойгонушуп карашса, күн көтөрүлүп калган. Төөлөр бакырат. «Апам не келбейт? Жоо алат, көрүнбөгүлө деди эле, атамды жоо алып кетпесин» деп, Ашырбай келсе апасын кызыл ала кылып, аттын омуроосуна салып бара жатат. Ашырбай тогуз гана жашта. Анын үстүнө бала жыңайлак. Ороонун четиндеги жаман кетменди көрө коюп колуна кармай чуркады. Ашырбай аркасынан жете келип чапты эле, алиги неме эч нерсе болгон жок. Деги тоотуп койчудай эмес. Апасы тартса, алиги

неменин буту сырая түшөт. Ашырбай болжоп туруп, алигини бутка чапты. Үзөнгү талкаланып кетти. Ага удаа алиги балбан жигит оңкосунан түштү. Таштүлөк жоонун жыгылганын билбей Нарбашты кармап туруп, сок билектин дүмүрү менен аны башка чапты эле, ат дагы оңкосунан кетти. Таштүлөк кызуу менен Ашырбайды чапмак. Кол көтөрүп, жаңыдан камынып келе жатканда «апа, апа» деген ичке үндү угуп калды. Ошо замат караса жанында уулу Ашырбай турат.

– Айланайын кулунум, барсыңбы? Атаң кайда? Оо, эсим ооп калыптыр – деди Ашырбайга жалбарына.

– Апа, үй жок. Үй талкаланыптыр. Ичи кан – деди Ашырбай.

– Алдыңа кетейин, коркосуң, көрбө. Суу алып кел... – деди.

– Суу жок. – Ашырбай суу таппай айтты.

– Балам, кумганды кара.

– Мына, апа, бар экен. – Ашырбай чуркап жетти.

Таштүлөк сууну жутуп жиберип, мурунку калыбына келгендей болуп эс ала түштү. Караса, кийими тытылган. Буту, эмчеги жарылган. Жоону караса төөнүн баарын чогултуп айдап бир тай чабым алыс кетиптир. Нарбаш, эгин салынган каптар эки ала кийиз, жабдык бүт калган. Таштүлөк эсин жыйып:

– Ой уста, буту-колум ачышып турат. Тетиги жоо кайта келсе, аямай жок. Мурунку эски ороого жоонун жабдыктарын таштагам. Аянар жер калган жок, аларды алып кел – деди.

– Ой, тартып алып кылычы менен кайышча тилбесин?

– Жок уста, көбү жаралуу. Сен балдарыңды алып тур. Биз жоонун жеринде эмеспиз. Тетиги аскалуу Ала-Тоону көрүп, ошонун кубаты менен кармашам. Жана силер бар. Мына аш бышым кармаштык, Ашырбайым болбосо, алдырат элем – деди жашый түшкөн Таштүлөк.

Тоо жактан чубаган караан. Күн чоң шашке. Аны көрүп, жоо катуу шашып төөнү жолсуз жерге салды. Кар аттын жалпак тизесинен, жоо төөнү сабайт, төөлөр бакырат. Алардын бакырганынан жер жаңырат. Жоо кетти.

Алиги тоо тараптан көрүнгөн караандын жайы мындай эле: Таштүлөктүн жалгыз бир тууганы Баялы өгүзүнө минип, баласын учкаштырып алып учурашууга келе жаткан болучу! Тайганы артынан ээрчип алган. Артынганы аяк-табак, аялы жөө. Баялы кырган уста. Тоодон жарым түндө чыккан. Баялы бакырып: «айланайын уялаш» деп кучактап, буркурап турат. Баялынын аялы Асбээли кайрат айткан болот:

– Ой кыз, балдар коркот сабыр кылгыла.

Дароо казанды асып оттукту чагып, кууну күйгүзүп тутандырды да от жакты. Дароо кар эритип жиберди.

– Кыз, кел жуун. Бардыгы белгилүү, аман калыпсыңар ошол олжо.

Киши бою кызыл мыя, камыш, чогойно ушулардан калап, төрө салынган эки алакийиз келген, аларды калап үй кылды.

– Кыз, согумга бир эркеч сойгонбуз. Мына энчиң. Мына бул көйнөктү кийгин. Быйыл агаң бир топ эле теке атты. Үч балаңа шым, Нураалыга тетиги чолок тон. Колдо жок курусун улуу балаң онго айланып калыптыр.

– Жеңе, эми өлсөм арман жок. Ошо күндөн ушу күнү келгениңер жакшы болбодубу? Байкем жеңил киши, кечээ келсеңер чатак аябай чыкмак.

– Ой, мылтыкты ала келсемчи?

– Бирин атарсың, башкасын кантесиң?— деди аялы. Анан Таштүлөккө айтты. — Ой кыз, сен айбалтанын бирин калтырып башкасын катып койсоң болмок.

– Жеңе, мен майып болсун, өлсүн дебей эле, жөн гана урушкум келген. Ушул мытаам төрөнүн бала-

сын, аялын, элин томсортоюн депминби? Кордугуна чыдабай кетип ушундай окус болду.

– Ал ыгын тапса кандай кылмак? А сени алып кетмек – деди Асбээли.

– Ырас, ырас. Бүт кыргыз келгендей силерди кубат кылып турам. Бүгүн бир тынч уктайын. – деди Таштүлөк.

Тигилүү каптар көзгө суук көрүнөт. Мурунку күнү төө менен аттар, кийинки күнү өгүз болуп, малдын жыты менен карышкырлар улуп тынчты кетирди. Жарым түн. Тайган каргысын үзүп жок. Жер ээн. Бирок Нураалы ушуга үйрөнгөн. Мурункудан көрө бир топ кубат байлап калган. Нарбаш колго түшкөн. Бир жак көзү гана майып болуптур, сок билек тийсе керек, башка эч айыбы жок эшик төрдөй сары тору ат. Чыбыктай солкулдайт, себеби Аттокур бутун чие кылып, ооздугун салам деп жүгөнүн шыпырып алган. Билгизбей Аттокур көп жардам берди.

– Бирөө көкүрөгүмө минип жаакка койгулап жаткан. Артынан Аттокур түртүп жиберди. «Муну мен өлтүрөм, төөгө бар» деп жумшап, анан мени бошотуп өзү кетип калды – деди Нураалы.

– Ой уста, сенин көлөкөң, айбатың тоодой болду. Сен от жагып отурганда айткан сөзүн уктуңбу? Беш төөнү сенин колуна берем дегени, ага мени алмаштырам дегени. Тирүүлөй бизди ажыратмак. Устанын жардамы – мен өзүмдү токтото албадым. Көзүмдөн жаш, эмчегимден суу аралаш сүт агып кетти. Мен төрөнү чапканда, уста желбегей жамынышып отурган жоолорго кыпкызыл чокту беттерине, койнуна ыргытты. Көп жардам. Ал болбосо, үй сынбайт эле. Үй ичи күлкү.

– Кантебиз, тайган каргысын үзүп жок. – деди Баялы кейиген түрдө.

– Байке, эмне болот?

– Эчтеке болбойт.

Бөрү тиштеп жүргөн тайган болучу. Эрте турса үйдөн бута атым алыс жерде көк жал карышкыр чочоюп отурат. Тай чабым жерде бир карышкыр жатат, жанында тайган отурат. Түндө каргысын үзүп сыртка чыкканда карышкырларга жолугуп, экөөнүн толорсугун үзүп таштап жанында олтурган экен. Баялы тумшукка чаап экөөнүн тең терисин сыйрып келди. Эртеси Нарбаш мингенге жарап калыптыр.

Күн көтөрүлдү. Тоодон унаа айдап, бир топ киши келип калды. Боруке деген аттуу баштуу киши чочугандай сурады:

– Ой, бул эмне?

– Акебайлар, ушинтип кетти. Он эки киши өгүнү келип кеткен. Дагы келип кордук көрсөттү. Төрө дегени мынабу Нарбаш атты минип келген. Иши кылып аман калдык.

– Аман калбаганда сенин чокуңду алабы кара жолтой кызы талак? Койчунун таягынан, келиндин аягынан, баарын бүлдүрүп...

– Ой Боруке, кечээ балдарымды, байбичемди жоо алып кетет – деп корктум. Эми өзүң бил, Боке. Кандай кылсаң андай кыл.

– Менин таруум он беш кап болучу. Ордун толук кыл болбосо казы менен бийге түшөмүн.

– Ой, көпчүлүк билсин.

Боруке болгон жок. Ал чыр кылды, жалаа кылды. Акыры алакийиздин бирин алып кетти. Элге кабар жетти. Эл тоодон чубап келип үч күн ичинде ороодогу эгинди тоого ташып кетишти. Эл четине Нураалы да келди. Эски ыштык бар. Ошого келип, кеңитип казып, алдына чөп төшөп жай жатып калды. Баялы аялы Асбээли менен кеңешип өгүзүн союп, Таштүлөктү бир жума териге бөлөдү. Ал дартынан айыгып мурдагысындай элге кошулуп кетти.

– Жалгыз түтүн ороо кайтарып отурчу элек, элге кошулдук. Байке, колдо бары ушул эки кылыч, бир айбалта алыңыз жана Нарбашты минип кетиңиз.

Таякемдикине мен барам, жайында баргыла. Кара-Кыштак, Калмак-Ашууну ашып Таласка, андан Жаргартты ашып Кетмен-Төбөгө барылат.

Бир ай өткөн. Нарбаш бир көзү жок сокур ат болуп калды. Баялы аялын аркасына, баласын алдына мингизип салт немедей жол тартып жөнөдү.

Эл шашылыш көчүп калды. Мал көккө тойгон кез. «Казак Кененсарынын колу келе жатат дейт» деп угулат. Талаадан бир адам малчыдан сурайт:

– Өткөн жылдагы Нарбаш деген ат кайда? Төрөнү өлтүргөн аял барбы?

Эл дуу-дуу болуп калат. Асылуу казан асылуу бойдон, тигилүү үй тигилүү бойдон калып, эл үркүп жөнөйт. Сары ала жылкылуу Дайырбек деген бай элди чогултуп, кеңеш кылат.

– Булар былтыркы Нарбаштын кунун кууп келген. Ортого киши салып Нураалыны аялы бала-бакырасы менен берели?

Дайырбек ушул сөзүн чогулган элдин баарына көрүнөө айтты. Көпчүлүк анын сөзүн макул табышкан жок. Айрымдары намыс кылды.

– Жоонун иши жоо. Колунан келсе берсең да чабат, бербесең да чабат.

– Ырас, ырас. – Дешти көпчүлүк.

Көпчүлүктүн оюнан чыга албай, Нураалыны бербей калышты. Эми ал чаң тополоң. Эл кайда? Аттуу-жөө болуп, элдин алды Ысык-Атанын туюгуна барды деген кабар. Кол Күрпүлдөк менен Ак-Суунун ортосунда деп угулат. Эл малды айдап-айдап качат. Нураалы балдарын ээрчитип элдин артында. Бир жерде томогодой ак өргөө турат, эч ким жок. Ала-Арчанын боюу. Аны көргөн Таштүлөк кыйбай, аны улам карайт.

– Ой уста, ушул ак өргөөнү жоого калтырганча, кел чечип алып кетели, – дейт Таштүлөк.

– Төрт канат экен, муну кантип алып кетебиз? – деди Нураалы аялына.Таштүлөк ак өргөөнү дароо

чечип жиберип, үйдөн кыл аркан таап алды да, бардыгын бир жерге үйдү. Өргөөнүн каалгасына чейин калтырбай, баарын бекем таңды. Түндүгүн жүктүн үстүнө койду. Баамдаган кишиге чоң жүк. Таштүлөк аны отун көтөргөндөй гана шак көтөрүп Туюк дегенди ашып, Кочкорго түштү. Нечен өгүздөрдүн жүгү ооп төөлөрдүн жүгү жолдо калган. Таштүлөк нечен күнү көтөрүп жүрдү. Эл жөн гана үркүптүр жоо жок. Таштүлөк ак өргөөнүн саканагын коротпой кайра Чүйгө көтөрүп келди. Ээси таанып алиги үйдү алып койду. Таштүлөктүн үйдү көтөрүп жүргөнүн көрүшүп: «бир аял боз үйдү көтөрүп жүрөт» деп, таң калуу менен сөз кылышты.

Нураалы эл катарына кошулганына үч ай болгон. Үй тигип, эчки саайт. Эгин богок байлап калган эле. Жол астын чегиртке майып кылып, эми жол үстүнө тап коё баштады. Чегирткени жок кылыш үчүн кишилер бөлүнүп, аларга ар бир ыстарчын үй даярдаш керек.

– Нураалы, үйүңдү чеч.

– Ой, менин мындан башка үйүм жок.

– Жок болсо жүрү болушка, шүмүрөйгөн кызыталак.

Жолу болбойт. Таштүлөк аны билип, үйүн дароо чечип, жөнөтүүгө даяр кылды. Байлар жайлоодо. Жатакчыларды түтүнгө айдады. Жатакчыга ээ кылбай, жалгыз-жарым кой-козусун, торпок-танасын чегирткеге шылтоолоп кырган «эл жейт» деп. Бай малы жайлоодо, балдары, үй-бүлөлөрү жайлоодо, Нураалынын үч баласы, аялы барды. Ашырбай чегиртке кырат десе, «кантип кырат» деп кызыккан болот. Мына, чегирткенин уюгу кара көң, кара топурак жерден чыгат. Тукуму алгач куду көптүргөн таруудай. Экинчи жетилишинде кумалактай, күч алганда чымчыктын балапанындай кызыл чаар, көк чаар, кара тоголок. Атчан кишинин башышан алыс учат. Алгач чегирткени жүз теше жерди алыстан миң

адам чубашып тооруйт. Улам жакындай берип, улам кичирейтип отуруп, чоң короодой жер калганда ат менен тепсетип кырат. Ошол аянт былчылдап, көлкүлдөп кетет. Чегиртке кырылып бүткөндө, ошол жерден аң казып, кырылгандарын аңга көмүшөт. Дайыма ушундай. Бир ай, жарым ай өтүп, чөп катканда гана чегиртке токтой турган. Нураалы үйүнүн боосун, бир туурдугун жоготуп, эки кокон тапкан пайдасы жок жолго түштү.

– Уста, – деди Таштүлөк, – ороо кайтарсак акы жок. Үй менен келдик, балээ жок. Бечаралар ыйлап өтөт экен го? Борукенин жалгыз бир башына төрт үйү бар. Аны албай, биздин үйдү тоорушту. Мына биздин үйдүн бир туурдугу жок. Арыз өтпөс, муң өтпөс заман ушул…

Күз айлары. Чөп саргайып бышкан. Кой кыркылып, кийиз кылынып, көң жана куурай жыйылган, эл кыштоого конгон кез. Боролдой, Боом деген жерде топ болот деп, болуш башына он үйдөн жана үч жүз союш козу салынат. Бул союшту топко барышкан болуш, бийлер, он башы, элүү башы, ыстарчын жана жигиттер жемек. Мына бул кайдан алынат? Алар жүз койдон ылдыйкылардан алынууга тийиш. Миң койлууга тийбейт. Ушул салык эл арасында көбүнчө букара, кедей арасында чоң түйшүк тарттырды. Үйдү жеткизүү кедейдин мойнунда, союшту жөө айдап жеткизүү да кедейдин мойнунда.

Үй үчүн Нураалыга кылыч байланган жигит келди. Таштүлөк бир туурдугу жок үйүнө куурай каламак. Жигит:

– Эй, үйүңдү чеч, топко тигилет. Өз төөң бар дейт, артып жөнө. Өзүң кошо барасың – деп буюрду.

– Ой айланайын, улуктук кыл. Өгүнү чегиртке кыргынга тигилип, боолору, бир туурдугу жоголгон. Эми барса, үйдүн өзү жоголот го? Көп байлардын ашыкча үйлөрү бар, ошолордон алсаң болот…

– Жогор жактын ал дегенин аламын.

– Жалаң эле биздин үйдү ал дедиби?

– Ооба, мунун бышыктыгын, үйүңдү урайын. – Нураалыны төбөгө салып калды.

Таштүлөк жигиттин атын эки тизгин, чылбыр менен ноктону кошо кармап, аны артка түрттү эле, ат көп жерге кийин кетти. Аттын арткы аягы кемегеге түшүп, итче чочоюп отуруп калды. Семиз ат кайра турду. Ачуусу келе түшкөн жигит Таштүлөктү тааныбай чабууга обдулду. Таштүлөк башын тосту. Чапкан жок.

– Ой жасоол, сенде айып жок. Айып бизде. Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу. Ошонун сыңары биздин эт катуу. Бизде убал жок. Ан үчүн урган сенин колуң ооруду. Улугуңа айта бар, айып үчүн эрди-катынды ал, – деди Таштүлөк.

Жасоол кайдандыр бир төө айдап келип, анан Нураалы өз төөсүн даярдап, үйдү эки төөгө артып жөнөдү. Таштүлөк үч баласы менен көрүнгөн үйдө калды. Айла жок. Нураалы үй менен кошо кетти. Салынар, жамынарларын алып, эски ыштык бар, ошого барууга жөнөдү Таштүлөк. Бул ыштык чоң бөксө жолдун асты, Чоң-Жал деген жерде. Чоң-Жалдын үстү калың мүрзө. Күн чыгыш жагы кашат. Мындан беш жыл мурун казылган эле, келсе эски ыштык оозу жабылып калган, чуңкуру жок. Көп аракет менен үч баласы, өзү баткыдай кылды. Жакын арада айыл жок. Эл ичинде ушак. «Көрканачы бар. Көрдү ачып, өлгөндү жейт экен» деп угулат. Таштүлөк бул ишти балдарына айтпайт. Улуу баласы Ашырбай он үчтө, Арзыбай сегизде, кичүүсү алтыда. Бул балдар талаада, четте жөө жүрүп көнгөн балдар. Алты канат ак үйдө жүргөндөй ойноп олтурат. Таштүлөк үйүн ойлобойт. «Чалым келсе экен» деп ойлойт.

Бул ыштыкта үч конду. Төртүнчү күнү Таштүлөк балдарына жарма берип, жатабыз деп турса, кырк буттуу кызыл чаар музообаш качырып отко түшөт. Балдар чапкылайт. Таштүлөк оттон сыртка ыргытат.

Караңгыда карайлап беш музообаш отко түшүп өлдү. Жаман жыт. Таштүлөк көп санаага түштү. «Жатып уктап калганда балдарыма бир жамандык болбос бекен?» деп чочулады. Бешинчи күнү таңга жакын Токторбайдын оң буту муздак. Таштүлөк чочуп турса, айлана али караңгы. Отко тезек көмгөндүктөн, коломтодо чок бар. Отту жарык кылса, эки баштуу ак чаар жылан Токторбайдын оң бутуна эки оролуп калыптыр. Башы ары жакка сойлойт. Таштүлөк селт этип чочуп, турган ордунда токтоп калды. Ойго бата түштү. «Балдар ойгонсо коркот. Бул жаныбар эки баш чакпайт, чакса кайтпайт дечү эле. Тобокел» деп, башын басып туруп, шилисинен чымчып кармады. Баланын бутун көтөрүп, эки оролгонун чыгарды. Алыс алып барып, эски чуңкурга таштады да, кайра келди. Таштүлөк түн бою уктабай, түрдүү ойлор менен алышты. «Малдуу чоку, төрдөгү заман, малсыздар тирүүлөй көрдөгү заман» деп муңканды Таштүлөк. Акыры таң атты.

Ашырбай эрте турса, ыштыкты бет алып эки баштуу ак чаар жылан келе жатат. Ашырбай өлтүрүүгө даярданды.

Энеси чебелектенип:

– Ой балам, чакпаган жылан өлбөсүн деген жана жердин ээси болот деген. Ошон үчүн карынын сөзүн кармай жүр деген, өлтүрбө, балам, – деди Таштүлөк.

Күз айлары. Караса кыроо түшүп калган. Жыландын изин кууса, баягы түндөгү таштаган жерден чыгыптыр.

– Мына менин балдарым короого, ороого, үйгө, ыштыкка көрүнгөн жерге жата берет. Менин балдарым тоодогу марал, бугу, текеге окшош, кайберенге окшош. Каякка жүр десем, ошол жакка даяр. Эми мындан да кетебиз – деди Таштүлөк. Балдарга башка эч нерсе билгизбей, Ашырбайга:

– Балам, биринчиден ээн, мүрзөгө жакын, экинчиден жылындын, курттардын уюгу окшойт. Атаң келсе, Аттокурга кетебиз – деди.

Таштүлөк баш калкалаган үйдөн ажырап, кара талаада балдары калды, коркунучка туш болду. Турмушу кысылып, кандай кыларын билбей, эми күңгүрөнө ырдай баштады:

Кедейге кайгы күндө ушул,
Кечинде да, түндө ушул.
Кекетет баш жак мүлдө ушул,
Кесирдүү кышкы чилде ушул!

Ордосун көрдүм чаяндын,
Ортосун көрдүм ажалдын.
Оокат жоктон тамшанып,
Отун көп көрдүм замандын.

Үй күтсөм жатпайм ичине,
Үшкүргөндү улуктар
Караса боло кичине.

Алакандай жаман үй
Айрылганым жаман да.
Алабарман өңдөнөт.
Туш болдум ушул заманга.

Нураалы топко тиккен үйгө отун-суу даярдап турду. Боролдойдун күн чыгыш багыты Кара-Булак, Каштек деген өзөн. Нураалыдай көп келдей өгүз, төөлөргө отун артып жүрүшөт. Бирок Нураалыны кырсык чалды. Топ эртең бүтөт дегенде, төөнү алдырды. Ал мындай болду. Каштектин өзөнүнө төөнү чөгөрүп коюп, өзү тоодон отун кыюуга кеткен. Отунун алып, ойго түшүп келсе, төөсү жок. Ууру алып кетиптир. Нураалы иңирде кошко араң жетти.

– Нураалы, кайда жүрдүң? – деди Эштек.

– Тоодон отун алып келгенче төөм жок, уурдатып койдум. Эми кантем, Эштек?

– Табылып калар. – Эштек бийлердин кулагына угуза сүйлөдү. Антсе кичине кечиримдик болор деп ойлоду.

Нураалы мындан мурун бийлердин алдында болбогон. Эки колу артында байлануу. Нураалыдан башка дагы бир адам бар. Алардын жазыгы бири бийдин этин кеч бышырган, бири айын бүтпөй көчүп келген кембагалдар. Эч ким алардын дарты-муңун укпайт.

Нураалы төөнү жоготту. Арызын айтса, эч ким аны уккан жок. Кайра Нураалыны күнөөлөдү, айып салды. Ошентип, топко барып, жарым тыйын пайда жок, кайра айып тартып бийлердин чечимин аткарууга тийиш болду. Аралык үч күндүк жол. Жалгыз төөсүн жоготуп, үйүнө алты күн дегенде араң жетти. Аттокур берген төөнү жоготуп, дагы баштагы кейпин кийди. Нураалы үйүнө келсе, аялы оору.

– Ой, эмне өңүң жок? Бир жериң ооруйбу?

– Мен сага окшоп бийлерди жандап топко барып күндө козу, казы жеп жүрүптүрмүнбү?

– Менби?

– Ооба.

– Топко барганы бир чекем тердеп тамакка тойгонум жок. Күндүз отун ташыймын, түндөсү от жагам. Дагы бийлердин олжосу азоо тай, бээ кайтарам. Эки күн кан түкүрүп жүрдүм.

– Уста, тамаша кылам. Балдар аман. Сен кеткенден кийин эки жерден конуш жасадык. Бирок жайсыз, коркунучтуу конуш болду. Элге соо өзүмө оорумун уста.

Таштүлөктүн элге соо, өзүнө оору болуп жүрүшүнүн толуп жаткан себеби бар. Ал ушу Нураалыга келгени деги жакшылык, деги тынчтык көрө элек. Ороо кайтарып жакада калса, кайдагы уурулар келип анын азабын тартты. Эл үркүп бир үйдү жөө көтөрүп Чүйдөн сыртка андан бул жакка келди. Акыры Аттокурдун жардамы менен үй күтсө, аны чегиртке алды, кайра топко деп көчүрүп кетти. Өзү үч баласы менен эски ыштыкта калып, бөйөн менен чаяндын, жыландын арасында катуу коркунучта болду. Балдарынан санаасы тынбай, анын үстүнө абышкасы Нураалыны

ойлоп, кош санаалуу убайым тартты. Балдары үчүн катуу коркконduктанбы, кийинки күндөрү өңүнөн аябай аза түшкөн болучу. Нураалы төөсүн жоготуп келди. Эртең дагы эмне балакет чыгар экен деген ой менен Таштүлөктүн санаасы тынчыбайт. Нураалы бийлердин алдында болуп, алардын бийлиги боюнча кандай айып тартып келгенин Таштүлөк али билген жок...

## ЭСКЕРҮҮЛӨР

*Осмонкул Бөлөбалаев*

### ШАРШЕН

1922-жылы күзгө маал Аман деген жолдошум экөөбүз Пишпекке келип, чайханада чай ичип олтурсак, биздин айылдык Мурасыл деген жигит келип:

– Кайда жүрөсүңөр, силерди келди деп угуп калааны бүт кыдырып чыктым. Эртең күнтуу элинде чоң той болот экен. Барып келели, – деди.

Үчөөбүз аттанып кеттик. Түш оой калың өргөөнүн четиндеги кара алачыкка токтой калдык. Аттын дүбүртүн угуп, бир бала чуркап чыкты да, салам айтты. Биз алик алып:

– Той кайсы жерде өткөнү жатат? – деп сурадык.

– Тээтиги тоонун түбүндөгү көрүнгөн кара бактын бери жагында, – деп жооп берди.

Айылдын орто жериндеги чоң ак боз үйдү эл курчап алыптыр. Кыраан-каткы күлкү чыгат. Биз атыбызды байлап, жардашкан элдин артына туруп калдык. Мойнубузду созуп, бутубуздун учу менен өйдө көтөрүлүп карасак, өңчөй жаш жигиттер, келин-кыздар купшуңдап сүйлөп жаткан бир жигитке боору эзилгенче каткырып күлүшөт. Мен ал жигитти

башында көрбөсөм да, «күнтуу элинде бир куудул жигит бар» деп угуп жүрүүчү элем. Ошондуктан, Шаршен экенин дароо тааныдым. Жолдошторума:

– Эптеп улагага жетели – дедим. Аман бирөөнүн кулагына бирдеме деп шыбырай калды эле, орой неме окшойт:

– Биз да силердей эле Шакемдин жанына барып, сөзүн угууга куштар болуп турабыз. Башка жактан келгениңерди колко кыласыңарбы? Уксаңар ушул жерден уккула, укпасаңар элдин тынчын албай кете бергиле? – деп корс этти.

Үчөөбүз ага кандай жооп айтаарыбызды билбей турсак, ар жактан ак калпакчан, узун бойлуу, чокчо кара сакалчан бирөө басып келди да:

– Балдар меймандарга орун бергиле? – деди эле, эшиктин алдында тургандар бизди үйгө киргизип жиберди. Улага жактан орун алдык.

Шаршен ар түрдүү кызыктарды, башынан өткөргөндөрүн айтып, баарыбызды күлдүрдү. Бир оокумда жанакы бизди үйгө киргизген киши:

– Шаке, кантип куудул болгондугуңузду, кантип өнөр үйрөнгөнүңүздү айтып бериңизчи?—деп сурай калды. Эл ого бетер жандана түштү.

Шаршен эки далысын күйшөп-күйшөп сүйлөй баштады:

«Силерден айланайын, силерден кагылайын. Сүйлөбөйм дебейин, сүйлөп берейин, айтпайм дебейин, айтып берейин. Угуп тургула, көңүл бургула! Эмесе, мен Термечик дегендин уулу болом, балдарынын туну болом. Атамды көрүп калдым. Жарыктык эстүү киши эле. Базардан калемпир, туз, насыбай жана башкаларды алып келип, өз баасынан ашыгыраак сатаар эле. Соодагерчилик аны көп деле жарыткан жок, акчага чеңгелин марыткан жок. Эптеп өлбөс оокатын көрүп жүрүп, мен жетиге чыкканда, дүйнөдөн өттү. Апам шордуу мурда өлгөн экен. Ошентип, томолок жетим калдым. Менин таалайыма жараша

туугандарыбыздын колунда жок эле. Өзүмдү өзүм багууга кириштим. Ар кимдин үйүнө барып: «Багары жок жетиммин» деп ыйлап отуруп, айранга талкан көөлөтүп жейм. Нечен каардуу байбиче-токолдун заар тилин угуп, эшикке куулуп жүрүп, күнүмдү көрө бердим. Кээде талканы бар балдарды жандайм, артынан калбайм, жакшы баласың деп алдайм. Кээде түтүн чыккан үйгө кирип барам, отура калам, отун ичкеретип куурай же тезек алып келип жагам. Сокудай болуп көшөрүп отуруп курсагымды тойгузуп чыгам. Курсагым тойгон күнү көңүлүм ачылат, кайгым басылат. Барды, жокту унутам. Ырдагым эле келет. Эртеси шылкыйып үй кыдырып жөнөйм. Кээ бир катындар:

– Ырысы жок жетим, ууру жетим, кузгундай болуп куркулдап жүргөнчө, бирөөнүн козусун багып, башыңды бир жерге калкаласаңчы? – деп акыл айтып калышат. Байлардын отун-суусун алып да көрдүм, козусун багып да көрдүм, айткан жерине жайып да көрдүм. Байлар эмгегиңди билбейт экен, канчалык эмгектенсең да тилдейт экен. Ошентип, көңүлүм калып, койчулукту таштадым. Колу-жолум бош, ээн-эркин жүргөндү жакшы көрдүм. Бирөөгө жакшы, бирөөгө жаман көрүнүп жүрүп чоңоюп да алдым.

Бир күнү:

– Пишпекте бир өзбек бай уулуна той берет экен, көп эл келет экен, он беш казан асат экен, баргандарга аябай чачат экен! – деп биздин айылдагылар кеп кылып калышты. Бекер тамактан кантип куру калайын, элден мурда барайын деп ойлодум. Базарга бара жаткан бир абышканын өгүзүнө учкашып алдым. Кечке маал базарга келдим. А жердеги кишилерден сураштырып, бай өзбектин үйүн таап алдым. Кирип барсам, короонун ичи толгон эле эркек экен. Катындары көрүнбөйт. Ала топу кийген, белине сайма жоолук курчанган он чакты жигит чуркап,

кызмат кылып жүрүшөт. Мага эч ким карабай койду, келдегенге жарабай койду. Аңгыча, эшиктен ак урган дубана кирип келди. Колунда аса-мусадан таягы, башында жүнү чыккан тебетейи, үстүндө жыртылган чапаны, ийнинде куржуну бар экен. Отурган эл жапырт тура калып, дубанага орун беришти. Дубананын алдына кыпкызыл чай койду, мейиз аралаштырып бышырган нан койду. Андан кийин палоо берди. Дубана жегенден кийин кешигин мага берди. Башта жебегендиктенби, же курсагым ачкандыктанбы чеңгелдеп туруп сугундум эле өңгөчүм күйүп, көзүмөн жаш чыгып кетти. Отургандар шылдың кылышып, каткырып күлүштү. Дубана бата кылды. Эл чогултуп, тыйын берди. Бир оокумда үкөк көтөргөн кара жигит келди. Отургандар тааныйт экен.

– Келиңиз Адамкалый ака, – дешип орун беришти. Ал жигит үкөгүн ачты. Ичинен эки жагында асынма кайышы бар тартса үнү укмуштай мукам чыккан кыяк чыкты. Анын атын гармон деп коёт экен. Адамкалый тартып, ырдай баштады. Орусча, өзбекче, казакча, татарча ырдап берди. Темир комуз да какты. Отурган эл аябай ыраазы болду. Өзгөчө мен ар түрдүү тилде ырдаганына таң калып, дагы ырдай түшсө экен деп тилеп отурдум. Түн жарымы болгон кезде эл тарады. Көчөгө чыкканда, гармон тарткан жигит:

– Бери жүргүн, менин досум бар, ошондо барып жаталы – деди. Мен сүйүнүп кеттим. Төрт-беш көчө баскандан кийин бир чоң дарбазанын жанына келип токтодук. Адамкалый дарбазаны такылдатты. Ары жагынан:

– Кто там? – деген жоон үн чыкты.

– Менмин Мишка, Андреймин,-деди Адамкалый.

Биз үйгө кирдик. Мишка чырагдан күйгүздү. Адамкалый экөө сагынышкан окшойт, кучакташып ооздон өбүштү. Үстөлдүн үстүнө чоң бөлкө койду. Бир бөтөлкөдөн үч стаканга суу куйду. Мен бу эмнеси деп таң калып отурдум.

Адамкалый кыргызча сүйлөй баштады. Миша да түшүнөт окшойт, анын сөзүн кунт коюп угуп отурду.

– Миша, бул жигит менен таанышып алалы. Бүгүн биз бир өзбектин тоюнда кезигип, сеникине ээрчитип келдим. Бул дагы мендей ышкыбоз окшойт. Түрүнөн байкадым. Эмесе, атым Адамкалый, атамдын аты Байбатыр, мунун фамилиясы Матвей Иванович Захаров, ал эми өзүңдүн аты-жөнүң ким? – деп менден сурады.

– Атамдын аты Термечик, өзүмдүн атым Шаршен – дедим мен.

– Кана эмесе, таанышкандыгыбыз үчүн ичип жиберели деп, Миша стаканын көтөрдү. Аларды туурап мен да көтөрдүм. Оозума жакындатканда эле жыты бур дей түштү. Көңүлүм айнып кетти. Ичпесем уят болот го дедим да, ичип жибердим. Ичимди куйкалап кетти. Заматта башым айланды. Кийин сураштырсам, менин ичкеним арак экен. Ошентип, Адамкалыйды бир жума ээрчип жүрүп өнөрүн да, арагын да үйрөндүм. Ошол тойдогу дубана болуп, ак урган Адамкалый экен.

Айылга келгенден кийин мен да дубана болуп көрөйүн дедим. Бир күнү Билалдыкы баласына түлөө берип жатат деп угуп, атамдын тамтыгы чыккан тонун кийип, мурут сакал тагынып, колума таяк алып, кеч киргенде, Билалдыкына ак уруп кирип бардым, төрдөн орун беришти.

– Кайдан келе жатасың? – деп сурашты.

– Кулагым укпайт, катууроак айткыла! – дедим. Болбогон калпты айтып, этин жедим. Алакан жайып, кыбыла тарапты карап, өзүмчө сүйлөй баштадым.

– Я, я, жаныңдагы Жекшенаалы дейсиңби, камыш уурдаган дейсиңби, сугалактыгынан буту отко күйгөн дейсиңби, айыктыралбай табыптан-табыпка түшүп жүргөн дейсиңби? Берки шалпык эрин Курман дейсиңби, молдолук кылып элди алдайм деп, төбөсүнөн кудай урган дейсиңби, колунда жок

кедейлер келсе, үйүнөн кууган дейсиңби, калп эле дем салымыш болуп, элдин көзүн жашка жууган дейсиңби? – деп, үйдө отургандардын атын бирден атап, кылык-жоругун, кылган айыптарын бирден айта баштадым эле, кудая тобо олуя окшойт дешип жакасын карманып калышты. Эркектер намаз окуйлу деп эшикке чыгышты.

Мен да чыгып алардын артына барып турдум. Алар намазга жыгылып жаткан кезде, сайды көздөй качып жөнөдүм. Суунун жээгине барып кебимди катып коюп, кайра чуркап келдим. Курман молдо баш болуп, чурулдашып «дубананы» издеп жатышыптыр.

Көрүнчүбү? Азирети кызырбы? Бизге эмнеси болсо да, кудай таалам бир бере турган болду. Эртең баарың бирден козу союп, түлөө кылгыла! – деди Курман молдо.

Молдонун сөзү эки болгон жок. Эртеси колунда бары козу, колунда жогу майга нан бышырып, түлөө өткөрүштү. Мага окшогон жетимдер бир жыргап алышты.

Айлыбызда Ашырбай деген ары балбан, ары мергенчи кыйыр тууганыбыз бар эле. Ошол кишиге болгон окуяны айтып бердим. Менин жоругума абдан ыраазы болуп:

– Ал акмактарды ырас кылыпсың – деп каткырып күлдү. Эл чогулган жерде аларды шылдыңдап жүрдү.

Түлөө кылгандар аябай ыза болушкан окшойт, мага кекенип калышты. Бир балакетке калбайын деп, Ашырбайга барып айттым. Ашырбай мени атына учкаштырып алып, Курман молдонукуна алып келди. Мени көргөндө Курман молдо мышыкты көргөн иттей качырып сала берди. Мен Ашырбайдын аркасына жашына калдым. Курмандын жолун тосуп Ашырбай:

– Молдоке, бир ачууңузду мага бериңиз жетимди урганда не муратка жетесиз? А көркчө өз айлыбыздан ушундай амалкөй, куудул бала чыкканына

кубаныңыз да, бир козу союп өгүнкү «олуяга» сыйынышкан жолдошторуңузду чакыртыңыз. Шаршендин өнөрүн көрөлү, – деди.

Эл чогулду. Мен өнөрүмдү көрсөтүп бердим. Ашырбай каткырып күлүп:

– Ой жамандар, Шаршенди күндүз таанырбай жатасыңар, түн ичинде тааныйсыңарбы, сокурлар? Жайына койгула! Элдин көңүлүн ачып жүрө берсин, – деди.

Алар Ашырбайдын сөзүнөн чыгышкан жок. Мен ошондон баштап, өз билгенимди иштеп жүрө бердим.

Өткөн жылы күзүндө талкан элинде бир ашта болдум. Ал ашка айлыбыздагы Калмаке деген абышканын кемпири ээрчитип барды.

– Жүр, айланайын. Тиги тайды айдашып баргын – деп асылып жатып, тайын айдатып алды.

Кечке жуук жеттик. Төркүнү бай немелер көрүнөт, жалаң эле апапак боз үйлөрдөн он чактыны тиктирип коюптур.

– Бул баланы тигил үйгө киргиз – деди четки боз үйдү көрсөтүп, бизди тосуп алган киши.

Кирсем жалаң эле ээги түшкөн эмшиңдеген кемпирлер. «Бул эмне деп шылдың кылганы? Катындардын үстүнө киргизгени эмнеси? Же бул ашка жалаң гана катындарды чакырганбы?» -деп ойлоп отуруп калдым.

Колубузга суу куюп, беш кишиге бирден табак тартты.

– Балам, устукандап жибер? – деди ортодогу чүкчүйгөн сары кемпир.

Эки кабырга, бир далы, жамбаштын жармысы, бир тоголок эт, бир кесим чучук, бир кесим карта. «Буга мен тоёмбу, же кемпирлер тоёбу, эттен көбүрөөк эле салбайбы курушкан түгөнгүрлөр» — деп, ичимен кейип, болгонду устукандап, кемпирлердин алдына койдум.

Эт жегенден кийин:

– Арабызда эркек аттуудан жалгыз сен экенсиң. Эркек турганда биздин куран окушубуз күнөө болот. Куран окуп кой, балам! – дешти кемпирлер.

– Куран окуганды билбейм – десем, кемпирлер оңдура турган эмес. Чөк түшүп отура калып, калпагымы баса кийип, куранды созолонттум:

– Биссимилла иррахман иррахим. Эн-на-лар эт-ка той-ма- дик, аш-ши-на ир-ра-зы бол-ма-дик. Еш-син де-еп та-мак кой-са, та-ба-гин да е-ки ка-си-ме-ти бол-са, бир ка-си-мин е-лук-ка тү- йүп ал-ди-ңар, ө-зү-ңөр, ач-ка кал-ди-ңар. Як-ши-лар-га үй-мө та бак бе-рет э-кан, я-ман-лар-га үй-мө та-бак бе-рбес э-кан. Якш-ларга е-ки ка-сим-дан э-эт ке-лат э-кан, ба-йиң ку-ру-син кал-дим, шул ку-ра-н-ниң со-го-бун ба-гиш-ладим. Мен алакан жайып бата кылдым. Төрдө отурган ширидей кара кемпир сезип калды көрүнөт.

– Чаар китепти жатка айткан бала көрүнөт, деле кыраатты менен окуйт экен – деди какшыктап.

* * *

Бир жылы орозо айында Кочкорго бардым. Эл орунга отуруп калган учур эле. Омош деген таанышымкына кайрылып калдым. Жатып алса да мейли деп, жарамазан айта баштадым:

Орозоң кабыл болсун, уктагандар,
Кезерип асыл жанын кыстагандар.
Кудайдан тилек тилеп жалынгандар,
Тамак ичпей күнөөгө малынгандар.
Акыйып кечке чейин отургандар,
Молдонун пикирине кошулгандар,
Тургула, жарамазан айтып келдим,
Батыраак акысына ат-төө бергин.
Ат берсең минип кетем,
Айлыма жүрүп кетем.
Уй берсең байлап кетем,
Кой берсең айдап кетем.

Бербесең сууруп алам,
Колуңдан жулуп алам.
Келгенди сыйлабасаң,
Үзүк-туурдугуңду сыйра качам,
Казан-аягыңды жара басам.
Айтканыма жарабасаң,
Катыныңды ала качам.

– Ботом, Омош, жарамазан айткан неме жан коёр көрүнбөйт, бир деме берип кетирсеңчи, болбосо түшүрсөңчү деген аялдын үнү угулду.

Мен үйгө кирдим.

– Ой, Шаке, ат-көлүгүң аманбы, караңгыда жоо куугандай дүрбөлөң түшүрүп кайда жүрөсүң? Ары жакта Куйручук аксакал жатат учурашкын, – деди Омош.

Төрдө беш-алты киши жаткан экен.

– Куке, аман-эсенсиңби? – деп баардыгын тепсей бердим. Омоштун байбичесин колдон алдым эле.

– Кокуй, колумду сындырдың, Куйручук ары жакта жатат деди. Босогодо музоо байланып турган экөн, куйругунан тартып:

– Куке, аман-эсенсиңби? – деп учураша кеттим. Музоо мөөрөп жиберди.

– Топоздун музоосу мурунданган мунуң ким, Омош, баарыбызды кыйрата турган болду го? – деп, Куйручук төшөктөн башын көтөрдү.

– Куке, бул солтонун сулуу ырчысы, Шаршен деген болот, – деди Омош.

– Андай болсо муну менен учурашып коёюнчу, – деп Куйручук ырдап жиберди.

Сылык сөздү унутуп,
Салам айтып кирбеген.
Улуу менен кичүүнү
Ажырата билбеген.
Музоосундай топоздун –
Мурундуу Шаршен сен белең?
Өз атым болот Куйручук,

Эл ичине келгенде,
Эл кадырлайт жыйылышып.
Кээ бир начар акындар
Жетпей калат тырмышып.
Баатыр болсоң мага чык,
Балбан болсоң чалып жык! – деди.

Мен Кукемдин колун кармап туруп:

– Күрөшсө күрөшөлү, коюн колтук алып тирешели. Уругум солто, көп элден улуумун, мөлтүрөгөн сулуумун, «сенин топоздун музоосундай мурундаган» деген сөзүңө мактанып турумун, куудул десең куудулмун, булбул десең булбулмун, күлкүнү берген энчилеп, андай десең андаймын, мындай десең мындаймын, уу андаймын, уу мындаймын, – деп колун силкип, силкип койдум.

Ошондо Куйручук:

– Шаршен, мен койдум, куудулдугуңа ыраазы болдум. Сени төрөгөн энеңе ыракмат. Жан коёр көрүнбөйсүң. Жолуң шыдыр болсун, жолдошуң кызыр болсун, бешенеңе таалай консун, коюн-кончуңа алтын, толсун, – деди.

...Бир жылдан кийин Куйручук биздикине келип калды. Короомдо бир саан уюм, бир кызыл корозум бар эле. Кимден козу сурап жалдырап жүрөйүн деп, кызыл корозду катын балам менен короодон-короого кубалап жүрүп кармап келдим.

– Кана, Куке, бата кылып коюңуз? Козунун этин жеп жүрүп тишиңиз да сасый турган болгондур... Малды Суусамырга айдатып жибердик эле. Бул куштун эти жеңил болот, ооз тийип кетиңиз? – дедим. Анда Кукем көзүнөн жаш чыкканча күлүп.

– Кубалап жүрүп кармап келген экенсиң, какылдатып байлап келген экенсиң, тилегиң кабыл болсун, – деп бата берди.

Эртең менен Кукем чай ичип жатканда, жоргосун жайдакгатып коюп, ээрин уюма токуп койдум. Кукем жөнөөрүндө:

– Жаман-жакшы дебей минип кетиңиз? – деп уйду, Кукемдин астына тартып тура калдым, эшиктин алдында тургандар күлүп жиберишти.

– Ой, сенин сыйыңды урайын, сага багындым, – деп жадырап-жайнап коштошуп, жөнөп кетти.

Куйручук кеткенден кийин ичи көөп уюм өлүп калды. Айран-сүт ичпей балдарым жүдөп калды.

Бир күнү калаадагы чоңдордон жардам сурайын деп, Пишпекке бардым. Мен барар менен чоңдор чогулуп:

– Ырдап бергин, тамаша салгын, уюңду төлөп беребиз, кана эмесе, мактагын – дешти.

– Мактаса мактайын – дедим:

Сакалдарын алдырып,
Жаш болгондор аманбы?
Арак ичип, пара алып.
Мас болгондор аманбы?
Байдан пара келбесе,
Ач болгондор аманбы?

Пара берген ууруну
Бошоткондор аманбы?
Мал уурдаткан кишини
Мокоткондор аманбы?

Кой жетелеп келбесе,
Коркуткандар аманбы?
Беш күн кармап түрмөгө,
Чочуткандар аманбы?

Чала-була орусча
Сүйлөгөндөр аманбы.
Кедей барса арызданып,
Сүйбөгөндөр аманбы?
Дайым арыз жазат деп,
Тилдегендер аманбы?
Элдин баркын ардактап,

Билбегендер аманбы?
Абийирин акчага
Алмашкандар аманбы?
Эки тарап болушуп,
Кармашкандар аманбы?
Бирин-бири этектеп,
Жармашкандар аманбы?
Араласа айылды,
Чаңдаткандар аманбы?
Элди бийлеп, журт сурап,
Чоң болгондор аманбы?
Тескери кылган жумушу
Оң болгондор аманбы?
Отурган жери күнүгө
Той болгондор аманбы?

Мен ырдап болгондон кийин чоңдорум чормоюп:

– Бизди мактаганыңбы, же какшыктап отко как-таганыңбы, же жамандап какшаганыңбы? – дешти.

Мен жооп бергенче, Абдыракман деген чоң:

– Ой, эмне унчукпай калдыңар, ырчы деген чындыкты, айтат, анын эмнесине кейийсиңер, акча чогулткула, уюн сатып алсын, – деди...

Өңү кара сур, мурду барбайган, оозу жалжайган, ар дайым көзү күлүп турган, кандай мерез киши болсо да сөзү менен өзүнө бурган бул жигиттин – Шаршендин касиетине ыраазы болдум да домбурамды колума алып, салам айттым:

Аманбы Шаршен инибиз?
Эл ичинде сайраган,
Акындардын бирибиз.
Алтын баштын барында
Сүйлөөр кызыл тилибиз.

Угуп келдим атыңды,
«Шаршен куудул чыкты» деп.
«Көргөн жанды күлдүргөн,
Куудул сөзгө мыкты» деп.

Уккан элдин баарысы,
«Күлүп боорун тытты» деп.

Таалайың бар башыңда,
Талпынып чыктың жашыңда.
Теминип ырдап отурсаң,
Таңыркайт көп эл кашыңда.
Атагың кеткен турбайбы
Алыс менен жакынга?

Каныбыз бир кыйышпас,
Биз болобуз бир тууган.
Бир өскөн ата-бабабыз,
Бирге татып, бир суудан.

Уюткулуу куудул деп,
Уктум эле сыртыңдан.
Куудул сөз айтат экенсиң,
Көк болоттой курчуган.
Ысык салам кабыл ал,
Осмонкулдай ырчыдан...

– Мени кара басып, эртеден бери тааныбаганымы карачы, оозума келгенди сүйлөп, наалыганымы карачы, Осоке, айып этпе, мурда салам айтпайт деп качып кетпе? – деп Шаршен ырдап жиберди:

Атагы чыккан солтого,
Акын ага, аманбы?
Айткан сөзү биздейге
Акыл ага, аманбы?
Кыз-келинге өзгөчө,
Жакын ага, аманбы?
Кара күчкө булчуңу,
Жакыр ага, аманбы?
Бүткөн бою ырга бай,
Баатыр ага, аманбы?
Миң бир түркүн сайраган,
Булбул ага, аманбы?

Күнү-түнү чаалыкпас,
Дулдул ага, аманбы?
Салдырганда жаңылбас,
Жорго ага, аманбы?
Алиппени жат билген,
Молдо ага, аманбы?

Акыны деп укчу элем,
Ай тамгалуу солтонун.
Аяк эмес, башы эмес,
Ыр жагына ортомун.
Ырчылар келе калганда,
Ырасын айтсам коркомун.
Кошуп айтсам эп келбейт,
Көрүнүп калат чоркогум.
Устасымын өзгөчө,
Картөшкө кошкон сорпонун.

Күлбөгөн эл калган жок. Жаныбыз жыргап, ыраазы болдук.

Ошол тойдо таанышкандан кийин, Шаршен экөөбүз бири-бирибиздикине көп катташып жүрдүк.

Мен театрга келген жылы ал дагы келди. Элге концерт коюп, оюн көрсөтүп бирге жүрдүк.

1934-жылы Нарында оюн коюп жүрүп, мен безгек менен ооруп үйгө келдим. Шаарга келсем үй-бүлөм айылда экен.

Бир күнү велосипед минип, Шаршен келди. Менин ден соолугумду сураганы келиптир.

– Осоке, суусуз жерде мен миндим, суулуу жерде бул минди. Экөөбүздүн бири-бирибизде акыбыз калган жок. Сен аман-эсен айыксаң, мындан бирди минбесең болбойт. Шаарда ат минип жүрө албайт экенбиз. Муну минсең чөп сал, жем бер деп убара кылбайт, каалаган жагыңа заматта барып келе коёсуң. Кызматка минип барып, минип келип турганыңа жакшы – деп мени азгыра баштады.

Мен жооп бөрген жокмун. Түш оой Шаршен велосипедине минип алып коштошуп жөнөп кетти.

Мен айылдан шаарга келдим. Дем алыш күнү Шаршен:

– Шаарды кыдырып көңүл ачалы – деп, мени ээрчитип алды. Базардан «Койгун минбеймин» десем болбой, мага велосипед алып берди.

Үйгө баргандан кийин кечке убара болуп, мага велосипед тепкенди үйрөттү.

Күндөрдүн биринде Шаршен экөөбүз үйдү көздөй жарышып калдык. Азыркы XXII партсъезд көчөсү менен кетип бара жатып, «40лет Октября» көчөсүнөн оң жакка бурула берээрде, мени артымдан келе жаткан жүк ташыгыч машина коюп кетти. Эки-үч метирдей жерге учуп барып түштүм. Шаршен чуркап келип башымы көтөргөндө гана көзүмү ачтым. Оозумдан кан агып кетти. Сол жак капталыман тийген окшойм, колум көтөрүлбөйт. Бетим да айрылып кетиптир. Шаршен жүз аарчысы менен аарчыды эле, топурак менен кан. Шофер да келип, кечирим сурады. Машинасына отургузуп, догдурга алып барды. /Маңдайкы төрт тишим ыргып кетиптир/. Тазалап, бети-башымды таңып берди.

Шаршен мени жетелеп үйгө алып барды. Короого кирээрде:

– Ушундай туруп тур? Сени көрүп жеңемин эси чыкпасын, мен болгон окуяны чочутпай түшүндүрөйүн – деп, дарбазанын жанына отургузду да, үйгө кирип кетти.

Аялымдын бакырган үнү чыкты. Дарбазанын тешигинен карасам, бутунда көлөч, үйдө кийчү көйнөгү менен көчөнү көздөй атырылып:

– Атаны каран күн, машина басып кетет деген эмне шумдук! Шайтан арабаң менен куруп кет! Жөн жүргөн немени жаны-манын койбой жатып, сен үйрөтпөдүңбү? Сен болбосоң, бул балакет болбойт эле... – деп, кыйкырып келе жатат.

Мен алдынан чыга калдым.

– Деги, аман-эсенсиңби? Эч жериң майып болгон жокпу? Тиги өлгүр сени, «эс-учун билбей больницада жатат. Батыраак баргын жеңе, соо кала турган көрүнбөйт» деп, шаштымды кетирбедиби?

Биз үйгө кирип бара жатсак, Шаршен терезеде жылмайып туруптур.

Аялым кирип барып, Шаршенди жонго муштап-муштап жиберди.

– Жеңе, мен сени сынайын дедим эле. Осокеме аябай күйөт турбайсыңбы? Менин Макибайым (аялынын аты Маана, Макибайым деп эркелетип коёр эле) Шаршенди машина коюп кетти демек түгүл, тебелеп кетти десе:

– Өлгөнү ырас болду. Көңүл айтканы келгендердин бекер арагын ичип жыргаймын демек деп, каткырып күлмөк.

Аргасыздан биз да күлдүк.

* * *

1940-жылы июль айында Чүй районундагы канал казып жаткан колхозчуларга оюн коюуга жөнөдүк. Бригадирибиз Адамкалый. Барсак, жайнаган эл. Баш көтөрбөй иштеп жатышат.

Адамкалый кетмен, күрөк таап келип, бардык артисттерге бирден карматты.

– Бирөөңөр комуз чертип, бирөөңөр ырдап, бирөөңөр күйүп-бышып секетпай айтып, бирөөңөр ыржалактап элди күлдүрүп жүрүп эмненин жыргалын көрдүңөр? Моминтип кетмен чапсаңар, ыракатка батып, дениңер сак болот, көңүлүңөр ачылат. Жыргал – кара жумушта. Белиңер ийилип, колуңар сынбайт. Күн батканча иштегиле. Элге жардам болсун деди.

Өзү шымаланып топурак казып кирди.

– Чапсаң өзүң чап. Бизди ырдатканың аз келгенсип, сокого кошкон өгүздөй бышылдатканы тура-

сыңбы? Муну кара... Шаршен колундагы кетменин ыргытып ары басты. Жаныбызда беш-алты жигит турат эле каткырып күлүштү.

Адамкалый аларга:

– Жигиттер, тигил чыккынчыны кармап келгиле? Мобул жерге көөмп салалы. Өлсө жообун өзүм берем – деди тамашага жооткотуп.

Биз аларга кармап келгиле дегендей көз ымдадык.

Алар Шаршенди дегдеңдетип жетелеп келишти.

Биз да жардам берип, Шаршенди жерге жыктык. Бутуна топурак үйө баштадык эле...

– Жетимиштен ашпай өлгүр. Мени өлтүргөндө келиниңди сен аласыңбы. Сагын (Адамкалыйдын аялынын аты) эки өтүгүңдү бир бутуңа кийгизип, мойнуңа минип, суу ташытып жүрбөсүн. Мен болсом уктап, эс алып, сенден кутулганыма сүйүнүп, жата беремин. Өлөр өлгөнчө кордукту сен көрөсүң – деди Шаршен.

– Бул итке теңелбейли. Кудайдын алы жетпесе, биздин алыбыз жетпейт. Адамкалый Шаршенди коё бердиртти. Биз кечке иштедик.

– Менин бир сузганымды силер он жолу сузат экенсиңер. Ошондуктан, мен тогуз жолу эс алышым керек – деди Шаршен албууттанып.

Чын эле... Шаршен дардаңдап бир эле сузганда бир чака топуракты сузуп, замбилге салат.

Биз концертке даярданууга жөнөп калдык. Жолдо бара жатып менин бутум тайып, сол бутумдун кызыл ашыгы чыгып кетти. Жолдошторум келип, бутумду кармалап көрүшүп:

– Эми эмне кылабыз таңгыч киши табылар бекен – дешип, кужурашып калышты.

Анда Шаршен:

– Бүгүн концертке чыкпай эс алып алайын деп анткорлонуп жатат. Чыккан бут ушундай болобу? Мен сынган бутту да таңамын – деп, бутумду ары-бери силкип жанымды кейитти.

Өмүрү ачууланбаган Карамолдо:

– Кудайдын каары, бирөөнүн жаны кейип жатса да, тамашаң калбайт. Бар. Табып таап келгин, – деп буюра сүйлөдү.

Шаршен каналдын кырына туруп алып ырдап кирди:

Анткорлонуп Осмонкул,
Айкырып жатат тиерде.
Буту чыгып кетиптир,
Жар салып жатам силерге.
Кимиңер таңгыч болсоңор,
Бачым келгин биерге.
Айыктырган адамга
Алты тыйын берем дейт.
Жар айттың деп мага да,
Жармын тептең бөлөм дейт.
Келгиле, эми батыраак,
Келбесеңер өлөм дейт.

Күлбөгөн эл жок. Орто жаштагы бир киши келип, бутумду таңып берди.

Кечинде концерт башталды. Мен бүгүнкү концертке катыша албаймын го деп ойлоп үйдө жаткам. Адамкалый келип:

– Бутум чыгып кетти деп, концертке катышпай жатып аласыңбы? Жүргүн эл сени сурап жатат деди.

– Ой өлчөң курган Адамкалый, ооруп жатканды да жөн койбой ырдатасың?- Молдобасан ушинтип айтты эле, Адамкалый унчукпай эшикке чыгып кетти.

* * *

1941-жылы дагы бир кызык окуя болду. Күз айында биз оюн коюп азыркы Аламүдүн районундагы Койташ кыштагына бардык. Ошол айылда Шаршендин Сейтаалы деген жакын теңтушу бар эле. Колхоздун конторуна барсак, башкарма:

– Эки бригадабыз бар. Эки башка оюн коёсуздар. Келгениңиздер жакшы болду – деп, жылуу кабыл алды.

Кимден укканын билбейм:

– Осоке, досумдан айрылыпмын. Жакшы санаалаш, жалгыз досум эле. Оюн койгончо аяшка барып көз көрсөтөлү деди Шаршен. Адамкалыйды, Карамолдону, Атайды жана мени ээрчитип алды.

– Тоодой, таштай досум эле, унчукпай барганым уят. Өкүрүп барышым керек. Кайрандын арбагы ыраазы болсун – деп, оор үшкүрүп, кабагын карыш салып, досунун кылык-жоругун эскерип, жеткенче бизге айтып бара жатты. Менин да жакшы таанышым эле, аябай кейидим.

Досунун үйүнө жакындаганда, Шаршен өкүрүп жиберди. Биз да кошулдук.

Ээй, элүүгө чыкпай жаш кеттиң, а кокуй,
Ээй, эки кыл чыкпай таз кеттиң, а кокуй.
Ээй, жесир калды алганың, а кокуй.
Ээй, жетим калды балдарың, а кокуй.
Ээй, четинге барып өлүпсүң, а кокуй.
Ээй, ченебей кордук көрүпсүң, а кокуй.
Ээй, тоодон беле ажалың, а кокуй?
Ээй, тентип өлгөн жаманым, а кокуй.
Ээй, ченемсиз балбан эр элең, а кокуй.
Ээй, чалып жыкма шер элең, а кокуй,
Ээй, аш-тойдо жыктың далайды, а кокуй.
Ээй, айтпасам арман, жарайбы, а кокуй?
Ээй, ыгы жок өлүп боздоттуң, а кокуй.
Ээй, ырчыларды коштоттуң, а кокуй.
Ээй, үйүңө эми ким келет, а кокуй.
Ээй, жарманы мага ким берет, а кокуй...

Биз, Шаршен чын эле теңтушун кошуп бара жаткан экен деп ойлодук. Улам өкүргөн сайын өлгөн досун «туздап» жатканынан көп ишене бербей, шекшип бирибизди-бирибиз карадык.

– Бул оңбогур бизди бир балакетке кабылтып, уят кылганы жаткан көрүнөт, буга теңелбей биз токтотолу – деди Атай. Биз токтоп калдык.

Шаршен өкүрүп, досунун болгон кемчилигин айтып кошо берди. Шаршендин үнүн угуп, өлгөндүн кошуна-колоңдору чогула калышты.

– Ий өлүгүңдү көрөйүн, Сейтаалы өлбөй эле, үйүндө эле, үйүндө аман-эсен отурса, өкүрүп жаман жорук баштаганы эмнеси? – деди, ары жактан келе жаткан кара чаар кемпир.

– Шаршендин шумдугу качан калар экен?— Же тааныш айыл, же тааныш кишибиз болсочу. Бекерден-бекер уятка калтырды го бизди?— деп, Атайдын чый-пыйы чыкты.

Биз барсак үйдүн ээси сыртка чыгып, Шаршендин жоругуна чын дили менен күлүп:

– Ой ит, мен өлсөм ушинтип, абийиримди кетирип кошосуңбу? Менин даңкымды көтөрөт экен десе... – деп таарыныч кыла сүйлөдү.

– Сенин эмнеңди мактайм? Бир челек жарманы бир ичкениңди мактайынбы? Ий ары жок жаман – деп, Шаршен кайра тамашалап кирди.

Бул экөөнүн калжыңына биз аябай ыраазы болдук. Биринин сөзүнө бири терикпейт экен.

Сейтаалы бизди үйүнө киргизди. Шаршен экөөнүн тамашасына батып, көзүбүздөн жаш акканча күлүп отурдук. Концерт болордо гана, ал үйдөн чыктык.

Мындай кызык окуялар Шаршендин ар бир барган жеринде болор эле. Мен окуучуларды көп жадатпайын деген максат менен кээ бирлерин гана айттым.

Шаршен чукугандай сөз тапкан, дүйнөгө бир келип, бир кеткен тубаса куудул эле. Кара жамакка да уста болучу.

1934-жылдан тартып, катуу ооруга чалдыгып, бирде төшөккө жата калып, бирде туруп, артисттерден калышпай эмгектенип жүрдү. Өмүрүн күлкү, ырахат менен өткөрдү.

Аны көргөндөр, анын тамашасын уккандар «өлгөн адамды да күлдүрөр эле» деп, бекеринен айтып жүрүшкөн жок.

Ал убактысынын көбүн командировкада жүрүп өткөрдү. Ага оору да терс таасирин тийгизди. Ошонун натыйжасында, адабият майданында жакшы эмгектене албады. Бирок ошого карабастан ырлар жыйнагын чыгарууга мүмкүнчүлүк таап, аз болсо да элине эстелигин калтырып кетти.

Анын өмүрү – кайталангыс кызык окуяга бай өмүр болгон.

Таланты ташкындап турган мезгилде биздин арабыздан мезгилсиз бөлүндү.

Мен командировкадан келип, саламаттыгын суроо үчүн, байбичемди ээрчитип алып, Шаршендикине бардым. Анда артисттердин көпчүлүгү отуруптур.

Керебетте эки ийнинен араң дем алып жатып:

– Мага топурак салбай кала турган болдуңар. Алдагы Адамкалый силерди жөн коймок беле? Эртең эле кууп жөнөөр! Мени ит өлгөндөй кылбай, чогуу туруп көмсөңөр... – деди муңкана.

– Койчу, жок шумдукту айтпай. Соо туруп биз өлөрүбүздү, ооруп жатып сен өлөрүңдү ким билсин. Аман-эсен айыгып кетесиң. Эски ооруң да сенин... – деди, Карамолдо.

– Антип көңүлүмдү көтөрбөй эле койгула. Эки-үч күндүк жашым калды. Жакында эле Кетмен-Төбөгө барганда, эл баштагыдай кабыл албай, жадырап күлбөй калганда эле, өлөрүмө көзүм жеткен. Бирөөңөргө ага, бирөөңөргө ини болуп, араңарда бирге жүрдүм. Кимиңерди капа кылсам, кечирип койгула? – деди көзү жашылданып.

Биз маңдайынан өөп:

– Кайгырбагын, айыгып эле кетесиң – деп, үйүбүзгө тарадык. Жалал-Абадда оюн коюп жүрүп, Шаршендин өлгөндүгүн 1942-жылы август айында газетадан окудук. Ыйладык. Кайгырдык. Ал күнкү

концертибизди жалгыз Шаршенге арнап, анын ырларынан аткарып, күлкүлүү тамашасын айтып элди күлдүрүп, маркумду терең эскердик. Мен жарым сааттан ашык коштум.

Кыргыз ССРинин эл артисти, элдин сыймыктуу уулу, куудулу, ырчысы биз менен бирге жашап келе жатат.

Анын өмүрү – өчпөс өмүр.

*Ысмайыл Борончиев*

## ШАРШЕНДИН НАЧАЛЬНИКТИ КОРКУТКАНЫ

Чүй районундагы Ак-Бешимдик Сатылганов Көлбай Алма-Атадан окуп келип, Кара-Балтага милициянын начальниги болуп дайындалат.

Ошол убакта тап душмандары менен катуу күрөш жүрүп турган мезгил. Ошондогу бир окуяны Сатылганов мындайча баяндайт: «Райондун айрым кызматкерлери менин келишимди куттуктап үйлөрүнө чакырып, мени конок кылды. Айыл-кыштактан дагы чакыргандар болду. Күндөрдүн биринде мен дагы аларды үйүмө чакырып, меймандап отурдум. Күн суук, кар жаап турган эле. Түн кирип калган мезгил. Сырттан иттин арылдап үргөн үнү угулганда, баламды жибердим:

– Ким болду экен карап келчи.

– Бир чоң тебетейчен киши атынан түшүп жатат.- Балам кайра келди.

Бир аздан соң баягы киши үйгө кирип келип, отургандарды ормоюп карап койду. Тебетейинин үстүндөгү кар элечектей болуп калган экен, жылууга эрий баштады. Ал тебетейин колуна алып, мени көздөй силкکенде, кардын суусу бетиме жабыла берди. Анын олдоксон мамилесине ачуум келе түштү.

Ичимен, «хулиган неме го? Каматып таштай турган экен» деген ойго келдим. Бети-башыма чачыраган сууну аарчыганча мени карабай, меймандар жакка бурулуп туруп, тебетейин экинчи жолу силкти.

– Ой, сен кутуруп кеткен эмесиңби? – Ачуума чыдабай, үнүмдү бийик чыгардым.

– Кара таман кедейдин баласы деп окутуп-чокутуп көтөрүп, начальник милицияга коюп отурсак, кулактарды жоймок түгүл, чогултуп сыйлап отурган тура! Дагы начальник милиция имиш.

Ал опузалап сүйлөдү. Конокто олтургандар башын ылдый салып, жер караштьı. Өзүм да сестее түштүм. Ушул мезгилде бейтааныш адам тонун чечти эле, асынган полевой сумкасы көзүмө чалдыкты. «Кыргыздын арасынан мындай кишини көрө элек элем, болгондо да Средаз бюродон келген чоң го деген ой менен мурдагыдан да кооптонуп, өзүмдүн жогору жагыман орун бердим. Ал болсо мен жакты деле карабайт. Өзүм да бейтааныштан чочулаганымды билгизбөөгө аракеттенип, бир чети кошомат кылып, бир чети кичипейилдене баштадым.

– Эшиктеги ат бошонуп кетпесин, карачы! – деп, от жагып, эт бышырып жүргөн инимди жумшадым.

Шаштысы кеткен жаным ал баланын кандай кирип, кандай чыкканына назар салганым жок. Бир аздан кийин:

– Ой келинчек, атты карап койчу! – деп, ал өзү аялымды жумшады.

Ал кайра бат эле келди. Аялым бетин басып күлүп, ашкана жакка бурулуп кетти. Биртике отургандан кийин бейтааныш адам райисполкомдун орун басарына олунду:

– Ой бала, эшиктеги атты карап койчу!

Ал лыпылдап чыгып баратканда:

– Маселеңди обкомдо карайбыз. Калганы болсо Средаз бюродо чечилер!.. – деп, каарданып, мени бир жанып өттү.

Менде жан жок. Баягы райисполкомдун орун басары эшикке чыгары менен эле каткырды. Анын үнү чыкканда үйдөгү олтургандар баштарын көтөрүп, жабыла күлүп, эшикке чыгышты. Мен деле эчтекеге түшүнбөй, кошо чыктым. Корсө, атынын ээрин аркасына каратып тетири токуп, чылбыры менен аттын куйругун ат мамыга бек байлап, алдына чөп салып коюптур. Коноктордун кээси тамга жөлөнүп күлсө, кээси бир-бирине жөлөнүп күлүп жатышат. Акыры үйгө кирдик. Шаршен экенин ошондо билдим. Башта угуп жүрчүмүн, өзүн көргөн эмесмин.

Шаршен мени тамашага чаргытып, шылдыңдай баштады:

– Сен бул кебетең менен начальник болуп, тап душмандарды жоюп жыргатпайсың? Коёндукундай да жүрөгүң жок турбайбы?

Ошондогу Шаршенди биринчи көргөнүм эч эсимден кетпейт, – дейт Көлбай Сатылганов.

Шаршен учуп кеткиси келгенде

Улуу Ата Мекендик согуштун учуру. Март айы эле. Колхоз, совхоздун эмгекчилерине оюн коюп берүү үчүн Кемин районунун «Самансур» колхозуна барып калдык. Калык, Шаршен, Шекербек, дагы арабызда эки кыз бар. Оюн коюлуп бүткөндөн кийин дурусураак жасалгаланган бир үйгө алып келишти. Май, чайын, колдо бар оокатын дасторконго жайып, сыйын жасашты. Арасында агынан, кызылынан да аралашып кетти. Бирок ысык тамагы эле жок. Түн ортосу оогондо эки табакка бөлө салып, төрт-беш тооктун этин алып келишти. Аны алдыбызга коюп, Коңурбаев деген мугалим кечирим сурады:

– Аксакалдар, кой тоодо эле, жиберген машинабыздан дайын жок. Бир жерге жыгылып калганбы, же бир жерге тыгылып калганбы, уят болдук. Тоок да болсо, ысык тамак. Насип болсо, машинабыз кой алып келип калар.

Шаршен сөз кыстырды:

– Бала, сиз ага капа болбоңуз. Ар ким колдо барын соёт. Түок да болсо жандыкка жатат эмеспи. Мобул Кызыл-Сууга кондук эле, кырк-отуз жумуртка союшту, кыймылдатпай чогуусу менен алдыбызга коюшту. «Кара-Булак» колхозуна оюн койдук. Каlама союшту. Кээ бир жерде кесме союп калат. Биз ыраазыбыз. Ал жөнүндө кейибе.

Чай сунуп жүргөн балдар, келиндер бышкырып, чүчкүрүп оозгу үйгө чыга кетишти. Калык капа болгондой Шаршенди эки-үч жолу карап алды. Шаршен анын жактырбаганын биле коюп, минтип айтты:

– Каке, капа болбо, тим эле сөздүн жайы. Сөздүн жайы.

– Сөзүңдүн жайы курусун, баланы өлтүрбөдүңбү? – деди Калык тиги жигит эшикке чыгып кеткенде.

Ошону менен түнөп жатып калдык. Эртең менен чайлангандан кийин, аркы колхозго жетүү үчүн араба күтүп отурдук. «Араба келатат» дегенде эшикке жапырт чыксак, башка араба экен, өтүп кетти. Шаршен жыгылган дубалдардын үстүнө чыгып, мойнун койкойтуп, чоң жолду карап, эки колун кулаалынын канатындай каккылады.

– Шаршен, жинди болуп турасыңбы?- Калык дагы сүйлөндү.

– Билбейм, Каке, түндө тоок жегендикиби, арабага карабай эле учуп кете бергим келип турат.

Тегеректе карап турган элдин баары дуу күлдү. Калыктын ачуусу чындап келди. Аңгыча баякы машина кой алып келип калбаспы. Машинасы бузулуп, ошон үчүн кечиккен экен. «Бул койду жеп кеткиле» деп, Коңурбаев коё бербейт, же ыраазыбыз деген сөзгө көнбөйт. «Жебесеңер, арабага салып берем, ала кеткиле» дегенге чейин барды. Убакыт өтүп баратат. Калыктын капасы дале таркай элек.

– Мен сени менен иштеше албайм, Шаршен, шаарга кетем. Койду Шаршенге бергиле!

Шаршен жалпаңдап Калыктын мойнунан кучактайт:

– Чоң чөнтөгүм, ушул күнөөмдү кечирип кой.

Чоң чөнтөктүн мааниси – Калык март киши болучу. Ушул арада койду мууздап коюшуптур. «Союлган малды таштап кетиш болбос» деп, Какем кичине жумшарды. Олтуруп этин жеп, чайын ичип, ал жерден кеттик.

– Ошондогу шашканым ай, кайран кишилердин сөздөрү ай! – Мына ушинтип, Коңурбаев деген мугалим аны ушул күнгө чейин унутпайт.

*Ашыралы Боталиев*

## ШАРШЕНДИН ТАМАШАСЫ

Шакем Кочкор өрөөнүндө жашаган, азык уруусунан чыккан Үмөш деген менен Чүйдө бир чоң тойдо жолугушуп, жөн-жай сурашып, таанышып калышат. Шакемдин шайыр мүнөзүнө, калемпир, мурч аралашкан курч сөздөрүнө, күлгөн адамдардын ооздору жалжайып, көздөрү кызарып жаш акканча күлүшөөр эле. Мына ошондой адамды кытыгылаган укмуштуудай жоруктары Үмөшкө жагып калат.

– Шаке, сиз мага жагып калдыңыз, көп эле шайырларды көрдүм эле... Сиздин куйкумдуу сөздөрүңүз эстен кеткис болуп калды. Айып көрбөсөңүз, таанышып, катышып, эшик-төрүбүздү көрүшүп, бир чөөгүн чай ичишип жүрсөк кандай дейсиз?

– Кандай демек элем, Үмөш мырза. Мен чакырсам, менин кара үйүмөн үркпөй, коркпой кирип бараар белеңиз?

– Сиз боз үйдө эмес камыш жапкан сарайда болсоңуз да барамын.

– Андай болсо мен эртең үйгө кетемин. Үйгө барып, сиздерди күтүп аламын. Бүрсүгүнү той таркаган соң күнтуу деген элге, Көнөк деген жерге келесиздер. Термечиктин уулу Шаршендин үйү кайсы болот десеңиздер: – тээтиги тамынын төбөсүнө бийик чөп үйүлгөн тамдын жанындагы аппак боз үй ошол Термечик уулу Шаршендин үйү, – деп, айтып беришет.

Эртеси Шаршен үйүнө келип, үй-жайын, боз үй менен тамдын айланасын тазалатып койду. Кадырлуу мейман келе жаткан соң тамдын айланасы таза болбосо болобу. Анткени, адат боюнча этекти жая салып тамдын аркасына отура бермеси бар эмеспи. Боз кыроо түшкөн маал болсо, аларды кетмендеп чылапчынга салып, алысыраак чуңкурга төктүрүп, үстүнө топурак таштап коюшуп, үйгө келишип, конокту кандай күтүү жөнүндө сөз башташты.

– Мен эртең эрте туруп бооз тору атты минип алып базарга барып кант, чай алып келейин. Коноктор түштөн кийин кечке жакын келишет. Эки этекти жайылтып тору аттын оозун бир коё берсем, бат эле келип калам. А силер Ыкы-Көтөн, Макыбек келинчектер үй ичиңерди тазалап, быкшытып көң калабай, отун жарып жакшылап даярданып тургула.

Эртеси үрөң-бараңда Шаршен базарга жетип кайтты. Базардан келсе, меймандар келе элек экен.

– Кечки намаздигерге чейин келип калышы керек. Төрт койдун кайсынысын соёлук? – деди Шаршен. Анда Макыбек:

– Шишекти эле соёлу, – деди.

– Козу жакшы го? – деп Ыкы-Көтөн айтты.

– Менин кайнатамдын кыздары кандай акылдуу. Чоң койду соёлу деп бирөө да айткан жок, – деп мулуңдады Шаршен. – Козунун эти аздык кылат. Силер макул болсоңор келинчектерим, шишекти соёлу, анын куйругу жакшы жана козудан семиздик кылат. Ушуга макулсуңарбы? Кеч жакындап, келер учуру да болуп калды. Боорсогуңар даяр экен,

эми самоорунарды коё бергиле – деп сыртка чыкса, беш-алты кишинин карааны көрүндү. Болду-болбоду ошолор. Аңгыча болбой Үмөш беш, алты киши менен келип калышты.

– Атсалоом алейкум, саламатсыздарбы Шаке? Бала-чака, мал-жаныңыз аман-эсенби? Келинчектериңиз жакшы жүрүшөбү?

– Келинчектерим эмес катындарым. Кайын атамдын кыздары. Аттарынан айтпайм, уялчаак эмеспимби... тергейм.

Аттарын алып байлашып, эшик ачып үйгө киришти. От балбылдап күйүп, үйдүн ичи жылып меймандар бир аз олтургандан кийин эле, сырт кийимдерин чечип оттон кийинирээк олтуруп, желбегей жамынышып калышты. Аңгыча дасторкон салынып чай куюла баштады.

– Үмөш мырза, улуу келинчегимдин аты Маана, кичүүсүнүн аты Ыкы-Көтөн. Мааналы – Макыбек деп тергейм. Уулумдун аты болсо Мукаш. Мырзалар, менин уулумдан атаңды кантип багасың деп сурап көргүлөчү? – деди Шаршен. Анда баласы:

– Төбөсүн кандап багам! – деди.

– Оо, балакетиңди алайын, ошентип, атасынын төбөсүн кандап багат – деп, жылмайды Шаршен. Эшиктен Шаршендин иниси салам айтып кирип келди.

– Ырас келбедиңби. Меймандар менен учураш, эрте жарыкта мейман камын көрөлү,— деди Шаршен инисин шаштырып. Чай ичип болушуп бата кылып дасторкон жыйналды. Меймандар сөзгө киришти. Биз болсо мейман камын көрүш үчүн сыртка чыктык.

– Сен ар жагынан чык, силер келинчектер буягынан тоскула. Мен айдап чыгайын. Карма, карма, тос, шыйрактан ал, алда атаңдын көрү ай, тамдын төбөсүнө чыга качканын кара, айдап түш, ай Ыкы-Көтөн, Макыбек, алдынан тос! – дегенде, үйдөн Үмөштүн үнү чыкты.

– Ээ, Шаке, оо бу кубалап жүргөнүңөр канаттуу неме го?

– Уяттуу мейман келсе союп берейин деп ыраңы менен коё берген кызыл короз эле... Карматпай жатпайбы...

– Оо, кудай алкаган Шаке бул жоругуңду токтот. Сенин сөздөрүң жел менен учуп ашууларды ашып, эми эле Кочкорго жетип барат. «Шаршен, ушинтип, Үмөштү шылдың кылыптыр» деп, мени элге күлкү кыласыңбы?

– Бул жөн эле сизди зерикпей олтурсун деп ойлоп чыгара койгонум? Кана, шишегиңди жетелеп кирип бата сура. Мен дүнүйөкор эмесмин. Силерге окшогон кишилерден бир коюмду аябайм. Мына менин марттыгым. Бир жолдошума бир боо ширеңке алып берип ушул убакка чейин доолай элекмин.

Тигилер:

– Баракелде, март экенсиз – деп күлүп калышты.

«Омийин, ишиңер оңолуп, тилегиңерге жеткиле» – деп бата тиленди. Кой союлуп, эт казанга түшкөн соң, дасторкон жайылып чай келди. Ар кайсы сөздөн кеп козгоп, Үмөш мырза сары өзөн Чүйдө той-тойлоп, кайсы айылда кандай конок болгонун айтып бүткөнчө эт бышты. Эт жеп эртеси шашпай турушуп, чай-чамектерин ичип бүткөндөн кийин Үмөш:

– Кана, жигиттер, аттарды токугула биз жөнөйлү – дегенде, бир-эки жигит эшикке чыгып аттарын токушуп кайра үйгө кириШти.

– Сиздин ат токула элек, Үмөш мырза! Шаршениңиз иниси, аялдары менен күпүңдөшүп эле жатат, эмне болуп жатканын билбейм, – деди бирөө.

– Үмөш мырзанын ээр-токуму кана? – деп сурап калды сыртка чыккан конок жигит.

– Ээр-токуму мында эле, биз токуп мингизебиз – деди Шаршен.

Тигил жигит үйгө кирип кеткенден кийин, кызыл кашка уйга Үмөштүн жүгөнүн катып, ат жабдыгы

менен токуп туруп эшигинин алдына туура тартып кичи аялы туруп калды. Макыбек эшик ачканда Үмөш чыгып келип:

– Ой, Шаке, бул эмнең?... – деди күлкүдөн оозун араң токтотуп.

– Досуңдун бергенинин тишин ачпа деген, жалы болсо ат, жакасы болсо тон деген, Үмөш мырза. Колдо бары ушул экен. (Кыраан каткы күлкү, көздөрүнөн жаш чыкканча күлүштү) Капа болбой минип, кетиңиз, – деп сөзүн бүтүрдү Шаршен.

*Абдашым Көбөгөнов*

## ЭЛЕСИ КӨЗ АЛДЫМДА

Ашыралы Боталиев менен Касымалы Эшимбеков «Сен театрга керек бала экенсиң, чымының бар турбайбы, чымыны болбой артист болбойт» деп, 1933-жылы кыш айларында мамлекеттик драма театрына мени алып келишти. Анда театр азыркы орус драмтеатры турган жердеги чакан клуб сыяктуу имаратта экен. Мени режиссер Аманкул Куттубаевге алып барып тааныштырышты. Эми кантип текшерет болду экен деп жүрөгүм лакылдайт. Анын үстүнө баары эле мени абажаарып, тимирейип карап калышты. Алардын ичинде сүлөөсүн тебетей, калың кара мурутчан чарчы бойлуу, кызылынан келген бир жигит олтурат. Ал кадимки акын Осмонкул, экинчиси кара көрпө тебетейчен, сыйда кара мурут, кичинекей чокчо кара сакалы бар. Ал чоң комузчу Карамолдо Орозов экен. Алардан алда канча бойлуу кашы калың барбагай мурун, түлкү тумакты колуна кармап, мени баарынан башкача тиктейт. Бир маалда жанына Куттубаева Аныбар келип калды. Ал андан үркүп Осмонкулду жыгып, Карамолдону сүрдүктүрүп, эли-

рип барып, үч саржан жерден бизди эңирейип карап калды. Ошол жердегилердин баары боору катканча күлүшүп, мени көрөбүз деп чогулгандардын көңүлү дароо ага бурулду. Көрсө бул киши Шаршен экен. Шакемди биринчи жолу көргөндүгүмдөнбү, мен да көзүмдөн жаш акканча күлдүм. Баары күлкүлөрүн токтотушуп, кайра көңүлдөрү мага бурулушту окшойт, Аманкул жылмайып мага карады да:

– Этюд дегенди билесиңби? – деп сурады.

– Жок, билбеймин – дедим. Аңгыча бирөө:

– Жанакы Шакемдин үрккөнүн туурасаң эле ошол этюд болот – деди.

– Кой, анын жасаганын жасай албайт, өзү тапсын – деди бирөө.

Аманкул мага жол-жобосун түшүндүрө:

– Эки чакага суу алып кел, ошонун оордугун сез, энеңе отун алып, от жак. Отунуң суу жыгач, отту кантип күйгүзөсүң? Ошонун баарын отунсуз жасасаң эле этюд дейбиз – деди. Мен отун алып кирип, боз үйгө жаккандай кылып каршы-терши коюп үйлөй баштадым. Анда Шакем:

– Балама өзүм жардам берейинчи – деп, пальтосун ыргытып, тыягына чыгып тоңкоюп, быягына чыгып тоңкоюп үйлөп киргенде эле баары кыраан каткы күлүштү. Мага бурулуп:

– Ушуну төкпөй-чачпай жасасаң эле өтөсүң, балам – деп тике карады. Мен дароо жок деп турбастан, Шакемдин өзүнөн да ашыра туздап жасап, көзүмө түтүн киргизип ушалап калдым. Баары андан бетер күлүшүп, мага жарайсың дегендей жылуу мүнөз менен караштьі.

– Ырдай аласыңбы? – деди Аманкул.

– Мен «Манастан» сокчу элем – дедим.

– Кана, соктурчу – деди Аманкул.

Мен Алмамбет менен Чубактын жол талашкан жериндеги чатагынан баштадым. Баары көпкө кызып угушту. Жаттап алганым бүткөндө токтоп калдым.

– Андан ары жөнөт – деди.

– Билбейм – дедим мен. Анда Шакем:

– Ой, бул бала жарайт, эти тирүү турбайбы? Бул баланы мага бекитип бергиле, мен өзүм окутам – деди.

Ошентип, Шакемдин сөзү менен театрга кирип калдым. Ошо жылы жазында кош жаңы чыгаары менен Куттубаев Аманкулдун «Колхоз душмандары» деген пьесасын даярдап Осмонкул, Карамолдо, Шаршен баштап колхоздорду кыдырып, Чүй өрөөнүнө оюн коюп чыгып калдык.

Ал спектаклдин ичинде үч кумарчы барбыз: биринчи кумарчы Шакем, экинчи кумарчы Райкан, үчүнчү кумарчы мен, экөө мени тоноп утуп алышып, арак ичип мас болуп урушуп, аягында жыгылып калабыз. Ошондо көрүүчүлөр башкаларыбызга көңүл бурбай Шакеме боору катып ыкшып күлүшөт. Шакем баарыбыздын башыбызга жаба кусканын көрсөтүп окшуганда элдердин ичегиси түйүлгөнчө күлүшүп, эстери ооп, «капырай күлүп атып кыйналган жаман экен» деген сөздөрдү элден угаар элек.

Оюндан кийинки отуруштарда да, тамак жеп жатканда да боорду катырып күлдүрүп, тамакты да жакшылыктуу жей албай калчубуз. 1933-жылы кыйын мезгил эле. Кош айдоого унаа жетпейт. Ошондо да артисттердин эмеректерин эптеп ат арабага салып, колхоздон колхозго жеткирип, сакалдууларга ат таап беришет. Ошол кездеги аттар жоор, куйрук-жалы түшүп кырчаңгы, учкан сагызганды көргөндө жиндери келип чунаңдап мөңкүп туруучу. Жоор аттардын жытына адам чыдагыс, тим эле кеңилжээрди жарат. Жөө басуу кыйын, минбеске айла жок.

Ошондо да Шакем жөн турбай сөөмөйүн чычайтып, жоордун үстүнөн кайпып аяк жалагансып сөөмөйүн жаламыш болсо, молдокем жүрөгү айланчаак сыпаа киши эле:

– Кудай урган Шаршен, койсоңчу, кишинин кускусун келтирбей – деп, башка бөлүнүп же артка,

же алдыга бастырып түкүрүнө берүүчү. Кээде кусуп да жиберчү.

Шакемдин турган турпаты күлкүгө ширелген белем. Сөзүн айтпай сахнага чыкканда эле эл күлүүчү. Кээде мостоюп, бир нерсени тыңшагандай элейип, кайра муңая түшүп, жаагын сыйпап тамшанып, сөзүн баштай электе эле элдин боору катып калуучу. Кыскасын айтканда сөзүнөн да жөн турганда өзү кызык эле. Азыр да Шакемдин кыял-жоруктары менин көз алдымда күнү бүгүнкүдөй элестеп турат. Ошондон улам болсо керек, мен Шакем катышкан эки спектаклди өзүбүздүн сахнабызга чыгардым. Бирн К. Маликовдун «Осмонкул» аттуу драмасы, экинчиси Ж. Садыковдун «Күйөө жолдош» аттуу комедиясы. Себеби дегенде, мен Шакем менен бирге жүргөндөгү көңүлдө калган элестердин жардамы тийдиби деп ойлоймун.

*Көпбай Кумушалиев*

## КҮЛКҮНҮН БУЛАГЫ

Мен Шаршенди алгачкы жолу 1925-жылы, октябрь айынын күндөрүнүн биринде Жыламыш кыштагында Дыйканбай деген кишинин ашына келгенде көрдүм. Жеке менчик өкүм сүрүп, бай менен кедей-кембагалдардын күрөшү курчуп турган мезгил. Совет бийлиги болсо да, байлар байлыгынан, манаптар манаптык сөөлөтүнөн ажырай элек кез.

Күн түшкө жакындап калган. Эки атчан киши конок алынып жаткан үйлөргө кайрылбастан, утурлап алдын тосуп чыккан кишилерге да токтолбостон, аш берилип жаткан чоң ак өргөөнүн алды жагындагы секиде тегерек тартып топтолуп отурган кишилерди көздөй түз бастырышты. Олтургандарга чукул келип калганда тору кунанчан киши:

Атасы өлсө эскерип,
Аш бергендер аманбы?
Ашта этке тоём деп,
Ач келгендер аманбы?
Атасынан баласы
Аз келгендер аманбы?
Алдаганга эл журтту
Маш келгендер аманбы!

– Ырчы экен.

– Кайдан келатты экен?

– Жаш эле көрүнөт.

– Сөзү укмуш.

– Аяк ташташы башкача – дешип, ал жерде турган кишилерди суроолуу сөз аралады. Ал ырын уланткан сайын элди күлкү басты. Ар кайсы үйдө аш тамагына окулган куран токтолуп, эл күтүп жүрүшкөн жигит-желеңдер ырчыны тегеректешти.

Аш атактуу манап Жангарачтын акыркы өлгөн уулуна берилип жаткандыктан, Түлөбердиден тарагандар түп көтөрүлө келишкен экен. Аштын ээси Дыйканбайдын улуу уулу Алымбек болгондуктан, ага кошомат айтышып олтурушкан бай-манаптар, молдо-сопулар ырчынын ырына аргасыздан күлүшсө да, экинчи жактан Алымбектин каарына калбайлы дегендей жайылган ууртгарын азуулары менен тиштешип жер чукушту.

Алымбек ата-бабасынан калган мансапты колунан келсе кетирбөөнү көздөгөн, өтө өкүм жана каардуу адам. Ал өз сөзүнөн башканы жөн көрбөгөн, башкаларга сүйлөөгө кезек бербеген аксым да, кежир да киши. Өтө кырс болгондуктан, ырчынын үнү чыкканда эле каны ичине тартып, аны жактырган эмес. Бирок элди өзүнө тарткан Шаршендин куйкум сөзү, коңур үнү Алымбекти да угууга аргасыз кылды.

– Ырчы менен дувана да заманага жараша болот тура. Сарыбай молдо! Уктуңуз беле, бу ким, кайдан келген ырчы? – дейт Алымбек.

– Шаршен деген ушу. Дөң-Сайлык, күнтуу, Термечиктин уулу, деп, анын жанында атчан турган кара сакалчан киши жооп кайтарды.

– Шаршен?- Алымбек көп ойлонуп олтурган жок.- Ырчыны түшүргүлө – деп буюра сүйлөдү.

Аш ээсинин жылуу сөзүн угууну күтүп отурган, өзүнүн эптүүлүгү менен да жана куда сөөктүгү жагынан да Дыйканбайдын уулдарына жагып калган Сулайман деген киши Алымбектин сөзү жыйылганча Шаршенге жакынырак жерге туруп, күлкүгө эзилип калган Кудайкул деген кишиге:

– Эй Кудайкул! Талга асылган маймылдарча ырсайбай, ырчынын атын ал! – деди.

Кудайкул ырчынын атынын чылбырынан алганда эле, Шаршен аттан ыргып түштү. Ал Кудайкулду чап кучактап:

– Куке!.. Ат-көлүгүңүз аман-эсен жүрөсүзбү? Сизди бул жерге кандай шамал айдап келди? Пишпекке бардым нечен жолу учурашайын деп «эл аралап кетти» деген соң, эшигиңди сыйпалап кайра тарттым. Үч жолу үйүңүздө да болдум, «үлпөттүү жерлерде жүрөт» деген соң, шаарга үчтөн ашык коно албай үйүмө кайттым. Мекемеңизге барам, эшигиңиз бек. Кайда, Кукем, кайда Кудайкулов десем, «сүйлөгөнү кеп, издегени көк» дешти. Айтууга дартым, арам тамактардан алуучу карызым бар. «Билбеген киши уу ичет» дегендей күтүлбөгөн жерден кез болуп куйругуңузду басып ала таштапмын. Кечиги-бирээк таанып, учурашканым үчүн кечирим кылыңыз. Деги бири-бирибизди түз карап учурашалычы – деп, Кудайкулдун кабыргасын кабыштыра кучактаганда элдин күлкүсү талааны жаңыртты.

– Ээ айланайын Куке! Анык эле Кудайкуловдун өзүсүңбү? Мен издеп таппай жүргөн кара көзүсүңбү? Боюңа карасам Кудайкуловдун өзүсүң. Сакал мурутуң да окшош. Бирок бет сөрөйүң башкача. Же байлардын малын алып, манаптардын акылына кирген иңе

өзгөрүлүп калгансыңбы? Астыңан адам өтпөй, үстүңө киши кирбей калган деди эле. Андай болсо, атымдын чылбырынан алганың кандай. Коюңуз Куке. Өз атымды өзүм эле байлайм, өзүм деле жайлайм, – деп, Шаршен күтүлбөгөн жерден күлкү чыгарды.

Кудайкулов Ракманкул ал кезде Кыргызстандын кошчу уюмунун председатели болуп иштөөчү. Ал эми Шаршендин атынын чылбырынан алган. Кудайкул деген киши чарчы бойлуу, кара сакал мурутчан, мурду бучук киши эле. Бет сөрөйүң башкача дегени ошого байланышкан.

Элдин сөзү токтолуп, бардык көңүл Шаршенге бурулду. Күлкүгө дүүлүккөн эл ага ортосунан орун берди. Олтургандардын көпчүлүгү Шаршенди атактуу Калмырза, Найманбай, Жаманкул, Калык, Осмонкулдай акын деп ойлошту. Андан куюлушкан ырларды, санат ырларды жана «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Саринжи-Бөкөй» сыяктуу элдик ырларды угабыз деген үмүттүүлөрү да болду. Бирок Шаршен өз жолуна түштү.

– Атам казан аштуу киши эле. Тамакты чоюн кашыкка бышырып, балдарына сыр кашыктап бөлүп берчү. Биз жакшы турчубуз. Алты канат боз үйүбүз бар болчу. Анын бир жагынан ат кирсе, экинчи жагынан ит кирчү. Эң эле жакшы жери сайгактаган уйлардын мүйүзү керегенин көзүнө илинбей чыгып кетээр эле.

– Жакшы турганыңар ушундай болсо, жаман турганыңарды «кудай» көргөзбөсүн, – деп эл дуу күлдү. Абаны жаңырткан элдин күлкүсү катар-катар казылган кемегелерге асылган эт бышырып жаткандарга да жетти. От жагып жаткан балдар көсөөлөрүн таштап, Шаршендин күлкүлүү сөзүнө кулак түрүштү...

Кийин, 1934-1935-жылдары Фрунзе шаарында Шаршен менен кошуна туруп, театрда бирге иштеп калдык.

Жусуп Турусбековдун 1934-жылы 25-декабрда Кыргызстан Мамлекеттик театрында коюлган «Ажал ордуна» аттуу музыкалуу драмасынын биринчи вариантында Шаршен Токтахундун малайларынын бирөө болуп катышты. Ал спектаклдин үчүнчү сүрөтүндө Кытай жеринде болгон окуяда көрүндү. Токтахундан акы доолап келген жери ыйлагандардын ыйын токтотуп залды күлкүгө жаңыртып жиберди.

Шаршендикинен замандаштары үзүлчү эмес. 1935-жылдын октябрь айынын күндөрүнүн биринде кечинде иштен келсем, «Шаршендики чакырып кетти» – деди үйдөгүлөр. Салам айтып кирип барсам Шакемдин үйү концерт берилип жаткан залдай күлкүгө толуп калыптыр. Баарысынан кичүү болуп туруп, сакалдуу кишилерден кийин келгениме бетим ымыр-чымыр болуп кетти. Анын үстүнө, төрдө олтурушкан Осмонкул менен Карамолдо:- Кел, кел, балам! – деп, эки жагын карап калышканда, уялганымдан оң жаккы капшытта олтурган Абдыжапар Исабеков деген жигиттин жанына лып олтура калдым.

Сөзгө-сөз уланып, күлкү кайталанып жатканда Эсенаалы деген киши:

– Өткөн жылы Кочкорго барсам, Куйручук менен Шаршендин учурашкандагысы дешип, бир даар адамдар сөз кылышты. Балким, бу жерде олтургандар аныңды мурда уккан чыгаар. Ошондой болсо да Куйручук менен кайдан кезигишип, кандайча учурашкандыгыңды өз оозуңдан уккум келип турат, Шаршен – деди.

Шаршен сөзүн улады:

– Куйручуктун көзү тунук, сөзү курч. Жаасы катуу, тили мурч. Анын алдынан эч ким өтпөйт, аны менен айтышууга эч кимдин дити жетпейт. Жок жерден сөз чыгарган, шooласыз жерден көз чыгарган, жаактууга жеңдирбеген, шамдагайга эндирбеген, акылдуунун айласын тапкан, алдым-жуттумдун абийирин ачкан, адам баласынын кебетесин көрүп,

көңүлдөн чыкпай турган ат коё билген, сөзгө чебер чечен киши деп уккам. Чынымды айтсам тууган-дар, ага чейин өзүм да Пишпектен нары өтпөгөм. Токмокко жетпеген кезим эле. Кочкорлук Үмөш деген киши менен 1926-жылы Пишпекке келгенде таанышып, көңүл жакын болуп, достошуп калгам. Куйручуктун жөн жайын ошондон уккам. Сыртым-дан күлгөнүм менен Куйручук деген атты укканым-да жүрөгүм болк-болк этип, муундарым калтырап, өзүмчө коркуп жүргөм. Капилеттен Куйручукка кезигип, жөргөмүштүн торуна тартылган чымындай анын алдында чыңылдап калбагай элем деп, досум Үмөш чакырса да, баралбай жүргөнүм чын болучу туугандар. Ошентип, жүргөнүмдө:

– ... Иним дүйнөдөн кайтты досум. Жолдун алыс-тыгы өзүңө окшогон жакшы санаалаштардын жете келип топурак салуусуна шарт түзбөдү. Ага өкүнбө, мен таарынбайм. Жайчылыкта жадырап, жайнап барбай, эми иниси өлгөндө үйүнө өкүрүп түшөмбү деп да ойлобо – деп Үмөштөн кабар жетти.

Кадыр-көңүл деген кыйын эмеспи, чиркин. Үмөштүн кабарынан кийин Кочкор, Жумгалды аралап келейин деп, жол тартып калдым. Үмөштүн айлы Кочкордун аралынан алыс узай элек экен. Улам жолуккан кишилерден сураштырып олтуруп, досумдун айлына эл жатканда бардым. Шаардагы-дай көчөнүн аты, үйүнүн номуру жазылбаган соң, кыркаар тартып тигилген боз үйлөрдүн кайсынысы Үмөштүкү экенин караңгыда кантип таанымак элем. Бооз тору быштымды такымга чаап, айылды карай өкүрүп жөнөдүм.

Уйкуда жаткан кишилер эшикке жылаңач чуркап чыкмак беле? Өлүк чыккан үйдүн эшигинин алдынан өкүрүк чыкканча айылдын аягынан башына чейин, башынан кайра аягына чейин үйдөн-үйдү кыдырып өкүрүп жүрө бердим. Тынч жаткан элдин уйкусун бузуп, айылга дүрбөлөң салдым. Аңгыча бир киши

чыгып өкүрүп калды. Үмөштүн үйүнөн өтө чаап айылдын башына кайра барганымда, эки атчан киши чаап келип, экөө эки жагымдан атымды суулуктап:

– Сен кутуруп кеткен эмесиңби, түн жарымында өкүрүп? Кайдан келген кишисиң? Кимдикине өкүрүп келдиң эле? – деп оңураңдай баштады.

– Эмне силерде өлгөнгө өкүрбөйбү? Атым Шаршен, сары өзөн Чүйлүк боломун. Үмөштүн досумун. Иним өлдү деп кабар айтыптыр. Алыс жерден келгеним ушул болуп калды. Асылым уялашынан айрылып калса, досум деп мага кабар салса, караңгы түн эмес, кан жаап жатса да кантип өкүрүп түшпөйүн десем, чаап жиберчүүдөй ачуусу келген эки жигит жоошуп, мени өкүрүк чыккан үйдү көздөй коштоп жөнөдү.

Алыстан келдим жол басып, досум,
Ашуусу бийик тоону ашып, досум.
Айрылыпсың бооруңдан, досум,
Алсырап зарлап кан какшап, досум.
Эми кайдан көрөйүн кокуй!
Караңгыда жол басып, досум.
Кар баскан бийик тоону ашып, досум.
Канатыңдан айрылып, досум,
Калыпсың боздоп кокуйлап, досум,

Эми кайдан көрөйүн, кокуй! – деп, Үмөштүн үйүнө өкүрүптүштүм. Шам жагылаары менен үйгө киргизди. Үмөш ордунан туруп кийине баштаган экен. Салам айтып, эки колун кыса кармап:

– Төгүлгөн аяк толчу эмес, кайраттуу болгун деп, Үмөшкө көңүл айта баштадым.

– Ыракмат, ыракмат, досум Шаршен! Кабарды угуп келип калганыңдын өзү эле инимдин тирилгенине тете болду. Куйручук жатат, Кукем менен учураш – деп, Үмөш төр жакты көргөздү.

– Чок басканы турамбы – деп, Үмөш менен учурашып жатып, төр жакка көз чаптырсам, наркы капшытта төшөктөн башын көтөрүп элечек кийип

жаткан аял көрүндү. Бүлбүлдөгөн шамдын шооласынан көрмөксөн болуп, төрдө жаткан Куйручуктун бутун басып өтүп, аялга жетип:

– Куке, аман-эсенсиңби?— деп, чап кучактап:

– Таанибасты сыйлабас, дабышсыз акын ырдабас дегендей, а дегенде өзүңүз менен учурашпаганымды кечириңиз, Куке. Сары өзөн Чүйдөн келдим. Ырчы акынмын, ышкыбоздорго жакынмын. Атым Шаршен, атамдын аты Термечик. Неге башыңызды көтөрбөйсүз? Неге сүйлөбөйсүз, Куке! деп, кучагымды жайып, колунан кармасам, ээгинде эки тал кылы жок, эркектин түрү жок жанга кабылып калыпмын. Чочуганымдан.

– Куке!.. Сизди эркек деп уккан элем, бу эмне үксөйгөн чачыңыз. Же мага кубулуп көрүнүп жатасызбы, айтыңыз? – дегенимде, Үмөш:

– Ал менин байбичем. Кукем бери жагында жатат, – деди. Арт жагымды карасам, босогодо байлануу музоо турган экен. – Ассалоом алейкум Куке! Баятадан бери таппай жүрсөм бу жерде турбайсызбы – деп, музоону куйруктан чап кармап толгоп алсам, мөөрөп жиберди.

– Куке, аман-эсен барсыңбы, акыреттик жансыңбы? Үнүң эми чыкты, коңгуроодой экен мыкты. Мурдуң да куду эле менин мурдума окшоп турат, мөө дегениңиз менен көзүңүз жоодурап далай нерсени козгоп турат. Бала-чакаңыз аман-эсенби, Куке? – деп учураша бердим. Музоо мөөрөй берди.

– Куке, бу Чүйдүн сулуусу, сөзгө чебер жылуусу Шаршен ырчы деген болот, – деди Үмөш. Ошондо Куйручук төшөктөн башын көтөрүп, жуурkaндын ичинде олтуруп калган экен.

– Болду, болду, Шаршен, мөрөй сеники – деди, Куйручук жанына чакырып алып учурашкандан кийин:

– Шаршен дегенди бозо ичип, мас болгон жерде күлгөн, барк кылбаган элде жүргөн, арак ичип, мас

болгон жерде күлгөн, адам баркын билбеген элде жүргөн дечү элем. Көрсө Шаршен бозо ичип, мас болбогон жерде күлгөн, баркын билип баалаган элде жүргөн, арак ичип, мас болбогон жерде күлгөн, адам баркын баалаган элде жүргөн Шаршен турбайбы. Мен койдум, Шаршен. Сени төрөгөн энеңе ыракмат. Эркелетип сүйгөн жеңеңе ыракмат. Сөзүң тунук, өнөрүң улук, бешенеңе бак берген таалайлуу куудул экенсиң. Буга чейин өзүмдү жалгызмын деп жүргөн элем. Жок, жалгыз эмес экенмин. Жолуң шыдыр, жоругуң элдик болсун – деди Куйручук. Антпегенимде Куйручукка жыгылып калчудай экенмин. Өзү ырчы, көрөгөч сынчы киши экен. Куйручук бет алган жагынан тартпаган, бир киши астынан туура баспаган, сөзгө бай, чечен, беттешкендер Куйручуктун сөзүнө куйкаланган экен нечен. Жөн билгичтигинде даба жок, жок нерсеге күйкөлөктөгөн санаасы жок, адамдын сырын билген, айтууга сөзү белен кара жаак, көкжал киши экен Куйручук.

– Бир караганда окшоштукту тапкан, бетине печеттей баскан, жуусаң кетпеген, сүртсөң сүртүлбөгөн, айдын жарыгындай, аттын кашкасындай кебетеңден кетпей турган, көркүңдү эстей турган топоздун торпогу мурунданганым жарайсың деди Куйручук.

Үйдө олтургандарды күлкү басты. Ошондо Шаршенге суроо менен кайрылган Эсеналы кол жоолугу менен көзүн сүртүп:

– Ыракмат, Шаршен. Ал жөнүндө бир топ эле кишилердин айтканын уккан элем. «Чоң үйдөгү күлсө, кичине үйдөгү ырсаят» болуп, алар өзүң сыяктуу таасын айтып бералган эмес. Бир гана Үмөштөн башкасы көңүлүмдү уюта албаган болучу.

– Үмөш эмне дедиң эле? – деп, Карамолдо суроосун улантты.

– Куйручук аралабаган жер, көрбөгөн эл Кыргызстанда сейрек чыгаар. Кайда барса «Куке» деп, алдынан тосуп, ызаат кылган, кадыр-баркка жетишкен

адам. Шаршендин жөн учурашпаганына ыза болуп, ачуусу келип, уу тилин агытып, тилдеп жибереби деп чочугам. Бет алышып сүйлөшпөй, экөө урушуп калса уятка мен каламын го деп чыйпыйым чыгып турган эле. Көрсө, жоболоңдуу жоруктары бизди чочуткан куудулдар бирин-бири көрүшпөй туруп, бирине-бири мыкты түшүнүшкөн тура – деди Үмөш.

– Сыр билгендерин карачы – дешип, отургандар дагы күлүштү.

Атактуу Куйручуктун тили менен айтканда Шаршен турмушка, чөйрөгө кеңири байкоо жүргүзгөн, кишинин сырткы кебетесинен ички психологиясын билген, эл арасында коомчулукта болуп жаткан тиричиликти сергектик менен сезип билген, жакшы нерселерди кабыл алган, жамандан жаа бою качкан, аны сындаган жыйырманчы кылымдын биринчи жарымындагы бөтөнчө сынчы, бөтөнчө шайыр адам болгон.

Бирок, Шаршен көрөгөчтүгү, тилинин тибирткелүүлүгү, күлкүнүн кутусу жана сөздүн чордонун билген акылдуулугу менен гана чектелген эмес. Ал баарыдан мурда, кандай шартта, ким менен кездешсе да, өзүнүн адамгерчилигин, маданияттуулугун ошондой эле мамилелерде кез болуучу этиканы кармай билген сыпайкерчилиги жогору адам эле.

Шаршен сөздү күлдүрүү үчүн алдын ала даярдап алып айтчу эмес. Анын айтчу сөзү, берчү жообу куюлушуп турчу. Ал өзүнө кайрылып турган кишини же айланасында тургандарды бир караганда эле анын сырткы көрүнүшүнөн, кебете- кепширинен, сүйлөгөн сөзүнөн, баскан-турганынан, болгондо да, угуп олтургандардын кытыгысына тийип, өпкө-боорун эзилтчү курч сөздү көзүнө көрсөтө айтчу.

Шаршен бой көтөрүүчүлүктү, көз боёмочулукту, теңсинбөөчүлүктү, урук-тууганчылыкты, жердешчиликти, жек-жаатчылыкты, коомдогу адилеттүүлүккө зыян келтирүүчү көз караштарды катуу сынга алган

киши болгон. Шаршен аралашкан жердеги концерттерде эл баарыдан көбүрөөк Шаршендин чыгышын, анын күлкүлүү, куйкум, күйдүргү сөзүн угууну талап кылчу.

Шаршендин тубаса талантын, жалындоосун аны алка жакадан алган ажал да майтара албаган. Аны ал өз өмүрүнүн акыркы минутуна чейин эс-акылы сергектик менен уланткандыгын, Кыргыз ССРинин эл артисти, режиссер Аманкул Куттубаев мындайча келтирет:

– Күтүлбөгөн жерден 1942-жылы 8-августта эртең мененки саат он ченде Кыргызстан Мамлекеттик Эмгек Кызыл Туу ордендүү Токтогул Сатылганов атындагы филармониясынын директору Өмүркул Жетикашкаев шашылыш кирип келди да. «Шаршендин абалы катуу, эс акылы барында коштошуп калуучуларга уруксат кылабыз» деп, ооруканадан телефон чалды. Шаарда эл акындарынын бири да жок. Алар алыскы райондордо концерт берип жүрүшөт. Кайран адамдан айрылып калабызбы деп, Өмүркул жашып кетти. Шашылганда оюңду жоготуп, издегениң табылбай, баскан жолуң арбыбайт экен. Биз ооруканага келгенче саат II жарым болуп калды. Бизди Шаршен жаткан палатага киргизди. Ал чабалактап жаткан экен. Баш жагында Маана жеңе олтуруптур. Салам айтып «саламаттыгыңыз жакшыбы, Шаке?» деп сураганыбызда, Шаршен адатынча бажырая карап, кыйналып жатканына карабай жылмайып:

– Эртеден бери ажал менен алка жакадан алышып, салгылашып жатам. Ал ары тартат, мен бери тартамын. Эртең менен ажал күчкө салып көтөрүп чапты эле, көмкөрөмөн түшүп тура калдым. Экинчи жолу чап кармап ыргытып жиберейин дегенде, колтугунан булт коюп чыгып кеттим. Канткенде баса калаар экенмин дегенсип, ал мени бөдөнө тооругандай тооруйт, мен аны тооруйм – дегенде, жол

бою көз жашын төгүп келген Өмүркул бырс күлүп жиберсе болобу.

Шаршен бизге чынын айтты. Бирок өлүп каламын деген жок. Керээз сөз да айтпады. Сыртка чыкканыбызда Шакеңдин кайраты мол, ал жашайт деген ишеним менен кеттик.

Театрга барып, Шаршенди көрүп жана андан укканыбызды жолдошторго айтып бүткөнчө:

– Шаршен Термечиков дүйнөдөн кайтты – деген суук кабар телефон аркылуу келди. Эч кандай жамандыкка кыйбас адамыбыз, кыргыз театр искусствосунун кайталанбас залкар чебери, күлкүнүн булагы Шаршенден ошентип ажыраганбыз. Бирок Шаршендин жандуу, образдуу сөздөрү эл оозунан кетпейт.

Аманкул Куттубаевдин ушул сөздөрү күнү бүгүнкүдөй дилимде жат сакталып келет.

*Токтоналы Шабданбаев*

## ШАРШЕН ТОКТОГУЛГА УЧУРАШКАНДА

1928-жылдын октябрь айында жумуштап базарга келдим. Базарга кире бериштеги Ашырахундун самооруна эл демейдегидей көп чогулуп жатканын көрдүм. «Эмне болуп кетти» деп, сонуркап бардым. Бери жакта Ниязаалы туруптур. Андан: – Эл эмнеге чогулуп жатат? – деп сурадым.

– Кетмен-Төбөдөн Токтогул ырчы, Жолой кыякчы келиптир. Ошолорду көрөбүз деп чогулуп жатышат, – деди.

Токтогул чарчы бойлуу, келишкен ак сандыктай кызыл чийкил, маңдайы жазы, төшү кененирээк, кыпчыгый мурун киши экен. Оозунда отуз эки ти-

шинин бири да калбаптыр. Башында кийгени колго соккон кыргыздын ак топусу. Үстүндө өзбекче көкүрөгү ачык көйнөк, белине эки жоолукту катар курчанган. Бутунда намерикан маасы. Колунда кештеленип сайган чачылуу бет аарчысы бар. Малдаш урунуп самоордо чай ичип олтурган жеринен көрдүм.

Жолой кыякчы чалпоо карагер ат мүнөздөнгөн, эти түгөнгөн ала бакандай болуп арыгынан келген, шалпып сүйлөгөн киши экен.

Аңгыча нары жактан Шаршен келип калды. Аны алыстан көргөндө эле короодогу кой үрккөнсүп, чогулгандар шатыра- шатман күлүп токтошту. Эмне болуп кетти дегенсип Токтогул да элеңдеп калды.

Шаршен мурунтугу жок букадан бетер чогулгандарды качыра сүзүп, алдыга чыкты. Көзүн сүзө, мурдун дердеңдетип, айбаалыдай колун алдыга сунуп, жорголой басып, түз эле Токтогулду көздөй жөнөдү.

– Атсалоом алейкум, Токо! Амансыңбы? Барсыңбы? Бакубаттуусуңбу? – Учураша колун алды. Анын колун коё бербей: – «Эрдин даңкын алыстан ук, үйүнө барба» деген. Атак-даңкыңды элден укчу элек. Күмүш ак сандыктай болгон жарыктык. «Токтогулду шаарга өкмөттөр чакырыптыр» деген кабарды угуп, алардан мурда көрүп алайын деп чыдай албай келип калдым:

Токо,
Конок деген жерден келдим,
Күнтуу деген элден келдим.
Сизди көрүүгө суусап келип олтурам.
Атамдын аты Термечик,
Апам бешикке бөлөп терметип.
Келди деген кабарың,
Мени учуруп келди дегдетип.
Мен ошо Термечиктин кулуну,
Өзүм болсом куудулдардын тунугу.
Жаздым айтпайм сөзүмдү,
Токо жалган дебе мунуму.

Таноом болсо кенен,
Айтса сөзүм белен.
Жакшы көргөн кишиме,
Ушинтип издеп келем.
Сөз сураган кишиге жооп берем,
Сүйгөнүмө сүйлөп берем,
Сүйбөй турган кишиге,
Мурдумду чүйрүп кете берем.
Көрбөсөм да, Токо,
Көргөн элден укчу элем.
Өзүң менен сүйлөшкөнгө,
Муратыма жеткендей болуп турам, – деп безене сүйлөп, Токтогулдун колун коё берди.

Токтогул колу бошогондон кийин капаздан эркиндикке чыккан кушка окшоп:

– Көзөлүм, бали, бали!-деп башын чайкады.-Шаршен деген куудул бар. Тим эле өлгөн кишини да күлдүрөт деп укчу элем. Ырас жолукпадыңбы. Кара кашка аттын маңдайындагы кашкасындай Шаршен турбайсыңбы. Бул сүйлөшүңө караганда күлкүнүн кызыры экенсиң го.

Шаршендин Токтогулга учурашып айткан сөзүн угуп тургандар эстери оогончо күлүштү.

– Өзүң айткандай Токтогул деген ырчы мен болом. Теректей боюңду тогуз бүгүп, тизелебей жайыңды айтып бердиң. Кирген буура өңдөнүп буркулдабай мындай өтүп жай ал. Базардан көзүң өтүп турат, дунгандарыңдын сабиз, пиязы, калемпири качпас. Мен да өзүңө азыраак жайымды айтып берейин.-Токомдун бир чети тамашага чала сүйлөгөн сөзү бул окуяга катышкандардын көңүлүн көтөрдү.

– Жакшы турмуш, мусапырлык турмуш, деген эки турмушту башымдан өткөрдүм – деп баштады кебин Toком – Анжияндын алааматында ак падышанын желдеттери тарабынан ак жеринен сексен киши менен Шиберге айдалып, жетимиш градус суукта жети жыл жүрдүм сандалып. Жети жылда жергелүү

кыргызга кайра кошулдум айланып. Жалгыз баш кайда болсо да батат экен. Андан көргөн азабымдан үйгө келгенден кийинки азабым күчтүрөөк болду, балам. Айдалып кеткенден кийин аялым байга тийиптир, жалгыз баламды ач-арбак ажал илиптир. Карып калган апам эки көзү күйүттөн көрбөй калып, календер болуп жүрүптүр. Апамды колума алып, турмушту кайра оңдогончо өмүрдүн көпчүлүгү агып кетти, балам! – деп үч кыл комузун толгоп ырдай баштады:

Күкүгү элем кыргыздын,
Шаршеним,
Күйүт менен күч кетти.
Ташты жара чайнаган
Отуз эки «канжардын»
Орду калып бүт кетти.
Жалындуу жаштык кезимде,
Жагалданып турчу элем,
Жакшынакай түс кетти.
Сары суу басып муунду,
Салмак, кубат бүт кетти.
Адырга чыкса талбаган,
Аргымак элем, арыдым.
Алтынга баалуу кайран баш,
Кечээ азамат эле, карыдым.
Айдалып жүрүп нечен жыл,
Турмуштун түрүн тааныдым.
Ак калпак элге жетсем деп,
Азапты тартып наалыдым.
Адашып элге жете албай,
Ак сакал болуп карыдым.
Өксүп жүрүп жоготтум,
Өмүрүмдүн жарымын.
Тозокту тарттым нечен жыл,
Толгонтуп колум байлаган.
Баягы жаштык азыр жок,
Тоту куштай сайраган.

Көргөнү келсең өзүмдү,
Аздыр, көптүр, Шаршеним,
Угуп кет айткан сөзүмдү.
Колдон келсе жаш кезде,
Көрүп кал, иним, үзүрдү.
Басынып жүрүп жоготтум
Баасы кымбат күчүмдү.
Жаралганда кантейин,
Таалайга жазган шөкүлдү!

***Китепте:***
***Термечиков Шаршен.,***
***Таштемиров Ж. (түзүүчү) /***
***Күйөө жолдош. – Ф.1982, 83-221-б.***

## МАЗМУНУ


Куудулдар ........ 3

*Жоошбай Борсол уулу* ........ 19

Атам жылмайды ........ 26
Кубана узатышты........ 26
Тамшанган бойдон кала берди ........ 27
Тайлак болуп боздогонумда ........ 28
«Ток пейил» Мейман........ 29
«Борсол жинди»........ 31
Кеткиче шашты ........ 33
Суу куйганда ........ 34
«Азоо көмөч»........ 35
Шакылдата чапканымда ........ 36
Жылкычылардын кумары канды........ 37
«Кудайды» сабаганымда ........ 38
«Кокуй, коё бергиле» ........ 40
Буруп алгамын ........ 42
Ынтыгып тышка чыгышты ........ 42
Көрүстөндө........ 43
Угузуу ........ 47
Кеткилеп да, кескилеп да бере албаймын ........ 51
Шөмтүрөп кала беришти........ 51
Бычактарын кармай олтурушту........ 52
Аттарды жайлаганымда........ 54
«Чык» дегенде чыгып кеттим........ 56
Качантан бери «шал» болгон? ........ 56
Жумуртканы бөлгөндө........ 57
Үчөөнөн «куру» калбагыла ........ 60
Намазда ........ 61
Акчасын албайбыз ........ 64
Малынын теңи таркатылып берилди........ 65
Төлөп бере албайсың ........ 67
Анжиян багытында ........ 68
Жасоолдун жазаланышы ........ 70
Шайы жууркандарына жатканымда........ 72
Жалгызыңды Жанактын
балдарына «кошуп кой» ........ 73
Жооп бере албай калды ........ 75

*Көкөтөй Өмүрбек уулу* ........ 76

Балалык кези ........ 76
Көкөтөй он алты жашында ........ 88
Көкөтөй Ботоканга жылкычы ........ 94
Көкөтөй Байгазыга жылкычы кези ........ 105

Көкөтөй карындашын узатканы ............................ 115
Көкөтөйдүн кызыл ууруга кезиккени.......................... 126

***Карачунак Шылдыр уулу***.................................................... **131**

Байдын балдарын чычкан менен ............................ 133
коркутканда ........................................................ 133
Ит болуп эшендерди коркутканда ......................... 134
Бөдөнө уруштурганда ............................................ 135
Кербендердин палоосун алганы............................. 138
Дүлөй байдыкындагы куран окуу .......................... 139
Приставдын баласын коркутканда ........................ 140
Даарат алган байларды коркутканда ..................... 141
Байдын этин жегенде ........................................... 142
Жарманын атагын чыгаруу ................................... 144

***Куйручук (Кудайберген) Өмүрзак уулу***........................ **148**

Арбак ..................................................................... 169
Түлөө...................................................................... 172
Жерден жек чыкты, ............................................... 175
эки кулагы тик чыкты ............................................ 175
Сен тойбогондо, мен тоймок белем ......................... 179
Апа, уулуң кутуруп кетти....................................... 182
Ач көз ..................................................................... 186
Кемпир ................................................................... 190
Бет ......................................................................... 193
Бейиттеги үн .......................................................... 197
Үч кызыл кулак ...................................................... 201
Сарала чапан .......................................................... 205
Мен сени минип бардым ......................................... 211
Мен өлдүм.............................................................. 213
Манасым барда кайда болсо коном.......................... 217
Күн качан ачылат ................................................... 221
Эрке токол менен байтал........................................ 222
Айып кимде ............................................................ 225
Букача мөөрөп балбанды жыкканы.......................... 229
Эки балык .............................................................. 233
Жуушаң менен боорго саям..................................... 237
Жалаа..................................................................... 240
Деги таң аман болгой эле ....................................... 242
Өлүк менен күрөшкөндө ......................................... 243
Үч жүз самоор ......................................................... 251
Коркутуу................................................................. 255
Башын сатып алгамын ........................................... 259
Сиз канчык болуңуз ............................................... 262
Дары тезек ............................................................. 265
Акең жебесе таш жесин .......................................... 272
Шерменде болгон мырза жигит ............................... 274
Доңуз топоз ............................................................ 279

Кекиртегимен ары өтөлекте ........................ 282
Ак кулак, кара кулак........................ 284
Тегирменчи ........................ 287
Ачкан ороо көздөнбөй........................ 290
Сандалып кетип баратам........................ 293
Токсон тогуз болсо, ........................ 296
же жүз бир болсо албайм ........................ 296
Кандай таш?........................ 300
Тамаша ........................ 302

***Бекназар Арзымат уулу* ........................ 305**

«Чыйрак» элем ........................ 309
Илгерки жетим........................ 310
Өгөй эне........................ 312
«Кашындагы каралдысы» ........................ 314
болуп калдым ........................ 314
Мен биринчи жолу тойгондо ........................ 315
Оңой эле «Чоң» болдум........................ 319
Эми кайда барам? ........................ 320
Мусулманчылыктын азабы........................ 322
Күнөөгө кадам койгон жылы........................ 322
Мусаллага тойгондогу зикир ........................ 323
Шекшип калдым........................ 325
«Олуя» болуунун жолу табылды ........................ 327
Кесел келип калганда........................ 329
Зоболом көтөрүлө берди........................ 333
Жумабай бий келгенде ........................ 334
Коштошуу ........................ 336
Калпасы калың айыл ........................ 337
Токмок жеңени ээрчигенде........................ 342
Шашкедеги зоор ........................ 347
Жума намаз эмне үчүн каза болду ........................ 350
Көчөдө калганда ........................ 352
Кимибиз айыптуубуз ........................ 354
Кулмурза бий келгенде........................ 356
Бөөдө жеген келтек ........................ 359
Колуктунун үйүндө ........................ 365
Аттанарда ........................ 369
Эпчил элем........................ 371
Бүбү ойноган түнү........................ 373
Кере кулач керчөө........................ 375
Нан битир ........................ 378
Эшен жаткан түнү........................ 380
Пул болгон кыз........................ 385
Нуке дубананын апыртмасы........................ 387
«Кумайык»........................ 393
Каргыш тийген калпа........................ 397
Матмусанын тоюнда........................ 400
Күзгү ачканда........................ 400

Жин султаны – аксак шер .................................... 407
Жасоол ........................................................ 414
Намыстуулук эмес – наадандык .............................. 416
Экөө тең эмесмин ............................................. 417
Макмалы го макмал – ......................................... 421
шакмары кантет ............................................... 421
Сырдашуу ..................................................... 423
Куру кубаныч ишке ашканда ................................... 431
Алкы бузулгандын алданышы .................................. 437
«Жалгыз көздүү жан алгыч» .................................. 439
Сүзүшмө намаз, муштамша зикир .............................. 446
Молдолор тооруганда .......................................... 448
«Боорукер момундар» .......................................... 451
«Тим олтур» .................................................. 452
Куудулдун неберелерине ...................................... 454
айткан керээзи ................................................ 454

***Шаршен Термечик уулу*** ........................................ **457**

Мен Шаршен Термечик уулу ................................... 476
Энемдин кошогу ............................................... 478
Күйөө жолдош ................................................. 480
Улак тартуу .................................................. 485
Бакшы келди .................................................. 487
Кыз оюндарында ............................................... 489
Намаз ........................................................ 490
Куран ........................................................ 491
Түтүн эсебине кошулуу ........................................ 493
Сыр .......................................................... 494
Кутулдук ..................................................... 498
Ахотник ...................................................... 501
Бала сооротуу ................................................ 502
Илгерки сапар ................................................ 504
Мен эмне ударник болбойм? ................................... 505
Жаңылыштарым ................................................ 505
Уктатпайт .................................................... 506
Аялымды сыйлаганым .......................................... 507
Жарамазан .................................................... 508
Үйүмдөгү көрүнүш ............................................. 510
Самолетко түшкөндө .......................................... 511
Көзүмдү досум төгөрөткөндө .................................. 516
Эңишке түшкөнүм .............................................. 517
Мамырбай молдонун үйүндө ................................... 519
Доклад ........................................................ 520
Уйдиден үч жолу көңүлүм калды .............................. 521
Ысык-көл менен сүйлөшүү ..................................... 527
Октябрдын тоюна балбан ...................................... 531
Сахнада динчилдер ............................................. 532
Кудайсыз уюм сахнанын четинде .............................. 533
Күрөш ......................................................... 534

Абышканын кемпирине ........................................ 535
күү чертип бериши........................................ 535
Ашырбай........................................ 539
ЭСКЕРҮҮЛӨР........................................ 560
Шаршен ........................................ 560
Шаршендин начальникти коркутканы ........................................ 581
Шаршендин тамашасы........................................ 585
Элеси көз алдымда ........................................ 589
Күлкүнүн булагы ........................................ 592
Шаршен Токтогулга учурашканда ........................................ 603

*Адабий-көркөм басылма*

*«Эл адабияты» сериясы*

**КУУДУЛДАР**

31-том

Түзгөн:
*Мукасов М.*
Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректорлору: *Мукасов М., Салбаева Н.*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 06.06.2018-ж. берилди.
Басууга 16.07.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^{1}/_{32}$.
Көлөмү 38,25 б.т. Нускасы 500. Заказ № ___

*«Турар» басмасында басылды.*